КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *КАБА АТАБЕКОВ*
## *МАНАС*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

***Кирилл арибиндеги түп нускасына салыштырып түзгөн Мурат САДЫРОВ***

Бишкек
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» – 2018

УДК
ББК
К

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер:** Каба Атабеков. Манас / Кирилл арибиндеги түп нускасына салыштырып түзгөн: М. Садыров. – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2018. – 460 б.

ISBN

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна төкмө манасчылык менен бирге жазгыч манасчылыкты бирге алып жүргөн таланттуу өнөрпоз Каба Атабековдун өз колу менен кагазга түшүрүп, үй-бүлөсүнө калтырып кеткен варианты киргизилди. Окурмандардын кеңири чөйрөсүнө алгач ирет сунушталып жаткан «Манас» эпосунда «Манастан корунуп Алоокенин кытайга качышы», «Манас кытайдын каны Шоорук канга кол салышы», «Алмамбеттин Бээжинден качышы», «Манас Алмамбет келер жолду карап акмалап жүргөн жери», «Көкөтөйдүн ашына элдин келип түшкөнү» ж.б. сыяктуу эпизоддор бар.

Китеп фольклористика, манастаануу адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

УДК
ББК

К

ISBN

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018

© Полиграфбумресурсы, 2018

## КАБА АТАБЕКОВ ТӨКМӨ ЖАНА ЖАЗГЫЧ МАНАСЧЫ БОЛГОН

Көл чөлкөмүнөн чыккан белгилүү манасчылардын бири Каба Атабеков 1926-жылы октябрь айында Тоң жергесинин Төрт-Күл айылынын көл жээгиндеги "Тоң ичи" деген жерде жарык дүйнөгө келген. Ал «Манас» баянын он жашынан баштап айта баштагандыгы белгилүү.Манасчыдан «Манас» эпосун жазып алуу иштери 1962-жылдары колго алынып, КРнын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда белгилүү манас таануучу Муңдук Мамыров тарабынан 64 бет көлөмүндөгү «Чоң казат» окуясынын «Жылкы тийүү» эпизоду жазылып өткөрүлгөн, бул болсо кол жазмалар фондунда сакталып турган жападан-жалгыз материал болуп эсептелет. Албетте элибизге кеңири белгилүү манасчыларыбыздын бардыгы манасчылык мектептен тарбияланып өсүп чыккандыгы белгилүү. Каба атабыздын манасчылык өнөрүнүн калыптанышында Мамбет Чокморовдон, Саякбай Каралаевден түздөн-түз таасир алгандыгын жана кезегинде алардын манасы аркылуу тажрыйба топтогондугун эскерген жайы бар.

Манасчы Каба Атабековдун элге кеңири белгилүү боло баштаган мезгили XX кылымдын 80-90-жылдарына туура келет десек болчудай. Ушул мезгил аралыгында көл өрөөнүнөн чыккан дагы бир белгилүү манасчы Шаабай Азизов менен бир топ жылдар бою үзөңгүлөш жүрүп, 1987-жылы Улуу Октябрь революциясынын 70 жылдыгына жана СССРдин 60 жылдыгына арналган фестивалдардын эки жолку лауреаты болгон. «Манас» эпосунун 1000 жылдыгында өткөрүлгөн сынакта биринчи орунга татыктуу болуп, «Манас-1000» медалын алган. Ошол эле жылы манасчыга Кыргыз Республикасынын Эл артисти деген ардактуу наам ыйгарылган.

1995-жылы «Манас» эпосунун 1000 жылдыгын уюштуруу иштеринин алкагында манасчы Каба Атабековдун ошол мезгилде өз колу менен жазылып бүткөн, болжолу 180-190 беттен турган А-4 форматындагы эки дептерди (1-2-дептери) жарыкка чыгаруу үчүн «Мээрим» фондусу тарабынан алынып кеткен. Бирок кайсы бир белгисиз себептерден улам бул эки дептердеги кол жазма вариант жарыкка чыккан эмес, ал тургай жоголуп да кеткен. Манасчыдан "Манас" эпосун аудиого, видеого жазып алуу иштери ушул эле фонд тарабынан жүргүзүлгөн. Бул багыттагы ишти 1996-97- жылдары "Манас" эпосунун кыргыз элинин жашоо-турмушуна тийгизген таасирин изилдөөгө алган Голландиялык антрополог Нинка ван дер Хайде манасчыны фидео тасмага жазып, жыйынтыгында докторлук диссертация коргоп, К. Хаспелс"Акыркы манасчы..." деген 48 мүнөттүк фильм чыгарган.

Мамлекетибиз эгемендүүл үккө ээ болгон 90-жылдардан тартып «Манас» үчилтиги баштаган элдик фольклордук, маданий ж.б. мурастарды изилдөө, эл арасынан жыйноо иштери Манас таануу жана көркөм маданияттын улуттук борбору тарабынан жигердүү жүргүзүлүп келе жатат десек болот. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган кырктан ашык варианттарды жарыкка чыгаруу демилгеси 2014-жылда мен тарабынан колго алынгандан баштап, XX-XXI кылымдын чегинде жашап өткөн белгилүү манасчынын вариантын тактоо, иликтөө иштери Манас бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты Мурат Садыровго жүктөлүп, айтылуу манасчынын 1997- жылдын июнь айында жазып бүтүргөн 3-дептери (9556 сап), 1999-жылы жазып бүтүргөн 4-дептери (9250 сап) жана 2000-жылы жазып бүтүргөн 5-дептери (9375 сап) көлөмүндөгү дептерди Каба Атабековдун уул-кыздары тарабынан Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Кол жазмалар фондусуна өткөрүлүп берилген. Залкар манасчылар Саякбай Каралаев менен Мамбет Чокморовдун айтуучулук мектебин улантуучу катары эсептелген бул манасчынын баалуу варианты 28181 ыр сабынан туруп (жалпы көлөмү 562 б.), келечекте манас таануу багытындагы изилдөөлөрдүн объектисине айлануу менен анын аудио жана видео вариантары да өз маанисине ээ.

Манасчы Каба Атабековдун биринчи жана экинчи дептерлери менен кошо «Жакып, Чыйырды, Бакдөөлөттөрдүн түш көрүшү», «Манастын төрөлүшү», «Манастын бала чагы жана алгачкы эрдиктери» ж.б. көптөгөн сюжеттик окуяларынан турган «Манас» эпосунун салттуу сюжеттери тилекке каршы окурмандардын колуна тийбей отурат. Бирок дагы да болсо манасчынын көзү тирүү кезинде өз айтуусунда жазылып калган аудио жана видео тасмалар аркылуу бул кенемтени толтуруу мүмкүнчүлүгү бар экендигин белгилеп коюуга болот.

«Манас» эпикалык баянынын «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөйдүн ашы», «Чоң казат» сыяктуу өзөктүү окуялардан турган белгилүү манасчы Каба Атабековдун колго тийген варианты Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып келе жаткан баа жеткис фольклордук жана адабий мурастарды толуктай алат деп ойлойбуз.

XX кылымдын 90-жылдарынан бери дээрлик чейрек кылым мезгил аралыгында өзүбүздүн кол жазмалар фондунда сакталып турган материалдардын негизинде Эл адабияты сериясынын астында 30 томдук, Кыргыз адабиятынын тарыхынын 10 томдугу сыяктуу эмгектердин жарык көрүшү менен бирдикте, ошол 90-жылдардан тартып залкар манасчылар С.Орозбаковдун, С.Каралаевдин академиялык вариантын жарыкка чыгаруу иштери башталып, 22 жыл өткөндөн кийин гана С.Орозбаковдун 9 томдон турган академиялык басылмасы жакынкы эле мезгилде толук жарыкка чыгып отурат. Ал эми С.Каралаевдин академиялык вариантынын вариантынын «Манас» бөлүгүнүн 4-тому, «Семетей» бөлүгүнүн толук бойдон 5 тому жана «Сейтек» бөлүгү жарыкка чыга элек. Ал эми кол жазмалар фондусун жаңыдан гана толуктап жаткан Каба Атабековдун вариантынын толук сакталбай калышы, бардык манас изилдөөчүлөрдү өкүндүрбөй койбойт, бирок ошондой болсо да колдогу материалды дароо элге тартуулап берүүдөбүз.

Элибиз нечен кылымдар бою руханий маданияттын туусун бийик кармап, өзү жараткан эсеби жок көөнөрбөс асыл мурастарынын ичинен «Манас» эпосунун ээлеген орду, руханий-тарыхый мааниси зор

чыгарма десек болот. «Манас» училтиги улуу урпактарыбыздан калган баа жеткис мурастардын ичинен өзгөчө аздектелип, аны келечек муундарга өткөрүп берүүдө элдик эпостордун, дастандардын, фольклордук жана акындык өнөрдүн ж.б. жанрдагы чыгармачылыктын жалпы касиетин өзүнө сиңирип алган дүйнөдөгү кайталангыс эпос. Мына ушул улуу эпикалык салтка өз салымын кошуп, «Манас» эпосунун биринчи бөлүгүн толук айткан, кезегинде жеке вариантын мурас катары өз колу менен жазып калтырып кеткен Каба Атабековдун «Манасы» биринчи кезекте жалпы эле манас таануучулардын бир катар изилдөөлөрүнө жол ачат деген ойдобуз. Анткени, биздин кол жазмалар фондунда сакталып турган буга чейинки варианттардан, анын манасчынын өз колу менен жазылып берилгендиги менен өз баалуулугуна ээ болуп, ошол эле учурда Каба атабыз «Манас» эпосун мыкты айткан манасчы болгондугу менен да өзгөчө орунда тура алат десек болот. Эгерде «Манас» эпосунун С.Орозбаков, С.Каралаев сыяктуу залкар манасчылардын варианттары манас изилдөөчүлөр тарабынан айлап-жылдап жүрүп жазылып алынып, айтылуу легендарлуу Токтогул, Келдибек, Балык, Акылбек, Тыныбек, Чоюкелер баштаган залкарлардан манас айтуучулуктун улуу мектеби сакталып калган болсо, айтылуу Тоголок Молдо, Ыбырайым Абдырахманов, Жусуп Мамайлар тескерисинче жазма-манасчылыкты аркалагандардан болгон.

Өз заманына жараша «Манас» эпосунун бизге жеткен айтуучулук жана жазмачылык чеберчилигинин эки өнөрүн бирге өздөштүрүп, өзүнүн толук кандуу вариантын жаратып берүүгө жетишкен Каба манасчынын бул өзгөчөлүгүн адабият таануучу М.Садыров: «...айтылуу манасчы Каба Атабековдун өз колу менен жазып калтырган «Манас» эпосу жакында биздин колго тийди. Бул манасчынын айтуучулукту да, жазгычтыкты да алып жүргөн бөтөнчөлүгү Манастаануу үчүн бир катар изилдөө иштерин арттыраары шексиз – деп белгилегендей (Тарых жана мурас түрмөгү. Жусуп Мамай: заманыбыздын залкар манасчысы-.Б.,2014,230-б.), айтуучулук чеберчилик менен бирге өз колу менен жазып калтырган манасчынын варианты жалпы эле кыргыз адабият таануусу үчүн керектүү материал болуп берерине ишенебиз.

Манасчынын өз колу менен шурудай тизмектелип жазылган кол жазмада, каармандардын образдарынын чагылдырылышы, жер-суу аттарынын берилиши, окуялардын ырааттуу берилиши сыяктуу маселелерден келип, манасчынын эпиктик чеберчилиги жакшы даражага өсүп чыккандыгын айтууга болот. Андан сырткары бул варианттын манасчыларыбызда салттуу түрдө кеңири кездешкен көөнө сөздөргө өтө бай экендигин баса айтып коелу. Албетте бул жерден айтуучучулук менен жазгыч манасчылыктын башын бириктирип турган чыгармачылык процессти да эстен чыгарууга болбойт. Анткени, фольклорду эл арасынан жыйноо иштери көргөзүп келе жаткандай, оозеки варианттан жазма вариантка түшүрүүдө «жумушчу дептерлердин» да өзгөчө орду бар. Бул жагынан алганда, Каба Атабековдун да «жумушчу дептерлери» болгондугунан күмөн саноого болбойт. Тилекке каршы, Каба Атабековдун бул кол жазмаларын табуу мүмкүнчүлүгү да болгон жок. Албетте, манасчы Каба Атабековдун «Манас» эпосу боюнча артында калтырып кеткен кол жазмалары, аудио жана видео тасмалары боюнча иликтөөлөр, изилдөө иштери дагы да болсо улантыла берерин айта кетмекчибиз.

Ал эми окурмандардын колуна жаңыдан тийип жаткан Каба Атабековдун вариантындагы «Манас» эпосу өз мезгилинин чыгаан манасчылары Саякбай Каралаевдин, Мамбет Чокморовдун эпикалык мектебин уланткан чыгаан манасчынын жогоруда биз белгилеп кеткендей, айтуучулук жана жазгычтык чеберчилигин өздөштүргөн манасчы катары «Манас» эпосунун көптөгөн варианттарынын ичинен өзүнүн татыктуу ордун табат деген ойдобуз.

***КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы***
***Тил жана адабият институтунун директору,***
***ф.и.д., академик АКМАТАЛИЕВ А.А.***

# МАНАС

## МАНАСТАН КОРУНУП АЛООКЕНИН КЫТАЙГА КАЧЫШЫ

Кабылан Манас баатырдын,
Акылы жандан башкача.
Акылы терең, ачуу кем,
Айткан сөзү журтка эм.
Аярдын бири Алооке,
Айбатын көрүп таңданып.
Адамдан да ушундай,
Чыгат экен тобо деп.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ал-кубаты, кайраты,
Найза жанчып, ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт.
Кармашканы мерт болбой,
Кетүүчүдөн көрүнбөйт.
Талабына айгышкан,
Жетүүчүдөй көрүнбөйт.
Алооке кан дал болуп,
Башынан кетти акылы.
Катылбайын кол салып,
Балакетке жол салып.
Түбүнө жетер элимдин,
Түп көтөрө кыйратып.
Кара жанга зор салып,
Баштабайын буга уруш.
Ажайыпкана ичинде,
Арстан менен жолборс бар.
Адам алы келбеген,
Нечен-нечен шерлер бар.
Баарысынан кыйыны,
Жабырбаян деген бар.
Көрөмүн деп окустан,
Айтып калса кеп кылып.
Барса келбес жолуна,
Баарын айдап ийейин.
Кабылан, шерлер жеген соң,
Алакандай кыргызды,
Аркы-терки бөлөйүн.
Каяша кылган бурутту,
Канын суудай төгөйүн.

Деп ойлонуп Алооке,
Ичинен тынып калыптыр.
Көк жал Манас кабылан,
Көөнүнө алып бир ишти.
Ажайыпкана деп айтат,
Укмуштардын баары бар.
Барган кайра кайтпайт деп,
Кайтпаса мейли көрөйүн.
Кара кулак шерлерин,
Бирден кармап терейин.
Деп ойлонуп кан Манас,
Алооке канды бир карап,
Ач арстандай күр этти.
Чоочуп кетип Алооке,
Барсаң мына Манас деп.
Тике карап туралбай,
Бүткөн бою дүр этти.
Колдогону кырк чилтен,
Кошо жөнөп калышты.
Чилтенден бөлөк сексен төрт,
Кошо басты жабылып.
Астыга түшүп Айкөл шер,
Күркүрөп жаткан көп жолборс,
Манас кирип барганда.
Куйругун кыпчып санына,
Темирден салган дубалга,
Башын катып жатышты.
Кабылан Манас барыптыр,
Капасын ачып салыптыр.
Бир жанында миң жаны,
Болсо бири калбас деп,
Көчөгө кийрип салганы.
Жолборстор турду жыйылып,
Башын жерге салышып,
Ишарат кылып сыйынып.
Кошо жүргөн сексен төрт,
Кан Манастын жанында.
Агүлүк деген башчысы,
Айбандарга жем берген.
Ачыгып турган Арстандар,
Агүлүктү талады.
Көрүнгөн жерден бир тиштеп,
Булуп-жулуп жеп кетти.
Алакандай эт калбай,
Кантти экен капыр бурут деп.
Алооке карап сыртынан,
Акылынан адашты.
Жабырбаян жандары,
Кылчайып карап койбоду,
Кабылан Манас баатырды.
Кармашары жок болуп,
Карап турду токтолуп.
Кабылан Арстан шерлери,
Кырк чилтен жүрсө жанында,
Кандай жандык кол салат.
Катылып бири келбеди,
Аралаш жүрөт кан Манас.
Катылганы болбоду,
Карап турган Алооке,
Эс учун билбей кулады.
Ушундай пенде болобу,
Урушкан адам оңобу.
Ажыдаар бар көрсүн деп,
Тышында турган Алооке,
Абдан катуу бакырды.
Ажыдаар көрсө жутаар деп,
Үмүт кылып токтолду.
Ажыдаар жаткан жерине,

Токтобой Манас барганы.
Баш көтөрүп былк этпей,
Ажыдаар жатып калыптыр.
Кабылан Манас Арстан шер,
Шилиден кармап сүйрөдү.
Сүйрөгөн бойдон токтобой,
Сыртына эми чыгыптыр.
Көчөдө баскан адамды,
Аштыккана тамына,
Жашырышып тыгыптыр.
Бошонгон соң ажыдаар,
Күркүрөтүп ышкырып.
Бакмадагы куландар,
Баары үркүп бышкырып.
Куйругун жыйып октолуп,
Ажыдаар эми сойлоду.
Карап турган Алооке,
Кабылан Манас баатырды,
Не деген жан деп ойлоду.
Жырткычтардын баарысы,
Карай албай койду деп,
Ким жараткан муну деп.
Өлүмдү ойлоп Алооке,
Өз жанына тойгону.
Ажыдаар сойлоп кеткен жер,
Ат көрүнгүс коо болду.
Барган жери Соктун тоо,
Тоого барып жоголду.
Ажыдаар сокту деп,
Сок атагы шоо болду.
Алооке жыйган сан колду,
Бириндетип бөлсөм деп,
Урушууга ниети бар.
Кабылан баатырдын,
Көргөнүнө таңданып.
Алооке аты жоголду,
Улугу болсо буруттун,
Урушууга кан Манас,
Утурлап тозуп келбес деп.
Капыстан кирип кабылан,
Капсалаң кылып салбас деп.
Төрт жарым миң кол жыйып,
Баатыр Манас арстанга,
Алооке калган камынып.
Кагылышса барам деп,
Кармасам орго салам деп,
Камынып жатып калганы.
Алооке көрүп Манасты,
Атышсам алым келбес деп.
Айбаты кыйын зор экен,
Ааламдын алы келбес деп.
Алооке жандан түңүлдү,
Ушундай пенде болобу,
Катылган адам оңобу.
Андан көрө Манаска,
Сыр алдырбай толгонуп,
Намызданбай калайын.
Канга заабын болбостон,
Кайтарып жолго салайын.
Деп ойлонуп Алооке,
Катарлаш турсам соо койбос.
Каяша айтсам кабылан,
Карчытымды бөлөр деп.
Каяша кылбай тымызын,
Кара жанды тындырып,
Каканды көздөй жөнөйүн.
Наамандын жери Түркстан,
Турукташкан мурунтан.

Бөтөн жерди жердебей,
Айныдым мында жүрүштөн.
Эсендик тилеп өзүмө,
Эки атам өткөн анда экен.
Каспаңдын түзөң оюна,
Кара урчуктун боюна,
Кара жанды куткарып,
Качсам керек эми деп.
Чымындай жандан түңүлүп,
Этек-жеңи түрүлүп.
Каспаңдын кара шаарына,
Качмак болду сүрүлүп.
Ар түркүн санаа ой ойлоп,
Амалын кандай табам деп.
Шырп алдырбай Манаска,
Качсак болду аман деп.
Сарсанаа болуп уктабай,
Санаасы санга бөлүнүп.
Манасы кайдан чыкты деп,
Бул буруттун Манасы,
Ааламда жок мыкты деп.
Алдап-соолап кетпесек,
Кара жерге тыкты деп.
Эли жоосун байкабас,
Эрдиги артык, акылы аз.
Баатырлык менен күчүнө,
Алоолонуп өзү маң.
Кытайдан келген Алооке,
Ал күнү туруп Манаска,
Таазим кылып жүгүнүп.
Коносузбу баатыр деп,
Тизесин бүгүп ийилип.
Алооке минтип турганда,
Кономун деди кан Манас.
Ошону уккан Алооке,
Конок, ашка камынып,
Даярданып бүлүнүп.
Алоокенин кошууну,
Ар тарапка жүгүрүп.
Даярданып камынып,
Анжыяндын өзүндө,
Саясы салкын терек бар.
Кабылан Манас арстанга,
Даярдатып койгомун,
Салтанаттуу серек бар.
Конок болор шо жайда,
Алды-артынан бүгүлүп.
Алооке кылар конокту,
Айта берсе түгөнбөйт,
Бул өңдөнгөн жомокту.
Абакеси эр Бакай,
Аста туруп кеп айтат.
Алоокеден аш жесең,
Арбыттыңар дүмөктү.
Ашы менен курусун,
Малынан алып союңар.
Байкагыла балдар деп,
Өз колуң менен бышырып,
Өлчөсү менен тоюңар.
Ал айтканың ырас деп,
Ал сөзүн макул алганы.
Абакеси эр Бакай,
Ыраазы болуп калганы.
Тогуз бээ, эки өгүз,
Он бир мал салык салганы.
Алоокенин малынан,
Семизин тандап союшуп.
Себиндүүсү сексен төрт,

Серп алган жагы кызыл өрт.
Сексен төрттү союшуп,
Эт бышырып дайындап.
Так ашын тартышып,
Чала-була тоюшуп.
Кызмат кылган кытайга,
Кыйласын берип коюшуп.
Сексен төртү чогулуп,
Жатты жайдап конушуп.
Өзү билген заң менен,
Кытай жатты жайына.
Кызык уйку маалында,
Эрте туруп Ажыбай,
Таң кашкайып сүргөндө,
Азан айтты шаңкылдап.
Азандын үнүн укканда,
Эмне болуп кетти деп,
Кытайдын баары дүрбөдү.
Алты дуу-дуу, төрт солон,
Алооке келди ээрчитип.
Арстан Манас үстүнө,
Таазим кылып жүгүнүп.
Душманыңмын менмин деп.
Душман да болсом жан кыйбай,
Амандык бергин Манас деп.
Катылсам алым келбейт деп,
Түпкүлүгүн санадым.
Кан төгүлүп кырылбай,
Качырышпай кайтайын.
Серпишсем алым келбесе,
Чама-чаркым байкадым.
Алышар алым калбады,
Күрөшөргө күчүм жок,
Жүрөгүмдө бүтүн жок.
Өйдө-төмөн айтканды,
Өлсөк дагы көтөрдүк.
Өкүм кылсаң кан Манас,
Өкүмүңө көнөлүк.
Анжы-манжу кытайга,
Аман-эсен жетелик.
Күткөн менен кара жок,
Садаган кетип калайын.
Тырп этүүгө каруум жок,
Чыдай албай турамын.
Кан Манас сенден сурадым,
Чыр кылар шайым калган жок.
Айтканымда жалган жок,
Уруксаат берсең кетейин.
Каспаңдан ары артылып,
Жолум менен кетейин.
Чыр кылар шайым калган жок,
Уруксаат берсең арман жок,
Урушар алым калган жок.
Деп ошентип Алооке,
Мөгдүрөп калды жалынып.
Отуз солон, кырк шибе,
Ойбойду салды жалынып.
Уруксаат берсең кетейин,
Урматтуу Манас баатыр деп.
Жооп берсең турайын,
Жоолашпай моюн сунайын.
Жолу алыс Бээжинге,
Көңүлүмдү бурайын.
Айткан сөздөн танбайын,
Ант урган кытай дебесең,
Азыр эле жылайын.
Деп сабылып жалынып,
Алооке турду сабылып.

Кабылан Манас арстан шер,
Кандай айла кылайын.
Букара кылсаң даярмын,
Керегиңе жарармын.
Атышсам аман калбасмын,
Айткан сөздөн кылтыңдап,
Жамандык жакка барбасмын.
Жаалдансаң кан Манас,
Колуңдан аман калбасмын.
Өкүмүм жок сөзүмдө,
Айтып турган өзүмдө.
Айкөл Манас экенсиң,
Оң көзүнөн от күйгөн,
Сол көсүнөн чок күйгөн.
Беттешерге пенде жок,
Алышарга адам жок,
Арстандыгың билинди.
Кеңчилик кылсаң турайын,
Кебиңе моюн сунайын.
Өлбөй тирүү турушум,
Өлүмгө моюн сунушум.
Айрылдым таажы, тагымдан,
Кармашып пенде алалбас,
Башымда турган багымдан.
Катыла албай Алооке,
Канкор Манас баатырга,
Кайталап сөздү айта албай,
Калтаарып карап токтолду.
Алоокеден ал кетип,
Пендеден мындай адам жок,
Кармашарга чарам жок.
Канкор Манас баатырга,
Катыла албай Алооке,
Кадырын салды жеп жеке.
Өлүмүн тилеп өтүнүп,
Үшкүрүп ийди өкүрүп.
Аман калса жаным деп,
Жалооруп Манас баатырга.
Кытмыр экен Алооке,
Кыларын билип кыйналды.
Өйдө-төмөн кеп сүйлөп,
Кылая багып күлбөгөн.
Күлгөндү өзү сүйбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Кабылан Манас арстан шер,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Ичинен кайрып сүйлөнүп.
Айдап чыгып жеримден,
Калгың келип турабы?
Мынча не деп кысталдың,
Ыйык жерди тепсебей,
Ыгын таап кетерсиң.
Кеталбасаң Алооке,
Түбүңө мен жетермин.
Кетпей калсан Алооке,
Түп Бээжин сиздин жериңиз,
Жериңизге кетиңиз,
Түмөндөйт кытай элиңиз.
Бабам өткөн жеримди,
Байкасам айткан кебиңди.
Башкы балаң Боокени,
Мага жолдош бериңиз.
А сөзүмө көнбөсөң,
Мага жолдош бербесең.
Аңдагын арам Алооке,
Акыр заман саламын.
Айтканыма көнбөсөң,
Башыңды кесип аламын.

Бир агаңыз бар экен,
Абыш аттуу уулу бар,
Айтканымды угуп ал.
Кошабышты бербесең,
Кайгуулга кошо барамын.
Катын-кызың чуулатып,
Карасын башка саламын.
Бергин Бооке балаңды,
Бербес болсоң балаңды,
Түкөндү түз кыламын,
Түздөп коём калааңды.
Көчүп алып тез жогол,
Көргөзбөгүн караанды.
Алты дуу-дуу Алооке,
Ана бою дүркүрөп.
Кошабыш, Бооке келгени,
Капсалаңга калбайлы,
Урушууга барбайлы.
Алооке уулу Бооке экен,
Атканын жаза атпаган.
Бетине алса жазайыл,
Бекерге куру кайтпаган.
Жер жайнаган кол болсо,
Эсеп жеткис мол болсо.
Ачып көздү жумганча,
Андай-мындай дегенче,
Түмөндөгөн колуңдун,
Эсебин алчу неме экен,
Кошуундун жайы ушундай.
Муну мындай таштайлы,
Кытайдын каны Алооке,
Мындан кабар баштайлы.
Улуктук кылып Алооке,
Кагышып чатак салган жок.
Качып калкы сөгүлбөй,
Кара кан жерге төгүлбөй.
Кошабыш менен Боокени,
Кабылан Манас алыптыр.
Санаасы тынып арстаның,
Саламатты ээрчитип,
Каалаган экөөн алыптыр.
Кайра тартып бурулуп,
Шыдыр жолго салыптыр.
Анжыяндын башында,
Кырка кара ташы бар.
Аңдап көрүп Арстаның,
Жылгача кара өтөктө,
Акыр кылган ташы бар.
Аппак ташты жардырып,
Канча буудан батат деп,
Сан бууданды байлатып.
Кытайдын алып бууданын,
Жемге байлап жуудайын.
Кабылан Манас арстан шер,
Беш айга тынчтык алыптыр.
Берен баатыр Арстаның,
Кытайды сүрүп четинен,
Айдап кууп салыптыр.
Түнкүсүн чыгып чочулап,
Ях деген үнү угулуп,
Бириндеп качып көп кытай,
Жазайыл үнү чыкпады.
Уруш-талаш бүлүк жок,
Жыл маалына жетккенче,
Кайнаган кытай бири жок.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Алооке деген кан чыккан.
Айбаты катуу заары күч,

Көргөн жандан жан чыккан.
Дүмөктү салган Алооке,
Кыргыз менен казакка,
Алооке салык салыптыр.
Түтүнүнө бир киши,
Бербесе салган алымын.
Катынын талак калтырып,
Туш-тушка айдап бөлүптүр.
Дүмөктү салып Алооке,
Казак-кыргыз калың журт,
Заңына араң көнүптүр.
Баш көтөрөр арга жок,
Кабылан Манас баатырды,
Бактыбызга бериптир.

## МАНАС КЫТАЙ КАНЫ ШООРУК КАНГА КОЛ САЛЫШЫ

Самарканда Шоорук кан,
Манас деген чыкты деп,
Менден кантип мыкты деп.
Өз боюн өзү көтөрүп,
Өлбөгөн жерде калам деп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Кабылып калса Манасың,
Башын кесип алам деп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Башы мойча элинен,
Уругун дөбөт атаган.
Күндүн батар жагында,
Аргын кыргыз катаган.
Кундуз жылдыз тоо кайың,
Алардын жердеп турганы.
Котондун кара талаасы,
Мелтиреген түз талаа.
Адыры бөксө тоо болгон,
Аркары койдой жайылган.
Эл ичинде байы көп,
Чыккан булак суусу аз,
Жылаажындуу кушу аз.
Жылга-жылга коолордо,
Түлкүсү жойлойт кылактап.
Жакасы кум, тоосу таш,
Жарылма кара таш болот.
Башы даңдуң тоосуна,
Шоорук кандын калчасы,
Шоодурашып канчасы,
Өзүнчө эркин туруптур.
Теңине албай Манасты,
Шоорукту кудай уруптур.
Алтайда турган кыргыздар,
Оролмо тоону айланып,
Кеңжутка жеткен көчмөнү.
Аягы өтүп Кеңжуттан,
Ызар тоого жеткени.
Ырысы каткан Шоорук кан,
Манасты билбей неткени.
Кыргыз деген кандай журт,
Көзүнө илбей Шоорукту,
Тегеректеп келгени.
Ой тоонун баарын мал кылып,
Өз жериме ээ кылбай,
Каптап кирип келет деп,
Шоорук кан жаман көпкөнү.
Кара кыргыз деген эл,
Кайдан чыккан салты бар.

Байкабай жаткан элимди,
Бучкагына теңебей,
Басып кирди кенебей.
Кошунду жыйып алсамбы,
Калчаны оңой ойлойбу,
Бузукту анан салсамбы.
Деп ойлонуп Шоорук кан,
Кошунун жыйып алыптыр.
Кабылан Манас эли деп,
Камынып жатып калыптыр.
Не дегени кыргыздын,
Эрдемсип кирип келгени.
Зордук кылып жер оттоп,
Сонунду коргоп жүргөн го.
Жанаша келген бурутту,
Жалмабай болбойт экен деп.
Жаны бар адам болгон соң,
Жалпайып жатыш болбойт деп.
Ызар тоону жээктеп,
Ичке жолду тээктеп.
Ызардан эми өткөн,
Ырысы жок Шоорук кан.
Манасты билбей көпкөнү,
Ант урган арам Шоорук кан.
Баатырсып келген буруттун,
Кыйындыгын көрөйүн.
Алды-алдынан бөлөйүн,
Жер отту оттоп бүлдүрүп.
Шоорук кан эмне кылмак деп,
Ойлосо керек бурут деп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Алакандай кыргызды,
Алды алдынан бөлөйүн,
Азабын колго берейин.
Четинен алып малдарын,
Чаап алып анан тойлойлу.
Үйүр кылбай жанаша,
Жылкысын чаап алайын.
Баш көтөрүп былк этсе,
Аяк өйдө түрөйүн.
Оролмо тоону артылтып,
Алтайга чейин сүрөйүн.
Кызыталак буруттун,
Кыйындыгын билейин.
Кол көтөрүп чыгышса,
Кылычтап башын алайын,
Кырчындашып калайын.
Кезектин уулу Шоорукту,
Кудай эми урганы.
Бүлүндүрүп кирмекке,
Кызыл нарды алдырып,
Кымкапты жаба салдырып.
Уругу канча элинен,
Сандаган колду камдады.
Санаасы бузук ит Шоорук,
Жер меники дегенсип,
Желпинип эми калганы.
Аяк-башын жыйышып,
Алтайдан келген кыргыздар,
Жайма-жай жатып калганы.
Өз жер, өлөң төшөк деп,
Ойго-тоого чыгышып.
Шоорук кандын кабарын,
Аңырт кылып угушуп.
Суута таңсык баары чөл,
Жапайы кетип жан сактап,
Тоо кийиги дагы бар.
Урум шаар деп аталган,

Уча турган жылан бар.
Куланы кумда жайылган,
Адырма артуу колоттон,
Суу чыккан жерге жабылган.
Талашып суунун чыкканын,
Төрт аяк кумга сайылган.
Качырганы соо калбас,
Уча турган жыланы,
Туш-туштан тийип сабалап.
Малдыр-жандыр кабылса,
Калбыр кылып зыркырап.
Учуп чыкса жыланы,
Кулак-мээни тундурат.
Жери Кеңжут талаасы,
Ималайды жердеген.
Шооруктун калча эл журту,
Элине кабар салыптыр.
Жалпы элин санаса,
Үч жүз элүү миң болду.
Уруштун жайын билбеген,
Шооруктун эли шалдырап.
Бирин бири карашат,
Жаш балача жалдырап.
Чечен деген баатырын,
Жанына жакын алыптыр.
Култуң аттуу балбанын,
Күйөшча көймөс аярын,
Шоорук кан жанга алыптыр.
Теңсинбей калың кыргызды,
Чыл сай аттуу белинен,
Үч жүз элүү кол менен,
Учурайын үрөйүн.
Каптап келген кыргыздын,
Деп ошентип Шоорук кан.
Кызыл тууну карматып,
Асабасы көрүнүп,
Ар үркүн адам көрүнүп.
Чагара сом алтын,
Доолбасты чаптырып.
Доолбас үнү чаңырып,
Кернейлери бапылдап.
Дал кактырып дапылдап,
Чыңыроонун тартышып,
Чыңыроон үнү бөлүнүп,
Шумдуктуудай көрүнүп.
Көрүп турган пендеси,
Көңүлү чөгөт бөлүнүп.
Балакет баскан Шоорук кан,
Жан алгычтай көрүнүп.
Сан колун жолго салыптыр,
Аярлап кете бергиле,
Артыңдан эртең барам деп,
Шоорук кан үйдө калыптыр.
Айтып аны Шоорук кан,
Доолбасы кагылып.
Тууга байрак тагылып,
Шоорук кан жолго салыптыр.
Кыргызы мунун кайда деп,
Туш-тушка серп салыптыр.
Айкөл Манас кабылан,
Кызыкка батып абыдан.
Кырдан кырды ашырып,
Капталдан кийик качырып,
Кызыгына баткандыр,
Бет алганын аткандыр.
Берен Манас кабылан,
Бейкабар анда жүргөндүр.
Айкөл Манас баатырдын,

Айлы конуп жабылып.
Кара-Тоону этектеп,
Байкап көрүп жерини.
Айкөл шонтип турганда,
Шоорукту кудай урганы.
Капысынан кол салып,
Кайнаган калың кол менен.
Алайда жаткан кыргызга,
Кошуну келип кол салып.
Ошпурдун айлын оңдурбай,
Каяша кылар адам жок.
Карарта чаап алыптыр.
Окчун кыргыз уругу,
Айгай салып куруду.
Бейшембинин күнүндө,
Кан Шооруктун кошуну,
Каптап кирип жапырып.
Кез келгенин найзалап,
Туш-туштан кирди качырып.
Шооруктун көпкөн кошуну,
Жер жайнаган жылкыдан,
Беш миңден ашуун алыптыр.
Күн бешимден өткөндө,
Күлүшанын тоосунан,
Кийик атып, аң уулап,
Кабылан Манас келиптир.
Карк алтын алган бир канча,
Канкорго кабар айтмакка,
Качып барган Акбалта.
Көзүн салса аскага,
Кийикчинин баарысы,
Жүргөн экен бийикте.
Акбоз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Акбалта барды айкырып,
Айгай салып бакырып.
Шооруктун колу каптаса,
Кийигиң менен куруп кал,
Жүр Манас деп чакырып.
Уу кылганы көп киши,
Бекер жумуш эмес го,
Акбалтанын бул иши.
Дайнын билбей көп киши,
Ашыгып мынча не келди.
Калыбет эле бу киши,
Дайнын сурап билели.
Кандай да болсо бу ишти,
Аңда жүргөн көп киши.
Абакеси Балтага,
Аттан түшүп бүгүлүп,
Астына келди жүгүнүп.
Кабарын толук укканда,
Аң уулоодон тыйылып,
Кебин аңдап угуптур.
Айкөл Манас баатырдын,
От көзүнөн чыгыптыр.
Кошунум ылдам келсин деп,
Жети киши чаптырды.
Анжыяндын боорунан,
Адам калбай келсин деп.
Кара-Кулжа тарымал,
Көкүрөк Көкарт баарынан.
Кара-Алма кайкы түзөңдөн,
Калбасын кыргыз элимен.
Топурак-Бел, Кара-Суу,
Чаткалдын төрү кең ашуу.
Орчун шаар Анжиян,
Маргалаң менен зымыны,

Калбасын бир да чымыны.
Бачым, ылдам келсин деп,
Кабар салып барчуну,
Жолго салып узатты.
Айтып Манас болгонун,
Оозун жыйып алганча.
Акбалта чыгып айкырып,
Жаныңды жечү баласың,
Жакыптын уулу Манасым.
Акбалта сөгүп бакырып,
Айрып келип Алтайдан,
Кылмак белең ушуну.
Атамдан калган жерим деп,
Жетим уул, тул катын,
Чаптырып ийип кыргызды.
Атаңдын көрү Манасым,
Уйпаланган элиңдин,
Убалына каласың.
Кытайдан башка жоо жок деп,
Убалга минтип каласың.
Кырып кетсе кыргызды,
Кыбаң шондо канбасын.
Алтайдан элди көчүрүп,
Айдап жолго саласың.
Адыры чөптүү, жери жай,
Төрт түлүк малга эли бай.
Маңгулдар менен аралаш,
Башыбыз Мамыр кең Алтай,
Арманда өлөр бир топ жан.
Алтайдан кандай көчүрдүң.
Кыянатчы Манасым.
Сенин бул кылганын болбоду?
Анжыян, Алай жерим деп,
Арзыбады көөнүбүз.
Калкыңа түшсө калаба,
Каңгырап кийик уулайсың.
Нар төө минген адам бар,
Ажылдаган адамдар.
Келген колдун баарысы,
Кейпин көрсөң булардын,
Айран азыр каласың.
Качырганын кайсаган,
Кабагы бийик, көзү үңкүр.
Калчанын түрү бар,
Кара сакал, тик мурут.
Каңылжары каңкайган,
Кайдан келген бул журт.
Кара нар минип каңкайган,
Бейкут жаткан элиңе,
Капысынан кол салган.
Аткылашып биздин эл,
Кыйласы өлүп сулады.
Кыз-катындын баарысы,
Кырга чыгып чуулады.
Арбыны жаа, аз мылтык,
Аркайсысы күрсү урат.
Казандай болгон күрсүнү,
Канчалык жерге ыргытып.
Төө минип жүрүп найза алган,
Төбөңдөн ургур кандай журт.
Найза деген бир жарак,
Ат мингенге жарашар.
Кайта электе биз барып,
Калабаны салалык.
Акбалта барып ашыгып,
Кырып кетти элди деп.
Кызыл ээк чалдарга,
Бешиктеги балдарга,

Кыйын мүшкүл келди деп,
Акбалта айтып салганы.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча.
Элүү беш миң кошуну,
Даяр болуп калыптыр.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган улуу чуу.
Арстан Манас баатырың,
Жүрүп калган жери бу.
Жолу жок кара бел ашып,
Ат баспаган жеринен.
Кийик ашпас тоо менен,
Капчыгайлуу коо менен.
Ашып кыя бел менен,
Өлбөгөн жерде калам деп.
Өзү тийген жоо менен,
Шоорук кандын кошуну,
Тоо таянып жетиптир.
Караанын жаңы көргөндө,
Караңгы кирип кетиптир.
Эрдин кесе тиштенип,
Кабылан Манас арстаның,
Кабагын түйүп койгондо,
Кош муштумдай түйүлүп.
Оң көзүнөн от күйүп,
Өрттөнүп ичи жалындап.
Таң кашкайып атсын деп,
Салармын кыйла бүлүктү,
Адам көргүс түлүктү.
Калабаны анан салайын.
Не болсо эртең көрөрмүн,
Үрүстөм болуп кетсе да.
Астын-үстүн оодарып,
Үлгү кылып жүрөрмүн.
Кабагы карыш түйүлүп,
Кабылан Манас баатырың.
Жатып калды жай алып,
Таң жээк салганда.
Ашып-шашып ат токуп,
Ат токуса бат токуп.
Багымдат намаз окушуп,
Жарагын белге чалынып,
Жаратканга жалынып.
Ак олпок тонду кийишип,
Саадагы бала белиндей.
Тасманы тартып ийилип,
Аккелтени асынып.
Кабылан Манас арстан шер,
Аккелте жайы момундай.
Ашыкканда койчагыр,
Айлантып атса замбирек.
Аккелтени асынып,
Шай колдогон кабылан.
Кыштан кыйып каптаган,
Тарамыш менен чаптаган.
Темирин сегиз кыр кылган,
Тогуз түр кылып сырдаган.
Бөрү тил учун чыгарган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Учун ууга сугарган.
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган.
Шиберге койсо өрт кеткен,
Бөрү тилдүү сыр найза.

Кабылан Манас арстаның,
Найзаны салып каруугa.
Эшик эндүү чоң кылыч,
Түн ичинде суурусa,
Өрт күйгөндөй кызарган.
Найзалап кирсе найзасын,
Душманды көздөй сунганда,
Кере кулач узарган.
Тоого чапса таш кескен,
Белге чапса баш кескен.
Учун кайкы чыгарган,
Алды колго кылычын,
Аңдап көр жоого кылышын.
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган.
Көөкөргө кылып ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген.
Чагарак алтын сомдогон,
Катылган жоосу оңбогон.
Эшик эндүү ай балта,
Кыстарып алып белине.
Кызыталак Шоорукту,
Тирүүлөй жерге тыкпасам.
Коргошун чойун аралаш,
Күрсүнү мындай куйдурган.
Сабын темир бурдурган,
Башына болот каптаган.
Бери болсо күрсүсү,
Беш жүз батман салмагы.
Барбадигер колдо деп,
Беленденип камынып,
Арстандай чамынып.
Ээринин кашына,
Күрсүнү илип белендеп.
Жерге түшүп кетер деп,
Кыпчып алып чатына,
Мунун баарын көтөргөн.
Айраңмын минген атына,
Өңү кула кара жал,
Өзгөчө бөлөк бу бир мал.
Арстан Манас мингени,
Аккула деген аты бар,
Айбандан башка заты бар.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүрүп кетсе жаныбар,
Чаткаяктын өзүнө,
Жүктүү төө баткандай.
Куюшканды кошкондо,
Он эки карыш казанды,
Ойноп-күлүп аскандай.
Болжолу жок чоңдугу,
Тоодой болгон Аккула.
Таноосуна, мурдуна,
Азыркы жүргөн адамдар,
Кийми менен баткандай.
Камыш кулак, сом туяк,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Чарайна төшкө тартынып,
Каруу-жарак болгонун,
Бууданына артынып.
Белдемчи темир байланып,
Ач жолборстой айланып.
Барбадигер бергин деп,
Жараткага жалынып.
Ошпурдун колун тоготпой,
Маңдайлашып турганы.
Ажаалап кыйкырып,

Капырды кудай урганы.
Дөгөшө аттуу балбаны,
Төрт миң кошун алыптыр.
Төрөнү көздөй ат коюп,
Тегиз жөнөп калыптыр.
Арстан Манас баатырың,
Каптап келген баатырды,
Астын-үстүн салганы.
Аккула менен ойнотуп,
Аралашып калганы.
Дөгөшө келип бакырып,
Айкөлгө найза салганы.
Дөгөшөнүн найзасы,
Айкөлгө батпай калганы.
Найзасы төшкө такалып,
Карылар айткан макалды.
Төшкө сайып Дөгөшө,
Жыгуу чаркы жетпеди.
Найза сайган каапырды,
Аккула ат менен кептеди.
Аккула менен кептесе,
Найзасы сынып бычырап,
Дөгөшө аттуу балбаны,
Чалкасынан кеткени.
Жыгылып калган каапырды,
Айкөл Манас беттеди.
Жерден өйдө турарда,
Шыпырма болот кара курч,
Башын кагып кеткени.
Башы калды тоңкоюп,
Өлүгү калды зоңкоюп.
Кабылан Манас баатырың,
Төрт миң колду качырды,
Туш-тушка бөлүп жапырды.
Төгүп канын акыры,
Жердин баары аң болуп,
Өлүп жаткан жан болуп.
Төөсүн минип короктоп,
Найзаны кармап сороктоп,
Жүргөндөрү тыйылды.
Аккула менен ойнотуп,
Тула бою кан болуп.
Айланчыктын сеңирден,
Төрт миң келген колунан,
Айрылганын көргөндө,
Шоорук кан жандан түңүлүп.
Үч миң алты жүзүнү,
Жерге басып түзүңү.
Кырып-жоюп сап кылып,
Кызыкты эми салайын.
Шооругун баштап кырбасам,
Түпөйүл болгон санаамды,
Анда басып тынбасам.
Деп ошондо Эр Манас,
Эки жагын карабай,
Эсинен кеткис кылайын.
Шоорук кандын калчасын,
Жыйылып келсе канчасын,
Жылас кылып тынайын.
Буулугуп Манас болбоду,
Бул сөздү эстеп ойлоду.
Алакандай кыргызды,
Адам деп булар ойлойбу.
Атаңдын көрү каапырдын,
Түбүнө эми жетейин.
Тукум курут кылбасам,
Туулбай туна чөгөйүн.
Кыргыз кандай журт экен,

Кырылыш көрсө кызыган,
Кызыл канын төгөйүн.
Кырылганга сыйпалмак,
Манас кандай шер экен.
Деп ошентип Шоорук кан,
Он жарым миң кол менен,
Чечендер атуу балбанын,
Өлбөгөн жерде калгын деп.
Алакандай кыргызга,
Алааматты салгын деп.
Манасы кандай шер экен,
Алмак-салмак качырып.
Дүмөктү башка салгын деп,
Күлчүкан аттуу балбанга,
Шоорук кан катуу тапшырды.
Чоң казандай күрсүнү,
Күркүрөп колго алганы.
Ойрон болгон Күлчүкан,
Пилге минип сороюп,
Күрсүнү колго алганы,
Күркүрөп чыгып калганы.
Өңү-түсүн карасаң,
Адам деп ойлор ою жок.
Маңдайы бийик, көзү үңкүр,
Мандайлашып барсам деп.
Өз оюнда күтүптүр,
Шооруктун колу жабылып.
Асты-астынан камынып,
Мына ошентип турганда.
Кабылан Манас арстаның,
Аккелтени колго алып,
Ары-бери кармалап.
Топту болжоп имерип,
Манас басып калганы.
Аккелте үнү жаңырып,
Огу тийип каапырга,
Канча бири сулады.
Түтүнү басты тумандай,
Кулап түштү Күлтүкан.
Аккелтенин үнүнөн,
Жер силкинген дубалдай.
Найза сайды нечендер,
Андай найза сайгандан,
Алек болду Чечендер.
Найзасын Манас какканы,
Найза буга болбойт деп,
Кабылан Манас арыстаның,
Эшик эндүү кылычты,
Ондоп эми алганы.
Манас чапкан бул кылыч,
Төбөсүнө жеткени.
Ат маты менен бөлүнүп,
Жардай кулап кеткени.
Андай-мындай дегенче,
Кыргыл баштап карысы,
Бакай баштап баарысы.
Алтымыш миң көп кошун,
Ат коюшуп калышты.
Аш бышымга калбады,
Он жарым миң кошунун,
Ойрон кылып салышты.
Ошондо кан Шоорук айкырып,
Бул бурутту койбо деп.
Качырып каптап сойгун деп,
Кайраттанып бакырып.
Кайнаган бул каапырды,
Кабылан Манас баатырың,
Аз экен деп ойлонуп.

Миңинин саны сексен төрт,
Манас менен Шооруктун,
Беттешкен жери кызыл өрт.
Ажалы жеткен кыйшайып,
Ар жерде жатат сороюп,
Башы кетип бөлүнүп,
Денеси калган короюп.
Жеткен ажал далайга,
Майдан болду Алайда.
Маймун Шоорук зор экен,
Алып жүргөн кошуну,
Беш жүз миңче кол экен.
Өлдү көбү казаттан.
Тең жарымы калды го,
Беттешип калган капырды,
Кетиптир чаркы бузулуп.
Айласы акыр кеткенде,
Көтөргөнү туу болуп,
Көзүнүн жашы суу болуп,
Шоорук качты бурулуп.
Кабылан Манас баатырдын,
Каарына чыдабай,
Качып алып жөнөдү,
Туш тушка тарап бөлүнүп.
Жоо-жарагын кармабай,
Найзасын булкуп ыргытып,
Жазайыл жондон суурулуп,
Заманасы куурулуп,
Өлгөнүнөн калганы,
Беш алты бөлөк бөлүнүп.
Алды артын карабай,
Ашуу белес кыр менен,
Ашып алып жөнөдү,
Айбаты кыйын буруттан,
Ушуну көрмөк экенбиз.
Ант урган Шоорук барам деп,
Бурутту чаап алам деп,
Айласы азыр түгөнүп.
Мургапты көздөй салыптыр,
Беш жүз миңдей кошундан,
Сексен миңдей калыптыр.
Айласы кеткен Шоорук кан,
Кабандар деген жол менен,
Жеңилип качкан кол менен,
Эки күн, үч түн качыптыр.
Акылынан адашып,
Энтелеп жаман шашыптыр.
Шоорук кан жетип жерине,
Аныктап кабар айталбай,
Атпай калча элине.
Шоорук кан катуу таң калып,
Кара баскан бурутуң,
Бири миңден коркпогон,
Баатырын көрүп келдим деп.
Баш кесүүдөн сезбеген,
Каапырды көрүп келдим деп.
Караанын керкөрсөң өлөсүң,
Ал дүйнөнү көрөсүң.
Кача көр Калча токтобой,
Деп солкулдап Шоорук кан,
Эпкиндеген немедей.
Этек жеңин жыя албай,
Элине айта салыптыр.
Айласы кеткен Шоорук кан,
Буудандын оозун бурбаптыр.
Кууган Манас баатырдан,
Астын, артын карабай,
Түш жарым эрте барыптыр.

Жар чакырып туш-тушка,
Элине кабар салыптыр.
Болгон малын айдатып,
Чакчелекей чаң кылып,
Калкынын башын маң кылып,
Убайга эми салыпттыр.
Калкы үркүп токтобой,
Таң атканча дүрбөшүп,
Ордосуна барыптыр.
Түш жарым калбай Эр Манас,
Кошуну менен кошулуп,
Жайнап кирип барыптыр.
Шоорук кандын саркерин,
Сап кылып тизип салыптыр.
Таш котонун талкалап,
Кабылан Манас арстандын,
Кан ичмеси кармаптыр.
Каарынан коркуп Манастын,
Качып тоого жашынып,
Кара жанын калкалап,
Кытайдан качкан Калча деп.
Мангулдан качкан байкушсуң,
Чаркыңды билбей ышкырып,
Бейкапар жаткан элиме,
Бүлүктү неге саласың?
Кызыталак Шоорук деп,
Көзүнөн жалын от чыгып.
Оозунан жалын шыркырап,
Оолугуп Манас турганда.
Шоорук кан туруп жүгүнүп,
Кара жандан түңүлүп.
Байкабай барып кол салдым,
Кабылан Манас арстанга.
Кол салбай куруп калсамчы,
Бири миңге татыган,
Баатыры мыкты буруттун.
Калкымды жаман куруттум.
Катын-бала таланды,
Элиме кылдым залалды.
Байкабай туруп катылып,
Эр азамат калбады.
Абыдан айттым сырымды,
Деп буркурап Шоорук кан.
Көзүнөн аккан кара жаш,
Көөдөнү ылдый куюлуп.
Көпкөлөң тарткан Шоорук кан,
Эми келди эсине.
Тоодой күнөө менде деп,
Кечирим сурап боздоду.
Бачым бүткөр ишти деп,
Эр Манас эми токтолду.
Шоорук кан кирип ордого,
Ордодо жүргөн отуз кыз,
Ойротто жок баары уз.
Кымбат баа кийим кийгизип,
Кылтылдаган жоргодон,
Отуз кызга мингизип.
Шоорук кан таштап намызын,
Өз баласы Акылай,
Отуз кызга кошкону.
Тартуу кылып Манаска,
Шоорук кан эми кеп айтат.
Башында балам кой дедиң,
Тилиңди укпай бок жедим.
Урушпай ата кой дедиң,
Угуп туруп бок жедим.
Тилиңди балам албадым,
Түгөнбөс менин арманым.

Айлам кетип мөгдүрөп,
Кетип калды дарманым.
Жаным тирүү калса деп,
Кууратан жандан түңүлдүм.
Түптөлүп калган эл экен,
Түк коркпогон өлүмдөн.
Кытай эмес кылымды,
Талкалап басып алчудай,
Урушка туулган эл экен.
Бири миңге татыган,
Соо калчуудай көрүнбөйт,
Ойротту бузчу эл экен.
Акылай балам кебимди ук,
Тартуу кылып барсам дейм.
Алсаң балам кебимди,
Таап турам эбиңди.
Ата уяты сатуу деп,
Канчадан угуп жүрөмүн,
Айтканда тилим алсаң дейм.
Атаң Шоорук арамды,
Астымда турган өлүмдөн,
Ажыратып калсаң бейм.
Каалаган тонду кийиңиз,
Атты тандап миниңиз.
Табытта турган жанымды,
Тартуу тартып баш ийип.
Жан аргасын кылбасак,
Тирүү жан калбайт билиңиз.
Боздоп туруп Шоорук кан,
Муну айтты кызына.
Он алты жашта Акылай,
Толгонуп сөзгө киргени.
Өкүнбө өткөн ишиңе,
Өкүнгөн менен иш бүтпөйт,
Өлгөн далай кишиңе.
Тилимди укпай дегдейсиң,
Кыргыз эл бекер эл бел.
Балээни башка салдыңыз.
Канча миң колдон ажырап,
Анча-мынча кол менен,
Кокоюп жалгыз келдиңиз.
Башынан сени тер кысты,
Оңой-олтоң ойлойсуң,
Уюткулуу кыргызды.
Кырк бир кызыл нар менен,
Кырк көмүрдөй зар менен.
Чабылган элден бөлдүрүп,
Алты жүз ашуун мал менен.
Акылайды баш кылып,
Отуз бир сулуу кыз менен.
Нан көтөрүп туз менен,
Астына барды Шоорук кан.
Алтымыш нөөкөр кашында,
Алтындан таажы башында.
Эми келди Шоорук кан,
Элүү тогуз жашында.
Бото куру мойнунда,
Эки колу боорунда.
Жаш төгүлгөн койнуна.
Болдум душман сизге деп,
Каарыңды салдьң бизге деп.
Арстан Манас балам деп,
Ата жолун изде деп.
Тартып келдим кызымды,
Жайыңды билбей катылып,
Далай журтум кырылды.
Өзүң билгин шер Манас,
Ырайым бизге кылаарды,

Же өлтүрүп көргө тыгарды.
Өчөшсөң да өзүң бил,
Өлтүрүп тоодой жыярды.
Кабылан Манас баламсың,
Ичимде сырды төгөйүн.
Чабамын деп камынып,
Төрт жүз элүү миң кол алып,
Алайды беттеп жабылдым.
Алдырып коюп өзүңө,
Жан соогалап жалындым.
Бири миңге татыган,
Элинин баары шер экен.
Кабылан Манас баштаган,
Өлүмдөн коркпос шер экен.
Ажалы жоктон өлбөдүм,
Он алтыда кызымды,
Отуз бир кызды астыңа,
Тартуу кылып жөндөдүм.
Кабылан Манас арстан шер,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Абакеси Бакайга,
Арстан эр көзүн салыптыр.
Абаке бул кеп кандай деп,
Кан Манас күтүп калыптыр.
Ачуудан аба жаныңыз,
Астыңа келди каныңыз.
Өзүңүзгө сыйынып,
Өтүнүп келген жан экен,
Айтканын азыр кылыцыз.
Кабылан Манас арстаның,
Ал сөздү айтып салганы.
Бул сөз болсо макул деп,
Ордолуу Журт көпчүлүк,
Оң экен деп калганы.
Оо дегенде Шоорукту,
Ордоңузга киргин деп.
Ордоңуздун ичине,
Өзүң баштап жүргүн деп.
Калдактап баштап кылчайып,
Шоорук кирди ордого.
Кабылан Манас арстанды,
Бет маңдай карап туралбай.
Кабары кетип далайга,
Тартуу кылган кыздардын.
Тартуу кылган кыздарың,
Өздөрү тандап тийсин деп,
Жарданып турган көпчүлүк,
Дуу көтөрдү чуркурап.
Кыздардын өзүн кыстады,
Ойрот журт турат жарданып.
Ортодо турган отуз кыз,
Көпчүлүккө көз салып,
Кыдырата карашып.
Ошондо кыздар карап тек турду,
Каалагын деп бир-бирин,
Сен каалагын деп турду.
Мейли кары, мейли жаш,
Бейбак кыздар көзүңдү ач.
Самап турган силерди,
Түптүү кыргыз эл болот.
Кайсы бирин кармасаң,
Кармаганың эр болот.
Качыштан кайра тартпаган,
Душманга сырын айтпаган,
Бактылуу кыргыз эл болот.
Ортодо турган отуз кыз,
Бактыма кандай болот деп,

Карагаттай кара көз,
Ак тамагы кылайып,
Моймолжуп тура калышып,
Элге көзүн салышып.
Оңдонушуп бойлорун,
Мени кармар бекен деп.
Кыздарга көөнү бөлүнүп,
Кырдап кийип бөрктөрүн,
Кыз үчүн оңдоп көрктөрүн.
Сай бууданды минишип,
Карысы жашы тептегиз,
Сакал-мурут тарашып,
Ортодо турган кыздарга,
Көз чаптырып карашып.
Тамаша сөзүн айтышып,
Жамандыктан кайтышып.
Көрөөр бекен мени деп,
Кобурашып сүйлөшүп.
Тегеректеп жарданып,
Бирин бири түртүшүп.
Сен илгери турдуң деп,
Кыздарга көңүл бурдуң деп.
Ачуусу келип куучундап,
Бирин-бири түрткүлөп.
Ортодо кыздар турушуп,
Төбө чачы тик туруп.
Теги койбой алат деп,
Тегерете көп карап,
Тийүүгө моюн сунушуп.
Кайнап келген эл турат,
Каалайт экен бизди деп,
Канча түрлүү жан турат.
Уругу кыргыз эл экен,
Улугу Манас шер экен.
Эркибизче жөн койду,
Кааламак бизге эп экен.
Камалып турдук канчалык,
Бактыбызга жазган соң,
Карыбы, жашпы сыйлайлы.
Кыздардын баары кысылып,
Таноолору кыпчылып.
Коркконунан отуз кыз,
Ыраңдары бузулуп.
Ботодой көздөр жоодурап,
Жибектей чачы жайылып.
Сүйгөнүңдү карма деп,
Аста басып кобурап.
Кичүүсү айтып улуусун,
Кишиден башка бою узун.
Каалоого болбой камалып,
Ушу киши болбой курусун.
Улуусу айтып кичүүсүн,
Кысылбай барып кармай кой,
Кыргыздын кыйын кишисин.
Кыздардын баары кысылып,
Тер боюнан сызылды.
Аядил айтып салганы,
Жакасынан тону деп,
Астынкы тандоо биз эмес,
Акылайдын жолу деп.
Шооруктун кызы Акылай,
Шоодураган капырай.
Короздой мойну койкоюп,
Кырдач мурун, аппак эт,
Койкоңдогон кара бет.
Карагат көзү жоодурап,
Ичинен аста кобурап.
Кайкаңдаган кара бет,

Ичинен аста кобурап.
Кайкаңдаган кара бет,
Болгон бизге керим деп,
Болсун Манас эрим деп.
Кыздардан чыгып бөлүнүп,
Кыргоолдой мойну көрүнүп.
Сунала басып суйкайып,
Ак тамагы кылайып.
Тал чыбыктай ийилип,
Султан Эрди бет алып.
Манасты мурун көргөндөй,
Баарлашып көнгөндөй.
Баатырдын барып кашына,
Оң тизелеп бүгүлүп.
Эки колу боорунда,
Үч жолу турду жүгүнүп,
Жолдошуң болдум сиздин деп.
Кыз деле болсо Акылай,
Конуптур дөөлөт башына.
Кан Манасты эр кылган,
Бактысы башка жан экен.
Теңин тапты теңин деп,
Акылай айтты кылчайып,
Отуз кыз турат анда деп.
Анда турган отуз кыз,
Бирден бирден кармады.
Жарданып турган көпчүлүк,
Кудай өзү берди деп.
Жакаларын карманып,
Каткырып күлүп калышып.
Мыктысын туруп алдың деп,
Кыздан куру калдың деп,
Шылдыңдашып калышты.
Кабылан Манас арстан шер,
Акылайды алды деп,
Кут болсун алган зайбы деп.
Элдин баары дуулдап,
Кабылан Манас арстанга,
Карап туруп калышты.
Арстан Манас ошондо,
Алтымыш атчан жигитке,
Кабар айт элге деп,
Алтымышын аткарды.
Кошунум мында калгын деп,
Калганың тарап баргыла,
Дагынкысын көрөрбүз.
Душманга кирген сан колум,
Дүбүрөп мында келсин де.
Бир аптадан бир апта,
Той баштады жуп жуда.
Ат кунанды тапташып,
Тамашаны башташып,
Балбан күрөш, эр сайыш,
Бар оюнду баштады,
Отуз күн оюн салышты.
Кыздарын алып Шооруктун,
Отуз беш күн өткөн соң,
Кыргыздын баары тарашты.
Кабылан Манас баатырың,
Анжиянды бет алып.
Ошпур канды каратып,
Тартуусуна кыз алып.
Анжиян арка жерине,
Аман келди жанашып.

## САМАРКАНДДА ШООРУК КАНДЫН ДАЙНЫН УГУП, АЛООКЕ КАНДЫН АНЖИЯНГА КАЧЫШЫ

Кагылышкан казатка,
Кабылан Манас кол баштап,
Кайрылып жаңы кирди деп.
Аксур ат минип ойнотуп,
Шооруктун колун сойлотуп,
Нар мингенин кулатып.
Беттешип найза сайганын,
Бет алган жерде баш кетип,
Денеси калып даңкайып.
Башы кеткен казандай,
Эт бышымча убакта.
Тополоң болуп чаң болуп,
Адамдын башы маң болуп.
Жердин баары аң болуп,
Жошолонгон кан болуп.
Катуу бүлүк салыптыр,
Алты жүз сексен миң колунан,
Тең жарымы калыптыр.
Айласы кеткен Шоорук кан,
Кең Алайдын төрүнөн,
Каяша кылып туралбай,
Такоол берип токтобой,
Үч күн, эки түн жол жүрүп,
Үрөйү учуп калыптыр.
Адыр, белес жол ашып,
Кээ бири жолдон адашып.
Самарканга жакындап,
Тоо таянып бөлүнүп,
Казатка Манас жетиптир.
Шооруктун эли калча экен,
Шору кайнап кетиптир.
Өбөктөгөн чал калган,
Өңкөй зайып жан калган.
Амалы кетип көчүүгө,
Аргасыздан аярлап,
Алооке жалгыз кан калган.
Анжиян болуп калаасы,
Алооке кандын баласы.
Төрөлгөндө Алооке,
Баласына ат койгон.
Аты болсун Коң төрө,
Ойротту бузчу чоң төрө.
Деп Алооке ат коюп,
Кылымга кыйын чоң төрө.
Он беш жылга жетиптир,
Бээжинде жаңы туулганы.
Беш жыл анда өтүптүр,
Аярды бүтүп чыкканча,
Окушуп билим кытайдан,
Оорактанып калыптыр.
Каруу күчкө толуптур,
Кагышаар маалы болуптур,
Он сегиз жашка толуптур.
Ары ойлонуп Алооке,
Бул жер бизге жер болбойт,
Бул бурут бизге эл болбойт.
Тымызын көчүп алайын,
Жылма жолго салайын.
Кокус калсам бул жерде,
Бурут кырып салат деп,

Аттуу, жөө жүрүп былкылдап,
Кербен болуп чубашып,
Кебирлешип чуулашып,
Алтай ээн калды деп.
Анжыянды, Нааманды,
Ант урган бурут алды деп.
Алооке берип буйрукту,
Адамы чыгып жолго узап.
Көчкөндөрү  көчүшүп,
Жөө жалаңдап кээ бирөө,
Көөрүктөн чубап өтүшүп.
Үч жайдан ашуун жол жүрүп,
Жол азабын тартышып.
Элинен азып сүйрөлүп,
Эл бузулуп калыптыр.
Ажалы жеткен жолдо өлүп,
Аста бирден жөнөтүп.
Аркасында Алооке,
Өзү жатып калыптыр.
Алоокенин Коң төрө,
Он сегизге толуптур,
Серпишер маалы болуптур.
Туңша деген калаага,
Бийликке ээ болуптур.
Анын уулу Кур экен,
Коң бай мында барганы.
Коң дегени өз аты,
Бай дегени амалы.
Курду кошуп алганы,
Анжияндан Алооке,
Көчүп чыгып калганы.
Эки таштын төрүнө,
Алооке көчүп барыптыр.
Коң бай менен Кур экөө,
Конгондо келип калыптыр.
Жолдо жүргөн көп элди,
Өз көзү менен көргөндө.
Жобоп калды чоң Коңур,
Бүткөн бою чымырап,
Көп кейиди Коң байы.
Анжиянда түк калбай,
Качкан экен далайы.
Калган экен кытайдын,
Карк алтын далай сарайы.
Сайылган бойдон бак калып,
Курулган бойдон так калып,
Тигилген бойдон тал калып.
Заңгыраган сарайы,
Сапырылып жатыптыр.
Кара кытай моңгулдар,
Бээжинди көздөй качыптыр.
Беш жылдан бери көрбөгөн,
Арып ачып жол басып.
Эки көзү төрт болуп,
Бээжини учуп көзүнөн,
Мээнетти тартып калыптыр.
Алооке кан козголуп,
Алача катын копкун деп.
Келген кенже баласын,
Өбүүгө барды комдонуп.
Өппөй өлүп калгыла,
Буруттун жерин аласың.
Шооруктун элин кырды деп,
Шоодурап жолго саласың.
Өппөй өлүп калгыла,
Кол силкип Коң бай баласы.
Жакындатпай энесин,
Жаман көрүп атасын,

Өлбөй тирүү калдыңар,
Өрттөнүп өчүп калксыңар.
Атам тапкан Фергана,
Кайнаган кытай эл кана?
Нааманды бүтүн караган,
Туңша кытай уругу,
Сун кытай кайда тараган?
Туңша кытай уругун,
Жер жайнаган эл эле,
Аларды кайда жоготтуң?
Фергана жайык жер эле,
Элин кайда жоготтуң?
Аламын деп бурутту,
Кыргызга кыргын салбайсың,
Кытайга элди сүйрөбөй,
Кырылып неге калбайсың.
Каканга калкты сүргөнчө,
Казакка казат салбайсы.
Каза жетип күн бүтсө,
Кара жер соруп калсачы.
Кармашпай калкты көчүрүп,
Кара баскан атаке,
Өзүң өлүп калсаңчы.
Ушу кылган ишиңе,
Ыраазы болот кандай жан,
Айран болуп турамын,
Кол менен кылган ишиңе.
Бээжинде кытай уругуң,
Бул жерде жатып атаке,
Кимден коркуп курудуң.
Өңчөй кытай кеттиби,
Түбүңө Манас жеттиби.
Өз жериң өскөн Бээжинге,
Жетип алдым эми деп,
Өлбөскө көзүң жеттиби?
Алтайга айлың кеттиби,
Айкөл Манас кабылан,
Шоорук кан менен Алооке,
Азбаска көзүң жеттиби?
Угууга жакшы кеп бекен,
Ушунча калың кытайдан,
Убалы кимге жетти экен.
Кыргыздан кытай качаарбы?
Акылынан шашаарбы?
Азапка кытай батаарбы?
Азезил мындай атаарбы?
Менменсиген бурутка,
Бет алышпай качабы.
Өзүм болсом бул жерде,
Өлүшпөйт белем бурутка.
Жумшакты чайнап жутуптур,
Тиши тийбей катууга.
Эми амал айла жок,
Эл кетти качып кайгулга.
Намызданып Коң байы,
Кырылышып эл өлбөй,
Атаке сизге нетти деп.
Чын ажалым буруттан,
Кимден коркуп кеттиң деп,
Коңбай айтып салганы.
Ойрон болгон Алооке,
Ары-бери толгонуп,
Кылчайтпай кырып салгандай,
Бурут оңой көрүнбөйт.
Айтасың балам ар кыл кеп,
Касташканын соо койбос,
Манасы арзан көрүнбөйт.
Бет алган жагы өрттөнүп,

Бири миңден кайтпаган,
Чечилип сырын айтпаган,
Буруттун жери Нааманды,
Мурунку атаң алганы,
Бул сөздүн жок жалганы.
Атамдын жерин бошот деп,
Алтайлык келип калганы.
Ары-бери түрткүлөп,
Буруттар түйшүк салганы.
Албууттанып асылып,
Манасы келип калганы.
Көрүп билген бабаңдан,
Көтөрүлө сүйлөйсүң.
Көпкөнсүң го балам деп,
Кыжырдап кирген бурутту,
Оңой жоо деп ойлобо.
Чантуунун жерин коюңуз,
Манасы тирүү бар турса,
Чоң Бээжинди талкалап,
Туңша Бээжин туругун,
Каратып алып той берет.
Түмөн кытай элинди,
Бучкагына теңебес.
Кыргыздан түмөн кол барса,
Түткөнүңдү көрөөрмүн.
Кайнаган кытай эл менен,
Кагышпай калчу эр эмес.
Бээжинге барбас эл болсо,
Мен бул жерден кетип не кылам.
Каканга барбас калк болсо,
Качып, көчүп не кылам.
Бет албай буга жоо калбас,
Белин ашпас тоо калбас.
Бекерге балам эрсинбе,
Бээжиниң мындан соо калбас.
Катылбай буга жоо калбас,
Кайкысын ашпай тоо калбас,
Кара күчкө эрсинбе,
Какан да мындан соо калбас.
Көчүп барам элге деп,
Көкүрөктү өргө айдап,
Көсөөрлүк айткан сөзүң деп,
Бузукту кыйла көрөсүң,
Бул Манастын барында,
Бурта Бээжин шаарында,
Түгөнгөн чантуу барында,
Дүмөгүн кыйла көрөрсүң.
Түп Бээжиндин шаарында,
Бел кубатың толгондо,
Бул жерде дебей Манасты,
Бээжиницден көрөрсүң.
Бедөөнүн жалын өрүп ал,
Бейкапар сөздү мага айтпай,
Беттешем десең Манаска,
Чоң Бээжинден көрүп ал.
Алооке кан ошондо,
Айттым деди бул сөздү,
Атаүдын көрү Коңбайым,
Аяганым сен деди.
Наамга Бээжин алты айлык,
Арасы кыйла жер болот.
Кармашам десең Манаска,
Оо Коңбай балам деп,
Камыңды кыла бер деди.
Түрк жери бизге жер эмес,
Түмөн кытай эл эмес.
Сүрүшө кетсек бул жерде,
Түгүндү коёр неме эмес.

Алыңа карап ышкыргын,
Акылың менен ойлонуп,
Атам тең деп ойлонуп.
Арстан Манас баатырдан,
Арам өлүм болбогун.
Алакедей атаңды,
Арманда кылып койбогун.
Акылың болсо Коңбайым,
Ал жетээр жерге ойногун.
Кабылан Манас арстандын,
Айбатын көрүп таң калдым.
Бет алып жоону караса,
Арстандын сүрү бар.
Оң көзүнөн от күйгөн,
Сол көзүнөн чок күйгөн,
Түн жалаңкыч көздөнгөн,
Жаалы катуу шер экен.
Атаң да бекер калбаган,
Ажайыпкана сарайга,
Ажыдаар жутсун деп,
Барса келбес көчөгө,
Барыңыз деп айдаган.
Анда кирип сарайга,
Атаң түгүл Манаска,
Ажыдаар мойнун сунганы.
Сүйрөп чыгып ордунан,
Алып келген ордого.
Кайсы бирин айтайын,
Ордодогу көпчүлүк,
Корголоду ордого.
Манасты оңой ойлобо,
Кабылан арстандар,
Куйругун катып көтүнө,
Кыңшылап жатып калганы.
Байкап турам баарысын,
Манаска жолдош болгону.
Көрүп туруп атакең,
Кара жандан түңүлдү.
Анжыяндан кетүүнү,
Атакең анан ойлоду.
Кеткенден башка айла жок,
Кейишсең тирүү калбайсың.
Тирүү жүрөм дегенден,
Тирүүлүктө бейиш жок,
Качуудан башка айла жок.
Бекерге айтпа сөзүңдү,
Бейпайга салбай чантууну,
Бээжинге алып бар өзүмдү.
Кабылан Манас бир барар,
Көрөрмүн шондо күчүңдү.
Ар бир сөз айтып Алооке,
Кабагы карыш түйүлдү.
Артылып нарга жүктөрү,
Каралап калган канына,
Канынын калган жанына.
Отуз беш миң кытай бар,
Атасынан уккан соң,
Коңбайдын тили буулду.
Көңкү журттун баарысы,
Көчөрүнө шайланды.
Үй кылышты чатырдан,
Жогунда көчүп кетүүгө,
Алооке сындуу улук кан,
Катарында канча жан,
Каарына чыдабай,
Кан Алооке Манастын,
Кеткен экен ушундан.
Беш жарым ай жүрүшүп,

Кабылан Манас арстаның,
Жерди чалып көрмөккө,
Анжиянды аралап,
Жигиттери жанында,
Аксур атын ойнотуп,
Көз чаптырып туш тушка.
Эми байкап караса,
Кытай дан бири калбаптыр.
Кара өтөктүн боюнда,
Кабылан Манас баатырың,
Жайына айыл конушуп,
Жайма жай жаткан эл экен,
Жата берсин арстан шер.

## АЛМАМБЕТТИН БЭЭЖИНДЕН КАЧКАНЫ

Кытайдын заңын жактырбай,
Кыйла күнү камынып.
Кыябын таап кетсек деп,
Мураска анан жетсек деп.
Тымызын жатып билгизбей,
Макулдашып алышып,
Энекеси Экзерге,
Ичтеги сырды айтканы.
Макул болуп энеси,
Бул айтканың акыл деп,
Айтканыңдын баарына,
Мына мен макул деп,
Экзер айтып салганы.
Макулдашып калганы,
Бир аптадай болгондо,
Ай жетилип толгондо,
Энекеси Экзерди,
Жетелеп алып тымызын,
Кандык тонун жамынып,
Каруу жарак шайланып,
Кул азыгын камданып,
Ак сарайда бууданга,
Аста жетип аярдап,
Энекеси Экзерге,
Кыл жээрдени токуду.
Токулгасын келтирип,
Сарала аты кулпунат.
Чылбырдан алса ырсыштап,
Астын карап жулкунат.
Соорондуктун баласы,
Сараланы маймактап,
Сылап-сыйпап токунуп.
Айбалта жанда жылтылдап,
Жоо-жарагын шайланып.
Кандык тонун жамынып,
Чоюндан койгон дарбаза,
Килиттерин ачканы,
Алекең такыр шашпады.
Айбалта колго алганы,
Дарбазанын жылчыкка,
Айбалта мизин киргизип,
Кырч дедирбей ачканы,
Бир ат батса болду деп,
Ат баткандай ачканы.
Астыга салып энесин,
Артынан Алмаң чыкканы.
Энекеси Экзерди,
Кыл жээрдеге мингизип,

Ачык турган дарбаза,
Каңгырап үнү чыгаар деп,
Кайра тартып жапканы.
Кокус кылбай мен койсом,
Соорондук аңдап угар деп.
Түн караңгы жамынып,
Жаратканга жалынып,
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып мингени.
Энекесин ээрчитип,
Алмамбет жолго киргени.
Шайбырлата бастырып,
Каспаңдын кара оюна,
Кара суунун боюна.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде.
Тоо-тоонун башын күн чалып,
Алмамбет менен энеси,
Алда кандай болот деп.
Шек урса кытай жыйылып,
Шор талаага толот деп.
Туш-тушун карап элеңдеп,
Таш кечүүгө жакындап,
Көчө турган болгондо,
Астынан чыкты аярлар.
Кытайдын кыйын аяры,
Жойчугул менен Тагылык.
Алоокенин Коңбайы,
Нескара менен кан Жолой,
Артынан колу жабылып.
Эр Шуутуңу дагы бар,
Кытайча сүйлөп бакырып,
Бирин бири чакырып.
Атчанынан жөөсү көп,
Басып жүргөн дөөсү көп.
Жез кобул найза колго алып,
Жезиттер келди жабылып.
Соорондуктун баласы,
Энесин ала качты деп,
Акылынан шашты деп,
Соорондук менен Алооке,
Кеңешип булар калыптыр.
Күн мурунтан кошунга,
Жол тостуруп салыптыр.
Экзер менен Алмамбет,
Ортодо эми калыптыр.
Башына каран түн түшүп,
Жазганын эми көрөрмүн,
Жазуусуна көнөрмүн.
Деп ошентип Алмамбет,
Чопкутун жонго салынып,
Бир Аллага жалынып,
Кайнап келген кытайга,
Кирмек болду камынып.
Астындагы Сарала,
Араандай оозу ачылып.
Туягы тийген кара жер,
Кемегедей казылып.
Жез кобул найза сундуруп,
Кулак мээни тундуруп,
Аралашты Кытайга,
Жеткен жерин кулатып,
Ат үстүнөн сулатып.
Жөө жүргөнүн чуулатып,
Ай балта менен койгулап,
Аркы-терки сулатып.
Аралашып алыптыр,
Чуулганды салыптыр.

Алоокенин Коңбайы,
Беттешип найза сая албай,
Бет алышып бара албай,
Четтеп жүрүп калыптыр.
Нескара менен Тагылык,
Кабылса сайып салармын.
Кан жөткүртүп Кытайды,
Далай жерге барармын.
Деп ошентип Алакең,
Каш карарган күүгүмдө,
Түздүн баары бакырык.
Бирин бири чакырып,
Басып жүргөн андан көп.
Буту сынып сороңдоп,
Баса албаган дагы көп.
Жамбашынан жарадар,
Жаталбаган дагы көп.
Каабаңдын кара оюнда,
Алмамбет менен Экзерди,
Качырбай жайла итти деп,
Азизкан буйрук бериптир.
Экзер менен Алмамбет,
Жанаша бирге отуруп,
Жазайыл үнү чаңырып,
Алыс түшүп күпүлдөп.
Кулак мээни тундуруп.
Таңга маал болгондо,
Туш-тушун байкап караса.
Бири ылай, бири таш,
Тегерегин тоо кылып,
Айлампа мунар зоо кылып,
Тегеректеп калыптыр.
Бир дарбаза чыгарып,
Нескара менен Жолойго,
Тоздуруп эми салыптыр.
Азизкандын Алмамбет,
Энесин байкап караса,
Ачылган көзү жумулуп,
Энекеси Экзерге,
Ок жаңылып калыптыр.
Шейит кеткен энесин,
Башын жөлөп кучактап.
Көзүнүн жашы буурчактап,
Ак эмчектен бир жыттап,
Улам-улам кылчактап,
Башына мүшкүл иш түшүп.
Күндү жайлап жиберип,
Карарып асман бүркөлүп.
Шамал болуп ышкырып,
Жамгыр болуп дыбырап,
Кар аралаш шыбырап.
Күнү-түнү ышкырган,
Шамалдын үнү басылбай.
Алты күн өтүп кеткенде,
Асмандан мөндүр төгүлүп,
Алты сай мөндүр көрүнүп.
Жайдын күнү кыш болуп,
Камап турган көп кытай,
Кыңшылап ыйлап кыз болуп.
Бирин-бири тебелеп,
Жатып аткан андан көп.
Жоо-жарагын алалбай,
Эки колун ушалап,
Алаамат кандай болду деп.
Жан айласы курусун,
Өлүктөргө кошулуп,
Өлүмүш болуп кыйшайып,
Жатып аткан андан көп.

Соорондуктун Алмамбет,
Шейит кеткен энесин,
Арбагы тирүү энекем,
Арбагына сыйынып.
Төшүнө башын салганы.
Кош эмчектен Алакең,
Коркурата жыттады.
Көзүнүн жашы буурчактап,
Энекеси Экзердин,
Жанынан карыш чыкпады.
Кайта-кайта кылчактап,
Жердин баары муз болуп.
Чыйрыгып калган Сарала,
Жер чапчылап ыргыштап.
Бел курун бекем курчанып,
Камап турган кытайга,
Кирмек болду кол салып.
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып мингени.
Дарбазаны бет алып,
Айгайды эми салганы,
Алмаң чыгып алганы.
Жеткен жерин найзалап,
Каршы-терши кулатып,
Аралашып калганы.
Уйгу-туйгу жан болуп,
Адамдын башы маң болуп.
Беттешип Алмаң жүргөндө,
Чаңырган катуу үн чыгып.
Токто балам, токто деп,
Азизкан чыгып калганы.
Ошондо Алакенди көрдүңбү,
Ак жазган болсо көрдүм деп,
Ажалым жетсе өлдүм деп.
Азизканды бет алып,
Качырып найза сунганы.
Алтын кемер тушу деп,
Өлөр жери ушу деп,
Куч менен найза урганы.
Чалгара буудан үстүнөн,
Азизкандай атасы,
Чалкасынан сулады.
Атасын сайган бул кытай,
Тирүү койбойт бизди деп.
Кайнаган кытай сүрүлүп,
Капканын оозу ачылып,
Кайнаган кытай шашылып.
Капкага кирип чубуруп,
Күнү-түнү чубуруп,
Катуу үндөр угулуп.
Тышында бир жан калган жок,
Өлүктөр калган жыйылып.
Карга, кузгун, жорулар,
Карп болду тарпка тоюнуп.
Көзүнүн жашы көл болуп,
Айбалталап жер чукуп,
Аста туруп аярлап,
Көрдү бүттү даярдап.
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Энесин койду жайына.
Кытайдан алган усталар,
Кош айтышып кайтышты.
Баарына жамбы бериптир,
Келген уста баарысы,
Ыраазы болуп кетиптир.
Эми Алакең жолго салды эле,
Таш кечүүгө барды эле.
Анда-мында кыңкылдап,

Оюна түшүп өткөнү.
Кечүүдөн кечип алганы,
Чытырман токой аралап.
Кара сууну жээктеп,
Ичке жолду тээктеп,
Кайрылбай жолго салганы.
Адыр-будур жол келип,
Арсак-терсек бел келип,
Ашуусу кымбат бел келип.
Сараланы аярлап,
Асынган кара бараңын,
Астына алды даярдап.
Гүлазык болсо жетер деп,
Аярлап жүрүш бекер деп.
Мусулмандын чегине,
Өлбөсө Алмаң жетер деп.
Аманат жанга бир өлүм,
Алоокеден укканмын.
Кыргыздын кыраан Манасы,
Кылымды бузар шер деген.
Кыйын айтты кабарын,
Өлбөсөм мен да барармын.
Беттешип пенде баралбайт,
Бет алып душман алалбайт,
Кабылан Манас шерди дейт.
Ошон үчүн мен качып,
Акылымдан шашканмын.
Анжиян арка жер таштап,
Күндүзү эмес түн көчүп,
Бээжинди көздөй качканмын,
Деп айтты эле Алооке.
Кароол дөбө чокуга,
Айланып Алмаң барганы.
Сараланы жайдактап,
Аса байлап маймактап.
Эки жагын каранып,
Ээрдин тиштеп жаланып.
Жая салып чопкутун,
Туш-туш жагын каранып.
Таралып аккан суусу бар,
Туу чокунун кырында,
Жыты жыпар жыттанат.
Садагаң кетип калайын,
Касиеттүү жер экен.
Азиретаалы шер чыккан,
Үрүстөм Дастан эр чыккан,
Амир Темир шер чыккан,
Эс ала турган жер экен.
Бейкапар жатып тынч алып,
Муну ойлогон Алекең,
Буту, колун жуунуп,
Канжыгада чен томду,
Башына коюп жазданып,
Алла деп жатып калганы.
Алаксытып бул дүйнө,
Чаалыгып келген Алакең,
Бут серппей уктап калганы.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде.
Жан жолдошу Сарала,
Чынардан чечип алганы.
Анча-мынча чалдырып,
Көк кашка болгон булакка,
Сугарып эми алганы.
Үйүлгөн жемдин жанына,
Коё берип салганы.
Айбан да болсо жаныбар,
Бутун чоюп алсын деп.

Уктап уйку кандырып,
Уйкусу мунун кансын деп.
Эртеси күнү Алакең,
Дагы жатып калганы.
Алмамбетке жакындап,
Айбан да болсо жаныбар.
Түн каракчы болгондо,
Асманга жылдыз толгондо.
Алмамбетке жакындап,
Оң ыптасын бет алып,
Анда-мында жакындап,
Жанына жатып калганы.
Канткенде пенде чыдасын,
Айбан минтип турганда,
Бут серппей уктап калганы.
Жолдош болуп Алмаңа,
Сүйлөйүн десе тили жок.
Алаксытып бул дүйнө,
Алдамчы экен түбү жок.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Баш көтөрүп түйшөлүп,
Алмаң туруп караса,
Жанында жатат Сарала.
Маңдайын сылап атынын,
Маңдайынан бир өптү.
Садагаң кетип калайын,
Жан жолдошум Сарала,
Жанымда жаткан турбайбы.
Бөтөн ойго чөмүлсөм,
Мени кудай урбайбы.
Деп ошентип Алакең,
Сараласын токунуп.
Кулазыктан жеп ичип,
Каруу-жарак шайманын,
Белине байлап камынып.
Келген жагын бир карап,
Кытайдан келген чен тонду,
Кынаптап кармап алганы.
Кара ташка жакындап,
Алмаң басып барганы.
Аманат деп күбүрөп,
Коңулга тыгып салганы,
Кереги тийер кийин деп.
Сараладай бууданга,
Теппей ыргып мингени.
Кыйма-чийме бастырып,
Эңиштеп ылдый түшкөнү.
Тегеренип айланган,
Кароолчунун баары жок.
Келгенин билип капырлар,
Тегиз жатып алган го.
Деп ошентип Алакең,
Ичинен ойлоп толгонуп.
Ылдамдата бастырып,
Сараланы шаштырып.
Жарым күндүн ичинде,
Оюна түшүп алганы.
Мындан аркы мээнетти,
Башыма салса көрөрмүн.
Кайрат кылып камынып,
Арстандан бетер чамынып,
Арбытып жолго салганы.
Күрпүлдөктүн кашка суу,
Мындан кечип алганы.
Ийри-буйру жол менен,
Мусулман көздөй бет алып,
Алмаң жолго салганы.
Ак карлуу бийик тоо болуп,

Чаалыккан жерде бир конуп,
Көңүлү чалкып ачылып.
Эчки, теке, кийиги,
Ак карлуу тоонун бийиги.
Ар кайсы жерде чубурган,
Аңкуштап үнү угулган.
Суурун көрсөң ажайып,
Жыты жыпар жыттанган,
Жатпай турган жер бекен.
Садагаң кетип калайын,
Ууга чыгып, чер жазып,
Атпай турган жер бекен.
Көтөрүлүп көңүлүм,
Көөдөндү керип сергидим.
Кайсы бирин айтайын,
Мен бир келген келгинмин.
Мусулман көздөй бурулуп,
Заңы жакпай кытайдын,
Аллага үнүм угулуп.
Алтын такты май кылдым,
Качып жолго салганда,
Токто балам, токто деп,
Айгайды арбын салганда.
Найза менен сундуруп,
Кулак мээни тундуруп.
Качсаң балам, өлдүң деп,
Качырып чыгып калганда,
Беттеп найза сунгамын.
Берчи кудай, берчи деп,
Өлөр жери ушу деп,
Оң колума түкүрүп,
Катуу найза сайгамын.
Найза менен койгондо,
Азизкан аттан кулады.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Алтын такты май кылдым.
Качырышкан жеринде,
Чоң Бээжинде жай кылдым.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Сарала оозун бурбады,
Аяр кылып турбады.
Адырма артуу бел менен,
Адыр-адыр жер менен,
Артылып түшүп калыптыр.
Чоң кайкынын төрүнөн,
Чоң Алайдын белинен,
Чаалыгып калган Сарала,
Дабдырактап теңселип,
Баспаганын байкады.
Өтөктү көздөй бурулуп,
Өргүтөйүн муну деп,
Өтөккө түшүп калганы.
Сараланы жайдактап,
Жүгөнүн сыйрып алганы.
Алты күн жатып өргүтүп,
Бууданын абдан сергитип.
Буулуккан черин таратып,
Кулжасын тандап дагы атып,
Кумарын жазып калганы.

## АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ ЖОЛУККАНЫ

Алмаң конуп жатканы,
Эки күнгө толуптур.
Ээликмелүү эр немең,
Эригип эми болуптур.
Атам болду Айдаркан,
Атамды эми көрөм деп,
Алмамбет бармак болуптур.
Алмамбет мында келер деп,
Түркүн тамак белендеп.
Казактардан чакырып,
Айдарканы аксакал.
Алмаң туруп ойлонуп,
Соорондуктун ордуна,
Эл кылып кармап алсам деп.
Кызматына бел бай лап,
Айдарканды өзүмө,
Ата кылып алсам деп.
Акылына муну алып,
Алмамбет кирип келгени,
Айдарканды көргөнү,
Кожо деп салам бергени.
Айдаркан менен Алмамбет,
Кучакташып көрүшүп,
Алмамбет мында келгенге,
Айдаркан катуу кубанып.
Көзүнөн жашы куюлуп,
Ээгинен ылдый чубуруп.
Аксакалы Айдаркан,
Айтканына көнүшүп.
Аш тамагын беришип,
Изаат кылып топтолуп.
Аллам бизге берди деп,
Баатыр өзү келди деп.
Барбалактап казактар,
Бапырап жатып калганы.
Ак сакалы Айдаркан,
Бакырып айгай салганы.
Бери кел деп бакырып,
Көкчөнү калды чакырып.
Айтканга Көкчө көнөсүң,
Алманбеттей баладан,
Пайданы абдан көрөсүң.
Тогуздап кара сойбогун,
Сойбоймун деп тим коюп,
Томсортуп бизди койбогун.
Сойбо десе сумсайып,
Бекерге куру койбогун.
Бээден бирди соелук,
Беш-алтыдан кой союп,
Баш куттуктап коелук.
Айдаркан, Көкчө биригип,
Акылдашып алышты.
Айылдаш болгон коңшудан,
Алтоо, жетөө илинди.
Атына минип алышып,
Жылкы жаткан өрүшкө,
Айдаркан, Көкчө барышты.
Аралашып жылкыны,
Ар кайсысын караса,
Артыкча жакшы жылдызы.
Айдаркан туруп муну айтат,
Алты жүз ашуун жылкынын,
Жылдызы жакшы көрүнөт.
Канткенде мындан соебуз,

Деп Айдаркан тунжурап.
Ар бир бээсин чыгарат,
Аябаган сүттүү деп.
Жана бирөөн дагы айтат,
Уйдан жоош жаныбар.
Дагы бирөөн дагы айтат,
Тууганынын баарысы,
Тулпарга чалыш күлүк деп.
Дагы бирөөн дагы айтат,
Карматат жоош колго деп.
Тууганынын баарысы,
Тукуму менен жорго деп.
Алты жүз ашуун жылкыдан,
Бирди кармап сое албай.
Кан Айдаркан, Эр Көкчө,
Экөө жүрүп билалбай.
Соёюн десе кайбирин,
Көзү жакшы көрүнүп.
Не деген семиз бээлер бар,
Бирин дагы кыйбады,
Бир жылкыны союшка,
Колдору барбай турганы.
Кышта согум болсун деп,
Беш-алты бээ карысы.
Шашкеде барып Айдаркан,
Жылкыга көзүн салганы.
Ыраа көрбөй союшка,
Кеч бешимге калганы.
Аңги кирип аралап,
Көп жылкынын ичинен,
Айгыры жүрөт каралап.
Алышып аңги калганы,
Кысыр бээден кылчактап,
Дагы бирөө барганы.
Кулунуна каралап,
Куучук кула байталды,
Курсакка тээп салганы.
Тас карды кетти жарылып,
Мыкчыйып туруп калганы.
Айдаркан менен эр Көкчө,
Аралап жүрүп барганы.
Муну сойсо болот деп,
Жылкычы айта салганы,
Жылдырып айдап алганы.
Эр Көкчөнүн үйүнө,
Айдаркан баштап барганы.
Бээ сойдук деп билгизбей,
Байталды баштап союшуп.
Айдаркандын үйүнө,
Беш койду мыктап союшуп.
Ага-тууган, айыл-апа,
Анча-мынча тоюшуп.
Башың куттуу болсун деп,
Бата кылып коюшуп.
Алмамбеттин олжосун,
Атпай казак алды деп.
Чык таттырбай башкасын
Чыгымы мага калды деп.
Эр Көкчө айтып элине,
Не дейсиңер кебиме.
Наарazы болуп кеп айтып,
Көкчө тура калганы.
Көкчөнүн айткан сөзүнө,
Көөнүнө алды Алмамбет.
Атпай казак эл алса,
Анысын айтат неге деп.
Айдарканга барайын,
Атанын көзүн карайын.

Барбадигер жар болсо,
Байытууга казакты,
Кайгулга кайта барайын,
Бул антыма жарайын.
Муну ойлоп Алмамбет,
Бармак болду кайгулга.
Канткенде тынчып жатам деп,
Айдаркандай атамдан,
Алсам деймин бата деп.
Алакең туруп оолугуп,
Дайнын айтпай эч кимге,
Бармак болду кайгулга.
Токтолбостон жол жүрүп,
Жол жүргөндө мол жүрүп.
Он жети күн жүрдү эле,
Адырмак ашуу бел ашып,
Ашуусу кыйла төр ашып.
Агыны катуу суу кечип,
Аралады маңгулду.
Бучкагына теңебей,
Аралап керген малдары,
Он алты байдын малы экен,
Отуз беш миңче бар экен.
Түп көтөрө алмакка,
Караган жок калмакка.
Айдап жолго салганы,
Ойбойду калмак салганы.
Чагалашып буркурап,
Көкөнө деп чуркурап.
Уйгу-туйгу бөлүнүп,
Арт жагынан жабылып,
Куба келди көтүнөн.
Кууп келген калмакка,
Кызыкты эми салмакка,
Азиз кандын Алмамбет,
Каршы чыгып бетме-бет.
Эрөөлгө чыкчу эрендер,
Мен баатырмын дегендей.
Найза кармап камынып,
Алды алдынан чамынып.
Алмамбетке жетиптир,
Жеткенин Алмаң кесиптир.
Он беш күн кыргын салыптыр,
Аралашып калыптыр.
Корккону нан Алмаңдан,
Такоол кылып баралбай,
Калмактар токтоп калыптыр.
Астынан тоскон куугун жок,
Же артынан келген сүргүн жок.
Жылкысын жыйып айдатып,
Жылантыга жайнатып.
Бир айдан ашык болгондо,
Сары-Аркага жакындап,
Эртеси келип калыптыр.
Караанын көрүп көп казак,
Жылкыга көзүн салыптыр.
Карысынан кеп сурап,
Эсеби жок көп жылкы,
Ээси жокпу деп сурап.
Көргөндөрү таң болуп,
Кайнаган жылкы келгенде,
Көз айныган чаң болуп,
Адамдын башы маң болуп.
Бирин-бири түрткүлөп,
Кандай укмуш адам деп.
Казактын калың эли бар,
Жазында жайлоо эл көчүп,
Минерине унаа жок,

Көчө албаган эрлер бар.
Кайгулга Алмаң чыгарда,
Казакка көзүн салыптыр.
Көчө албаган адамды,
Көңүлүнө алыптыр.
Ошон үчүн Алмамбет,
Оодарып калмак жылкысын,
От оту менен алыптыр.
Калган элин жыйнатып,
Калбасын бири деп айтып,
Ата улуусун алыптыр.
Калыстык менен жылкыны,
Айдарканга кеңешип,
Айдап бөлүп бериптир.
Эчтеме жетпей калганы,
Экиден жылкы алыптыр.
Жыл маалына жеткирбей,
Жыргатып элин салыптыр.
Келерки жыл маалында,
Ордолуу казак көп эли,
Ойлонуп чогуу келиптир.
Колунда жогу сороюп,
Алмамбет мал берер деп,
Үмүттөнүп эми келиптир.
Ошондо эр Алмамбет кеп айтат,
«Ээ калайык» – деп айтат.
Кытайга салаар элчим бар,
Калмак менен маңгулдан,
Алалбай жүргөн энчим бар.
Алайын деп энчимди,
Аттанайын келсинчи.
Деп Алакең ошондо,
Казакка кабар салыптыр.
Эр Алмамбет бараарын,
Эми билип алыптыр.
Элинин жыйган жасоосу,
Эки миңге толуптур.
Эки миң беш жүз кол менен,
Эртиштин бою жол менен,
Эр Алмамбет барыптыр.
Көкө-Ноор көлүнөн,
Көбү шаму чөлүнө.
Маңгул, калмак аралаш,
Аз гана кытай элине.
Аралап жүрүп Алакең,
Аласам ушул болчу деп,
Он беш миң жылкы алыптыр.
Калган кара малынан,
Төө баштаган бир топ мал,
Дагы он беш миң болуптур.
Кыйратканы келгенин,
Куугунга келген эрлерин,
Тогуз жүз токсон болуптур.
Тогуз жүзүн кулатып,
Токсонун анда сулатып.
Тогуз жүз токсон ат алып,
Айдаган малы отуз миң.
Тогуз жүз токсон ат болуп,
Сары Арканы бет алып,
Алмамбет жолго салыптыр.
Кыныгып калган казактар,
Келээр маалы болду деп,
Кыйласы тосуп барыптыр.
Бакырлары болушуп,
Напсиси бузук казактан,
Мал талашып өлүшүп.
Жылкы, сыйыр, төө экен,
Ата улуулап бөлүшүп.

Алмамбетке казактар,
Батасын мыктап беришип.
Бактыбызга келди деп,
Бабырашып кеп кылып.
Түгү жоктун баарысы,
Ондон ашуун бээ болуп.
Кээ бирөөндө экиден,
Өркөчү типтик төө болуп.
Сары Аркалык казактар,
Санаасы менен оңуптур.
Алманбеттин келгени,
Быйыл төрт жыл толуптур.
Эсалайын эми деп,
Алмаң жатып калыптыр.
Чабыттан казак көп журтка,
Кыйла жерге барыптыр.
Конок кылып казак журт,
Барган жерден сый көрүп,
Балкып жатып калганы.

## КАЗАК ТУУГАНДАРДЫН КӨКЧӨГӨ КАРАТА БУЗУКУЛУГУ

Казактардан Айдаркан,
Эр Көкчөнүн атасы,
Алмамбетке тийсе деп,
Көп казактын батасы.
Айдаркан муну ойлоптур,
Тобун бузбай жылкыны.
Алып келген Алмамбет,
Асылын көргөн казактар.
Кыйратып берген Алмамбет,
Кызыгын керген казактар.
Калмактан айдап мал келген,
Казакка бөлүп тим берген.
Маңгулдан айдап мал келет,
Баарысын бөлүп тим берет.
Тегиз баары бай болуп,
Ичкени кара чай болуп.
Кийгени тубар шай болуп,
Катынсыз жаштар бай болуп.
Уулаганы той болуп,
Эл байыса экен деп,
Эр Алмамбет ойлонуп.
Айланып мында келгени,
Тогуз жарым жыл болуп.
Арасында казактын,
Уруш-талаш майыбын,
Ууру кылган айыбын,
Эрден чыккан зайыбын.
Теске салып Алмамбет,
Чыр чатаксыз бүтүрөт.
Кимдин калса мүдөөсү,
Арызын айтчу мүңдуусу.
Териштирип Алмамбет,
Кара кылды как жарган,
Чыр чатаксыз бүтүрөт.
Казактын канча калкы бар,
Ар кимдин салты ар башка,
Көрүнүп турган наркы бар.
Төрө заада төртөө бар,
Бек заададан бешөө бар.
Кылмак болду кытай деп,
Баштады биздин арбак деп.
Мурункудай жүрүш жок,
Кетмек болду дөөлөтү.
Калтырып барат бийликтен,

Кара жолтой Көкчөгө.
Камбылсынган бу кытай,
Кайдан келип кийликти,
Ким берди буга бийликти.
Адылсынып калды деп,
Алаар арбын олжодон,
Айрып бизди салды деп.
Бирин-бири түрткүлөп,
Эндекей кылды элди деп.
Элинен кечкен бул кытай,
Эр Алмамбет ойлонуп.
Канчалык кылсам жакпадым,
Кажылдаган казакка.
Кызыл чака пул бербей,
Алмамбет аны бүтүрүп,
Кылчайбай бизге тим болду.
Күнөөсүнө жараша,
Күнөө кылган ким болду.
Күйдүргү кытай бүтүрүп,
Жайнаган бийлер тим болду.
Ага-иниден чыр чыкса,
Акылдашып турчу элек.
Анча-мынча пул алып,
Макул кылып жечү элек.
Балаа кылды бу кытай,
Капкайдагы доо жаңжал,
Калысмын деп бүтүрүп,
Элди алымтып саларбыз.
Эгер кытай бар болсо,
Эңгиреп куру каларбыз.
Калк алынып кеткен соң,
Каңкайып куру каларбыз.
Казакты кудай урарбы,
Каңкайып келип бир кытай,
Калкты бийлеп турарбы?
Мурунтадан бул Көкчө,
Муңайбаган эр эле.
Доо добурлуу чыр жаңжал,
Силер бүтүр дээр эле.
Житиргенин житирдик,
Жиги жок эми бүтүрдүк.
Сурак колдон чыккан соң,
Чыкпай барат биздин жик.
Мал жагынан бадирек,
Көкчө баатыр эр эле,
Көөлдөгөн неме эле.
Дүнүйө мүлкүн жок кылса,
Көөлдөгөн неме эле.
Мал жагынан бадирек,
Кер көлдөн чалкар кең эле.
Катынын бирөө караса,
Касаптай турган неме эле.
Башка жагы чени жок,
Паашалыгы бар эле.
Катын жакка калганда,
Кара башыл адамдан,
Эсеби жок тар эле.
Дүнүйө мүлккө карабас,
Сапырылып кетсе да,
Эсине эстеп албас деп.
Катының жакын деп койсок,
Өлбөй тирүү калбас деп.
Элүү беши биригип,
Акылдашып алышты.
Алмамбеттен айрууга,
Кеңешип жатып калышты.
Алымсейит дөөкүрү,
Найман, Айтак берени,

Согорбой, Найман эрени,
Алмамбетти көрө албай,
Ар уруудан элүү беш,
Акылдашты жайма-жай.
Алчын, Үйшүн, Түнтөй бар,
Абактардын Шаабеги,
Кичи жүздүн Үмөтү,
Алакең келе электе,
Алардын бирге ирээти.
Орто жүздүн Багышы,
Байжигиттин Жанышы,
Аргындардын Алымы,
Наймандардын Эдили,
Коңураттын Селими,
Жагалбайдын Жан байы,
Жамы отуруп далайы.
Алмамбеттин жөн-жайын,
Толуктап эми билүүгө,
Акылдашат ар качан.
Ушинтип өзү жүргөнчө,
Колуна бычак албайбы,
Өзүн-өзү өлтүрүп,
Көкчө өлүп калбайбы.
Коржойгон жалгыз кытайга,
Өлүк болбой эр болсо,
Оолак алып барбайбы.
Байкатпай туруп кытайды,
Тындым кылып салбайбы?
Кун сураган жан барбы,
Кубаңдаган заңгардан,
Кутулбайбы калбайбы?
Жанына жолдош албайбы,
Жалгыз жүргөн жеринен,
Жара тартып салбайбы.
Жакыны жок бир кытай,
Жалпыйып жатып калбайбы?
Жоголду деп кытайды,
Жообун сурар жан барбы?
Жоготмогу арзан го,
Жолдошу жок заңгарды.
Ичин жарсаң кытайды,
Издей турган жан барбы?
Ит өлүмү кылбайбы,
Ага окшогон заңгарды,
Алтыбай деген бир жигит,
Ал сөздү айтып турганы.
Акылы жок кай бири,
Бул айтканың акыл деп,
Биз турдук буга макул деп.
Алимжан менен Салимжан,
Айтты сөздү момундай.
Кызуусу менен кымыздын,
Кыйын болгон жандырсың.
Кыйрыңдан азсаң кургурлар,
Соорондукту теңсинбей,
Кыйрап калчу кургурсун.
Толкуган кытай кымбат эл,
Согушуп Алмаң шер менен,
Соңунан келген не бир дөө,
Союлуп кара жер менен,
Жатканы кара жер болгон.
Каспаң туңша биригип,
Алоокенин Коңбайы,
Ошол элде жок бекен.
Абайым сендей акылы.
Бир бычактан өлүүчү,
Көрүнөбү каракчы.
Деп айтып эми токтолуп,

Калыстык кылып бүтүрүп.
Тентип басып жүрө албайт,
Өлөмүн деген тийбесе,
Өзгө пенде тие албайт.
Мыктысынып катылса,
Катылган тирүү жан калбайт.
Айдаркандын балдары,
Кары-картаң чалдары,
Алмамбетсиз сие албайт.
Ага-ини болуп алыптыр,
Аралашып калыптыр.
Катылганы соо болбойт,
Кадырлаш болуп алыптыр.
Аа көрөкчө бир амал,
Адамдан башка бир мүнөз,
Катынына жаман тар,
Катындан кепти баштайлы.
Акеркеч деген катыны,
Алмамбетти ар качан,
Аземдеп күтөт акыры.
Абайла Көкчө баатыр деп,
Аз экен сенде акыл деп.
Алмамбет деген кытайдан,
Азып келген капыр деп.
Качырышкан жеринде,
Атасын сойгон бу кытай.
Айлакердин мыктысы,
Найзакердин ыктуусу.
Канча бир кытай кыйраткан,
Качып келген куу кытай.
Аяйсың кимди акыр деп,
Көөдөндө турат жаныбыз,
Көкчө баатыр каныбыз.
Бир күнү кытай өлтүрүп,
Коёт го дейбиз сени биз.
Атилес тубар өөнү бар,
Акеркечти алууга,
Алманбеттин көөнү бар.
Жандан кечкен кытайдан,
Сактаныштын жөнү бар.
Катын эрге душман деп,
Башынан айткан кеп эле.
Акыры сени өлтүрөт,
Абдан сөзү бышкан деп.
Ал сөздү айтып салалы,
Таянганы Көкчөгө,
Ушуну айтып чагалы.
Алмамбет асты туралбайт,
Ачылаар болсо багыңар,
Жалаң бизге ишенбейт.
Ургаачыдан катындан,
Жакшы күбө табыңар.
Акеркечтен өткүн деп,
Астына чыгып кеткин деп.
Буудайканды алыңар,
Катындардан өткүн деп.
Басып салып кеткин деп,
Кытайдан келген кыраан деп.
Кайдан күттүң ап септеп,
Жаманатты кылды го,
Жанагы кытай арам деп.
Акеркечтен сөз тиер,
Үйрү топ казак жүргөндөн.
Айдаркандан сөз тиер,
Акеркеч коёр сыйлабай.
Жалгыз келген бул кытай,
Жай тапмагы бир далай.
Кетер акыр казактан,

Каңгыраган арам кул.
Чагым кылып минтпесек,
Кутулбайбыз азаптан.
Алымсейит сүйлөдү,
Көкчө кан тилди албас деп,
Акеркеч ага барбас деп.
Ак болгон соң ал өзү,
Чычалап көнбөс акыр деп.
Ургаачыдан башкача,
Акеркечте акыл деп.
Айтсаң айта бергин деп,
Назарына албас акыр деп.
Айла кеткен бу бир кеп,
Алмамбетти көп көрдү.
Ата улуулар ал жерден,
Акылдашып сөз бүтүп,
Кырк беш күндү өткөрдү.
Көкчө чыгып бөлүнүп,
Малына барды көрмөккө.
Тоого чыкса бийикке,
Ууга чыкса кийикке,
Аңдап жүргүн баатыр деп,
Акеркеч деген катын деп,
Алмамбетке жакын деп.
Ар кайсысы айтып кеп,
Көкчөнүн көөнүн калтырды.
Көкчө келди үйүнө,
Аңдып жүрүп ар качан,
Шек шыбаасын билбеди.
Алмамбет сага жакын деп,
Акеркечти каардап,
Абдан катуу такыды.
Акеркеч турду күүлөнүп,
Эр Көкчөгө сүйлөнүп.
Көөдөнү жок эр Көкчө,
Алмамбетти ким дейсиң,
Адамдын сырын билбейсиң.
Көрө албаган көй жаман,
Артынан түшүп алыптыр.
Эси жок Көкчө сен өзүң,
Элиңдин тилин алаарсың.
Эзил эрден ажырап,
Эмгектеп жерде калаарсың.
Калкыңдын тилин алаарсың.
Канзаададан айрылып,
Каңгырап карап калаарсың.
Кайненелүү күйөөдөй,
Карап койбойт өзүмө.
Кантейин Көкчө нени айтам,
Кекерлеген сөзүңө.
Кас душмандар көрө албай,
Кылганы жүргөн өзүңө.
Кайнаталуу келиндей,
Тик карабайт өңүмдү.
Мени менен мындай деп,
Көөдөнү жок эр Көкчө,
Мерт кылганы жүргөн го.
Бээжинден келген жетимди,
Акеркеч деген катын деп,
Айттырбай билет датын деп.
Бул Акеркеч болбосо,
Кетирер элек акыр деп.
Акыл менен сыйлап жүр,
Акеркеч деген капыр деп.
Алмамбет мындай дей албай,
Казактан күнөм жей албай.
Сөздөрү калып талаада,
Өздөрү калып балаага.

Айырмакка Көкчөдөн,
Ар нерсе алып санаага.
Өткүрдөн кылыч алалбай,
Өлтүрүүгө Алмаңды,
Өздөрү эбин таба албай.
Буудайбекти буруугa,
Баары даяр болгондур.
Акеркечтин үстүнөн,
Күбөлүк айтып турганга,
Ишенсең Көкчө коёрсуң.
Ишенбесең сөзүмө,
Азгырган мен экенмин.
Аны кой да, мени сой,
Өлүп калаар бир катын,
Өксүбөсүн көп калкың.
Жатып калаар бир катын,
Жарыбасын көп калкың.
Алмамбет турса колуңда,
Алтындан болоор чарбагың,
Ааламды басаар салмагың.
Алмамбеттен айрылсаң,
Арылбай калаар арманың.
Азытка кирсең азарсың,
Акылыңдан шашарсың.
Алмамбеттен айрылсаң,
Анык кара басарсың.
Алмамбет жолдош болду деп,
Көкчөгө арбак конду деп.
Көрө албай жүргөн тууганың,
Көңүлүң ынап калабы.
Калк жакшысын көрө албайт,
Алмамбеттин калысын.
Келсе дагы Алмамбет,
Кетсе дагы Алмамбет,
Алардын тилин алаарсың.
Алмамбеттиөлтүрүп,
Астына жердин салаарсың.
Мейли Көкчө өзүң бил,
Өзүң өчүп каларсың.
Башка сая бак бол деп,
Кара жүрбөй ак бол деп.
Калк ичинде шумдук кеп,
Айткан кепке сак бол деп.
Көрө албай жүргөн көсөөр бар,
Баталбай жүргөн байкуш бар,
Өтө албай жүргөн өксүк бар.
Айрыларсың бир күнү,
Алмамбеттен сап болуп.
Акеркеч айтты акыл кеп.
Анда Көкчө токтолуп,
Айтканыңа макул деп,
Бул айтканың акыл деп.
Азган бир кытай жетти деп,
Айдаркандын Көкчөсү,
Арбагы ашып кетти деп.
Тозгон кытай жетти деп,
Тозоктуу кытай келгени,
Чоңоюп Көкчө кетти деп.
Мансапка эми жетти деп,
Тоотпой бизди кетти деп.
Ойлоп келет ичинен,
Бузукчулук Алаңды,
Жойпурланып кеп айтып,
Мурун айтпай саламды.
Көкчө абамдын зайыбы,
Акеркеч жецем уйдебу?
Кытайдан келген Алмамбет,
Каралап үйдө жүрөбү?

Алтын наалы, жез өкчө,
Айдаркандын эр Көкчөгө,
Катуу тийип кептери,
Айланып көңүл кеткени.
Акеркечтин кебине,
Айланып эми көнөбү.
Азып келген бир кулдан,
Арманда болуп өлбөйүн.
Ага-инимди чогултуп,
Аңдап муну көрөмүн.
Акеркечке ишенбей,
Ант урган кулду көмөйүн.
Казактан чыккан ата уулду,
Алды Көкчө чакырып.
Аяк башын жыйдырып,
Буудайбектин ордого,
Алтымыш киши сыйдырып.
Чоң үйдө болчу жыйынга,
Кичүү үйгө кирип сыйыптыр.
Кара аламан боз балдар,
Тышында калып шыкаалап,
Эшикте балдар калыптыр.
Буудайбектин үйүнө,
Эр Көкчө батып калыптыр,
Жуда журт тышта калыптыр.
Эл Көкчөнүн үстүнө,
Журт бийлеген барыптыр.
Күчтүү болсун шарап деп,
Күч аладан салыптыр.
Талашып алып сөз баштап,
Үлпөткө кирип калыптыр.
Бака-шака кеп болуп,
Үйгө адам жык толуп.
Масчылыктан кеп баштап,
Баатыр Көкчө көз жаштап.
Ишене албай баарыңа,
Чыгар чыкпас жан менен,
Коюп жүргөн кишим бар.
Алмамбет менен жакын деп,
Акеркеч деген катын деп.
Чыгаргыла аныгын,
Аман соодой көрбөдүм,
Алмамбет кулга калыбын.
Арамдыгы чын болсо,
Азыр кармап соёлук.
Адалдыгы чын болсо,
Андай апсана сөздү коёлук.
Ар кимде бар акыл деп,
Айткан менен ишенбей,
Аянды Көкчө баатыр деп.
Бир кишини батырбай,
Билбей айтсак жамандап,
Бизди кудай урбайбы?
Бирибиз эмес баарыбыз,
Ак болсо кантип булгайбыз.
Ага да боор бурайлы,
Алган жарың турбайбы.
Буудайбектен сурайлы,
Баталашкан немедей,
Баары сүйлөп жабылып,
Катын кандай көрдүң деп,
Буудайбекке бурулуп,
Көкчө сурап калганы.
Арак ичип бир чыны,
Буудайбек өлө мас экен.
Аңдабады Буудайбек,
Ал отурган көй төрө,
Алмамбетке кас экен.

Буудайбек анда кеп айтат.
Бузук да болсо байбичең,
Менден жакшы деп айтат.
Чын айтпасмын күнүңмүн,
Чыгаан жакшы катының.
Күндө көрүп жүрүмүн,
Байбиче билет эрини,
Баатыры билет элини.
Катыны айтып күбөлүк,
Кан Көкчөдөй баатырдын,
Калды көөнү түбөлүк.
Андай болсо эл деди,
Алмамбетти чакырып,
Азыр алып кел деди.
Азыр муну сойбосом,
Алганым болсун тул деди.
Чыйырдан чыккан мындайга,
Чыдап кантип тим жүрсүн.
Арамзаада бул кытай,
Билбеген экен өлөрүн.
Аңдабай жүргөн экен го,
Бир көрөйүн өлөрүн.
Күчүкчө сураар эли жок,
Күчөшүнүн эби жок.
Калкымда жүрдү караандап,
Катынымды арамдап.
Элимде жүрдү караандап,
Алганымды арамдап.
Жайын кытай өзүнө,
Жамандыкты мен бүгүн,
Көрсөтөйүн көзүнө.
Алмамбет кулду соёюн,
Акеркечтин өзүнө,
Азап салып коёюн.
Кытайын кармап соёюн,
Акеркечтин өзүнө,
Кыйноо салып коёюн.
Жайдак атка мингизип,
Казакка бүтүн билгизип,
Эл кыдыртып жүргүзүп.
Кааласам катын кылайын,
Каалабасам катындын,
Кара жанын кыяйын.
Алмаңды кел деп чакырып,
Алды артынан бакырып.
Кажылдашып казактар,
Канжарың сенин жашык деп.
Канжарларын сынашып,
Алмамбетти жутмакка,
Баталашып алышты.
Чабуулдан чаян Токторду,
Чоң кеңеште жоктору.
Алмамбетти чакырды,
Бачым алып келгин деп.
Ашыктырды бизди деп,
Арбын ичип шарапты,
Шашпай ичип аракты.
Элдин баары нез болду,
Эрте жүргүн тезирээк,
Токтор чаян жеткени,
Токтолбой айтып кептерди.
Көргөн соң Токтор чаянды,
Алмамбеттин жүрөгү,
Алып учуп дегдеди,
Асты тынчтык бербеди.
Атама душман болордо,
Ушундай белги көргөмүн.
Кастарын тиккен кан барбы?

Ма жамандык издээр жан барбы?
Урунарга тоо чыгып,
Урушарга жоо чыгып,
Узак жумуш болгон го.
Айтышарга доо чыгып,
Алышарга жоо чыгып,
Арбын жумуш болгон го.
Эгей, Шыгай кой баатыр,
Көкчө жыйып алган го.
Ар иш ойлоп Алмамбет,
Аярланып сактанып.
Бадышалык бөркү бар,
Башы бапик алтын чок.
Казактан кастык болот деп,
Кан Алмаңда капар жок.
Ар тарапты бир карап,
Алмаңдын көзү жайнады.
Кытайды келсе кыйрат деп,
Кыйындар айткан мындай кеп.
Казат кылат экен деп,
Кан Алмаң алды оюна.
Өлтүрөт экен мени деп,
Өзүнө жуутпай боюна.
Акылга албай ар неме,
Аны кайдан ойлонсун.
Арамдык менен иши жок,
Ачык жолу шар неме,
Эсине албай эч неме.
Эр Алмамбет киргени,
Эшиктеги ак таяк,
Эстердин Бөкөсү,
Эшик ачып ийиптир.
Салам айтып билерге,
Эшиктен келип эңкейип.
Айбатынан Алмаңдын,
Жабырлашкан казактар.
Апкаарыша камынып,
Саламга алик алышып.
Баары турду дүрбөшүп,
Бажырашып отурган,
Баатырлык кебин сүйлөшүп.
Буудайбекти алып кашына,
Бар жаздык коюп башына.
Сол жагына кыйшайып,
Сонун жаткан тынч алып,
Жабылган казак дүрбөшүп.
Алмаңа тура бергенге,
Ачуусу келип эр Көкчө.
Ачууланып айкырды,
Адамдан башка бакырды.
Ажыдаар башын салдыбы?
Же топ арстан кирип калдыбы?
Айткан сөзүң эмне эле,
Атпай казак баарыңды,
Арбак уруп салдыбы?
Кан Көкчөдөн кеп чыкты,
Ачууланып бек чыкты.
Эр Алмамбет баатырды,
Ит кытай деп оолугуп,
Кол салчудай бек чыкты.
Кан Көкчөнүн кырк жигит,
Кырка отуруп калышты,
Ортого алып Алмаңды.
Отурууга орун жок,
Алмамбет туруп калды эле.
Төрдө жаткан Көкчөнүн,
Сол тизесин таянып,
Эрдин кесе тиштенип,

Эки жагын каранып,
Алмамбет туруп калыптыр.
Көрөргө Көкчө көзү жок,
Тетири Көкчө багыптыр.
Суук сөздүн баары агып,
Алмамбетке барыптыр.
Сурданып Көкчө калыптыр.
Кайдан жүргөн бул кытай,
Канча болгон келгени?
Келген киши кетпейби?
Кетпей жүрсө өлүмү,
Каңгыган киши кайтпайбы?
Кайтпай койсо бул элден,
Капилетке батпайбы?
Карайлаган ит кытай,
Каттам болуп жатпайбы?
Көк жал Алмаң баатырдын,
Көзүнө айтып сүйлөнүп,
Ар түрлүү сөздү салганы.
Аш кайнамдай Алмамбет,
Алда кимди айтат деп,
Айран азыр таң болуп,
Ачууландың кимге деп,
Алмаң сурай калганы.
Бир да сөзүн түшүнбөй,
Жадаганда Алмамбет,
Жайын сурай салганы.
Азыткы кулду айтам деп,
Акылы тайкы эр Көкчө,
Аягы менен Алмаңды,
Такыр түртүп салганы.
Буту менен көрсөтүп,
Бузук кул сени айтам деп,
Бурулуп Көкчө калганы.
Ойнубу же чынбы деп,
Алмамбет ойго алганы.
«Көкчө баатыр сенби деп,
Көп көрүнгөн менби деп.
Укпадым эле мындайды,
Көсөөр сөз кайдан келди деп.
Бууданым Көкчө сенби деп,
Мурунтан мындай жок эле,
Бузук сөз кайдан келди деп.
Ачуусу келип Алмамбет,
Каарланып сүйлөдү.
Эсирик сөздү басыңыз,
Алмамбет менен Көкчөнүн,
Кошулганын көрө албай,
Элиңде көптүр касыңыз.
Эр Көкчө сөздү жөндөп айт,
Элиңде элкин мен жүрөм,
Неге келди ачууңуз?
Элиңе чыккан бир күчүң,
Бул эсирген сөзүң ким үчүн.
Жамандык көрсөң жайыңды айт,
Жашырбай журтка жайып айт.
Арамдык көрсөң аныңды айт,
Опторой журтка чачып айт.
Тилим тийсе мунумду айт,
Бир күнөөм болсо билип айт.
Билалбасаң эр Көкчө,
Жамандык сөздөн жанып айт.
Көргөнүң болсо кезеп айт,
Көрө албасаң эр Көкчө,
Көөсөрлүк сөздөн кайра тарт.
Не түрлүү айткан кебиң деп,
Түшүнтө айтып бергин деп.
Алмамбет айтып сурады,

Жабыраган көп казак,
Апкарышкан убагы.
Ары баатыр, ары мас,
Айдаркандын Көкчөсү.
Азыркысы акылы аз,
Алмамбетке ичи кас.
Көкчөнүн кара сүйлөшүн,
Көөдөнү сокур, акылы аз.
Көргөзүп айткан күнөөсүн,
Кыйрыңан азган кытайсың.
Калаба салып калкыма,
Каалаган сөздү оттойсуң.
Кытайың жок бул жерде,
Кыргызга кантип токтойсуң.
Бээжинден келген кытайды,
Кайт десеңер болбойбу?
Ичинде кандай сыры бар,
Бүлүктү кытай салбасаң.
Даттанар сөзү бар болсо,
Айт десеңер болбойбу?
Кытайдан келген кысталак,
Кыйрына кетсин деп айткын.
Кет десеңер болбойбу,
Жергесине кытайдын.
Жет десеңер болбойбу,
Арам ойлуу ит Көкчө,
Көңүлгө тийчү куу сөздү,
Кайта-кайта козгоду.
Көк жал Алмаң сөзүнө,
Ачуусу келип калганы.
Атаңдын көрү ит Көкчө,
Кара жерге жит Көкчө.
Адам болбой кет Көкчө,
Арбак урар ит Көкчө.
Кара жер сорсун нээтиңди,
Карарткан кудай бетиңди.
Алмаң айтып мындай кеп,
Зорго араң токтолду.
Анда Көкчө кеп айтат:
Айтпайсыңбы көй төрө,
Азып келген кытайды,
Аңкайып карап отурбай.
Кажылдатып кытайды,
Жумуран калгын журт болбой,
Сураганың ал дечи.
Сурданбай жолго сал дечи,
Каалаганың ал дечи,
Камсыкпай жолго сал дечи.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Айныбагын ит Көкчө,
Айтканымды бер Көкчө.
Казатка чыгар касым бар,
Майданга чыгар башым бар.
Сапарга жүрөр салтым бар,
Жакындан болгон жатым бар.
Жан кыйбасам эр Көкчө,
Сага айтууга датым бар.
Каалаганым Көкала,
Камсыкканым Көк күбө.
Атыңды берчи минейин,
Анан жолго кирейин.
Тонуңду берчи кийейин,
Тойгондугун билейин.
Башымды катпай калкалап,
Басташкан жоого кирейин.
Барып мен да жирейин,
Баркыңды билип берейин.
Бадана менен тонуңдун,

Майы болсун меники,
Башы болсун сеники.
Көркөм күлүк Көкала,
Күчү болсун меники.
Күдөрүң үзүп тим калба,
Башы болсун сеники.
Адам айтар сөздү айттың,
Каалаганың алгын деп,
Кайда барсаң баргын деп.
Сураганың алгын деп,
Сурданбай жолго салгын деп.
Айтканыңдан жанба деп,
Алмамбет кармай калганы,
Ал сөздү айтып салганы.
Арстандын баскан жеринен,
Аюу жойлойт турбайбы,
Атымды сурап бул кытай,
Ата мындай кудай урарбы.
Бул сөздү айтып салганы,
Арстан Алмаң баатырдын,
Ачуусу келип оолугуп.
Кызыталак ит Көкчө,
Байкап сөздү билбейсиң,
Кара жерге жит Көкчө!
Жаалы чыгып сөзүнөн,
Жалын чыгып көзүнөн.
Атаңдын көрү ит Көкчө,
Кесейинби башыңды.
Ит кытай өзүм мен болсом,
Көкчө сенден кем болсом.
Арстан Көкчө сен болсоң,
Чапчыган аюу мен болсом.
Элиңде туруп эркексиң,
Мааланда туруп баатырсың.
Бастырып карыш сен чыксаң,
Кош бойлуу жаман катынсың.
Короолош турган коңшуңа,
Коржоңдогон капырсың.
Ачуусу келип эр Алмаң,
Бул сөздү айтып салганы.
Баш көтөрүп ит Көкчө,
Кеттиби жана калмак деп,
Көзүн ача салганы.
Алмаңды көрүп алганы.
Көрө сала кеп айтат,
Кытайды кудай урабы,
Кылганы мага туурабы.
Калмакты кудай урабы,
Катылганы туурабы.
Кет дегенде не кетпейт,
Кекенип калмак не кектейт.
Чык дегенде не чыкпайт,
Чырмалышып не ыктайт.
Мени камап отурбай,
Бергени болсо албайбы.
Балакетти салбасын,
Кесип башты албасын.
Санаасы кетип бурулуп,
Көкчө сүйлөп салганы.
Айтканыңан жанба деп,
Убадаңдан танба деп.
Бери берчи колуңду,
Көрсөтөйүн сонунду.
Алып кел Көкчө колду деп,
Алмамбет туруп кол сунду,
Кол берип Көкчө озунду,
Төшөктө Көкчө отурду.
Кармап колун Көкчөнүн,

Кан Алмамбет силкиптир.
Калбаны катуу баштады,
Силккенинен оң колу,
Үзүлүп кете таштады.
Көк сүлөөсүн кундуз бөрк,
Учуп түштү башынан.
Арак аскан отуна,
Анча-мынча чалдыкты.
Арак ичкен масыраак,
Абдан чындап тарыкты.
Кытайды кармап сойгун деп,
Көбүнө кылды жарлыкты.
Кайда кетти казактар,
Кармасынчы кучактап.
Тентиреген бул кулду,
Тез өлтүр деп бычактап.
Качпасын чыгып жылыштап,
Башын кес деп кылычтап.
Канжар менен салгыла,
Ортого камап алгыла.
Каарын салды эр Көкчө,
Отурган казак баарына.
Чогуу отурган төрөлөр,
Токтобой бою дүркүрөп,
Мас болгон нардай күркүрөп.
Алмамбет турду ордунан,
Ооздон түтүн буркурап.
Көөрүктөн чыккан жалындай,
Көздөн оту шыркырап.
Көөдөнгө урса баш жарган,
Жыгачка урса таш жарган,
Сууруп алды кылычын.
Карап турган казактар,
Канжасын колдон ыргытып,
Алмамбетке бет алып.
Капшыттан уруп кылычын,
Казактар турду калчылдап.
Алмамбеттин сүрүнөн,
Эки көз жайнап чачырап.
Башыбызды кесер деп,
Көкчө баштап баарысын,
Тындым кылып кетер деп.
Кашына келген бир жан жок,
Түтө турган тири жан жок.
Эр Алмамбет ошондо,
Жакындаган казакты,
Ылактырып ыргытып.
Жалпагы тийип шалдырап,
Канжарлар жерге төгүлдү.
Сабы тийип Алмаңа,
Канжары жерге сайылып.
Алмамбетке бериптир,
Жараткан берип каар жүз.
Ушунда турган канча жан,
Казактардын жарагы,
Тушарга чыкты карагын.
«Атаңдын көрү ит Көкчө,
Төрөсүн жыйып жайнатып,
Арагын жерге кайнатып.
Өлтүрмөк экен өзүмдү,
Эки колум байлатып.
Ошондоөткүр Алмаң ойлонуп,
Кан Көкчөсүн баш кылып,
Катарда турган кишисин,
Капилеттен кырармын.
Кан Көкчөсүн баш кылып,
Касчылыкты кылармын.
Капыр менен мусулман,

Баарына жоо болсом,
Кайда барып тынармын.
Итчилик кылса бу кылсын,
Ит Көкчөгө өчөшпөй,
Азыр сабыр кылайын.
Өлөңдүү жерди өрттөбөй,
Азыр жүрүп кетейин.
Канын жүктөп казактын,
Кор болуудан кечейин.
Эч кимине карабай,
Эшикти көздөй бет алды.
Алмамбет тышка чыкканда,
Жолугуууга бир жан жок.
Ача берди казактар,
Каар менен сүрүнөн,
Кача берди казактар.
Айрылдык калмак кулдан деп,
Ата уулдар калдып шаттанып.
Казатка минер Кылжээрде,
Үзөнгүгө бут салып,
Алмамбет баатыр аттанып.
Көңүлгө түшкөн алам деп,
Көй төрө бузду арам деп.
Эр Алмамбет ойлонуп,
Эми кайда барам деп.
Санаасы санга бөлүнүп,
Шейит кеткен энеси,
Экзер көзгө көрүнүп.
Көзүнүн жашы төгүлүп,
Ичинен келме келтирип.
Арбагың колдо эне деп,
Аттанып калды Алмамбет.
Бурала басып Акеркеч,
Астынан чыгып калганы.
Дарайы көйнөк шоодурап
Карарып көзү жоодурап.
Бурала басып Акеркеч,
«Бура тартчы аяш» деп,
Акеркеч наалып кеп айтат.
Аттанып сың деп айтып,
Акылман сөздү эми айтып:
Атага бала таарынчу,
Алыска кайда баруучу.
Агага ини таарынат,
Ар кандай кызмат кылса да,
Ага кайдан табылат.
Аны өзүң көрдүңүз,
Ата уулунун кастыгын.
Көзүң көрүп турасың,
Көкчөнүн өлө мастыгын.
Көңдөй челек неме эле,
Мурда бирөө кеп айтса,
Анын кебин сүйлөгөн.
Аталуу бала урушат,
Агалуу ини жулушат.
Айланып кетмек беле деп,
Айланышып турушат.
Ага, ини өрүшөт,
Не түрлүү уруш болсо да,
Эртеси жүзүн көрүшөт.
Өлүп калса бир-бирин,
Өкүрүп ыйлап көмүшөт.
Кылчайбай атка мингенин,
Болбойт го аяш эбиңиз.
Бир сапаркы ачууңду,
Минтпей мага бериңиз.
Азган жан кайдан жай табар,
Энеңиз калды бейкапар.

Элирген кайдан жай табар,
Мас тараса соо болор.
Калаба кылган ким болсо,
Каршыккан кара доо болор.
Акеркеч тозуп муну айтып,
Алмамбетти муңайтты.
Албарс тийген боюна,
Арстан Алмаң баатырга,
Ар нерсе түшүп оюна.
Башка адам болсо өлбөйбү,
Маа тийген шамшар кылычка,
Таянган тоом Көкчөбү.
Так куткарды кудай деп,
Алакең наалый турган жер,
Ишенгеним Көкчөбү.
Атаңдын көрү ит Көкчө,
Канткенде ичим жылысын.
Кагылайын Акеркеч,
Толгонсом жоктур өмүрүм.
Кагылайын Акеркеч,
Кайрылсам болор өлүмүм.
Ишим актан чыктым деп,
Акыры токто дебе деп,
Аман болгун жеңе деп.
Алмамбет туруп муну айтат,
Акеркечти муңайтат.
Кайрылбасы билинип,
Асили токто дебе деп,
Эр Алмамбет муну айтат.
Эркечти кошо муңайтат.
Бурулбасы билинип,
Муңканып Алмаң ийилип,
Кетмек болду Алмамбет.
Кейип турган Акеркеч,
«Жарашкан арбын элиң жок,
Жакшы айтышар эриң жок,
Же жайнаган кытай элиң жок.
Жалгыз кантип кетет деп,
Жээниң жок же тайың жок,
Баш калкалар жайың жок.
Кагылайын аяшым,
Кай жерде болор турагың.
Айтып кетчи аяшым,
Каадаланып сурадым.
Уккан, көргөн эл болсо,
Ушундай жерге бармак деп,
Уламалап сурайын.
Кайгырайын турайын,
Кадырың үчүн сурайын.
Ал сөздү айтып Акеркеч,
Айбы ургачы болбосо,
Андан чыгар көп кеңеш.
Ал сөздү угуп Алакең,
Акеркечтен башкасы,
Ар жерге барса жан дебес.
Курган кара башым бар,
Кургабаган жашым бар.
Жакындан чыккан касым бар,
Тарабас ичте датым бар.
Ышкы тийген өзүм бар,
Ыйлоодо жүргөн көзүм бар.
Арман эмей неткеним,
Ата-энемден кечкеним.
Өз элимди өрттөдүм,
Жат элимди жайладым.
Жан бурадар Көкчө деп,
Жайсыз жерди кармадым.
Батарыма тоо да жок,

Барарыма жер да жок,
Баш калкалар эл да жок.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Алаксытып куу дүйнө,
Алдайт экен дүйнө бок.
Канчалык кызмат кылдым деп,
Алакең жолго салганда.
Карарып асман бүркөлүп,
Башына алтымыш санаа
бир келип.
Күндүзү кара түн болуп.
Тозуп турган Акеркеч,
Аяшым Алмаң деп айтып,
Бурала басып толгонуп.
Көкчөдөн кетти шыйкыр деп,
Акеркеч айтты буркурап.
Алмамбет айтып бир топ кеп,
Ак терек болсо конормун.
Термелбестен көтөрсө,
Ошого жолдош болормун.
Мазарлуу жерге конормун,
Кайышпай мени көтөрсө,
Ошого жолдош болормун.
Ал сөзгө Алмаң келгени,
Тозуп турган Акеркеч,
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Катын эмес эр болсом,
Кан Көкчөдөй мен болсом,
Кантээр элем аяшым.
Даана ук айткан сөзүмдү,
Жараткан жалгыз Аллага,
Тапшырдым аяш өзүңдү.
Сая түшкөн кеп шайтан,
Артык күнөө кылсаң да,
Айныбаган шерди айтам.
Талкаласаң талыкшып,
Чарчабай турган эрди айтам.
Так ошондой эр күткөн,
Таалайы артык элди айтам.
Талаалатып жибербес,
Таяна турган эрди айтам.
Ар жерден келип жыйылып,
Ажалга сени баалашты.
Көрбөй өтүп кетпегин,
Көк жал баатыр Манасты.
Тоодон улук иш кылсаң,
Ашырганың жан билбейт.
Эр өлтүрүп кан төксөң,
Жашырганың жан билбейт.
Айдаркандын Көкчөдөй,
Акылы жок кан болсо,
Алтымышын көзгө илбейт.
Суудан улук иш кылсаң,
Кечиргенин жан билбейт.
Жамандык кылсаң жакшылык,
Келтиргениң жан билбейт.
Талабына адамды,
Жеткиргенин жан билбейт.
Кейишке салсаң кет дебес,
Бүлүндүрсөң кейибес.
Мүнөзү жумшак көл болгон,
Төгүп жатсаң бөксөрбөс,
Дарыя чалкар көл болгон.
Кагылайын аяш деп,
Кадырың билер как ошол.
Канзаада баатыр Манас деп.
Акеркеч айтып мындай кеп,

Бейлиңди билер бек ошо.
Бекзааданын баарысы,
Бетинде жүрөт жанашып,
Пир колдогон Манастын.
Кагылайын аяшым,
Көөдөнү сокур Көкчөгө,
Өзүңдөн сөздү күтөм деп,
Акеркеч турат жанашып.
Азып келген Алмамбет,
Күүлөнүп сөздү баштады.
Көкчөдөн көргөн күнүм деп,
Эми көкжалга кантип барам деп.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Көсөлгө кантип барам деп.
Кара суугa кан куйган,
Канкор Манас деди эле.
Калайыкка чаң салган,
Кабылан Манас шер эле.
Барган менен нетейин,
Башымды алып кутулуп.
Кагылайын Акеркеч,
Мен башка жакка кетейин.
Анда Эркеч муну айтат:
Наалып жүрдүң муңайып,
Мен дагы кыйын наалыдым.
Адашып келген туйгунга,
Эмики сөзгө көнбөсөң,
Тапшырам аяш тузума.
Кыргыз-казак туушкан,
Кызыр чалган мурунтан.
Таарынганың Көкчөбү,
Башынан арбак унуткан.
Көтөрө албай кутуну,
Сыймыгын баштан учурган.
Жаманын көрсө жакшы деп,
Жиндисин билбей бакшы деп.
Кагылайын аяшым,
Бул айтканың кандай кеп.
Баш койдум аяш сен үчүн,
Манаска барып тийип өт.
Башканы коюп мен үчүн,
Жакшыны жаман дегениң,
Жарабас аяш бул күчүң.
Айткан сөзүм тыңдап өт аяш,
Азат боюң чыңдап өт аяш.
Арстан Манас баатырды,
Аз имерип сындап өт.
Башынан мындай кеп чыккан,
Миң күнчүлүк бейиштен,
Бир күнкү жарык деп айткан.
Билбесе алар нени айтсын,
Кагылайын аяшым.
Теңирден ажал келгенче,
Турганың жакшы жарыкка.
Ал сөздү айтып буркурап,
Акеркеч эми басылды.
Тийсе тийип өтөйүн,
Тийбей кантип кетейин.
Кабылан баатыр Манаска,
Кантип тийбей кетейин.
Байкаармын баатыр Манасты,
Аңдаармын айткан кишинди.
Азыр кетип мен барам,
Абдан сынап көрөрмүн.
Кагылайын жеңе деп,
Ушуну айтып Алмамбет.
Коштошуп сулуу Эркечке,
Кош болгун жеңе акыр деп,

Айтканың мага акыл деп,
Арбытып жолго салган жер.
Арстан Алмаң баатырың,
Кара мылтык асынып,
Караган токой чер болгон.
Жаңгактуу жерге урунуп,
Эс алып жатып алайын.
Ат сергитип токтолуп,
Буту колду чоёюн.
Деп Алакең ойлонуп,
Кылжээрдени маймактап,
Токумун алып жайдактап.
Ак көпчүктү салынып,
Бир кудайга жалынып.
Үйдөй жаңгак түбүнө,
Кыбыланы баштанып,
Алмаң жатып калганы.
Барар жерин биле албай,
Албан түрлүү ой менен,
Алмамбет жүрдү жол менен.
Ар түркүн ойго чөмүлүп,
Энекеси Экзардын,
Сөөлөтү көзгө көрүнүп.
Кандай жерге барам деп,
Акеркечтин саламын,
Аткарайын анан деп.
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде.
Агын суу көздөй бурулуп,
Белин бекем бууду эле.
Жолумду ачкын Алла деп,
Кыбыланы баштанып.
Бир кудайга сыйынып,
Алмаң ыйлап турду эле.

## МАНАС БААТЫРДЫН ТҮШ КӨРГӨНҮ

Капкасы бийик коргондо,
Карабөрк жүрөт буралып.
Аш тамагын белендеп,
Баатырым Манас төрөмө,
Дайындап эми берем деп.
Бурала басып ийилип,
Айкөлүм турчу деп айтып.
Жанына келип жоодурап,
Колунан кармап ойготуп,
Куш жаздыгын алыптыр.
Дасторконун жайганы,
Дүйүм тамак баарысын,
Дасторконго жайнатып.
Кымызын коюп четине,
Карабөрк карап турганы.
Кабылан Манас арстан шер,
Күркүрөп анан турганы.
Кол аягын жуунуп,
Суусуна кымызын,
Кере жутуп алганы.
Дасторкондо коюлган,
Казы, карта, жая жал,
Кыя кесип четинен,
Оозго эми салганы.
Тамак ичип жайланып,
Ичкени кара чай болуп,
Ичине айыл конгону.
Ак өргөө көздөй бурулуп,

Кан Манас менен Карабөрк,
Жанаша басып кыналып,
Ак өргөөгө киргени.
Башына жаздык коюлуп,
Айкөл Манас кабылан,
Уйкуга кирди чоюлуп.
Напсиси бөлөк уйкунун,
Уйкуга мыктап тоюнуп.
Далай сонун иш көрүп,
Айкөлүң сонун түш көрүп.
Дарыя чалкар көл эмес,
Мээ кайнаткан чөл эмес.
Бөксө кара жол менен,
Адам өткүс коо менен,
Жолго баатыр салыптыр.
Туш тарапка көз салып,
Оолугуп Айкөл келатса,
Жолугуп жолдон калыптыр.
Байнеги алтын, сабы жез,
Узундугу төрт, беш кез.
Сырты калың, мизи курч,
Алкымы түз кайкаң уч,
Кандай болду бул кылыч.
Алайынчы муну деп,
Жерден Манас алганы.
Өткүрлүгү кандай деп,
Сынамакка кылычты,
Жаткан уйдай кара таш,
Кылычты Манас алганы,
Оң кол менен имерип,
Кара ташты салганы.
Шиберди кесип кеткенсип,
Шыр деп табыш угулуп,
Ташты кесип салганы.
Зардабы өтүп кылычтын,
Жерге тийип калганы.
Байланып алып кылычты,
Айкөлүң жолго салганы.
Жолдо бара жатканда,
Байланып алган кылычтын,
Арстан болуп калганы.
Артынан ээрчип Манастын,
Жолдош болуп калганы.
Делөөрүп жүрөк басылбай,
Кудай мындай бербеспи,
Деп ойлонуп эр Манас,
Дөбөгө чыгып алганы.
Астынан чыккан арстан,
Күркүрөп эми карады.
Атагы кайып болгондор,
Моюндарын сунушуп,
Таазим кылып турганы.
Кайыптын баары тарады,
Карап турса арстаны,
Зымырык болуп калганы.
Ал аңгыча болгон жок,
Ак шумкар болуп бөлүнүп,
Шакалактап ун салса,
Канча түрлүү канаттуу,
Акылынан жаңылып.
Айкөл Манас астына,
Таазим кылды жабылып.
Кукулуктап үн салса,
Куштан бөлөк үнү бар.
Кош чалгыны жаркырайт,
Конгону шумкар куш болду.
Коңгуроосу чылк алтын,
Арстан Манас баатырга,

Арбактар берип дайындап,
Адам көргүс түш болду.
Кабылан Манас арстаның,
Оң колуна кондуруп,
Ойгонуп Манас калганы.
Ойку-кайкы ойлонуп,
Оңой эмес бул түш деп,
Оюна алып калганы.
Кабылан Манас арстан шер,
Азирет тоосун жайлаган.
Ыраңы толук жаз экен,
Байлары бээсин байлаган.

Садагаң кетип калайын,
Элиме кабар салайын.
Чоң той берип элиме,
Жорутуп түштү алайын.
Деп ойлонуп кан Манас,
Элине кабар салганы.
Тойго элим келсин деп,
Отуз беш күндү болжоду.
Болжогон күндөн калбасын,
Кабар берди калкына
Кара кыргыз жалпыга.

## АРСТАН МАНАС КӨРГӨН ТҮШҮН ЖОРУТКАНЫ. ТОЙ БЕРГЕНИ

Кара кыргыз таң калды,
Кандай берген тою деп.
Же катыны эркек тууган жок,
Кандай той деп таңыркап.
Манастын кылган наркына,
Каркап жайлоо толуптур.
Күлүктүн баарын байлатып,
Сабанын баарын бүктөшүп,
Жайлоону көздөй жүктөтүп.
Элинин баары шайма-шай,
Көңүлдөрү жайма-жай.
Эңкейип сыртка конуптур,
Кандай той болду экен деп.
Казандай селде чалынган,
Бир кудайга жалынган,
Кожо келди бул тойго.
Каны, беги аралаш,
Кошо келди бул тойго.

Теспени беш маал кармаган,
Молдо келди бул тойго.
Күрсүлөрүн байланган,
Күркүрөгөн балбандар,
Чогу келди бул тойго.
Кулду журтту бийлеген,
Зардалдар келди бул тойго.
Арстан Манас Айкөлүң,
Тоюн баштап салыптыр.
Ар өнөрдөн чыгарып,
Аңгеме куруп салыптыр.
Үч жүз жылкы, бир миң кой,
Байгесине койгону.
Чабуучу аттын баарысын,
Коконду көздөй айдатып.
Багыштын аты Суркийик,
Басканына мал жетпей,
Желгенине жел жетпей,

Катуу чуркап алыптыр.
Сайылган тууга бир тийип,
Көп күлүктөн чыгыптыр.
Көтөргөн тууну жыгыптыр,
Байгесин Багыш алыптыр.
Намаза бирге кыргыз деп,
Ортого Багыш барганы.
Кыргыз-казак кыпчактын,
Майдан жүрбөй бычагы.
Барган журтту коноктоп,
Аппак болгон май тартып.
Шербет менен бал берип,
Казы менен жал берип,
Канча түрлүү май берип.
Суусунуна ичсин деп,
Кандыра кара чай берип.
Өзгө журт тарап калганы,
Алкышын айтып Манаска,
Айкөлдүн кылган иши деп.
Бөлөк бөтөн эл тарап,
Бөлүнүп жолго салганы.
Айкөл Манас баатырдын,
Өзүнүн эли калганы.
Кырк баатырдын баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Чакырып алды баарысын,
Бай Жакып баштап карысын.
Он эки канат ордо үйгө,
Жалпы аламан киргизип,
Карабөрк чыгып буралып,
Кабарын эми угалык.
Төрдө отурду карысы,
Төгөрөк тартып баарысы.
Кырк чанач кымыз киргизип,
Эр башына сундуруп.
Сары аяктан тийгизип,
Коноктон арткан шербет бал,
Кошо кирди казы жал.
Тамак-ашка тоюшуп,
Аңгеме сөзгө киришти.
Оюна келген сөздү айтып,
Аңгеме сөзүн сүйлөштү.
Кажылдашып калышты.
Кабылан Манас кеп айтат:
«Аңдасаңар деп айтат.
Акылы терең арстандар,
Кылыгы башка кыйындар.
Кыла турган ишим бар,
Жоруй турган түшүм бар.
Бөксөдө улуу жол менен,
Бастырып мен келемин,
Аккула ат экен мингеним.
Жайма жай бастырып,
Жалгыз жолго киргемин.
Ичке жолдун четинде,
Кызымталдуу бир кылыч,
Көзүмө жакшы көрүнүп,
Жолдон алып алгамын.
Байнеги алтын, сабы жез,
Көрүндү жолдон мага кез.
Сырты калың өткүр миз,
Учу кайкы, мойну түз.
Сынамакка кылычты,
Колума кармап имерип,
Кара ташты чаптым тез.
Ташты чапсам шыр этти,
Чапкан жерден кара таш,
Ортосунан бөлүндү.

Курч экен деп алгамын,
Кубанып кынга салганым.
Байланып алып белиме,
Кубанып жолго салганым.
Эт жүрөгүм түрсүлдөп,
Бастырып жүрүп калганым.
Салмактанды бир паста,
Кылчайып жаным карасам,
Салаңдап жерге жетиптир,
Боосу узарып кетиптир.
Учу жерге тийгени,
Тийген жерин чийгени.
Кылычым көзгө көрүнбөй,
Башка түргө киргени.
Кыйшык айткан сөз болбос,
Арстан болду маа жолдош.
Алтындан нокто катыпмын,
Туш тараптан аң көрсө,
Күркүрөп арстан качырат.
Ай талаанын бетинен,
Алдымдан чыкты бир дөбө,
Дөбөнүн чыктым башына,
Арстаным жолдош кашымда.
Күн батышты бир карап,
Күн чыгышты бир карап,
Арстаным турду кашымда.
Күн тарапка бир карап,
Түн тарапка бир карап,
Арстаным турду күркүрөп.
Туш тараптан айбанат,
Төгүлүп келди дүркүрөп.
Жан-жаныбар жыйылып,
Дөңдө жалгыз өзүмө,
Таазим кылып жүгүнүп,
Тегеректеп турганда.
Уруксаат берип тараттым,
Жай-жайына караттым.
Айбанат тарап калганы,
Алиги турган арстаным,
Ак шумкар болуп калганы.
Кукулуктап үн салса,
Куштан бөлөк үнү бар.
Кош чалгыны жаркылдап,
Көз уялат караса.
Текөөрү болот, көк жал бут,
Темингенин куткарбас.
Кабагы бийик, көзү үңкүр,
Талпынды канат каккылап.
Ачуу чыкты дабышы,
Асманды көздөй барпылдап.
Алп каракуш баш болуп,
Зыярат кылып калкылдап.
Жайнаган түркүн канаттуу,
Астына келип жыгылды.
Бул дүйнөнүн жандарын,
Койбодум деп ойлодум.
Кондурган бойдон колума,
Ошол түштөн ойгондум.
Жоруңар деп ошону,
Кылыч – арстан түшүмдү.
Айтты түштүн жөндөрүн,
Арзан эмес бул түш деп,
Акылмандын баарысы,
Айраң азыр калышты.
Акылдарын бөлүшүп,
Абдылданын көзүнө,
Айнектен тунук көрүнүп.
Угулган экен мурунтан,

Узактан келген канча жан.
Дайын болгон далайдан,
Арстан Алмаң Көкчөгө,
Келди деген сөз чыгып,
Айтып келген далай жан.
Какандын болгон каны деп,
Кара баштуу пендеден,
Адам жеңбес аны деп.
Алиги турган көй баатыр,
Бирин бири көздөдү,
Баарысы батпай токтолду.
Көрүнгөн кебин айта албай,
Тегерете көз салып,
Ажыбай турду октолуп.
Билинди айткан түшүңүз,
Оңолгон экен ишиңиз.
Оолуккан экен сени издеп,
Ойдогу азиз кишиңиз.
Кытайга намыз бербеген,
Кылымдын алы келбеген.
Кыйындары жыйылып,
Кырылышып калган дейт.
Ооматы кытай элинен,
Оодарып пенде жеңбеген,
Кара баштуу пендеден,
Кашкая жалгыз-эр деген.
Катылган пенде жеңбеген,
Түпкү атасы Чылаба,
Намызын колдон бербеген.
Берки атасы Солобо,
Адам уулу жеңбеген.
Өз атасы Соорондук,
Бийликтин турган башында.
Соорондуктун кошуну,
Кызмат кылган кашында.
Соорондуктун Алмамбет,
Согуш кылып кытайга,
Он сегизде жашында.
Айдыңы тийген өзгөгө,
Айтса сөзүн узартып,
Арбак болгон Көкчөгө.
Кызмат кылган аянбай,
Пайдасы тийген өзгөгө.
Кылган иши узарып,
Кызыр болгон Көкчөгө.
Жаманга башы чалынып,
Жайын билбей казактар,
Эр Көкчөгө таарынып.
Өткүрлүгү башкача,
Айтканына бек турган,
Убада сөздөн тайбаган.
Айбаты бар арстанын,
Арстан сенин жолдошуң.
Алмамбет келип сиз жакка,
Аркасы тийип кыргызга.
Ак шумкар болсо кушуңуз,
Душманга тийген мушуңуз.
Канаттуулар жыгылып,
Астыңызга келгени,
Как өзүңө сыйынып.
Сыймыктуу эрлер баш ийип,
Сыйынат экен өзүңө.
Кайыптын баары сыйынып,
Көрүнөт экен көзүңө.
Бу дүйнөдө жолдошуң,
Аа дүйнөдө колдошуң.
Келет экен өзүңө,
Алмамбет арстан жолдошуң.

Ал сөздү айтып Ажыбай,
Баштап колун көтөрүп,
Бата кылып кол жайып.
Бай Жакыптын баласы,
Кабылан сындуу Манасы,
Кабылан Манас баатырдын,
Көңүлү өстү жетилип,
Көшүлүп бою жетилип.
Алмамбет келип эмеле,
Калгандай болду сезилип.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш,
Кашкайып чыгып алганы.
Карк алтындан дейилде,
Кабылан Манас көк жалың,
Ажыга жаба салганы.
Арзысам киер башына,
Алтын жыга таажысын.
Аманат жаның аманда,
Айтар сөздөн акылдан,
Алдырбайсың Айкөл деп,
Жанын тирүү турганда.
Жаактуу адам жанашпас,
Таалайыңды эч ким талашпас.
Бийлик тонду алдың деп,
Бий болдуңуз Ажым деп.
Тон кийгизди өзүнө,
Курсант болуп сөзүнө.
Ажы бий болду атанып,
Бай Жакып баштап баркылдап,
Баарысы күлүп шаңкылдап.
Ажы акең чыкты шаңкылдап,
Алтын тон кийип жаркылдап.
Куш келди Манас багыңа,
Кубаныч келди баарыңа.
Жай өтүп, күзгө тартканы,
Касиеттүү кыргыз журт.
Жайлоонун көрүп үзүрүн,
Жайкалып куунап жатканы.
Кабылан Манас баатырың,
Элинин көрүп үзүрүн.
Эриккенде аң уулап,
Кырк жигитин ээрчитип,
Кабылан Манас жатыптыр.

## АЙКӨЛ МАНАС КЫРК ЖИГИТИН ЭЭРЧИТИП САЛБЫРЫНГА ЧЫККАНЫ

Айкөл Манас кабылан,
Таң кашкайып сүргөндө,
Жерге жарык киргенде.
Кырк чоросун ээрчитип,
Кара нардан отузду,
Комдоп-чомдоп тарттырып.
Арканы жибек болсун деп,
Шай колдогон эр Манас,
Баяндап айтып салганы.
Камылгасын бүтүрүп,
Ак келтени асынып,
Аттанып чыгып калганы.
Ач кыйкырык жаңырык,
Ак келте үнү чаңырып.
Салбырынга барчулар,
Кошо чыкты жабылып.
Кырк баатыр келди жабылып,
Ата журттун баарысы,

Ар тараптан келгени.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Кыйындары барышты.
Кабылан Манас баатырдын,
Астына тура калышты.
Буйругуң барбы, баатыр деп,
Манастан сурай калышты.
Кабылан Манас кеп айтат,
Калайык уксун деп айтат.
Алты айдай бекер жүрдүңөр,
Тамактан башка олжоң жок,
Талабың тыштан болгон жок.
Эркектин ишин кылбадык,
Эки жакка жылбадык.
Кулак түрүп сөз укпай,
Айылдан алыс жылбадык.
Айтылар иш калбады,
Мылтыктын ичин дат алды.
Көтөргөнүң туу болсун,
Көк жарылган чуу болсун.
Кырк жолборсум аттанып,
Салбырынга чыгалы.
Көп бир жакшы уу болсун,
Кийик издеп аң уулап,
Тоону басып кадуулап.
Курбудан кулжа аталы,
Адырдан аркар кубалап,
Буюрганын аталы.
Аркар менен кулжанын,
Этинен биз да таталы,
Арзыган жерге жаталы.
Кудай берсе олжо бар,
Курбудан кулжа аталы.
Куюлган аркар кубалап,
Кубанычка баталы.
Тамаша болор мунуңар,
Кара өтөктүн төзөңү,
Чытырмандуу жер болот.
Бугусу уйдай жайылган,
Чокуга мүйүз тагынган,
Алтымыш айры бугу бар.
Бугудан атып буктайлык,
Талаага көнгөн курган жан,
Бүкүлү жатып уктайлык.
Аркардан атып буктайлык,
Аттанып көнгөн курган жан,
Арбытып сөздү козгобой,
Айдарымды бет алып,
Аякты чечпей уктайлык.
Жан казанды алалы,
Аркардын этин салалы.
Жан казан ашын сагындык,
Жай билбеген катынга,
Жакшы эле жатып багындык.
Анжыян, Алай арасын,
Басып тоонун дарасын.
Не түрлүү токой чери бар,
Жан жүрбөгөн жери бар,
Кабылан жолборс шери бар.
Мээнет кылган азамат,
Мээнети кайтар жери бар.
Аттанып чыгып көрөлүк,
Аңдын абдан кызыгын,
Асман, күндүн ысыгын.
Калкына Манас кеп кылды,
Карысы Бакай, Кыргыл чал,
Уу кыларын эп көрдү.

Кырк чоро менен жүргөндө,
Урунарга тоо да жок.
Жоо ордуна аң уулап,
Жоолашууга жоо таппай,
Бармак болду кабылан.
Кырк чоросун ээрчитип,
Даяр турган акырга.
Буудандары байлалуу,
Жоо-жарагы жайма жай.
Уруш болсо кокус деп,
Бирден тулпар байлалуу.
Жем үзүлбөйт ар аттан,
Жем баштыгы манаттан.
Буудандардын өзүнө,
Үртүгүн торко жаптырган.
Ар бир тулпар мойнуна,
Алтындан тумар тактырган.
Кандагай менен каптаган,
Чарайна менен чаптаган,
Бууданды башка чаппаган.
Кара боюн каптаган,
Туягынан башкасы,
Баары күмүш түймөлүү.
Үртүктөгөн бууданга,
Жанынан өтсө ок өтпөйт.
Өрт кечкенде чок отпойт.
Зоот менен кыягы,
Аң уулап ууда жүрсө да,
Жортуулда жүргөн сыягы.
Огу менен дарысын,
Обу жок алып баарысын.
Төрө Манас жолборстун,
Төрт миң болуп жолдошу.
Бастырып чыгып калышып,
Бадандын белес жеринен.
Кызык кылды чуулашып,
Төрт күнү кийик уулашып.
Он эки бугу айры атып,
Текесин таштан кулатып.
Төрт күндүн ичинде,
Сегиз жүз кийик кулатып.
Терисин кайыш кылышып,
Эртеси таң сүргөндө,
Күн чыгыш көздөй жылышып.
Анжыян, Кашкар арасы,
Аркайган Ала-Тоо болуп.
Ала-Тоонун бийиги,
Арбын экен кийиги.
Эки күн өргүп жатышып,
Капкара болгон кулжадан,
Сексен төрттү атышып.
Маралын кошуп бугу атып,
Бет алганын сулатып.
Мастан аюу дегенден,
Тогузду атып кулатып.
Жолборстон атып алтыны,
Бугунун атып семизин.
Илбирс менен чөө атып,
Ийри моюн төө атып,
Баатырлар жолго салганы.
Кара-Кулжа атанып,
Жер атагы калыптыр.
Бастырып чыгып кыраандар,
Ала жууку уч ташка,
Ашып түшүп барыптыр.
Анжыян башын айланып,
Ашып түшүп алыптыр.
Ар сонундун терисин,

Салаңдата байланып.
Аркардан тандап атканын,
Жан казанга салышып,
Абдан канып тоюшту.
Бугунун жешип жаясын,
Буктары эми тарасын.
Талаа-түздө токойдо,
Өлүүсү чирип дөң болгон,
Өрүгү чирип көң болгон.
Жер кайыбы өм болгон,
Алчасы чирип дөң болгон,
Алмасы жатып көң болгон.
Саян жайлак ара кол,
Алардын аңын уулашып,
Айгайлашып чуу салып.
Аралдын башын чабыттап,
Ылдый түшүп эңиштеп.
Тоонун башын сакташып,
Буудандарын бапташып.
Күндө кийик атышып,
Тамашага батышып.
Күн өтүп күнгө созулуп,
Он беш күн толук болгондо,
Ашып түштү Чаначты,
Күн жүрүш жагын караштты.
Бөксөсүн көр, сазын көр,
Бөлүнүп учкан казын көр.
Коктусун көр, төрүн көр,
Бөлүнүп учкан куусун көр.
Ат жортпогон тулаңы,
Туптунук кашка булагы.
Жетиген жагын караса,
Жери чыбыр, майда адыр.
Эңкейип андан түшкөндө,
Кокту колот агын суу,
Көтөлөк деген жер ушу.
Көрдө муну көй баатыр,
Калмактын койгон аты деп,
Катуу күлүп эр Манас.
Калмактын атын жоёлу,
Башка ат таап коёлу.
Керүү сай деген не болот,
Олуттуу жакшы жер экен,
Тегереги кең экен.
Аккан кашка суусу бар,
Адам турар жер экен.
Айланасы аска тоо,
Короодой болгон жер экен.
Анда Бакай кеп айтат,
Талас болсун деп айтып,
Бул Таластын ээси,
Манас болсун деп айтып.
Баары сүйлөп салганы,
Абамдыкы макул деп,
Бул айтканың акыл деп.
Калайык кабыл алыптыр,
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калыптыр.
Баатыр Кошой абаңа,
Туу байлатып алган жер,
Боз байталды сойгон жер.
Манастын жаткан жери ошо,
Бото мойнок жайык төр.
Айтылган бото мойнокко,
Кабылан Манас арстаның,
Төрт күн орун алыптыр.
Эртең кетер эр Манас,
Эригип чыгып калыптыр.

Кайтсакпы деп ойлонуп,
Көк жайык өзөн Чүй жакка,
Көз учунда мунарык,
Көз жетпеген тунарык.
Тазкара учса шашкандай,
Таңдайы кургап качкандай.
Таз адам барса жазганбай,
Маңдайы күйүп качкандай.
Томуктай болгон тоосу жок,
Кашыктай болгон кары жок.
Караган жыгач талы жок,
Кара бута шаары жок.
Айкын талаа Сары өзөн,
Оюна көзүн салыптыр.
Жейрени койдой жайылган,
Жерин көрүп жактырып,
Жердебей турган жер бекен.
Мелтиреген түз талаа,
Топтоп чыккан камышы,
Арбын экен алышы.
Дыйканчылык иш кылса,
Толуучудай капшыты.
Ичинен ойлоп сүйлөнүп,
Кабылан Манас күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.

## АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН КӨКЧӨГӨ ТААРЫНЫП ЖОЛГО ЧЫККАНЫ

Кабылан Алмаң жол салып,
Кайрылып келген Көкчөгө,
Кадырлаш болуп алсам деп.
Кызматын кылып көптөгөн,
Кыйшык ишке барбаган,
Кызматын элге арнаган.
Төрө менен бийлери,
Чагым салып ортого.
Кара баштуу пендеден,
Катынга кароо неме экен.
Кабылан Алмаң баатырдан,
Айрылары эп экен.
Сары-Арка деген жеринен,
Салтанаттуу элинен.
Казактан чыгып кайрылып,
Кадырлашы Көкчөдөн,
Каргаша болуп айрылып.
Күн батышты алып маңдайга,
Тили кургап таңдайга.
Жалгыз аяк жол менен,
Жөнөп калган кези экен.
Эскиси түшүп эсине,
Эркин дүйнө, жалган жай,
Эч көрүнбөй көзүнө.
Жалгыздык түшүп башына,
Кайрылбай жолго салганы.
Ат чалдырып албастан,
Кайрылып жолго калбастан.
Аттанып чыкты жол алыс,
Арманын айтып кыңкылдап.
Күнү-түнү алты күн,
Бел чечпей жолго салганы.
Капчыгайлуу өзөнгө,
Кайрылып Алмаң калганы.

Ичине толуп арманы,
Арча, четин жыш токой,
Аралап кирип барганы.
Асынган кара мылтыгын,
Колуна Алмаң алганы.
Чытырман токой четинен,
Чоң кайкынын бетинен,
Кулжаны көрүп калганы.
Ат үстүнөн Алакең,
Милтени колго алыптыр.
Оттук менен от берип,
Өпкө боор тушу деп,
Алмамбет басып калганы.
Кара мылтык күр этип,
Кулжа кетти куланып,
Ичинен Алмаң кубанып.
Чоң түп четин түбүнө,
Алмамбет түштү буралып.
Кыл жээрдени жайдактап,
Аса бай лап маймактап.
Жонунда кийген чопкут тон,
Жонунан алып таштады.
Кулжаны көздөй басканы,
Өлүп жаткан кулжанын,
Башын кесип таштады.
Шыйрактан кармап имерип,
Чечинген жерге келиптир.
Кестигин алып жанынан,
Сыйрып эми салганы.
Семиз экен кулжа деп,
Жан казанга салганы.
Арча четин аралаш,
Отунун жагып салганы.
Тоюнайын акыр деп,
Чүйгүндөп этин салганы.
Чалдырайын атты деп,
Кылжээрденин жүгөнүн,
Башынан сыйрып алганы.
Коё берип жашаңга,
Алакең жатып калганы.
Кылчактап карап Кылжээрде,
Алмаңдан алыс кетпеди.
Салган эт бышкан экен деп,
Жан казанды чыгарып,
Тамактанып калган жер.
Көпчүгүн салып алдына,
Ээрин башка коюптур.
Кылжээрдесин жанына,
Бош агытып коюптур.
Окуранып Кылжээрде,
Жанаша жатты Алмаңа.
Чаалыгып келген кабылан,
Бут серппей катуу уктады,
Кылжээрде жандан чыкпады.
Чаалыгып келген Алмамбет,
Шашкеге чейин уктады.
Көбүнөн калган аз болуп,
Тобунан азган кас болуп.
Эр Алмамбет баатырдын,
Койну толо жаш болуп.
Бараарына жери жок,
Батарына эли жок.
Алмамбет наалып жөнөдү,
Тоо түгөнүп уч болуп.
Жол түгөнүп түз болуп,
Суу түгөнүп чөл болуп.
Күн жүрүш жагын караса,
Тоо басайып бел болду.

Жол үч жакка бөлүнүп,
Алмамбет карап дел болду,
Агып жашы сел болду.
Көз чаптырып караса,
Жайылып жаткан мал да жок.
Бастырган тирүү жан да жок,
Айыл сурар адам жок.
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Жолго кирди жээлигип,
Жазганы болсо көрөйүн,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Деп Алмамбет толгонуп,
Үч айры жолдун бирөөнө,
Алмаң түшүп алганы.
Өрдөшү кара коо болуп,
Күн жактан Ала-Тоо көрүп,
Ойдуңду көздөй бурулуп,
Оолугуп ичи тутанып,
Кара кырчын кара суу,
Капталган жери мына ушу.
Ийрилип аккан кара суу,
Жээги токой кырчындуу.
Төрт канаттуу чалагар,
Султан Алмаң караса,
Суу кушунун баары бар.
Ызылдап учкан ызгыт бар,
Учуп качат башка куш,
Алмамбет болгон ага туш.
Канаттуунун баары учуп,
Катуу учуп дүрүлдөп,
Канаттын күүсү күрүлдөп.
Эр Алмамбет баатырың,
Аттатып кара суулардан,
Ызылдаган чуулардан.
Асты эми кутулбай,
Көңүлү кирдеп дат болуп.
Медери кетип белинен,
Кужуру келип курушуп,
Кыжыры келип кырданып,
Кыраан Алмаң сурданып.
Суу көтөрбөй сиркеси,
Ызгытка айткан бир сөзү.
Ызылдаба ызгыч деп,
Какшыган чөлдө бүтүпсүң.
Канаттуудан сен жалгыз,
Кара баштуу мен жалгыз,
Кайры жок элге бүтүпмүн.
Кылдым кыйла пайданы,
Кызматым жерге житипмин.
Жумуру баштан мен жалгыз,
Курган элге бүтүпмүн,
Куруп келем мен жалгыз.
Кубаныч кетип соолду,
Учураган адам жок.
Манастын жайын угарга,
Ушул жерде мен өлсөм,
Кишим тургай жанымда,
Улуп калар итим жок.
Мына ушу жерде мен өлсөм,
Маана кылар итим жок.
Айбандан жалгыз атым бар,
Аллама айтар датым бар.
Адамдан жалгыз өзүм бар,
Армандуу айтар сөзүм бар.
Айланып келип башыма,
Не үчүн тиер өчүң бар.
Оору тийбей соо жүрүп,

Кайратым кеткен кезим бар.
Жолумду тозуп торгобо,
Айдаркандын Көкчөдөй,
Жалгызсың деп кордобо.
Ал сөздү айтып далдайып,
Эки буту салайып,
Ачкалыктан шалдайып.
Ал сөздү айтып турганда,
Алмамбетке бул ызгыт,
Келип тийди күүлөнүп.
Атаңдын көрү дүнүйө
Арбыды мээнет күнүгө.
Ызгыты келип бир тийсе,
Нөөкөр болсом Көкчөгө.
Кытайдан келген кулсуң деп,
Кекээрин салып сүйлөгөн,
Күйүп кетем ишине.
Күйбөгөн жерим күл болуп,
Арманым ичке жык толуп.
Айдаркандын Көкчөсүн,
Айтканына бук болуп.
Туңшасында турганда,
Журт сураган бир далай.
Каңгайдан келип айланып,
Санаасы санга бузулуп.
Таноосу кетип кыпчылып,
Ачкалыктан Алмамбет,
Кара тер бойдон сызылып.
Кайрылып келген каркы бар,
Жоого кыйын салты бар.
Коломсокко кол салды,
Ошо кушка ок алды.
Киричке окту салыптыр,
Телпилдеген ызгыч куш,
Чыйылдап келип калыптыр.
Алмаңдын көргүн санатын,
Ызгычты атып канатка,
Канатты огу сындырып,
Ызгычтын жанын тындырды.
Тегеренип кырданып,
Ызгыч жанга жыгылды.
Ызгычты Алмаң көрмөккө,
Эңип алды эңкейип.
Бул макулук байкуштун,
Чалгыны сынган экен деп,
Жабыштырып салганы.
Бар болгун деп көтөрүп,
Коё берип салганы.
Үч айланып толгонуп,
Канатын күүлөп алганы.
Кош болгун деп айткансып,
Ызылдап үндү салганы.
Айланып учуп калкылдап,
Тобуна кетип калганы.
Мунун да бардыр арманы,
Деп Алмамбет ойлонуп,
Жолуна эми салганы.
Берсе кудай жолумду,
Чечейин өлүм тонумду.
Деп Алманбет ойлонуп,
Аралдан чыгып алганы,
Боз жерге келип калганы.
Ошо келген боз жери,
Ушу күнү дагы бар.
Ак Эрмендин ою дейт,
Ашмаранын бою дейт,
Алмаң карап турган жер.

## МАНАС АЛМАМБЕТ КЕЛЕР ЖОЛДУ КАРАП, АКМАЛАП КАРАП ЖҮРГӨН ЖЕРИ

Кабылан Манас арстаның,
Бото-Мойнок белине,
Боз адыр артуу жерине,
Аккула минип болкоюп,
Арстан эр кырда зоцкоюп.
Туш-тушун байкап алыптыр,
Баатырың көзүн салыптыр.
Аңдап көрсө көз салып,
Аркардан бөлөк жанда жок,
Мал айдаган адам жок.
Бөрүдөн бөлөк айбан жок,
Маралдан бөлөк малдан жок,
Бараандан чыгар жандан жок.
Кудугу жатат кайнаган,
Куланы жатат жайнаган.
Адамы жок жер эле,
Туш-тушу токой чер эле.
Жайык төзгү салыптыр,
Арстан Алмаң дардайып,
Аралдан чыгып алыптыр.
Ашмаранын боюнда,
Ак Эрмендин оюнда,
Каруу жарак карк алтын,
Келатыптыр дардайып.
Алда кандай адам деп,
Ат тону бөлөк не жан деп.
Арстан Манас кабылан,
Алыстан көзүн салыптыр,
Арстан эр айран калыптыр.
Атынын мойну бир кулач,
Айбандан бөлөк көрүнөт.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Асынганы ийнине.
Адамдан башка сүрү бар,
Айбаты арстан сүрүндөй.
Саадагы өгүз белиндей,
Салкыны төрдүн желиндей.
Алышканын жуткудай,
Анча мынча адамды,
Ат тону менен жуткудай.
Карааны дөбө бир тоодой,
Өжөрлөнсө адамды,
Өзүн кошо жуткудай.
Карк алтынга уюткан,
Каралжын ыраң тон менен.
Калдайган кара талаада,
Бөксөгө салчу жол менен.
Бөлүнүп келе жатыптыр,
Бөрү баспас жол менен.
Тула бою үпчүлү,
Капталында топчулук,
Пардашы журттан артылган.
Малакайы алтындан,
Башында көөхар диңсе таш.
Элеси көккө тартылып,
Башында жыга бөркү бар,
Падышалык көркү бар.
Кайратына жан түткүс,
Кабыландын сүрү бар.
Байкап келет алыстан,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Кызыл чаар арстан,

Кылжээрде минип сумсайып.
Өткөн менен кеткенге,
Эсине түшсө муңканып.
Албан түрлүү кеп ойлоп,
Арстанга чын болжоп.
Алдам берип кош керсе,
Аң уулап мында келишим,
Аңдасам артык бир дөөлөт.
Түшүмдө тапкан кылычым,
Кылычыма кел кылган,
Кыдырет Алла буюрсун.
Түшүмдө көргөн арстаным,
Бул Алмамбет болот ко.
Бул дүйнөлүк жолдошум,
Алмамбет эмей ким деди.
Арстан эрди байкасам,
Айттырбай эле билгени.
Кокус көрүп калар деп,
Кайра тартып жылт берип,
Кабакка Манас киргени.
Эр Алмамбет ошондо,
Кайкыга көзүн салыптыр.
Карышкырдай кылаң деп,
Түлкүдөй куйрук булаң деп.
Караанын көрүп эр Алмаң,
Кайкыда тура калыптыр.
Мерген жүрчү бет менен,
Ойку-кайкы бел менен,
Кемускелуу жер менен.
Кабылан Манас караса,
Элесин көрүп Алмамбет,
Карап калган калкайып,
Кылжээрен аты даңкайып.
Арстан Манас ойлонуп,
Алдам чындап бериптир,
Кыраандардын өзү экен,
Өзү эмес кара көзү экен.
Алыскы ишти болжогон,
Арстандын өзү экен.
Айбат менен сүрүнө,
Ааламда жүргөн жан түтпөс,
Баатырлардын бири экен.
Эңкегер далы, жайык төш,
Кармашта чыгар далдалы.
Кабылганын мерт кылып,
Алгандардын бири экен.
Азуусу болот, уу тырмак,
Арстандардын бири экен.
Айбаты катуу, заары күч,
Кагышам деген пендеси,
Жанындан акыр күдөр үз.
Кайгырып жоодон шашпаган,
Ачылып сырын айтпаган.
Жолдош болуп кезиксе,
Бүткөндөй болуп көрүндү,
Эр Манастын мүдөөсү.
Абдан көрүп айкөлүң,
Саатына толуп калганы.
Аа кудайлап жалынып,
Көмүскө жолго салганы.
Алмамбетке көрүнбөй,
Аккула менен аргытып.
Сүйүнгөндөн эр Манас,
Өзүнүн боюн жыйнабай,
Өңүрү кеткен жалпылдап.
Жоого сүрдүү жолдошту,
Жолборсту кудай берди деп.
Сүйүнчү деп бакырып,

Кырк чоросун чакырып.
Сөз айтамын туюнчу,
Төрөлөрүм сүйүнчү.
Баабадин деп бакырып,
Кудайым чындап бериптир.
Баштап жүрсө барааным,
Калкымда жүрсө карааным.
Бетимде жүрсө медерим,
Белиме таңуу кемерим.
Түшүмдө алган кылычым,
Таалайга бүткөн ырысым.
Түндүктү тирээр түркүгүм,
Жолдо жүрсө жолдошум.
Жоголоор жерде колдошум,
Жоо качырса жолборсум,
Өмүр сүрсөң жолдошум.
Алмамбет келет мен көрдүм,
Ар мүнөзүн айбатын,
Арстанга тең көрдүм.
Кетирбей алып калалы,
Кебин кылгын көй баатыр.
Аздырбай алып калардын,
Акылын кылгын көй баатыр.
Айрылып калып Көкчөдөй,
Арманда болуп өксөбөй.
Жергеңде жүрсө жектебей,
Орду жок жаман иш кылса,
Осол көрүп кектебей.
Батырар жагын айткыла,
Чоголдук кылса көтөрүп,
Өжөрлүк кылса өткөрүп.
Кейишке салса кечирип,
Кеткени болсо келтирип.
Өчөшкөнүн өлтүрүп,
Күтөөрдүн камын кылалы.
Булүндүрсө былк этпей,
Түтөрдүн камын кылалы.
Жарлык кылса элиме,
Тутардын камын кылалы.
Өчөшкөнүн өлтүрүп,
Жутардын камын кылалы.
Алмамбетти кетирбей,
Тутардын камын кылалы.
Алышса душман ар жерде,
Арстан Алмаң бар жерде.
Ал жетпеген душманды,
Жутардын камын кылалы.
Башын тартпас өлүмдөн,
Баатырдык жайын мен көрдүм.
Карарса кайра тартпаган,
Капырлык жайы көрүнөт.
Келе жатат арстаным,
Кейиш тартып ой менен.
Ашмаранын оюнда,
Ак-Эрмендин боюнда,
Алтындуу саадак колунда.
Аттанып чыгып жол тозуп,
Бөксөгө чыгып келгенде,
Азыр турган жол тозуп.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай.
Сырттан Сыргак, Кутубай,
Баатырдын бири булар шай.
Акбалтанын Чубагы,
Белиме таңуу беш баатыр,
Көк колот ылдый салгыла.
Арстан баатыр Алмаңа,
Көрүнбөстөн баргыла.

Жаныңарга келгенде,
Айгай салып бакырып,
Катуу үндү салгыла.
Каракчы болуп калгыла,
Найза менен сундуруп,
Кулак мээни тундуруп,
Капыстан сайып жыккыла.
Жортуулчу болуп чыккыла,
Жол боюна жыккыла.
Атын коштоп алгыла,
Айдап жолго салгыла.
«Бол жүргүн» деп шашкыла,
Ботонун белин ашкыла.
Тоноп тонун алгыла,
Астыга салып имерип,
Айдап жолго салгыла.
Кожойтуп айдап алгыла,
Калбайт тирүү жаның деп,
Коркутуп айдап алгыла.
Жүткүндүрүп алгыла,
Жүрөгүн сынап калгыла.
Алкындырып келгиле,
Акылын сынап билгиле.
Көк жайыкта жатканы,
Алты жүз сексен кишиси,
Аярланып бастырып,
Эки жүз ордо салгыла.
Кырк бешиң жөнөп төш жакка,
Ат өткөрүп баргыла.
Кыркың кызык ойнотуп,
Чатыраш ойноп калгыла.
Тогуз-онуң биригип,
Тогуз коргоол алгыла.
Он, он бешиң жыйылып,
Топ таш, чакмак алгыла.
Он эки жигит ат алар,
Оолактап атын алгыла.
Оройду суук салгыла,
Сөөлөт куруп салгыла.
Дөөгүрсүнгөн көй баатыр,
Саламын алик албагын.
Жакшы экен деп көрүшүп,
Жалжаңдашып калбагын.
Жатканың турбай кырданып,
Жаалыңды салгын сурданып.
Которуп орун бербе деп,
Козголуп келгин дебе деп.
Сырыңды сынап толтурар,
Сырттандык кылса зыңкыйып.
Ою терең эр болсо,
Олутун таап отурар.
Баянсыз кепти сүйлөбөй,
Бабырап баарың үндөбөй.
Кыраан куштай кымпыйып,
Сыр бербестен зымпыйып.
Жок сөздү айтып чуулабай,
Адептүү болгун баарыңар.
Арстан эрдин өзүнөн,
Адеп тутуп алгыла.
Кытайдан келсе сүрүлүп,
Кара жандан түңүлүп.
Айдаркандын Көкчөгө,
Сары Аркадан Көкчөгө,
Арстан Алмаң урунуп.
Казактан калып азапка,
Чагым менен бурулуп.
Ак жеринен арстан эр,
Көкчөдөн тарткан бурулуп.

Кыргыз дагы шек берип,
Калбайлык кара мазакка.
Калктын жайын биле элек,
Калпыс сөздү салбаңар,
Капа кылып албаңар.
Арстан эрдин өзүдүр,
Көңүлү чөгөт болбосун.
Кабылан Манас эр айтып,
Бу келаткан Алмамбет,
Арстан эрдин бири эле.
Алып келгин үстүмө,
Канчалык кыйын болсо да,
Ат менен салам бердирбе.
Баш ийип айтсын саламын,
Баркын билип алармын.
Алмамбет мында келгенде,
Тула боюң күүлөбө,
Тура калып сүйлөбө.
Артык айтпай сөзүңдү,
Аңдагыла өзүңдү.
Кыл дегенди кылыңар,
Кылчаңдабай туруңар.
Кыйла кыйын сыры бар,
Байкаса көрөр сыны бар.
Сыныңды сынап билбесең,
Айткан сөзгү кирбесең.
Сырттан эрдин бир өзү,
Сызып жолго кирбесин.
Жоо бөрүсү Алмамбет,
Жолобой жолго кирбесин.
Кытайдан келген бир эрди,
Чагым салып казактар,
Кыйрынан Көкчө жиберди.
Көкчөнүн жигиттеринче,
Көтүнөн түшсөң арстандын,
Көрүнөө кырам силерди.
Каңгайдан келген бир эрди,
Кадырын казак билбеди,
Каңгытып кууп жиберди.
Как ошондой кылсаңар,
Каныңды төгөм силердин.
Кабылан Манас арстан эр,
Төрт баатырды белендеп,
Көк колотко салыптыр,
Көй төрөлөр калыптыр.
Жүз сексен ордо чийдирип,
Оюнга кирди баарысы,
Жашы менен карысы.
Айкөлдүн айткан кептерин,
Ал жерде кылып алышты,
Тамашага каныштты.
Көк колот ылдый салыптыр,
Төрт баатыр ылдый эңиштеп,
Жолун тозуп калыптыр.
Аккан жашы басылып,
Умачтай көзү ачылып.
Белден көргөн караанга,
Бет алып Алмаң бастырып.
Кылжээрде менен шаштырып,
Кабактан чыгып калганы.
Өңүп жаткан төрт баатыр,
Алма баш менен бир коюп,
Төрт баатыр атып калыптыр.
Добулбасты карс коюп,
Желегин шамал жапырып,
Туш-туштан кирди качырып.
Жакын жерден жабылып,
Кол салчудай камынып.

Арстан Алмаң баатырың,
Чил учканча көргөн жок,
Бир да карап алган жок.
Чоюн жүрөк арстанбы,
Солк этип карап койгон жок.
Айбаты арстан ач курсак,
Корко турган эр эмес.
Ар мүнөзүн аңдап бак,
Жайык маңдай, жазы төш,
Жалаяк ооз, чуңкур көз,
Жан катылар неме эмес.
Найзасы колдо кыңгырап,
Ач арстандай ыңгырап.
Тинтеси белде шыңгырап,
Жолунан азган арстанга,
Жологон пенде соо калбас.
Каарын салган төрт баатыр,
Калды токтоп баралбай.
Кезиккен менен төрт баатыр,
Бардашына болду таң.
Батынып кол салалбай,
Сундурган найза жарагын,
Арстан Алмаң баатырың.
Бастырганын карагын,
Кабагы бийик, өңү саз.
Кабыландай мараган,
Каарын салып караган.
Менменсинген төрт баатыр,
Кайратын көрүп таңданган.
Кол салса кокус кылгандай,
Койго тийген бөрүдөй,
Бирин койбой кырчудай.
Барганы менен бакырып,
Бар кайратын жыйгандай.
Кайраты мындай ким болгон,
Кайраты катуу төрт баатыр,
Катылсак түпкө жетет деп,
Төрт баатыр көрүп тим болгон.
Арстан Алмаң бастырып,
Кыйкырып барган төрт баатыр,
Кошулуп калды бастырып.
Саламын айтып шалкайып,
Кылжээрен атын кындайтып,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып.
Адам өлчөр эр эмес,
Ар мүнөзү келишкен.
Байкап көрсөң айбаты,
Манасыңдан кем эмес.
Бар кудай берген экен деп,
Телегейин тең кылып.
Баатыр Сыргак жол баштап,
Астына түштү тепеңдеп.
Ашты Мойнок белинен,
Аңдып барган төрт баатыр.
Арстан Алмаң баатырды,
Жанынан жакын көргөндө.
Айрылып калды мурунку,
Алаптап жүргөн деминен.
Калтырак басып денени,
Жалгыз ооз жайын укпады,
Арстан Алмаң кебинен.
Алиги келген төртөөнү,
Адамбы деп аңдабай.
Алда кандай жанбы деп,
Апкаарып аны карабай.
Кейпин көрүп төрт баатыр,
Кеп суроого жарабай.
Дөбөгө тиккен көп чатыр,

Жүз сексендай адам бар.
Бакылдашып ордо атып,
Чатыраш ойноп жатыптыр.
Кишисинен отуз-кырк,
Киштеге кирип калыптыр.
Чакмак топ таш алыптыр,
Курдан алып отузу,
Кумалак ойноп калыптыр.
Жатканы турбай кырданып,
Жаалданып сурданып,
Карап койгон бир жан жок.
Кандай жүргөн бир жан деп,
Капарга алган бир жан жок.
Алардан бетер кырданып,
Ак жолборстой сурданып.
Төрө Манас үстүндө,
Кыргыл, Бакай кары бар,
Кыйындардын баары бар.
Оңдоп алып борумун,
Манас менен Бакайдын,
Ортосунан коюптур.
Болор болбос орунун,
Арстан Алмаң баатырың,
Аңырайган тешиктен,
Ачылып турган эшиктен,
Аты менен келүүгө,
Айтып салам берүүгө,
Бастырган бойдон барганы.
Баатырлар атын албады,
Отуз-кырк кадам калганда,
Айткан Манас каныңан,
Төрт баатыр белен туруптур.
Ат менен салам бердирсең,
Үмүтүң  үз жандан деп.
Эт жүрөгү болкулдап,
Эми айласын таба албай,
Эстери чыгып кыпылдап,
Кара тер басып тыпылдап.
Эшигине арстаның,
Жакын жетти чукулдап.
Чыдай албай Ажыкең,
Бастырып чыйрак барганы.
Баатыр арстан Алмаңдын,
Чылбырынан кармады.
Сабагыңды карасам,
Сары алтындын кени окшойт.
Жөн жайыңды байкасам,
Дөө кызматкер бирисиз.
Кадамың арстан кут болсун,
Каалап мында келгениң.
Кабылан Манас баатырга,
Алда таалам жар болсун.
Калың кыргыз журтуна,
Каалап келип калганың,
Уюган алтын экенсиң.
Уюткулуу журтту таап,
Арстан Манас баатырды,
Ашмаранын белинен,
Кезиктирди жараткан.
Улукта болсоң кичик бол,
Каары катуу каныбыз.
Ат менен салам берсеңиз,
Калбайт ко тирүү жаныбыз.
Асили түбүн ойлосом,
Аман калбас жаныбыз.
Деп Ажикең токтолуп,
Өткүрлүк кылсаң тил албай,
Өзгөчө кордук көрөбүз.

Жамандык кылган оңбогон,
Жарлыгы эки болбогон,
Жараткан алла колдогон.
Пир колдогон шерибиз,
Жаалы катуу төрөбүз.
Жайылдык кылып койсоңуз,
Бирибиз калбай өлөбүз.
Оңой олтоң эр эмес,
Оңо турган неме эмес.
Комсо көрүп иш кылып,
Кокус өлүп кетпейлик.
Өлөңдүү жерге өрт койгон,
Өзгө жатка карабас,
Өткүр шердин бири ушул.
Кара сууга кан куйган,
Кабылан Манас шер ошол.
Кыйыгын адам биле албайт,
Кылчайып айтсаң тил албайт.
Кыйын эрдин бири ошол.
Жоо көрбөсө дегдеген,
Жоболоң уруш дегдеткен,
Жоомарт эрдин бири ошол.
Нускалуу сөздү көп айткан,
Акылмандык жайы бар.
Жоолашкан жоосу сагалап,
Туш-тушунан камаса,
Камаарап карап койбогон,
Бекемдик жайы дагы бар.
Айтканын айтса аткарган,
Жаалы катуу арстан эр,
Жайылдык кылган жайы бар.
Аясаңыз биздерди,
Кас кишидей иш кылбай,
Аттан түшүп алалык.
Арстан Манас баатырга,
Ызаат кылып бүгүлүп,
Астына анан баралык.
Эп келсе эми баатыр деп,
Ажикең айта салганы.
Алмамбеттей баатырдын,
Астынан тозуп калганы.
Кылжээрдедей буудандын,
Жылоосунан алганы,
Ажикең баштап барганы.
Эсине түшүп өткөнү,
Күндүзү кара түн болуп.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Ушундай кыйын күн болуп.
Өнөрүн көрдүм жалгандын,
Өлбөй тирүү бар туруп.
Өз журтумда иш кылган,
Өнөрүн көрдүм жалгандын.
Көтөрбөскө чарам жок,
Эми карыптык башка жеткенде.
Кандыгым колдон кеткенде,
Башыма балаа жеткенде.
Байкабай жүргөн экемин,
Пашалык колдон кеткенин.
Кайгылуу болгон жандырмын,
Башыман ишим бузулган,
Муну кимден көрөмүн.
Деп Алмамбет ойлонуп,
Түркүн санаа ой кетип.
Алмамбет басып барганы,
Кымырынып кысынбай,
Салам айтты заңк этип.
Арстан Манас, эр Бакай,
Алик алды барк этип.

Жаңы кирген Алакең,
Бөлөгүнө карабай,
Абакеси Бакайга,
Колун сунду жайма-жай.
Олуя Бакай кол берди,
Эр Бакайдан кол алып,
Арстан Алмаң баатырың,
Төр жагынан жол алып,
Жанына жетип Манастын,
Кош колун эми сунганы.
Айбат менен сүрүнөн,
Козголуп Манас калганы.
Колун берип Алмаңа,
Кол алышып калганы.
Арстан Алмаң баатырың,
Ортодон орун алганы.
Алмаңды байкап караса,
Астынкы эрди айрылган,
Кабылан Манас арстаның,
Ачкалыгын билгени.
Алып кел тамак, ылдам деп,
Ашпозго айтып салганы.
Бал чайкаган кымыздан,
Бала Мажит көтөрүп,
Эки жигит киргени.
Кабылан Манас арстаның,
Буйрукту эми бергени.
Сары алтындан жасаткан,
Кеселерди көтөрүп,
Эр Сыргак эми киргени.
Бул кесенин баасы,
Отуз төөлүк баркы бар.
Баатырлардын кылыгын,
Баса куюп кымызын,
Кош колдоп аяк сунуптур.
Абакеме сунгун деп,
Алмамбет айтып туруптур.
Олуя Бакай кымызды,
Колуна эми алганы,
Эр Бакай ээгин тийгизип,
Бакай карап калганы.
Эңиле басып Жабыке,
Алмаңа сунуп калганы.
Алмамбет алып аягын,
Шек билгизбесем экен деп,
Ачкалыктын зардабын.
Аз гана жутуп кылт этип,
Өзөгүнө түшкөнүн,
Алмаң билип калыптыр.
Көзү илинип кор этип,
Көөдөндөн табыш кыр этип.
Кирпикке кирпик илинип,
Илингени билинип.
Оо дүйнө кетип тирилип,
Баш көтөрдү Алмамбет.
Көзүн ачып эс алып,
Олтурса боюн тер басып.
Ордуна келип акылы,
Ойротто жок баатырдын.
Ошондо Манас кеп айтат,
Ой Алмамбет деп айтат.
Кайсы жер болот жерициз?
Элиң болот кай жерден,
Кабарын айтып салсаң деп.
Качан мында келдиңиз,
Кайда болот элиңиз?
Жолочудай жүрүпсүң,
Жообун айтсаң угайын.

Минип турган атыңыз,
Биздин элдин малы эмес.
Кытайча турат кейпиңиз.
Кийгениңдин баарысы,
Кирерге барбы шаарыцыз?
Ачуу жеңип алыптыр,
Ач арстандай чамынып,
Ачылбастай паанайың,
Айтып эми салыңыз.
Учураштык бул жерден,
Нуркуңуз болот кай жерден?
Жүз көрүштүк бул жерден,
Түбүң болот кай жерден?
Атаңыз ким, атың ким?
Айтып берчи жөн жайың,
Ал үчүн сурап калдым тим.
Арстан Алмаң баатырың,
Ар түркүн ойго чөмүлүп,
Жообун эми бермекке,
Кожурап сөздү баштады.
Кулак салып эр Манас,
Куп тыңдады эрмеке.
Сураба ата жөнүмдү,
Журттан кечкен жалгыздын.
Мойнума алгам өлүмдү,
Жобоп жүргөн бир жанмын.
Жол суроодон не пайда,
Алымды сурар эл кайда.
Элкин жүргөн бир жандан,
Басарыма жерим жок,
Маңып жүргөн бир жанмын.
Батарыма элим жок,
Маңып жүргөн бир жанмын.
Ой жетпеген иш издеп,
Оң караган киши издеп,
Ооп келген бир жанмын.
Ат жеткисиз жер басып,
Азып келген бир жанмын.
Алымды сурар адам жок,
Баш айланып маң болуп,
Басып жүргөн бир жанмын.
Кеткенин билбей курчумдун,
Кездеше албай журтума,
Жазып жүргөн бир жанмын.
Карсак жүрбөс жол менен,
Карайлап жүргөн бир жанмын.
Кара башты өлүмгө,
Даярдап жүргөн бир жанмын.
Канчалык кылсам кызматты,
Калың журтум эп көрбөй,
Жай таппаган бир жанмын.
Калкалар кара бийик тоо,
Таянбаган бир жанмын.
Балапан учуп уядан,
Конор жерин аңдабас,
Ыгын билбей конордун,
Канатым талып жыгылып,
Ырыскым кайдан болорун,
Болжоп өзүм биле албай,
Жолдо калган бир жанмын.
Чылбырын өзгөн тулпармын,
Айланып жемди таба албай,
Айласы кеткен шумкармын.
Туңшанын оң жак четинде,
Кириштги деген шаарда,
Айт деп баатыр сурадың,
Түпкү атадан баштайын.
Түпкү атам аты Чылаба,

Соломо уулу Соорондук,
Мына ошо болот биздин жик.
Соорондуктун баласы,
Азып чыккан элинен,
Алмамабет бакыр мен болом.
Ашыгы жок сөзүмдүн,
Айтканым ушул баатыр деп.
Айталбай тили байланып,
Алмамбеттин башынан,
Акыр заман айланып.
Алмаңдын айткан сөзүнө,
Ыраазы болуп бурулуп,
Кабылан Манас сөз баштап,
Жаш имерип көзүнө.
Жарандар кулак салгыла,
Арстандын айткан сөзүнө.
Ак кар кетпес Ала-Тоо,
Ак марал кууп ким ашпайт.
Көз айныткан узун жол,
Адашса жолдон ким баспайт.
Чакырса келбес Чымачым,
Чыйрыма келип турганы.
Каалаcа келбес Каканчым,
Кашыма келип турганы.
Бактыга жазып кут түшүп,
Кудайым берип салганы.
Алладан адам күчтүү эмес,
Айланып келип кут конгон,
Калабалуу кырк баатыр,
Келип конгон бактыны,
Айтмайынча билбейсиң,
Кан тартуусуз түшчү эмес.
Каалабаса калкымды,
Өзү билер кайтуусун.
Буудандан тартуу камда деп,
Күрөөкө тондон жамда деп.
Күлүктөн бешти камдагын,
Баатырдын көөнүн жайлайлы.
Аялуу мылтык Аккелте,
Асалы баатыр жонуна.
Ошону айтып кабылан,
Ой санаага чөмүлүп.
Кош көрсүн Аллам тилекти,
Айланып калар арстан эр,
Айланып келген мүрөктү.
Албарстан учтуу сыр найза,
Берели аны колуна.
Кийгизгиле ак күбө,
Кийүүчү кийит жонуна.
Алтын саптуу ачалбарс,
Байлагыла белине.
Арзыбаса кыргызга,
Ала кетсин Бээжинге,
Каканчындуу жерине.
Кааласа кетер элине,
Калың кытай жерине.
Кашында турган кырк баатыр,
Айткандарын макул деп,
Арстан Манас кебине.
Аягы жерге тийбестен,
Элеп-желеп жүгүрүп,
Ал жерде бийдин баарысы,
Ач арстандай бүгүлүп.
Айтып оозун жыйганча,
Андай-мындай дегенче,
Ат даярдап салыптыр.
Аккуланы кындыйтып,
Астына аны жетелеп,

Топтошкон элдин баарысы,
Бир боорлошу келгендей,
Алып келгин бачым деп,
Манастын аты Аккула,
Башат кылып жетелеп.
Кулагында шамы бар,
Мандайында багы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар.
Белесте турган маралдай,
Аккуланын соорусу,
Чоң дөбөдөй даңкайып.
Алтын ээр, сырдуу каш,
Көмкөрө ээр бетинде,
Көрпөчөгө чөгөргөн.
Алтын менен барабар,
Жаркыраган көөхар таш,
Ыраакы жакын ылгабас.
Өзөгү болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал,
Бургулап ичин түздөгөн.
Аткан огу жөн кетпей,
Ажалдуу жанды издеген.
Аккелте илип кашына,
Алтын ээр башына.
Сыр найзаны сайынтып,
Алтын айчык кызыл туу,
Асабасын жайылтып,
Кылычын кындап жайлантып.
Эшик эндүү айбалта,
Астыңкы ээрдин каптырга,
Канжыгага байлантып,
Кошундун көөнүн жайлады.
Саадагын коюп дайындап,
Сапар тарткан Алмамбет,
Салтанаттуу бегине,
Тартууга койгон он бир ат.
Эр Алмамбет келгенче,
Чогулган эл козголуп,
Жалпы турду жарданып.
Арстан Алмаң баатырга,
Аты тонун бергенче,
Арстан эр үчүн сабылып.
Аккуланын үстүнө,
Ак күбө тону жабылып.
Аккуланын артынан,
Марал тору бууданды.
Казкара деген бир күлүк,
Тобу менен чогу өттү.
Ойротту бузган топ күлүк,
Сарала атын кындыйтып,
Сай күлүктү тарттырып,
Сандыргалуу Алмаңдын,
Салтанатын арттырып.
Сары улактан таптырып,
Садагасын чаптырып.
Казыначы жигитти,
Кабылан Манас чакырып.
Чоң куржунун ачтырып,
Арстан Алмаң башынан,
Кырк миң дилде чачтырып.
Карып, мискин алсын деп,
Карып менен мискинге,
Теңдеп бөлүп салганы.
Айлантып Алмаң башынан,
Кийик эти, кой эти,
Беш каранын этиндей.
Алмаңа кылган садага,

Куш тоюнду этине.
Мындай ишти кылган соң,
Казатка кийчү кымбат тон.
Кабылан Манас алыптыр,
Алмамбетке жапмакка,
Аны алып барыптыр.
Казганактап көпчүлүк,
Жарданып карап калыптыр.
Такасы бийик накери,
Аягына кийгизип,
Алмаңдын көөнүн жайлаптыр.
Арзып келген Алмамбет,
Аккан жашы тыйылып.
Санаасы тынып Алмаңдын,
Ааламды ашкан өңдөнүп.
Алмамбеттин боруму,
Кабылан Манас арстаның.
Кысыр эмди кысырак,
Тай семизин сойдуруп.
Аппак казы, кыйма жал,
Салып этин койдуруп.
Байкабай Манас бир ишти,
Тамашага киришти.
Кырк баатырдын ичинде,
Билгичтерден жетөө бар.
Артуудан артуу саясы,
Кыйынчылык иш түшсө,
Кысталган жерден сөз тапкан.
Сөзгө устат Сереги,
Элине тийген кереги.
Талкаланган сыныкка,
Дары жагып эп тапкан,
Такалган жерде кеп тапкан.
Турду Серек ондонуп,
Тамагын кырып комдонуп.
Мурунтан келген нарк экен,
Мал тааныса жан түшүш,
Баатыр сизге эми айтам,
Дарбан кылбай кан түшүш.
Эсине Серек салганы,
Атаны жакшы кеп бол деп,
Кабылан Манас турганы.
Шаңкылдап күлүп эр Манас,
Санын чаап алганы.
Ырас айтат Серегим,
Ыгы менен ар качан,
Тийип калат керегиң.
Ат чабылбай кан түшүп,
Абдан жаман мындай иш.
Кан келгенче ат чап деп,
Карап турбай бат чап деп,
Кабылан салды айгайды.
Эр Алмамбет муну ойлойт,
Карап көрдүм далайды,
Аккула Манас аты экен.
Өз жанына өлчөгөн,
Кас тулпарын мингизген,
Ашкере Манас март экен.
Ак күбө Манас тону экен,
Азырынча сүйүнүп,
Мага кылган жолу экен.
Аккелте Манас мүлкү экен,
Байкап көрсөм Сарала ат,
Мага ылайык жылкы экен.
Ыраазы болуп Алмамбет,
Ыракмат айтты Манаска.
Атына байлап тартыптыр,
Айбалта менен кылычын.

Ала келип найзасын,
Ат тонунан мен айрып,
Кетирбейин айласын.
Өспөгөн нукур жан калар,
Өз жанынын пайдасын.
Ошондо Алмаң ойлонуп,
Көй күлүктү чубатып,
Отуз бешин чыгарып,
Чубатууга салыптыр.
Ошондон кийин эр Манас,
Алмаңа айтып салыптыр.
Токтолбой кетсем бул жерден,
Токтотуп тоноп алар деп,
Токтосо токтоп калар деп,
Токтолбой койсом акыры,
Айрып атын алар деп.
Жамандыгы маа калып,
Жалынга мени салар деп.
Токтолбосом бул жерге,
Кабылан Манас арстаның,
Капа болуп калар деп.
Албагын Манас ниетиңе.
Деп Алмаң айтып турганы,
Далай сөздү урганы.
Ошондо арстан Манас кеп айтат,
Алмамбетке кайрылып:
Азгырбайын жолуңдан,
Садагаң кетип калайын.
Токтотпоюн изиңден,
Найзага таккан желектир.
Аккула атым минип кет,
Алмамбет сага керектир.
Аккелтени атып кет,
Тозбоюн сени жолуңдан,
Ак күбө тонду кийип кет.
Кагылайын Алмаң деп,
Манастын көөнүн жайлап кет.
Бара турган жолуңа,
Буудандын баарын айдап кет.
Адаммынбы, итминби,
Алмамбет сага айтарым,
Алымды өзүң билип кет.
Найзага тактым ак желек,
Азамат эрге бир белек.
Күн чыгышты бет алсаң,
Мүлдө кытай элиң бар.
Кайда тарткан пейлиң бар,
Кааласаң кайта барарсың,
Сары-Арканы жердеген,
Айдаркан уулу Көкчө бар.
Калың казак элиң бар,
Күн батыш барсаң бурулуп,
Ал тарапта арап бар.
Күн жүрүш жакка бет алсаң,
Ыспакан менен Ындыстан,
Кандай барсаң андай бар,
Ар керегиң камдай бар.
Керегиң болсо дагы да айт,
Кеңешке салып баарын айт.
Көңүлүңө алып айт.
Улук эр мында келипсиң,
Дүйнөдө тирүү бар болсоң,
Акмалап жүрүп табайын.
Азиз Алмаң сага айтам,
Тур дейт экен Манас деп,
Туюнтуп айткан бул бир кеп.
Капарыңа албагын,
Кааласаң тур, каала кет,

Капаланып камсыкпа,
Калыс болсун биздин ниет,
Деп айтып Манас токтолду.
Турам, кетем деген сөз,
Алмамбетте жок болду.
Кабылан Манас токтолуп,
Аттардын баарын айдатты.
Ат чабуучу балдарга,
Арчындап жоолук байлатып.
Көкүлүн көккө түйдүрүп,
Көздөрүн шамдай күйдүрүп,
Куйругун ылдый шуйдуруп,
Ат чабуучу балдарга,
Машаты күрмө кийгизип.
Аккулага бир бала,
Шашып минип алганы.
Ат меники чаппайм деп,
Кылжээренди Алмамбет,
Кармап алып калганы.
Чапкан атка чубатып,
Сараланы салганы.
Сай кашканын баарысын,
Айдады атты имерип.
Ат чапкандын баарысы,
Кошто калды токтолуп.
Сүрөбөйлү атты деп,
Сүрөмөсү жок болду.
Чыккан аттын пайдасы,
Не болду деп сурашып.
Ат айдаган жери түз,
Адамдын саны тогуз жүз.
Байге кайда баатыр деп,
Манастан сурап барышты.
Алмамбет менен сүйлөшүп,
Эскербей Манас калыптыр.
Баса байге кайда деп,
Кабылан Манас арстаның,
Ажыга көзүн салыптыр.
Элден түрү бир башка,
Астыга чыгып бөлүнүп,
Аттын ээси бул жерден,
Ат байгесин алар деп.
Атым чыкты алдым деп,
Чырга башын салар деп.
Камдап келген байге жок,
Кандай кылат айла жок.
Токтолуп Манас калганы,
Кысталыш жерде сөз тапкан,
Серек суйлөп калганы.
Кырк баатырдын кырк күлүк,
Кубаныч үчүн чабылды.
Айдап жүргөн малы жок,
Артынып жүргөн зары жок.
Байге кайдан табылат,
Манастын чапкан күлүгү,
Жаманчылык, жакшылык,
Башына түшсө кырк баатыр,
Манастын тарткан түлүгү.
Кабылан Манас арстаның,
Аккуладай бууданды,
Тартууга берип салды го.
Аккуланы чаптырбай,
Байкап турдуң өзүңөр,
Азыр көрдү көзүңөр,
Алмамбет алып калды го.
Талаада жургөн Манаска,
Табылсын кайдан байгеси.
Ушул кылган иштери,

Кырк баатырдын пайдасы.
Жыйырма чоро жаштардан,
Байге боло калбаспы.
Атты чапкан өзүбүз,
Макул болсо сөзүбүз.
Башканын аты алабы,
Кырк баатырдын бууданы,
Байгеге кирбей калабы.
Адамдан байге сайды деп,
Алмамбеттин көңүлүн,
Бир көтөрүп салалы.
Айткан сөзүн Серектин,
Манас угуп алыптыр.
Аты тонун талашып,
Уруштуруп жүрбөйүн.
Ач бөрүдөй буларды,
Серектин айткан кебине,
Макул, макул деп.
Жаш жигиттер бөлүнүп,
Байге болуп турганы.
Абдан келди эби деп,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Кабылан Манас баатырың,
Катуу күлүп калганы.
Эл алдына кан Манас,
Кашкайып чыгып калыптыр.
Катуу күлүп эр Манас,
Каткырыгын салыптыр.
Серектин сөзүн алгыла,
Силерди бирөө олжолоп,
Алып кетип жатабы.
Макул, макул деп,
Байге боло калыңар.

Деп ошентип оолугуп,
Манас айтып салганы.
Башчысы болуп Бозуул
Он тогуз жигит алганы.
Башкы атка сайып тогузду,
Экинчиси үч болду.
Үч атка сайды экини,
Андан калган аттарга,
Бирден бирден сайыптыр.
Тогуз аттын бирөөнө,
Байге жетпей калыптыр.
Мына мен эле байге болдум деп,
Мажит жетип барыптыр.
Ана-мына дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Ирээттенип турганча,
Аттар келип калыптыр.
Туяк тийген жерлери,
Жер очоктой казылып.
Тозоңду тоодой сапырып,
Жөө тумандап чаң болуп.
Алмамбеттин Сарала ат,
Суулугу жерге басылып.
Оозуна алы жете албай,
Эки колдоп тизгинге,
Ат чапкан бала асылып,
Астына келип калыптыр.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Алмамбет деп чуу салып,
Айгайды арбын салышып.
Алмамбеттин көңүлүн,
Билдирбей туруп кырк чоро,
Дуу көтөрүп алыптыр.

Экинчи болуп Бакайдын,
Сары кызылы барыптыр.
Үчүнчүсү Кыргылдын,
Шалк тору келип калыптыр.
Төртүнчүсү Ажыңдын,
Аксур аты келиптир.
Бешинчиси Сыргактын,
Көк казыгы жетиптир.
Алтынчысы Кутунай,
Аркарбозу алыптыр.
Жетинчиси Чубактын,
Көк текеси барыптыр.
Токотойдун торусу,
Сегизинчи барыптыр.
Тогузунчу Мажиттин,
Төөсур аты алыптыр.
Кыргыл, Бакай карысы,
Эр Мажитке кеп айтып,
Тилмеч белең атыңа,
Таанып келди деп айтып.
Каткырыгы баш жарып,
Катуу күлүп калышты.
Кайбана жүрүп сыртынан,
Шек алдырбай бир күнү,
Кетет го деп Алмамбет.
Алмамбет өзү сыр айтпайт,
Сырынын четин кыңайтпайт.
Каары катуу жан окшойт,
Карап көрсөк мүнөзү,
Касиети бар экен.
Кайрылбай бизге кеткендей,
Кандай мүдөө бар экен.
Ал сөздү айтып кай бирөө,
Муңайышып калышат.
Байгеге койгон тогузу,
Алмамбетке барышат.
Аксакалы Бозуулу,
Төрөбүз биздин Алмамбет,
Тогузубуз келдик деп.
Манаска да карабай,
Караганга жарабай.
Башкага да карабай,
Байыркы өткөн бабаңар,
Ыкыбалын карабай.
Алмамбет деп байыбыз,
Башканын аты келгенде,
Кетет эле жайыбыз.
Келгенди кошуп өзүңө,
Жигит кылып алыңыз.
Бизди алып Алаке,
Баштап жолго салыңыз.
Башканы коюп салышты,
Басса, турса Алмаң деп,
Алакелеп калышты.
Турса кепич оңдошуп,
Тунуп жыргап ойношуп.
Түшсө атын алышып,
Олтурса орун салышып.
Алмамбетке ал тогуз,
Жабышышып алышып.
Башканын сөзүн байкабай,
Кылайтып сөзүн кайтарбай.
Кыраан Алмаң баатырдын,
Кызматына жүгүрүп,
Кыя баспай бүгүлүп.
Кырк баатырдын баарысы,
Алмамбетти урматтап.
Айтар кебин айтышпай,

Алмамбетке кеп берип,
Аттанарын, турарын,
Аа дегенде бийлетип.
Бакай, Кыргыл карысы,
Манас баштап баарысы.
Кадырлашып Алмаңды,
Эбелек сары талаага,
Эки күн жатып калышты.
Кетсекпи деп дүрбөшүп,
Эр Алмаңдын үстүнө,
Эл жыйылып барышты.
Макул көрүп эп кылсаң,
Кайталы деген акыл деп.
Бай Жакып деген атаң бар,
Чыйырды деген энең бар.
Жүр десеңиз жүрөбүз,
Кой десеңиз коебуз.
Суурсаң кылыч кынынан,
Мойнубузду сунабыз.
Кыргыз урук элибиз,
Кызыр чалган эл болот.
Кылса сага жамандык,
Кырып салсаң мейлиңиз.
Кетсең мына жолуңуз,
Урматыңа жүгүндүк.
Уксак экен сөз жайын,
Жол узунун чала кет,
Кетсең мына жолуңуз.
Кашыңда тогуз баатырды,
Кайда барсаң алакет.
Эрге берген бир белек,
Эки дүйнө жүзүндө,
Калкына келдиң кыргыздын,
Кашыңа жолдош ала кет.
Калкка намыс чоң жумуш,
Чабыттап учкан шумкарсың,
Туягың болот тулпарсың.
Текөөрү болот темирсиң,
Серпкени өлгөн шумкарсың.
Көөнүнө жаксак күтөлүк,
Мактабайлык жокту айтып,
Кандай айтсаң түтөлүк.
Казак-кыргыз туугандыр,
Көрө албай сени куугандыр.
Казактай болот экен деп,
Алмамбет баатыр ойлобо.
Берилгенбиз Манаска,
Айкөлдүгүн болжобо.
Так жообуңду угарга,
Куштар болуп турабыз.
Кетсең кетип түңүлдүк,
Турсаң каалап сүйүндүк.
Буларды айтып көй баатыр,
Алмамбетти карады.
Арстан эрден көзү өтүп,
Кандай сөз чыгар экен деп,
Ажыкеңден ар түрлүү,
Акыл айткан сөзү өттү.
Тегеренип жарданып,
Карап турду Алмаңды,
Кандай сөз чыгар экен деп.
Айланта карап толгонуп,
Аттап кетсем болбос деп,
Ичинен Алмаң ойлонуп,
Сезге кирди толгонуп.
«Кантейин тагдыр ушу деп,
Сары-Арканы жердеген,
Сандаган казак эл экен.

Тогуз жылга толгондум,
Айдарканды ата деп,
Эр Көкчөнү ага деп.
Кытмырым жок ичимде,
Кабылан Манас, арстан эр,
Мен таарынып чыктым Көкчөгө.
Ичинде кыткыл бар үчүн,
Талаага кандай ит жүрсүн.
Тамтыксыз дүйнө мал үчүн,
Көрүп келдим далайды.
Бул Алакеңдин курган баш,
Көөхарга ташты теңейби?
Алакең көрүп келди далайды.
Мында турган көй баатыр,
Кошоматчы дебейби?
Баары да окшош өңдөрү.
Саргарганды алтын деп,
Санаама келип жез алдым,
Билбестиктен миз алдым.
Кошуп алдым колосун,
Алтын кылып сактасам,
Көкчөдө напси болбоду.
Үй деп кирип калыпмын,
Үстү күмбөз ак сарай,
Үйүлүп жаткан топурак,
Өлүккө салган молону.
Үч күн, үч түн отурдум,
Урматы анын болбоду,
Адамбы же айбанбы,
Мамилеси болбоду.
Ачка өлөрдө чыгыпмын,
Арстан Манас атагын,
Айтуудан жаман угупмун.
Келгенден кийин кейпине,
Айран калып турупмун.
Кабылан арстан Манастын,
Башка да барбы мүнөзү,
Бадыша экен сүйлөшү.
Ар бир жерден табылар,
Азамат эрдин дүйнөсү.
Айтып минтип турган соң,
Арстан эрди болорбу.
Алмамбеттин сүйбөсү,
Бастыргамын, жүргөмүн.
Балээсин тартып дүйнөнүн,
Батарыма жер таппай,
Баркымды билер эр таппай,
Жазып, тайып көз жумсам,
Өмөлүк көмөр эл таппай,
Тирилик болсо көрөрдү,
Көз жумсам кейип көмөрдү.
Баркын билип өнөрдүн,
Кызматка салып көрөрдү.
Талаада калбай максатым,
Таптым го деп мен турам,
Табытка салып жөнөрдү.
Ага да жок, ини жок,
Ажал жетип көз жумсам,
Айланар тууган бири жок.
Тууган болсоң көй баатыр,
Тутууга келдим мен акыр.
Жибектен алган өөнүм бар,
Жигиттен калган көөнүм бар.
Көй баатыр мени тур десең,
Ынтымак сурайм баарыңан.
Алдам берсе ынтымак,
Куусаң кетпейт ырыскы.
Мени коё салгыла,

Ынтымактуу жүрмөккө,
Бата кылып салгыла.
Абам Бакай астында».
Деп Алмаң сөзүн токтотту,
Маңдайынан нур чыгып,
Акырын сүйлөп үн чыгып.
Айланып турган көй баатыр,
Айтканында калет жок.
Акылына бали деп,
Кол көтөрүп дубага,
Олуя Бакай, Ажыкең.
Жалпы тууган көй баатыр,
Бата кылып салганы.
Алмамбет кетпес болду деп,
Кемтигим эми толду деп.
Кабылан Манас, арстан эр,
Көңүлү чалкып толгону.
Көөдөнүн керип көк жал эр,
Кемтиги жок болгону.

## МАНАСТЫН АЛМАМБЕТТИН КЕЛГЕНИНЕ ЖЕТИНЕ АЛБАЙ ТОЙ БЕРГЕНИ

Түшүндө көргөн ажайып,
Туура келип калганга,
Кабылан Манас арстаның,
Көңүлү чалкып бөлүндү.
Кетилгени толгонсуп,
Кемтиги жок болгонсуп.
Көтөрүлүп барбактап,
Кырк жигити жарданып.
Жүрмөк болду дүркүрөп,
Күлкүсү чыгып күркүрөп.
Арстан Манас жолборстун,
Бакай, Кыргыл кашында,
Алмамбет турат кашында.
Баатырлардын баарысы,
Бабырашып калышып.
Алмамбет балам келди деп,
Тилекти Аллам берди деп.
Сүйүнчүлөп жарданып,
Бай Жакыпка барганы.
Энекеси Чыйырды,
Шооратын угуп алганы.
Энекеси Чыйырды,
Эки көздөн жаш кетип,
Бүткөн бой балкып эриди.
Кабылан Манас баламдын,
Бул дүйнөдө жолдошу.
Каптаган калың жоо келсе,
Кырчылдашып кагышса,
Качпай туруп салышса.
Белине таңуу бек айбат,
Берениң Алмаң жолборсу.
Учам десе канаты,
Узакка калар санаты.
Коном десе куйругу,
Алмамбет мында келиши.
Бир Алланын буйругу,
Жоо качырса жолборсу.
Жекеге чыкса найзасы,
Чабыша кетсе кылычы.
Жаңы келди дегиле,

Жалпы кыргыз ырысы.
Атыша келсе мылтыгы,
Алмамбет арзып келгени,
Атадан артык тууган деп.
Көрөрүнө көз келди,
Көкүрөккө эс келди,
Айтууга накыл сөз келди.
Аталык дегин Алмаңа,
Он эки урук кыргызды.
Жоорунчу Бозуул баш болуп,
Алты чоро аттанып,
Жөнөп жолго салыптыр.
Самаркандын сыртында,
Эшиме кара шагыл бар.
Бээ байлап бел таш кырчынга,
Жаткан экен бай Жакып.
Малын багып күн көрүп,
Манастан келген кабарга.
Алтоо барып Жакыпка,
Сүйүнчү ата деп айтып,
Сүйлөсөк болбос ката деп.
Айкөл Манас баатырдын,
Бактысына бериптир.
Арстандай сүрү бар,
Даап пенде баралбас.
Алмамбет балаң келди деп,
Айтып калды Манасың.
Атама айткын салам деп.
Айтты Манас бул сөздү.
Толгонуп басып Чыйырды,
Айтканын угуп ордодон,
Азыр басып чыгыптыр.
Он жети жашка толгондо,
Токтолуп адам болгондо.
Балам Манас токтолуп,
Элин багар болгондо.
Бейшембинин күүнүндө,
Жуманын кадыр түнүндө.
Жатып энең түш көрсө,
Алмамбет жүргөн кашында.
Качан келет балам деп,
Ойлонгомун башында.
Төө баштаган беш тогуз,
Алтооң бөлүп алгыла.
Боз жорго атым кайда экен,
Азыр токуп салгыла.
Астын тозуп баламдын,
Азыр мен да барамын.
Баштап алып баргыла.
Деп айтып энең Чыйырды,
Боз жоргону сыздырып,
Эми жолго салган жер.
Энесине кошулуп,
Алтоо бирдей жөнөдү.
Келип калат экен деп,
Байбиче, Жакып шашканы.
Жылкычы башы Ыйманы,
Чапкылап жылкы жыйганы.
Ак сакалдуу карыдан,
Андай-мындай дегенче,
Алтымышын жыйганы.
Алмамбет эми келет деп,
Атпай кыргыз шаңданды.
Он беш кемпир алыптыр,
Байбиче Шаакан баш болуп,
Аттанып чыгып алыптыр.
Торко тон кийип жайкалып,
Боз жорго минип чайпалып,

Байбиче жолго салыптыр.
Ак сакалдуу карыдан,
Алтымышын ээрчитип,
Бай Жакып баштап калыптыр.
Мына атаңыз келди деп,
Ажыкең айтып салганда.
Атынан түшүп арыштап,
Жолун тосуп акмалап,
Жолборсуң тозуп калыптыр.
Көздөгөнү табылып,
Көзүнөн аккан кара жаш,
Сакалы ылдый куюлуп.
Кагылайын балам деп,
Каралдым балам келди деп.
Кадыр Алла кудурет,
Чындап сүйүп бердиң деп.
Бай Жакып ыйлап баркырап,
Сакалы ылдый жаш агып.
Жамгырдай жерге төгүлүп,
Алмамбет көрүп атам деп,
Көзүнөн жашы шорголоп.
Пенделиктен өтпөсүн,
Чыныгы атам экен деп.
Аа деген үнү басылбай,
Бакырып төштөн жыттады.
Жакыптын жашы Алмаңдын,
Сагынып калган немедей.
Башын жууган немедей,
Суу кылып башын чыктады.
Ал аңгыча болбоду,
Акчак болгон байбиче,
Чыйырды үнү чыкканы.
Энекем келет мына деп,
Шүгүр кылып Аллага.
Жакасын кармап Алакең,
Чыйырдынын боз жорго,
Алтымыш ашуун абышка,
Аралатып кириптир.
Оозуна алы жете албай,
Туу чунакка тийиптир.
Бүткөн бой балкып чымырап,
Алмамбетти көргөндө,
Жаңы төрөп койгонсуп.
Алтымыш тамыр чымырап,
Чыйырды энең ийиптир.
Кубанып Алмаң солкулдап,
Чыйырдынын эмчеги,
Сүт диркиреп агыптыр.
Балам Манас келгин деп,
Энекеси бакырып,
Манасты жанга чакырып.
Сен эмгенсиң мурун деп,
Баштап ээмп бергин деп,
Чыйырды айтып салганы.
Эмчекти эне бергин деп,
Алмамбет жетип барганы.
Оң эмчегин алганы,
Оозуна Манас салганы.
Сол эмчегин алганы,
Алмамбет ээмп калганы.
Эмчектин сүтү эң таттуу,
Зоңкоюп эмчек эмди деп,
Бай Жакып күлүп калганы.
Энеден экөө болдум деп,
Эр Манас айтып калганы.
Атадан төртөө болдум деп,
Кош көрсө Алла жараткан,
Дайрадай ташып толдум деп.

Арстан Манас айтып кеп,
Куп дебеген тири жан жок.
Кубанбаган бир жан жок,
Шат болбогон бир жан жок.
Оо кудай лап бакырып,
Ак сакалды чакырып,
Айылды көздөй бет алып.
Алтымыш ашуун карысын,
Бай Жакып жолго салыптыр.
Бакдөөлөт угуп бу дагы,
Барбай токтоп турабы.
Он төрт катын ээрчитип,
Жолдон чыкты бу дагы.
Абыке менен Көбөшү,
Ат жарышып куш салып,
Талаада жүргөн убагы.
Айры өркөчтөн төө алып,
Ак саргылдан бээ алып.
Төрт түлүк малдан тегиздеп,
Абыке, Көбөш айдатып,
Кырк беш мал айдап келгени.
Акылга дыйкан Абыке,
Алмамбетти айлантып,
Садагасын кактырып.
Карып менен мискинге,
Бут таратып бергени.
Манаска Алмаң келгенде,
Башынан элге маалым кеп,
Баш куттуктар тоюм деп,
Сексен бээ союп салыптыр.
Мусулман, капыр баарынан,
Коногун күтүп калыптыр.
Сегиз кандын элине,
Кабарын катуу салыптыр.
Арстан Алмаң баатырдын,
Улуу тою болот деп,
Беш жүз кара союлду.
Өпчап болуп калат деп,
Бир миң бир жүз кой сойду.
Сегиз кандын элине,
Баштап салды улуу той.
Бай Жакып туруп башында,
Бакай жүрөт кашында.
Кырк жигиттин баарысы,
Кыргыл баштап карысы.
Чыйырдынын ак сарай,
Каалгасы сом калай,
Кеңдиги кыйла бир далай.
Камылгасын көрүшүп,
Ар жемиштен аябай.
Дасторконун толтуруп,
Көй төрөнүн баарысы,
Жалпы отуруп жайланып.
Жээрине карын жок,
Тамак ашын болтуруп.
Суусуна чайланып,
Отурганда көй төрө,
Арстан Алмаң кеп айтат:
Бактыңа Аллам бериптир,
Аккуладай бууданды.
Алты ай минсең чаалыкпас,
Аккула экен атыңыз.
Аккула колдон бир чыкса,
Айбанга өтпөс датыңыз.
Коргошундай салмагың,
Козголду Манас арбагың.
Марттык кылып башында,
Мага берип салганың.

Байкамакка пейлиңди,
Макул көрүп алгамын.
Атам Жакып төрүндө,
Азыр келдим айланып.
Урматы үчүн энемдин,
Кабылан Манас бууданы,
Аккуланы бермекке.
Сандаган журтум бүт болсун,
Сарала ат мага кут болсун.
Атпай кыргыз журтума,
Аккула сизге кут болсун.
Ал сөздү айтып Алмамбет,
Азыр кылды батасын.
Кубандырды карыган,
Бай Жакып өңдүү атасын.
Кырк баатыр баары камынып,
Атына минди жабылып.
Кыргыл, Бакай карысы,
Көй төрөнүн баарысы.
Ат коштогон коногун,
Атыңарды чубат деп,
Айтып кабар салыптыр.
Ат тарапта бүлүнүп,
Ат таптаган саяпкер,
Сылап сыйпап күлүгүн.
Үч жүз жылкы, беш жүз кой,
Байгеге малды коюшту.
Баш байгеге бөлгөнү,
Тогуз жылкы, он беш кой,
Аягына бөлүштү.
Эки жүз сексен күлүгү,
Арстан Алмаң келгенче,
Кыргызга түшкөн түлүгү.
Айдап атты салганы,
Самаркандын талаадан.
Сап сабы менен бөлүнүп,
Чаң созулуп көрүнүп,
Сай күлүк келип калыптыр.
Көкөтөйдүн Мааникер,
Канаты бар жаныбар.
Аттардан мурун астына,
Аш бышымдан аз мурун,
Мааникер келип калыптыр.
Анын бир аз соңунан,
Арышын керип Аккула,
Ал дагы келип калыптыр.
Үчүнчү болуп келгени,
Байжигит аты Малтору.
Төртүнчү болуп киргени,
Алмамбеттин Сарала.
Бешинчи болуп келгени,
Эр Бакайдын Көкчолок.
Жол жүргөндө аткан ок,
Алтынчы болуп келгени,
Ажыбайдын бууданы,
Карала келип калыптыр.
Жетинчи болуп жетиптир,
Койкубаттын Тобурчак.
Сегизинчи келгени,
Туягын жерге мылгытып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Кыргыл чалдын Акборчук.
Тогузунчу келгени.
Желгенине жел жетпей,
Тоорулчунун Тору аты.
Онунчу болуп киргени,
Ошпур байдын Кара сур,
Тамашасы бир далай.

Калкамандын кара аты,
Жакын жерден чабылып,
Жазылбады канаты.
Он экинчи киргени,
Жанайдын аты Көк кашка.
Он үч болуп келгени,
Токум кыздын Жар кызыл.
Он төрт болуп илинди,
Бай Жакыптын Абыке,
Он жетиде жашы бар,
Көктелки деген аты бар.
Жаңы бышты кези экен,
Абыке өзү мингени.
Бай Жакыптап бакырып,
Манас, Манас, Манас деп!
Манастап ураан чакырып,
Абыке эми киргени.
Кутубийдин куласы,
Он беш болуп киргени.
Арстан Алмаң баатырдын,
Эми канды мудасы.
Кабагы чалкып ачылып,
Бүткөн бою жибиди.
Уялашым Манас деп,
Кубанып Алмаң той тарап.
Аты чыккан адамдар,
Кайдасың деп энтелеп,
Кара малын жетелеп.
Өңөрө чаап кой талап,
Уйгу-туйгу жан болуп.
Той тарады кеч болуп,
Алыскылар кете албай,
Конок болор кез болуп.
Кабылан Манас арстаның,
Ата уулдан кыз болсо,
Акылга дыйкан уз болсо,
Алмамбетке алып берсем деп.
Сурамжылап элинен,
Эл бийлеген бегинен.
Абийирлүү кыздар барбы деп,
Ойлонуп Манас калыптыр.
Ойку-кайкы бастырып,
Ар тарапка барыптыр.
Жакып байдын үйүнө,
Эки келип Алмамбет,
Манасты таппай калыптыр.
Арстан Алмаң баатырың,
Айланчыктап токтолуп.
Карабөрктөн кеп сурап,
Манас кайда деп сурап.
Ошондо Карабөрк кеп салып,
Кайда кеткен билбедим,
Акылайдын койнунда,
Жаткандыр төрөң деп айтат.
Каныш деген ким деди,
Какшыгын Алмаң билбеди.
Эми катын кеп айтат,
Жаткандыр төрөң деп айтып,
Муну Алмамбет билбеди,
Эрке деген ким деди.
Карабөрк анан кеп айтат,
Каткырып күлүп бек айтат.
Көрө элек белең жеңеңди,
Какчаңдаган кара бет,
Акылайдай жеңеңди.
Акылай сулуу дегенди,
Ошондодур деп айтып,
Карабөрк эми токтолду.

Күнүлүктүн зардабын,
Күүлөнүп мага айтат деп,
Алмамбет ойлоп калганы.
Кыз күнүндө бу катын,
Баатырлык кылган экен деп.
Баатырлык менен балбандык,
Ургачыга бекер деп.
Чоңойгондо чорт сүйлөө,
Чогоол өскөн экен деп.
Акылайдын үйүнө,
Аярлап басып барганы.
Эшигинен сурады,
Адам барбы мында деп.
Олтурган экен Акылай,
Ак өргөнүн төрүндө.
Түйшөлүп такыр койгон жок,
Ат менен чакырган,
Атың ким деп сурады.
Ачуусу эми келгенсип,
Эр Алмамбет кеп айтат,
Мен Алмамбет деп айтат.
Баатыр барбы мында деп,
Бастырып келдим деп айтат.
Баатыр Манас Айкөлдүн,
Бастырган жагын көрдүңбү?
Сураганым ушул деп,
Алмамбет айтып салганы.
Тышка чыгып буралып,
Ал Акылай катыны,
Байбичеден чыга албай,
Жаткандыр баатыр Манасың.
Карабөрктөн баш булгап,
Бастырмагы кыйын деп.
Баштагысы бир жөндүү,
Маа жолобойт быйыл деп,
Акылай жообун бергени.
Муну угуп Алмамбет,
Азыр Манас баатырым,
Бойдок экен деп ойлоп.
Жарадар болгон арстандай,
Күңгүрөнүп алганы.
Бай Жакыптын үйүнө,
Кайра тартып жеткени.
Арстан Алмаң баатырдын,
Атын алып жигиттер,
Басып үйгө киргенче,
Айкөлүң келип калыптыр.
Балам кайда бардың деп,
Бай Жакып сурап калганы.
Балаңа издеп катынды,
Бастырып жүрдүм деп айтып.
Кыйыны барбы кыргызда,
Барктуусу барбы казакта.
Кыз бар деп угуп кыпчактан,
Кырк жигитти кыдыртып,
Самарканды айлантып,
Калктан карап сурадым.
Катынсыз турса балаңыз,
Мен кайсыныма дууладым.
Жети күндөн бер жакка,
Септүү кыздан табам деп,
Чырм этпей чарчап куурадым.
Бул сөздү айтып Айкөлүң,
Мурду башы былк этип,
Мурутунан бир күлүп.
Арстаның Алмаң кеп айтат,
«Айкөлүм ойлоп иш кыл» – деп.
Мен айлыңда жүргөн жолоочу,

Айкөлүм өзүң жүрүпсүң.
Катыным деп алганың,
Карабөрк менен Акылай,
Катын деп коюп бойдок деп.
Калыңдык менен кайрылбай,
Баатырлык менен байкабай,
Эрдигиң менен элебей.
Карабөрк менен Акылай,
Катыным деп ойлопсуз.
Байкап көрсөм өзүңүз,
Катыны жок бойдоксуз.
Арстан Алмаң баатырың,
Бул сөздү айтып салганы.
Алмамбет сөзү ырас деп,
Астындагы Айбанбоз,
Моюнга чаап салганы.
Айкөл Манас кабылан,
Бастырып кетип калганы.
Жакыпка салмак салууга,
Жаңыдан катын алууга,
Оюна Манас алыптыр.
Ошо жерден токтолуп,
Он үч күн жатып алганы.
Катын албай болбойт деп,
Катынды ойлоп Айкөлүң.
Тынчы эми кеткени,
Алмамбет айткан кебине.

## ЖАКЫП ЖАНЫНА ЖОЛДОШ – КОШЧУ АЛЫП КЫЙБА ШААРЫНА КЫЗ ИЗДЕП БАРГАНЫ

Каралды балаң менмин деп,
Карыган атам сенсиң деп.
Кабарың жок эч иштен,
Кан Жакып ата сенсиң деп.
Катын алып бербедиң,
Карызың ата мойнуңда.
Кайыпкандын Карабөрк,
Катыным жатат койнумда.
Колуң менен үйлөнпөй,
Милдетим сиздин моюнда.
Каңгурдун кара коосунда,
Кастык кылып жол салып,
Ымалайдын тоосунда.
Үч жүз нөөкөр башында,
Кайып кандын Карабөрк,
Колума түшүп кармалды.
Алигиче жүрөмүн,
Акылыма толбостон,
Кыз алгандай болбостон.
Алтайдан көчүп алганбыз,
Алайга келип калганбыз.
Өнбөгөн ишке катылып,
Өзү келип чатылып.
Кара тажик канчасы,
Таш котон кара талаадан,
Тагызмачы калаадан,
Шооруктун кызы Акылай,
Карматып алдым камоодон.
Кызын тартуу кылганы,
Бетине кармап сабылып.
Айкөл Манас баатырга,
Таазим кылып жабылып.

Кутулган эле талоондон,
Мен кыз алгандай болбодум.
Кызык оюн көрө албай,
Кыңшылатып кыз алып.
Кыйшайып жатып өбө албай,
Кысталгандай болжолум.
Кулдук уруп кайындап,
Куда болуп дайындап,
Кутулбадың карзымдан.
Куйкалап ийип дүйнөнү,
Ата сага кылбайын.
Эскербедиң ата сен,
Үлпөт үлпөт оюнду,
Шашып калба окуска,
Жашым жетти отузга.
Катын алып бербейм деп,
Калбаны бөөдө көрбөгүн.
Уулуң Манас өлбөсө,
Ар кандай чыгым болсо да,
Нагыз өзүм төлөймүн.
Эркелеткен элим бар,
Эт эремиш кеби бар.
Эртели кеч көз кыскан,
Жандама жүргөн эри бар,
Бийдин кызы болбосун.
Алимдигин ашырып,
Ар иш кылса жашырып,
Беринин кызы болбосун.
Үкүлү сексек сексен дөң маңдай,
Жанынан турбай мен кандай,
Ардуунун кызы болбосун.
Чачылуу чачпак, чалма этек,
Караңгы үйдөн каймак жеп.
Атамдын көзү барында,
Ар ким кардал малына,
Алар эрим мырза деп,
Балакет кылып койбосун.
Туурук таман, тултук бет,
Сүйлөсө тилин чайнаган,
Кул кызынан болбосун.
Атам өзү билер деп,
Купулуна толорду.
Эркелетип өстүргөн,
Эркеги жок, кызы бар,
Жалгызынан болбосун.
Атасын билбей башка өскөн,
Кан кызынан болбосун.
Өкүмү бар өзүндө,
Казы кызы болбосун.
Карып калган кезинде,
Карай латып койбосун.
Анча-мынча сының бар,
Ачып кара көзүңдү,
Айтып кара сөзүңдү.
Ак сүлөөсүн баштанып,
Аярлап басып сойлогон.
Алдыда келер жумуштун,
Арты-алдын ойлогон.
Жазы маңдай, көөхар көз,
Инжи тиштүү, ширин сөз.
Ашкере кылган сабырын,
Пендеге салбай жабырын.
Сүйлөсө сөзү акырын,
Эл алмакка жиберген,
Нечен түрлүү акылын.
Боло турган жумушту,
Болжоп билген алыстан.
Көңүлү сылык, пейли кең,

Төрт тарабы болгон тең.
Жылдызы жанган жылуу сөз,
Чырагы жарык жоодур көз.
Көкүлү көркөм олоң чач,
Ошондой кызды көрмөккө.
Акылы менен эр баккан,
Ойротто жок уз болсун.
Ойлогон ою орундуу,
Ойдогудай кыз болсун.
Болсо болсун болгондой,
Көзү түшкөн адамдын,
Көңүлү балкып толгондой.
Аз болгондо кайып иш,
Алты айлык жумушту,
Азыр билип койгондой.
Берекеси ашынын,
Ашып-ташып толгондой.
Пейли бузук адамдар,
Ичпей-жебей тойгондой.
Баскан менен турганы,
Туташ баары сарамжал,
Сөзү болсун шекер бал.
Ошондойдон ойлогун,
Оңой-олтоң кыз ойлоп,
Окус кылып койбогун.
Баланы ата үйлөмөк,
Башынан келген салт экен.
Жаманда болсо балаңыз,
Манас деп чыккан даңкы экен.
Малга кароо жан элең,
Басылбаган чырың бар.
Ал сөздү айтып Айкөлүң,
Атасын жолго салганы.
Алыбай уулу Жоокени,
Акылбек уулу Мендини,
Атай уулу Боокени,
Кашына жолдош алганы.
Эки атка кошун арттырып,
Жаадай болгон бедөөнү,
Жибектен аркан тарттырып,
Бай Жакып жолго салганы.
Кыз табылса кокустан,
Кысылып куру калбайын.
Кызыл чака пул бербей,
Кулдукту кантип урам деп,
Жанына жолдош алганы.
Бооке менен Меңдибай,
Алыбай уулу Жоокени
Алты жүз жамбы арттырып,
Кызматкери кул менен,
Алла деп жолго салганы.
Аттанып чыгып калганы,
Самаркан элин аралап,
Жарды-байын каралап.
Оро дөбө, Жизакты,
Айланып чыгып сыдырып.
Ар жерден баарын кыдырып,
Кечип дайра Сырынан,
Боз үй тиккен эл байы.
Чыйырчыктын ала кыр,
Көөнүнө кыз толтурбай,
Тынч алып Жакып отурбай.
Эл байы бар тыштагы,
Нечен бөлөк кыштагы.
Айлында кыз барбы деп,
Ата-уулдарды кыстады.
Ниетине алып буларды,
Аралады кыштагын.

Эми Жакып жөнөдү,
Кыз кароого башка элден.
Күн батыш жакты бет алып,
Күнү-түнү жол басып,
Кирип келди Кыйбага.
Ниетине алып бай Жакып,
Аралады Кыйбаны.
Көңүлүнө кыз толбой,
Кыйбанын элин кыдырып,
Көсөл Жакып жетиптир.
Кыйба тажик журтуна,
Кылчайбастан өткөнү.
Дүйнөсү көп чал дешип,
Жүргөн кандай жан дешип.
Жакшы кызды аябай,
Көрсөтүп аны сал дешип.
Кыз көрүүгө Жакыпка,
Уруксатын бергени.
Аз болгондо жети жүз,
Шаардын кызын көргөнү.
Кыз жактырбай шаардан,
Кыдырып өттү булардан.
Көңүлгө бир кыз толбоду,
Кандай болор түбү деп.
Үмүтүн үзбөй бай Жакып,
Ушунча элден кыз жакпай,
Кандай жан деп бул адам.
Кыз көрөм деп кыдырып,
Кандай жан деп бу наадан.
Кыдырып өтүп Букарды,
Кечип өттү кейипти.
Кыз издеген кылымдан,
Жакыпты Манас кейитти.
Элүүдөн ашык жамбыны,
Башчыга берип бай Жакып,
Эр Жакып кызын сурады.
Мырза алым дегени,
Бай Жакыпка кыз бар деп,
Барып кабар бергени.
Кандай барып көрөм деп,
Бай Жакып айтып калганы.
Алым мырза кеп айтат,
Аксакал анда деп айтат.
Атасынын аты Атемир,
Отуз калаа болгон кан.
Санирабига деген кыз,
Өкүмүнө караган.
Кырк нөөкөр болгон жолдошу.
Кыйын болор ал кызга,
Эр жынысына бой кошуу.
Аны менен окуган,
Акылдашып отурган,
Эки кайып, бир пери,
Эркек пенде эч көрбөйт.
Алардын кыйын бир жери,
Кыз жактырбай кылымдан,
Кыдырып келген экенсиң.
Эгер жакса ушу кыз,
Кантип алар экенсиз.
Аламын деп жан айтпайт,
Алек болуп калуучу.
Өз жолуна караган,
Аламын деп айткандан,
Өлүп калган кыйла жан.
Падыша бөлөк башка жан,
Алам деп кардал болгондон,
Батына албайт көргөн жан.
Бул сөздү айтып талдырды,

Жакыпты айран калтырды.
Элүү жамбы жеп коюп,
Кыз көргөзөм деп алып,
Алым мырза барганы.
Он чактыдан ашыгы,
Удаа келип калганы.
Жакшы кыз көрсөтөбүз деп,
Ак таяк менен кор башы,
Жуда келип калганы.
Алиги элүү жамбыны,
Теңдеп бөлүп алганы.
Баштап алып Жакыпты,
Бакчасына барганы.
Башкаларын таштаптыр,
Бай Жакыпты баштаптыр.
Аккан суунун четинде,
Калың камыш бетинде.
Бай Жакып көзүн салыптыр,
Аягы барып ал суунун,
Абуз болгон көл экен.
Айланасы бүт жемиш,
Чытырман калың чер экен.
Кылаасына абуздун,
Кыз ойночу жер экен.
Этектери элбиреп,
Далдаада турган бай Жакып,
Карап жатты элдиреп.
Жеңдери кетип желбиреп,
Ашууланы айтышып.
Бирин бири тартышып,
Түркүн оюн ойношуп,
Аккан сууну бойлошуп.
Жакыпка жакын барышып,
Жайнап урган жемишти,
Жабылып кирип калышып.
Жаткан жаңгак сууда бар,
Алма, алмурут, бадам бар,
Алча, мисте, жүзүм бар.
Кырк нөөкөрү кашында,
Жабылды жемиш теришип,
Сонун экен бу дешип.
Даамын татып көрүшүп,
Созуп колун теришип,
Жакыпка жакын келишип.
Бакчаны кыздар аралап,
Жакып менен иши жок.
Чок камышка пааналап.
Бай Жакып көрдү дааналап.
Эки көзүн тең сүртүп,
Бай Жакып көзүн салыптыр.
Санирабига кол булгап,
Арууке келди жанына.
Санирабига, Арууке,
Колун созуп калышып,
Кокок деген жемиштен,
Анча-мынча алышып.
Кыздар узап кетпеди,
Сейилдеп жүргөн бу кыздар,
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчудай ыргалып.
Алтындаган жыгасы,
Оң чекеде кырданып,
Санирабига кыз экен.
Акырын сүйлөп шыңк этип,
Акылы толгон кези экен.
Он алтыда жашы бар,
Олондой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөсү,

Келишкен кара кашы бар.
Жөнөкөй кийим кийинип,
Тал чыбыктай ийилип.
Жазы маңдай, бото көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз.
Аркасы кайкы, аркар төш,
Кызыл жүзү нурданып,
Кыпча бели буралган,
Кококту алып колуна,
Кыздарды көздөй узатты.
Кококту алып Арууке,
Кыз башына бөлгөнү,
Аныктап Жакып көргөнү.
Кыздар кийген кырмызы,
Кырк бир кыздын ичинен,
Артык турат жылдызы.
Бай Жакып ойлоп ичинен,
Айтсам балам алар деп,
Арылбаган шорум көп,
Арты болбой калар деп.
Аман болсо алганы,
Жаман деп адам айта албас,
Сыйлуу болор киши экен.
Оюн терең болжогон,
Оңду-солду имерип,
Кыпындай кирди койбогон.
Боюн сынап караган,
Аяк башын имерип,
Тешик койбой караган.
Болжолу жок боорукер,
Эритип адам көңүлүп,
Эт боорунан караган.
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган адамдын,
Үзүрүн аңдап сураган.
Жетишпедим дегенге,
Этинен кесип бергендей.
Берендик жайы көрүндү,
Жеткире акыл ойлогон,
Терендик жагы көрүнөт.
Болжогондой сөз айткан,
Бекемдик жайы бар экен.
Болор кепти бир айткан,
Чечендик жайы бар экен.
Нааданга ыгын салбаган,
Ыгын билип ар жандын,
Бечарага карашкан,
Бекемдик жайы бар экен.
Азамат бакса айнытпас,
Жетерлик жайы бар экен.
Кызылдай бою сарамжал,
Кылганынын баары жай.
Жок дегендер табылган,
Кастарлуу жайы бар экен.
Кыз мүнөзү кылтайбай,
Тастарлуу жайы бар тура.
Арбын болсо дүйнөсү,
Көтөрүлбөйт мүнөзү,
Көп болсо көтөрүлбөгөн,
Жаманды жаман дебеген.
Жаманды күткөн жакшыдай,
Жиндини күткөн бакшыдай.
Жакшыны күткөн кожодой,
Баарын бирдей караган,
Өйдө-төмөн ылгабай.
Жигитти күткөн эриндей,
Эрге кылган ызааты,
Эмеле келген келиндей.

Ойрон болгон дүнүйө,
Бири өйдө, бири ылдый,
Оодарылган неме экен.
Жыла басып шаңданып,
Ордого кыздар кеткени.
Камышта жаткан бай Жакып,
Кыздарга көзү жеткени.
Санирабига деген кыз,
Жата турсун ал бойдон.
Жакып байдын жумушун,
Көргөн, билген эл ойлоп,
Ордого Жакып барганы.
Кантип эми кирем деп,
Чай кайнам туруп калганы.
Ордонун оозу ачылып,
Бай Жакып басып шашылып,
Ордонун орто жеринен,
Бай Жакып орун алганы.
Ордодогу ачыкка,
Отурду Жакып даңкайып,
Олуттуу бийдей чалкайып.
Аркалыктай мүнөзүң,
Абаке кайдан жүрөсүң?
Эңкейип калган бир жансың,
Эбиңден тайган тири жансың,
Эмне издеп жүрөсүң?
Арба, дорбо сүйлөшүң,
Аркалыктай мүнөзүң.
Аппак сакал ээгиңде,
Ордосуна паашанын,
Осолдуктан киргенсиң.
Же айдап жүргөн малың жок,
Алтын, күмүш зарың жок.
Акылсыз адам экенсиз,
Бул жерге кирер эбиң жок.
Каада билип көрбөгөн,
Эселек адам окшойсуң.
Календер турчу жайы бар,
Ошол жерге барыңыз.
Конок болсоң ошондон,
Кошулуп орун алыңыз.
Эки желдет, бир беги,
Жакыпка эми кеп айтат.
Олтурбаңыз бул жерге,
Жакып байга бул кеби,
Жаман тийди көрүнөт.
Бекер келген мен эмес,
Бекер неге жүрсүң деп,
Бекзаада айтар кеп эмес.
Каңгырап келген мен эмес,
Календерге кошкондой,
Канзада айтчу кеп эмес.
Ачып кара көзүңдү,
Аңдап сүйлө сөзүңдү.
Азыр мени сойсоң да,
Алек кылып жүрбөйүн.
Акимсинген өзүңдү,
Оңдоп кара көзүңдү,
Ойлоп сүйлө сөзүңдү.
Он эсе мени белсең да,
Ойрон кылып жүрбөйүн.
Ушу жерден өзүңдү,
Кары десең көө болот.
Кан отурган орунга,
Кан отурса не болот.
Сенден суук сөзүм бар,
Жуучуга келген өзүм бар.
Кырмызы кийген кырк бир кыз,

Болжоп көрдүм мүнөзүн.
Жөнөкөй кийим кийинген,
Тал чыбыктай ийилген
Калемдей кашы чийилген,
Карчыга куштай тапталган,
Каталык иштен сактанган.
Каныңдын кызы экенин,
Карап көзүм жетпеди.
Бегиңдин кызы экенин,
Менин көзүм жетпеди.
Караңдын кызы болсо да,
Кандан артык көрүндү.
Калыпка чапкан күмүштөй,
Жандан артык көрүндү.
Бекердин кызы болсо да,
Мен супада отурсам,
Бек сындырдың көөнүмдү.
Атемириң кандай жан,
Айлына конок келбеген,
Коноктун сырын билбеген,
Ант аткырың кандай жан.
Жуучу келди кызга деп,
Журтуна айтсын мындай кеп.
Ат арытып алыстан,
Жуучуга адам келиптир.
Калкына айтсын мындай кеп,
Атемирге баргыла.
Жуучу келсе өлтүргөн,
Кайдан чыккан кан экен.
Ачуулу экен каныңар,
Каныңарга барыңар.
Бай Жакып экен жуучусу,
Кабылан Манас атасы.
Ачууланып кол салса,
Аман калбас жаныңар.
Атемир баштап каныңар.
Бай Жакып айтып баркылдап,
Ачууланып каркылдап.
Ошондо желдет кеп айтат,
Ачууланып бек айтат.
Аркалыкка кыз берер,
Акмак барбы деп айтат.
Кутурган бул чалбы деп,
Аша кечкен жанынан.
Атемир эми муну укса,
Тирүү калбайт жаның деп.
Бенде көрбөс кыздардын,
Бетин кантип көрдөңүз.
Кыйкырып катуу сүйлөсөм,
Кыз берет деп жүрбөгүн.
Сүйлөгөнүң түрк тили,
Өз уругуң ким болот?
Өз ажалың өзүңө,
Бек кашында мырзабы.
Мээнет муну курчады,
Бакырып сүйлөп турганы.
Ошондо Жакып күүлөнүп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Кара кыргыз журтум деп,
Азыркымды тыңдасаң.
Азиреттин Кара тоо,
Жайлаган жайым так ошо.
Кегимди алдым далайдан,
Келген жерим алтайдан.
Матап, матап сүйлөйсүң,
Жеп ийчүдөй калчылдап.
Аябаймын жанымды,
Албарстыдай чачайын,

Алдыңарга канымды.
Атам Ногой Жакыпмын,
Абуздун жогор жагында,
Арасында куурайдын,
Намаз окуп жатыпмын.
Ал жерден көрдүм кызыңды,
Жуучуга келдим деп айтсам,
Таноолоруң кысылды.
Уругум улуу кыргыздан,
Бабырдан кийин Бууракан,
Бузуп кирген душмандын,
Бууракан уулу Түбөй бар.
Түп Бээжин менен салышып,
Түбүнөн Аллам болгон жар.
Түбөй, Көгүй бир тууган,
Серпишкен жерин кан жууган.
Түбөйдүн  уулу Ногойдур,
Түбүнөн иши оңолгон.
Ногойдун уулу Жакыптыр,
Ордоңорго кор болуп,
Ушу бүгүн жатыптыр.
Ойлоп көрсөм силерди,
Башынан конок күттүрбөй,
Силерди арбак атыптыр.
Кыз үчүн мени кыйнаган,
Баламдын аты Манастыр.
Баяндап айтып бай Жакып,
Жакыптын көрдү чатагын.
Уккан экен мурунтан,
Арстан Манас атагын.
Айтты Жакып көп макал,
Абдыкалык аксакал.
Атасы экен Манастын,
Ал сөздүн дайнын укканы,
Алкымга жүрөк тыгылды.
Боконо сөөгү болк этип,
Эт жүрөгү солк этип.
Билеги кетип сабынан,
Төртөөң мында тургун деп.
Абдыкалык жөнөдү,
Бай Жакыптын жанынан.
Абдыкалык бой таштап,
Акылы кетти бөлүнүп.
Азыр Манас келчүдөй,
Акылынан адашты.
Андай-мындай дегенче,
Атемирге киргени,
Ашыгып сүйлөп ийгени.
Көрдүм каным чалды деп,
Балакет бизге келгенин,
Чыдай албай ал кетти.
Кыргыздан чыккан бул бир дөө,
Кандай келди билбейбиз.
Аты жок азыр өзү жөө,
Келген экен дигерде,
Кез келдим деди силерге.
Келгин деген тири жан жок,
Коногун көрсө коркуткан,
Кокуй кандай эл деди.
Жанында жалгыз киши жок,
Азыр жалгыз отурат.
Ачуудан бөлөк иши жок.
Акылын кылгын каным деп,
Ашыгып келди жаным деп.
Абдыкалык сөздөдү,
Сөз артынан токтобой,
Атемир сөздү көздөдү.
Кылымдын алы келбеген,

Кыйынга калган экенбиз.
Ааламдын алы келбеген,
Азапка калган экенбиз.
Барк албай туруп конокту,
Мазакка калган экенбиз.
Бектер кирип отурган,
Мейманкана сарайга,
Колтуктап алып киргизгин.
Бейкапар адам экен деп,
Ашык сүйлөп салбасын.
Бээжинден келген кыргыздын,
Мээнетине калбасын.
Аркалыкты наадан деп,
Ашкере сүйлөп салбасын.
Жуучу болуп кыз издеп,
Журт кыдырып жүргөн жан,
Жолдошу жок, аты жок,
Бул өзү кандай жүргөн жан.
Аңдап сөзүн сураңар,
Алтайдан келген бир кыргыз,
Жактырыптыр бир кызды.
Олтурбаңар бекер тим,
Ошо көргөн кызынын,
Укту бекен аты ким.
Тыңдап билип келгиле,
Мааниси мындай экен деп,
Баянын айтып бергиле.
Мындай сөз айтып Атемир,
Буйруп ийди бектерге.
Бай Жакыптын үстүнө,
Бектер кирди жабылып.
Нуркунан сурап нускасын,
Узартпай сөздүн кыскасын.
Кайдан катын алганын,
Манас болуп баласы.
Каканга чатак салганын,
Аяк-башын сурашты.
Анжыянды алганын,
Катын алып бергин деп,
Карып калган атасын,
Алыс жолго салганын.
Карыганда кыз таппай,
Кейишке келип калганын.
Баштан аяк кеп кылып,
Баянын айтып салганы.
Аныгын угуп алдырап,
Акылмандын баарысы,
Эсинен танып калганы.
Кийгендери кырмызы,
Көрүптүрсүң көп кызды.
Ал кыздардын ичинен,
Жактырыпсың бир кызды.
Айттың уктук датыңды,
Ошол кыздын ичинен,
Жактырган кыздын аты ким?
Ошондо Жакып кеп айтат,
Кыңшылашып суйлешуп,
Кыздардын келип калганы.
Санирабига беркел деп,
Кокок жемиш алганы.
Санирабига жакты деп,
Көңүлүмө алгамын.
Жагар го деп балама,
Караңдыкы болсо да,
Каныңдыкы болсо да.
Төрөң менен жөнүңдүн,
Бекерчи менен бегиңдин.
Санирабига болсо да,

Береби деп балама.
Бербей койсоң ал кызды,
Мээнетти көрбөй койбойм деп,
Мээнетти өзүң каалаба.
Бүгүн менин коногум,
Кудамдан болгон көрүнөт.
Куйкум сөз айтып бай Жакып,
Болгонун сүйлөп салганы.
Жаман экен бул чал деп,
Жайын айтып жабырап,
Жалпы бектер барганы.
Аңгеме сөздү курушуп,
Конок күтүп көрбөгөн,
Кара тажик эл экен.
Эрте туруп ал Жакып,
Санирабига баланы,
Жакыптын көзү чалганы.
Жанында турган бегинен,
Жайын сурап калганы.
Жанында беги кеп айтат,
Атемир шаанын кызы деп,
Акылга дыйкан узу деп.
Айтып беги калганы,
Угуп алып бай Жакып,
Кубаныч кылып калганы.
Дайнын билип аныктап,
Бай Жакып шүк жаткан жок.
Жактырган кызым кан кызы,
Бир атанын жалгызы.
Береби же бербейби,
Билалбай башым маң болду.
Берер болсо берерин,
Бербес болсо бербесин.
Бектериң менен чогулуп,
Жообун мага бергиле.
Жолуңа түшкүн десеңер,
Кайрылып жолго салармын.
Берер болсо берем деп,
Жообун бачым салгыла.
Куп болот макул деп айтса,
Кулдук дейбиз биз жактан.
Бата аягы десеңер,
Батасы болор биз жактан.
Ошону айтып бай Жакып,
Бектерди карап калганы.
Бектеринен беш-алтоо,
Башын ийип макул деп,
Атемирге барганы.
Өткөн кеткен кептерин,
Канына айтып салганы.
Кандай кылып бу чалдан,
Кутулабыз деп айтып.
Жатып алып камышка,
Кыздардын баарын көрүптүр.
Оңой олтоң чал эмес,
Көзүнө жылуу учурап.
Баскан турган кыймылы,
Санирабига баланы,
Самап бул чал калыптыр.
Бербейбиз деп узатсак,
Заман акыр салабы.
Башкада эмес баланда,
Бул турган чалдын талабы.
Берсе берем десин деп,
Бектерден жообун берсин деп.
Бербесе бербейм десин деп,
Оңбогон чал көрүнөт,
Омуроолоп камады.

Карап чалдын мүнөзүн,
Шайман бизде калбады.
Калар эмес жаны деп,
Канына бектер барганы,
Калбаптыр такыр дарманы.
Атемир анда кеп айтып,
Акылмандан жыйгыла,
Муршаптан бешөөң чапкыла.
Бул шаардагы бектерден,
Калтырбай жыйып тапкыла.
Үйүнө бирин койбо деп,
Удайчы менен даткадан,
Ата уулдун баарысы,
Азыр минсин атка деп,
Атемир буйруп салганы.
Желип-жортуп чапкылап,
Кыштакка жетөө барыптыр.
Барган Мыршап кыштактан,
Ал кыштакты аралап.
Казы менен муптусун,
Калкы сөзүн укчусун.
Удайчы менен бектерин,
Жыйып алып келиптир.
Башынан Алтай жердеген,
Уюткулуу эл деген,
Улуу кыргыз эл экен.
Жоо дегенде дегдеген,
Баш жактан чыгып калыптыр.
Манас деген бир бала,
Уругу кара кыргыз дейт.
Аз жыл болду келгени,
Алтай менен жылдыздан.
Ушунда бир чал келди,
Урушкандай жан келди.
Балам Манас эле деп,
Бар дүйнөнүн камын жеп,
Жамандык менен келбептир.
Жалгыз кызым Саанини,
Көрүп алып дегдептир.
Ата болсоң мага деп,
Милдетим бар сага деп,
Мойнундагы парзыңдан,
Кутулганың кана деп.
Эпкелсе ата өзүңө,
Катын алып бергин деп,
Баласы Манас айтыптыр.
Айтса-айтпаса төгүнбү,
Чоң милдет бар мойнумда,
Кутулайын парзыман.
Деп ойлонуп бай Жакып,
Жер кезип, шаар кыдырып,
Көрүнгөн элди сыдырып,
Кыз издеп жолго чыгыптыр.
Атемирде кыз бар деп,
Иликтеп дайнын угуптур.
Кезиккени биз болуп,
Издегени кыз болуп,
Капыр чал келип туруптур.
Манаска бер деп балаңды,
Көтөрүлүп кеп сүйлөй,
Көөнүмө салды далайды.
Көсөмдөр келдиң чогулуп,
Кобуңөр муну не дейсиң?
Кызды бербей биз койсок,
Кандай кыйын тажик деп,
Кырчылдашып калбасын.
Кыйкырып чыгып туу кармап,
Кыргынды башка салбасын.

Кырк чоросу кашында,
Абасы Бакай башында.
Азапты башка салат го,
Ак асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Чууну чууга ургузуп,
Ойрон кылып салбасын.
Ойлонуп көргүн оёндор,
Неткен кыйын неме деп.
Кызын өзү алчудай,
Ойротту бузган кыргызды,
Оңой ойлоп турабы.
Бири миңге татыган,
Түгөнгөн сайын түтөгөн,
Түптүү кыргыз эли деп,
Көбүңө кылдым мен өкүм.
Өткүрдүн баары жыйылдың,
Кандай кылсак болот деп,
Ал сөздү айтты Атемир.
Топту карап токтолду,
Сүйлөөр пенде жок болду.
Акылдуулар чогулуп,
Не деген сөзүң ушул деп,
Канына сүйлөп калганы.
Байыркылар кеп айткан,
Ырысы жокко доочу деп,
Ырыстууга жуучу деп.
Келсе жуучу келгендир,
Жуучуну кантип куусун деп.
Балаңыз Саани торолуп,
Бойго эми жетиптир.
Он жети жашка жетиптир.
Антип-минтип турганча,
Ай, күн өтөр бир канча.
Эркекти алып кыз бала,
Ата үйүндө өтөбү.
Кызды алып эркек кетмек бар,
Таалайы кандай ким билет,
Талабына жетмек бар.
Кабылан Манас баатырдын,
Кабары катуу угулат.
Беттешип пенде барбаган,
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Бешке белги төрт болгон,
Бет алган жагы өрт болгон.
Кабары катуу акыры,
Кара кыргыз каны экен.
Манас деген немеси,
Кызга теңтуш болобу.
Канча жашта болду экен,
Айткан сөзү журтуна эм,
Сурап билсек болбойбу.
Атасы азыр колдо экен,
Акылбайис, Тулөөбек,
Айтып салды мындай кеп.
Көсөлдөрдүн ичинен,
Этек жеңин кымырып,
Абдыкалык сөз сүйлөп.
Жашап калган жан болсо,
Бербейт белең кызды деп.
Бербеймин деп баш тартсаң,
Азапка салдың бизди деп.
Ай калайык деп айтат,
Менин сөзүм алыңар,
Аркалык бул кыргызга,
Арбын дүйнө салыңар.
Арбыта малды алыңар,

Акылын минтип табыңар.
Ар кайсы малдан бир канча,
Айтып, айтып салыңар.
Оозуңа келген пулду сал,
Кызматына кулду сал.
Атемир кызы Саанини,
Келин кылып алам деп,
Ордо мейманканада,
Отуруптур кузгун чал.
Узаталы мал салып,
Арбын малды салган соң,
Убара болсун сандалып.
Макул болду баарыга,
Абдыкалык карыга.
Акылбайис, Тулөөбек,
Абдылкасым, Шаатемир,
Анын баары кубанып.
Атемир туруп жөнөдү,
Мен кудамды көрөм деп.
Ал аңгыча Жакыптын,
Атка кеткен балдары,
Азыр келип турганы.
Акылбек уулу Меңдибай,
Акылга дыйкан бир далай.
Атайдын уулу Бөкөсү,
Алымбек уулу Жөкөсү,
Ат багар эки кулу бар.
Аңгемесин угуп ал.
Белендеп койгон немедей,
Бешөө келип калганы.
Бай Жакыптын жолдошу,
Чакыргандай келди деп,
Айтып берди бирөө кеп.
Камданып алып бай Жакып,
Жаңгыз жүргөн экен деп,
Жалпы баары айтып кеп.
Жабырашып калышып,
Балкыгандай ойлору,
Бабырашып калышты.
Кыз берсек кызык кеп болор,
Кыргыздан келген куу чалга,
Канча мал салсак эп болор.
Уудайчың бар, бийиң бар,
Миңден чыккан бириң бар,
Панжа баштуу бегиң бар.
Баарыңар карап турсуңар,
Кандай айтар кебиң бар.
Төрт түлүктүү малың бар,
Канча деп айтсак эп болор.
Аспиден канча салалык,
Айдатып арбын алалык.
Келеден канча алалык?
Келтирип арбын салалык.
Колунан келсе салыкты,
Которуп арбын алалык.
Кетирип ийип куу чалды,
Камсыз жатып калалык.
Көспаттан канча салалык,
Көбүрөөк кылып алалык.
Абдыкалык кары бар,
Акылбайис дагы бар.
Ата уулунун бектери,
Чогуу отурган чагы бар.
Шуудурдан бешти салсак деп,
Жылкы дан жүзүн алсак деп.
Беш жүз кой берер бекен деп,
Арбытып айтсак бекер кеп.
Нысаптуусу дагы айтат,

Жети жүз кой айтсак экен деп.
Бакардан кыркты салсак деп,
Башы боолуу кул болсо,
Эркеги менен ургаачы,
Сегиз кулду салсак деп.
Эсирип келген куу чалдын,
Эс оодарып салсак деп.
Келди чалдын кезеги,
Малдын санын табалбай,
Жетер бекен эсеби?
Акылмандар ойлошуп,
Малдын санын болжошуп.
Жамбыдан салык салалык,
Кызыл алтын дилдеден,
Кыйланы айтып калалык.
Бирөө айтты миң деди,
Миңди табар ким деди.
Көчмөн кара кыргыз го,
Көрө электир кыргызды,
Көбүрөөк бул сөз айтылды.
Беш жүздү айтсак бекер деп,
Мыкты болсо бул кыргыз,
Эки жүзгө алы жетер деп.
Атемир туруп кеп айтат,
Ээ калың журт деп айтат.
Кыз берер кыял менде жок,
Айткан малдын баары аз,
Кыйын деген бектерим,
Акылыңар калбаптыр.
Качырар болсоң мал жактан,
Арбын айтып мал салгын.
Ушу баштан сактангын,
Кыргыздын малы кеп болот.
Кысталгандай кылалы,
Кыйынчылык салбасын.
Кызыңды бергин ылдам деп,
Бербей турган кыз үчүн.
Дөөгүрсүгөн кыргызга,
Көргөзөлүк мал күчүн,
Сынайлык мунун бар күчүн.
Алтымыш шуудур салыңар,
Улуксуңар баарыңар.
Угузуңар калыңар,
Кудай уруп тапсынбы,
Кутулуп жатып калыңар.
Ойлонбой окус кетпеңер,
Ой менен ишти чектеңер.
Баштары кара, өңгөсү ак,
Балбандар муну ойлоп бак.
Эркек болсун кырк беши,
Бүткөн бою капкара.
Жалаң башы ак болсун,
Таба албай жүрүп куу кыргыз,
Мына ошентип мат болсун.
Берилетип айтканда,
Алты жүз жылкы салгыла.
Бербей койдуң малды деп,
Бел чечип жатып калгыла.
Үч жүз бакар салгыла,
Үч жүзүн тең тим койбой,
Түрлөп айтып салгыла.
Маңдайында агы бар,
Тумшугунун үстүндө,
Нокто катар агы бар.
Жүз элүү чымкый кара аттын,
Жүзүн санап алгыла.
Кандын бу деп буйругу,
Капкара болсун куйругу.

Тулку бою ак болсун,
Кара куйрук ат болсун.
Кантип муну табам деп,
Кара кыргыз сап болсун.
Качып кыргыз токтолсун,
Жоору жок чаар жан болсун.
Таппай турган мал болсун,
Кара жалдуу куладан,
Элүү деп эсеп салгыла.
Эсиңерге алгыла,
Чабдар менен торудан,
Отуз бештен алгыла.
Качсын десең бул чалды,
Мүңкүрөтүп салгыла.
Ушу болсун малыңар,
Үч-төрт асый бакардан,
Кырк бешти актан салыңар.
Көк кашка болсун букасы,
Жолобосун бул кыргыз,
Жондорунун жукасы.
Карадан болсун алтымыш,
Актан болсун букасы.
Өңчөй ала өгүздөн,
Кырк бештен салым салгыла,
Эсебин жакшы алгыла.
Кыргыз кайдан тапсын деп,
Кыйла салык салганы.
Кыргыз билбес дүйнөнү,
Төрт жүз миң дилде салгыла,
Жамбыдан миңди алгыла.
Кыргыз түгүл ар жагы,
Маңгулдан алым алса да,
Башы айланып маң болсун.
Кыйнар ушу малыңар,
Угузалык салымды,
Жуучуда жүргөн чалына,
Узатып жолго салалы.
Кыргыздан келген жуучу деп,
Атемир тышка чыкканы.
Таажысын кийип башына,
Бармак болду узатып,
Бай Жакыптын кашына.
Бай Жакыптын жанында,
Бешөө болуп жолдошу,
Белгилүү Жакып жолборсу.
Тажиктин улуу улугу,
Атемир кирип баш багып,
Бай Жакыпты көргөнү.
Арстан Манас атасы,
Жакыпты көрүп Атемир,
Үшү кетти канынын,
Тынчы кетти жанынын.
Келбетин көрүп кейиди,
Айбатынан алсырап,
Акыл эстен айрылды.
Кайратын көрүп кайгырып,
Мүчөсүн көрүп бөлүндү,
Омуртка сөөгү сөгүлдү.
Манастын атасы экени,
Даана эми көрүндү.
Салтанаттуу Атемир,
Саламга араң илинди.
Алигин Жакып алганы,
Учурашып калганы.
Бай Жакыпка Атемир,
Оңунан орун салганы.
Кулак төшөп сөзүнө,
Паашалык менен Атемир,

Байкап көрүп билиптир.
Айтып кыйла сөздөрдү,
Жакыпка көзүн салганы.
Арзып чыккан айылдан,
Кадамыңыз кут болсун.
Кастарын тиккен душманың,
Кара кыргыз элине,
Башын ийип журт болсун.
Байкады кандын айтканын,
Баштан аяк бай Жакып.
Менин ушул элге келишим,
Кадыр Алла буйругу.
Ысыдан күйүп кыз издеп,
Бастырганмын бул жакка.
Балам үчүн кыз издеп,
Көп жерден өттүм ара лап.
Көңүлгө толгон кыз таппай,
Чарбагыңдын ичинен,
Көзүм түштү балага.
Макул десең каныбыз,
Балаңызды балама,
Балабызга ылайык,
Бала кылып алам деп,
Бул сөздү Жакып салганы.
Жаш эле балам кантем деп,
Атемир айтып калганы.
Жалган сөздү айтасыз,
Балаңдын тиле бактысын,
Бай Жакып сүйлөп калганы.
Он жаштан ылдый жаш дегин,
Он алты жаштан өткөндү,
Оюнда жок болбосо,
Ойротко бүтүн баш дегин.
Ак сакалдуу бай Жакып,
Бул сөздү айтып салганы.
Акылдуу чал окшойт деп,
Атемир айран калганы.
Куп десец кулдук урам деп,
Ордумдан ыргым турам деп.
Буюрса кудай насипти,
Кубанычтын үстүндө,
Куда болуп турамын.
Ашыптыр жаштын талабы,
Кызыңызга мен жуучу.
Көңүлдөрү жарашса,
Балам алсын балаңды.
Жамандык менен алат деп,
Көңүлгө алба алаңды.
Кыз балаңыз нече экен,
Сурайынчы балаңды.
Эркегиңиз нечедир,
Адамга адам жолукса,
Көрө биле чечедир.
Көңүлдөгү түйүндү,
Бай Жакып сурап калганы.
Этек-жеңин оңдонуп,
Атемир турду козголуп.
Амырынан Алланын,
Айтып ийген сөзү күч.
Кыз балам эки, эркеги үч,
Бешөө деди, перзентим.
Балдардын жайын бек сурап,
Дене бою жазылып,
Бай Жакыптын айтканын.
Бай Жакып анда кеп сурайт,
Эки кызыц бирдей тең,
Колуңдабы деп сурайт.
Ошондо Темир кеп айтат,

Адирабига бир кызым,
Конушун тапкан деп айтат.
Санирабига бул кызым,
Азырынча колумда.
Каалап аны турупсуң,
Көрдүк келген жумушуң.
Кыйбанын каны Атемир,
Ал сөздү айтып салганы.
Отурган элдин ичинен,
Акылбектин Меңдибай,
Жакыпты карай калыптыр.
Кулдук урган кыз үчүн,
Пулуң кана бергин деп,
Бул сөздү айтып салганы,
Бай Жакып сүйлөп калганы.
Куржун жакты көрсөтүп,
Ордунан туруп Меңдибай,
Куржунга колун салыптыр,
Бир шаңшуур жамбы алыптыр.
Бей берекке болбо деп,
«Бергенди өзүм билейин,
Бери алып кел куржунду»,
Бай Жакып сүйлөп салганы.
Колун салып куржунга,
Шаңшуу дан тандап чоңду алып,
Санап туруп он бешти,
Баарысын берер бекен деп,
Бекзаадалар көз салды.
Чочпарадан он бешти,
Бай Жакыптын ишине,
Байкагандар таң калды.
Тай туяктан он бешти,
Баарысынан баасы артык,
Алтындан койду беш жамбы.
Адамдын көбү таңданды.
Көрмөк үчүн көп адам,
Тура калып жарданды.
Бул чал бекер чал эмес,
Камылгасы бир канча,
Билинбей алып жүргөнү,
Бир кыйла дүйнө мал экен.
Өлөрман чал деп биз жүрсөк,
Шекер, шербет бал тура.
Кобурашып калышып,
Бектер сөздү салышып.
Бата аякка берди деп,
Баарысы айраң калыптыр.
Бабасы мындай чал экен,
Манасы кандай жан экен.
Акылга дыйкан Саанини,
Алары кандай жан экен.
Көрсөк дешип жардашып,
Жарашты бекен күйөө деп.
Алган адам тең болсо,
Сани шону сүйөр деп.
Ырыстуу адам алар деп,
Ыгы жок болсо күйөөсү,
Убалына калар деп.
Ар кандай сөздү айтышып,
Ата уулунун баарысы,
Атемирдин үйүнө,
Азыр кирди кайтышып.
Соога салам барбы деп,
Канга кабар айтышып.
Атемир угуп сөздөрүн,
Ар адамдын мүнөзү,
Ар башка болот эмеспи.
Элге сөкөөт болбоюн,

Алтын жамбы маа калсын.
Ак жамбыдан алсын деп,
Алда кандай бул жумуш,
Артын кийин көрсүн деп.
Кырк беш жамбы чыгарды.
Кыйналбай тегиз болсун деп.
Бектер түгүл карасаң,
Ойроттун эли келгени.
Атемир айткан эп болуп,
Өкүмүнө көнгөнү.
Чогулушкан элине,
Жамбыны тегиз бөлгөнү.
Кыргыз дын пейли кандай деп,
Биле алышпай турушуп.
Бай Жакыпка кийитин,
Билбесек да кийсин деп.
Кызыл кымкап дейилде,
Төрт сарпайы кийгизди.
Башайы менен бейкасам,
Беш сарпайы кийгизди.
Жарашып куда болушуп,
Жакыпты жолго салганы.
Төрт күн жүрүп арадан,
Чөл биябан талаада,
Чаалыгып арбын жол жүрүп.
Азыр келди бай Жакып,
Азиреттин Кара Тоо,
Айланып өтүп белине.
Ага-ини, эл-журту,
Жайлап жаткан жерине,
Жакып келди үйүнө.
Кетте тон алып бир далай,
Калкына кабар салыптыр.
Кан Алмамбет, эр Манас,
Кара-Тоого уу кылып,
Жети күн мурун кетиптир.
Удан кийик атышып,
Азиреттин бөксөгө,
Аң уулап келип жатышып.
Алмамбет жатып түш көрүп,
Чекеси кетик аппак ай,
Колуна кирип атыптыр,
Койнунда айы жатыптыр.
Ойгонуп кетсе түш экен,
Башынан акыр Алмамбет,
Түк көрбөгөн иш экен.
Алакең чочуп ойгонуп,
Айтайын деди Манаска.
Ар түрлүү акыл ойлонуп,
Таң кашкайып сүргөнчө,
Чекеси кетик аппак ай,
Манас да алып жатыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы,
Көзү түшүп колго алып,
Көңүлдөрүн жай көрдү.
Эрте туруп эр Алмаң,
Манаска түшүн баяндап,
Жаңыдан айта баштады.
Манас да айтып көргөнүн,
Эр Бакай жоруп берсин деп,
Баяндап айтты Бакайга.
Олуя Бакай сөз баштап,
Анча-мынча көз жаштап.
Ай тийгени колуңа,
Ала турган жарыңдыр.
Акылынын жетиги,
Башка чукак болот го,

Чекесинин кетиги.
Башкасы алса толук ай,
Балалуу болуп бабырап,
Балкыйт экен көңүл жай.
Манас менен Алмамбет,
Бала көрбөй зарыгып,
Жүрөт окшойт бир далай.
Ошондо Манас кеп айтат,
Ай койнума болду деп,
Аягында ошол ай,
Артык болуп толду деп.
Алганымда кетилди,
Аягында ай толуп,
Кадимкидей жетилди.
Башында кетик болгону,
Аягында толгону,
Алардан бала табылып,
Элиңе ээ болгону.
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Жоруп түштү койгону.
Бурулуштан бугу атып,
Бугудан атып сулатып.
Курбудан кулжа атышып,
Кубанычка батышып.
Адырдан аркар атышып,
Аңгеме батышып.
Ар бир жерде эрендер,
Ат өргүтүп жатышып.
Бадалдан марал атканы,
Баатырлардын баарысы,
Маарекеге батканы.
Он үч күн өтүп арадан,
Ойлонуп үйүн ар адам.
Үйгө кайтып кетсек деп,
Ойго-тоого бөлүнүп,
Үй-үйүнө тараган.
Ойдо тоодо көй баатыр,
Оокатына карашып,
Жатып Манас калыптыр.
Алмамбет менен Манасты,
Азыр мында келсин де.
Бай Жакып айтып салганы,
Атына минип калдайып,
Алмамбет менен Манаска,
Абыке эми барганы.
Атам айтты Жакып деп,
Алмамбет менен Манаска,
Абыке айтып салганы.
Кыз тапкан белем атаң деп,
Кыраан Манас айтты кеп.
Алмаңа сүйлөп калыптыр,
Тапканы болсо көрөлү.
Деп ошентип кеңешип,
Алмамбет менен кан Манас,
Айбалта кылыч эгешип.
Алмамбет менен эр Манас,
Атына минип алганы.
Бай Жакыптын үстүнө,
Экөө жетип барганы.
Акылы артык бай Жакып,
Алты күн мурун элине,
Кабарлап айтып коюптур.
Элинен чыккан кыйынды,
Кашына жыйып алганы.
Акбалта менен Бердике,
Шашылып келип калыптыр.
Ошпур менен Акылбек,
Көкөтөй менен Жанайы,

Көргөндөрдүн далайы,
Кошо келип калыптыр.
Көк ала сакал Чаго да,
Көргөндөрдүн далайы.
Ороздун уулу Чагатай,
Азбаймат менен Бердибай,
Алардын жалпы үстүнө,
Алмамбет, Манас барыптыр.
Кыргыл, Бакай келсин деп,
Кыраанга кабар салыптыр.
Кырк чоронун баарысын,
Жашы менен карысын,
Тегиз жыйып алыптыр.
Кыз издеп чыккан бай Жакып,
Обдулуп сөздү баштады,
Эли тыңдап шашпады.
Жайдан жадап, кыш издеп,
Алмамбет менен Манаска,
Ааламды кездим кыз издеп.
Чаржу менен Букардан,
Чарчадым таппай булардан.
Самаркан менен Ташкенди,
Караладым булардан.
Балдарым үчүн кыз издеп,
Жанардын белин ашкамын.
Кечип өтүп суусунан,
Кейиптин журтун наздадым.
Кейип деген жер экен,
Тажик деген эл экен.
Мусулман болгон мурунтан,
Элинде болсо ургаачы,
Эркекке жакын турбасы.
Азыркы көргөн журтумдан,
Атемир деген кан экен.
Ар суу Кейип жер экен,
Атемир деген эр экен.
Абылкасым иниси,
Кенжеси экен Шаатемир.
Үч ага, ини киши экен,
Куткуп мени жеткирген,
Кудайдын салган иши экен.
Абыл, Кабил, Жанадил,
Үч эркеги бар экен.
Азыр мага жакканы,
Санирабига бала экен.
Адирабига дегени,
Кеткен экен теңине.
Азыркы кыз Саанини,
Алган болсо Манасым,
Келер дедим жайына.
Кашында бар кырк нөөкөр,
Ошол Саани балада.
Ою терең көп жоокер,
Көрүп кыздын өзүнү.
Атемирин баш кылып,
Бата аягын бердим деп.
Баштан аяк көрдүм мен.
Кайып экен бир кызы,
Алмамбетим алса деп,
Ага кетти оюм деп.
Кырк беш жамбы мол бердим,
Алтын жамбы зар бердим.
Он беш сарпай кийгизди,
Алып мында мен келдим.
Атемир берген кийитти,
Алып мында келгин -деп.
Ак сакал болгон Жакыпка,
Ата улуулар тон болсун,

Отурган эл журт ал көрсүн.
Бул сөздү айтып бай Жакып,
Ар түркүн сөздү ылгаган.
Акымбектин Меңдибай,
Он беш сарпай көтөрүп,
Эшиктен кирип үңүлүп.
Бул дагы болот шыбага,
Деп күүлдөп калышып,
Урууга бөлүп салганы.
Алмамбет, Манас арстан шер,
Ушуга барсак экен деп,
Бакай, Кыргыл карысы,
Көңүлдөнүп калганы.
Кобур-собур кеп болуп,
Бай Жакыптын айтканы,
Көңүлгө алар кеп болуп.
Ошондо Манас кеп сурайт,
Кыйла жер басып бардыныз.
Аңдапсыз чоо-жай баарысын.
Ал элдин кандай болду экен,
Кызга салган салымы,
Болот бекен калыңы?
Айтты бекен чоо-жайын,
Бизге салган мал барбы?
Айтыңыз малдын эсебин,
Айтканын тактап алалы.
Кыйбаны көздөй бет алып,
Анан жолго салалы.
Ошондо Жакып кеп айтат,
Даткасы, байы шок экен,
Байкап көрсөм мүнөзүн,
Ата салты ошобу?
Кызына калың жок экен.
Жүз көрүшүп токтолуп,
Кыз жөнүндө кеп болуп.
Баланды бер деген соң,
Балакетке калды деп.
Кабагы карыш түйүлүп,
Ачууланып кеп сүйлөп,
Кеп сүйлөсө бек сүйлөп.
Оюна келген сөздү айтып,
Малды арбытып салганы.
Атасы кыздын оңой деп,
Жарым малын кызына,
Тоюна арбын соёт деп.
Удайчы менен даткасы,
Кыйкырып чыгып жар салып.
Кыз керек болсо сиздерге,
Кызмат керсет биздерге.
Сексен төөнү бер деди,
Кыркы болсун ургаачы.
Ургаачынын ичинен,
Кыркы болсун буурасы.
Баштары кара, тулкусу ак,
Уругу кыргыз ойлоп бак.
Табалбас деп мындайды,
Башы кара төө болсо,
Кыркы буура төө болсун.
Тулку бою капкара,
Чокусу бутун ак болсун.
Чокусу ак төө табалбай,
Агала сакал ушул чал,
Айласы кетип сап болсун.
Кылчайып карап кеп айтып,
Кыз атасы Атемир,
Бул сөздү айтып салганы.
Бербести сүйлөп салды деп,
Кыйын мал салдым эми деп.

Атемир сүйлөп калганда,
Байкап көрүп чоо-жайын,
Кыл муруту солк этип,
Бай Жакып күлүп калганы.
Жылкыдан канча салды деп,
Жакыптан сурап калганы.
Ошондо Жакып муну айтат,
Өөдүк-сөөдүк кылбастан,
Даанасын Жакып эми айтат.
Төрт жүз жылкы салды деп,
Бул ант урган Атемир,
Өңдөш айтып калды деп.
Тумшугунда тагы бар,
Маңдайында агы бар,
Карадан болсун жүз деди.
Аркар шыйрак нар таман,
Жон жагы болсун түз деди.
Кара куйрук ак жылкы,
Андан бергин жүз деди.
Элүүсүн чаар салды деп,
Эсеби жок малды деп.
Эсер каны сүйлөдү,
Кыпкызыл жээрде жылкыдан,
Кырк бешти айтып калды эле.
Тору, кула, кызыл бар,
Ар биринен кырк бештен,
Алымына салды эле.
Үч-төрт асый уйлардан,
Алтымышты салганы.
Боз таргыл болсун букасы,
Катыша албай качсын деп,
Кыргыздын жону жукасы.
Алты жашка толбогон,
Уйдун болсун сарасы,
Чал кашка болсун букасы.
Кыйын деп мактайт Манасты,
Кыргызга тутка болгон деп.
Кыз алары чын болсо,
Жоктур го деймин укпасы.
Шаа мүйүзү тегизден,
Арыгы жок семизден.
Өңчөй таргыл өгүздөн,
Мээнет баскан Атемир,
Жыйырмасы болсун карала,
Жыйырмасы болсун сарала,
Кыркты салды жана да.
Миңи кара, миңи ак,
Атемирдин салыгын,
Оозуңду ачпай карап бак.
Кагылайын Манасым,
Кайнатаң айткан малды тап.
Алтымыш миң пул деди,
Экөө эркек, экөө кыз,
Кул күң менен кошулуп,
Төртөө болсун бул деди.
Караймын балам алыңды,
Эсиңе салып малыңды.
Эсиңе алсаң болбойбу,
Эңкейген Жакып чалыңды.
Камданып эми таба гой,
Калыңга берер малыңды.
Жараткан өзү кут кылса,
Акылыңа толор дейм,
Ала турган жарыңа.
Бул сөздү айтып бай Жакып,
Манаска эми карады.
Атпай кыргыз калкына,
Бири эмес жалпыга,

Арстаның Манас кайрылды.
Алса катын ушунда,
Куда болор тушунда,
Баары отурган көпчүлүк,
Башка келди көп түлүк.
Ага-иниден кошумча,
Башы кара ак төөдөн,
Жүз элүү айтып салганы.
Наркы бизге калганы,
Ак баш кара төө бар деп,
Жети жүз киши айтканы.
Ак маңдай кара жылкыдан,
Беш миң жылкы алгын деп,
Эр Манаска айтканы.
Кара куйрук, ак жылкы,
Беш жарым миң бар деди,
Беребиз баарын ал деди.
Он эки урук кыргызы,
Мына шу жерде дуулады.
Кырк баатыры кашында,
Кыраан Манас башында.
Кылайтып малдан койбо деп,
Кыйкырып чуулап калышты.
Катын алган Манастан,
Кантип аяп калалык.
Кара журттун баары айтат,
Канча десең турдук деп,
Кан Манаска жай айтат,
Ыкыбалдуу эл журту.
Уюткулуу элди көр,
Ынтымактуу эрди көр.
Бирдей болду эшик төр,
Биримдиктүү элди көр.
Айткан сөз жерде калбаган,
Куда башы болмокко,
Карпаңдашты чалдары.
Каткырышып калышты,
Эс тарткан эркек балдары.
Катындуу болот Манас деп,
Каткырып күлүп калышып.
Айтканынан үч эсе,
Арбын малды жыйышты.
Тилекти кудай бергин деп,
Алладан тилеп турушту.
Ырыстын алды ынтымак,
Он эки урук мусулман,
Ооз ачтырбай дүрбөшүп,
Арбын малды жыйышты.

## МАНАСТЫН КҮЙӨӨЛӨП КЫЙБА ШААРЫНА АТЕМИРГЕ БАРГАНЫ

Азар-түмөн кол алып,
Кол алганда мол алып.
Анжыяндын Кара-Тоо,
Аралатып чалдырып.
Арстан Манас, Алмаңдын,
Эптүүлүгүн карагын.
Бир кылка жаштуу аксакал,
Сөзгө чебер мыктыдан.
Нускалуу сөздү сүйлөгөн,
Эл бийлеген мыктыдан,
Алты минди жыйыптыр.
Айлакери Алмамбет,

Абакеси Бакайды,
Ак сакалдуу карыга,
Кол башчы кылып салганы.
Кийитин камдап жыйышып,
Төрт-беш күндүн ичинде,
Даярдашып камдашты.
Байбичеси Шааканды,
Кудагый деп кастарлап.
Жанына жолдош кошчу алып,
Үч жүз болду байбиче.
Байбиченин башчысы,
Шаакан эне болсун деп.
Кем керчи болсо толсун деп,
Толуктап баарын келтирди.
Кырк чоросун Алмамбет,
Ат чаптырып жыйдырды.
Кыргыл, Бакай карысы,
Калкына кабар салыптыр.
Кашына алып кол жыйнап,
Жыйылган колдун эсеби,
Жыйырма үч миң кол болуп.
Тепкесин кайкы койдурган,
Ичеги кылын чыйраткан,
Муңдуу күү чертсе ыйлаткан,
Комузчудан алтымыш,
Тандатып эми алганы.
Керней да керек болор деп,
Кош ооздуу кернейден,
Алтыны кошуп алганы.
Жыйырма эки жигитте,
Сыбызгы менен чоору бар.
Сыбызгы чоор тартканын,
Мындан ылгап алышып.
Жактырганы жыйырма эки,
Айчыгы алтын, найы жез,
Сурнайчыдан отуз төрт,
Азыр болуп калганы.
Чыңыроону камыштан,
Үч таш жерге угулган.
Үнү чыгып ар түркүн,
Булбулдай үнү угулган.
Мал жайып жүргөн адамдар,
Маашырланып бурулган.
Туу көтөрбөй бүктөшүп,
Тулпарга жүгүн жүктөшүп.
Акылмандуу карылар,
Ашыкча сүйлөп ийгенди,
Аңдап туруп шүк дешип.
Акылы артык азамат,
Ак сакалды жандашып.
Кыргызың кыйла журт экен,
Жыйырма үйдөн беш кой чыгарып,
Он беш миң кой чыгарып.
Каз катар туруп кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап.
Сексен нарды жетелеп,
Ата уулунун баарысы,
Айдатып малды чекелеп.
Атарага мылтык алышып,
Эки миң үч жүз жылкы айдап.
Анжыяндын түзүнөн,
Астын-үстүн жайнатып.
Үзөнгүлөр кагышып,
Кылкылдаган калың кол,
Кылчайбай жолго салышып.
Алтымыш бээ союшуп,
Эр Көкөтөй баатырды,

Жакыптын кошуп жанына.
Мал башкарчу сен бол деп,
Баймырза, Канай баарына.
Бара жатат көй баатыр,
Тажиктин Кыйба шаарына,
Атемир деген канына.
Кернейдин үнү бапылдап,
Дап согулуп такылдап.
Сурнайдын үнү чаңырып,
Көпчүлүктүн баарысы,
Жер союлуп кылкылдап.
Асты артына көз жетпейт,
Кыйба шаары кайда деп.
Жеттикпи деп жакындап,
Жезнай үнү ызылдап,
Сыбызгы үнү тызылдап.
Ырчылар ырын ырдашып,
Ышкылуулар тыңдашып,
Балбандар боюн чыңдашып.
Күндөп- түндөп жол жүрүп,
Он үч күнгө толгондо,
Барып түштү көй баатыр,
Кыйба шаар калаага.
Жүдөмүш деген жигити,
Жүргөн айкын талаада,
Чуу коюп кирип барыптыр,
Атемирдин шаарына.
Кайнаган калың кол келди,
Каптап кетер жол келди.
Каным кандай кылдык деп,
Адамдын башы былкылдап,
Асабасы кылкылдап.
Асманга чыкты тозоңу,
Аныктап көрдүм ошону.
Аяк башы күнчүлүк,
Кошуну келди жаңы деп,
Айтып жетип барганы.
Атемир угуп бул сөздү,
Айран азыр калганы.
Атемир шашып дал болуп,
Буйругун берип салганы.
Көп колу кайдан жыйылсын,
Жайнап кыйын кол келсе,
Бир Аллага сыйынсын.
Кошунга кабар салыптыр,
Ашыгып кетип Атемир,
Отуз миң экен кошуну,
Арбыны келип калыптыр.
Арбын экен жоо дешип,
Чогулуп турган колуңду,
Аман койбос соо дешип.
Алдырашып калганы,
Бирин-бири карашып,
Селейип туруп калганы.
Алар антип турганда,
Аксакалы ээрчишип,
Атемирди көрмөккө,
Алыбай, Чал бай, Кутунай,
Атемирдин үстүнө,
Алар жетип барганы.
Атемир туруп кеп айтат,
«Келе жаткан калың кол,
Кара кыргыз эли го».
Ал сөздү айтып Атемир,
Акылын жыйып алыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Салам айтып Ажыбай.
Аркасынан Кутунай,

Артынан келип Чалыбай,
Атемирдей канына,
Саламдашып жайма-жай.
Кудаңыз сизге кут болсун!
Кудаң келди мына деп,
Атемир сөздү тыңда деп.
Кылыгы чатак күйөөң бар,
Кыздарыңды тыңда деп,
Ажыкең айтып салганы.
Андай-мындай дегенче,
Айтып сөзүн бүткөнчө,
Тажиктин эли жыйылып.
Кыйбанын ичи кылкылдап,
Атемирдин жанында.
Айтса сөзгө чебери,
Жандай басып буралып,
Кыргыздан күйөө күттүк деп,
Кош көрсүн Алла өзү деп.
Айтып оозун жыйганча,
Кой мааратып чуулатып,
Тик көчө ылдый чубатып.
Атемирдин мал баккан,
Малчысы кайда деп айтып,
Жыйырма миң кой былкылдап,
Көчөдөн өттү чубуруп.
Маараганы басылбай,
Көчөнүн ичи чаң болду.
Малчысы кандын кайда деп,
Малыңды алып жайла деп.
Кой башчысы Арзымат,
Коюңду алгын деп айтып.
Көчөдө туруп кыйкырып,
Кайдан келген бу кой деп,
Кара таандай бу кой деп.
Кыйбанын калкы кыжылдап,
Тажиктин баары бажылдап.
Бул кеспант кайдан келген деп,
Көп тажик айтып кыйла кеп.
Семиз экен кою деп,
Кара кыргыз элинин,
Кандай жакшы пейли деп.
Бирин-бири карашып,
Жакаларын кармашып.
Тажиктер минтип жатканда,
Абасы Бакай, Кыргыл чал,
Каратоко Мажиги.
Камбардын уулу Чалик бар,
Белгилүү бешөө барганы.
Атемирдин желдети,
Астын тозуп ийилип,
Баргандын атын алганы.
Мал айдаган кошулуп,
Ат алгандын эсеби,
Сегиз болуп калганы.
Аярлап басып зыңкыйып,
Атемирдин үстүнө,
Салам айтып бүгүлүп,
Сегизи кирип калганы.
Амандашып турганда,
Эки миң беш жүз жылкы айдап,
Үстүнө кирип барганы.
Жылкычы башы Саламат,
Кыйкырып кепти бек сүйлөп.
Падыша кайда малчың деп,
Багып көрүп алсын деп,
Өткөрүп малды алсын деп.
Ал сөздү айтып болгончо,
Үмөт, Жайсаң, эр Чубак,

Эрөөлгө келчү эрендер.
Серек, Сыргак, Теңизиң,
Калкамандын Мурадил,
Айткан сөзү бир адил.
Алты жүз токсон уй айдап,
Уйлардын баары мөөрөшүп.
Уй айдаган Делдеши,
Бул дагы келип калганы.
Айгайын салып айкырып,
Бадачы болсоң келгин деп,
Бакырыкты салыптыр.
Дердең кирип бастырып,
Сарайга кирип барыптыр.
Мүйүздөрү каркайып,
Өгүздөрү даңкайып.
Букалары өкүрүп,
Кыйба шаары чаң болуп,
Көргөн тажик дал болуп.
Бакарды көрүп баарысы,
Айран таң болуп калганы.
Кара кыргыз журтунун,
Баарысы бай көрүнөт.
Малдан салбай койбой деп,
Букалары жер чапчып,
Бирин бири чалышып.
Жанына даап баралбай,
Бирден кармап алалбай,
Тажиктер турат дал болуп.
Анын арка жагынан,
Эл башчысы Элеман,
Казактардын Жоорунчу,
Кайгыл, Бөкөл, Тоорунчу.
Шоңгол бийдин кербени,
Шыпты кашка Айдары.
Эки жүз элүү төө айдап,
Баладай өркөч селкилдеп,
Ач бөйрөгү бүлкүлдөп.
Арасында нар буура,
Жинин бүркүп бап дешип.
Жакындаса жин чачып,
Кан төөчүсү кайда деп.
Чоң Отор деген төөчүсү,
Ордого айгай салыптыр.
Кыйба шаардын көп эли,
Айдап барган малына,
Ээ болбой жайлап малына,
Түйшүктү эми тартканы.
Кырк беш миң ашуун малыңа,
Батпай кетти келген мал.
Кейип бадаң шаарына,
Башы айланып далайдын,
Айласын таппай дал болду.
Малы менен алышып,
Баатырыңды байкабай,
Кошко таштап салышып.
Арстан Манас Айкөлүң,
Кырмызы кызыл чатырын,
Кырка, кырка тигишип.
Кыйгач калпак, кызыл шым,
Кызматкерлер киришип.
Үйүндө жүргөн немедей,
Үлпөттөрү кебелбей.
Талаадагы үйдөгү,
Так ушундай жүргөнү.
Сандыргалуу Манаска,
Атемирдин адамы,
Кабылан Манас арстандын,
Астына келбей сүрдөдү.

Арадан эки күн өтүп,
Мал, пул менен алышып,
Атемир келбей кетиптир.
Үчүнчү күн түнүндө,
Арстан Манас оолугуп,
Ачуусу келип нетиптир.
Атемир кандай жан деди,
Адамдын жайын билбеген,
Ант ургур кандай жан деди.
Ажыбай баатыр бар деди,
Аземдеген бейбагын,
Аныктап билип ал деди.
Жөн-жайын билип кылыгын,
Жүргөн-турган жерлерин.
Жата турган орунун,
Бай Жакып айткан сонунун,
Аныктап билип келгин деп.
Кыз кайтарган сакчыга,
Ак жамбыдан дайындап.
Арбынараак бергин деп,
Барар жолду тазалап,
Макулдашып келгин деп.
Атемир кызы Саанинин,
Баркы баасын көрөйүн,
Айтканым ушу мен деди.
Азыр менин өзүмдү,
Алып барып көрсөтчү.
Эшигин ачып кирейин,
Эркелеткен кызынын,
Кандай, андай экенин,
Ар кылыгын билейин.
Чөгөлөп мага жалынса,
Чымындай жанын коёрмун.
Орой болсо жөн билгис,
Акылын аңдап билермин.
Акылы кыска жан болсо,
Кара боорун тилермин.
Капкасынын оозуна,
Атемирге карабай,
Тирсегинен илермин.
Атемирдин шаарына,
Айгайды салып кирермин.
Эли менен канынын,
Кыйындыгын билермин.
Астын-үстүн кул кылып,
Катын кызын тул кылып.
Атемирин кул кылып,
Тажикти өзүм билермин.
Айткан сөзгө көнбөсө,
Айкөл Манас муну айтып,
Ажыкеңди карады.
Барбаймын деп айта албай,
Айкөлдун сөзүн кайтарбай.
Ажыкең минди атына,
Атемирге бармакка,
Айтып датын салмакка.
Байкап көрүп буларды,
Айкөлүң минди атына.
Аккула минип болкоюп,
Атайы күйөө боруму,
Ак күбө кийип зыңкыйып,
Алгыр куштай зымпыйып.
Кыз кызыгы бар үчүн,
Аллам кошкон жар үчүн,
Алагды болуп ал үчүн.
Алып учуп жүрөгү,
Саанини ойлоп дегдеди,
Токтоого тыным албады.

Бар максатын арнады,
Айкөл Манас кабылан,
Ажыкеңди ээрчитип,
Арстаның жолго салганы.
Күн болжолу бешимде,
Жыйырма жамбы алганы.
Ордосун баккан сакчыга,
Даярдап эми алганы.
Аксакалы Нааматбек,
Каршы чыгып калганы.
Жамбыны берип Ажыкең,
Жайлап муну салганы.
Ажыбай менен Манасты,
Нааматбек эми өткөрүп,
Айкөл эрди көз көрүп.
Арстан болуп сүйөөсү,
Санирабига сулуунун,
Алуучу ушу күйөөсү.
Кандын Абуз көлүнөн,
Тегеренип айланып,
Канжарын каршы байланып.
Каз өрдөк баккан шабырга,
Каркылдатпай каздарын,
Чалпылдатпай саздарын.
Куркулдатпай кууларын,
Чачыратпай сууларын.
Капканын ичин аралап,
Ажыбай менен Нааматбек,
Алла кудай колдо деп.
Эшигинин астына,
Бура тартып токтолуп.
Аргындын уулу Ажыбай,
Эми туруп кеп айтат.
Орто үйүндө калайын,
Төркү үйдө карындашыңа,
Айкөлдү кийрип салайын.
Санирабига бул кыздын,
Келбесин деген нээти бар,
Келтирбе деп койбосун.
Кан ичме баатыр күйөөң бар,
Канына заабын койбосун.
Жетөөнө жетип барайын,
Жерин өлчөп алайын.
Бул сөздү айтып салганы,
Барсаң ылдам деп,
Айкөлүң айтып салганы.
Он эки жамбы көтөрүп,
Жетип Ажың барганы.
Жети кензек ал жерде,
Каршы-терши жатыптыр.
Канжарлары колунда,
Айкөлдүн өтөр жолунда.
Айнакүлү акылман,
Сакчыда турган катындан.
Жыла басып Ажыкең,
Катындарга барганы.
Акыл айтып ойлонтуп,
Катындарды ойготуп.
Эшикте алты калча бар,
Андан башка Саанини,
Кайтарганы канча бар.
Жашырбай айткын сырың деп,
Ашык айтпай чының деп,
Ажыкең айтып салганы.
Акыл экен мунуң деп,
Айнакүл жөнөп калганы.
Жаткан экен кароолчу,
Бычак алып колуна,

Жер босого жолуна.
Ойготуп калча кыздарды,
Төрт шаңшур жамбыны,
Карматып коюп колуна,
Карагын сөздүн соңуна.
Катын арзан эместир,
Аста басып аярлап,
Ажыбай азыр келгени,
Айкөлүңдүн жанына.
Ачылды баатыр жолуң деп,
Айкөлгө жооп бергени.
Кыздын ойлоп кызыгын,
Айкөл Манас дегдеди.
Жанаша жакын бөлмөгө,
Кан ордого киргени.
Кырк беш чырак койгону,
Караңгы бөлмө жаркырап,
Күн тийгендей шам чырак.
Айсыз түн түштөй көрүнүп,
Бөлмөнүн төр жак четинде.
Алтындан парда тартылган,
Сөөлөтү абдан артылган.
Алтындан соккон тактада,
Отуз беш кабат пактада,
Жайланып жаткан Сааниге,
Кабылан Манас арстаның,
Койнуна колун салганы.
Ичиркенип бой жыйып,
Имерилбей сөз кылып,
Чыракка парда тартыптыр.
Айкөл Манас баатырга,
Чыйрыгып жаман айтканы.
Пардасын алып чырактын,
Айкөлдүн көрдү ыраңын.
Он көзүнөн от күйгөн,
Сол көзүнөн чок күйгөн,
Жутуучудай түрү бар,
Журттан бөтөн сүрү бар.
Бой өлчөөсү болжол жок,
Болумдуу түрү өңдөнөт.
Арстандан айбаттуу,
Ар сөздү айтса орундуу.
Билмексен болуп кеп сурап,
Эшиктин асты кол эле,
Өткөн кимсиң деп сурап.
Каз-өрдөгү төлдөгөн,
Койдой куулар көлбөгөн,
Бейтааныш киши келбеген.
Шабыр кара, көлүнөн,
Шашылбай өткөн сен кимсиң?
Алтын сарай кең коргон,
Атемирдин ак ордо,
Ачып өткөн сен кимсиң?
Жети катын сакчыны,
Басып өткөн сен кимсиң?
Эшикте он төрт калчаны,
Көзүңө илбей канчаны,
Түн арстандай күрүлдөп,
Жойлоп келген сен кимсиң?
Эркектер кадам койбогон,
Эшиги ачык ак сарай,
Дарбазасы сом калай,
Жойлоп кирген сен кимсиң?
Ойлонбостон иш кылып,
Жандан кечкен сен кимсиң?
Алтын парда көшөгө,
Аңтарып ачкан сен кимсиң?
Жаткан Санирабигага,

Колду салган сен кимсиң?
Ажал менен азапты,
Мойнуңа алган сен кимсиң?
Уруксат албай эч кимден,
Келип турган сен кимсиң?
Тарткын азыр колуңду,
Тапкын келген жолуңду.
Ажал айдап келдиңби,
Көрүнбөй жогол көзүмө,
Айта койгун өзүмө.
Кабылан Манас баатырдын,
Каары чыгып көзүнөн.
Катуу айтып какылдап,
Санирабига басылды.
Желдет Мыршап келсе деп,
Жер куруткан бул кыргыз,
Калаба салбай элиме,
Чатагы жок кетсе деп,
Санирабига басылды.
Айкөл Манас баатырдын,
Эми оозу ачылды.
Санирабига сен болсоң,
Арстан Манас мен болом.
Атемирге мал берип,
Алтын, күмүш зар берип,
Алганы келген мен Манас.
Ашыра сөздү көп айтсаң,
Акыр заман башыңа,
Салганы келген мен Манас.
Карк алтынды сапырып,
Чачып келген мен Манас.
Караңгы түгүл, күндүз да,
Кадам койбос капканды,
Ачып келген мен Манас.
Алтындуу бөкчө оромол,
Чечип келген мен Манас.
Ат бойлобос Кара-Көл,
Ары бери карабай,
Өлөмүн деп санабай,
Каркылдатпай казыңды,
Кечип келген мен Манас.
Шарпылдатпай сазыңды,
Тукулдатпай кууларды,
Куп окшотуп буларды,
Буктурмалуу көлүңөн,
Бугуп келген мен Манас.
Салтанаттуу атыңды,
Угуп келген мен Манас.
Алтын капка ордоңду,
Атемирдин ак сарай,
Ачып келген мен Манас.
Калча кызды жалтантып,
Өтүп келген мен Манас.
Бата аякка нар берип,
Баштап келген мен Манас.
Баркымды билер Сааним деп,
Өзү келген эр Манас.
Ортосу жыпар чардаңды,
Ачып алган мен Манас.
Ак шайыдан көйнөгүң,
Аярлап карап турбастан,
Эттен алган мен Манас.
Санирабига кеп айтат,
Ыктытпаңыз деп айтат.
Абайла сөздүн жөн-жайын,
Алганда барам колуңа.
Азыр неге көнбөйсүң,
Менин айткан жообума.

Асыласың жөнү жок,
Аты-жөнүң өзүң ким?
Жайынды айтчы өзүндүн,
Жалыны чыгат көзүңдүн.
Атым Манас сен уксаң,
Түпкү атам болот Бабур кан,
Бабыркандан Кара кан,
Кара кандан Ногой кан,
Ногой кандан Жакып кан,
Жакып кандан Манас кан.
Атым Манас кыргыздан,
Бар кудайым башыма,
Бакты дөөлөт тургузган.
Талабыма жетсем деп,
Наалып келдим кыргыздан.
Көжөлсөң бирди көрөсүң,
Көнбөсөң менден көрөсүң.
Каарданып күүлөнүп,
Кайраты ташып сүйлөнүп.
Каарданып бул Манас,
Кайраты бойго жыйылды.
Кыз кылыңдап кеп айтат,
Кыргызда Манас сен болсоң,
Кыйбада Саани мен болом.
Кыйылып кетер жаным деп,
Төгүлөт го каным деп,
Башка жан деп көрөмбү.
Аты Манас экен деп,
Айтканыңа көнөмбү.
Жөөкөрүм аты да Манас,
Бакарчым аты да Манас.
Малчымдын аты да Манас,
Сакчымдын аты да Манас,
Жалчымдын аты да Манас.
Аты Манас экен деп,
Айтканга кантип көнөйүн.
Атамдын үйүн булгабай,
Азыр кетип жөнөгүн.
Кет дегенде кетпесең,
Азыр сенин өлөрүң.
Деп айтып Саани токтолуп,
Канжарды алды колуна.
Ачуусу келип Айкөлдүн,
Оозунан жалын шыркырап.
Канжар алган колуна,
Такоол кылат катын деп,
Кабылан Манас туруптур.
Муштаарын билип кара бет,
Бурулуп бетин буруптур.
Муштаймын деп бул кызды,
Энтелешип бүгүлүп.
Эси чыгып Капийна,
Эшигинен өлүптүр.
Катындын баары коркушуп,
Капийнаны башынан,
Көтөрүп жерден өзүнү,
Араң ачты көзүнү.
Башынан эле укканбыз,
Мындай шумдук сөздөрдү.
Тогуз катын жөлөшүп,
Атемир кызы Сааниге,
Араң барды жөнөшүп.
Эси чыгып Манастан,
Талыганын билгени,
Салтанаттуу Саани кыз,
Көрбөгөн экен шерди деп,
Көңүлгө алгын эми деп,
Сааны кыз кыт-кыт күлүптүр.

Айран таң болуп топ катын,
Жалдырап карап турганы.
Муну мындай таштайлы,
Айкел Манас баатырдын,
Алда кандай сөзү бар,
Кабарын угуп алыңар.
Айкөл Манас кабылан,
Каарданып сүйлөнүп.
Отурган Манас арстан шер,
Ал жайын билип келем деп,
Ойлогон Бакай абасы.
Сакалдуусу Кыргылды,
Чакырды Бакай карысын,
Эр Манаска баралы.
Келин-кесек, кыз-кыркын,
Отургандыр жайнашып,
Эшиктен кабар салалы.
Уят кылбай балдарды,
Чакыртып жанга алалы.
Ал жайын сурап көрүшүп,
Амандашып алалы.
Эмне айтса ага көнөрбүз,
Жатышса көңүл жай болуп,
Жайын көрүп келербиз.
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Мыршаптар бар ак сарай,
Бастырып жолго салганы.
Атемир кандын ордосу,
Кабылан Манас баатырга,
Кайрылып кирип барганы.
Капкага кирип ат байлап,
Ат байласа бат байлап.
Чакырып алып желдетти,
Күйөөңөр Манас кайда деп,
Көргөнүңдү сүйлө деп,
Абакең Бакай сураптыр.
Айткан жигит токтолуп,
Аңырайып турганы.
Башын чайкап токтолуп,
Билбедим деп күйөөнү.
Күйөө жактан кеп кылган,
Көрбөдүм деп бирөөнү.
Бек айбат кылып салдырган,
Атемирдин ак сарай,
Санжырасы бир далай.
Ак сарайга кирүүгө,
Бакайдын көөнү бурулду.
Кырк баатырдын баары бар,
Астында Бакай кары бар.
Салам айтып эр Бакай,
Астына эми киргени,
Төрдө отурган эр Манас,
Абакеси Бакайды,
Көмө түртүп ийиптир.
Артында Кыргыл турганы,
Кыргылды алып көөрүктөй,
Алмамбетти уруптур.
Артында Сыргак турганы,
Сыргакты алып көтөрүп,
Ажыбайды урганы.
Жанаша Серек турганы,
Куп көтөрүп Серегин,
Кутубийди урганы.
Анда Серек жыгылган,
Арстан эрдин артынан,
Асылыша турганы.
Ачууга сабыр кылбаган,
Акылы тайкы кем белең.

Ачуулана тургандай,
Алуучу жарың мен белем.
Кайратыңа жөндөп кел,
Калыңын берип мал чачкан,
Катының беле мындагы эл.
Кыздан талап кылбайсың,
Кыз келбейт деп кашыма,
Кыргызды кандай кырасың.
Катынды талап кыласың,
Катын келбей койду деп,
Калкыңды кантип кырасың.
Айкөл Манас кабылан,
Байкап көрчү өзүңдү,
Ачып кара көзүңдү.
Айкандан уккун сөзүмдү.
Жаныңда турган мен Серек,
Атемирден кемминби!
Катыныңды кайтарып,
Чыгарып ийген менминби!
Сааниге кошпойт мени деп,
Кырып ийгин элиңди.
Атемирдин бул кызы,
Чыгарар сенин желиңди.
Келген жанды каттатпай,
Кыз жибербес менминби!
Эп келер ачуу кылбайсың,
Эби жок мындай кылганча,
Элиңди тегиз кырсаңчы.
Көөдөнү тайкы эр Манас,
Шашылбай байкап турсаңчы.
Аңдап уруш кылсаңчы.
Бул сөздү айтып эр Серек,
Сөзүн жыйып басылды.
Кабылан Манас баатырга,
Серектин сөзү угулуп,
Айкөлүң сөзгө жыгылып.
Кылая басып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Күңгүрөнүп сүйлөгөн,
Күлгүндүн сырын билбеген.
Кабылан Манас баатырдын,
Серектин айткан сөзүнөн,
Оң бөйрөгү болк этип,
Оң муруту солк этип.
Алып кел деп Куланы,
Ажыкеңден сураңды.
Баатырың үйгө киргени,
Жоо-жарагын кийинип,
Айкөлүң үйдөн чыкканча,
Абакеси эр Бакай,
Кырк чорого кайрылып,
Жарлык айтып салганы.
Кыргыз эмес, Кыйба да,
Түбүндө булар кыйла деп.
Кыргын кылып бул элди,
Кызылдай жаным кыйба деп.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Манас басып чыкканда.
Курс-курс этип сүйлөнүп,
Сөзүмдү угар Манас деп,
Тура калды күүлөнүп.
Кырк баатырдын баарысы,
Катар туруп жарданып.
Кыргыл, Бакай карысы,
Абырдан шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип.
Астын үстүн салмакка,
Тоотпогон тажикти,

Тозоңун тоодой сапырып,
Айгай салып кырк баатыр,
Аралап шаарын калганы.
Куда болуп мал айдап,
Барган кыргыз мол экен.
Эсебин алып кергенде,
Кырк беш миңдей кол экен.
Ар тараптан бурулуп,
Доолбас үнү угулуп,
Удургуй түшүп чаң болуп,
Уюган канча жан болуп.
Капарсыз жаткан Кыйбага,
Бейкүнөө уруш кылганы.
Айбатын көрүп Айкөлдүн,
Бет бетинен кыйрады.
Жылаңайлак жылаңбаш,
Качып жүргөн шаарда,
Жандалбастап жүгүрүп,
Шашып жүргөн андан көп.
Капарсыз жаткан Атемир,
Канынан кабар баштайлы.
Ал аңгыча болбоду,
Ашып-шашып антаңдап,
Астын-үстүн кылды деп,
Кыргыздан келген күйөөң деп.
Адамдын баарын кырды деп,
Баянын айтып салганы.
Аны уккан соң Атемир,
Айран азыр болгону.
Кайда кеткен бектер деп,
Ойбойду каны салганы.
Жамгырдай окту жаадырып,
Ордого жакын калганы.
Айласы кетип Атемир,
Апкаарып карап калганы.
Абдыкалык, Түлөбек,
Күңгүрөнүп кеп сүйлөйт.
Алганы жатып колукту,
Бул кылганы кандай деп,
Ант ургур кандай күйөө деп.
Жамандык кылып жайлабай,
Алуучу кызды жөн алып,
Айкөл болсо эр Манас,
Баштабайт эле бүлүктү.
Шашкалактап калышып,
Акылбайис кеп сурайт,
Күйөөнү күткөн ким деди.
Күмөн болуп ичинен,
Күлдү журттун баарысы.
Күм-жам кылып заматта,
Ачуусу неге келди экен?
Айкөлдү күткөн адамдар,
Алда неме деди экен.
Аңдаңар аны сура деп,
Атырылып чура деп,
Аман койбос булар деп.
Катынга кабар салыптыр,
Каттаган катын жок болду,
Кабарын билген жан жок деп,
Кабарын айта салыптыр.
Кыйкырып сүйлөп бектери,
Кыздардан барган бекен деп,
Акылбайис, Түмөндөн,
Аш бышырып, нан коюп,
Барган бекен бирөө деп.
Кыздардан кабар алганы,
Барган эмес бирөө деп.
Анда эмесе тажиктер,

Кыйын ишке калыптыр.
Кыйратары эп экен,
Айта жүрчү кеп экен.
Ачка таштап кыз барбай,
Кыз барат деп биз барбай.
Осол болгон экен деп,
Кыйыгына калыпбыз,
Кылымга түйшүк салыпбыз.
Аргасын таппай алдырап,
Айнектей көзү жалдырап.
Ичи ачышып кырк баатыр,
Милтеге чокту коюшуп.
Мөндүрдөй огу төгүлүп,
Мылтыктын үнү күпүлдөп.
Каздарын атып учурбай,
Каарданып сөгүнүп,
Учкан кууну кул атып,
Көрүнгөнүн калтырбай.
Уу ичкендей сулатып,
Үрүп чыккан ит койбой,
Талкалай чаап түк койбой.
Жебенин огу ышкырып,
Кулак мээни тундуруп.
Жазайыл огу чыркырап,
Чаң созулуп буркурап.
Кылымды бузчу кырк баатыр,
Кыйратып элди келатыр.
Ошону көрүп Акмама,
Ой санаага чөмүлүп,
Көзүнө жаман көрүнүп,
Сааниге жетип барганы.
Айтпадым беле мен сага,
Азыр кирип кеткен соң,
Ажалга деди не даба.
Атаңды ада кылдың деп,
Адамдын баарын кырдың деп.
Атемир баштап каныңды,
Анан жаның тынды деп.
Ачуусу келип Акмама,
Сааниге жакын барганы.
Ажарын салып Саани кыз,
Акмаманы карады.
Капкалуу шаарды кырдырып,
Калкыма салдым бүлүктү.
Айкөл Манас баатырдын,
Каршы чыгам астынан,
Ачуусун басып Айкөлдүн,
Жай кылармын көңүлүн.
Капа болбо эне деп,
Кара кыргыз канынын,
Никесине кирейин.
Барайын деп жанына,
Кыларын мурда көргөмүн.
Түрлөнтүп кийим кийгизип,
Кыздарды мурун камдаган.
Отуз беш нөөкөр кашында,
Алтындан жыга башында.
Айдай жүзүн балкыткан,
Туура он ал ы жашында.
Жез жыгадай майышкан,
Жекенди басса аралап,
Алтындан күрмө кийинип,
Айдай жүзү жарк этип,
Асылдыгы билинип.
Мандили бүркөп тон менен,
Басып чыгып жол менен.
Паранжалуу тон кийип,
Сел соккондой теңселип,

Көкүлү көздө сеңселип.
Жең билекке батпаган,
Жел жагынан жан чыкса,
Көз көргөн жерди каптаган.
Жыпардын жыты буркурап,
Күрөөкө тондой жылт этип,
Күдөрү тондой былк этип,
Күкүктөй өнө шыңк этип.
Желбегей тонду жамынган,
Дандырлуу оттой камыгып.
Жез комуздай зыңк этип,
Барча тажик Кыйба үчүн,
Багыштадым башымды.
Бул дүйнөдөн көрбөдүм,
Буга окшогон акылды.
Канчалык кылдым каталык,
Булардын баарын батырды.
Бектерден жетөө кошулсун,
Мен барайын астына.
Мен Айкөлдү тоспосом,
Кылчайуучу жан эмес.
Муну айтып Саани кыз,
Так ошо жерден токтотуп,
Жанына кырк кыз алганы.
Көзгө комсоо кополу,
Көбү токтоп калганы.
Көзгө толчу сындуудан,
Кыркын тандап алганы.
Өтөгөлүү сойлоктон,
Он төртү кошо барганы.
Акылбайис баш болуп,
Жети бегин ээрчитип.
Ак жоолук байлап желекке,
Аземдүү шербет аш менен,
Алтындан кылган челекке,
Каптап келген кошунга,
Каршы келди бектери.
Астында Бакай, Кыргыл чал,
Аламандап келгенин,
Катылбагын дегени.
Мылтыктын баары октолуп,
Милтенин баары чоктолуп.
Кыйкырып келген көп кошун,
Кылкылдап токтоп калганы.
Капкасын бузбай ат коюп,
Аябай кырып ийбей деп,
Артынан Манас келгени.
Ошондо Саани токтолуп,
Алтын тон кийип чайпалып,
Аярлап басып жайкалып.
Таарындың баатыр бизге деп,
Талабым артык сизге деп.
Кыйбанын жоктур күнөөсү,
Кыялыңды билмекке,
Кыз жарың кылган мүдөөсү,
Тажиктин жоктур күнөөсү.
Теңтуштукка чиренип,
Коркутуп сизди койгонум,
Колуктуңдун күнөөсү.
Чырдын баары биздики,
Чыйраксынып кол салган,
Чыдамсыздык сиздики.
Калбанын баары биздики,
Кайратына карк болуп,
Калабага бет алган,
Катаалчылык сиздики.
Кошкомун сизде денемди,
Козгоп ийдиң элиңди,

Билмек үчүн пейлиңди.
Канжар тийип билекке,
Кара башым чын тартуу,
Канкорум сенин жолуңа.
Түйүндү төрөм чечиңиз,
Дүүлүккөн ачууң кечиңиз.
Камчыдан тизгин чечиңиз,
Камсыкпай каарың кечиңиз.
Таарынып элди кыйратпай,
Талабыңа жетициз.
Кана таарынган менен неттиңиз,
Кайнатаңдын калаасын,
Талкалап таштап кеттиңиз.
Эл бүлүнүп чабылды,
Не мураска жеттиңиз.
Кыздар тосуп кылкылдап,
Кабылан Манас арстанды.
Жалооруп сүйлөп Саани кыз,
Жез комуздай шыңк этип.
Күзгүдөй өңү жалт этип,
Күлсө тиши жарк этип,
Күкүктөй үнү шаңк этип.
Чылк жибекке оролуп,
Бойго жеткен торолуп.
Башына кийген жыгасы,
Оң чекеде кырданып.
Айкөл Манас баатырды,
Чылбырдан Каныш алганы.
Кыздын сөзүн кайтарбай,
Кыраан эр токтоп калганы.
Кайын журтум экен деп,
Калың мал айдап келдиңиз.
Итчилик бизден кетиптир,
Капилет калкың кырылды.
Ар кандай айтсаң көндүк деп,
Санирабига сулууну,
Никеңизге бердик деп.
Кара кыргыз канысың,
Кан баласы Саанини,
Никеңизге алыңыз.
Нашаар күндө күбөбүз,
Күбөңүздө жүрөбүз.
Кыйба тажик баарыбыз,
Кандын никесинде деп,
Катасы жок күбө бол,
Кара кыргыз баарыцыз.
Абылмажит муну айтып,
Арстан эрди далдайтып.
Бакай менен Кыргыл чал,
Жанаша келип токтолуп,
Биз деле күбө болдук деп,
Билермандын баары айтып.
Кыргыз Кыйба колуна,
Жолун тосуп акмалап,
Самап келген Айкөлдүн,
Никесине бердик деп.
Абылмажит аттанып,
Айгайын журтка салыпытыр.
Кандын никесинде деп,
Калың журт угуп калыптыр.
Санирабига сулууну,
Түптүү кыргыз түк билбей,
Каныкей атка калыптыр.
Ак куудай мойну созулуп,
Айкөл Манас баатырга,
Айкалышып кошулуп.
Уюган чаңы ачылып,
Урушу тарап жазылып.

Алдырап калган Атемир,
Умачтай көзү ачылып.
Түйүлгөн колу жазылып,
Казыначы кайда деп.
Казынасын ачтырып,
Кыз күйөөнүн жолу деп,
Сексен миң дилде чачылып.
Кыргыздын алып барганы,
Беш жүз төө нар экен,
Беш нарына жүктөгөн,
Кызыл дилде зар экен.
Садагага болсун деп,
Зардан берип чачтырды.
Кудайы кылып алсын деп,
Казына ачып зар алып,
Кара мал, алтын, күмүшкө,
Калктын башы адашты.
Кыраакы экен Атемир,
Кыйла жерди сыдырып,
Кабылан Манас баатырдын,
Кыйындыгы билинип.
Жошо кошпой сырдаган,
Шамал согуп жел тийсе,
Ысыкка жакшы болот деп,
Боз үйдү мыктап жасаткан.
Үзүктөрүн кылдаткан,
Ууктарын учтаткан.
Туурдуктун баарысын,
Жылчыгы жок болсун деп,
Учуга менен тыштаткан.
Түндүгүн алтын чаптырган,
Чамгарагын чегелеп,
Кыйма чийме ойдурган.
Түндүк боого болот деп,
Тоосу жибек тагылган.
Кырк бир атоо үйүнү,
Чечилди кыздын түйүнү.
Кашар-Дөбө оюна,
Кара-Суунун боюна,
Мейкин талаа, көк жайык,
Тигилди келин үйлөрү.
Үй башкарып тиктирген,
Ата-уулдун бийлери.
Келтирип үйдүн порумун,
Аңдап карап байкап ал,
Саанинин кылган сонунун.
Машаты килем салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып,
Барча буулум дүрүйө,
Баасы кымбат дүнүйө.
Мамыктан жаздык алдырып,
Беш жүздөн ашып жаздыгы,
Атлес, шайы, тубардан.
Жуурканын мыктап жасатып,
Төрт жүз сексен жуурканды,
Үй баш сайын жыйдырып.
Капырай кайда койгон деп,
Доолон чүчтө марадан,
Атемир баштап көп адам,
Айран болуп калганы.
Алтын чайдоос самоордон,
Сексен беши келгени,
Бул Саанинин кылганы.
Кырк жаштагы катындай,
Кыйбатты жыйган бир далай.
Такта коюп жүк жыймак,
Так ушундан калыптыр.
Каныкей жүгүн жыйган деп,

Кара кыргыз борумун,
Так ушундай кылган деп.
Кары жаштын баарысы,
Ишин көрүп жактырып,
Сарамжалы башкача,
Каныкейге ыракмат,
Арбын айтып салганы.
Каз катар тиккен кырк үйгө,
Кызмат кылды кырк үйү.
Кошо келген кырк нөөкөр,
Каныкейге ийилип,
Салам айтып бүгүлдү.
Кошулушун карап бак,
Астынын жашы он жети,
Он алтыда аягы.
Кырк үйгө кирди бирден кыз,
Тегиз кирди кыздар деп,
Эсебин бийлер алыптыр.
Каныкейге жакын үй,
Бурала басып толгонуп,
Нааркүл кирип калыптыр.
Катарында боз үйгө,
Арууке кирип калганы.
Аңдасаң кызык тамаша,
Зыйнагүл кирип калганы.
Удаалаш кирип улук ат,
Буларга катар Кыяпат,
Бу дагы кирип калганы.
Бардыгы катар Батмасан,
Бул үйгө катар Бурулнас,
Серпилип кирип Сейилсам.
Ал үйгө кирген удаалаш,
Отор бий кызы Сейилжан,
Тал чыбыктай ийилип,
Асыл кийим кийинип,
Ташбүбү кирди бир үйгө.
Салакасы башкача,
Саамай чачы төгүлүп,
Санамкан кирди бир үйгө.
Абылкасым кызы экен,
Айдай бетин нур чалган,
Аста басып сумсайган,
Announcements
Аземжан кирди бир үйгө.
Маарамбүбү асыл жан,
Тал чыбыктай ийилип,
Бул дагы кирди бир үйгө.
Кырк кыз катар жарданып,
Ар бир үйгө киришти.
Кырк баатырга тийерин,
Кырк кыз эми билишти.
Кыялданып сумсайып,
Баатырлар кыйнар бекен деп,
Бир-бирден баса жыгылып.
Курган жан кандай болот деп,
Бирден кызды чыңыртып,
Түбүнө жетип коёр деп,
Түркүн санаа ойлонуп,
Түнкүсүн чочуп ойгонуп.
Кырк чоронун кырааны,
Олуя Бакай эр экен.
Болор ишти болжогон,
Улуусу экен чоронун.
Жашы жеткен отуз үч,
Ойлоп ишти баштаган.
Бакайдан кийин Кыргылы,
Ойротту бузган дыңгылы.
Отуз эки жашында,
Бакайдан кийин Кыргылы.

Кырк баатырдын баарысы,
Күлдүркан уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай.
Кара кыргыз журтунан,
Кырааны болчу Кутубай.
Маңгулдан келген Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги.
Сарыбайдын Сатайы,
Алчын, Үлчүн, Атайы,
Үйшүндөрдөн Үмөт бар.
Үч уруунун жайсаңы,
Аргындан Каракожо бар.
Шаабек, Бообек, Шүкүр бар,
Албан уруу ичинен,
Дөрбөндөрдөн төрт айы,
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Кошо келген чагы бар.
Далыдан даана көрүүчү,
Далычысы Агыдай,
Астыда болор иштерди,
Айныбай айтып берүүчү.
Той башчысы Токотай,
Кошо жүргөн кези экен.
Калк башкарган Калкаман,
Элдин бийи Элеман.
Кайнаган элге көз салып,
Аралаш жүргөн кези бар.
Серек, Сыргак эгиз эр,
Серп алган жагы өрт болгон.
Жекени белге курчанган,
Казганактап кол келсе,
Желбегей кирип кол салган.
Кош башкарчу эр Абыш,
Аймандардан Алымбек.
Маңгулдардан эр Мажик,
Нойгуттардан Чубак бар.
Айта берсе сыры кеп,
Айткан сөзү баары эп.
Арстандын бири бу дагы,
Казактардан Тоорунчу,
Кайгыл, Бөгөй, Төгөй бар.
Шыңгы байдын кербенчи,
Шыпты кашка Дөрбөлжүн.
Кара түкө Абылы,
Жаңгерден келген Жабыке.
Алооке уулу Абыке,
Ырамандын Ырчы уулу,
Шаакенин Боз уулу,
Кошо жүргөн кези экен.
Кадыр менен Жайнак бар,
Кырк берен кырка туруптур.
Кыйбадан тандап кыз алып,
Кабылан Манас тунуптур.
Аягы бар билинбейт,
Айкөл Манас баатырдын.
Кырк чоросу жарданып,
Кырааның өзү шаңданып.
Кыны жок кылыч байланып,
Кырк чоросу жарданып,
Карап турган кези экен.
Атемир басса-турса ойлонуп,
Акылман артык карыдан.
Кыйбанын кара журтунан,
Кыйынга кабар салганы.
Ак сакалдуу Улама,
Карысын жыйып алганы.
Аңдап көрсөң буларды,
Чогултуп эми алганы.

Шааны-шөкөт тойлорго,
Кагылып жүргөн нагыра.
Темиркан эми чалдырды,
Уйгу-туйгу бөлүнүп,
Адамдын башын маң кылды.
Никеге кутпа окуйт деп,
Жетимиш Молдо алдырды.
Зайыптар сайын бир-бирден,
Жылжыган жорго токутуп.
Зайыптар атка мингени,
Бири күйө, бири кыз.
Жактырганын алсын деп,
Жарашпаса которуп.
Бири-бирине барсын деп,
Каалаbelowса моюн сунсун деп.
Каалабаган эркектер,
Катышпастан турсун деп.
Кыз тандасын кысталбай,
Көөнүнө толгон кыздарга,
Катышпастан турсун деп.
Кыстабасын бир түнү,
Байкасын жигит бир күнү.
Шашпаңар деп бир түнү,
Эрк берди кыздын өзүнө.
Атанын уулу ойлоп көр,
Бабаңар айткан сөзүнө.
Тандоону койду эркекке,
Эркектер канды эмгекке.
Кыз жактырса тийсин деп,
Кызык болгон бу бир кеп.
Кырк баатырдын барысы,
Жарданып кырка турушту.
Кыргыл Бакай карысы,
Кысталып карап турушту.
Кылым журттан ким көргөн,
Кызык мындай жумушту.
Айкөл Манас кеп айтып,
Баатырлар кара деп айтып.
Тандатып кызга жүргөнчө,
Бекеринен күйгөнчө.
Талаага чыгып баралы,
Тамашаны салалы.
Жарышып келип калалык,
Бактыңа кандай туш болсо,
Так ошону алалык.
Баатырлар мунум кандай деп,
Манас айтып салганы.
Кыргыз менен тажиктин,
Кыйлага даңкы кетсин деп.
Кырка турган кырк баатыр,
Макул болду баарысы.
Кыйла жерге барышып,
Кырка туруп калышып.
Кырк баатыр жапырт ат коюп,
Жарышып жолго салганы.
Кайра тартып алганы,
Тулпардан тизе бүгүлүп.
Чаң артынан төгүлүп,
Кырк баатыр жолго салганы.
Чаң созулуп асманга,
Жөө тумандай созулуп.
Бирине бири урунуп,
Кыйкырык үнү угулуп.
Алманбеттин Сарала,
Биринчи келип калганы.
Арстан Бакай айкырып,
Алманбеттин артынан,
Эр Бакай кирип барганы.

Улуккандын Эр Сыргак,
Кошо кирип калганы.
Кызыбаган Аккула,
Өкүрөңдөп алыптыр.
Кызыбаган союлгур,
Өксүп эми калыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кандайы тиер экен деп,
Кысталышып барыптыр.
Сарала чуркап закымдап,
Аруукенин үйүнө,
Алманбет баатыр кез келип.
Арстан Алмаң баатырың,
Аруукенин үстүнө,
Үйүнө кирип барыптыр.
Үтүрөйгөн кара кыз,
Алмаңды көрүп калыптыр.
Тирүү пенде кара кыз,
Үйдө отуруп алыптыр.
Артынан Бакай барганы,
Атын бай лай салганы.
Нааркүлгө кез келип,
Көкчолок учуп тез келип.
Отуз төрттө Бакайга,
Ойкуштанган сулуу кыз.
Ойондор сөздү угуңуз,
Көкказыкты чуратып,
Көтүнөн чаңды буратып,
Көк жал Сыргак баатырың,
Саягул деген сулуунун,
Үйүнө кирип калыптыр.
Алдам буйрук берди деп,
Аташканың менмин деп.
Баатырлыгын билиптир,
Саягул алып Сыргактын,
Башында бөркүн күбүптүр.
Колтуктап үйгө киргизип,
Кызматын кыла киргени.
Төрөмдүн кылган иши деп,
Аргындын уулу Ажыбай,
Карала ат менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Ашып-шашып антаңдап,
Ажыкең эми жеткени.
Уруудa болбос улук ат,
Урматтуу Эрге жолугат.
Кутубийдин Аксанай,
Узакка чапса чаалыкпас.
Кутубий эми жеткени,
Берген кудай муну деп.
Бет алдынан Кутунай,
Беттешип эми калганы.
Мажиктин аты Керкашка,
Жүгүргөнү бир башка,
Жылкыдан шаңы бир башка.
Басып чыгып Батмина,
Алда кошкон жарым деп.
Атын алып бүгүлүп,
Уч кайталап жүгүнүп.
Токотойдун тору аты,
Капталында канаты.
Туягын жерге мылгытып,
Көкүлүн көккө ыргытып.
Кез келем кандай жанга деп,
Келип кирсе Токотай,
Бурунас турган кыналып,
Муну көрүп Токотай,
Муңу чыгып кубанып.

Чалыбай келип шаттанып,
Чаартын мойну тер болуп.
Серпилип үйгө киргени,
Айдай бети нурланган,
Сейилкаш кызды көргөнү.
Арманым жок эми деп,
Көзүнөн эми күлгөнү.
Акбалтанын Чубагы,
Аралашып бу дагы.
Көкчебич менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Кандай кыз мага туш болот,
Башыма кантип бак конот.
Деп ошентип айкырып,
Келип калган убагы.
Эшигин ачып киргени,
Тал чыбыктай буралган,
Сейилканды көргөнү.
Жайылып беттен тер кетип,
Ичинен жылма күлгөнү.
Калкаман жолго салыптыр,
Кара аты менен аргытып,
Эми келип калыптыр.
Шаабүбүгө кезигип,
Санаасын эми басыптыр.
Ашып-шашып антаңдап,
Кара кызыл ат менен.
Тепең уруп алдастап,
Чалигиң келди сүйүнүп,
Санамжан кыздын үйүнө,
Боз кара минип болкоюп.
Атына камчы салганы,
Бирден кыздын дартынан.
Жаңы келип калганы,
Эшигин ачып өргөнүн,
Бообек кирип калганы.
Азелканды ал көрүп,
Санаасы тынып калганы.
Аркасынан бургутуп,
Көкүлүн көккө ыргытып.
Атайдын аты Карабоз,
Атай келип калганы.
Маарбүбү кыз экен,
Ургаачынын узу экен.
Атайга карап бурулуп,
Түшүрүп эми алганы.
Аргытып жолго салыптыр,
Шаабек жөнөп калыптыр.
Талпаңкөк минип чуратып,
Шаабек келип калганы.
Аттан түшүп түйүлүп,
Эшикти ача салганы.
Балкыя деген кыз экен,
Ургаачынын узу экен.
Өңү- түсү келишкен,
Башкача сулуу кыз экен,
Бактысына жаралган.
Ар кайсы жерге бир тийип,
Кожонун аты Желтаман,
Ал дагы келип калганы.
Касбүбү деген кыз экен.
Санаасын басып Кожокең,
Жайланып туруп калганы.
Андан кийин Бооке,
Алагер менен чуратып.
Кыргыздын кыраан балдары,
Ай сулуу кыздан ала бер.
Карап турбай Бооке,

Тизеканга бара бер.
Шүкүрдүн аты ала аяк,
Калбады Шүкүр жан аяп.
Мөөр кызга бара бер,
Жыргай турган ушул чак.
Ачбуудан менен чуратып,
Жайсаң жонго салганы.
Буйдалып оозун бурбастан,
Андай мындай дегенче,
Албүбү кызга кез келди.
Албандардын Алтайы,
Ат аябай тез жүрүп.
Аламойнок ат менен,
Учкан куштан тез келди.
Калбүбү деген сулууга,
Каршы алдынан кез келди.
Эми Жоорунчу жолго салыптыр,
Салкүрөң менен аргытып,
Катуу жүрүп калыптыр.
Букардын кызы Мундускан,
Жоорунчу жетип үйүнө,
Бу дагы кирип кетиптир,
Андан кийин чуратып.
Кара күрөң ат менен,
Төртай жетип барганы.
Сонобүбү кыз экен,
Ургачынын узу экен.
Төрөтай көрүп кубанып,
Пер кызындай сулууну.
Андан кийин Төлөгү,
Тоокара минип болкоюп.
Ашып-ташып антаңдап,
Бурмажандын үйүнө,
Башбагып эми киргени.
Наркызылды алкынтып,
Баатыр Серек келиптир.
Наркызылдан секирип,
Талапбүбү үйүнө,
Серек кирип кеткени.
Алакөк атын миниптир,
Агыдай жолго кириптир.
Туягын жерге мылгытып,
Көкүлүн көккө ыргытып.
Кыз дегенде кымыңдап,
Көөнүнө толуп ачышкан,
Агыдай көөнү куш болуп.
Жайнактын аты Чалкүрөң,
Жаадай учуп алыптыр.
Көгүчкүн кыздын үйүнө,
Жалмаңдаган боюнча,
Жайнак кирип барганы.
Түмөн Наркызылын миниптир,
Буйдалбай жолго кириптир.
Буркуратып тозоңун,
Аяткан кыздын үйүнө,
Аярлап кирип кетиптир.
Кайгылдын аты Карагер,
Кайып учуп калыптыр.
Кандай да болсо көрдүм деп,
Үркөрбүбү сулуунун,
Үстүнө кирип кетиптир.
Бөгөлдүн аты Бөрүкөк,
Жүрө берсе жел жетпей.
Кантип турсун Эржигит,
Кыз кабары дегдетпей.
Канымжан кыздын үйүнө,
Түшүп кирип калыптыр.
Чабдарды минип зыңкыйып,

Ырчы жолго салганы.
Учуп күйүп ыргыштап,
Эми жетип барганы.
Айбүбү деген кыз көрүп,
Ырчы түшүп калганы.
Тоокашка деп аты бар,
Кербени жолго салыптыр.
Омуроодон тер кетип,
Эми келип калганы.
Сейилбүбү үйүнө,
Кирип кетип калганы.
Дөрбөндүн аты Дөңкара,
Катуу жолго салыптыр.
Шашкалактап токтобой,
Жаңы үйгө киргени,
Саанами кызды көргөнү.
Андан кийин Бөгөлү,
Бөрткула минип чуратып.
Санарбүбү туш келди,
Бөрү жолун бөгөлтө.
Бөгөлдүнүн артынан,
Бозжигит аты жөнөдү.
Артынан Бозуул барыптыр.
Акмалап карап калыптыр,
Нарбуурул деген аты бар.
Айышкан деген бул кызга,
Бозуул түшүп калыптыр.
Аскара атын миниптир,
Тазбаймат жолго кириптир.
Найбүбү деген сулууга,
Байматың эми кириптир.
Түлөсүн атка мингени,
Суркоенун суналтып,
Көргөндүн көөнүн кубантып.
Ошолордун баарысы,
Арстан Манас баатырдын,
Ооган жерде сүйөөсү.
Калемкаш кызга барганы,
Кан Манастын кырк чоро,
Канды белең арманы.
Ошолордун баарысы,
Кара кыргыз балд ары.
Түлөөнүн аты Карагер,
Калемкаш сулуу алганы.
Дилдебүбү сулууга,
Жабыкенин Кылжерде,
Закымдап учуп барганы.
Телкүрөң минип Абышың,
Арбытып жолго салышын.
Сулайка сулуу сумсайып,
Астынан тозуп алыптыр.
Абышың анда калыптыр,
Аксуратын чуратып.
Отуз сегиз болгондо,
Алакең кирип барганы.
Айымкан деген кызга туш,
Баатырлардын көңүлү,
Болуптур бүгүн бааркуш.
Аргындардын кандары,
Аксур менен барганы.
Айдайжан болуп алганы,
Кыркы болуп кызайдан.
Кыясказы барганы,
Турсунай кыздын үйүнө,
Туура келип калганы.
Кырк бир болуп кыйкырып,
Көккоен кирип барыптыр.
Көкжорго менен сыздырып,

Батмабүбү сулууга,
Барып кирди бүгүлүп.
Акжалын минип алкынтып,
Акпай жолго салганы.
Эки этеги желпинип,
Эми келип калганы.
Шылдыр чачпак бото көз,
Жыгалуу бөркү башында,
Шыңгынайга келди кез.
Аркасынан албаңдап,
Айкөл Манас кабылан.
Аккула менен далбаңдап,
Айкөл Манас барыптыр.
Аксарайдан буралып,
Акмаралдай суналып.
Ак шайы кийип буралып,
Сандыргасы жанда жок.
Саани чыгып калыптыр,
Улук пейил анда жок.
Ыргала басып теңселип,
Аккуланын табышын,
Мурун эле угуптур.
Айкөлүмдүн бууданы,
Абдан күлүк экен деп.
Кылайып күлүп туруптур,
Кымбатым келсе экендеп.
Кылчайып карап турганы,
Олдоксондук иш кылып.
Канжар тийди колуна,
Канымтан болгон жолуңа.
Каарыңды төрөм койгун деп,
Катаалдык кылат экен деп.
Бузулбасын оюңуз,
Төрт тарабын тең көрүп.
Аял болуп турсам да,
Бактыма Айкөл табылдың.
Арстаным бери келгин деп,
Атыңды түшүп бергин деп.
Оюна койбой Айкөлдү,
Аккула атын алганы.
Таазим кылып жүгүлүп,
Оң тизелеп бүгүлүп.
Оолжуй басып Каныкей,
Орунду небак салганы.
Чоң калаадан алдырган,
Элүү беш көөкөр кымызга,
Күчү кайтып калар деп,
Күчаладан салдырган.
Алдырып келип кымызын,
Аземдетип жасаткан.
Артык экен карагын,
Жыгачтан челек жасатып.
Жетимиш мөштө кымызын,
Кыз экенде камынган.
Кылыгын байкап карагын,
Шекер шербет бал менен,
Жая кошуп жал менен,
Жетимиш түрлүү нан менен.
Кырк чоронун баарысын,
Кыздары менен чакырып.
Шашылбастан Каныкей,
Дасторконун белендеп.
Дасторкон жайып салганы,
Эртеси эмес кечинде.
Намаз дигер кезинде,
Кырк чоронун баарысы,
Үлпөттө минтип жолукту.
Кымыз менен тамактан,

Аярдап ичип кырк чоро,
Сыр алдырбай байкашып.
Бирин бири жайкашып,
Кырка турган жер ушул.
Шаани-шөкөт курушуп,
Кырк чоро алыс турушуп.
Мен ушуга тийбей деп,
Көңүлүнө албасын,
Армандуу кыз калбасын.
Кырк чоро кыркы оолак тур,
Кыздардын көзүн байлайлы.
Жабыла басып кырк бир кыз,
Бирден, бирден кармасын.
Кармаганы кас болуп,
Билмексенге салбасын.
Кырк жерге барып кырк чоро,
Кырк бир кыз көзүн байлатып.
Чоролор көздөй бет алып,
Колдорун сунуп жеткени.
Аты келген күйөөсү,
Бирден кармап кеткени.
Арстан Алмаң баатырдын,
Бүткөн бою чыйрыгып.
Эми карап турганда,
Ырайы суук кара кыз,
Алмамбетке жеткени.
Кырк кыздын ичинен,
Баарына тийди сарасы.
Үтүрөйгөн кара кыз,
Мага жетип жармашты.
Атемирдин Сааниси,
Айкөлдү кармап кетиптир.
Анда Алакең муну ойлоп,
Калабалуу кара кыз,
Шайтанбы дейм жинби дейм.
Адашпай мага жармашып,
Катардакы чорого,
Баарына тийди сара кыз.
Ырайы суук кара кыз,
Адашпай мага жармашты.
Арзан менен кымбатын,
Айдай болгон сымбатын.
Акырында билерсиң,
Нускасынан бул кыздын,
Эч таппайсың айып деп.
Уругу улук кайыптан,
Перинин кызы болот деп.
Кемсинткен кантип оңот деп,
Саани кыз айтып турганы.
Арууке кайда кеткен деп,
Кырк бир кыз карап жарданып.
Кайдан келген бу шумшук,
Капсалаңдуу куу кыз деп.
Бирин бири карашып,
Кыткылыктап кырк бир кыз.
Катындар күлүп каткырып,
Саани кыз билип мүнөзүн.
Аста басып Саани кыз,
Аруукеге келгени,
Аста келип сөз айтып.
Арстан баатыр Алмаңды,
Капа кылба деп айтып.
Каапырдан болгон мусулман,
Касиеттүү жанды деп.
Кагылайын Арууке,
Муруңку кейпиң салгын деп.
Саани кыз келип асылды,
Перинин кызы Арууке,

Үндөбөстөн басылды.
Кайнаган кытай улугу,
Каканчындуу кытайдын,
Карап көрсөң Алмамбет,
Ач арстандын тунугу.
Оёндун бири мына ошол,
Ойротту бузчу эр ошол.
Байкабасаң сөзүмдү,
Манас алсын өзүңдү.
Алсын Манас сени деп,
Алмамбет алсын мени деп,
Саани кыз айтып салганы.
Ушу келген кырк кыздар,
Ортого түшүп жайлансын.
Оолакка чыксын чоролор,
Ортодо жан болбосун.
Баарынын көзү байлансын,
Ачпай келип көздөрүн.
Бир бирден кызды кармасын,
Кармаган кызга тургула.
Мындан артык калыстык,
Бизге кайдан табылсын.
Муну айтып Саани кыз,
Баарына жар салыптыр.
Ал жерде жандын баарысы,
Макул болуп калыптыр.
Ким калат ушу жалганга,
Кызык иш болсун калганга.
Айтууга калсын кеп болуп,
Мындай ишти кылалык.
Деп ошентип Саани кыз,
Элине айтып салганы.
Кыздарды бөлөк бөлгөнү,
Кырк чоро көзүн байлашып.
Кыздар турат буралып,
Кырк баатырдын баарысы,
Катар басып жарданып.
Айкөл Манас кабылан,
Бакай, Кыргыл карысы,
Катар басып калганы.
Кыз кыркалап калганы,
Кырк чоронун баарысы.
Колун жайып кайдалап,
Билгендей баары жеткени,
Бирден кыз кармап кеткени.
Аттары келген чоронун,
Кармаган өз кыздарын.
Алманбетке келген кыз,
Дагы түрүн бузуптур.
Тилин чайнап балдырттап,
Арууке тантык кыз болуп.
Алакең ачып көзүнү,
Жаман кызды да көрдү.
Перинин кызы бейтаалай,
Саани кызга кеп айтып.
Кытайдын эли бүйүк деп,
Кыйгыз эли туйук деп.
Канткенде мага туш келет,
Башка кыздын баарысын,
Кыйгыз алат экен деп.
Кытайга кандай кетем деп,
Перинин кызы Арууке,
Эми сөздү салганы.
Айтканын угуп Саани кыз,
Ачууланып калганы.
Арууке сен айтпагын,
Андай мага сөзүңдү.
Угузбагын деп айтып,

Аягы эки, колу эки.
Адамзат пенденин,
Арууке сен кандайсың.
Арстан Алмаң баатырды,
Азып келген кытай деп.
Айнытпагын көөнүңдү,
Күмүш да бар калай бар,
Күмүшкө калай жетмеги,
Дүнүйөдө далай бар.
Териси калып жеринде,
Мистеден чыккан бу бир дан.
Тышы сөөк ичи дан,
Көп топодон бөлүнүп,
Сарай болгон бул бир жан.
Айбаты артык Азиз кан,
Кармап турган каканды.
Калкым айтар кеп кылып,
Арууке качып жоголгон.
Кайыпты чанып кара бет,
Кыдырып жүрүп тийиптир,
Кытайдан келген нааданга.
Намыс үчүн тийбейм деп,
Арууке сөзү басылды.
Аңдап келип Саани кыз,
Алмамбетке асылды.
Периден эмес Кайыптан,
Кыпындай жерде кынтык жок.
Сулуулугу сымбаты,
Өзү назик жүзү нур.
Алманбет ушул сөзүмдү ал,
Алдап-соолап боюн ал.
Антпесең кайып жоголор,
Аргасыздан оңолор.
Кашыкка куйган карасуу,
Карагат көздүү кан жүздүү.
Теңебай турат бу сизди,
Атасы кытай экен деп,
Алек кылды бу бизди.
Сүйбөстүн кебин сүйлөдү.
Кошулдум он бир жашында,
Алты жылдан бер жакка.
Аралаш жүрөт биз менен,
Акылга дыйкан өзү уз,
Ааламда болбос мындай кыз.
Жаман кара кыз бойдон,
Жарады деп алыңыз.
Кыз келбетин бир салса,
Корунганбыз баарыбыз.
Сайрап айтып кыйла сөз,
Көпчүлүктүн баарысы,
Угуп турду көзмө көз.
Алмамбет макул алганы,
Арууке көздөй бет алып.
Айарлап басып барганы,
Ырай түрү бузулуп.
Таманы туурук тулга бет,
Карасы казан көөсүндөй.
Каңырсыган жыты бар,
Жанына пенде туралгыс.
Арстан Алман баатырың,
Кайра басып бурулуп.
Айкөл Манас жанына,
Келип Алмаң турганы.
Ичтеги дартты чыгарып,
Болгон сөздү урганы.
Перинин кызы болсо да,
Бул кызды мен албайм деп.
Атым чыгып келди деп,

Алган кызым бул болсо.
Арылбас менин арманым,
Ал сөздү айтып Алакең.
Кандай болду бул экөө,
Кыз күйөөлөр жайланып.
Тынчалбай баары дүрбөшүп,
Бири-бирин жүр дешип.
Уктай албай калганы,
Арууке элди тажатып.
Ачка калды таң атып,
Айкөл Манас арстаның.
Ачууланып күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп.
Оозунан жалын шыркырап,
Бул эмине кылганы.
Өтүп кетти көрүнөт,
Атемирдин мазагы.
Аябай өттү азабы,
Аярды жыйып кызым деп,
Бул алдашы кандай кеп.
Кайыпты жыйып пери деп,
Кайтарып жүрүш кандай деп.
Баарын таштап Алмаңа,
Башкадан кыз издейм деп.
Алмамбетти мен ойлоп,
Өрттөнүп ичим оолуктум.
Башкадан кыз издейм деп,
Оюмдан кетпей оолуктум.
Кыз албасам кечейин,
Мазака кылса Атемир,
Кырып таштап кетейин.
Талак кылып кетем деп,
Түбүнө эми жетем деп.
Катынсыз Алмам калган соң,
Мен алып катын кетем деп.
Ачууланып арбайып,
Карабөрк катын турган соң.
Акылайым жанымда.
Кара Кыйба шаарынын,
Жыйып алган кыздардын,
Кай жери артык экен деп.
Каарын Айкөл салганы,
Кабылан Манас атасы,
Жакып баштап карысы.
Кыргыл, Бакай карысы,
Аксакалы Ошпур да.
Акымбек менен Байжигит,
Манаска эмне болду деп.
Үрпөңдөшүп чогулуп,
Кыргыздын келди карысы.
Айкөл Манас оолугуп,
Кыйкырып доол урмакка.
Камынып калган кезинде,
Карынын баары чогулуп,
Айарлатып токтотуп.
Кылаарын угуп Айкөлдүн,
Кыйба тажик барышып.
Кылыксынбай турбай деп,
Кыздарын жемеге алышты.
Кыйкырып кирип барышты,
Ошондо перинин кызы бейтаалай,
Баш бурганым болбос деп.
Кытай да болсо Алмамбет,
Падышадан экен деп.
Кайыпты сүйбөй курган баш,
Башыма эми жеткен деп.
Алдам берген никеден,

Баш толгоп кайда кетем деп,
Баш ийип эми турганы.
Тогуз бөлүм арибин,
Токтолуп кайра окуду.
Аллама шүкүр кылдым деп,
Жакасын кармап үч жолу,
Айдай бети нурланып.
Күлүп ийбей сумсайып,
Калыбына келгени.
Айкөл Алмаң ошондо,
Сулуулугун көрүптүр,
Бою балкып эриптир.
Аруукенин жанына,
Басып Алмаң келгени.
Карынын баары топтолуп,
Кабылан Манас баатырга,
Калк жыйылып айтты кеп.
Алтындан байрак көтөрдү,
Акылдашып алышып,
Тойду баштап салганы.
Саанинин кыйла билери,
Буйрукту айтып салганы.
Төрт жүз элүү катынды,
Токтолбостон жибер деп.
Буулушу канча сан жетпейт,
Эсепсиз жыйып салыптыр.
Атилес шайы тукаба,
Буюмдун жайын сураба.
Машуроо барча дейилде,
Жыйган экен түрлөнтүп.
Торгун буулум тубардан,
Байкаган адам кубанган.
Дүрдүн деген буюмдан,
Аты кыйбат баарыдан.
Атын укпай калганың,
Так ушундан угуп ал.
Доолон, соолон, ноолон бар,
Түркүн түскө кубулган.
Санамы бар чүчтө бар,
Сансыз жыйган дүйнөнү.
Бекасам шайы түрлөрү,
Бир-бирине окшобойт,
Баасы башка бүт түсү.
Атилас жууркан көрпөсүн,
Журтунун баары көргөнү.
Кырк отоо үйдүн баарына,
Кыз Саани эми бөлгөнү.
Кылганын бул журт көрсүн деп,
Кырк үйдүн баарына,
Он эки жууркан оруну.
Ойротто жок боруму,
Ар бир үйгө бөлүндү.
Он экиден жуурканы,
Көз көрбөгөн сонундан.
Кырк үйгө кыптап чыгарды,
Эне-атасы кырк кыздын.
Камылгасын көрүшүп,
Өз алдынча барышып.
Жууркан төшөк беришкен,
Боз үйдүн ичи толгону.
Көз көрбөгөн сонундан,
Кыйба кыргыз элинен,
Кызматына барганы.
Үйдүн ичин жайлашып,
Казкатар туруп жарданып,
Кыргыз, кыйба тажиги.
Саани кызга таң калып,
Үйдүн баарын шай кылып.

Ушуну менен кыздарга,
Үч катар нике байлатып.
Алтымыш молдо алдырып,
Чоронун көөнүн жай кылып.
Санаасын эми тыйдырып,
Кырк чоронун баарысы,
Бирден кызды ээрчитип,
Кырк үйдөн чыгып кылайып.
Кумарлары канышып,
Кыңшылатып кыздарды,
Айкалышып калганы.
Чоронун болбос арманы,
Аркы-терки басышып,
Санаасы, тынып жайланып.
Той уланып күнү-түн,
Кырк күнү кыйла той болуп,
Ойдогудай болгону.
Тай, кунандан чабылып,
Арзыгандын баарысын,
Азыр кылып табылып.
Элге киши чаптырып,
Айыл билген ак сакал,
Акылмандан алдырып.
Бир жарым миң атанга,
Дүнүйө мүлкүн жүктөтүп.
Кыргыздан келген байбиче,
Ак элечек башында.
Ак маралдай даңкайып,
Аттанып чыкса маңкайып,
Миң эки катын барыптыр.
Акылмандар коштошуп,
Жолуңар шыдыр болсун деп,
Коштошуп жолго салыптыр.
Кырк сегиз келин көчүрүп,
Байбиче Шааке баш болуп.
Кырк баатырдын баарысы,
Кылайып кетпей намызы,
Тажиктен тандап кыз алып.
Саанирабига атын жоюшуп,
Кабылан Манас жолборстун,
Каннике атты коюшуп.
Конуп, түнөп жол жүрүп,
Айлына аман барышты.
Саналары басылып,
Умачтай көзү ачылып,
Уюп жатып калышты.

## КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАСЫ БОКМУРУНГА АЙТКАН КЕРЭЭЗИ

Сексен жети жашында,
Кабыргадан кагынып.
Катуу болуп калганда,
Баймырзаны чакыртып.
Айта турган кебим бар,
Каса ажалым жетиптир.
Төбөмдөн уруп кетиптир,
Бул дүнүйө жалгандан.
Көзүм өтсө Баймырза,
Аркамда балам жаш калды.
Эркелетип баламды,
Атын оңдоп коё албай.
Бокмурун деп ат койдум,
Эми кайтыш болсом мен.

Жанымда турган балам жок,
Өрттөнүп күйүп ичим чок.
Кагылайын Баймырза,
Тирүүгө да мал керек.
Ушатпасын жөнү жок,
Беш ондон кара сойгула.
Келген келин тоюндай,
Эптеп мени койгула.
Өлгөнгө да мал керек,
Ашапке чачып не керек.
Малга кароо Көкөтөй,
Сегиз миң сексен жылкым бар,
Он тогуз миң коюм бар.
Акылы пас Бокмурун,
Ошончо малды чачар бейм.
Чачабы деген оюм бар,
Тогуз жерге кыз бердим.
Ойротто жок күйөөм бар,
Беш жарым миң уюм бар.
Топозум сегиз миң болгон,
Байлыгым журтка дүң болгон.
Амбарым толо алтын бар.
Атагым кеткен ааламга,
Көкөтөй деген даңкым бар.
Бир там толгон күмүш бар,
Кулак угуп көз көргөн,
Сонундардын баары бар.
Буулум менен дейилда,
Кызылдан кымкап санат жок,
Кайсы бирин айтам деп.
Жалгыз балам Бокмурун,
Он төрттөн жашы ооду деп,
Он бешке кадам койду деп.
Ooганга балам кеткени,
Бир айга даана жетти деп.
Сайылган бойдон тал калды,
Жайытта жүргөн мал калды.
Үшкүрүгү баш жарып,
Көкүрөгү кирилдеп.
Эки көздүн кычыгы,
Калган экен ириңдеп.
Бокмурунда акыл аз,
Капыр менен мусулман,
Чакырып алып баарысын,
Карк алтынды чачпасын.
Орчун дүйнө бош калды,
Бокмурун балам жаш калды.
Дүнүйөнү сапырып,
Түйшүктү андай кылба деп.
Жалгыз балам Бокмурун,
Керез сөзүн тыңдасын.
Чарбактагы жемишим,
Кошунам Кошой дөө калды.
Сандаган койду сарп кылып,
Аш берем деп атама,
Дүнүйө мүлктү чачпасын.
Кыргызга кылган кандыгым,
Он беш кез темир сандыгым.
Ачкычы жети, тили элүү,
Акылын таап ачышар.
Кызыл дилде, ак жамбы,
Кылымга берип чачпасын.
Каталга мүрзө каздырып,
Казанагын ойдуруп,
Жайымды кассын белендеп.
Кыбыла кылып бетимди,
Насият акыл бергиле,
Бокмурундай балама.

Сексен беш кишиге карматып,
Замзам менен жуудуруп.
Буугучунун барысын,
Кымыз менен жуудуруп.
Чарайна менен чаптатып,
Жата турган жайыма,
Арчанын күлүн төккүлө.
Бурак атым токутуп,
Он беш атты койгула.
Ырчыларга мактатып,
Ырдатып жанга койгула.
Алтымыш мо лдо алдырып,
Төрт ай куран окутуп.
Абу заман суусунан,
Кепиниме төккүлө.
Сегиз жүз субай кур байлап,
Дооранымa койгула.
Баарысын семиз кур байлап,
Бай Көкөтөй өлдү деп,
Көрмөкө келген адамдын,
Көңүлдөрүн баскыла.
Өз дүнүйөм элге билинсин,
Жан келгендин баарысын,
Тай чабым жерден өкүртүп.
Арбагымды сыйлатып,
Ак жоолукчан зайыпка,
Аталатып ыйлатып.
Айттырып менин жайымды,
Калганга болсун бир нуска.
Жалгыз балам Бокмурун,
Сүйгөн экен бир кызды.
Сүйгөн жарын алганча,
Сексен жети жашымда,
Келди өлүм башыма.
Керез кебим укпады,
Балам туруп кашымда.
Жыл маалына толгончо,
Олтуруп эми албасын.
Каныш зайыбым Күлайым,
Өзүмө кылып зыйнатын,
Өлтүрүп анан калбасын.
Ойротко кабар салбасын,
Кабар айтып ар элге,
Чачылышта не пайда.
Аттансам жалган дүйнөдөн,
Акыры жаным чыкканча,
Ашыкпайын сүйлөөдөн.
Ким жүрөт тирүү жалганда,
Үлгү болсун калганга.
Болгон сөздүн барын айт,
Бокмурун аттуу балама.
Козуну сатпай күрк кылып,
Кочкорун бычып ирик кылып,
Айгырды бычып ат кылсын.
Он эки урук кыргыздын,
Ынтымагы кетпесин.
Мурункудан калган сөз,
Бир адамдын ырысы,
Бирөөгө ырыс болбойт деп.
Уругу кыргыз улуу журт,
Кара кыргыз зилинде.
Арзымды балам жеткирсе,
Кабылан Манас иниме.
Бул сөздү айтып Көкөтөй,
Бир топ сөз айтып Көкөтөй,
Оозун ачып керилип.
Көк түтүн чыгып бур этип,
Көкүрөктөн жан кетти.

Жанаша жакын тургандар,
Көпчүлүгү чур этти.
Көзү өткөнгө өкүнүш,
Байыртан калган өкүрүш.
Өттү деп өксөп өкүрүп,
Өбөктөшө калышып.
Көкөтөйдүн ордуна,
Жаңы алып койгондо.
Эр Бокмурун баласы,
Эми жетип келгени.
Түлкүнүн кызы Канышай,
Кайнатасы өткөнгө,
Кайгырып ыйлап жайма жай.
Келиндин аягынан деп,
Койчунун таягынан деп,
Андан нуска калганы.
Бокмурун келди өкүрүп,
Атакелеп айкырып.
Көрбөй көчүп кеткенге,
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Көзүнүн жашы төгүлүп.
Акырет көздөй бет алып,
Алыс жолго кеттиңби.
Айланып мени бир көрбөй,
Арманда ата кеттиңби,
Укпадым ата кебиңди.
Узакка барып келгенче,
Шум өлүм тапты эбиңди,
Укпадым керез кебицди.
Тирүүлүктө көрбөдүм,
Атакем сенин көзүңдү.
Ал сөздү айтып Бокмурун,
Айгай салып бакырып.
Бокмурун ыйлап болкулдап,
Бүткөн бою солкулдап.
Кейип турду калың эл,
Кейибеген жан калбай.
Кошулган кыргыз балдары,
Жөө болгонго ат эле,
Кесептерге кас эле.
Ач болгон калың журтуна,
Астыга койгон аш эле.
Эл журтуна көп күйгөн,
Кыргыздын анык башы эле.
Кейишке салып кеттиңби,
Боздодук кары жашыбыз.
Жарыкчылык дүйнөдө,
Карамал жерге батпаган.
Карыптарга кайрымдуу,
Кайрылбас жолго аттанып.
Кеттиби журтум башыбыз,
Төгүлдү көздөн жашыбыз.
Аткардык алыс сапарга,
Кайрылып келбейт катарга.
Деп буркурап калың журт,
Жарданып туруп чуркурап.
Кой дээрге адам жок болуп,
Түн жарымы болгончо.
Күңгүрөнүп токтолуп,
Күлдүү журт турду басылып.
Байдын уулу Баймырза,
Бакырган үнүн басылтып,
Баланын жашын чачылтып.
Бокмурунду жетелеп,
Алып чыкты эшикке.
Эки жакта жан жокпу,
Аярлап карап туш-тушун.
Жанына алып баланы,

Атаңдын керээз сөзү деп.
Көкөтөй айткан керээзин,
Бокмурунга баштады.
Келиндин кыл деп тоюндай,
Кемпирдин кыл деп ойнундай,
Көкөтөйдүн сөзү деп.
Айткан мага сөзү деп,
Баймырза айтып басылды.
Дүнүйө мүлктү сарп кылып,
Коротпосун малды деп.
Эскертип айткын журтума,
Бүлдүргөн менен өлүктүн,
Тирилип келер наркы жок.
Сөөгүмдү көмсүн барктабай.
Ачкычтап кулпу ачпасын,
Алтын, күмүш ак дилде,
Дүнүйөмдү чачпасын.
Атаңдын айткан керээзин,
Уктуңбу деп Бокмурун,
Баймырза оозун жыйганы.
Асылып ажал коколоп,
Эми чындап камынды.
Өтүп кетсем окустан,
Өлүп кетсем кокустан.
Мааникер атты кыйна деп,
Күн чыгыш менен күн батыш,
Эл калтырбай жыйна деп.
Кылымга тийбес салмагым,
Дүнүйө арбын кыйла бар.
Бар журтка кабар салгын деп,
Жердин жүзүн жыйгыла.
Кара кыргыз калкыма,
Салбагыла салык деп.
Камдаган катмар дүйнөм бар,
Тозулбасы анык деп.
Адам атын билбеген,
Нечен түркүн элди айтты.
Адам уулу болгондон,
Кулак угуп көз көргөн,
Пендеден бирин койбо деп.
Дүнүйөдө адамдын,
Баарына кабар сал деди.
Байлыгым элден башка деп,
Баарын чакыр ашка деп.
Жыл маалына толгондо,
Такыядай Ташкенден.
Жан жолдош кошпой башка элден,
Айлым көчүп чыксын деп.
Аштын ээси деген сөз,
Атпай журт кабар уксун деп.
Кең Чымкенттин чыбырга,
Чыбырга кулун байлаткын.
Жан таштабай айдатып,
Жатакчыдан бөлөгүн.
Астында көчкөн айлымды,
Сары-Арка чыга жайласын.
Козу башы копоңго,
Кой көктөсүн ошого.
Алтыбайдын чоң бөксө,
Ат семиртип өткүлө.
Боз үйлүү кыргыз элимди,
Аземдетип көчүргүн.
Башка элден көргөн адамдар,
Таңыркашып калсын деп.
Байбиче менен келиндер,
Керкашка жорго минсин деп.
Кериге туяк тийсин деп,

Келиндер кете кийсин деп.
Кыздар кызыл кийсин деп,
Кызылдан жорго минсин деп,
Кырчынга туяк тийсин деп.
Уландар урум атышсын,
Урматка журтум батышсын.
Балдарым бараң октосун,
Бабабыз өлгөн экен деп,
Жалпы кыргыз жоктосун.
Көкөтөй баатыр өлгөндө,
Төөгө буйла бактырбай.
Кой кайтарган койчуга,
Өкүмүн катуу койгону.
Бир жерге эки кондурбай,
Койчулар коюн жылдырып.
Адырдан адыр өрдөтүп,
Шарлуу жерге токтотуп.
Койдун шору кансын деп,
Жылдырып андан айдатып.
Малды кыл деп туу сары,
Кара ашка малды союуга.
Камынышып калганда,
Дүйнөдөн чыккан өнөрпоз,
Бири калбай келсин деп,
Кайнардын суусун кечсин деп.
Катын-эркек аралаш,
Байлатып төөнү чечсин деп.
Какшык-чынын билбеймин,
Кан Көкөтөй айткан сөз.
Ошондо Баймырза сөзүн
баштады,
Бокмурун көзүн жаштады.
Атаң айткан кеби бар,
Карган курган бээлерден.
Катыган чүрүш мээлерден,
Как чеке болгон тайлардан.
Анча-мынча мал жыйнап,
Айлы жакын байлардан.
Кемпирдин кылып ашындай,
Арбын дуйне сапырбай,
Айтканына көнөлү,
Атакеңди көмөлү.
Ал сөздү айтып Баймырза,
Бекмурунду карады.
Баймырзанын айтканын,
Эр Бокмурун укканы.
Ишенген кишим сен болсоң,
Бул айтканың ит уксун,
Ит укпаса ким уксун.
Анан кандай болот деп,
Айтып бугун Баймырза,
Аңкайып карап туруптур.
Баймырза какбаш сен белең,
Көкөтөй уулу Бокмурун,
Элден чыккан кем белем.
Атам айткан керээзин,
Кылбай койчу кем белем.
Кылба деп айтып салганы,
Кыйамат кетип калыптыр,
Кыл деп айткан сөзү экен.
Акырет кеткен өзү экен,
Артында калган элине,
Аш бер деген сөзү экен,
Атамдын айткан парзы экен.
Атама ашты беремин,
Ашында нуска чыгарып,
Атамды өзүм көмөмүн.
Айкөл Манас баатырга,

Барайын деди Бокмурун.
Алтайдан Манас чыкканда,
Кабарын эл журт укканда.
Кабарсыз коюп баатырды,
Кантип үйдө жатам деп.
Жери Талас кур болгон,
Жерине мен жетейин.
Кабылан Манас арстанга,
Атакемдин баянын,
Кабарлап айтып барайын.
Не деп айткан кебиң деп,
Кек алганын билейин.
Кызматын билсе атамдын,
Атам дагы а дагы,
Кызырлуу кыргыз баласы.
Бармак болду Бокмурун,
Байкайын деп Манасты.
Эртеңи жок кечинде,
Күн эңкейген кезинде.
Айбандын зору Мааныкер,
Он төрт жарым жашында.
Ошонун баарын ойлогон,
Эр Бокмурун ээлигип.
Мааникер минип болкоюп,
Кең Таласты бет алып,
Манаска жөнөп калганы.
Аллам билер бул сөздү.
Азыркы элдин атына,
Нече күндүк жол экен.
Кабылан Манас баатырга,
Шамда кирип барганы.
Учту десе баскандай,
Жер жүйөсүн чыгарып.
Ал кырга барып бир тийип,
Жебенин огун аткандай.
Сом туягы жер чийип,
Созулуп жаанын огундай.
Кулагын шамдай көтөрүп,
Куйругун жерге чөгөрүп.
Тар колтуктан суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып.
Тери чыгып сызылып,
Деми чыгып кысылып.
Даңканы тийген таштары,
Талкаланып куланып.
Ооздук менен алышып,
Жер айланып калкылдап.
Мааникерди кындыйтып,
Бадана тонун кийинип.
Баатырлык сыны билинип,
Барып калды Бокмурун.
Бөксөдөн жыйын тараптыр,
Айкөл Манас бет алып,
Үй жагына караптыр.
Эр Бокмурун эңилип,
Айкөлгө көзүн салыптыр.
Айкөл Манас кабылан,
Атыңды айтчы кимсин деп,
Ачылбай турат кабагың.
Жайыңды угуп алайын,
Көз байланган караңгы,
Жайын сурайт баланын.
Айкөлүң сурап калганда,
Эр Бокмурун толгонуп,
Көзүн жаштап алганы.
Көшүлүп ыйлап Бокмурун,
Айкөлүңдү карады.
Атагым кыргыз элден деп,

Көчүрүп ийип атамды,
Өзүмчө ичте чатагым.
Айкөл Манас кабылан,
Өзүңө келип турумун.
Жанадил уулу Көкөтөй,
Жалгандан баатыр көчкөнү,
Жарык шамым өчкөнү.
Үч айлык жолго мен кетип,
Айлымда менин жоктугум.
Ооганга кетип мен калып,
Колуктуну жаңы алып.
Айлыма жаңы жеткенде,
Азаптуу күнгө жолуктум.
А дүйнө атам кеткенде,
Чай кайнам өтпөй мен келдим.
Келсем атам көчүптүр,
Карылбас жайга кетиптир.
Кайындан жаңы келгенче,
Кайрылбас жолго салыптыр.
Баймырза деген досуна,
Керээзин айтып салыптыр.
Айткан сөзүн аңдасам,
Тапшырыптыр сизге деп,
Тарчылык болор бизде деп.
А дүйнө көздөй жөнөрдө,
Эр Манасты изде деп.
Сөзүмдө болсо катам деп,
Көмүлө элек атам деп.
Кейишке түшкөн жаш башым,
Кеңешиң угуп кайтам деп.
Кас тулпарлар кур калды,
Канча дүйнө пул калды,
Карагай кайың тал калды.
Кыйла журттун улугу,
Сизге айтылсын биздин дат.
Кыргыздын өзү мен түгүл,
Кытай уулу күткүсүз.
Байкап көрсөм айтканын,
Маңгулдун баары түткүсүз.
Кабар айт дептир калкына,
Дөө менен Периге.
Жалпы кабар айт дептир,
Дарыянын элине.
Күн чыкканын, батканын,
Баарын айтып кетиптир.
Намыс үчүн аш бер деп,
Жети суу толгон малым бар,
Аябастан аш бер деп.
Бей үмүт адам калбасын,
Арбын дүйнө күткөн мал,
Азапка мени салбасын.
Топуракка көмөрдө,
Тогуз миң дооран байласын.
Дөбөдөй алтын зарым бар,
Төрт түлүктү малым бар.
Атам кетти а дүйнө,
Жан көрбөгөн түштү айтып.
Акылын табар сиз дедим,
Айлам кетип алдырап,
Анан сизди издедим,
Муну айтып бала токтолду.
Айкөл Манас кабылан,
Ышкысы түшүп ичине,
Ичи өрттөнүп чок болду.
Арбын ойлоп ичимден,
Адам болор бекен деп,
Киши-миши болбодуң.
Көкөтүй атам өттү деп,

Көздөгөн ажал жетти деп.
Көңүлүнө алар деп,
Мен жиберген кепти деп.
Жигиттен кабар салбайсың,
Жигиңди жанга билдирбей.
Башында карап биз туруп,
Биздин кылар иш эле.
Атамдан жакын киши эле,
Карыябыз Көкөтөй.
Калайык калкка айттырып,
Кандык туусун аштагын.
Каркап кырк күн болгончо,
Көмдүрбөй үйгө таштагын.
Андан кийин акырын,
Кан атакем өлдү деп,
Өлгөнүн журтум көрдү деп.
Катуу-катуу кеп айтып,
Кабардап мени алдырып.
Келбесе кесем башын деп,
Кайгулдан санайм жашын деп,
Опузалап айттырып.
Ортодо жүргөн кишинин,
Оң сүйлөбөй кайттырып.
Ойрот журттун баарысын,
Оолугуп жүрөк майтарып.
Жесетин жерге токтотуп,
Ак жоолуктун баарына,
Атакелеп жоктотуп.
Нарк калсын кийин өлгөнгө,
Айтууга калсын көргөнгө.
Аянбайлык Бокмурун,
Атаңды жакшы көмгөнгө.
Кыямат кеткен атаңа,
Кылганың болсун бир үлгү.
Акыр заман журтуңа,
Айтууга калсын дүң болуп.
Араңарда мен да бар,
Токтобой бачым кеткин деп,
Түн боюнча жеткин деп.
Өзүңдү-өзүң дөө кылып,
Өчөшкөндү жөө кылып.
Жата бергин болор деп,
Жаным чыгып кеткенче.
Жардамчыңмын сага деп,
Ушу жалган дүйнөдөн.
Табылып калар даба деп,
Күндөп-түндөп жол тозуп.
Кайрат бергин мага деп,
Кан Көкөтөй ата деп.
Көөнүнө койбой аланы,
Көтөрмөлөп баланы.
Суусун берип жандырып,
Сөзүн айтып кандырып.
Айкөлүң жолго салыптыр,
Эр Бокмурун Айкөлдүн,
Жообун угуп алганы.
Учкан куштай Мааникер,
Ушу түндө барыптыр.
Андай иште жүргөнүн,
Адамдар билбей калыптыр.

## БОКМУРУН ЭЛИНЕ КАБАР САЛГАНЫ. АТАСЫ КӨКӨТӨЙДҮ КОЙГОНУ

Кан Көкөтөй өлдү деп,
Кайра келбес ал жайды,
Атам өзү көрдү деп.
Калкка кабар берүүгө,
Тоодой болгон Тору айгыр,
Айбанаттан зор айгыр.
Ат күлүгүн миңгизип,
Жайнактын уулу Айдарды,
Алтындуу тондон кийгизип.
Айтып кабар тийгизип,
Аягы Ысар көл деди,
Башы Жизак чөл деди,
Калтырбай кабар бер дед.
Капырлардан бөлөктү,
Бадакшаң менен Балык бар,
Багдатта кара калкка айт деп.
Олуя ата, Ташкенге,
Көмгөнүнө жыйбады.
Мусулмандан башка элди,
Кабар салды Кашкарга.
Калк жыйылып толгону,
Абаң Кошой башкарды.
Жердеген жери Талас деп,
Топурак салсын атама,
Токтобой келип Манас деп.
Айдаркан уулу Көкчөнү,
Кызматын кылым көптөдү.
Кылган зинат коюшун,
Кылымда мындай өтпөдү,
Казактан Көкчө барганы.
Көкмөктүн уулу Керкөкүл,
Көчпөсбайдын Жанайын,
Көкөтөйдү койгондо,
Аземин элге көрсөтүп,
Чакырган журттун далайын.
Алтындан салып сарайын,
Ата улуудан жан койбой,
Ойроттун элин чакырып.
Ашкан күлүк аттарын,
Көрканага чаптырып.
Келгендин баары өкүрүп,
Атакелеп айкырып.
Кейишке салып өкүнтүп,
Жүргөндүн баары өкүрүп.
Дүнүйө үчүн өкүнүп,
Айгайды мен да салбай деп,
Ак теңге булдан албай деп.
Алтын-күмүш коюлган,
Казынасын ачтырып.
Он эки уруу кыргызга,
Алтын-күмүш дилдеден,
Көптөгөн дүйнө чачтырып.
Карып, мискин бечара,
Дүнүйө алып жашышып.
Жылкыдан кармап ат берип,
Кайра албаска ант берип.
Ойрону чыгып бир далай,
Нокто, жүгөн табалбай.
Кармап келген жылкынын,
Мойнуна курун салышып.
Кээ бирөө колдон чыгарып,
Бозорушуп калышып.

Макоосу экен малдын деп,
Байдан мүчө алдым деп,
Башына катар нокто жок.
Мойнуна курду салдым деп,
Бел курумду жулдуруп,
Куру кол карап калдым деп,
Жөө жүргөнү мындан кеп.
Кай бирлери кубалап,
Кармап келген чагы бар.
Канткенде буга минем деп,
Желөпкөгө тартышып.
Аяк салып жонуна,
Минип жүргөн мындан көп.
Түзүк жылкы экен деп,
Тегеректеп калышып,
Көрүп жүргөн дагы көп.
Бастырам десе баш бербей,
Көтөрүп урган мындан көп.
Колунан эми чыгарып,
Кубалап жүргөн мындан көп.
Жылкынын сырын билгендер,
Башына жүгөн салышып.
Байлап минип алышып,
Ээр токум камдашып.
Эр көңүлүн жамдашып,
Дуулап жүргөн дагы бар.
Баланча бакыр келбей деп,
Байкуш ай жаман кедей деп,
Байдан мүчө албай деп.
Баш көтөрбөй үйүндө,
Мискин карып өзү го,
Жатышы мунун кандай деп,
Кейип журген мындан көп.
Кармап берген жылкысын,
Тегеренип көп карап.
Жакшы жылкы болот деп,
Жетелеген андан көп.
Кээ бирөөнү карасаң,
Айры өркөчтөн төө тийип.
Жандоого басса теңселген,
Чуудалары сеңселген,
Атан төө кармап алышып.
Бай Көкөтөй өлгөн соң,
Момундайын алдым деп,
Коштоп жүргөн мындан көп.
Баланча бакыр келбептир,
Ээрчитип мында келгин деп,
Шашып жүргөн мындан көп.
Үйүндө калган мискинге,
Ат менен коштоп чаптырып.
Айлы жакын кай бирөө,
Үйүнө барып чакырып.
Ойрон болгур тез кел деп,
Учкаштыра чабышып.
Мүчөдөн алып берсең деп,
Бирине бири жабышып.
Көчкөн тамын оодарып,
Тинтип жүргөн дагы көп.
Жетелеп уйду мөөрөтүп,
Басып жүргөн мындан көп.
Бакырлары байышып,
Көкөтөйдүн сыйынан,
Он, он бештен алышып.
Муну жакшы баксак деп,
Кийинкисин ойлошуп.
Басып жүргөн андан көп.
Коюнан куру калганы,
Бештен эчки алышып,

Көңүлдөрүн жай кылып.
Мен ушуну алдым деп,
Көкөтөй бай өлгөндө,
Битирге тунуп калдык деп.
Калкка малын бөлгөнү,
Калдайган кара мал калган.
Артында калган адамга,
Өлбөгөн соң мал керек.
Бай Көкөтөй кайтканы,
Отуз жети күн болду.
Карап көрсөң өлгөндөн,
Журтумда мындай ким болгон.
Келген журттун баарысы,
Катар басып кылкылдап,
Адамдын башы былкылдап.
Конгонуна тай союп,
Түштөнгөнгө бээ союп,
Кырка тартып чай коюп.
Өлүп жаткан Көкөтөй,
Ааламда жок бай экен.
Туш тарапта көп малы,
Бөлүп койгон чак экен.
Анжияндын Чок-Талда,
Отуз беш миң кою бар.
Атасы үчүн Бокмурун,
Зарптайын деген ою бар.
Алайдын ичи Жайыктөр,
Мында кырк миң коюн көр.
Кара-Кулжа жайлоодо,
Жайыты малга тар болуп.
Ал жерге койгон койлору,
Элүү миңче бар экен.
Айта берсе сан жетпейт,
Айтканындай бар экен.
Малы болсо бар экен,
Байлыгы ашкан Көкөтөй,
Баш жагынан зар экен.
Айкымдын Сары-Таалада,
Отуз беш миң кою бар.
Арбагын сыйлап атанын,
Он бештеги жаш бала,
Кызмат кылган чагы экен.
Баланын аты Бокмурун,
Дүнүйөгө карабас,
Баатырлыгы бар экен.
Олуя-Ата, Чымкенттен,
Орол-Тоосу айлампа,
Төөгө ылайык жер экен,
Арча, четин, караган.
Жеринин көбү ак тикен,
Кашкар, Аксы жеринде,
Элүү миң төөсү бар экен.
Имерилип жай аккан,
Сыр деген суунун боюнда,
Уйга ылайык экен деп.
Жесе копо чөбү көп,
Алтымыш миң ую бар.
Белчемдүү жерге бөлдүргөн,
Дагы кырк миң ую бар.
Топозу төргө бөлүнгөн,
Байлыгы элге көрүнгөн.
Болжолсуз кыйын бай экен,
Беш жуз миң экен жылкысы.
Кулун, тайы бир бөлөк,
Куюлушуп ойногон.
Беш миң экен жылкысы,
Белсемдүү жерге бөлүнгөн.
Эки, үч айда бир келип,

Жылкы эсебин билдирген.
Кырк беш миңи Алайда,
Байлыгы ашкан пендеден.
Атагы кетип далайга,
Бай Көкөтөй өлгөндө.
Кайра келбес ал жайды,
Бай барып өзү көргөндө.
Кара ашын уулу бергенде,
Капырдан бөлөк мусулман,
Келген экен тоюна.
Бакыр карып мискиндер,
Жыйырма, отуздан кой алып,
Жал куйруктуу ат алып.
Саарына уй алып,
Бокмурунду алкашып.
Колунда жоктор тирденип,
Жыргап жатып калганы.
Алтын-күмүш жамбыны,
Эсеп жетпейт айтканга.
Туш тарабы кыбыла,
Бай Көкөтөй ойлонуп.
Дүнүйө арбын жыйыптыр,
Атагын аалам угуптур.
Кабылан Манас арстаның,
Туш тарапка айттырып,
Кабар берип таштаптыр.
Отуз жети күнүндө,
Керней үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап.
Доолбас койсо жаңырып,
Баатыр Манас күңгүрөп.
Тоозоңу тоодой бөлүнүп,
Барабаны дүңгүрөп.
Чууну-чууга ургузуп,
Чууга кулак тунгузуп.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Асабасы жалпылдап,
Айчыгы алтын кызыл туу,
Жердин бары ызы-чуу.
Кырка турган кырк чоро,
Туу кармаган Эр Бакай,
Баатыр Алмац жанында.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай.
Серек, Сыргак жанында,
Акбалтанын Чубагы,
Айкөлүнүн жанында.
Чоролордон Кутунай,
Каратоко Мажиги.
Камбардын уулу Чалиги,
Саргын бийдин Сатайы.
Арканыктын Атайы,
Үйшүндөрдөн Үмөт бар.
Үмөт уулу Жайсаңы,
Аргындардын кожосу.
Шаабек, Бообек, Шүкүрү,
Болумдуу экен пикири.
Аргындардан Алтай бар,
Дөрбүндөрдүн Төртайы,
Төлгөчү кара Төлөк бар,
Агыдайы дагы бар,
Эл башчысы Токотай.
Кырк чоронун башчысы,
Кыргылчалы дагы бар.
Калкамандын Мурадил,
Акылмандар дагы бар.
Аңдап эл-журт көзүң сал,

Жалбырактуу бай терек.
Сандыргалуу Эр Серек,
Санжырасы бир далай.
Алымдын уулу Алыке,
Кадыр, Жайнак, Шууту бар.
Казактардан Жоорунчу,
Бөгөл, Кайгыл тоорулчу.
Шыпты кашка дөрбөнү,
Эр Тазбаймат дагы бар.
Асаба кармап чыгуучу,
Асемделген ак сарай.
Айта берсе бир далай,
Сарайдан алыс көтөртүп.
Өкүрүп келген кишини,
Аркы-терки тиккен үй,
Арасынан өткөрүп.
Көтөрүлгөн кызыл туу,
Айчыгы көктө жаркылдап,
Асабасы жалпылдап.
Туу байлаган жыгачы,
Жыйырма кулач узуну.
Алыстан көрүп белгини,
Айкөл Манас кабылан.
Атакелеп айкырып,
Кыргыздан чыккан кырк уруу,
Айгайды арбын салганы.
Жер дүңгүрөп союлуп,
Кулак, мээни тундуруп.
Айкөл Манас кабылан,
Чоросу менен жабылып,
Эми түшүп калганы.
Байдын уулу Бокмурун,
Өзү турду башында.
Өбөктөп ыйлап өкүрүп,
Көзүнөн жашы мончоктоп.
Элдир-селдир мен чыгып,
Алкынтып атты минбедим.
Жуунбастан кирдедим,
Журт кыдырып билбедим.
Наалышта калган сөзүм бар,
Арманда калган өзүм бар.
Өлгөн атам сен болдуң,
Өксүктө калган мен болдум.
Оенум атам өткөнү,
Он төрт жарым жашымда.
Ойронум чыгып Бокмурун,
Жалгыздыктын айынан,
Караңгы түнгө батам деп.
Өткөнүн көрүп өкүнүп,
Өбөктөп ыйлап өкүрүп.
Бокмурун ыйлап буркурап,
Он эки урук мусулман,
Келди Манас чуркурап.
Токсон миң адам дүңгүрөп,
Жер көчүрүп күңгүрөп.
Чаң обого созулуп,
Манас келип калганы.
Чапкылашып чуркурап,
Жалпы журт айгай салыптыр.
Кыргыз, казак калкына,
Өкүрүктүн каадасы,
Байыркыдан калыптыр.
Он беште жашы Бокмурун,
Аларды жайлап салыптыр.
Келгендин көөнүн жай кылып,
Керилтип орун жайлатып.
Атакелеп айкырып,
Айдаркандын Көкчөсү.

Кабылан Манас арстандын,
Артынан келип калыптыр.
Кырк беш миң экен жолдошу,
Баатыр Көкчө жолборстун.
Келген элди бөлгөнчө,
Элеман келди дүңгүрөп.
Төрт жарым миң кол менен,
Эриш-аркак жол менен.
Бир боорум деп өкүрүп,
Булардын кандай салты деп.
Карап биз да турбайлык,
Өкүрүп биз чуу салып,
Как өзүндөй ыйлайлык.
Өткөн экен карысы,
Өбөктөшүп баарысы,
Өңчөй кыргыз баарысы.
Ал аңгыча болбоду,
Жамгырчы келди буркурап,
Айгай салып чуркурап.
Аны, муну дегенче,
Үрбү баатыр айкырып,
Эки миң кол дүңгүрөп.
Андан кийин өкүрүк,
Улугу Багыш жедигер.
Кыргыздын уулу бу дагы,
Жедигердин Багышы,
Уруудан чыккан бу дагы эр.
Бир жарым миң кол менен,
Сарколду ашып түшкөнү.
Улуу чатка жайлаган,
Кермеге күлүк байлаган.
Карыя Шыгай бул келди,
Жер көчүргөн чуу келди.
Конок тозгон калың журт,
Конокко бөлдү бул элди.
Ордолу шайыр көп нөөкөр,
Орчуну Кокон, Маргалаң.
Оротөбө Самаркан,
Аягы аркы жөлөктөн.
Туурасы Ысар көлүнөн,
Кокондун ханы Санжыбек,.
Сарттардан келди элүү миң.
Пайгамбар Зааба дагы өлөт,
Өлгөнүн анын ким көрөт.
Өлгөнгө келген эл толду,
Ташкендин жайык талаасы,
Үй тигүүгө орун жок.
Көбү кирди калаага,
Эр Бокмурун сарп кылган.
Сан жетпеген көп дүйнө.
Эмнени айтса болот деп,
Бокмурун деген балага.
Түнөгүнө бээ союп,
Түштөнгөнгө тай союп.
Сары аякка бал коюп,
Казы кертип жал коюп.
Элүү миң өгүз сойдуруп,
Мусулман элин жыйдырып,
Шариатка сыйдырып.
Жүз элүү миң кой айдап,
Сексен миң кара мал байлап.
Бурак атын токутуп,
Жаназасын окутуп.
Табытка салып көтөрүп,
Салооту намаз жаназа,
Сап сап болуп турушуп.
Караган менен көз жетпейт,
Жаназа окуп болушуп.

Тахбирин айтып коюшуп,
Сеждесиз намаз окушуп.
Токмок жалдуу Чоңтору,
Бурагына токушуп.
Токулгасын келтирип,
Үртүк менен жабуулап.
Чымчып салган топурак,
Бир дөбөдөй болгону.
Андан бери карата,
Көп күндөр өттү куюлуп.
Ушу күндө дагы бар,
Көкөтөй атаң сарайы.
Ойротто болду кыйла той,
Кырк беш атка байге бар,
Бей үмүт адам калбасын.
Аттарын даяр кармасын,
Аттарды төмөн айдасын.
Кокондон коё берсин деп,
Күлүгү чыгып келсин деп.
Аттарды айдап кеткени,
Атпай журттун баарысы,
Аңгемеге киришип.
Ыраман кандын Ырчу уулу,
Ычкыры түпөк кырк муунду.
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар кеби шоктуу кул.
Көк жал Манас келгенде,
Көкөтөйдү жоктогон,
Бир пас айтып токтогон.
Кудай кылган кутман бай,
Дүнүйө малын туткан бай.
Карчыгасы карыш май,
Кара кыргыз журтуна,
Кадыры жеткен жайма жай.
Кыздары кийген кызыл шай,
Балдары минген жорго тай.
Ырчы уул айткан сөзүнө,
Эр Бокмурун кубанган.
Аттарын түндө айдатып,
Адамдар көңүл жайлаган.
Ат келет деп дүрбөшүп,
Бирин бири жүр дешип.
Кыбыла жакка карашып,
Кылым эл турат жарданып.
Сүрдүгүп жолго кирбеген,
Сүрөөндү алар билбеген.
Аккула аттын артынан,
Ачбуудан кыстап алыптыр.
Аттарды көрүп Эр Манас,
Кырылып калган кырк жигит,
Атты сүрөп албайт деп,
Айгайды эми салганы.
Азыркысы сүрөө жок,
Атка минген бирөө жок.
Төрөлөр жалпы чыгышып,
Кашатка чыгып калышып.
Карап көзүн салышып,
Кечөө айдаган кечинде.
Кокондун жогор жагынан,
Кою чаңы бөлүндү.
Кең бараңга келгенде,
Бириндеп аттар көрүндү.
Анжияндан чаң чыгып,
Чыкканы озуп бөлүндү.
Багыштын аты Суркийик,
Анда-санда бир тийип.
Чаң артынан төгүлүп,
Анда-санда көрүнүп.

Жедигер эли жер жарып,
Кыйкырышып чуу салып.
Ат үстүнө жаш бала,
Тизгини менен алышып.
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсындап.
Туягы тийген кара жер,
Жер очоктой казылып.
Ушуну көргөн калайык,
Кыйкырыкты салганы.
Жаныбарды көрдүңбү,
Бирден кийин келгени.
Элемандын аты экен,
Телтору деген ат экен.
Үчүнчүсү Эр Көкчө,
Көкала аттын иниси.
Кара төбө жар маңдай,
Кара сыны тайгандай.
Төртүнчүсү күлүктүн,
Төрөңдүн аты Телтору.
Бешинчиси Мээнеткөк,
Санжыбектин аты экен.
Алтынчысы аргымак,
Музбурчактын аты экен.
Жетинчиси Желкайып,
Ал Мамбеттин аты экен,
Ал дагы күлүк неме экен.
Тогузунчу келгени,
Бакайдын аты Малтору.
Тогузунчу көрүндү,
Тозоңу тоодой көрүнүп,
Сейттин аты Желкара.
Онунчу келген Оркызыл,
Жүгөрүнүн аты экен.
Ал заманда калайык,
Учкан куш менен жарышкан.
Күлүктүн баары бар экен,
Көр байгенин аттарын,
Баарын айтып нетели.
Кырк атка байге коюлган,
Кыргыз кымбат элде бар.
Кыйкырып күлүк чапмагы,
Кымбаттуу кыргыз элде бар.
Аты күлүк адамдар,
Байгесин тегиз алыптыр,
Пайдалуу болуп калыптыр.
Ат чапкан эрлер калбасын,
Атамды Аллам жалгасын.
Ал сөздү айтып Бокмурун,
Акырет жайы кыйындыр,
Пайдасы тийер бекен деп.
Барыптыр үйгө Бокмурун,
Ак сандык толгон дүйнөсүн,
Ачтырган жок өңгөсүн.
Эки үйдөгү теңгесин.
Немесин койбой алганы,
Алты араба дилдесин.
Алып чыгып сүйрөтүп,
Капкасын бүгүн ачтырды,
Калың журтка чачтырды.
Этекке салып бергенге,
Кол менен берсе жаа жетпей,
Жеткенин жерден алгын деп.
Кантип жетем дегениң,
Караган бойдон калгын деп.
Алыстатып ыргытып,
Ак жамбы чачып өткөнү.
Кармаган сексен кишиге,

Тогуз катар торкодон.
Сексен сарпай кийгизди,
Байдын уулу Бокмурун.
Канакей чакыр молдо деп,
Сексен молдо алдырып.
Түшүртмөккө куранды,
Сексен молдо башына,
Сексен атты токутуп,
Кырк күнү куран окутуп.
Бермек болду кырк ашын,
Кылчайып кыргыз элинен,
Кыркына жыл алганы.
Ак сакалдуу эл башын,
Жедигердин Агышын.
Жыйып жыйнап эл башын.
Катагандан эл койбой,
Жыйып алды баарысын.
Көкөтөйдүн санатын,
Кылымга калган дабышын.
Кетелик дөгүш эр келди,
Казак, кыргыз мол болуп.
Кайнаган кыйла эл келди,
Оогандан Акун кан келди.
Ойроттон далай жан келди,
Тоокайыптай даңкайган.
Көркүн көргөн адамдар,
Айбандан мындай туубайт деп.
Күлүктүн баары жыйылды,
Күлдү журттан жыйналган.
Атасынын дүнүйө,
Элге берип чачканы,
Бокмурун деген кандай жан.
Катагандан кан Кошой,
Казактардын Көкчөсү.
Кыпчактардан Элеман,
Эштектерден Жамгырчы.
Кара жаак Эр Үрбү,
Кандын жээни Жүгөрү.
Көчпөс байдын Жанайы,
Боруш уулу Керкөкүл.
Кырк ашына келиптир,
Кылым журттун далайы.
Анжиянда Санжыбек,
Ак сакалдуу Музбурчак,
Аш деп келген ушул чак.
Кан Көкөтөй жоктолуп,
Калың журт беш күн токтолуп.
Кызыл чокту Кытайдан,
Кыркына киши жок болуп.
Жер очогун ойдуруп,
Беш жүз бээ сойдуруп.
Келген элдин баарысын,
Аземдеп майга тойдуруп.
Аземи элден артылган,
Кан Көкөтөй кыркына,
Тогуз күн табак тартылган.
Сай күлүккө кыркында,
Байгесин башка бөлдүргөн.
Төрт түлүк малдын өзүнөн,
Ар түрүнөн сексенден.
Шаңшуур менен жамбыдан,
Барысын камдап шай кылып.
Кылымга калсын аты деп,
Кара кыргыз даңкы деп.
Эр Бокмурун жамдаптыр,
Байгени толук камдаптыр.
Сай күлүк келип туш-туштан,
Алты жүз он ат айдады,

Ташкендин аяк жагынан.
Көз салса көз жетпеген,
Эшилме кара кум болот.
Ат айдатып желпинтип,
Алтымыш киши барганы.
Он алты киши калыс деп,
Ат барар жери алыс деп.
Мээ кайнаткан чөл болот,
Барар жери Каракөл,
Мага ишенбей барып көр.
Сай күлүктүн баарысын,
Оозунан суулук чыгартып,
Агын суудан сугартып.
Кара камыш көп экен,
Тегереги көл экен.
Кайсаңдата чалдырып,
Чай кайнамча турганы.
Күндүн мурду чачырап,
Жаңы чыгып калганда.
Кылкылдатып балдарды,
Эми тизип салганы.
Ат айдаган зардалдар,
Теске салып тизилтип,
Башкарып эми калганы.
Баймырза кошо барганы,
Бата берип балдарга,
Алло акбар баргын деп,
Бата кылып салганы.
Аттарын тегиз чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Балдар жолго салганы.
Кай бирөөнү караса,
Көзгө илинбей жок болуп.
Жебе огундай зыркырап,
Катуу жүрүп калыптыр.
Туягын жерге мылгытып,
Даңканын көккө ыргытып,
Катуу жүрүп калыптыр.
Бар кудай колдой көргүн деп,
Балдардын көбү сабылып.
Ай талаада чуратып,
Чаң обого буркурап.
Чапкан балдар чуркурап,
Ооздук менен алышып.
Учкан куш менен жарышып,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып.
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк,
Өзөңгүгө чачылып.
Үчүнчү күнү кечинде,
Үч күнгө толгон кезинде.
Келээр маалы болду деп,
Кош аралдын боюнда,
Кою чаңы бөлүнүп.
Ортодо кара дөбөдөн,
Бириндеп аттар көрүнүп.
Карап турган көй баатыр,
Мурунтан элде үлгүсү.
Кештелүү кыпчак журтунун,
Кара жаак Үрбүсү.
Эгизкара дегени,
Эң алдыда келгени.
Анын арка жагынан,
Керкашка келип калганы.
Керкөкүлдүн аты эле,
Кыркына чаап салыптыр.
Бир күндүк тери калыптыр.

Арман менен жаныбар,
Бирдин соңу барганы.
Үчүнчү болуп Карткүрөң,
Ажынын аты келгени.
Төртүнчү болуп Таркызыл,
Сейиттин аты кириптир.
Бешинчи болуп Акборчук,
Кыргыздын аты келиптир.
Алтынчысы айкырып,
Ураанын айтып бакырып,
Калчанын аты чыкканы.
Сегизинчи Телкызыл,
Сейиттин аты келиптир.
Тогузунчу келгени,
Токотойдун Тоотору.
Онунчусу Оркызыл,
Абдан күлүк мал экен,
Санжыбектин аты экен.
Келген балдар бөлүнүп,
Асты астынан чуулашып.
Таанибаган көпчүлүк,
Бир-биринен сурашып.
Байгеге келген күлүктөр,
Кырк атка саны толгону.
Андан кийин келгенди,
Кысып тыйып койгону.
Кан Көкөтөй өлгөндө,
Көп тамаша той болду.
Айкөл Манас башында,
Бабасы Кошой кашында.
Келген атка калыстап,
Байгесин бөлүп бергени.
Артында келген аттарга,
Тогуздан байге бергени.
Көкөтөйдүн кырк ашын,
Көтөрүлгөн шаң кылып.
Келгендин баары таң болуп,
Жер казылып аң болуп.
Келген эл эми тарады,
Күбүр-шыбыр кеп кылып.
Өз жайларын карады,
Келген журт кетип өз калып.
Өткөндөрдү кеп салып,
Өткүр бала Бокмурун,
Өз элине кеп салды.
Кайнаган калың журтум ук,
Малдын баары төлдөсүн.
Мындан башка эки жыл,
Үч жыл кылып аш берсек.
Эл журтум тегиз аман бол.
Кылым журт олжо алгандай,
Кызыл сонун аш болсун.
Кыяматка айтылып,
Эл оозунда калгандай.
Өлүккө кылсак бир санат,
Көргөн эл айтып суктанат.
Ким жүрөт тирүү жалганда,
Үлгүсү калсын балдарга.
Күтүнүп турсак ашына,
Күлдү журт өзү келбейби.
Эки жүз миң журтум бар,
Элиме кудай бербейби.
Жыртылбай турсун бүтүнүң,
Муну айтып токтолуп.
Угуп турган көпчүлүк,
Макул болуп калганы.

## КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАСЫ БОКМУРУН АТАМА КАЙСЫЛ ЖЕРГЕ АШ БЕРЕМ ДЕП ЭЛИНЕ КЕҢЕШ КЫЛГАН ЖЕРИ

Көкөтөйдүн Бокмурун,
Түн уйкуну үч бөлүп.
Көргөнү кыйын туш болуп,
Санаасы санга бөлүнүп.
Атамдын ашын берейин,
Эл журтума кеңешип.
Кандай айтса көнөйүн,
Үч жыл толук болгондо.
Абакеси Кошойду,
Айдаркандын Көкчөсүн.
Агыш, Кожош келсин деп,
Акпай, Үмөт, Мамбетти.
Көккоен менен Султанды,
Оогандан алды Акунду.
Жакындары чогулуп,
Уй муйуз тартып турганда.
Эр Бокмурун кеп айтат,
Азыркы турган кезимде,
Айтылган сөздөр эсимде.
Көкөтөй атам өлгөндө,
О дүйнөнү көргөндө.
Өлгөндө келип калганым,
Кайныма кетип жол алыс,
Кечигип келип калганым.
Керез сөзүн укпадым,
Өз оозунан мен кургур.
Өкүнөм өтүп кеткенге,
Атамдын ашын бермекке.
Ар түрдүү дүйнө чогулттум,
Кабылан Манас арстанды,
Ушул ашта баш кылсам.
Жыйнагандын баарысын,
Ушул ашка сарптасам.
Атакемдин өзү үчүн,
Айткан керээз сөзү үчүн.
Атам менен Баймырза,
Акыреттик дос эле.
Байкап кебин туттум деп,
Баймырзадан уктум деп.
Баймырза азыр мында деп,
Эр Бокмурун кеп айтат,
Ээ калайык деп айтат.
Аксакалсыңар баарыңар,
Сиздерден кантип мен өтөм.
Атам айткан сөз үчүн,
Нарк чыгарсам бир бүтүн.
Кара кыргыз иш үчүн,
Кайып болгон атакем.
Карып калган киши үчүн,
Аябай атам мүлүгүн.
Айлым тартар түлүгүн,
Аттын сынап күлүгүн.
Азар-түмөн көп ойлойм,
Ат чапсамбы деп ойлойм.
Абаке Кошой бу кандай,
Акыры кыргыз уулусуң.
Аталаш бирге туугандай,
Желектүү найза алышсак,
Сезгенбес жерге сайышсак.
Мусулмандан, капырдан,
Эр сайышып эки жан,
Мындай оюн болсо дейм.

Атакемдин тоюнда,
Арбыта берип койсом дейм.
Алптан күчтүү дөө салып.
Күрөшүн күлдү журт көрсүн.
Эки журттан эки адам,
Эңишип оюн салса дейм,
Эркеги жецип алса дейм.
Артында калган адамга,
Үлгү болуп калса дейм.
Ашка келсе анча жан,
Ага туруш кандай деп,
Аш берер жерди танда деп.
Абакеси Кошойго,
Ата өзүңүз билип сүйлө деп.
Күн батыш жакта кол да көп,
Суу жүрбөгөн чөл да көп.
Саймалуу калпак сары шым,
Шалдыркан кисе ботогур.
Алтындан маалы жез өкчө,
Айдаркан уулу эр Көкчө.
Ал жыйында кеп айтат,
Сары-Арка деген жер көрдүм,
Салтанатын кең көрдүм.
Акыры жайык жери кең,
Айып жери суусу кем.
Ал сөздөн Көкчө басылды,
Акундун сөзү ачылды.
Жетиген жакка кетеби,
Жети ай кечүү жетеби?
Айттың Көкчө жолборс деп,
Адамга керек жолдош деп.
Жанган сөзү чырактан,
Жайдардын уулу Эр Акпай,
Кимдиги кыйла далай бар.
Атактуу жайлоо Алай бар,
Суусу тунук чөп деди,
Арбын жери көп деди.
Анда Мамбет кеп айтат,
Алайың болбойт деп айтат.
Көпчүлүк иши аткан ок,
Сындырып жагар жыгач жок.
Осол болуп каларбыз,
Отундан жутап каларбыз.
Ошондо Кошой абаң кеп айтат,
Коюңар аны деп айтат.
Бабаңар айткан кеп болсо,
Барыңарга эп болсо.
Текестин жери төр соно,
Чар тарабы бирдей кең.
Иледен ылдый айдаса,
Ат чабуучу жери кең.
Кең Каркыра атагы,
Кайнатып алма тузу бар.
Караган кайың тереги,
Канчалык жагып жатсаң да,
Отунга тиер кереги.
Ашка ылайык жер ошол,
Бар улуктар чогулуп,
Бата кылып койгондо.
Кеңешке келген Кесек дөө,
Макул, макул, макул деп,
Бата кылып койгону.
Өлчөсүн аштын карады,
Жай чилдеси оогондо,
Мал семирип толгондо.
Күз эсепке болгондо.
Дыйкандар эгин салганда,
Самаркандык, Кокондук,

Кайрактын алдын алганда.
Конмок болду баарысы,
Макулдашып алышып.
Убаданы бек кылды,
Ат көтөргүс шерт кылды.
Конмок болду барысы,
Кошой баштап карысы.
Эми көрүп неткени,
Кеңешке келген Кесек дөө,
Тарап алып кеткени.
Саратан өтүп күз болуп,
Жай эңкитип күзүндө,
Каркыранын түзүндө.
Эл таратып Бокмурун,
Элди ортого баш кылып.
Эчтемеси жокторду,
Анжияндан, Жизактан.
Азирет аалы жеринен,
Ашуулу Көкарт белинен.
Андан тандап үй алып,
Саярман Чымкент жеринен.
Санатып казак элинен,
Сарттардын өзүнөн,
Үч жүз миң үйлүү кишинин,
Үлгүсү калган элиме,
Айткандардын өзүнөн.

## ЖАЙНАКТЫН УУЛУ АЙДАРДЫ ЭЛ ЧАКЫРТКАНЫ

Койбоду беле семиртип,
Кочкорун бычып ирик кылып.
Козуну саабай турк кылып,
Куп оңдотуп элдерин.
Куржуну толо мүлк кылып,
Айгырын бычып ат кылып.
Азаматы кырк миңче,
Эң жардынын күчүнө,
Кырмызы килем жаптырып.
Он жаштан озгон кыздарга,
Кош коңгуроо тактырып.
Келинге кете кийгизип,
Кызга кызыл кийгизип.
Кызыр чалган экенин,
Түгөл журтка билгизип.
Кемпирге куйрук чайнатып,
Кедейге миң кой айдатып.
Кең Ташкендин кыргызын,
Керими көздөй жайлатып.
Катынга камка кийгизип,
Кара журттун баарысын,
Кадыр түнгө киргизип.
Жетигинин баарысы,
Желмаяндан төө болуп.
Көкөтөй ашы болот деп,
Кыйла адамга дүң болуп.
Түгү жоктун баарында,
Он, он бештен бээ болду.
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Койдун баарын мааратып.
Башка элден көргөн адамды,
Таңыркатып каратып.
Жылкынын баары кишинеп,
Байкабаган башка журт.
Баарысы бай киши деп,
Акылмандар болжошуп.

Манастын кылган иши деп,
Жөн жарагын окшотуп.
Найзанын баарын копшотуп,
Азаматын окшотуп.
Жүк арткандын баарысы,
Коңгуроолу кара нар.
Коколору көнөктөй,
Боз уйлуу кыргыз тукумун,
Кылган ишин караңар.
Ат семирип нык болуп,
Үч жылга быйыл нак толуп.
Чабдарды ашып чан кылып,
Көкөтөй ашы болот деп,
Көп адамга даң кылып.
Үч каркыра боюна,
Үч булактын оюна,
Толо конду калың журт.
Каркыранын боюна,
Үй тигилген эсепсиз.
Санап көрсө ак өргө,
Алты миң үч жүз үй болуп.
Бетеге белден бураган,
Эчки-теке, маралы,
Бадалында жоруган.
Эмне деген жер бу деп,
Бир-биринен сураган.
Жер жарашты ашка деп,
Акылым менин башка деп.
Мааникер тулпар байлануу,
Калкка кабар берели.
Жайнактын уулу жаш Айдар,
Кабарга мыкты бул жарар.
Мааникерди миңгизип,
Чарайна тонду кийгизип.
Калмак, кытай, манжуга,
Капыр менен мусулман,
Кабарды айтып сал деди.
Көкөтөй ашы болот деп,
Казак, кыргыз, калмакты,
Кадырлайлы арбакты.
Чакырып ашка алалы,
Кабылан бала Манасты.
Эл башкарып алат деп,
Айтмак болуп калышты.
Кашымдын уулу Баймырза,
Баарын жыйып алышты.
Токсон миң жигит жыйдырып,
Тоодон отун кыйдырып.
Арча, четин, карагай,
Алешем жашын карабай.
Куу дөңгөчтөн кыйдырып,
Кең өтөккө жыйдырып.
Эр Бокмурун дуу кылып,
Дүйнөдө элге угулсун.
Ат жеткен жерге тарасын,
Бай атамдын дөөлөтү,
Айтылсын жомок сөөлөтү.
Эр Бокмурун толгонуп,
Эчен акыл ойлонуп.
Жайнактын уулу жаш Айдар,
Алтымыш урук тил билген,
Бул билгенди ким билген.
Бокмурун эми кеп айтат,
Жаш Айдар кара деп айтат.
Бадана тонду кий деди,
Баркын тондун бил деди.
Курч болоттон жасаган,
Кымбат баалуу тон деди.

Мааникер атты минесиң,
Кабарды калкка бересиң.
Кыбыла жакты бет алып,
Кылчайбай жолго кирерсиң.
Ойротко тизгин бербеген,
Жарагы болот бир кучак.
Буудайык уулу Музбурчак,
Бурулуп буга кабар айт.
Алжайын сурап ылдам айт,
Көңүлгө көп иш толгону.
Көкөтөй ашы болот де,
Чен келди тоонун четине,
Үч каркыра бетине.
Кара кыргыз толду де,
Аяк башы он күндүк
Каптап кыргыз толду де.
Аш берүүгө камынган,
Алды алдынан чамынган.
Баш байгеге арналган,
Сегиз миң кызыл нар дегин.
Эң аягы байгенин,
Тогуз кара сексен кой.
Кулак угуп, көз көргөн,
Өнөрдүн баары бар дегин.
Уй менен жылкы аралаш,
Сексен миң кара мал дегин.
Андан кийин коюлган,
Токсон миң саяр кой дегин.
Кан Көкөтөй атама,
Көпчүлүк берет той дегин.
Сай күлүккө коюлган,
Сансыз байге дагы бар.
Сексен атка байге де,
Аты чыккан ата, уулга,
Ал деле болсо байге де.
Упасыз жалган дүйнөдө,
Мындай өнөр кайда де.
Сай күлүктөн тандатып,
Мыктыларын байла де.
Дүңгүрөгөн чоң тойго,
Укканың жалпы келгин де.
Зыяны жок пайдага,
Кара кыргыз калың эл.
Чакырып келдим_мен дегин,
Чакырган ашка келбесең,
Чачылар жайың бил дегин.
Төр-төрдө жаткан жылкыңды,
Төрүндөн айдап тийем де.
Дүмөктү салып башыңа,
Ак асаба туу кылып,
Айлыңды басып кирем де.
Кыз, катының ыйлатып,
Босогоңду кыйратып.
Болжолсуз бүлүк саламын,
Коштогон баатыр эриңди,
Боздотуп боорун тилемин.
Билген ишти кыламын,
Бириңди койбой кырамын.
Андан ары жол тартсаң,
Бадакшан, Балык жери бар,
Маамыт султан беги бар.
Так өзүнө караган,
Сегиз жүз миң эли бар.
Серпилип мында келдим де,
Кабарын айтып бердим де.
Кан Көкөтөй атакем,
Акырет жайды көрдү де.
Ардактаган баласы,

Айтырып кабар берди де.
Бул күндө барып турганы,
Каркыранын талаасы.
Көкөтөйдүн баласы,
Кудайы үчүн чакырдым.
Сай күлүгүн байласын,
Кошунун арбын жамдасын.
Өкүттө кийин калбасын,
Келсин дегин тоюма.
Келбей койсо тоюма,
Тоо болсо да томкором.
Салык кылып аламын,
Беш көкүлдүү кызыңды.
Туюнуп ашка келбесе,
Оёт эки көзүңдү.
Ойлонсун дегин сөзүмдү.
Андан өтүп сен барсаң,
Адыр, будур жер болот.
Мысыр көпө эли деп,
Уюган канча эл болот.
Сандаган канча көчө бар,
Мысырдын элин сураган.
Сейиттин уулу Эрменкул,
Эрендери дагы бар.
Анда кабар саларсың,
Ашыгып анда бараарсың.
Кан Көкөтөй өлгөнү,
Каркап үч жыл болду де.
Аллам жазган өкүмүн,
Көкөтөй атам көрдү де.
Чакырган ашты көрбөсө,
Каарынан өлдү де.
Кара кыргыз элинин,
Бере турган ашы де.
Жүз он миң кара мал деди,
Баш байгеге сайылган.
Көк асаба, кызыл туу,
Көйгөйдү кескен ызы-чуу.
Сай күлүктөн алгын де,
Аты келбей калганың,
Олжодон куру калдың де.
Айтылганды кылбаса,
Качырып сайдан кыйратып,
Кыз, катынын ыйлатып.
Каалгасын кыйратып,
Үйлөрүн талкан кылам де.
Кабылганын кырам де,
Бир талын койбой кыям де.
Ургаачысын тул кылып,
Колго тийген эркегин,
Коржойгон кара кул кылып.
Бой көтөргөн жигитин,
Таманга басып жүн кылып.
Айтылган сөзгө болбосо,
Сап кыламын элини,
Сай кыламын жерини.
Андан өтүп алганда,
Күн батыш көздөй саласың,
Топурак учуп тоз болгон.
Кубайыс чөлү деп коёт,
Көз жүгүртүп аңдасаң,
Бөлтөк, бөлтөк бел келет,
Шор көлү көзгө көрүнөт.
Желп эткен жел сокпогон,
Баары жүрөт жыланач.
Башчысынын өзүнө айт,
Улугунун көзүнө айт.
Андан ары салганда,

Агып жаткан дайра бар.
Кайда акканы билинбейт,
Белес тарткан жери бар.
Перинин жүргөн жери ошол,
Тайыпта көнөк беги бар.
Кан Көкөтөй ашына,
Чакырдык деп ошону айт,
Каркыра деген жерде деп.
Жер урунту желпиниш,
Ага кирип кетерсиң.
Кайраты бардын пил жүрөт,
Андан бөлөк ким жүрөт.
Ысыгына чыдаган,
Пилден бөлөк малы жок.
Андан өтүп алган соң,
Буудандын оозун бурарсың.
Оң тарапка бурулуп,
Дарыяны жээктеп.
Даңгыт деген эл болот,
Жайнаган кыйын эл болот,
Чоюн алп деген алпы бар.
Жан көрүнбөйт көзүнө,
Тактап айткын өзүнө.
Көп жыйындын башы де,
Көкөтөй кандын ашы де.
Уругу кыргыз баласы,
Шаары Ташкен калаасы.
Аш берген жери Каркыра,
Анда жетип барбасаң,
Азап түшөт башыңа.
Жоголгонуң табылып,
Жок болосуң чабылып.
Суу чыбыктай ийилген,
Сулууларың күң болот.
Дөөгүрсүгөн төрөңүз,
Күл чыгарган кул болот.
Катыныңжесир тул болот,
Көрөр күнүң жол болот.
Андан өтүп алганда,
Аялдабай кетерсиң.
Бараңга барып жетерсиң,
Бактамат деген беги бар.
Кекетип сүрдүү бек айткын,
Кан Көкөтөй өлгөн де.
Кайта келбес чын жайды,
Замзам менен жуудуруп,
Сарбап менен буудуруп,
Санат менен көмгөн де.
Ашын берет келгин де,
Ашка анда келбесең,
Ажал деп билгин де.
Кыйрыңа кыргын салышат,
Кыйратып чаап алышат.
Жүрөгүң жара чер кылып,
Мал базарын кыйратып.
Айдарына мал койбой,
Амбарына дан койбой.
Тирүү жүргөн жан койбой,
Пейилине заң койбой.
Бороонго учар каң койбой,
Төгүнү жок кырам де,
Шыпкай жылас кылам де.
Мында айтып тынарсың,
Канаты бар Мааникер,
Кайра тартып аларсың.
Кун чыгыш жакты бет алып,
Күнчүлүк жолго узарсың.
Кара калмак манжуга,

Миң сандаган колу бар.
Жолой менен Жайкара,
Карагул менен Ушаң бар.
Ошону көздөй шыдыр бар.
Кан Көкөтөй атамдын,
Чакырдым ыйык ашына.
Кокус ашка келбесең,
Тозоңду тоодой сапырам.
Чоң Бээжин көздөй кол баштап,
Күлүн көккө сапырам.
Караан кылар эл калбай,
Кирерге бүтүн үй калбай,
Арманда калып жүрбөсүн.
Такалуудан тай койбой,
Жагарына тал койбой,
Катын алар бой койбой.
Кыргынды мыктап саламын,
Тартууга кызын аламын.
Талкалашып барамын,
Келин, кызын чубуртуп,
Тартууга эми алармын.
Каны менен карыдан,
Катын алар эринен.
Үмүт үзсүн жанынан,
Чоң чалдыбар кыламын.
Кериге жаңсай жыгамын,
Кыздарын катын кыламын.
Кылчайып ашка келбесе,
Түмөн түйшүк бүлүктү,
Башына үйүп салармын.
Кан Жолойдун Ачбуудан,
Тартууга эми алармын.
Андан ары жол тартып,
Мааникер оозун бурарсын.
Кыйла кыйын жол басып,
Кырмустун уулу Мурадил.
Кызыл чоктуу Нескара,
Кыйгачтанып турганда.
Кырдуусунган кытайга,
Кайрат менен катуу айт.
Тартуурга алып күлүгүн,
Тамашаны саламын,
Талкалашып калармын.
Кан атамдын ашына,
Ашып-шашып келбесе,
Карматармын күлүгүн,
Башына түшөр түлүгүн.
Нураттын кара коргонун,
Жер менен жексен кылармын.
Алтындуу сарай ордосун,
Айдап кирип ачармын.
Дүнүйө мүлкүн сарп кылып,
Кытайдын малын чачармын.
Жоголгону табылар,
Жойкунду түшүп чабылар.
Ойлонгону табылар,
Ойрон болуп чабылар.
Кыргын кылып өздөрүн,
Кашайтып кара көздөрүн.
Күң кылып катын, кыздарын,
Кара боюн сызарын.
Кара түгүл канына,
Кайнаган азап саларын.
Кызыл кан кирер койнуна,
Кылыч тийер мойнуна.
Баш тартып тойго келбесе,
Көп кошун барар кашыңа,
Азап түшөр башыңа.

Сай күлүктөн байласын,
Аты калып жарышта,
Өкүттө эли калбасын.
Чакырган ашка келбесе,
Азап болор башына.
Кошуну кумдай жайнасын,
Эгер ашка келбесе,
Түкөнү түз болот де.
Андан кайра тартарсың,
Асыл таштуу белеске.
Канкагар тоонун оюнда,
Алооке деген каны бар,
Ага кабар айтып кайт.
Каспаңдын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Чоктолдун белин жайлаган.
Чоң кара атын байлаган,
Кошожоке карыга айт,
Коңурбай деген канына айт.
Ат көтөрбөй жөө жүргөн,
Жер жайнаган дөө болсун,
Бул ашыма келсин де.
Тамашаны көргүн де,
Көкөтөй атам ашында.
Алп болмоктон дөө болсун,
Бул ашыма келбесең,
Бүлүктү эми көрдүң де.
Гүлбакчасы жыйылып,
Бактын бары кыйылып,
Бай баласы Бокмурун,
Кылбай койбойт бүлүктү,
Сынабай койбойт күлүктү.
Жазгы күнүн кыш кылып,
Жаап туруп муз кылып.
Сепилин бузуп түз кылып,
Кытайын тыйпыл кырармын.
Аллам өзү жар болсо,
Астын-үстүн кылармын.
Сай күлүгүн байласын,
Ат чабуучу баласын.
Аярынан камдасын,
Чакырган ашка келбесе,
Кетирермин айласын.
Кадырман кыргыз калкыма,
Келтирермин пайдасын.
Каспаңдыктын калкына,
Карарына мал койбой,
Атка минер жан койбой.
Айгайды арбын салармын,
Ойбойлотуп барысын,
Ойрон кылып салармын.
Оң сөздү айтып салгын деп,
Ойдолотуп тулпарды,
Оң жакка буруп алгын деп.
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайдан чыккан Ороңгу.
Болбойт дебей бул ашка,
Келсин дегин олорду.
Кылкүрөң атын байласын,
Бержак жагы кызыл тоо,
Белестүү жерди жайласын.
Келбөөчү болсо ашыма,
Кесири тиер башына.
Минерине түк койбой,
Жайыттан алам малдарын.
Кары-картаң жаш дебей,
Ойлосун эми ар жагын.
Кез келгенин соёрмун,

Кейишке салып коёрмун.
Табылганын сулатып,
Таш коргонун уратып.
Кары-жашын чуулатып,
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлүп калкылдап.
Алтын айчык кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Аралашып калбасын,
Келбеген болсо тоюма,
Кекенчим калар оюма.
Көрүнбөсүн көзүмө,
Таарынбасын өзүмө.
Андан өтүп аларсың,
Күн чыгыш көздөй бурулуп,
Бурулуш жерге барарсың.
Суянын журту деп коет,
Жанаша мажуж, мажуж  деп коёт.
Алардан кабар салайын,
Аттарын айтып калайын.
Өлчөөсүз кыйын дөөсү бар.
Кишидаш деген дөөсү бар,
Киенкес деген жөөсү бар.
Сайса найза теше албайт,
Айбалта чапса кеспеген.
Адамдын алы жетпеген,
Укмуштуу мындай эри бар.
Перинин эли деп коёт,
Ушундай жерди жердеген.
Жарты деген адам бар,
Жаман жандын баары бар.
Адамдөө деген periден,
Аралаш чыккан калкы бар.
Кайчы кулак Жооналп,
Кулан куйрук Кутаналп.
Киндиги темир жаралган,
Китен деген алпы бар.
Бул чөлкөмдүн өзүндө,
Жез тумшук деген эли бар.
Чыңырга деп ат койгон,
Айттым ашка келгин де.
Келбесең кийин өлдүң де,
Пенде көрбөс кордукту,
Бейтарап жүрүп көрдүң де.
Андан төмөн саларсың,
Эл четине барарсың.
Эргежер менен Италы,
Аралаш өскөн бу дагы.
Кан Көкөтөй ашы де,
Ашка барбай калгандын,
Ташы тиер башка де.
Андан ары жол жүрсөң,
Кайнаган кыйын жөө жүрөт,
Ат көтөгүс дөө жүрөт.
Көкдөө, Акдөө, Карадөө,
Жери ак жер көрүнгөн,
Адамдын көөнү бөлүнгөн.
Шордун бурчу арал дейт,
Андан өтүп алганда,
Бадаң деген уруу бар.
Бул бадаңды бийлеген,
Чатанаш деген каны бар.
Кан Көкөтөй ашы де,
Аш берер жердин болжолу,
Каркыранын башы де.
Эгер ашка барбасаң,
Каның суудай агат де.
Келбеген болсо бул ашка,

Түбү менен сойлотом.
Көрөрүңө түк койбой,
Шор талааны жойлотом.
Андан өтүп аларсың,
Ак шор белес ашканда.
Дөбөттүүнүн эли бар,
Дөмүл деген беги бар.
Ашка келсин бу дагы,
Ашка келбей жөн калса,
Аманат жандан түңүлсүн.
Бир элдин каны Атала,
Бирөөнүн каны Үндүчак.
Абалын аңдап ойлосун,
Келбей калса бул ашка,
Түпкү жайын ойлосун.
Катындары тул болот,
Эркектери кул болот.
Андан кайра тартарсың,
Астыңдагы Мааникер,
Алып учар зыркырап.
Акун кан шаарын аралап,
Акунга анан айтарсың.
Кан Көкөтөй ашы де,
Каркыранын башы де.
Абакем Кошой башкарат,
Кары менен жашын де.
Андан кайра тартканда,
Мелтиреген түз талаа.
Адыр, будур жери бар,
Элемандын Төштүк бар.
Эштектен бар Жамгырчы,
Кан Жүгөрү чегиш бар,
Кара жаак Үрбү бар.
Уругу кыргыз уулунан,
Айкөл Манас теңиз бар.
Жолугуп калсан өзүнө,
Көрүнүп калсаң көзүнө.
Абдан самап жатпасаң,
Кербездик кылып жатпасаң.
Сенин ишиң башка де,
Өзгөчө айтып салбагын,
Бөөдө өлүп калбагын.
Анжияндын четинде,
Ала-Тоонун бетинде.
Мыргаптын туура бетинде,
Азирет Жет-Кайт белинде.
Түпкү атасы жедигер,
Берки атасы Жадигер.
Уюктун улуу Багыш бар,
Уюп туруп буга айт.
Кан Көкөтөй ашына,
Кантип барбай калам деп,
Журтунун көөнүн жайласын.
Келгин дегин ашка де,
Келбей калса бул ашка,
Айбалта тиер башка де.
Көрбөймүн десе өнөрдү,
Чын билсин жерге көмөрдү.
Ушул кепти айткын деп,
Угузуп кайра тарткын деп.
Мааникер болуп миңгени,
Бадана болуп кийгени.
Жайнактын уулу жаш Айдар,
Аттанып жолго киргени.
Канаттуу күлүк Мааникер,
Жылма тер чыгып көөдөндөн,
Сызып жолго киргени.
Булуттуу көктүн астында,

Жайкалган шибер үстүндө.
Жүгүрдү десе учкандай,
Даңканы ташты бузгандай.
Арандай оозун ачтырып,
Туягы жерге илинбейт.
Жер айланып былкылдап,
Айткан, деген жерине.
Ар кандай түркүн элине,
Толгонуп бүтүн ааламды.
Тогуз ай жүзү дегенде,
Белгилүү жерге жетиптир.
Дүйнө элине кабарлап,
Көк ала байрак, көк тууну,
Көтөрүлтүп аштаптыр.
Көкөтөй кандын ашы деп,
Ашты бүгүн баштаптыр.
Үч ата уулу бийи бар,
Дагы миң үч жүз үйү бар.
Көргөн элдин көзүнө,
Көрүнө түшсүн бийик деп.
Конок келет эми деп,
Жасалгасын келтирип.
Сакчы коюп ар жерге,
Качан келет элим деп.
Эл эригип бук болуп,
Каркыранын түзүнө,
Кайнаган калың эл толуп.

## КӨКӨТӨЙ АШЫНА ЭЛДИН КЕЛИП ТҮШКӨНҮ

Көпчүлүк эл жарданып,
Көргөндүн бары таңкалып.
Карап турган кезинде,
Каркыранын оюна,
Үч каркыра боюна.
Айтты эле мага кабар деп,
Ашыгып карап тургандыр.
Аны ойлоп Эр Багыш,
Суркийик атын миниптир.
Чыйраша менин калаам деп,
Чын эрмегим караш деп.
Толтоюмду ээрчитип,
Токтолбой ашка барам деп.
Барбасам болор жаман деп,
Көңкү жакшы жыйылар,
Көрүп калсын балам деп.
Атасы барда эл көрсүн,
Жакшы менен жаманды.
Ажыратып тең көрсүн,
Ээрчитип алып эрмекке.
Элди, журтту көрмөккө,
Эр Багыш жолго салганы.
Аз жүрбөдү мол жүрүп,
Он эки күн жол жүрүп.
Үч каркыра оюна,
Үч булактын боюна.
Үй тигилип калыптыр,
Көкөтөй кандын тоюна.
Эртеси жок бешимде,
Түш кыйшайган кезинде.
Беш жарым миң кол менен,
Башчысы Багыш кол баштап.
Колу менен Эр Багыш,
Барып түшүп калганы.
Андан кийин бөлүнүп,
Кызыл-Кыя белинен,

Кылчакай деген жеринен.
Атчанынан жөөсү көп,
Ат көтөргүс дөөсүсү көп.
Кызыл байрак туу менен,
Кыжылдаган чуу менен.
Кытайдын каны Коңурбай,
Катын, кызын чапкандай,
Катынын кара баскандай.
Алмабаш мылтык аткандай,
Айлын жөө чапкандай.
Керней-сурнай тарткандай,
Керикке кошун арткандай.
Коло найлуу канжага,
Коросондон куу коюп.
Коркурата бир соруп,
Коңурбай түшүп калганы,
Жүз элүү миң кол менен.
Кырмустун уулу Мурадил,
Кыйла жан менен дүңгүрөп,
Кол эсеби сегиз миң,
Бу да түшүп калганы.
Кытайлардын Нескара,
Кызыл байрак көтөрүп.
Кыйкуулаган ызы-чуу,
Алты миң кол дүңгүрөп,
Азыр түшүп калганы.
Ушаңдын колу бурулуп,
Кай-кайлаган добушу,
Күнчүлүк жерге угулуп.
Үч миң кол түштү чубуруп.
Солоондордон Алооке,
Айгайлаган чуу болуп.
Отуз миң түшүп жык болуп,
Доңуздун накта сүрү бар.
Күркүрөгөн добушу,
Нак доңуздун үнүндөй.
Он беш миң экен кошуну,
Ал дагы түшүп калганы.
Бозкертик келди кол менен,
Сегиз миң кошуп мол менен.
Соорондук келди дүңгүрөп,
Бул да түштү сегиз миң.
Кара жалдуу Бороончу,
Бул да түштү сегиз миң.
Каңгайлардан Оронгу,
Карбаластап келиптир,
Кошуну туура отуз миң.
Каткалаңдын Сайкалы,
Катарынан калбастан,
Бул да түшүп калганы.
Кошуну он беш миң болуп,
Ал күнү алар жай алып.
Тыным алып жатканда,
Эртеси таң атканда.
Кекшек уулу Эр Көкүл,
Алдагы келди кол менен,
Үч миңден ашуун жол менен.
Көчпөс улуу Эр Жанай,
Жети миң ашуун кол менен,
Бу дагы түшүп калганы.
Мунун арка жагынан,
Бай Бокмурун баланын,
Муңканганы табылды.
Абакеңиз Кошой дөө,
Боз жоргосун чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып.
Келгин куудай каркылдап,
Абаң Кошой барк этип,

Ак сакалы жарк этип.
Чаңды обого бурдуруп,
Сурнайы кулак тундуруп,
Чууну чууга урдуруп.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгалаган ызы-чуу.
Кырк беш миң орчун кол менен,
Ойротто жок мол келди.
Беш жарым миң кол менен.
Кан Көкөтөй ашына,
Кантип барбай калам деп.
Элемандын Төштүгү,
Жергесине келгени,
Жети жылга толуптур.
Жер астынан чыкканы,
Жети күн араң болуптур.
Эр Төштүк келип түшкөнү.
Ону-муну кылганча,
Олтуруп орун алганча.
Сары-Арканы жердеген,
Санжыргалуу эл деген.
Кермеге күлүк байлаган,
Кезегишкен душмандын,
Келдесин жулуп жайлашкан.
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе ботогур.
Алтындан наалы жез өкчө,
Айдаркан уулу Эр Көкчө.
Алтымыш миң кол менен,
Ал дагы келип калыптыр.
Аркасынан токтобой,
Жамгырчы жолго салганы.
Кагыша келген душманын,
Кашап алып нан кылган.
Беттешип калса кокустан,
Жердин барын кан кылган.
Беттешип пенде барбаган,
Белсемдүү баатыр эр ошол.
Эштектин уулу Жамгырчы,
Эми келип түшкөнү,
Сегиз миң ашуун кол менен.
Анын арка жагынан,
Эки-Кемин жайлаган,
Эр Үрбү келип калганы.
Эгиз кара ат байлаган,
Тилди жүйрүк сүйлөгөн.
Ашык сөз айтса сүйбөгөн,
Чечендиги башкача.
Кыпчактардын мыктысы,
Он төрт миң толук кол менен,
Бу дагы келип калганы.
Мунун арка жагынан,
Букар шаардын аржагы,
Бузулган чамбал бер жагы.
Орто Чаткал жердеген,
Ойроттун алы келбеген.
Оодарып пенде жеңбеген,
Буудайык уулу Музбурчак.
Он үч миң толук кол менен,
Адыр, будур бел ашып.
Бул дагы келди бул ашка,
Аңдаган элге бир башка.
Коноктун алды келгенге,
Он үч күнгө толуптур.
Сакал аттан кара дөө,
Самсып келди жармы жөө.
Беш миңден ашык кол менен,
Сандыргалуу Бейкубат.

Дөбөттүн беги кан Дөмбүл,
Төгүлө келди төрт миң кол.
Жору куйрук Жооналп,
Дөгүрсүгөн Чоюн алп.
Кайчы кулак Каман алп,
Киндиги темир Китен алп.
Жергеси бөлөк бул бир калк,
Барысы келген үч миң кол,
Баш аягы жүз миң кол.
Алыстан келген кол менен.
Эр азамат мыктыдан,
Эки жүз он миң кол келди.
Маамыт Султан да келди,
Келди Кемел токтобой.
Ээрчиткени жүз киши,
Адырaңдап Айкожо.
Өзү менен төрт киши,
Чабдарды ашып жол менен.
Жүз элүүчө кол менен,
Ыйбанкул жолго салыптыр.
Жүз кишини ээрчитип,
Бакуруш келди кол менен.
Эки миң ашуун колу бар,
Ала-Тоо ашып бел менен.
Акун кан келди бөлүнүп,
Жети миңче кол менен.
Оогандан чыгып бөлүнүп,
Отуз күн экен бир айың.
Ойроттон көрдүк далайын,
Конок күтүп өткөрдүк.
Бүгүн бойдон бир жайын,
Бир ай өтүп болгончо.
Коноктун баары толгончо,
Келбеди Манас баатырың.
Мусулмандын баарынын,
Эч калбады акылы.
Манаска барган жаш Айдар,
Кебинен эми баштайлы.
Сырттан Сыргак, Эр Серек,
Кошо жүргөн чагы бар.
Акбалтанын Сыргагы,
Ачуулу экен бу дагы.
Элге айткан сөзүн жаш Айдар,
Айкөлгө айтып салганы.
Өзүбүз экен дегенсип,
Өкүм сүйлөп салганы.
Жайнактын уулу Айдарды,
Эр Серек кармап алыптыр.
Ушул жерден соймокко,
Жылаңачтап алыптыр.
Абиримди ачпа деп,
Башымды чаап ташта деп.
Жайнактын уулу Айдарың,
Тилин кайра тарткан жок.
Өлтүргөнү жатканда,
Ууда жүргөн Эр Манас,
Үстүнөн чыгып калыптыр.
Манасты көрүп жаш Айдар,
Эки көздөн жаш агып,
Боздоп ийди сабылып,
Эр Манаска жалынып.
Каалгадай кашка тиш,
Кашкайып чыгып калыптыр.
Серек менен Сыргакка,
Каткырыкты салганы,
Карсылдап күлүп калганы.
Өчөшпөңөр айтканга,
Өзүмдүн айткан сөзүмдүр.

Кабарга барган Айдарга,
Буулумдан тонун кийгизип,
Буурул жорго миңгизип.
Мен аз күндө барам деп,
Баргандарга салам деп,
Айдарды салды жолуна.
Айдарды жолго салганы,
Аркасынан Эр Манас,
Кошунун жыйып кол курап.
Кошуна элден кол албай,
Кыргызынан бөлөктөн.
Барабаны күңгүрөп,
Кулак-мээни тундуруп.
Ала -Тоону кыдырып,
Аккан сууну сыдырып.
Салкын-Төргө салыптыр,
Суусамырлап алыптыр,
Салдуу түмөн кол менен.
Шамалдуу Кочкор жерине,
Аралап кирип барыптыр.
Чоңкой суунун жээгине,
Чолпон-Ата оюна.
Кечке жуук жатышып,
Ойноп ордо атышып.
Көл жакалай конушуп,
Көл менен тоонун арасы,
Көп кошунга толушуп.
Көп кошундун кийгени,
Көпкөк темир болуптур.
Таң агарып атканда,
Тоо тоонун башын нур чалып.
Чоң шашкеден өтүптүр,
Эркин жүрүп кол менен,
Чабдарды ашып алганы.
Кызыл-Кыя белине,
Кыраан Манас барганы.
Айттырып кабар салыптыр,
Жаш Айдар кепти салганы.
Кабылан Манас келди деп,
Каарына алса Арстаным.
Бүлүндүрөр элди деп,
Бул сөздү угуп Бокмурун.
Кызмат буйруп элине,
Эл башкарган бегине.
Токсон сарай үй тигип,
Тогуз жүз элүү бий күтүп.
Кызыл-Кыя белине,
Улуктугу билинип.
Уюп жаткан калың эл,
Ушу бүгүн бүлүнүп.
Кабарын катуу салганы,
Кайнап жаткан калың эл.
Кан Манасты көрүүгө,
Жабыла атка миниптир.
Тогуз миң тозуп үй күтүп,
Тогуз жүз элүү бий күтүп.
Токсон жерде бээ союп,
Жол тоздуруп эл коюп.
Башканын баарын байкабай,
Кеңешин айтып жайма жай.
Бастырганын билбестен,
Баарын көзгө илбестен.
Ушунун баарын тоотпой,
Уюп жаткан Бокмурун.
Ушу бүгүн бүлүндү,
Уюган кыргыз тукуму.
Астында жүрөт жыйырмасы,
Беттегенин көзгө айткан.

Адис мерген жыласы,
Милтелери чоктолуу,
Мылтыктары октолуу.
Билгендерге бул шумдук,
Мүрүдө кундак токтолуу.
Арт жагында жыйырмасы,
Тартканы жазбас жыласы.
Саадагы аттын белиндей,
Бөрү тил мизин чыгарган.
Учун ууга сугарган,
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Жебелерин кезешип.
Он тарапта да жыйырма,
Сол тарапта да жыйырма.
Согуш десе дегдеген,
Ойротту бузган жыласы.
Кылычын кындан алышып,
Чаба турган баштанып.
Кылчайбай жолго салыптыр,
Жоо бөрүсү жыласы.
Ак олпогун бөктөрүп,
Эшик эндүү айбалта,
Чабуучудай көтөрүп.
Саадакчандын артынан,
Мубакулдуу сыр найза,
Букта кармап оңдонуп.
Жолго түштү кылкылдап,
Качыруучу жолборстой.
Даярданып ыкыстан,
Айкөл Манас кабылан.
Тобун жазбай артынан,
Жүз отуз миң өшөлүп.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап.
Жезнай чыгып шакылдап,
Доон үнү күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп.
Аралап ашка киргенде,
Каарына чыдабай,
Салам айтар менде жок.
Көргөндүн баары титиреп,
Арт жагында сурнайлап.
Алтын айчык кызыл туу,
Отуз бөгөл жолдошу,
Ойротту бузган жолборсу.
Асты жагын караса,
Адамдын көөнү бөлүнөт.
Алты жасоол жол баштап,
Айкөл Манас ортодо.
Аккула минип болкоюп,
Он эки желдет бошкоштоп.
Жети мыржан астында,
Жолду ачып бош-боштоп.
Канаттуу күлүк чоң Кула,
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Үртүктү кабат жаптырып.
Кумдуу жерден оонатып,
Кудуктуу жерден сугарып.
Куландай жалы суюлуп,
Соорусу чыгып даңкайып.
Кулагында шамы бар,
Маңдайында багы бар.
Айбандан артык шаңы бар,
Аккуланы кындыйтып.
Кошунун баарысы,
Ак күрөөкө зоотун,
Кынай кийип зыңкыйтып.
Кырк баатыры күркүрөп,

Кайраты артык Кыргылчал.
Кайратын көрүп Кыргылдын,
Көрүп турган адамдын,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп салган жагы кызыл өрт.
Кылымда мындай жок болуп,
Кыйыры кызыл чок болуп.
Аралап ашка киргенде,
Көкөтөйдүн Бокмурун.
Айбандан чыккан тулпарын,
Арчатору бууданды,
Астынан тартуу тарттырып.
Сарыдан улак таптырып,
Садагасын чаптырып,
Кызылдан дилде чачтырып.
Кырк чорону карасаң,
Кыйырын бузбай бастырып.
Айбаты кыйын каңкорго,
Нускалуу сөзүн айтмакка.
Улугу келип калган соң,
Учурашып кайтмакка.
Акбозат менен теңселип,
Ак сакалы сеңселип.
Урматты кудай берсин деп,
Улугуңар келди деп.
Жаан кезген анткорду,
Жайыл Манас канкорду.
Саламдаша салалы,
Учураша баралы.
Каарына калбайлы,
Байкабай жатып албайлы.
Манас арзан эр эмес,
Оюңарга келбеген.
Келгени отуз күн болду,
Башталбады тоюңар.
Деңизден терең бул канкор,
Теңирим берген ургандыр.
Бир туугандык тургандыр,
Билими артык ургандыр.
Баатыр Манас жолборско,
Бармак болду камынып.
Катагандын кан Кошой,
Казактардын Көкчөсү.
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы.
Жедигердин Багышы,
Жеткир бийдин Агышы.
Кара жаак Эр Үрбү,
Карашактын Жүгөрү.
Манаска эми бармакка,
Бет алып эми жүргөнү.
Баарысы улук, баары кан,
Бармак болуп сегиз кан.
Асабасы жалпылдап,
Айчыгы алтын жаркылдап.
Манаска жеткен жакындап,
Астында Кошой дөө турат.
Баргандардын баарысы,
Атынан түшүп жөө турат.
Санжыргалуу Айкөлүң,
Абакеси Кошойго.
Алп абасы ошого,
Салам берип заңк этип.
Абакеси Эр Кошой,
Алик алды барк этип.
Келгенде Кошой кеп айтты,
Кекерленип бек айтты.

Келдиңби канкор деп айтты,
Мынча неге кечиктиң?
Келет деп элиң күткөнү,
Туура бир ай болду деп.
Ана келет деп жатып,
Кытайың талап жеп жатып.
Мына келет деп жатып,
Мыктылар талап жеп жатты.
Канап-бутап капырлар,
Калкыңдын эби кетти деп.
Кандайлыктан канкорум,
Сен кечигип келдиң деп.
Улуктардын баарысы,
Урматтуу Кошой карысы,
Ушуну сүйлөп салганы.
Жоо бөрүсү Эр Манас,
Ушуну сүйлөп салганы.
Отуну болбой от болбос,
Мылтыгы болбой ок болбос.
Бел байлабай мээнетке,
Пендеге дөөлөт бак конбос.
Мал чачпаган Абаке,
Бай Карымбай канаке?
Түрмөгүн айтам сез сага,
Сүйлөдүң кантип сен аба.
Чапкан балта өтөбү,
Уюган кара чың ташка.
Нелер келип не кетпейт,
Эр жигиттин башына.
Көңүлү жакын эрендер,
Көп айныта бербеңер.
Көкөтөйдүн ашына,
Акылыңдан айрылба.
Дүнүйө деп кайгырба.
Айкөл Манас кабылан,
Айтып оозун жыйганча.
Тогуз кара ат жалпооштоп,
Бай баласы Бокмурун,
Тартуугa келип калганы.
Торум кыздын ак сарай,
Салтанаты бир далай.
Кереге уук сырдалуу,
Чийи жибек чырмалуу.
Аземди боо тактырган,
Ак манат менен жаптырган.
Алыскы жууку адамдар,
Албан түркүн журттан бар.
Ашка келип эригип,
Бир айдан бери зеригип.
Минтип жаткан көпчүлүк,
Аттанып алып эрмекке.
Айкөл Манас баатырдын,
Аңдап түрүн көрмөккө.
Калк камалап калганы,
Касиеттүү канкорго,
Эл чамалап барганы.
Он эки желдет аттанып,
Колго кылыч камчы алып.
Башы айрылып кан чыгып,
Басып жүргөн мындан көп.
Көпчүлүктү карасаң,
Өмөлүп арбак урганы.
Таягын алып мойнуна,
Манасты көрсөм экен деп,
Басып жүргөн мындан көп.
Жакалашып учташып,
Далайы жүрөт мушташып.
Качкын ары кеткин деп,

Камчылаган дагы бар.
Камчысына ыраазы,
Кай бирлери көрмөккө,
Кайта келген чагы бар.
Эл коруудан ал кетип,
Баарың бирдей барчы деп.
Колуңдан келсе Манасты,
Койбой талап алчы деп.
Көрмөккө барган көңкү журт,
Жабыкты тилген андан көп.
Эл ошентип атканда,
Алооке кандын Чагырай,
Өзү сынчы капырай.
Түбү түшкөн буруттун,
Бул ааламды куруткан,
Башасына барайын.
Калкка каар сыры деп,
Чындап көздү салайын.
Бул бурутту карайын,
Пенденин алы келбейт деп.
Пир колдогон эр экен,
Адамдан башка шер экен.
Кытай сынчы Чагырай,
Басып келип калганы.
Жыртыктан көзүн салганы,
Көрсөм билем сырын деп.
Көргөн жерде Айкөлдү,
Бетин басып калганы.
Айкөлгө көзүн салганы,
Көргөн жерден Айкөлдү,
Жүрөгү чыгып жарылып.
Жабиинин жабы деп,
Жылас келген Чагырай,
Жыгылып кетип жан берди.
Сынаган сынчы өлдү деп,
Өлгөнүн эл-журт көргөнү.
Башкарылбай ашыңыз,
Барксыз жаткан кезинде.
Манас келди кечинде,
Эртеси күнү бешимде,
Түш эңкейген кезинде.
Желмаянын чөгөрүп,
Жез казанын көмөрүп.
Карап турса калайык,
Күрөөкө тонду бектеруп,
Каңга ылайык баары бек.
Кош артканы кара нок,
Кара кыргыз сандан көп.
Ногойдон калган кызыл туу,
Аягын жерге сайганы.
Асабасы бөлүнүп,
Асманды көздөй жайылып.
Ак асаба, кызыл туу,
Аркасынан сурнайлап,
Алтымыш миң кол келди.
Кылымды басып мол келди,
Кыраан Бакай зор келди.
Башка журттун баарынан,
Баатырлары мол келди.
Мааникер атын зымпыйтып,
Бадана тонун кымпыйтып.
Бай баласы Бокмурун,
Ар түркүн дүйнөнү,
Азыр кылдым белендеп.
Өчмөндүүнү кырарсың,
Өзүң билгин баатыр деп,
Өнөрдү кандай кыласың.
Кеңешин кылып эки дөө,

Аттуу эмес экөө жөө.
Эр Бокмурун кеп айтып,
Албан түрлүү ар хандын,
Арбындыгын карадым.
Күн батышын карасам,
Кырга кошун толуптур.
Жетиген жагын карасам,
Чарындын куйган оюна.
Жайнаган кыйын эл толду,
Кетмендин бели кайкыга.
Кара курттай калың эл,
Капыр менен мусулман,
Чогулган жери бул болду.
Бул сөздү айтып салганы,
Айкөл Манас, Бокмурун,
Эр Кошой билсин муну деп,
Экөө сүйлөп калганы.
Кебелбеген султаның,
Кайта кошко барыптыр.
Кошууну келген Манастын,
Келген колдун баарысы,
Бакай баштап карысы.
Бири союш жебеген,
Бири балам дебеген.
Өз союшу өзүндө,
Дүйнө илинбей көзүнө.
Булар орун алганы,
Жайнап жатып калганы.
Ал аңгыча болбоду,
Калмактын балбан Жолойу,
Карыны ачып калыптыр.
Алты батман нанды жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой.
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Алты карыш таманы,
Качыргандан кайтпаган.
Кара калмак каманы,
Өкүмүн айтып жар салып.
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Өкүмү тийип башына,
Кылмышкер болгон заманы.
Аргын сүтүн бир топ калк,
Айтылган Жолой кыйын алп.
Айтканында ката жок,
Атасы бар бата жок.
Айтканында ката жок,
Энеси бар нике жок,
Элде мындай бөкө жок.
Адырайган Жолойдун,
Сын сыпаты камандай.
Көк торгундан тону бар,
Туурасы жоон бою пас,
Дулдугуй беттүү өңү саз.
Бул капырдын кылыгы,
Дин дегенди билбеген,
Алланы айтса тилдеген.
Он эки тери чойдуруп,
Башына кийген малакай.
Тогуз жаңжуң ээрчитип,
Жолдош алып кашына.
Жаңжуң деген улугу,
Укуругун шиш кылып,
Адам кылгыс иш кылып.
Эртеси күнү кечинде,
Манас келген кезинде.
Ак сакалы жаркылдап,
Бакай атаң баркылдап,

Аттан түшкөн кезинде.
Малды сое баштаган,
Алтын тууну аштаган.
Кудайысын кылмакка,
Четинен кармап сойдуруп.
Жер очогун ойдуруп,
Этти карап турмакка,
Үч жүз жигит койдуруп.
Айдап келген малынан,
Аралаш кошуп сойдуруп.
Уй, жылкы, кою бар,
Жер очогун ойдуруп.
Эки миң беш жүз жер очок,
Жер очокко жараша,
Жигиттерден койдуруп.
Адырайган чоң Жолой,
Узап чыгып айылдан.
Конок болбой койбодум,
Тартылган табак этине.
Бул жолдошум экөөбүз,
Капшытым чыгып тойбодум.
Малакайы башында,
Жаңжуңдары кашында.
Көкөтөйдүн ашында,
Көтөргөн үйгө барганы.
Эт кайтарган чалдары,
Ачып үйгө киргизбей,
Карап туруп алганы.
Керүүлөй басып чоң Жолой,
Жер очокко барганы.
Сукумбек деген баланын,
Казанына карады.
Карыш казы, кыймажал,
Казанында кайнаган.
Жүйүртө басып чоң Жолой,
Отура калган жер ошол.
Калмагынча калдырап,
Быштыбы деп маканың,
Баладан сурап калганы.
Калмактын тилин биле албай,
Карады бала жалдырап.
Копшогон шишин алганы,
Казандагы этинин,
Бирин сайып алганы.
Казан баккан баласы,
Койгун мындай кылба деп,
Колунда шишин талашты.
Балбан Жолой капырдын,
Ачуусу келди арбайып,
Көзү кетти чекчейип.
Көкүрөк жүнү сексейип,
Сакалы кетти түксүйүп,
Чачы кетти үксүйүп.
Аминене дедим деп,
Кармашып бала кеткени.
Сол колу менен чоң Жолой,
Көтөрүп жерге урганы.
Казан баккан жигитти,
Баса отурду көтүнө.
Көзү түштү Жолойдун,
Казандагы этине.
Жүйүртө басып отурду,
Жер очоктун четине.
Чала бышкан эт экен,
Шишине сайып толтурду.
Лайлама дегени,
Шишкебектей шыпырып.
Балбан Жолой шашпастан,

Баса отурду баланы.
Арам тамак алп Жолой,
Казанда этти жалмады.
Бир казан этке тойбоду,
Дагы бир казан жейин деп,
Экинчиге дам койду.
Жолой алып мазаны,
Казан баккан баланын,
Куру калды казаны.
Эми Жолой обдулуп,
Казанды көздөй басканы.
Зордугуна чыдабай,
Мурунку бала бакырды.
Мында келгин жигит деп,
Бокмурунду чакырды.
Чакырганда Бокмурун,
Мааникерди кындыйтып,
Баланы көздөй бастырды.
Жетип келип караса,
Этинен кетип көп маза.
Немесин койбой этти жеп,
Эки казан таптаза.
Болжолсуз дөө чоң Жолой,
Мойну бука белиндей.
Оозунан чыккан илеби,
Улуу төрдүн желиндей.
Жан казандай көздөнүп,
Жалпак дөбө төштөнүп.
Өрттөнгөн өлөң чачтанып,
Өчмөндүү душман баштанып.
Карап турду бул капыр,
Кан Бокмурун балага.
Балкылдата бастырып,
Мааникердей тулпарды.
Бадана тону жаркылдап,
Ак шумкар куштай каркылдап.
Жолойго келди күүлөнүп,
Жолу каткыр жогол деп,
Ачууланып сүйлөнүп.
Жер очоктон эт жеген,
Заңың жаман ит деген.
Кан да сендей болобу,
Сени кан деген киши оңобу?
Ашка атаган бул этти,
Анан кийин жесеңчи.
Кардым тойбой койду деп,
Кабарды мага салбайсың.
Тойгузбай койсом кардыңды,
Тозокум анан келбейсиң.
Наадансыңбы акыр деп,
Алда менен иши жок.
Зили түбүң капыр деп,
Бокмурун айтып турганы.
Болбогон Улук бу дагы,
Адырайган чоң Жолой.
Ат минбеген жөө Жолой,
Аңдап көзүн салбады.
Кулагына сыйбады,
Бокмурун айткан сөздөрү.
Астындагы Мааникер,
Аты түштү көзүнө.
Калабалуу чоң Жолой,
Атка көзүн салганы,
Абдан карап калганы.
Буудандын башын бурарбы?
Бул өңдөгөн тулпарлар,
Мусулманда турарбы?
Чулу темир туягы,

Туура тулпар сыягы.
Соорусу чыгып даңкайып,
Тулпарлыгы бар экен.
Кулагына карасаң,
Чоң мазардын шамындай.
Дабырты чыкса алыстан,
Кайберен тоодон чубабас.
Кыйын жылкы көрүнөт,
Кырк күндүк жолдо суусабас.
Жеткире байлап таптаса,
Жел кайыптар узабас.
Батбаягы малынын,
Маралдай төшү салынган.
Куюшкандык узарып,
Кулжадай көзү кызарган.
Шыйрагын шыпшап жонгондой,
Кулагынын үстүнө,
Гул тотусу конгондой.
Чабуулга минсе баатырлар,
Көңүлү өсүп оңгондой.
Сыр найза алса боосу жок,
Алыстан жоолор жоосу жок.
Беш алты үйлүү буруттун,
Ырысына бүткүнбү,
Ашыкча буудан туруптур.
Эбактан бери муну албай,
Калдайды кудай уруптур.
Ал сөздү айтып ит Жолой,
Балдыр-салдыр сүйлөдү.
Эки жагын каранып,
Кошунуна кеткени.
Кызыл чокту Кытайдын,
Кыйыны экен коң төрө.
Кытайдын кыйла эли бар,
Мыктысы экен чоң төрө.
Кара Кытай элинин,
Кайраттуусу коң төрө.
Коңурбайдын кошунга,
Кирди Жолой кошулуп.
Балбан Жолой кеп айтат,
Байка Коңур деп айтат.
Минтерин биз билбей,
Бирден келип калыпбыз.
Манасы келген кезинде,
Акындарын айттырып,
Аземин элден арттырып.
Арчатору бууданын,
Тартуусуна ыйгарып,
Тулпардан тартуу берди деп.
Бир кылымдын канысың,
Сизге жакын бу бизди,
Ант ургур антип салганы.
Айбан катар көрүү деп,
Арчатору тулпарды,
Кан Манаска берди деп.
Намысың болсо Коңурбай,
Санааңды бөлүп байкап көр.
Бокмурундун миңгени,
Мааникер деген мал экен.
Алгара менен Тору айгыр,
Мааникердин жанында,
Мал эмес экен Алгара.
Көкүлү көздө чок экен,
Көргөн дүйнө жүзүндө,
Айбанда андай жок экен.
Алы келген азамат,
Ала турган мал экен.
Бокмурундун мингени,

Мааникер деген мал экен.
Санап турсам Мааникер,
Сага ылайык мал экен.
Атты Жолой айтканы,
Өз жайына кайтканы.
Коңурбайдан кем эмес,
Бул Жолойдун шайтаны.

## БЕРСЕҢ ДАГЫ БЕРЕСИҢ, БЕРБЕСЕҢ БИРДИ КӨРӨСҮҢ ДЕП, КОҢУРБАЙ МААНИКЕРДИ БОКМУРУНДАН СУРАГАНЫ

Берсең дагы beresиң,
Бербесең бирди көрөсүң.
Аш бергени чакыр деп,
Дегеним шартым барсын деп.
Коңурбай буйруп салганы,
Тогуз жайсаң барганы.
Бокмурунга кеп айтып,
Чакырды деди Коңурбай.
Үйдөн чыгып Бокмурун,
Коңурбайдын кошунга,
Келди шашпай жайма жай.
Коңурбайдын кошуну,
Арбындыгы шайма-шай.
Отурган экен Коңурбай,
Очогунун кашында,
Алтын таажы башында.
Өң түсү башка кер сары,
Сакалдары туу куйрук,
Сарапчыны тешкендей.
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду кырдач сеңирдей.
Түлөгөн жору баштанып,
Өгүздөй болгон чоң доңуз.
Эки көздүн чуңкуру,
Казып койгон ороодой.
Кирпигинин чылпагы,
Мергенчинин шородой.
Кутургандай чамынып,
Ачууланды киргенде.
Сөз айтууга камынып,
Бокмурун эми киргенде.
Эр жалгызы Бокмурун,
Аңдап сүйлө кытайым.
Ат сурай турган жайың жок,
Калың кыргыз эл турат.
Сыйың менен конок бол,
Сыйрылып калып жүрбөгүн.
Болжому жок сөздү айтып,
Болду го сенин азабың.
Сөзүңдү кайра алгын деп,
Баш чайкады Бокмурун.
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Коңурбай кирди сүйлөнүп.
Бар экен сенин колуңда,
Атаң өлгөн айыпкер.
Аш бергениң чын болсо,
Мааникерди мага бер.
Манас келсе көрүпсүң,
Арча тору бууданды,
Тартууга ага берипсиң.

Бекер жерден өлөсүң,
Мааникерди бересиң.
Адам көрбөс мээнетти,
Башыңа түшсө көрөсүң.
Кара шаар айланып,
Каңгайлар минер ат экен.
Киши-миши дебеймин,
Аш этинен жебеймин.
Башыңа азап саламын,
Аш бердирбей бул жерден,
Айлыңды талап аламын.
Тоюңа тозок саламын,
Топоңду күлдөй сапырып,
Тобуңду чаап аламын.
Мааникердей бууданды,
Мойнунан бай лап аламын.
Катын, кызың күң кылып,
Айдап жолго саламын.
Кара манжуу кытайдан,
Айбаты башка оңбогур,
Ал сөздү айтып салганы.
Айтканын угуп Бокмурун,
Айраң таң болуп калганы.
Ат алар көөнүң бар болсо,
Ага-тууган менде бар.
Акылдашып көрөйүн,
Эл-журтума мен барып.
Кеңешип мен да көрөйүн,
Эби келсе көрөм деп.
Бай баласы Бокмурун,
Кызыл чокту каңгайдын,
Айтканын эми угуптур.
Каарына чыдабай,
Арты менен чыкканы.
Көкөтөй уулу Бокмурун,
Кейишке түшүп калганы.
Кеңгиреген боюнча,
Акылын жыйып алалбай,
Эр Кошойго барганы.
Барган жерде Бокмурун,
Коңурбайдай кечилдин,
Баянын айтып салганы.
Абаң Кошой баш чайкап,
Жактырбай эми калганы.
Кытайлардын чоң Коңур,
Пейили бузук оңбогур.
Анжи Бээжин Коңуру,
Манас тартуу алганга,
Намыс кылып калган го.
Бербей койсок бул жерде,
Түп көтөрө кырбасын,
Түйшүктү башка жыйбасын.
Мааникер берсек макулга,
Балакет баскан чоң Коңур,
Падышага жакын го.
Акыры түбү жакшы го,
Айлыңдын эсени.
Арам өлгөн Мааникер,
Бир байталдын тезеги.
Ат аяган жер карайт,
Куш аяган көк карайт,
Көк караса көп карайт.
Мааникер тартуу кылбасак,
Аягы аштын оңбос деп,
Кан Кошой айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Бокмурун сүйлөп калганы.
Ат алдырып минейин,

Айтканың акыл билейин.
Эр Бокмурун бек айтып,
Жанындагы жолдошун,
Атка жөнө деп айтып.
Азыр бармак болгону,
Ал аңгыча болгончо.
Кошой абаң баш чайкап,
Акыл ойлой калыптыр.
Кан Коңурбай калчага,
Аш бергенден жалтанып.
Мааникердей тулпарды,
Калчага бере салбайлык.
Баягы Манас каңкордун,
Каарына калбай лык.
Мага айтпай атты берди деп,
Арстан Манас баатырдын,
Каарына калбайлык.
Бастырып барып арстанга,
Акылдашып алалык.
Орду келер иш болсо,
Ошондон кийин берелик.
Бул сөздү айтып эр Кошой,
Бокмурунду ээрчитип,
Кан Манас көздөй салганы.
Казактардын Көкчөсү,
Кара тилдүү Үрбүнү.
Элемандын Төштүгүн,
Эштектерден Жамгырчы.
Жедигердин Багышы,
Жеткир бийдин Агышы.
Кандын жээни Жүгөрү,
Калкылдашып баарысы,
Баштаган Кошой карысы.
Арстан Манас баатырга,
Алар жакын барышты.
Улуктардын баарысы,
Улуу-кичүү карысы.
Байкап көрсө арстанды,
Көйкашкалар кашында.
Отоодон оолак барыптыр,
Жыдымак сызык арасы.
Жыргалын байкап карачы,
Токсон таман чоң ордо,
Ойлоп чийип алыптыр.
Сексен уучу чүкөсүн,
Жерин өлчөп салыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл болуп карысы.
Томпой менен шака-шук,
Атып жатат шакылдап.
Кыргыл чалы башкарып,
Аттырып коюп эрмекке,
Аңгемесин көрмөккө.
Арстан Манас баатырың,
Ордонун оолак четинде.
Арстан эр сулап жатыптыр,
Чоролор ордо атыптыр.
Барган жерден Кошой дөө,
Манаска келди баары жөө.
Салам айтып заңк этип,
Арстан Манас баатырың,
Алик алды барк этип.
Келгин аба келгин деп,
Байыркыдан калган кеп.
Оңунан берди орунду,
Отурду Кошой борумдуу.
Кадырлап келген бул ашка,
Кандардын жолу бир башка.

Баатырына бата албай,
Байкап сөзүн айта албай,
Кандарды кудай урганы.
Айтыңыз деп бир-бирин,
Түрткүлөшүп турганы.
Улуктун баары бата албай,
Угузуп сөзүн айта албай.
Же аттанып кайра кайта албай,
Камалып турган кезинде,
Кандардын шайы кеткенде.
Айта алышпай бук болуп,
Эт бышымга жеткенде.
Эки-Кемин жайлаган,
Эгиз кара ат байлаган.
Таздын уулу Эр Үрбү,
Эки жагын карады.
Эптүүдөн барбы айтчу деп,
Айтар адам жок учун,
Айтайын деп калыптыр.
Эргип коюп Эр Үрбү,
Ээ Манас деп калыптыр.
Үлкөндөр сөзгө келгенде,
Кандай жүрөт булар деп.
Карады Манас жалт этип,
От көзүнөн жарк этип.
Заары чыгып өзүнөн,
Шыркырап жалын көзүнөн.
Үрбүгө көзүн салганы,
Кашында турган көй улук.
Каңкорду кудай урду деп,
Түрткүлөшүп калганы.
Айталбай Үрбү токтолду,
Андан кийин бул топтон,
Унчугар киши жок болду.
Айтуудан чечен адашты,
Үлкөндөрдүн баарысы,
Бирин бири караштты.
Эр Үрбү токтоп калганы,
Үтүрөйүп Эр Кошой,
Үрбүгө көзүн салганы.
Атаңа наалат ит Үрбү,
Кара жерге жит Үрбү,
Адам болбой кет Үрбү.
Анча озунуп алган соң,
Оо Манас деп калган соң,
Айтып ийсең нетти деп.
Айталбай турган болгон соң,
Абаке Кошой сүйлө деп,
Мени күүлөп бир койсоң.
Кай намызың кетти деп,
Карыса да тарпайып,
Карт буурадай тартайып.
Кашында Кошой турбайбы,
Как ушу жерде каңкорго,
Карап туруп мен турсам,
Олтуртсам кудай урбайбы!
Бул сөздү айтып Эр Кошой,
Мурутун бурап чыйратып.
Буластаган Үрбүнү,
Жемелеп жерге кийирди.
Үтүрөңдөп Эр Кошой,
Манасты карап калганы.
Ээ кулунум Эр Манас,
Байкачы баатыр сен Манас.
Адырайган чоң Калча,
Ант ургурду карачы.
Кошуну арбын бир далай,
Намыстанып калыптыр.

Бокмурунга күүлөнүп,
Буйруп өкүм кылганы.
Манас баатыр көрдү деп,
Бар айтуума көндү деп.
Айбандан чыккан тулпарды,
Арчатору тулпарды,
Манаска тартуу тартты деп.
Бай кошомат кылат деп,
Мааникерди бергин деп.
Мааникерди бербесең,
Ашыңда бүлүк салам деп.
Топурагын күл кылып,
Катыныңды тул кылып.
Сапырамын асманга,
Эркегиңди жүн кылып.
Кытайдын каны Коңурбай,
Бул отурган иниңе.
Капаланып Бокмурун,
Санаасы санга бөлүнүп,
Көңүлү жаман түн болуп.
Кантебиз деп кайтыптыр,
Абаңар билген кеп болсо.
Кытай да болсо кылып журт,
Кысталактын сөзүн тут.
Мааникерди берсек дейм,
Мындай сөздүн баянын.
Берелиби, жокпу деп,
Өзүңө айтып келгеним.
Айтылган сөздү укканда,
Баатырды кудай урганы.
Оң көзүнөн от күйүп,
Сол көзүнөн чок чыгып.
Оозунан жалын шыркырап,
Көк жалын болуп түтөдү.
Кара чаар арстандай,
Күркүрөгөн дабышы,
Кулак-мээни тундурду.
Баатыр Кошой балбанга,
Кылчайып жооп бербеди.
Доол кагар шаң жыгач,
Толгоп колго алганы.
Доол катуу кагылып,
Ордодогу кырк жигит,
Бири калбай жабылып,
Кошту көздөй чурады.
Ыкчамдыгын карагын,
Коштон алды жарагын.
Кийген тону көк темир,
Сыйынганы бир Теңир.
Соо калбастай сыягы,
Ач арстандай чамынып,
Алды алдынан камынып.
Найза кылыч ок өтөр,
Асты жери калбады.
Алыша кетсе душманы,
Азыр чыгар дал-далы.
Беттерине жамынып,
Ок өтпөс болот бардалы.
Ачып көздү жумганча,
Алтындан доол урулуп.
Абыр-шабыр ат минип,
Ат минсе да бат минип.
Күлүктүн бели ийилип,
Күрөөкө зоот кийинип.
Көсөлдөрдүн баарысы,
Көпкөк темир кийинип.
Мылтыктын баары октолуп,
Милтенин баары чоктолуп.

Мылтык атар, жаа тартар,
Мыктынын баары жоктолуп.
Көптөн бери байланган,
Чаба турган чоң кула ат,
Чалкактата жетелеп.
Ат таптаган жооручу,
Тартты алдына энтелеп.
Октой болгон чоң Кула,
Окторулуп алганы,
Оёнго тарта салганы.
Ачуусу келген Арстан эр,
Арстандай секирип,
Теппей минип алганы.
Баса минип бул атты,
Атырылтып булкунтуп,
Бура тартып алганы.
Сайып койгон жеринен,
Найзаны жулуп алганы.
Аккула атты каргытып,
Ач арстандай агытып.
Аксандуу Кошойдун,
Алдына барды чамынып.
Сенден бөлөк бири айтса,
Өлүк эмес тири айтса.
Кетирет элем алын деп,
Алат элем жанын деп,
Төкпөс белем канын деп.
Жамандыкка кыйбаган,
Кошойлуктан калдың деп.
Кол тийбеген кары элең,
Ошондуктан калдың деп.
Кордук сөздү кокуй күн,
Не үчүн айтып салдың деп.
Кайда жүрөт жанагы,
Ээсиз калган малың деп.
Ойронуң Манас өлгөндө,
Оо дүйнөнү көргөндө,
Ошондо тартуу берсеңчи.
Тагында Манас турганда,
Таалайыңдан көрсөңчү.
Таарынасың дагы айтсам,
Тирүү жүрбөй өлсөңчү.
Айкөлүң Манас өлгөндө,
Аа дүйнөнү көргөндө,
Кылымды капыр бөлгөндө.
Кыңк эттирбей билгенде,
Кынжылабай мингенде.
Атың түгүл эр Кошой,
Кызыңдан тартуу бер Кошой.
Азыр менин барымда,
Манасым бар деп айтсаңчы.
Бүгүнкү күндө бу капыр,
Сырыңды тартып албайбы!
Бүгүнкү күндө Мааникер,
Каңгайга берчү мал беле?
Эртеңки күнү Кула атты,
Каалап кармап албайбы!
Бүрсүгүнү болгондо,
Эр Төштүктүн Чалкуйрук,
Эбин таап албайбы!
Сай буудандан айрылса,
Сай кучактап калбайбы!
Ат бүткүндөн айрылса,
Азамат шору катпайбы!
Атышпай атты бердиң деп,
Азабын артык тартпайбы!
Акыреттин күнүндө,
Тозокко Манас жатпайбы!

Мааникер берем дегенче,
Манасты өлдү десеңчи.
Баатырым өлгөн экен деп,
Батаңды кыла келсеңчи.
Муну айтканча өлсөңчү,
Эчен түрдүү кеп айтып.
Урушту сүйгөн бу доңуз,
Күлүктү кантип берейин.
Күчөгөн экен бул чочко,
Күрпүлдөшүп көрөйүн.
Күч кубат берсе кудурет,
Күлдү журттун ичине,
Күлкү кылып берейин.
Айдыңым айдай турганда,
Арбак анык урбаса,
Атымды кантип берейин.
Арбыган экен бу доңуз,
Акыр заман журтуна.
Аңгеме кылып берейин,
Арга недир тагдырга,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Ал аңгыча болбоду,
Алтын доол кагылды,
Аккелте мылтык чаңырып.
Араң турган кырк баатыр,
Аламан коюп жабылды.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Доолдун үнү түрсүлдөп,
Төө мылтык үнү күрсүлдөп.
Жазайыл үнү чаңырып,
Койчагыр үнү жаңырып.
Араң турган кырк баатыр,
Дүңгүрөп атка мингени.
Найзанын учу чабышып,
Адамдын башы кагышып.
Аңдаганга бир катар,
Бейкут жаткан капырга.
Мээнетке калды акыры,
Башында калбай акылы.
Жабуу, жабуу, жабуу деп,
Жабулаган сан капыр,
Жабыла качып баратыр.
Санжыргалуу кырк баатыр,
Качкандарын жапырып,
Сайып кетип баратыр.
Акыр заман башына,
Салып кетип баратыр.
Мөңдү, мөңдү, мөңдүлөп,
Мөңдүлөгөн көп капыр,
Бөлүнө качып калыптыр.
Бөрү тийген койго окшоп,
Бөлүндүрүп салыптыр.
Бөксөлөнүп ичинен,
Өлүп кетип баратыр.
Алты, бештен ар жерге,
Союп кетип баратыр.
Кара канга камбылдар,
Тоюп кетип баратыр.
Кап ортосун капырдын,
Оюп кетип баратыр.
Кош дөбөнүн тушунда,
Коңурбай баатыр ушунда.
Каарына алса жетер деп,
Манас кырып кетер деп.
Кан Коңурбай энтелеп,
Камданганча Манасы,
Кашайтып кырып кетер деп.

Ат албасам жок деди,
Бул Манасы шок деди,
Пендеде мындай жок деди.
Ат минбесем коёмбу,
Арстан Манас оёнду.
Кылкара тартуу кылыңар,
Кырдырып ийбей кытайды,
Кызмат кылып көрүңөр.
Бул сөздү айта салганы,
Адырайган Коңтөрө,
Бузукту сүйгөн чоң төрө,
Коркпогондо не болду.
Колу чыгып жоголду,
Кызыл чокту Нескара.
Кыргындан чочуп бечара,
Кырмус Шаанын Мурадил.
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу.
Каңгайлардан Оронгу,
Карыганы Алооке.
Дабыртын угуп алыптыр,
Кылкара атты кындыйтып,
Астына тартып калганы.
Жазайыл мылтык октолду,
Милтемин баары чоктолду.
Азыр тартуу болгондо,
Аламан чабуул токтолду.
Алооке баштап карысы,
Сексен жаңжуң баарысы,
Астына булар барышты.
Абири кетип калышты,
Кетирип колдон намысты.
Абири кетип төгүлүп,
Уюган чаңы жазылып.
Урушу тарап басылып,
Коркок кытай, калмактар,
Кош-кошуна барышып.
Канча бири талаада,
Эсин жыйбай калышып.

## АТТАРГА САЙЫЛГАН БАЙГЕНИ УГУЗГАНЫ, АТТАРДЫ ЧУБАТУУГА САЛГАНЫ

Таң супасы салганда,
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап.
Көңкү журттун баарысы,
Аттанып алып шаркылдап.
Аяк башы көз жетпейт,
Айта берсе сөз жетпейт.
Сексен катар кол болуп,
Ортосу көчө жол болуп.
Карап көрсөң кылкылдап,
Эсеп жеткис кол экен.
Көкөтөйдүн бул ашы,
Көп адамга дүң болду.
Баш байгеге сайганы,
Жетимиш миң беш жүз ат.
Жана токсон миң кой болду,
Жети миң толук уй болду.
Эсебин малдын алалбай,
Эл жакшысы буй болду.
Жабык-башы кундуздан,
Жана алтымыш үй болду.
Үй башына карасаң,

Бирден эркек ээси бар,
Төрттөн шайдоот күң болду.
Экинчи аттын байгеси,
Төрт жүз сексен төө болду.
Башкарып турган башында,
Бабаң Кошой дөө болду.
Отуз миң жылкы беш миң уй,
Эсебин малдын алалбай,
Так эсептеп калалбай.
Далай адам буй болду,
Алтымыш миң кой болду.
Уй башына карасаң,
Бир азамат бой болду.
Үй башына эсеби,
Жыйырма беш миң болуптур.
Он миң беш жүз жылкы бар.
Төртүнчү атка байгеси,
Он эки миң кой болду.
Ушундай берген улуу той,
Жүз жыйырма атанды,
Азыр кылып атады.
Беш жүз жылкы, ую жүз,
Мал байлаган жери түз.
Эң акырын айталы,
Ушул жерден кайталы.
Тогуз кара, токсон кой,
Бир ургаачы, бири эркек,
Мунусу да дагы бар.
Алтымыш атка байгени,
Азыр сайган чагы бар.
Түбү кыргыз болгонго,
Аш бермеги парз болгон.
Байге аларын карасаң,
Алтымыш бир ат болуп.
Жөөтү бар, тарса бар,
Жөн турган адам канча бар.
Кызылбаш менен кыйба бар,
Орус да бар, инди бар.
Кызыл чоктуу кытай бар,
Кара калмак эли бар.
Мусулмандын баары бар,
Арабынын ыйманы.
Артык молдо Айкожо,
Алдагы келген чагы бар.
Ат чубатсак экен деп,
Абакеси Эр Кошой,
Манаска айта салганы.
Шаңшуурдан санап кыркты алып,
Жамбыдан он беш чоңду алып.
Калкка сөзүн айтмакка,
Кабар берип кайтмакка.
Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры түпөк кырк муундуу.
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул.
Атка минди мына бул,
Жанына алган жолдошу,
Жайнактын уулу жаш Айдар.
Жар чакырып кеп айтар,
Атына жабуу жабыңар,
Аркы-терки чабыңар.
Кас буудан болсо билесиң,
Кара чобур минесиң.
Аты чыгып келген жан,
Кадыр түнгө киресин.
Эртең аттар айдалат,
Ат тердетер чак келди.
Кабарды салды жарчысы,

Камданды журттун жакшысы.
Жашы менен карысы,
Жалпы журттун жамысы.
Өркөчү бийик Зери бас,
Өргө салса чарчабас.
Отуз күнгө моюбас,
Буудандар арбын айдалды.
Адырлуу жерден моюбас,
Айлап жылдап жоорубас.
Кара байыр казанат,
Касбуудандар айдалды.
Камыш кулак, сом туяк,
Каса тулпар андан көп.
Чарчабаган күрсүндөк,
Буудандары андан көп.
Тобурчактан бир канча,
Аземдүү тумар тактырган.
Аргымактан бир канча,
Атты бүгүн тердетип,
Адамдар жүрөк дегдетип.
Чапкылаган көпчүлүк,
Саяпкерге көп түлүк.
Чабалекей учкандай,
Чубурганы чычкандай.
Ат чубатып болгону,
Талапкер атты санаса,
Эки миң үч жүз ат болуп.
Аны көрүп Эр Манас,
Санаасы кетти бөлүнүп.
Кайнаган калың элине,
Кыргын кылсам ылайык.
Уйга жетпес чобурун,
Кошконун көрүп жинденип.
Эки миң бээ жүз аттан,
Кандай жол жетет эми деп.
Чобурлар жолду бөгөр деп,
Көргүлүктү көрөр деп,
Балдары ноот болор деп.
Тулпардын баары кырылар,
Туюктап алып жол бербей.
Үстү-үстүнө жыгылар,
Баатырың келип кошуна.
Көсөм Алмаң султанын,
Чакырып алып кашына.
Өктөмүн уккун сөзүмдүн,
Алмамбетке кеп айтып,
Айкөл Манас бек айтып.
Аянбай күндү жайлагын,
Алмамбет баатыр деп айтып.
Кабырга сөөгү как кула,
Каса тулпар Аккула.
Өркөчү бийик зор кула,
Өзү айбандан зор кула.
Омурткалуу ар кула,
Октой болгон зор кула.
Астына келер бекен деп,
Аксакал кыргыз ниети бар.
Азыркысын чоң кула,
Бир күнчүлүк эти бар.
Аябай күндү жайлап көр,
Ат семизи кымпыйсын,
Сыртына тартып зыңкыйсын.
Этине келген аттар бар,
Арыктын баары зыңкыйсын.
Айкөл Манас кабылан,
Ал сөздү айтып ийгени,
Алмамбет жайга киргени.
Нуркасылы Кытайдан,

Касыйдадан жат окуп,
Калмакча дуба жат окуп.
Сурданып Алмаң калганы,
Суугa жай таш салганы.
Аны-муну кылганча,
Ачып көздү жумганча.
Жаканын баары жамгырлап,
Бөксөгө мөндүр төгүлүп.
Шамал болуп шыркырап,
Кыбыла жактан түнөрүп,
Кызыл мунар дүркүрөп.
Астыңкы келген аязга,
Ат менен адам зиркиреп.
Арыктын баары жыгындап,
Аң-коктулар тыгындап.
Асмандан мөндүр төгүлүп,
Алты сай мөндүр көрүнүп.
Борошосу бургулап,
Караганга өлчөөсүз.
Уйгу-туйгу ургулап,
Асты жагы жамгырлап.
Адам аттуунун баарысын,
Суусу басып жаш кылды.
Артынан түшүп мөндүрү,
Арык аттын баарысын,
Аяз менен өлтүрдү.
Күлүктүн баары олжоюп,
Бүгүн күүсүнө келип конжоюп.
Буудандын баары кымпыйып,
Шымаланып зымпыйып.
Чобурдун баары ал түнү,
Тоңуп калды зыңкыйып,
Кыйласы өлгөн дыңкыйып.
Тулпардын эти тартылып,
Кулагы жалдан артылып.
Буудандын баары бурулуп,
Булкуна басып жулунуп.
Туягы тийген жерлери,
Туш-тушуна туурулуп.
Баатырдын аты Аккула,
Кабыргасы как кула,
Каса тулпар Аккула.
Этине келип ээлигип,
Баскысы келип жээлигип.
Жарым күндүк эти бар,
Жаңыдан тердеп алыптыр.
Жаадай болгон чоң кула,
Табына эми жетиптир.
Ал күнү антип калганы,
Аяз болуп шыркырап.
Эртең менен шашкеде,
Көкөтөй туусу калкылдап.
Атың болсо чубат деп,
Бакырып Айдар үн салды.
Көк асаба жалпылдап,
Аралап колго киргени,
Жар чакырып ийгени.
Кечөө күнү кечинде,
Алмамбет күндү жайлаган.
Ат айдаарга жан жетпей,
Канчалап чобур кошулган.
Азайсын буудан саны деп,
Көрөр болсоң калың журт,
Көбү өлүп шору кайнаган.
Аттарынан айрылып,
Наалып жүргөн андан көп.
Ашына жыят топ дешип,
Кылган иши шок дешип,

Байге албасам жок дешип.
Аргасы кетип түгөнүп,
Атынын алып жүгөнүн,
Басып жүргөн мындан көп.
Ат чабылат дегенде,
Адамдын баары чуу деди.
Кытай журту бир бөлөк,
Кыргыз журту бир бөлөк.
Кырым журту бир бөлөк,
Ооган журту бир бөлөк,
Орус журту бир бөлөк.
Түркүн-түркүн болушуп,
Дүйнө жүзү толушуп.
Найзанын баары жылтылдап,
Адамдын башы былкылдап.
Кайнаган кара кол болду,
Ортосу көчө жол болду.
Кытайдын каны чоң Коңур,
Уруксаат болор бекен деп.
Аттын баары чубоого,
Азыр болуп турат деп,
Ургаачы жолу улук деп.
Өзү каңгай элинен,
Ороңгу кандын кула бээ,
Окторулган түгөт деп.
Чубатууга чыгыптыр,
Анын арка жагынан.
Алтындан тумар тагылган,
Кулагында шамы бар.
Маңдайында багы бар,
Куюндан бүткөн жаныбар.
Тумшугунун үстүндө,
Ноктонун кескен тагы бар.
Кындырдай болгон жаныбар,
Оң жамбашта калы бар.
Окторулган жаныбар,
Аккула кирди чубоого.
Анын арка жагынан,
Чаткаягы чаткалдай.
Чаткаяктын өзүнө,
Азыркы жүргөн пендеден,
Ат-тону менен баткандай,
Чалкуйрук кирип калганы.
Мындан кийин бөлүнүп,
Мурадилдин Кылжейрен.
Мындан кийин өткөнү,
Музбурчактын Телкүрөң.
Мындан кийин өткөнү,
Эр Кошойдун Чоңсары ат.
Үрбү чапкан кош кара ат.
Көкчөнүн аты Көгала,
Ат чубаткан жер талаа.
Миң атты жалпы айтканча,
Бизге болор көп балаа.
Ат чубатып болгону,
Санап көрсө өткөн ат,
Тогуз жүзгө толгону.
Эки миң беш жүз ат эле,
Ээ боло албай атына,
Алмамбет күндү жайлаган,
Элдин шору кайнаган.
Атын эстеп кайгырып,
Калган экен кай бирөө.
Ээр токум, ат-жарак,
Баарысынан айрылып.
Аттар чубап болгондо,
Санатын тактап караса,
Тогуз жүзгө толгону.

Ат кай жерге барат деп,
Кайсыл жерден келет деп,
Каңкор жооп берет деп.
Мусулман, каапыр баарысы,
Катаган Кошой карысы,
Болду Манас калысы.
Жер өлчөсүн айтчы деп,
Эл жыйылып калганы.
Экей, Шыгай көй төрө,
Манасты ортого алганы.
Арстан Манас ойлонуп,
Ары карап толгонуп.
Баатырың жооп бергенче,
Эки-Кемин жайлаган.
Эгиз кара ат байлаган,
Чубутураак жан экен,
Чукунчул аты бар экен.
Кепти кечөө айталбай,
Манас деп коюп токтолуп.
Жемесин угуп Кошойдун,
Өкүттө калган өзү бар,
Үрбүнүн айтар сөзү бар.
Сай тулпарлар чабылды,
Ары кетсе эки күн,
Бери келсе бир күн деп,
Эр Үрбү айтып салганы.
Айтканын угуп Манасы,
Каары келип бөлүнүп.
Оң көзүнөн от чыгып,
Сол көзүнөн чок чыгып.
Оозунан жалын шыркырап,
Кызыталак кан кул деп,
Өз башыңды бил кул деп.
Мынабу жерде Манас бар,
Манасты көзгө ил кул деп.
Кызыталак таз кул деп,
Бул качан сен бийлеген,
Аш кул деп.
Чокусунда чогу бар,
Өзөгүндө огу бар.
Толгомо түшкүн чоң камчы,
Обдула түшүп Үрбүнү,
Оройго тартып ийгени.
Тебетейден чаң чыгып,
Жаагы кетип бөлүнүп,
Буркулуп кара кан чыгып.
Мен менсиген төрөдөн,
Көтү менен унчукту.
Эстен танып кеңгиреп,
Эси ооганда зеңгиреп,
Үрбү токтоп калганы.
Үтүрөңдөп Эр Кошой,
Манаска кирип барганы.
Ээ кулунум Эр Манас,
Не мүнөзүң сен Манас.
Жакшыны жакшы билбейсиң,
Жаманды көзгө илбейсин,
Бул чапканың ким дейсиң.
Кокустан чеки иш кылсам,
Абанды башка саларсың.
Колдогонуң болсо да,
Андан кийин каңкорум,
Кордукту көрүп каларсың.
Кошой келсе каарына,
Кокус өлүп каларсың.
Абаң Кошой баркылдап,
Ачууланып барганы.
Болушат экен Кошой деп,

Кокус Манас кол салса,
Койгулашат кошо деп.
Эреркебе Кошойго,
Кошойдун айткан бир кеби.
Тилге жүйрүк чечен кул,
Динге балбан эшен кул,
Үрбүндүн сөзү мына бул.
Анжыяндык сарт Манас,
Тушке кирсең дарт Манас.
Ушу күндө жакаңдан,
Күбүлгөн экен бит Манас.
Кылымды билип алгансып,
Кыйынсынып ар качан.
Кыйыгыңа мен тийсем,
Кылычың менен чабарсың.
Ажалың жетип бир күнү,
Айбалтамдан табарсың.
Ачуусу келип Эр Үрбү,
Ал сөздү айтып салганы.
Айтканын угуп Эр Манас,
Арстанысың баатырдын,
Эми чыга калганы.
Баткалашта караган,
Кабыландай караган.
Ар качандан бир качан,
Ачуусу ишке жараган.
Адам түрү жоголуп,
Арстандай комдонуп.
Алтындалган доолду,
Кагарында колдонуп.
Доолу калса кагылып,
Кашындагы кырк бөрү,
Өлтүрмөкчү жабылып.
Абакеңиз Эр Кошой,
Акылы кетип жаңылып.
Андай айтпа кепти деп,
Ачуу түпкө жетти деп.
Акыр заман журтуңа,
Айтууга жаман калбасын.
Каапыр кетээр кепти деп,
Катүгүн Үрбү нетти деп.
Какбалуу доңуз оозуң бас,
Кошой абаң шашканы.
Коштоп алып Үрбүнү,
Колдон чыга качканы.
Эр Кошойду кыя албай,
Кайраты бойго сыя албай.
Ачуусун өзү тыя албай,
Абакең антип жүргөндө,
Ким калмак эле уялбай.
Өткүрлүк кармап өзүнөн,
Өрт күйүп эки көзүнөн.
Кайраты бойго карк толуп,
Үрбүнүн айткан сөзүнөн.
Тиктегени соо болбос,
Кышкы кирген буурадай.
Ачуусун жеңип зеңгиреп,
Ал өңдөнүп ким турду.
Айкөл Манас арстаның,
Арстандан бетер чамынып.
Сөз айтууга камынып.
Атпай кыргыз калкыбыз,
Атадан калган наркыбыз.
Алтымыш киши ат айдап,
Чабдардын белин ашырып.
Иленин суусун жээктеп,
Улуу өзөн сыдырып.
Улан тоосун кыдырып,

Аттарды айдап алыңар.
Алты күн ары барасың,
Анан жолго салыңар.
Аттын келер жолуна,
Ак желек алсын колуна,
Алты миң адам барыңар.
Адаштырбай түнүндө,
Аттарды жолго салыңар.
Эки күндө бир түндө,
Эрте келер күлүктөр,
Ээсинин тийсин колуна.
Бул сөздү айтып салганы,
Айдаган киши алтымыш.
Кыйгактуу найза алганы,
Кыйкырып жолго салганы.
Ишенимдүү жакшыдан,
Кыргыздын кыраан зардалы.
Аркасынан бөлүнүп,
Алдырбас калыс барганы.
Эрте күздүн кыска түн,
Ат айдатып дүрбөтүп.
Түнкүсүн эмес күн дешип,
Адаштырбай алууга,
Балдарды жолго салганы.
Ат чапкандан бул күндө,
Калганы жок арманы.
Атты айдатып ийгени,
Айгайлаган калың журт,
Ашты көздөй киргени.
Жер очокто эт бышып,
Кыжы-кыйма кол болуп.
Улук-кичик карысы,
Урматтап ашка келдик деп,
Жай-жайына барышты.
Ошондо да көпчүлүк,
Колжоңдоп жүрөт үшүшүп.
Кийми жука кай бирөө,
Кандай болор экен деп,
Кан жолдо жүрөт үшүшүп,
Кай бири аттан түшүшүп.
Айкөл Манас кабылан,
Айкөлдүгү билинип.
Каапыр менен мусулман,
Жыш ургандай толгондо.
Ойрот журттун баарына,
Айкөлүң Манас кылдырган,
Алтындан болуп аптама.
Айкөлүң Манас кылдырган,
Аземи артып дүң кылган.
Чылапчыны чылк алтын,
Чыгаан Манас кылдырган.
Кызматкери бүгүлүп,
Кош-кошуна жүгүрүп.
Кызматкерлер суу куюп,
Көкөтөйдүн байлыгын,
Көңкү барган эл туйду.
Атылас менен торгундан,
Тобун жазбай салдырып,
Көргөндүн көзүн талдырып.
Олтурган ойрот көп журтка,
Миң дасторкон жеткени.
Бабаңыз бай Көкөтөй,
Байлыгынан кеткени.
Барбай адам калган жок,
Миң дасторкон жеткени,
Байлыгы эмей неткени.
Барбай адам калган жок,
Миң дасторкон жеткени.

Ичке-тышка баарысын,
Эки миңди салган жок.
Өмөчүктөп карыга,
Ар даамынан бүт берди,
Жүзүм чайкап сүт берди.
Көкөтөй байдын дүйнөсү,
Көптүгүнөн түткөнү.
Дүйнөдө мындай болбостур,
Мейиз салып баарына,
Ачыткан экен кымызын.
Каапыр менен мусулман,
Кыжылдаган канча жан.
Кылганына таңданып,
Пендеде мындай болбос деп.
Каны Манас Арстандын,
Кара кыргыз калкына,
Катылган асты оңбос деп.
Эсте жоктун баарысын,
Ээк алдына жеткирди.
Аппак казы, кыйма жал,
Ар кылганы шайма-шай.
Эриккенче эт берип,
Экиден табак тарттырып.
Тартылган эт түгөнбөй,
Элине кетти артынып.
Ак сакалы Кошой дөө,
Ат минбестен баары жөө.
Эки этегин кайрыптыр,
Абакеңиз Эр Кошой,
Элге табак айрыптыр.
Айбандан чыккан тулпарды,
Ак шайы менен жаптырып.
Арчатору бууданды,
Айкөл Манас кабылан,
Эми минип алыптыр,
Эл аралап калыптыр.
Жетпегенин айттырып,
Жебелеп табак тарттырып.
Сырты кара бөрк кийип,
Сылай-сылай камчы уруп,
Башкарып Айкөл калыптыр.
Алты күн, төрт түн аралап,
Көзүнүн кырын салганы.
Аралашып кан Манас,
Эт тарттырып бүпбүтүн,
Эл тамакка тойгону.
Мусулман журту баарысы,
Молдого куран окутуп.
Бата кылып багыштап,
Көкөтөйгө табыштап.
Куранын окуп кол жайып,
Алаканын мол жайып.
Оомийин деп чуркурап,
Батасын берип салганы.
Карап турган калың кол,
Ыраазы болуп калганы.
Атада арман жоктур деп,
Бокмурундун калың кол,
Ыраазылыгын билгизип.

## ЖАМБЫ АТКАНЫ

Он алты күндө ат келет,
Тамаша оюн башталсын.
Жүз карагай улатып,
Карагайдын бир жүзүн,
Асманды көздөй улатып.
Түбүнө түркүк буратып,
Алтындан жамбы тактырып.
Мергени атып алар деп,
Байгесин анан алар деп,
Ат минип атын чуратып.
Милтесине чок коюп,
Жамбыны атып турганы.
Жамбыны таарып кете албай,
Күпсөрдөн даары күбүлүп.
Ок дарысы түгөнүп,
Мергендер калды тамшанып.
Жамбынын түбү жайнады,
Атарга даары калбады.
Эл жамбыдан түңүлүп,
Аттанып мындай чыккын деп,
Абакең Кошой айдады.
Жарчылардан укканда,
Ашка келген канча жан,
Калайык чыга берсин деп.
Карап турган көпчүлүк,
Тамашасын көрсүн деп.
Каңгайдын эли кыжылдап,
Төш таянып быжылдап.
Карагайлуу кара тоо,
Кара журт барды быжылдап.
Колунан келсе кара журт,
Калар эмес аянып.
Аттан түшүп жабылып,
Туш-тушунан жай алып.
Кайнаган кошун кашында,
Каркыранын башында.
Боз-Бөлтөктүн түбүнөн,
Айкөл Манас баатырың,
Атка минип айкырып.
Кыраандар баары аттанды,
Кыбыла жакты бет алып.
Айкөл Манас турганда,
Кызыл алтын доолду,
Тарс дедире урганда.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт,
Экиге тең бөлүнүп.
Манаска жолдош кырк баатыр,
Байкабайт экен өлүмдү.
Баары милте чоктошуп,
Өйүз-бүйүз токтошуп.
Ортодо турган Эр Манас,
Доолун койсо күп этип.
Сексен төрт мылтык баарысы,
Бир унчугуп дүп этип.
Мылтыктан түтүн булады,
Калайыктын баарысы,
Жаа аллалап чуулады.
Жайсаңдардын баарысы,
Аттарынан кулады.
Ок тийгендей жалп этип,
Сексен төрттүн баарысы,
Аттарынан кулады.
Айкөл Манас кабылан,

Тегерегин каранып,
Жалгыз турду сороюп.
Кыйынсынган кырк баатыр,
Өлгөндөй болду тороюп.
Ал аңгыча болбоду,
Арстан Манас кабылан,
Алтын доолду урганы.
Жыйнап барган көп баатыр,
Аттанганы таптакыр.
Ачып көздү жумганча,
Ыргып атка минишип.
Кандай атка мингенин,
Адамдар көрбөй калганы.
Кыжылдаган көпчүлүк,
Жардана карап калганы.
Чагарагы баары алтын,
Доолду кармай калганы.
Дүңгүрөтө бир уруп,
Айкөлүң карап калганы.
Жалп дей түшкөн кой баатыр,
Андай-мындай дегенче.
Ачып көздү жумганча,
Бууданга ыргып мингени.
Үзөнгүгө бут салбай,
Кандай минип алганын,
Адамдар көрбөй калганы.
Кыжылдаган көпчүлүк,
Жардана карап калганы.
Чагарагы баары алтын,
Доолду кармай калганы.
Дүңгүрөтө бир уруп,
Айкөлүң карап калганы.
Жалп дей түшкөн көй баатыр,
Андай-мындай дегенче.
Ачып көздү жумганча,
Бууданга ыргып мингени.
Үзөнгүгө бут салбай,
Кандай минип алганын,
Адамдар көрбөй калганы.
Жаанда турган көпчүлүк,
Суу болгонго карабай.
Жарданып карап турганы,
Жана да доол урганы.
Кашында турган Кыргыл чал,
Кары бою тебетей,
Кайытып көккө ыргытты.
Асмандан түшүп тебетей,
Кайра келе жатканда,
Кан Бакай тозуп атканы.
Мергендин чыгып көркүнө,
Ок тийип ошо бөркүнө.
Көтөрүлүп көк жакка,
Түшүрбөс болду жер жакка.
Кайра тартып жер жакка,
Бакай кандын артынан,
Кыргылчал түзөп атканы.
Кырданып бөркү асманга,
Жана келет эңиштеп.
Бөркү келет жер жакка,
Алмамбет тозуп бир атты,
Алардай кылып ким атты.
Кара бөрк жерге жетпеди,
Кырк чоросу жарданып,
Атканы жаздым кетпеди.
Алмамбет аткан алмабаш,
Алмабаш огу жеткени.
Мурункудан дагы өйдө,
Аркан бою кеткени.

Кайра тартты Кара бөрк,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Бул дагы атып калганы.
Асмандагы бөркүнү,
Артынан атып Ажыбай.
Ашыкпай атып жайма-жай,
Кырк баатырдын атканы,
Бири да сая кеткен жок.
Милтенин баарын чоктотуп,
Кара бөрктү эт бышым,
Асманга атып токтотуп,
Түшүргөн жок жер жакка.
Айкөл Манас баатыры,
Аңдап туруп акыры,
Эт бышымга толгондо.
Кагып доол салганы,
Кара бөрк жерде калганы.
Кара бөрк калбыр болуптур.
Айкөл Манас башында,
Карс дедире дагы уруп,
Жана доол урганы.
Алиги турган сексен төрт,
Ат койгон жагы кызыл өрт.
Жыйырма бирден бөлүнүп,
Жыластар минтип көрүнүп.
Төрт тарапта турганы,
Арстаның доол урганы.
Бозжорго аты теңселип,
Ак күпө тонун белсенип,
Агала сакал сеңселип.
Кашында жыйырма жолдошу,
Казатка конгөн жолборсу.
Качырды Бакай Кыргылды,
Кара жемсө чыңгылды.
Анын да жыйырма жолдошу,
Кыргыл чал кыраан жолборсу.
Ат коюп алар киргенде,
Жердин баары казылып,
Даңканы көккө чачылып.
Каарын төгүп бакырды,
Бакай канды бет алып.
Баатыр Кыргыл качырды,
Бакайдан найза жеткени.
Он эмчектин өзү деп,
Найза менен бир коюп.
Кыйынсынган Кыргыл чал,
Тебетейдей кырданып,
Буудандан кулап кеткени.
Кыргыл чалдын жолдошу,
Кылайып бири калган жок.
Абан Бакай жолборсун,
Аттан тайып алган жок.
Айкөл токтоп турганы,
Асталап доол урганы.
Сарала атты моюндап,
Томогосун коюндап,
Алмамбет баатыр жеткени.
Кыргыл чалдай жолдошун,
Тебетейдей илгени.
Ачып көздү жумганча,
Ат атына мингизип,
Алмамбет андан өткөнү.
Алдыңкы кеткен Бакайга,
Аламан коюп өткөнү.
Кыргылдын баарын жыгышып,
Кырданып жаңы чыкканда.
Алмамбет баатыр жеткени,
Абакеси Бакайды,

Аңтара коюп кеткени.
Алмамбеттин жолдошу,
Кошулушуп жарданып,
Аман-эсен кеткени.
Аркасынан Ажыбай,
Бууданга камчы урганы.
Алмамбетин баш кылып,
Аларды сайып кеткени.
Ар кайсы жерде томпоюп,
Жаткандары көп болуп.
Артынан жетип эр Бакай,
Улак эңген немедей,
Алмаңды эңип алганы,
Атына коё салганы.
Абаң Бакай баш болуп,
Жерде киши калбады.
Көргөндүн чыгып арманы,
Көтүнөн келип Бакайды,
Көгала сакал Кыргылчал,
Кеме коюп кеткени.
Жалгыз Бакай жыгылбай,
Жолдошу калбай кыйрады.
Алардан кийин Ажыбай,
Бакайын атка миңгизип,
Маштыгын элге билгизип.
Баягы Манас да турду,
Доолун кармап бир урду.
Кыраандардын баарысы,
Маңдай-тескей турушту.
Алеңгир жаа, сыр жебе,
Оңдой кармай калышып.
Окторун кездеп салышып,
Көй баатырдын баары өткөн,
Опосуз жалган дүнүйө.
Арстан Манас баатырың,
Чагарактуу доолду,
Тарс дедире бир коюп.
Доолун согуп калганда,
Каапырлар бою солк этип.
Эт жүрөктөн кап кетип,
Билегинен сап кетип.
Шарт этип саадак тартылып,
Бар өнөрү шайма-шай,
Кара журттан артылып.
Саадактын огу ышкырып,
Кулак мээни тундуруп.
Саадактын огу жеткени,
Бөркүнө таккан чокторун,
Үзгөн бойдон кеткени.
Баары аман сексени,
Артынан Манас жеткени.
Жана да доол урганы,
Кылычы кындан суурулуп,
Заманасы куурулуп.
Баарысы жандан кечкени,
Кылыч менен урушуп.
Кырчылдашып турушуп,
Таң болду кылым ойнуна.
Чапканда кылыч мойнуна,
Тийгизбестен кагышып.
Кылычка кылыч урунуп,
Кыйкырышып чабышып.
Кызык оюн салышып,
Кылым журт айран калышып.
Денесине тийгизбей,
Жаланган албарс кылычты.
Карап туруп калайык,
Кандай жандар өзү деп,

Башын чайкап таңданып.
Кайнаган калың кара журт,
Бири миңдик жан экен,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Өчөгүшкөн душманын,
Күм-жам кылып таштаган.
Түш эңкейип бешимде,
Жамбы түшүп оюна.
Айкөл Манас кабылан,
Кайнаган элге көз салды.
Жамбы атууга камынар,
Жалгыз огу калбады.
Жамбы калган экен деп,
Жалгыз Манас нетер деп.
Аткан менен ок жетпейт,
Карап турат калың журт.
Каңкор эрге таңданып,
Атпай каапыр, мусулман.
Тамшанып көктү карашып.
Кызыл байрак кырк кашка,
Кыраaны Манас көйкашка.
Кылыгы журттан бир башка,
Кыйгактуу найза алышып.
Кылымды бузган кырк бөрү,
Катарлап карап турганы,
Кыраан эрдин жөөкөрү.
Карс дедире Эр Манас,
Доолду катуу урганы.
Астында турган Эр Бакай,
Эрдиги башка бир далай.
Боз жоргосун моюндап,
Ак сакалын коюндап.
Көк бараң мылтык сундуруп,
Милтесине чок коюп,
Эр Бакай жөнөп калыптыр.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыйкырып кулак тундуруп.
Көк милтеден чок жетип,
Көк бараң үнү күп деди,
Танаптын бири үзүлүп.
Кыраан Бакай кыйкырып,
Эр Бакай мындан өткөнү.
Анын арка жагынан,
Аксакал Кыргыл бакырып.
Жазайыл үнү тарс этти,
Жана бир танап үзүлүп.
Аркасынан токтобой,
Алмамбет баатыр жеткени.
Ак милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок кетип,
Жана бир танап солк этип.
Артынан барып Ажыбай,
Андистин бири Чалыбай.
Кара Токо Мажиги,
Камбар уулу Чалыга.
Үмөт уулу Жайсаңы,
Саргыл аттуу Сатайы,
Шагылдардын Атайы.
Баргандардын баарысы,
Бирден танап кайсады.
Жамбысы бийик зоо экен,
Кырк төрт танап боо экен.
Алтын жамбы жоо болуп,
Аткан сайын кыркылып,
Бир-бирден танап боо кетип.
Алардын арка жагынан,
Аргын Каракожосу.
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,

Арбандардын Алтайы.
Дөрбөн уулу Төртай бар,
Төрөлөрү бир-бирден,
Танапты кыркып кеткени.
Ар кандай келер жумушту,
Ашкере айтып берүүчү.
Топ башчысы Токотай,
Калк башкарган Калкаман.
Эл башкарган Элеман,
Сырттан Сыргак, Серек бар.
Кысылышкан жерлерде,
Кыйлага тийген кереги.
Алымаш уулу Алакен,
Кош башкарган бала Ыбыш.
Кадыр, Жайнак, Шууту бар,
Түбүнөн мерген ушулар.
Казактан бар Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу.
Кыргыл, Бакай карысы,
Бир-бирден атып салганы,
Минтип чыгып калганы.
Аркасында арстаның,
Аккелтени колго алып,
Жамбыны көздөй жол салып.
Атка камчы салганы,
Арстан эр жөнөп калганы.
Кароолго жамбы илинип,
Ак танаптан чок жетип,
Аккелте үнү чаңырды.
Көк түтүн көккө бурады,
Көктөгү жамбы жарк этип,
Ылдый карай кулады.
Түркүгүн түптөн сындырды,
Душмандын көөнүн тындырды.
Көктөн түшкөн жамбысы,
Токтоп орун алганча.
Кыргый илген торгойдой,
Илип Айкөл кеткени.
Арстан Манас Айкөлүң,
Жамбыны атып түшүрүп.
Бири да эмес баары бар,
Катагандан Кошой бар,
Казактан Көкчө дагы бар.
Элемандын Төштүгү,
Эштектерден Жамгырчы.
Жедигерден Багыш бар,
Жеткир чалдын Агышы.
Кандын жээни Жүгөрү,
Калайык ашта болгону.
Көчпөс байдын Жанайы,
Көрүп кызмат кылышкан.
Ойноп жамбы аткандар,
Баатырлардан кыйла жан.
Кытайлардан Коңурбай,
Кырмус шаанын Мурадил.
Кызыл чоктуу Нескара,
Кара жалдуу Бороончу.
Кайсы бирин айтайын,
Каткалаңдын Сайкалы.
Солоондон бар Алооке,
Туңша Кытай элинен.
Оронгу деген баатыры,
Ойлонгус пенде аларды.
Оронгу журт ороңдоп,
Желке чачты аралап,
Арбын чычкан сороңдоп.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Аларды таштап салалы.

Алда эмне сөздөр бар,
Аларды тыңшап алалы.
Жеткирген аллам башына,
Көтөрүлүп арбагы.
Айкөл Манас кабылан,
Жамбыны атып алганы.
Бөдөнө алган кыргыйдай,
Алакандай жамбыны,
Ат үстүнөн шыпырып,
Жерден илип алганы.
Коё элек кыргыз нарктарын,
Байыркы өткөн салттарын.
Баабедин айтып бакырып,
Манастан ураан чакырып.
Колундагы жамбыны,
Кайнаган журтка көргөзүп.
Арбагы журттан арылып,
Абакеси Кошойго,
Алп агасы ошого,
Алпарып бере салганы.
Абаке муну алгын деп,
Калк көтөргөн канымсың.
Айтканың ката кетпеген,
Касиеттүү жанымсың.
Мына ушуну алгын деп,
Абаке сизге эп келсе,
Батаңды берип салгын деп.
Кашындагы бир жанды,
Өзүңдөн азиз көрбөгүн.
Артты журттан өнөрүң,
Тырмак асты олжоңду,
Алган бойдон жөнөгүн.
Мылтыкты атсаң мындай ат,
Кошой айткан кошомат.
Жүз карагай башында,
Илинип турган жамбыны,
Атып Манас түшүрдү.
Ал күнү кечтеп кеч кирди,
Эртеси таң атканда,
Керней-сурнай тартылып.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнайдын үнү такылдап,
Чылмардан согуп шакылдап.
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көрүнүктүү жалпылдап.
Жер майышкан калың кол,
Кумурскадай былкылдап.
Каапыр менен мусулман,
Маңдай-тескей турушуп.
Жайма-жай туруп калышты,
Ойлоорсуң кийин намысты.

## КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШКӨНҮ

Үч Каркыра боюнда,
Үч булактын оюнда.
Кайнаган калың журт толуп,
Каапыр менен мусулман,
Эки жакка бөлүнүп.
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап.
Маңдай-тескей турушуп,
Айтылган сөздү угушуп.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча.
Ыраман кандын Ырчы уулу,

Ычкыры түпөк кырк муундуу.
Тебетейи чоктуу бул,
Айтар сөзу шоктуу кул,
Атка минген мына бул.
Ээрчиткени жаш Айдар,
Жалпы баары кеп айтат.
Мусулман, каапыр эки журт,
Кулак төшөп уккун деп.
Жарчылар журтка бек айтат,
Кан Көкөтөй ашында,
Арстан Манас сөзүн ук.
Ушунчалык көпчүлүк,
Урук кууп алаалбайт.
Атак кууп албады,
Арбын балбан салбады.
Каалап каапыр калкынан,
Карылуу балбан чыксын деп.
Карпа-курпа кармашып,
Каруусу келсе жыксын деп.
Уксун деди силерди,
Айкөл Манас жиберди.
Уюп жаткан калың эл,
Балбандан балбан тандасын,
Бас кишиден салбасын.
Жердеги чулу кара таш,
Топурактай кармасын.
Ошол өңдүү адамдан,
Тобунан балбан тандасын.
Пил, керик араң жылдырган,
Душманды басып сындырган.
Дөө жеңбеген бөкөдөн,
Көптөн коркпос жекеден.
Мусулмандан, каапырдан,
Бура тартпас баатырдан.
Эки балбан чыксын деп,
Айтылган сөздү уксун деп,
Жыкканы мөрөй алсын деп.
Беш жүз жылкы, бир жүз төө,
Байгесинин саны деп.
Наразы болсо бөлүнүп,
Жүз элүү уй, үч жүз кой,
Көкөтөйгө берген той.
Балбандар чыгып калсын деп,
Ортого күрөш салсын деп.
Жыгылганы калсын деп,
Жыкканы байге алсын деп,
Айтып айгай салганы.
Ар бир жерде той болот,
Мындай той болбойт жалганда.
Күн батыш менен күн чыгыш,
Каапырлар бирге кеңешип.
Күлдү баары жыйылып,
Биригишти акыры,
Бир жерге келип акылы.
Каапыр калкы бир жагы,
Дарбый түшүп басылды.
Ара жери ачылып,
Ошондо көрүп тамаша.
Оңбогон Жолой каапырдын,
Топосу тоодой чачылып.
Тозоңу тарап ачылып,
Балбанга аны каалаптыр.
Чоң Жолойдун жосуну,
Мурду борчук сеңирдей.
Тырмагына караса,
Бөрү тил найза учундай.
Өлчөөсү жок өзгөчө,
Чечекейи чарадай.

Атасы бар, бата жок,
Энеси бар, нике жок,
Элде мындай бөкө жок.
Туурасы жоон, бою пас,
Дулдугуй беттүү өңү саз.
Комдонуп жаткан кара иттей,
Маңдайында каштары.
Кебеле турган дөө эмес,
Ат казандай башы бар.
Артында түшкөн бурулуп,
Билектей узун чачы бар.
Кырктын орто жеринде,
Кызыталактын жашы бар.
Бул жерде жандын балбанын,
Койбоймун деген ниети бар.
Кулагы калкан кол чатыр,
Күрөшкө басып келгени.
Кирпигине караса,
Жээкке чыккан чалкандай.
Кейпин адам караса,
Эки ийиндин арасы,
Кере кулач төш жары.
Эки бетин караса,
Эки даңгыт тойгондой.
Караса көздүн чуңкуру,
Казылган кара ороодой.
Көздөрүнүн чылпагы,
Кайнатып алган шородой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби,
Кызыл-Кыя желиндей.
Кол жагына караса,
Жыйырма жылдык чынардай.
Кабагына караса,
Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынардай.
Төш жагына караса,
Тоодагы жайык керүүдөй.
Ар порумун караса,
Ачыккан көкжал бөрүдөй.
Арка жагын караса,
Тай чабуучу талаадай.
Эки эмчегин караса,
Он бештеги баладай.
Балбан үчүн бекинип,
Басып чыкты чечинип.
Көпчүлүктө нелер жок,
Айтса сөздү шыбырап.
Алыстан укчу тыңчыбай,
Каапырлардын өзүндө,
Көргөндө билчү сынчы бар.
Өз билгенин бербеген,
Эрдик жөнү дагы бар.
Өткүр найза кармаган,
Шердик жөнү дагы бар.
Бул күрөштө Жолойду,
Журт каалаган жагы бар.
Музбурчакты бир жыгып,
Алган жайы дагы бар.
Өлөрүн асты билбеген,
Айбандык жайы дагы бар.
Кытай, манжу, чогу жөөт,
Карап турат канча көп.
Кылкылдаган көп кытай,
Күн чыгыш жакты бет алып.
Кыжы-кужу сүйлөшүп,
Батасын кылып жобурап.
Эки санын чапкылап,

Айбатын көргөн пенденин,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Ортого келип отурду,
Маңги болгон немедей.
Анда-мында күркүрөп,
Жан казандай канжасын,
Оозуна салып бир соруп,
Көк түтүнү буркурап.
Кекиртек, кызыл өңгөчү,
Кирген суудай күркүрөп.
Кубанып кытай айгайлап,
Кулак мээни тундуруп.
Айгай салды чуркурап,
Каарданып караса,
Көз жалындап шыркырап.
Олтурду Жолой очойлоп,
Боз бөлтөктөй чочойлоп.
Жолойдун көрүп айбатын,
Абакең Кошой айкырып.
Балдар бириң чыккын деп,
Аңтара салып каапырды,
Чалкасынан жыккын деп.
Айгай салып айкырып,
Абакең Кошой отурат.
Көркүн көрүп каапырдын,
Жакындап адам жолойбу?
Азезил анык сайганбы,
Жолун баштап алганбы?
Намысы жок айбандын,
Түшкөнүн кара балбанга.
Топ башкарган дөөлөргө,
Тоо кетерген жөөлөргө.
Өз бетине айтмакка,
Жообун алып кайтмакка.
Аксур жорго теңселтип,
Жоодардын уулу Эр Чегиш,
Жазира жамал жан элең.
Барсаң боло балбанга,
Отурган Жолой балбанга,
Барып күрөш салганга.
Айтып оозун жыйганча,
Жооп айтты Кошой абаңа.
Жолобойм деп Жолойго,
Жооп айтып Кошой баатырга.
Абаң Кошой бурулуп,
Кабарыштын калкысың,
Бир атадан жалкысың.
Саяттын Абдырамандын,
Астынан чыгып калыптыр.
Балбанга Жолой чыкты деп,
Жолоюбуз мыкты деп.
Кыжылдаган көп кытай,
Балбанына ишенип,
Кубанып кытай турганы.
Жолобойм Жолой доңузга,
Деп айтып жообун бергени.
Аксур атын аргытып,
Абаң Кошой өткөнү,
Кер Көкүлгө жеткени.
Сен кандайсың дегенде,
Жолобойм деп Жолойго,
Кыска жооп бергени.
Абаң андан өтүптүр,
Эр Жамгырчы баатырга.
Сен кандайсың дегенде,
Жолобойм андай доңузга,
Жооп айты Кошой баатырга.
Абаң андан өткөнү,

Таздын уулу Үрбүгө.
Сен калдайсың балбанга,
Жыгып мөөрөй алганга.
Барып айып салганы,
Тили куу киши экен.
Арине Кошой абаке,
Акылың качан жоголгон.
Булчуңу бучкак чыңалган,
Күрөшүп жүрүп сыналган.
Барган менен абаке,
Бас келе албайт биздин жан.
Кол мүнөзүн байкасам,
Эскирген чынар теректей.
Тарамышы бөлүнүп,
Таянган четин таяктай.
Эки энеги бөлүнүп,
Үч карыш кырган табактай.
Көрүп туруп өзүмдү,
Кор кылба бекер сөзүңдү.
Айтканын угуп Эр Кошой,
Ушундай чунак бала деп,
Уяты мунун кана деп.
Бул жерден абаң өткөнү,
Эр Көкчөгө жеткени.
Кайратың бар Эр элең,
Жолой чыкты балбанга,
Жоодон намыс алганга.
Балбаны жыкса бир жолу,
Айкырыкты салмакка.
Барып абаң сөздөдү,
Баатыр Көкчө Кошойдон,
Кутулар жагын көздөдү.
Кулжа көөдөн, төш коркок,
Курган киши мен өзүм.
Күчтүүсүң деп күүлөнүп,
Абаке Кошой не сөзүң.
Жолобоймун Жолойго,
Алты батман нан жесе,
Тойбой турган ит деген.
Алышканды мерт кылган,
Адырайган ит деген.
Жетимиш дөөнү бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Ал сөздү Көкчө салганы,
Абакеңиз Кошойдун,
Ачуусу келип калганы.
Атаңдын көрү ит Көкчө,
Кара жерге жит Көкчө.
Бу кандай айткан кеп деди,
Мусулмандын баарысы,
Бир Жолойлук бала жок.
Байкап карап турбайбы,
Айтканды угуп албайбы.
Түшкөнү турган эр болсо,
Жүрөгү чыгып калбайбы.
Барганы турган балбандар,
Ушу сөздү сен айтсаң,
Батына албай калбайбы.
Эр Көкчөнү жемелеп,
Өзүң чыкпай койгон соң,
Өзгөгө барбы өчүң деп.
Аксур атын булкунтуп,
Абаң Кошой өткөнү,
Эр Төштүккө жеткени.
Кашында калың жыйыны,
Кыпчактардын кыйыны.
Төштүккө сүйлөй кеткени,
Тогуз уулдун кенжеси,

Элемандын эркеси.
Башкы атасы маңгулдан,
Басташканын нан кылган.
Балбанга Жолой түшкөнү,
Байкап көргөн адамдар,
Жыгуудан күдөр үзүптүр.
Намысы жок каапырга,
Ыйманы жок жакырга,
Түшөсүңбү Эр Төштүк?
Намыска түтпөй пас кылба,
Жыгылып жылас Жолойдон.
Көңкү турган мусулман,
Көкүрөккө так кылба.
Бул сөздү айта салганы,
Баамы оң Эр Төштүк,
Барбаймын деп айта албай,
Бабаңдын сөзүн кайтарбай.
Атсыз калып эчен жөө,
Алышканым кыйла дөө.
Менин уруш кылганым,
Дөө пери жана жин деди.
Ошону алган Төштүктү,
Төмөн койчу ким деди.
Ай качабы жылдыздан,
Айрылып кетип кыргыздан.
Көйкапта көп канча жан,
Алптар менен алыштым,
Дөөгө кыргын салышып.
Пери менен беттешип,
Каапыр пери журтуна.
Канча жыл жүрдүм кектешип,
Көрбөгөнүм калган жок,
Көптөп дөөлөр алган жок.
Жүдөп калган табымда,
Жүзүмдү көрдүм арман жок.
Айтканда уктум сөзүңдү,
Азып кетип айылдан.
Абаке Кошой акыры,
Аман көрдүм көзүңдү.
Кубанчым батпай койнума,
Көтөрүлгөн Жолойдон,
Көңүл айнып турбасмын.
Абаке менин тилегим,
Ордуна келсин тилегиң.
Ал сөздү Төштүк сүйлөгөн,
Арманым жок деп дүйнөдөн.
Кайратын көрүп кан Кошой,
Көз кырын эми салганы.
Батынып салып байкады,
Ыраазы болуп Төштүккө,
Башын Кошой чайкады.
Балам Төштүк кеп тыңда,
Кеп тыңдасаң бек тыңда.
Жетпес жерге жетипсиң,
Жети жыл кетип эл азып.
Тартыпсың азап-шорун да,
Жолойго түшө коём деп,
Балам Төштүк сөз кылба.
Бооруна басып ныгырып,
Бир жылдык жолго бир күнү,
Учкан экен зымырап.
Жараткан жардам бериптир,
Жаның аман келиптир.
Этиң калса көк жашык,
Каның калып бир кашык.
Каруун келбейт деп ойлойм,
Жолой менен кармашып.
Ал сөздү айтып ал Кошой,

Ал жерден өткөн жер ошол.
Эмдигиче отурган,
Адырайган эр ошол.
Көргөндү кантип тим коём,
Бет маңдай туура чыкканын.
Көкбөрү уулу Көккоен,
Абасы Кошой барганы.
Астында кол куушуруп,
Саламын айта салганы.
Аликти Кошой алганы,
Ээ кулунум Көккоён,
Кызылчок ойрот кытайдан,
Кызыталак Жолойду,
Балбанга эми салганы.
Калмактын Каражолтою,
Жолой чыгып калганы.
Кандайсың деп балбанга,
Абакең Кошой барганда.
Карап алып аба деп,
Кайрат күчтү ким берди,
Как ушу жерден мага деп.
Жыгылып калсам Жолойдон,
Каапырдын канар таба деп.
Сиздин күч артык эмеспи,
Көрөңгөлүү баба деп.
Көккоен айтып мындай кеп,
Абакең Кошой дагы өттү,
Болбодуң Коен бала деп.
Андан өтүп алганы,
Акбайды көздөй барганы.
Анан сөздү салганы,
Мүнөзүнө карады.
Жарда ойногон улактай,
Кайратына караса.
Мөңгүдөй аккан булактай,
Жанган көзү чырактай.
Сандыргалуу эр Акбай,
Оюлган кара кашы бар,
Он жетиде жашы бар.
Жан казандай башы бар,
Жайылган кара чачы бар.
Жетип Кошой келгени,
Балам сен кандайсың дегени.
Курчтук кылып куу бала,
Куп сүйлөдү бу бала.
Пендеден коркор ниетим жок,
Барбаймын деген ниетим жок.
Каалаbelongsа калың турган эл,
Качууга менде пейил жок.
Эмне болсо тобокел,
Барса бара салам деп.
Акбай айта салганы,
Бактысы ашык эр Кошой,
Баланы карап калганы.
Орто бойлуу он беш жаш,
Кобул колдуу олоң чач.
Тааныш кызы Зыядаш,
Сулуу катын алыпсың.
Күндө асылам деп жүрүп,
Көк жашык болуп калыпсың.
Этиң калып көк жашык,
Карууң келбес Акбайым,
Каның калган бир кашык,
Жолой менен кармашып.
Балтыр этиң толо элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр маалың боло элек.
Балапан жүнүң маңдайда,

Эненин сүтү таңдайда.
Күч кайратың чыңалып,
Толоор маалы боло элек.
Чырымтал жүнүң сооруңан,
Түшөөр маалың боло элек.
Толукшуган Жолой дөө,
Барып калсаң басып жөө.
Колуңду жулуп албасын,
Кордукту башка салбасын.
Карап турган мусулман,
Былчылдашып калбасын.
Жолой деген зор балбан,
Кыйрашта далай жоону алган.
Арзан го деп ойлобо,
Ал каапыр менен ойнобо.
Кокус балам беттешсең,
Болом соо деп ойлобо.
Кызыкпа деп олжого,
Абаң андан өткөнү,
Эл аралап кеткени.
Буудайык уулу Музбурчак,
Буга жакын жеткени.
Абаң Кошой кеп айтып,
Сен кандайсың дегенде.
Жашым менин өткөн деп,
Жолобоймун Жолойго.
Жолу катуу каапырга,
Барып пенде болобу,
Катылган адам оңобу.
Ортодо Жолой баатырга,
Абаң Кошой өткөнү,
Арман кылып кеткени.
Бир калмактык бала жок,
Балбаны кайда кетти деп.
Шыйкыры баштан кетеби,
Оң бөйрөгү болк этип.
Боз жоргону чайпалтып,
Ак сакалын жайкалтып,
Салып Кошой барганы.
Санжыргалуу Манаска,
Салам айта салганы,
Абакең алик алганы.
Намысы жок каапыр кул,
Айбаты бар баатыр кул,
Ырысы жок такыр кул.
Бек зааданын баарысы,
Бейли кетип токтолуп.
Балбанга чыгып басып жөө,
Кедердин уулу Жолойго.
Калабалуу каапырга,
Каршысынан чыкпады.
Канкор да болсо эр элең,
Мырдар-Жолой каапыр дөө.
Мурун келип отурду,
Жүргөн журттун баарысын,
Жүрөгүн алып болтурду.
Карысам да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап.
Мен түшпөсөм каапырга,
Кайратың ашык неме элең,
Сен түшпөсөң каапырга,
Кандай адам катылат,
Кабылан Жолой баатырга.
Бул сөздү Кошой салганы,
Ал сөздү угуп Эр Манас,
Мукактана калганы.
Келгениңиз эп эле,
Айтканың айтар кеп эле.

Аянып калсам каапырдан,
Анда мени жемеле.
Айтайын жооп сөзүңө,
Абаке Кошой өзүңө.
Ат үстүндө турганда,
Ажалга тийген ок элем,
Башынан жөөгө жок элем.
Кыйла кыргыз уулунан,
Кыялым чатак шок элем.
Жыгылсам соко болбосмун,
Сырттан Кошой жолборсум.
Жыксам соо койбосмун,
Жылас келген Жолойду.
Айкөл Манас кабылан,
Каары келип абыдан.
Калайманды салмакка,
Түшсөмбү деп калмакка.
Арбак үчүн чечинип,
Балбанга беттеп чыгармын,
Ит калмакты жыгармын.
Арт жагынан арбайып,
Атка минип дардайып.
Тура албай колго найза алып,
Сайышка кантип чыгамын.
Эзелки күчүм бар болсо,
Сайыш менен балбанын,
Экөөнү бирдей алармын.
Элинен салбай койду деп,
Эриш сөзгө калармын,
Урушса да алармын.
Олжосуна карайт деп,
Ушак сөзгө калармын.
Жообун берип салганы,
Ак сакал Кошой абаңыз,
Бул сөздү айтып салганы.
Кара кыргыз калкынан,
Бели катуу бек айбат,
Белдүүдөн бирөө чыкпады.
Адырайган Жолойду,
Аңтара салып жыкпады.
Кайрат кылып баарына,
Канча айтсам бирөө укпады.
Кара кыргыз мусулман,
Качса баары ушундан.
Карыса да дөөсүң деп,
Кара журтка ээсиң деп,
Каалап мени албады.
Атандын көрү дүнүйө,
Балбанга мени салбады.
Кайсы бирин айтайын,
Урат го деп ойлоймун,
Мусулмандын арбагы.
Ал сөздү алып оюна,
Касиеттүү Кошойдун,
Кайраты толуп боюна.
Ээриндеги чагарак,
Кылдырата какканы.
Кабылан Манас баатыры,
Кайратын билип акыры.
Кабыландай чамынып,
Карчыгадай кагынып.
Кайыптан акыл табылып,
Жайдары Кошой баатырды,
Жандай салып алганы.
Каңгарга учуп зор кылбай,
Башкага башты кор кылбай.
Карысаң да карпаңдап,
Карт буурадай тартаңдап.

Сен түшпөсөң каапырга,
Ыктуу бирөө чыкпады.
Бир-бирине ыктады,
Калк ичинде ынагың,
Кабылан Манас чунагың.
Мен түшпөсөм Жолойго,
Жолойго киши жолойбу.
Кокус Жолой беттешсе,
Кармашса соо коёрбу.
Кармашчу киши өзү жок,
Тең келүүчү көзү жок.
Өлөрүн санап өздөрү,
Өлүңкү турат көздөрү.
Байкап көрсөм баарысын,
Мас немедей сөздөрү.
Карчалышкан бул ашта,
Кандыктын жөнү бир башка.
Каапырдан камоо көрдүкпү,
Кан аба өзүң түшпөсөң.
Жылас келген Жолойго,
Чыкпай байге бердик деп,
Балбанды макул көрүңүз.
Көөнүңө туура келбесе,
Кабылан абам Кошой дөө,
Байгесин айдап бериңиз.
Айкөл Манас кабылан,
Ал сөздү айтып салганы.
Ал сөздү угуп алп Кошой,
Акылына келгени.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Жашаган сайын шайманың,
Бошойт экен күнүгө.
Көкөтөй кандын ашы деп,
Айтууга калды аты деп.
Карасынан кандар көп,
Карап көрсөм жер жайнап,
Канча түрдүү жандар көп.
Кичигинен улук көп,
Эсептин чаркы жеткисиз.
Нечен түркүн урук көп,
Ушинтип турган чагымда,
Убара кылдың канкорум.
Сакалымдын агында,
Арманым арбын дартым зор.
Ажал деген чиркиниң,
Туюк соккон темир тор.
Азыркысы абаңдын,
Жаш жагынан болдум кор.
Бабац Кошой баш болсо,
Жылас болгон Кошойдо,
Отуз беште жаш болсо,
Ушундай үлкөн аш болсо.
Соо кетпейт эле колумдан,
Отуз беште жаш болсо.
Ит Жолойдой балбаны,
Соо кетпейт эле колумдан.
Обдулуп найза-сайышса,
Ойдо-дөңдө алышса.
Оролтуп буттан чалышса,
Оңдобой турган жан белем,
Ит Жолойдон кем белем.
Ит Жолой менен кармашып,
Эт ачынып чарпышсам.
Өзүнүн ичкен ашынын,
Кустурбай иттен кем белем.
Алтымыш беште кезиксе,
Эптейт элем Жолойду,
Эсирген иттен кем белем.

Абаңдын шайы кеткенде,
Токсон бешке жеткенде.
Арасынан он беш жыл,
Арманда өтүп кеткенде.
Каңкорум каалап калганы,
Калкымдын айта салганы.
Карап турсам опосуз,
Кашайган дүйнө жалганы.
Төгүлбөй турган кан барбы,
Мырдакул мынча келген соң.
Карысамда мейличи,
Тобокелге салайын,
Токтолбоюн барайын.
Алармын деймин намызды,
Абдан керсем арышты.
Кары сакал агымда,
Карып калган чагымда.
Катыным чоркок киши эле,
Калдыратып көтүмө,
Кылып берген иши эле.
Арык эчки терисин,
Ашаткыда жатыптыр.
Чыгы менен катыптыр,
Ичи катып калганы,
Кылдыр ийлеп салыптыр.
Арбак урган дөө Жолой,
Ат көтөргүс жөө Жолой.
Аладан кармай калбасын,
Айра тартып салбасын,
Абийир кетип калбасын.
Тартынбайын баргандан,
Дардайган кул балбандан.
Кошой дөө айтып салганы,
Кагылайын каңкор деп,
Калк чайкаган анткор деп,
Кара журт калың көрсө деп.
Кандарыңды чакырып,
Как ушу жерге келчи деп.
Калк ичинен маа батаар,
Кандагай таап берчи деп.
Чоюлса токтоп айрылбас,
Бош турганда жайылбас.
Тартып кетсе чоюлган,
Кое берсе жыйылган.
Кылдай сонун байласа,
Адамдын бели кыйылган.
Кандагай калкта барбы деп,
Абакең Кошой айтып кеп,
Карап туруп калыптыр.
Кокондон келген Санжыбек,
Сары жаргак шым менен,
Эр Кошой айткан сын менен.
Муну көрүп эр Манас,
Бура тартып алганы.
Мындай бери тарткын деп,
Буйрук кыла салганы.
Бура тартып Санжыбек,
Маңдайына барыптыр.
Мунун шымы кандай деп,
Батар бекен аба деп,
Манас сүйлөп калганы.
Санжыргалуу кулунум,
Сарысын көрүп шымынын,
Киесиңби дегениң.
Жайын көрүп турумун,
Согончок өтпөй калбайбы.
Катуу тээп мен кийсем,
Как жарылып калбайбы.

Байкап айткын баатыр деп,
Батпайт мага акыр деп,
Абакең Кошой айтып кеп.
Оң тарапта туруптур,
Оен Көкчө баатырың.
Оолжуп Кошой абаңыз,
Көзүн салып акыры.
Саймалуу калпак сары шым,
Шалдыркан кийсе бото кур.
Алтындан наалы жез өкчө,
Айдаркан уулу эр Көкчө.
Көргөндөрдөн көп угам,
Кербендерден мен угам.
Сенин зайыбың Акэркеч,
Иштңң киши деп угам.
Көкчө күйөө келгин деп,
Шымыңды чечип бергин деп,
Эр Кошой сурап турганда.
Шыпырып шымын алганы,
Абаке Кошой мына деп.
Кандагайын калдайтып,
Керип-чоюп далдайтып.
Абакеси Кошойго,
Аста бере салганы.
Кара кыргыз залдары,
Абакең Кошой ал дагы.
Оң бутун эми салганы,
Ойрон Кошой абаңдын,
Балтыры батпай калганы.
Сол жаккы бутун салганы,
Согончок өтпөй калганы.
Шыйрагынан шыпырып,
Шымды колуна алганы.
Муну кылган катындын,
Мууну кеткен капырдын.
Оң бетинен тилбейби,
Тирсегинен илбейби.
Ордого уруп жыкпайбы,
Кербайталган миңгизип.
Кементайды кийгизип,
Атасынын колуна,
Алып барып салбайбы.
Алы келген азамат,
Жаңыртып катын албайбы.
Түнкүсүн басып лыпылдап,
Күндүзү күлүп шыпылдап.
Кымыры болуп жүрөргө,
Кыз-келинге кирерге.
Жаштык жериң деги жок,
Чучуктай куу шым киерге,
Ушу күндө эби жок.
Басташып жого алышсаң,
Кармалашып кагышсаң.
Баатырлар менен сайышсац,
Жер таянып окустан,
Жыгылып калсаң кокустан.
Кайтып ыргып минерде,
Капталып калат дегендей.
Куучуйган шымың баткандай,
Карыса да Эр Кошой,
Куурай шыйрак кем эмес.
Бул сөздү айтып абакең,
Кабагы карыш салынып.
Шымың менен кургун деп,
Оолактап нары тургун деп.
Томолоктоп алыптыр,
Башына уруп салыптыр.
Көкчөнүн шагы сынганы,

Көргөндүн көөнү тынганы.
Кандагай чыкпай Кошойго,
Күндүзү кара түн болуп.
Батаар шым такыр жок болуп,
Абакең Кошой токтолуп.
Аа дегенче токтоду,
Арбак колдоп абаңды,
Кошойго Манас жеткени.
Кандагайды кеп салып,
Карпа-курпа сүйлөдү.
Каныкей өзү ойлогон,
Кандагай керек экенин.
Каныкейдин колунан,
Кармаса бөздөй чоюлган.
Бир кандагай чыкты деп,
Казатка кийсе жарайт деп,
Ак сандыкка сакташып.
Ажыбай менен Чалыбай,
Каныкейди макташып.
Алдырып кийчи аба деп,
Батса ошол батар деп,
Манас айтып салганы.
Кабылан Манас болбоду,
Катынын мактап койбоду.
Ажыбай менен Чалыбай,
Абакеси Кошойго,
Айтып сөзүн жайма-жай.
Билейин калпы-чынын деп,
Алып келчи шымын деп.
Как ушул жерде көрөйүн,
Катынынын тыңын деп,
Абакең Кошой сүйлөдү.
Буйрукту Кошой айткан соң,
Ажыбай менен Чалыбай,
Бура тартып алганы.
Көрпөчөнүн астынан,
Көмкөрө ээр үстүнөн,
Кандагай шымды алганы.
Аргындын уулу Ажыбай,
Абакеси Кошойго,
Алып бере салганы.
Опол тоодой Кошой дөө,
Аттан түшкөн баары жөө.
Оң бутун эми салыптыр,
Балтыры батпай калыптыр.
Сол бутуң дагы салганы,
Согончок өтпөй калганы.
Батыруuга бул шымды,
Аракет кылып Кошой дөө.
Оң буту чыкпай бу шымдан,
Ажыбай менен Чалыбай,
Кошой абаң ошондо,
Экөөнө көзүн ымдады.
Эки кул бери отур деп,
Кандагайды тарткылап,
Айласы эми түгөндү.
Батпай калса бул шымы,
Мага берген куу шымды.
Арстан Манас көрбөсүн,
Жаңы келген келиндин,
Жакшылыкка көнбөсүн.
Оң бетинен тилдирип,
Нур сапатын бүлдүрүп.
Ордодон сүйрөп чыгар деп,
Олоңдой чачын кыркпасын.
Кербайталга миңгизип,
Кементай тон кийгизип.
Кыргыздын журтун кыдыртып,

Аяк-башын сыдыртып.
Каракандын колуна,
Кайтарып берип салбасын.
Кара кыргыз оңбо деп,
Каныкей айтып калбасын.
Таңдайында мөөрү бар,
Тамагында сөөлү бар.
Кандай түрлүү иш кылса,
Кыдыр аллам эптеген.
Кас болуп пенде жетпеген,
Каргышы ката кетпеген.
Катындардын баарысын,
Калыңдык менен тепсеген.
Кара кыргыз баласы,
Канныштан каргыш албасын,
Кайгылуу күндө калбасын.
Эки кул бери отур деп,
Эптеп муну батыр деп,
А эмне болот акыр деп.
Эр Кошой айтып калганы,
Оң жагында бири бар,
Сол жагында бири бар.
Шымы батса экен деп,
Экөөнүн тең дили бар.
Азыр мында батпаса,
Арстан Манас канкордун,
Айтканын кылчу жини бар.
Байкуштар минтип тартканда,
Батыра албай жатканда.
Чыгара албай шыйрагын,
Чытырата тартканда.
Ажыдаар түгү бетинде,
Жыйындын аржак четинде.
Кыраакы Манас баатыр эр,
Балбанга көзүн салыптыр.
Бастырып келип калганы,
Батпаганы чынбы деп,
Абам Кошой шымы деп.
Мактап жүрүп мынабу,
Эки доңуз кылды деп.
Каракан кызы Каныкей,
Катышыпмын бепбекер.
Бул өңдөнгөн заңгарды,
Алгамын деп жагдайлап.
Ак күбө чечип тактайлап,
Акырына ат байлап.
Каныкей жүзүн көрбөскө,
Кайта үйүнө кирбеске.
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун.
Шым деп кармап абаке,
Неге карап отурсуң.
Бул сөздү айтып Айкөлүң,
Булкуп алып бул шымды.
Батпай калган куу шымды,
Алп агасы Кошойдун,
Бутунан жулуп алганы.
Арстан Манас бул жерден,
Кайра басып калганы.
Аргындын уулу Ажыбай,
Манаска көзүн салганы.
Кылмак экен эки кул,
Кыянатың мына бул.
Каныкейди сойбосом,
Кыянаттуу эки кул,
Экөөңдү тирүү койбосмун.
Бул сөздү айтып Эр Манас,
Кайра басып калганы.

Муну көрүп Ажыбай,
Ордунан тура калганы.
Алптыгың да курсун деп,
Чоң болгонуң мен болсом,
Чоголдор жонго минсин деп.
Алп атактуу дөөлөрү,
Аз-аз эле болсун деп.
Келгени жүзү курсун деп,
Беш жашабай өлсүн деп.
Ушундай кыйын кордукту,
Кандай пенде көрсүн деп.
Жумган көзүн ачалбай,
Сунган бутун тарта албай,
Кошой калды далдайып.
Кой Манас деп айта албай,
Баатырдын сөзүн кайтарбай.
Абаң Кошой далдайып,
Ажыбай менен Чалыбай,
Экөө бирдей шалдайды.
Өлүм келип эсине,
Жаны келбей эсине.
Ажыбай менен Чалыбай,
Эсине эми келгени.
Эр Чалыбай муну айтат.
Эстен чыгып кетиптир,
Эсиме түштү деп айтат.
Кандагай тегин шым эмес,
Каныкей тегин койгон жок.
Жан көрүнбөй көзүмө,
Жаңы түштү эсиме.
Батпай турган куу шымдын,
Анжияндын ар жагы,
Айым мүнсөк бер жагы.
Даңдуң баштын тоо теке,
Аң уулап адам көрбөгөн.
Сырты кара зоо теке,
Абыкени баш кылып,
Алтымыш мерген аткарып.
Көзгө атууну маш кылып,
Жарабай калат тери деп.
Көздөн башка жерине,
Ок чыгарба акыр деп.
Мергендерге табыштап,
Күндүн жүзүн чалдырбай,
Ак сандыкка каттырып.
Алты ай малма салдырып,
Жез челекке жаткырып.
Анжияндын шагыл сарт,
Боекчусун алдырып.
Катын бычып, кыз тигип,
Оймоктуудан уз тигип,
Өңчөй уздар иштеген.
Кайыпбектин Арууке,
Токсон кызга баш болуп,
Тогуз ай бүтүн тигишкен.
Тигилгени билинбей,
Найза тийсе тешер деп,
Болот эгеп жешер деп.
Ийи чала калат деп,
Алым салып ийлетип,
Боегун жеңең үйрөтүп.
Сынамакка баарыңа,
Сырбараң атсам ок өтпөйт,
Табылгы жаксам чок өтпөйт.
Мактанчылык болбосун,
Жеке башы бир шымдын,
Жети нарлык наркы бар.
Кайсы бирин айтайын,

Бабам Кошой кийсе деп.
Бала үчүн жүрөм ынтызар,
Батасы мага тийсе деп.
Кандагай тегин шым эмес,
Жөн айтылган сыр эмес.
Абакеме бергин деп,
Айткан мага сыры бар.
Манаска чактап бир жерин,
Катырып койгон чени бар.
Арстан Манас баатырды,
Арстаным бери жүрү деп,
Кандагай сурап көрчү деп,
Чалыбай айта салганы.
Ал сөзүнө Ажыбай,
Айраң таң болуп калганы.
Мындан мурун эр Манас,
Каарын катуу салганы,
Катуу камап калганы.
Камаганын көргөнү,
Ал Чалыбай баатырдын,
Айтканына көнгөнү.
Эр Манастын бул шымын,
Экөөбүз сурап көрөлүк.
Каарданса канкордон,
Ажал жетсе өлөлүк.
Айлантып акыл чыгарса,
Айтканына көнөлүк.
Сен Чалыбай кексесиң,
Кебиңди айтып салбагын.
Мени түртүп бейжайга,
Кетенчиктеп калбагын.
Ажыбай менен Чалыбай,
Коендой козу жоодурап.
Кол куушуруп божурап,
Арстанга барып айтып кеп.
Колундагы кандагай,
Арстаным бере турчу деп.
Адамга түрдүү кериш бар,
Алла салса башына.
Кандагайды кайта бер,
Өктөлүү калган жерим бар.
Кандагайды жасаган,
Арстан Манас зайыбы.
Башта бир уккан жерим бар,
Айткан экен Каныкей.
Абам Кошой киер деп,
Бир пайдасы тиер деп.
Чактаган экен Кошойго,
Өлчөөсүн угуп ошого.
Олуя атам Кошой дөө,
Келиним эркек туусун деп,
Берер бекен бата деп.
Ойлоп кылган шым экен,
Бере тур баатыр шымды деп.
Шыйрагына шым батпай,
Абакем Кошой сынды деп,
Ажыбай айтып салганы.
Аны көрүп Эр Манас,
Колундагы кандагай,
Бурап кармап салганы.
Шымы менен курусун,
Оолак алып тургун деп,
Башкадан шагым сынды деп.
Душмандын көөнү тынды деп,
Мактай берип шымды деп.
Ажыбай менен Чалыбай,
Кандагай шымды алганы.
Чатына көзүн салганы,

Алаасы турат бүгүлүп.
Багалекке жеткенче,
Байкаса пенде тигилип.
Бүктөлгөндөй көрүнөт,
Көргөндүн көөнү бөлүнөт.
Ажыбай айтат тигиш деп,
Чалыбай айтып кириш деп.
Өнөр менен өткөрө,
Кылып койгон бир иш деп.
Каныкей кандай шым кылды,
Калайыкка сыр кылды.
Өнөрү болсо көрүнсүн,
Өчмөндүүлөр көмүлсүн.
Ачуулантпай канкорду,
Ажырашып бөлүнсүн.
Ал сөздү айтып Ажыбай,
Кел бери деп Чалыбай.
Олтуруша калышып,
Аласынан алышып.
Алп күчүнө салышып,
Тамандашып тартканда,
Киричи чыгып бөлүнүп.
Кандагайы жазылды,
Көрдүк мындай асылды.
Арасынын баарына,
Желдүү желине коюптур.
Жыйылган бойдон жыласын,
Жымырайып туруптур.
Чойгонунда кандагай,
Карыш сөөм жазылып.
Кайра басып келишип,
Абакеси Кошойго,
Кандагайды беришип.
Абаке кийип көрчү деп,
Алдырап калды балдарың.
Айтканды кылып берчи деп,
Колуна берди Кошойдун.
Алптыгын аңда ошонун,
Катаган Кошой балбаны.
Оң бутун эми салганы,
Атанын шымын алгандай,
Аягына бала салгандай.
Балбактап эми калганы,
Сол бутун азыр салыптыр.
Олуя абаң эр Кошой,
Кыргыздын кыйын балбаны.
Аганын шымын алгандай,
Иниси бутун салгандай.
Баары бою тең болуп,
Кийип Кошой алганы.
Көбөөлөрү көйкөлүп,
Куп жарашып калганы.
Абакең Кошой сүйүнүп,
Оң багелек түрүнүп,
Жоон санга барганы.
Ойрон Кошой абаңыз,
Багелектин ичине,
Оң колун азыр салганы,
Оң имерип алганы.
Сыртын көздөй кергени,
Капталына кол келип,
Кайра кое бергени.
Жыйылып этке жеткени.
Жылас келген бул шымдын,
Асылдыгы эмей неткени.
Сол багелек түргөнү,
Жоон санга жеткени.
Сол колун эми салганы,

Сол имерип алганы.
Сол бөйрөккө кергени,
Кайра кое бергенде,
Калыбына келгени.
Канча түрлүү чыкылдап,
Добуш чыгып калганы.
Асылдыгын билгени,
Кылмуруту солк этип,
Мыйыгынан күлгөнү.
Мактанып Кошой балбактап,
Манасты көздөй далбактап,
Басып абаң барганы.
Кашаттан шымды кармады,
Каары катуу эр Манас,
Дүнүйөнүн жүзүндө,
Не түрдүү жери болуптур.
Байкал көрдүм ушундан,
Баары армандуу болуптур.
Териден асыл чыгарып,
Жеткирип эми коюптур.
Бул өңдөнгөн куу шымды,
Кандай түрлүү жан кылды.
Иштеген киши ким эле,
Тиштеген киши ким деди.
Жайын билип бул шымдын,
Арстаным айта койчу деп,
Эр Кошой сурап калганы.
Токтолбостон эр Манас,
Жөн жайын айтып салганы.
Иштеген киши табылар,
Тиштеген киши табылар.
Келиниң жүрөт бир куу баш,
Абийири качан жабылар.
Бу Каныкей келиниң,
Эки жылча иштеген.
Кайыптын кызы Арууке,
Тогуз ай толук тиштеген.
Иштегени Каныкей,
Өңүнө сары өтүптүр.
Ошон күндөн ушу күн,
Өргүй албай келиптир.
Тиштегени келинин,
Тишине заары өтүптүр,
Тиш саргарып кетиптир.
Касиеттүү абамсың,
Бата берсең нетиптир.
Төрөбөгөн зарпынан,
Перзентинин дартынан.
Баатыр абам көрсө деп,
Көрсө бата берсе деп.
Ишенсең аба сөзүмө,
Ашка келбей койсоң да,
Каттоочудан тапшырып,
Жибермек экен өзүңө.
Ал сөздү угуп Кошой дөө,
Каныкей балам кайда деп,
Айтып муну салганы.
Кундактай бели ийилип,
Тизеси жерге тийгени.
Каныкей басып барганы,
Абакеңиз Кошой дөө,
Сын көзүн эми салганы.
Атаканат канкорум,
Ушу балам Каныкей,
Күйүп турган чок экен,
Пендеде мындай жок экен.
Желке чачы жүн экен,
Өзүндүн көзүң өткөндө,

Азапка тууган күң экен.
Азиздер мында келсин деп,
Айгай салып турганы.
Атпай журттун баарысы,
Аламандап барышты.
Абакеңиз эр Кошой,
Дастарын кыйгап чалынып,
Жаратканга жалынып.
Алакан жазды буркурап,
Атпай журттун баарысы,
Бата кылды чуркурап.
Көп жыйылган көзү ушул,
Көпчүлүк калктын көзүнчө,
Кошойдун айткан сөзү ушул.
Тилекти берсе бир алда,
Туулса мындан бир бала.
Ургаачы болбой эр болсун,
Эр уулу менен тең болсун.
Аңдышканын алсын деп,
Күрөшкөнүн чалсын деп.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн пенде өтпөгөн.
Карасууга кан куюп,
Кайратын калың эл туюп.
Суу ордуна кан төксүн,
Катылышкан душманын,
Кагышкан жерден чайкасын.
Акыры тууса эркекти,
Аты болсун Семетей.
Арууке келин баласы,
Акылдашы болсун деп.
Ага болсун жолдошу,
Аты болсун Күлчоро.
Кыдыра кырчын тал болсун,
Кырга чыга бергенде,
Кырк чилтен өзү жар болсун.
Ак болотун майласын,
Ачуусуна тийгенде.
Абыке, Көбөш, бай Жакып,
Аңгемени салар дейм.
Абыке, Көбөш, Жакыпты,
Оболу муну жайласын.
Көк болотту майласын,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын.
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде,
Кан Коңурду жайласын.
Кошой бата бергени,
Каапыр менен мусулман,
Кошо бата бергени.
Кол көтөрүп чуркурап,
Батасын берип салганы,
Бата кылып жүз сыйпап.
Басып калды абаңыз,
Балбан Кошой абаңыз.
Кан Жолойго жакындап,
Бабаң Кошой келгени.
Отурган Жолой оксоюп,
Орун алып соксоюп.
Жолойду көздөй бет алып,
Абакеңиз Кошойдун,
Арстандай көзү кызарып.
Жети, сегиз кадамдай,
Аягын жерге салганы.
Баса түшүп эр Кошой,
Токтолуп эми калганы.
Маңдай-тескей турушуп,

Кол тийген жерин жулушуп.
Намызын бербей ар жанга,
Алышып жүрүп жашымда.
Ак дөө, Көк дөө заңгарга,
Салышып жүрүп башында.
Күлдү журтка жообум бар,
Күрсү тийген жонум бар.
Кылыч тийген кыйлача,
Кабыргам жаман кайышкан.
Кыргыздын журту ыйласа,
Азыркы күндү карасам,
Көзүм турат чекчейип,
Белим турат мекчейип,
Мойнум барат кекжейип.
Арканы алып сары суу,
Омуртка менен кабырга,
Ойлоп турсам азыр мен,
Ортосунун баары суу.
Куймулчак жамбаш ашташы,
Толгон деймин сары суу.
Балбан күрөш жөөсүнө,
Каалап журтум калыптыр.
Калмактын Жолой дөөсүнө,
Мен турамын бул жерде,
Бир аллага сыйынып.
Карылыктын зардабын,
Келгиле бери балдарым.
Беш, алты бала келиңер,
Белимди басып бериңер.
Кургап калган кургурдун,
Боюн жазып бергиле.
Балдарга айтып бул сөздү,
Кошой абам болкоюп,
Бутун сунуп зоңкоюп.
Төрт бала чыгып тебелеп,
Батыра баскын бутту деп,
Балдарды бир аз жемелеп.
Узуну чыгып узарып,
Арстандай көзү кызарып.
Абасы арстан Кошойго,
Он эки киши келгени.
Аянбай басып күч менен,
Салмагыңар камгактай.
Да келгиле дегени,
Он сегиз киши болгону,
Кошойдун жону толгону.
Карыштап эми баскыла,
Бүткөн боюм жибисин,
Эр Кошой айтып салганы.
Согончоктоп бек басып,
Жели чыксын деп шашып.
Он сегизи тебелеп,
Шилиден ылдый желгени.
Бою ымыгып тердеди,
Кандай иш кылып жатат деп,
Каманбек дагы келгени.
Калмак экен ал өзү,
Кыжылдаган буруттай.
Мындай журтту көрбөдүм,
Өзүлөрү тепкилеп,
Карыган чалды курутту.
Чалдын шорун катырып,
Өзүлөрү тебелеп,
Өлтүргөнү жатыр деп,
Каманбек айтып салганы.
Коюңарчы балдар деп,
Кошой сүйлөп салганы.
Ал айткан сөзгө арданып,

Окторулуп ордунан,
Кошой тура калганы.
Он сегизи тең кулап,
Жыгылган бойдон калганы.
Болду балдар болду деп,
Кылымдын Кошой балбаны.
Ак сакалы сеңселип,
Чарпышууга белсенип.
Аярдап басып барганы,
Арбак урган Жолой дөө,
Кошой Жолой беттешип.
Алышмак болду эки дөө,
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Кармашканда кан чыккан,
Ордунан туруп кур этип.
Жолой тура калганы,
Кошойду кордоп кеп айтып.
Карууңдун кеткен чагында,
Сакалыңдын агында.
Казаң жакын табында,
Муунуң кеткен чагында,
Кармашка кантип келдиң деп.
Ажалыңдын жеткени,
Абийириңдин кеткени.
Жакшыраактан ыйгарбай,
Жашыңда пенде чыга албай.
Карганда түшүп балбанга,
Карап көрсөм өзүңө,
Каргыш тийип калганда.
Атым менин Жолойдур,
Жолойго киши жолойбу,
Жологон пенде оңорбу.
Бир башынды Кошоюм,
Миң жаның болсо коембу.
Ичип канга тоембу,
Ушуну айта салганы.
Бул сөздү уккан Кошой дөө,
Бүткөн бою тырышып,
Куйкасы кетип курушуп.
Атаңдын көрү ит Жолой,
Кара жерге жит Жолой.
Ошону айтып күүлөнүп,
Ыймани жок каапыр кул,
Наадандыгың мына бул.
Үкүрчүнүн оюнда,
Үч капканын оюнда.
Уйшунбайдын тоюнда,
Ушу бүгүн оюмда.
Олтурбвй тирүү сени алдым,
Үйүңдөн байлап бир алдым.
Балчакайдын белинде,
Айлым арбын дегенсиң.
Мыктылык кылган жериңде,
Айтышып сөздөн жеңгемин.
Айтыша кетип урушуп,
Ач бөрүдөй жулушуп,
Ат үстүнөн бир алдым.
Кулусуңга кууратып,
Өңөрүп бардым өзүңдү.
Көрбөй жүргөн кишидей,
Несин мага айтасың.
Наадандык кылып сөзүңдү,
Эмне үчүн мага айтасың.
Оё жүрдүм көзүңдү,
Ойрондоп жүрдүм өзүңдү,
Ойлонуп айткын сөзүңдү.
Кулжалуу тоонун оюнда,

Кутман бийдин тоюнда.
Казактын калдар беги бар,
Калкка маалым кебиң бар.
Катылам деп Кошойго,
Кан жөткүргөн жериң бар.
Арстан жандуу Кошойду,
Айбан болду дейсиңби.
Ар кайсы жерде алышып,
Аркы-терки салышып.
Алып жүргөн мен элем,
Адам менен ишиң жок,
Наадан Жолой сен элең.
Мына эми неттиң деп,
Абан салды билегиң.
Кор кылба деп Кошойду,
Мусулман айтып тилегин.
Жолой бекем кармады,
Касиеттүү Эр Кошой,
Бир тартуу менен билегин,
Жулуп эми алганы.
Кол терисин шыпырып,
Жолой алып калганы.
Кара Кытай манжуунун,
Каалап салган балбанын,
Ач билектен алганы,
Эки жулкуп эр Жолой,
Араң сууруп алганы.
Шыпырылып кол тери,
Кошойго кетип калганы.
Кайра басып Жолой дөө,
Калмакча намаз окунуп.
Бул буруттун балбаны,
Оңой олтоң эр эмес.
Ма курбалдаш болгондо,
Бу чыпалакка тең эмес.
Адырайган чоң Жолой,
Ар кайсыны ойлонуп.
Бурканына сыйынып,
Бурулуп калган жер ошол.
Өткөндөрүн ойлонуп,
Абаң Кошой, Эр Жолой,
Бетме-бет келип кол салып,
Кармаша кетти бой салып.
Кошойду кармай калганы,
Калмактын Жолой балбаны,
Асманды көздөй атмакка.
Кармаган бойдон абаңдан,
Жолойдун колу кетпеди.
Абаң Кошой баатырдын,
Кайраты бойго толгону.
Балбан Кошой баатырың,
Аягы менен тик түштү.
Кош таман тийген кара жер,
Кош ороодой оюлуп,
Чымдуу жери союлуп.
Абаң Кошой баатырдын,
Ал кубатын көрүңүз.
Колуна тийген Жолойду,
Көтөрүп жерден алганы,
Айландырып имерип,
Асманды көздөй атканы.
Кылым кытай балбаны,
Кырдана түшүп кыйшайып,
Аяктап тура калганы.
Таманы тийген кара жер,
Дал-далы чыгып оюлду.
Кармашты катуу салганы,
Кошой менен Жолой дөө.

Бир-бирин кармап булкушуп,
Топ аткандай асманга,
Бирин-бири ыргытып.
Айкырыкты салганда,
Бирин бири алганда.
Чыдай албай кара жер,
Кере карыш оюлуп,
Көргөн адам таң болуп.
Жанына пенде баргысыз,
Көргөндөр айраң таң болду,
Кара тозоң чаң болду.
Кайнап турган калың кол,
Көрө албай баары таң болду.
Чаң жашырды сан колду,
Ал аңгыча болбоду,
Жөө туман болгон кара чаң.
Бирин бири көралбай,
Түрткүлөшкөн андан көп.
Мындай такыр болбосун,
Алмамбет баатыр ойлоптур.
Тамаша көрбөй калдык деп,
Калың журт баары чур этти.
Кара түтүн оргуштап,
Капкараңгы түн болду,
Күндүн бети көрүнбөй.
Санжыргалуу Алмамбет,
Жай дубасын окунуп,
Жай ташты сууга салганы.
Ачып көздү жумганча,
Булут көчүп бөлүнүп.
Жамгыр төгүп нөшөрлөп,
Аралаш мөндүр төгүлдү,
Ачылып асман сөгүлдү.
Жел басылып бөлүнүп,
Кошой менен Жолой дөө,
Дапдаана элге көрүндү.
Кармай калып эки дөө,
Бирин бири ыргытып.
Аны менен жыга албай,
Азап болду бир далай.
Бир-бирине бул күндө,
Өлгөнүнө карабай.
Тегеренип калышып,
Кайрат күчүн салышып.
Кол тийген жери бөлүнүп,
Көргөндөр жандан түңүлүп.
Жер союлуп болгону,
Намаз дигер болгондо.
Чегелеше калышып,
Оозунан көбүк чачышып.
Эки тизе тийген жер,
Жер очоктой казылып.
Кайра баштан чаң болуп,
Айлана жакшы көрүнбөй,
Чуркураган жан болуп.
Чарпышканда чаң болуп,
Качан бирөө жыгат деп.
Карап турган канча жан,
Айран азыр калышып.
Куйрукка шымын турушуп,
Куп букадай сүрүшүп.
Акырек менен тирешип,
Ары-бери сүрүшүп.
Согончок тийген кара жер,
Тос-тосу чыгып бөлүнүп.
Топосу тоодой үйүлүп,
Көрүп турган калайык,
Эки дөөдөн түңүлүп.

Тозоңу көккө сүрүлүп,
Баскан жери казылып,
Чаң асманга чачылып.
Уюган кара чаң болуп,
Удургуган жан болуп.
Алышып жүргөн эки дөө,
Арстандай күркүрөп.
Көрүп турган пенденин,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Күүгүм кирип күн батып,
Бабаң Кошой шер байлап,
Азирет деп бакырып.
Күч кубаты толгону,
Күүгүм кирип күн батып,
Түн ортосу болуптур.
Бирин бири сүрүшүп,
Жолойдун үнү күркүрөп.
Доошун уккан пенденин,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Таң атса жарык болот деп,
Карган Кошой баатырды,
Каапыр Жолой жыгат деп.
Балбан Кошой абаңдан,
Үмүтүн үзүп салганы.
Доошу чыкпайт Кошойдун,
Не болгон деп кобурап,
Кулак түрүп калышат.
Атчан жүргөн мындан көп,
Ээрге көчүк талдырып.
Канча миң чырак жандырып,
Чырактын баарын алдырып,
Бар болгондой жандырып.
Кошунду көрсөң кара курт,
Жер бетин бербей бут жайнап.
Аралашкан көпчүлүк,
Сексен жерге туу байлап.
Туусун карап таанышып,
Турган журт айрап калышып.
Балбан Кошой, эр Жолой,
Ортодо күрөш салышып.
Көтөргөн туусу болбосо,
Ажеп эмес ал ашта,
Көбү адашып жоголмок.
Жолойдун колу кандай уу,
Абаң Кошой баатырдын,
Аркасын Жолой эзгени,
Колдун уусу жеткени.
Кармоосу менен Жолойдун,
Боюна тарап кеткени.
Аткып Жолой жүргөнү,
Ары-бери сүргөнү.
Абаң Кошой баатырдын,
Денеси калган жазылып.
Ит Жолой бекем карма деп,
Имерилип жүргөнү.
Кечээ күнү чак түштө,
Кошой менен Жолой дөө.
Кармашкан экөө карк түштө,
Калың журт айран бул ишке.
Жыгыша албай түн жетип,
Күрөшүп жүрүп күн кетип.
Күнү-түнү алышып,
Чаркы жетпей калышып,
Көз ирмебей таң атып.
Күн обого толгондо,
Жалган түш араң болгондо.
Алышып жүрөт алп Кошой,
Алптыгын тыңдап карагын.

Көңүлү кетип бөлүнүп,
Көз илинип кеткени.
Көшүп Кошой үргүлөп,
Анда-санда күркүрөп.
Кыр арканын балык эт,
Катуу кармап тургун деп.
Бул сөздү айтып Жолойго,
Уйкуга Кошой киргени.
Уктаганын ит Жолой,
Аңдап эми билиптир.
Мурунку күнү бадирек,
Балаалуу ишти баштаган.
Алачык үйдөй бир ташты,
Көтөрүп барып дөө Жолой,
Балбан таш кылып таштаган.
Абакең Кошой баатырды,
Көтөрүп колго алганы.
Көөнүнө Жолой алганы,
Көрө салып Кошойду,
Арстан Манас баатырың,
Айгай салып айкырып.
Абаке Кошой кантесиң,
Ажалың эми жеткенби,
Абириң эми кеткенби.
Кокуй аба кантесиң,
Уйкуга көзүң кеткенби,
Как баш Кошой көзүңдү ач,
Кай кара басып кетти деп.
Каманга качпай чалдырдың,
Каапырга намыз алдырдың.
Кабылан Манас баатырдын,
Каардуу үнү угулуп.
Кошой абаң кулагы,
Манастын үнүн укканы.
Ойлоно салып ошону,
Ачса көзүн акыры,
Ачканда келип акылы.
Адырайган ит Жолой,
Урайын ташка муну деп.
Калган экен ит Жолой,
Ташка уруугa камынып.
Абакең Кошой баатырдын,
Умачтай көзү ачылып.
Жулкунуп Кошой калганы,
Кайраты бойго жыйылып.
Аягы жерге жеткени,
Ачууланып айкырып,
Азирет деп бакырып.
Абакең балбан эр Кошой,
Артынтып колун салганы.
Ар жагынан шымынын,
Кашаттан кармай калганы.
Көтөрмөккө дөө Жолой,
Көңүлүнө алыптыр.
Оң бут менен абакең,
Астынан торой чалыптыр.
Жалпы журт карап турганы,
Томкоруп жерден алганы.
Тоодой болгон Жолойду,
Көтөрүп жерге урганы.
Көпчүлүк карап турганы,
Жолойду кудай урганы.
Башынан аттап Жолойдун,
Басып Кошой калганы.
Аякты тушап салдың деп,
Армандуу бойдон калдым деп,
Бугум чыкпай калдым деп,
Кан Жолой каңгып калганы.

Арстан Манас кеп айтат,
Атаңдын көрү каапыр кул,
Ыйманы жок жакыр кул.
Бир жыгылып калдым деп,
Боз жалпак болгон ит Жолой.
Кол узатып саласың,
Чокусунда чогу бар.
Өзөгүнүн ичинде,
Көп коргошун огу бар.
Долоно саптуу камчыны,
Толгой кармап имерип.
Качырып келип имерип,
Жоңгулдата салганы.
Кабырга сөөгү сөгүлүп,
Каны жерге төгүлүп.
Кабылан Манас баатырдын,
Кайраты элге көрүнүп.
Кармаган Жолой колунан,
Кан Кошой кетти бөлүнүп.
Карап турган мусулман,
Түп көтөрө дүңгөрөп,
Айгай салып күңгүрөп,
Кубангандан бакырып.
Бабабыз Кошой баатырдын,
Арбагын бийик чакырып,
Баштан аяк бакырып.
Балбан көтөр алла деп,
Алланын атын бат айтып.
Көтөрдү Кошой балбанды,
Көргөн журт айраң калганы.
Кубанбаса неткени,
Куюлуп кошуун жеткени.
Акылы тунук булактай,
Ар мүнөзүн байкасаң,
Жарга ойногон улактай.
Жалган сөзү чырактай,
Сандыргалуу Эр Акбай.
Абакеңиз Кошойду,
Алп агасы ошону,
Көтөргөн бойдон кеткени.
Чатына башын салганы,
Алты жашар баладай,
Абакеңди Эр Акбай,
Так көтөрүп алганы.
Алтындан таажы кийгизип,
Абакеси Кошойду,
Калк башкартып билгизип.
Байгесин айдап бабаңа,
Баатыр Кошой абаңа.
Мусулмандар чогулуп,
Жамы журт чогу келгени.
Сандыргалуу Эр Кошой,
Санап туруп малдарын,
Карып менен мискинге,
Бирин койбой малдарын,
Тактап тегиз бергени.
Бекзаадалар чогулуп,
Карып менен мискини,
Кадырлады ошондон.

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНДА МАНАС МЕНЕН КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ

Атаңдын көрү дүнүйө
Кытайдын эли кылкылдап,
Жерге батпай былкылдап.
Жайнаган кыйын кол болуп,
Каапыр менен мусулман,
Маңдай-тескей турушуп.
Ойроттун баары толгону,
Кайнап жаткан калың эл,
Атка минип жабылып.
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлгөн калкылдап,
Асабасы жалпылдап.
Күрөөкө зоот кийишип,
Күлүктөн тандап минишип.
Баатырлар сайыш салсын деп,
Жыккандар мөөрөй алсын деп,
Жыгылган куру калсын деп.
Көкөтөйдүн ашы деп,
Көп адамга дүң болуп.
Кошой баштык карысы,
Жарчылардын баарысы.
Жар салышты чуркурап,
Кайнаган калың элине.
Канзаада менен бегине,
Мусулмандар бөлүнүп,
Карааны шаңдуу көрүнүп.
Кытайлары бөлүнүп,
Уйгу-туйгу басышып.
Жаманын коюп жакшыдан,
Карганын коюп жашынан.
Элден тандап экчейлик,
Олжого сайган жылкысын,
Оңуна келсе биз жейлик.
Алооке баштык карысы,
Айланата бир карап.
Бозкертик туруп кеп айтат,
Ээ калайык деп айтат.
Кытайдан турат Коңтөрө,
Кылымды бузчу чоң төрө.
Найзакерден ал мыкты,
Алышкан адам алалбайт,
Беттешип пенде баралбайт.
Деп ошентип Бозкертик,
Коңтөрө чыксын алышка,
Беттешип найза сайышка.
Кытайдын кыйын мыктысы,
Кырмус шаанын Мурадил.
Өлүмдөн кайра тартпайт деп,
Душманга сырын айтпайт деп.
Өткүрлөгө арбын өзү жаш,
Кызыл чоктуу Нескара.
Карылыкка баш коюп,
Мурутун буурул чалыптыр.
Өр таянып калыптыр,
Өткүрлүк жайы жоголуп.
Муну мындай таштайлы,
Калмактардын баатыры,
Ушандан сөздү баштайлы.
Бу каапырдын кайраты,
Болуп турган кези экен.
Камалып турса калкыңыз,
Эр сайышка салалы.

Калмактын Суркан карысы,
Отурган элдин баарысы.
Калмактан түшсө сайышка,
Кылымда жакшы эмес го,
Кытайдын түшпөй калышы.
Балбандан салдык Жолойду,
Ишибиз кантип оңолду.
Бул буруттун ичинде,
Бар экен Манас арстаны.
Балбандан Жолой жыгылып,
Токсон беште Кошойдон,
Бактысы качып жоголду.
Чайкап баарын карасак,
Чанач Чоюн эр турат,
Туңша кытай баласы.
Ал сөздү айтып айлантып,
Которуп сөзүн айтканча.
Баатырың Чоюн кайсы деп,
Кытайлар сурап калганы.
Чоң карагер ат минген,
Чочубай жоого бир тийген,
Адамдан башка алп деди.
Кол чатырдай кулагы,
Мурдунан чыгат булагы,
Ортон колдой шыркырап.
Аты семиз бою пас,
Балбан турат бу дагы.
Балбан күчү бар экен,
Ант урган бул Чоюндун,
Жүрөгү чылкый бок экен.
Сайышка чыгар деп ойлойм,
Кыргыздын кыраан арстаны.
Амал менен сайышып,
Өлтүргөнү жүрөт го.
Алоокенин баласын,
Адырайган кол төрө.
Үстүнө темир кийинип,
Сайышмак үчүн камынып.
Күрсүсүн жанга байланып,
Кайкы тарткан учу бар,
Байнеги алтын кылычы.
Айбалта кылыч байланып,
Каруу-жарак шайланып.
Зоот менен кыягы,
Сайышка даяр сыягы.
Самур шымын шымданып,
Сайышмакка тыңданып.
Капилет туруп окустан,
Кырылтып кыйла журтумду.
Чакырып келген коногун,
Кырып ийет ойдо жок.
Шашкалактап кечээ күн,
Доолбас үнүн укканда.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Бешке белги төрт бөлүк,
Бет алган жагы өрттөнүп.
Шашып калган Кытайдын,
Жарактын баары бойдо жок.
Манас чыкса сайышка,
Кезешсем деген пейли бар.
Намысты арбын кылганы,
Ачуусун бойго жыйыптыр.
Кагышмакка канкорго,
Каргышты катуу кылганы.
Карк алтындан зооту,
Денеге араң сыйганы.
Көпкөк темир кийинип,

Ылаанатка сыйынып.
Бурама темир курчанып,
Каарданып кумсарып.
Чарайна төшкө тартыптыр,
Темир тондун тышынан.
Көк күпө тонду жамынып,
Көк жолборстой чамынып,
Көк теңирге жалынып.
Үтүрөйгөн чоң Калча,
Үстү-башын үпчүлөп.
Көзү сүрдүү темирдей,
Кең көкүрөк жайык төш.
Кыйынсынган оңбогур,
Кытайча ээр-жарагы.
Ачууланып ат минип,
Кылган ишин карагын.
Опол тоодой Алгара,
Ойноктотуп бастырып.
Очогорун асынып,
Көк найзасын сундуруп,
Кулак-мээни тундуруп.
Алгара минип шаңданып,
Көргөн адам таңданып.
Чоң күрсүсү чокчоюп,
Алгара ат минип очоюп.
Көк найза колдо койкоюп,
Кылычы белде кыңгырап.
Көтөргөндө колунда,
Көк найзасы зыңгырап.
Көркүн көргөн Калчанын,
Жанына адам баргысыз.
Салышууга Манаска,
Кашын көрүп алганы.
Ызаалыкка чыдабай,
Ырастанып калганы.
Жаалы катуу чоң Коңур,
Сайышка өзү чыкты деп.
Абакең Кошой алда бар,
Жоо-жарагын кийинип,
Ылаанатка сыйынып.
Алгараны токунуп,
Айбатынан Манастын,
Коңтөрө калды чочунуп.
Чыкмак болуп сайышка,
Даярданып калганы.
Сайышка Коңур чыккандай,
Үрүстөм баатыр келсе да,
Үйлөп жерге жыккандай.
Кийгендин баары көк темир,
Сайыш болбой калса да,
Даярданды чыңданып.
Мөөрөй өзгө тийгени,
Абаке Кошой деп айтып.
Арстан Манас кабылан,
Асылды мылтык жонуна.
Ак жолтой эле очогур,
Айлантып атса алты атар.
Ойноп атка очогур,
Найзаны оңдоп колго алып.
Угуп Кошой калганы,
Аламбек деген бир адам,
Айтып аны барганы.
Байкайлыкчы муну деп,
Кылым Кытай каны эле,
Кыйын дечу жан эле.
Каарданып калды деп,
Кара кытай каны деп.
Боз жорго ат менен теңселтип,

Абакеңиз эр Кошой.
Аралап атпай кытайын,
Азыр барган жер ошол.
Нар буурадай кеңгиреп,
Ичкери намыс ойлонуп.
Турган экен чоң Калча,
Сайышты самап делбиреп.
Алкагы алтын чоң канжа,
Кочуштап салып тамеки.
Коросондон куу коюп,
Коркурата соргону.
Оозунан түтүн буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап.
Абакең Кошой барганы,
Баянын айтчы ишиңдин,
Сайышка түшөр кишиң ким?
Абац Кошой сурады.
Кара жалдуу Бороончу,
Жообун берип турганы.
Иш бүтмөк беле чоркоктон,
Чыгабы киши коркоктон.
Саятка тиксең чатыр деп,
Сайыш үчүн камданды,
Кан Коңурбай баатыр деп.
Мусулмандан ким чыкса,
Майданга чыгар акыр деп.
Бороончу жообун бериптир,
Боз жоргосун агытып,
Артынан чаңды бургутуп.
Абакең Кошой келгени,
Баатыр менен балбаны,
Баарысы жолдо калганы.
Баатыр Манас арстанга,
Абаң Кошой барганы.
Бабаңар Кошой кеп айтып,
Балакет болду деп айтып.
Ээ кулунум эр Манас,
Сөз тыңдагын деп айтып.
Мээнет, баскан чоң Калча,
Намызданып алыптыр.
Ачуусу келип арбайып,
Бутканага чокунуп,
Булкунтуп кара ат токунуп.
Жаалданып калганы,
Алп болмоктон дөө болсун.
Пил миңгени келсе да,
Билгенимди кылам деп,
Миңи келсе да кырам деп.
Сайышка түшкөн баатырың,
Жалмап жанын кыям деп,
Кез келгенин соем деп.
Кекенип эми калыптыр,
Кечээ күнкү урушта.
Мааникер атты бергин деп,
Балакеттүү жумушта.
Кекенген экен бул доңуз,
Чырды катуу салууга.
Талабыма жетсем деп,
Канаттуу деген тулпарын,
Камчыланып тепеңдеп,
Чубатууга салганы.
Калкамандын кара атын,
Калың журт көрүп жаратты.
Абакең Кошой кеп айтып,
Кадырын малдын билбейсиң,
Кара кыргыз деп айтып.
Кабылан Манас минерге,
Ат сынашып карашып.

Ат жарашпай калганда,
Айкөлүңдү Коңтөрө,
Майып кылып салар деп.
Коңурбай оңой жоо эмес,
Капкада кара жолборс деп,
Муну да минсе болбос деп.
Жаадай болгон Сарала,
Коен сыны бар экен,
Колдо туулган мал экен.
Уй куймулчак Сарала,
Уюлгуткан Алмамбет.
Көрүп турган эл айтты,
Анда Манас кеп айтат,
Ээ калайык деп айтат.
Көрө салып эр Кошой,
Бери кел деп калганы.
Алымсарык кайрылып,
Бет маңдай эми барганы.
Атыңдан түшүп кел деди,
Жаадай болгон Жармаңдай,
Сайышка балам бер деди.
Кара төбөл Жармаңдай,
Кара сыны тайгандай.
Мээ кайнаган ысыкта,
Бет алышса кысыкта.
Кырк күнү минсе оюбас,
Кызыл чыгып жоорубас.
Өркөчү бийик зери бас,
Өргө чапса чарчабас.
Коё берсе тушабас,
Качкан кайып узабас.
Чөлгө минсе суусабас,
Ак жолтойлук жайы бар.
Ал кайраты жык толгон,
Толуп турган чагы бар,
Маңдайга жазган багы бар.
Кулагында шамы бар,
Чуу чыкканда күчөгөн,
Тулпарлык шаңы дагы бар.
Бул сөздү айтып салганы,
Алып келип току деп,
Абакең буйрук салыптыр.
Аккуланын чоң тердик,
Жармаңдай атка салганы.
Жаадай болгон союлгур,
Комсоо келип калганы.
Асты жагы тердиктин,
Шилиге кетип калбайып.
Арка жагы тердиктин,
Жамбашка жетип далбайып,
Чакан болуп калганы.
Анын дагы үстүнө,
Акканкы ээрин салганы.
Куюшкан олоң басмайыл,
Эки карыш, төрт эли,
Ар кайсысын кыскартып.
Куюндан бүткөн Жармаңдай,
Кулактан жалы артылып,
Ат жарагын келтирип,
Абдан токуп болтуруп.
Кайратын бойго карк жыйып,
Кабылан Манас отуруп.
Кандагайды шымданып,
Кара боюн чыңданып.
Бороонду күндө суук өтпөс,
Жаандуу күндө суу өтпөс.
Чыйырчык алтын чачык көз,
Чылбадана торгой көз.

Торгой көзү жыбырап,
Тоок көзү шыбырап.
Машанын мурду батпаган,
Чиркейдин мурду өтпөгөн.
Ачык түштө караса,
Алакан жүзү көрүнбөс.
Ак күрөкө торгой көз,
Жакалыгы баары алтын.
Түймөсүнүн баары алтын,
Ок-найзага оң артык.
Ойлогонго баарыдан,
Жеңи чолок карыдан.
Күрөөкө зоот кийинип,
Күч кубатты бергин деп,
Кудайына сыйынып.
Дөөкөр уста Бөлөкбай,
Дөңгөлөгүн төрт бөлөк,
Купа согуп таштаган.
Купасы кумган түбүндөй,
Накшы кыйыл түрүндөй.
Күрбүсүн болот эгеген,
Кулак түпкө теңеген.
Туулга кийди башына,
Коңурбай Манас сайышкан,
Көкөтөйдүн ашында.
Туңша Бээжин туругу,
Коңурбай кытай улугу.
Башкы атасы маң болгон,
Басташкан душман нан болгон.
Мас жолборстой кеңгиреп,
Кыраан Манас кабылан,
Бууданга бутун салганы.
Алгара менен ойнотуп,
Адырайган чоң Калча.
Көк найза колдо короңдоп,
Короздой мойну койкоюп.
Туулга башта жаркылдап,
Айгай салып көп кытай,
Сүрөөн кылды чуркурап.
Алгара менен алкылдап,
Найзада желек жалпылдап.
Коңурбайга кошулуп,
Короздой мойну созулуп,
Музэртик менен Бууданчан,
Чуркурашып канча жан.
Ал аңгыча болбоду,
Ак жоолук байлап башына,
Арстан Бакай, Эр Төштүк,
Кошо чыкты кашына.
Арстан Манас чамынып,
Бууданга камчы салганы.
Каруудагы сыр найза,
Каруудан булкуп алганы.
Бөрү тилдүү найзаны,
Күркүрөтө сунганда.
От жаркырап жагылып,
Оң көз менен сол көзүн,
Ойрон кылып алмакка.
Коңурбай менен кан Манас,
Көздөрүн болжоп калганы.
Оң көз менен сол көзгө,
Күч менен найза урганы.
Жаактагы катепке,
Катепкеге найза шак этип,
Жаагын жанып кеткени.
Коңурбай менен Манастын,
Орто жери узарып,
Тай чабымга жеткени.

Мусулмандын четинен,
Адырайган чоң Калча,
Алгара оозун бурганы.
Бууданга камчы урганы,
Бул бурутту калтсем деп,
Кулатып аттан кетсем деп.
Ичинен айтып келмесин,
Көк найзаны сундуруп,
Кулак-мээни тундуруп,
Катуу кирип калганы.
Арстан Манас кабылан,
Оозунан түтүн шыркырап.
Кырк чилтени жанында,
Кошо кирди бурулуп.
Жармаңдайын чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Бөрү тилдүү сыр найза,
Күркүрөтө сунганы.
Калмак ээр кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Арстан эр болжоп калганы.
Коңурбай да бастыр кул,
Алдагы болжоп алыптыр.
Алтын кемер чети деп,
Айбалка туштун бети деп.
Коңурбай менен кан Манас,
Күч менен найза сайганы.
Астындагы буудандар,
Көчүктөй калып чочоюп,
Жыгылчудай көрүнүп.
Ыйык жанга тырмышып,
Күркүрөгөн эки шер,
Күрсү менен урушуп,
Күркүрөшүп турганы.
Мындан айла болбойт деп,
Айбалта колго алышып,
Аркы-терки чабышып.
Ай балта мизи кыйрады,
Зоотко такыр сыйбады.
Кылыч менен салганда,
Кыпкызыл жалын от чыгып,
Асманды көздөй чачырап.
Аламан уруш эмес деп,
Андай жумуш эмес деп.
Арстан Манас кабылан,
Бура тарта бергени.
Арстан Манас кабылан,
Кылчайып карай калганы.
Туулгасын көтөрүп,
Чыкыйдын чачы көрүнүп,
Калган экен бөлүнүп.
Көрүп калган арстан шер,
Бура тарта бергенче,
Чыкыйга найза урганы.
Чыкыйга найза малганда,
Чыйраксынган Коңурбай,
Алгарадан ыргыды.
Көк күпө тондун этеги,
Көп жерге кетип жайылып,
Күркүрөп каны куюлуп.
Бойдон тарап кайраты,
Коңурбай жатты жыгылып.
Жыкканына кубанып,
Азирет деп чуу салып.
Ногойкандап чуркурап,
Карап турган мусулман,
Алда таала берди деп,
Жакасын мууна карманып.

Бошонгон кара ат ойноду,
Көөдөктүк кылып көкжал эр,
Коңурбайдын Алгара,
Коштоп албай койгону.
Ойго-тоого салышып,
Санаасын басып кара мал.
Карып менен мискинге,
Каалап бөлүп бергени.
Жана калган байгени,
Калкка тегиз бергени.
Кабылан Манас Каңкоруң,
Кайнаган Кытай кеп элиң.
Коңурбайдай кечилди,
Нескара менен Музэртик,
Колдон-буттан алышып,
Коңурбайдай кечилди,
Тобуна алып барганы.
Найза тийген жерине,
Кырма кызыл дарыдан,
Алып келип салдырып,
Жаратын абдан таңдырып.
Алты күндүн ичинде,
Айыктырып алганы.

## ЭР ЭҢИШ

Тамаша оюн бүткөнчө,
Таң сөгүлүп сүргөнү,
Жерге жарык киргени.
Каапыр менен мусулман,
Казганактап дүрбөдү.
Доолдун үнү дүңгүрөп,
Доошту катуу бергени.
Казганактап калың эл,
Туу жанына келгени.
Көкөтөйдүн көк туусу,
Көтөрүлдү калкылдап,
Асабасы жалпылдап.
Ырамандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк муундуу,
Жар чакырып шартылдап.
Кер жорго менен чайпалып,
Катуу чыгып добушу,
Айланып чыкты баркылдап.
Мусулман токтоп калсын деп,
Күн батыш менен күн чыгыш,
Каапырлар эңиш салсын деп.
Көк бөрү тарткан улактай,
Көтөрүп аттан алсын деп.
Калкка кабар салганы,
Алтымыш кара, төрт жүз кой,
Байгенин саны ушундай,
Тактап айтып калганы.
Ары-бери дарбышып,
Күн батыштын каапыры,
Антип-минтип жүргөндө.
Шандөөгөр чыгып кытайдан,
Түп Бээжиндин журтунан.
Куу чабдарын сойлотуп,
Куландан кыйын ойнотуп.
Күн батыш жакты каапырдан,
Чыноончук Дөбөт чыкканы.
Тула бою дүркүрөп,
Чыноончук жүрөт күркүрөп.

Байкап көргөн пенденин,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Башынан кетип акылы,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди далбайып,
Эки кулак калдайып.
Эки ийнин жапкандай,
Койтору минип бу дагы.
Күн батыш эли чуулады,
Жан казандай башы бар,
Пери ургандай жинденип,
Темирден тонду кийинип.
Лайламага сыйынып,
От чагылып көзүнөн,
Оодарышка киргени.
Куу чабдар атты чуратып,
Тозоңун тоодой сапырып,
Шаңдөөгөр беттеп алганы.
Маңдайлаша чыгышып,
Чыноончук колун салганы.
Ат менен экөө алышып,
Коё берип бөлүнүп.
Бирин бири алалбай,
Кармашты эми салганы.
Күн батыш калкы дүңгүрөп,
Кара жер көчүп чайпалып,
Айкырышып турганы.
Кытайлар кыйын кыйкырып,
Кытайга калмак болушуп,
Кылымга дүйнө толушуп.
Эки дөө эңиш кылганда,

Буудандын бели майышып,
Кун ылдыйлап күн батты.
Кармаган жери оюлуп,
Ат үстүнөн алышып.
Кара кочкул кан кетип,
Күшөңдү көздөй бет алып.
Кыргыздан Акбай да жетти,
Шаңдөөгөр балам койгун деп,
Күшөң чал айта салганы.
Коштоп бура тартарда,
Кое бербей туткун деп,
Эр Акбай айта салганы.
Кытайлардын балбаны,
Бастырамын дегенче,
Күн батыштан Чыңоончук,
Атынан алып салганы.
Алдырып салып балбанын,
Кытай журт карап калганы.
Кеч кирди конок болсун деп,
Жарчылар айгай салганы.
Кыргыз, кытай кектешип,
Өчтүү болуп калганы.
Үч каркыра боюнда,
Үч булактын оюнда.
Мусулман болгон жерине,
Кысыр эмген тай берип.
Какан кытай элине,
Кою менен уй берип.
Өңчөй кыргыз балдары,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Дүңгүрөтө той берди.

## ЧАБЫЛГАН АТТАРДЫН КЕЛИШИ

Айдаган аты миң болуп,
Айдарым жолго салганы.
Алтымыш калыс артынан,
Акмалап жолго салганы.
Ары айдады тогуз күн,
Кайра тартып алгандыр.
Бери келмек төрт күн деп,
Беленденип так бүгүн.
Арбып-дарбып калышып,
Аттангыла жүр дешип.
Бөлөк-бөлөк болушуп,
Дүйнө жүзү толушуп.
Эл козголуп алганы,
Кытайлардан Коңтөрө,
Ойротту бузган чоң төрө.
Кың дедирбей кытайды,
Буйрукту берип салганы.
Жаалды катуу салыңар,
Жан аябай баарыңар,
Жашың менен карыңар.
Мусулмандан ат келсе,
Жүргүзбөй жыгып салгыла.
Кечеги өткөн дартыман,
Бул сөзүмдү уккула.
Буруттун бизде бугу бар,
Өз алдынча болгонсуп.
Өлүп калган кишиге,
Өнөрү ашып болгонсуп.
Төштүк, Манас баатыры,
Дөөлөтү жедеп толгонсуп.
Мурунтадан жок кылбай,
Катагандын Кошойун.
Так ушул жерге келгенде,
Кайратын көрдүк ошонун.
Артынан чыгып балдары,
Акылман болуп бардары.
Түрктөрдүн жери кең болуп,
Кайнаган кытай журтуна,
Аз гана бурут тең болуп.
Жаккан оту кытайдын,
Өчүп кетип баратат.
Жаалданган балбандар,
Жайын таап дүйнөдөн,
Көчүп кетип баратат.
Бурутка абдан сыр кылып,
Ашын бузуп чыр кылып,
Атын жыгып шым кылып.
Жаккан отун өчүрүп,
Адам көргүс сыр кылып.
Ушу баштан урушуп,
Чыр салбасак болбостур.
Урган тамын уратып,
Кулатпасак болбостур.
Улуу-кичүү, жаш- кары,
Чуулатпасак болбойт деп.
Кан Манасын жок кылып,
Улук коюп кытайдан,
Суратпасак болбойт деп.
Ордосун бузуп кул кылып,
Уратпасак болбостур.
Баш көтөргөн мыктысын,
Кыйратпасак болбойт деп.
Кара калмак манжу бар,
Калмактан Ушаң кармашар.

Чантууга кылган ызалык,
Көп кытай байкап көрүңөр.
Айтылган сөздү кылбасаң,
Бириң калбай өлүңөр.
Үркүн, Эртиш эки суу,
Бул өрөөндү жердеген,
Кара калмак эл ушу.
Эрмендинин чөлү бар,
Күн жүрүштүн жанында,
Ит ичпестин көлү бар.
Алакандай бул бурут,
Кандай кылар деми бар.
Ашында бүлүк кылалык,
Тоюна тозок салалык.
Арбытпай журтун кыралык,
Мен менсиген бурутту,
Жоготуп анан тыналык.
Кыралык ушу башынан,
Кызы өспөсүн жашынан.
Бир башы өсүп үч болор,
Үч башы өсүп жүз болор.
Арбып кетсе бул бурут,
Кара башка жүк болор.
Жер менен жексен кылалы,
Бирин койбой кыралы.
Казып салып дүмүрүн,
Какандын эли тыналы.
Бул сөздү айтып чоң Калча,
Кытайлардын Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Солондуктун Алооке,
Доңуз мүнөз чоң Жолой.
Токшукерден Бозкертик,
Солобонун Соорондук.
Чыраштардын Бедөөнү,
Дагырлардын Көдөңү,
Жалпы кытай улугу.
Күлүктөн тандап минишип,
Күрөөкө тондон кийишип,
Кеңешип кытай алышып.
Ич күйдү болгон чоң Калча,
Көрмөкчү болду арышын.
Калмактан Сукал баш болуп,
Ороңгу менен Жолойго,
Бозкертик баштап барганы.
Калмактын Ушаң карысы,
Акылдашып алышты.
Күлүгү келсе окустан,
Чыр башталар ушундан.
Кылычты кындан суурушуп,
Кыргыз, калмак болгону,
Кырылышып кетишип.
Бир балээ болуп калбасын,
Кайнаган кытай элинин,
Табасы эми канбасын.
Кытай турат камынып,
Кыргызга кыргын салганы.
Кыргызга кылыч чабылса,
Капсалаң болор калмакка.
Болушпасак болбос деп,
Калмака кытай болушса.
Чын-калпына көз жетпейт,
Кылымга кылым кошулуп.
Көкөтөйдүн санаты,
Артында калды айтылып.
Учкан куштай созулуп,

Сай тулпар жолго салыптыр.
Оозун жайып балдары,
Оң-солдоп камчы салышып.
Күн чыга кое берген ат,
Уландын учу кара кум,
Удургуп келип калганы.
Беш миң калыс адам бар,
Аттарга көзүн салгандар.
Аттарды салып жолуна,
Беш миң калыс турганы.
Миң атка буудан толгончо,
Андан кийин өздөрү,
Аттардын аман өткөнүн,
Артынан карап көз көрдү.
Имерилип оң аккан,
Иленин Кара-Суусу бар.
Аржагы Каптал тоо болот,
Аттардын баары кыдырып.
Иленин Кара-Суусунда,
Имерилип калыптыр.
Улуу өзөн жолго салганы,
Чабдарга жакын келгенде.
Өргө тарта бергенде,
Өркөчү бийик зор кула.
Өзү айбандан зор кула,
Омурткасы оң кула.
Ойротто жок чоң кула,
Кабырга сөөгү как кула,
Каса тулпар Аккула.
Кара бою ымыгып,
Бүткөн бойдон суу чыгып.
Таноосунан буу чыгып,
Тар колтуктан суу чыгып.
Капталдагы канаты,
Чалгыны чыгып жазылып.
Туягы тийген кара жер,
Жер очоктой казылып.
Кара болот ооздук,
Көмөкөйдө карсылдап.
Желдей учуп бөлүнүп,
Карaанын көргөн калың журт,
Баш байгеден түңүлүп.
Тогуз аттын артынан,
Арышын керип такымдап,
Жебе огундай зыркырап.
Үстүндөгү баланын,
Этек-жеңи делбиреп.
Даңкандан чыккан кара таш,
Асмандап учуп зыркырап.
Асты жагын караса,
Жолойдун аты Ачбуудан,
Арышын арбын кериптир.
Тогуз аттан озгону,
Ачбуудан менен алышып,
Араандай оозуу ачылып.
Кагылайын Аккула,
Көй тулпардан бөлүнүп,
Астыга чыгып алыптыр.
Төштүктүн аты Чалкуйрук,
Мээнетти бекем көп тарткан.
Жети жандуу Чалкуйрук,
Жалгыз жанга таянып.
Ачбуудандан өтсөм деп,
Ашка чукул жетсем деп,
Көкөтөй туусун жыксам деп.
Арышын керип Чалкуйрук,
Абдан чуркап калыптыр.
Жолойдун аты Ачбуудан,

Чаң илешпей калыптыр.
Ачбуудан арыш кериптир,
Араандай оозу ачылып.
Кан аралаш ак көбүк,
Үзөңгүгө чачылып.
Туягы тийген кара таш,
Асманды көздөй атылып.
Туягы тийген кара жер,
Жер очоктой казылып.
Билбестиктен алп Жолой,
Бир күндүк тери калыптыр.
Кара тери куюлуп,
Коендой кулак жапырып,
Даңканын көккө сапырып.
Байгенин алдын талашып,
Чал куйрукка жанашып.
Арка жагын караса,
Кошойдун аты Чоңсары,
Маралдан катуу жүгүрүп.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Арыштап чуркап алыптыр.
Мунун арка жагынан,
Бууданчаңдын Салкара,
Бул дагы келип калганы.
Мунун арка жагынан,
Музбурчактын Телкурөң,
Удаа келип калганы.
Аркасынан аргытып,
Аманат жандан түңүлүп.
Керкөкүлдүн Керкашка,
Келбети малдан бир башка.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүгүргөндө чатына,
Жүктүү төө баткандай.
Карачтын аты Наркызыл,
Анын арка жагынан,
Алоокенин Жаркызыл.
Андан кийин караса,
Көкчөнүн аты Көкала.
Көзүн жаштап шум бала,
Заяпкерсинип алыптыр.
Көкөтөйдүн ашы үчүн,
Көбүрөөк байлап салыптыр.
Көкчөнүн тилин алам деп,
Убалына калдым деп.
Калкамандын Казкара.
Анын арка жагынан,
Султанкандын Тазкара,
Чегиштин аты Сарала,
Агыштын аты Карала,
Көчпөстүн аты Чабдары.
Арт жагынан чукулдап,
Бакайдын аты барганы.
Үмөттүн аты Жаркызыл,
Аркасынан калган жок.
Башы кытай журту экен,
Бакча бийдин бар кызыл.
Бегиштин аты Сурхийик,
Шыгайдын аты Акмоюн.
Бай Көкөтөй ашында,
Кылымга болду чоң оюн.
Аталабайдын Акжамбаш,
Санжыбектин Саркызыл.
Чынанчыктын Чийала,
Айта берсе аты көп.
Акыр заман журтуна,
Аңгемелүү бул бир кеп.
Сексен атка байге бар,

Эң аягы Кула бээ,
Жонунан ичмек түшпөптүр.
Алсырап андан калганы,
Сексенинчи бээ болуп.
Бул сөздү таштап салалы,
Муруңку кеткен буудандан,
Алда эмне сөзү бар.
Кабарын угуп алалы,
Чабдардын белин чаң кылып,
Жайнап кытай барыптыр.
Коңурбай жөнөп калганы,
Чоң Иленин боюна,
Сары-Жаздын оюна.
Коңурбай байкап караса,
Кою чаңы бөлүнүп,
Суук дөбөнүн оюнан,
Ат сүрөөнчү көрүнүп.
Айгайлаган ызы-чуу,
Астындагы Ачбуудан,
Аркасынан Чалкуйрук,
Эликтей арыш алыптыр.
Кагылайын Чалкуйрук,
Ээлигип чуркап калыптыр.
Эңкейишке өткөндө,
Өр талаша бергенде,
Ачбуудан өтүп кеткени.
Анын арка жагынан,
Эти кызып калыптыр.
Эми кула жеткени,
Маралдай төшү салынып.
Атын көрүп эр Манас,
Аллага эми жалынып.
Байкабай мурун калыптыр,
Кырк сегиз кытай барыптыр.
Коңурбайы кашында,
Эки жайсаң чаптырып.
Аккула жолун тозуптур,
Арстандын аты Аккула,
Абдан кызып калыптыр.
Жолдогу эки жайсаңдан,
Аттап өтүп алганы.
Алгара менен чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Коңурбай жөнөп калганы.
Алгара менен жетсем деп,
Омуроо менен урдуруп,
Көмө коюп кетсем деп.
Чаңга аралаш чапкылап,
Манаста жетип барганы.
Арчатору чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Аккулага жетерде,
Алгара менен Коңурбай,
Көмө коюп кетерде.
Чокусунда чогу бар,
Өзөгүнө түйдүрүргөн,
Кол башындай огу бар.
Атымда каапыр не бар деп,
Оройго тартып калганы.
Туулгадан чаң чыкты,
Жаак жарылып кан чыкты.
Эрдемсинген Коңурбай,
Акылдан айнып эңгиреп,
Аттын жалын кучактап.
Жаагы кеткен жарылып,
Кара кан агып буурчактап.
Аккула озуп кеткени,
Аркасынан айкырып,

Алмамбет баатыр жеткени.
Бууданга кара санаган,
Андай эмес мындай деп,
Ачбууданды чокуга,
Алмамбет шилтеп өткөнү.
Мүргүй түшүп жыгылып,
Ачбуудан араң турганы.
Чалкуйрук өтүп алганы,
Антип-минтип оңолуп,
Ачбуудан жолго киргенче.
Үч ат өтүп калыптыр,
Үлүшүңө шоодай деп,
Үтүрөңдөп чоң Жолой,
Алмамбетке барыптыр.
Аккуланы жыгууга,
Коңурбай кылды аракет.
Андай эмес, мындай деп,
Алмамбет кылды балакет.
Кантет элең каапыр деп,
Кан Алмамбет айтып бек.
Андан бөлөк сөз айтпай,
Аяр кылар өзү жок,
Алмамбет жөнөп калганы.
Алиги Жолой каапыры,
Алеңгир жаага ок кездеп,
Атайын деп калганы.
Жааны кездеп жатканын,
Акбалтанын Чубагы,
Көргөн экен бу дагы.
Эшик эндүү айбалта,
Белинен сууруп алганы.
Пейли бузук Жолойду,
Оройго тартып калыптыр.
Айбалта башка чабылып,
Жаа кездеп жаткан ит Жолой,
Жанынан үмүт үзгөнү.
Кылчайып артын караса,
Кырк баатырдын баарысы.
Кыргыл баштап карысы,
Жабылыша калчудай.
Аны көрүп ит Жолой,
Качып кирди калмакка.
Аттын баарын өткөрүп,
Сексен атты көз көрүп.
Арстан Манас баарысы,
Абасы Кошой карысы.
Баш байге кыргыздыкы деп,
Башка элдин атын башкарып.
Байгенин баатыр камын жеп,
Аралашып калганы.
Келген атты кармоого,
Алтымыш алты киши бар.
Арстан Манас кабылан,
Калыстык кылган иши ал.
Даяр келсе карма деп,
Анан да мындай нуска бар.
Кошундун баарын токтотуп,
Аттардын баарын жоктотуп.
Ар кайсыга мал бөлүп,
Жүргөнүндө топтотуп.
Ченеп-бычып баарына,
Байге койгон баарына.
Үч каркыра боюна,
Байгесин бөлүп топтотуп,
Үч булактын оюна,
Аякы аттын байгесин.
Кызыл кыя белинде,
Кылчакай деген жеринде.

Санкол солоп салыптыр,
Акыр заман журтуна.
Аты Сары-Тологой,
Айтылып кийин калыптыр.
Аттын ээси чапкылап,
Арстан эрди бошотпой.
Азапты алар салганы,
Айланышып ал элге,
Кечигип баатыр калганы.
Ниети бузук чоң Калча,
Бузукту эми салмакка,
Камылга көрүп калганы.

## КЫТАЙ, КАЛМАК БИРИГИП БАЙГЕГЕ ЗОРДУК КЫЛЫП, УРУШ ЧЫГАРГАНЫ

Кабылан Манас Айкөлүң,
Абакеси Эр Кошой,
Кошо жүрөт кашында.
Байгесин тактап бөлүшүп,
Келген аттын баарына,
Санатып кошту таратып.
Эртеси жок кечинде,
Көз байланган кезинде.
Көсөл Манас барганы,
Үч булактын оюна.
Баш байгени байлатып,
Коюп кеткен жер ушу.
Келип Манас караса,
Он сегиз чоро калыптыр.
Он сегизин ойрондоп,
Башы-көзүн жарыптыр,
Байгени тартып алыптыр.
Жылас кылып жылдырып,
Калмак өкүм кылдырып.
Кырмус уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара.
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бууданчаң.
Каткаландын Сайкалы,
Солондон Алооке.
Доңуз кыял ит Жолой,
Токшукердин Бозкертик.
Солон башы Сооронндук,
Төө айдашып боздотуп.
Жөн малын айдап топтошуп,
Кишинетип жылкы айдап.
Кишисин көрсөң айгайлап,
Кулунтайы чуркурап.
Талаадан тозоң буркурап,
Уй айдашып мөөрөтүп.
Атыбыз келип алдык деп,
Коңурбай өзү жөнөтүп.
Талаадагы малчыны,
Кокуйлатып сабашып.
Астындагы Аккула,
Артынан барган Чалкуйрук.
Үч атым удаа келген деп,
Үч аттын алып байгесин.
Кыйкылап кытай мал кууган,
Бул ишин көрүп таң калып,
Жаратканга жалбарып.
Элемандын Эр Төштүк,
Астынан чыгып айкырып,
Чаңды обого сапырып.
Төрт сан экен жолдошу,

Төрөң Төштүк жолборсу.
Жолун тозуп салайын,
Адам көргүс бүлүктү,
Айгайлаган кытайга,
Аралашып алайын.
Деп ошентип ой бөлүп,
Каптап кирип барганы.
Каапырга бүлүк кылганы,
Терс- Кыйа деген суусунан.
Манас туула электе,
Текескан турган жер экен.
Тартынбай кытай каптады,
Катынын талак кылам деп,
Кыздарын тыйпыл кырам деп.
Көкөтөйдүн ашында,
Байгени тартып алганы.
Элемандын Төштүгү,
Эрлиги эмей неткени.
Кайнаган кытай элине,
Карсылдашып кеткени.
Ажалы жеткен өлөт деп,
Кыжылдаган кытайга,
Бүлүктү салып токтобой.
Аралашып алыптыр,
Атчандарын кулатып,
Жөө жүргөнүн сулатып.
Найза менен койгулап,
Аламан болгон жан болуп,
Адам көргүс чаң болуп.
Буту сынып сороңдоп,
Басалбаган жан болуп.
Кытайдын эли кыжылдап,
Ата байгесин тарттырып,
Алдырганча өлөм деп.
Ачуусу келип арбайып,
Уу ичкендей саргайып.
Эки көздөн от күйүп,
Байгени берди дегенче,
Манасты өлдү дегиле.
Арстан Манас айкырып,
Эр Төштүктү чакырып.
Элемандын Төштүгү,
Кайнаган кытай ичине,
Кармашты катуу салыптыр.
Коңурбай, Жолой каапырдан,
Байгесин бөлүп алыптыр.
Жедигердин Багышы,
Жаңы келип калганы.
Коңурбай, Жолой каапырлар,
Байгени тартып алды деп.
Кыргыз элин кыйратып,
Узап кетип калды деп.
Уккан жерден күүлөнүп,
Бул кандай кордук деп,
Атайлап салган зордук деп.
Айгайлаган чуу болуп,
Алтын айчык туу менен,
Арстанын жолго салганы.
Агыштын журту жети миң,
Акбай колун алганы.
Башаламан кол болуп,
Кытайдын түштү соңунан.
Текести көздөй бет алып,
Катагандын Кошою,
Кабарын угуп ошонун,
Он төрт миң кошун алганы.
Ойондор жолго салганы,
Түн боюнча жыйылып,

Түмөн кол болуп калганы.
Бууданчаң, Ушаң бул экөө,
Кендегердин коосунда,
Кез болуп кытай жоосуна.
Турган экен бөлүнүп,
Түк калбай баары төгүлүп,
Капыстан келип бөлүнүп.
Ойрон кылды Жолой деп,
Ойбойду Ушаң салганы.
Ошо маалда эр Кошой,
Ак сакалын жайкалтып,
Боз жоргосун чайпалтып,
Кошундун чыкты астына.
Арстан Төштүк, Бокмурун,
Абаңдын келди кашына.
Күн нуру жаңы чалганда,
Көлөкө тоодо калганда.
Көтөрүлдү канча жан,
Көк жал Манас барганда.
Эр жигитти шайдооттоп,
Алмамбет, Чубак, Сыргагы.
Ар жакта жүрүп арстандар,
Аман калган убагы.
Ажыбай менен Чалыбай,
Кыраан баатыр Кутунай.
Эр Манаска кошулуп,
Эми келди жайма-жай.
Найзанын башы жылтылдап,
Адамдын башы былкылдап.
Айкөл Манас баш болуп,
Жер союлуп былкылдап.
Баатырлар жолго салганы,
Оң жагынан оролуп,
Астын тосуп калганы.
Бууданчаң, Ушаң барганы,
Сүмбөдө алым баатыр деп.
Азыркысын Кытайды,
Алганыңды сүйөмүн.
Ал сөздү айтып кошулуп,
Асманга чаңы созулуп.
Артынан жөнөп калганы,
Кытай-калмак кыжылдап,
Кулжага жакын барганы.
Тескейдин тоосу түгөнбөй,
Салынып барган Алтайга.
Күңгөй тоосу түгөнүп,
Талаа болгон ушулар.
Текестин суусу бурулуп,
Тоо түгөнүп калганы.
Сууга жетип урунуп,
Күркөө куйрук жери бар.
Куманыш сууну бойлошуп,
Кыжылдаган кытайлар,
Кутулдук деп ойлошуп.
Айдатып коюп элине,
Так ошо жерге барганда.
Кара башыл туу менен,
Кара жер көчкөн чуу менен.
Каптап Манас зор келди,
Кайгайлаган каапырга,
Кара жанга зор келди.
Жеттик деп калмак жерине,
Азыр мында турба деп,
Анбар, Табур эрине.
Чанактагы айылым,
Тоодон түшүп алсын де,
Жолго конуп калсын де.
Сулуу Кыяш катынды,

Кан Коңурбай баатырдын,
Жолун тозуп алсын де.
Камандан канча сойсун де,
Чучуктарын күрүчтөн,
Азык кылып койсун де.
Коросон арак тартырып,
Кош атанга арттырып.
Төтөнү көздөй салганда,
Күнү-түнү ал жүрүп,
Чанактын элин сүрүптүр.
Курдум суунун боюна,
Толо конуп жайылып.
Бурутту кыргын кылдык деп,
Кытайга кабар салыптыр.
Кырк уруу калмак чогулуп,
Кеңеш кебин салыптыр.
Арстан Манас бар болсо,
Алдырбайт эле деп айтып,
Кажылдашып калыптыр.
Жумгулунун көтүнөн,
Жолойду жолго салыптыр.
Азыркысы айрылбай,
Калмак-кытай арасы,
Мал айдашып жайышып.
Байгени тартып алдык деп,
Баатырсынып калышып.
Коңурбай жүрөт кошунда,
Нескарасы дагы бар.
Кырмустардан Мурадил,
Каңгайдан бар Оронгу.
Каткалаңдын Сайкалы,
Оң тарабын карасаң,
Оркойгон бийик тоосу бар,
Артынан жетер жоосу бар.
Кернейдин үнү бапылдап,
Сурнай үнү такылдап.
Ак асаба жалпылдап,
Айтымдуу туулар жаркылдап,
Атылып мылтык тарсылдап.
Кырк уруу кыргыз чуулашып,
Кырылышка киргени.
Төшкө найза шака-шак,
Айбалта башка така-так.
Төбөлөрүн оюшуп,
Жөө жүргөнүн союшуп.
Бейкут жаткан каапырды,
Безилдетип салганы.
Алыскысын найзалап,
Кыйрына келген кай бирин,
Кылычтап башын алышып.
Мылтык менен атышып,
Кара канга батышып.
Белсенип кыргыз киргени,
Мен менсиген кытайдын,
Белин бүктөп ийгени.
Чоюн баш оюп төбөсүн,
Сойлотуп далай төрөсүн.
Капсалаңга калышып,
Камынып атка мине албай,
Бекинер жерди биле албай.
Кытайдын көбү кырылып,
Корум таштай жыйылып.
Өзүнө канжар салышып,
Өбөктөп жатып калышып,
Өлүп жаткан андан көп.
Өйдө-төмөн жүгүрүп,
Алапайын таба албай.
Мине качып атына,

Качып жүргөн андан көп.
Кужулдаган кытайдын,
Качкандары тыгылып.
Кыргыз дан чабуул көргөнчө,
Кылычынан үлгүнчө.
Казактан каар көргөнчө,
Камчы жеп андан өлгөнчө.
Сууга чуркап жетишип,
Чумкуп сууга кетишип.
Кутулбасын билгенде,
Кудука боюн ташташып,
Ачып жаткан андан көп.
Аманат жанын коргошуп,
Өлүктүргө кошулуп,
Жатып аткан андан көп.
Жаза-буза жыгылып,
Качып аткан андан көп.
Кайнаган калың кол менен,
Алооке качып калганы,
Алкымдагы жол менен.
Алгарасын миниптир,
Кара жандан түңүлүп,
Албарсын белге илгени.
Мурадил менен Коңурбай,
Кызыл чоктуу Нескара.
Жүз сексен миң кол менен,
Ортосунда Коңурбай.
Аларга эми кошулуп,
Асманга чаңы созулуп.
Ороңгу келди ороцдоп,
Кула бээнин куйругу,
Көтөрүлүп сороңдоп.
Көкала болгон башы бар,
Алтымышта жашы бар.
Алеңгир жаасы колунда,
Жаадай болгон кула бээ,
Жүгүргөнү шамалдай.
Жоо дегенде эринбей,
Ороңгу чыгып калганы.
Эр Коңурбай калчанын,
Эки көзү өрт болуп,
Кайраты бойго толгону.
Канчага чыгып камынып,
Алыша турган чак болду.
Айкырыгы баш жарып,
Чылабалап бакырып,
Ураанын чындап чакырып.
Көк найзаны колго алып,
Көк жолборстой чамынып.
Көк күпө тонду жамынып,
Калканын тартып башына,
Нескара бар кашында.
Найзасын колдо ойнотуп,
Коңурбай кирди качырып,
Лаанаттап айкырып.
Үзүктөй темир жамынып,
Эр жалгызы Бокмурун,
Калчаны көрө калганы.
Караганым как ушу,
Кайнаган калың журтунан.
Талап кетип байгени,
Кутурганы так ушу.
Тобокелге салайын,
Тогошмокко барам деп.
Айбан чалыш каапырга,
Алдырсам арбак урбайбы.
Алсырсам качармын,
Атым күлүк турбайбы.

Ок жетпеген Мааникер,
Ороңдогон Калчага,
Оо калайык кое бер.
Бул сөздү айтып Бокмурун,
Муздай жүзү кызарып,
Бокмурун чыкмак болгону.
Байкап көрүп эр Кошой,
Кой балам деп койгону.
Балтыр этиң толо элек,
Балапан жүнүң ката элек.
Өрөпкүп балам барба деп,
Өчмөндүү болгон доңузга,
Алдырып балам салбагын.
Жетим уул, тул катын,
Жергеңдин баары кападар.
Айрылып калган алынан,
Аш беремин деп жатып.
Түк калган жок малынан,
Каны суюк сен түгүл,
Арстан Манас албаган.
Балбандыгы башкача,
Байлоодо кара шер деген.
Кабылан Манас жеңбеген,
Уруксат бербейт сага деп,
Эр Кошой атып салганы.
Ал сөздү угуп Бокмурун,
Макул болуп калганы.
Бурбаганда неткени,
Ачуусу келип кеткени.
Кайраты бойго толгону,
Ата кокуй абаке,
Акылыңыз канаке.
Жазуудан артык жөнөбөс,
Өлбөгөн пенде не көрбөс.
Өзү Алла тааланын,
Өкүмүнө ким көнбөс.
Ак сакалдуу болгондо,
Айрылдыңбы акылдан.
Өткөн ашка чакырып,
Келгеничи дарманы.
Кызыталак Калчаны,
Сайыштан Манас жыкканы.
Өрттөнүп ичи чок болуп,
Өрөпкүп турат октолуп.
Кайнаган кытай эли деп,
Кылып турган зордугун,
Көзүң көрүп турбайбы.
Көпсүнүп кылган зордугун,
Кагылайын абаке.
Катагандын калкысың,
Карысаң да алпысың.
Мындан аба аяба,
Көкөтөйдүн жалгызын.
Намызым үчүн жөнөйүн,
Коңурбайдай калчага,
Ат салышып көрөйүн.
Абаке Кошой бата бер,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Ал сөздү айтып Бокмурун,
Жаратканга сыйынып,
Кайраты бойго жыйылып.
Эр жалгызы Бокмурун,
Камынып эми калганы.
Кыбыла жакты бет алып,
Кошой абаң кол жайып,
Батасын берип салганы.
Кете турган жолу жок,
Камалган кытай калчасы.

Байгемди айдап алганы,
Көптүгүмө салам деп,
Балаага өзү калганы.
Арстан Манас ойлоптур,
Кызыталак Калчага,
Барар киши жоктур деп.
Бул Коңурбай калчага,
Пендеден буга беттейби.
Арстан Манас кабылан,
Мен барбасам болбойт деп,
Акыры Калча оңбойт деп.
Өз ичинен ойлонуп,
Бокмурун менен иши жок.
Өрттөнүп ичи кызыл чок,
Дайнын билген киши жок.
Аккуладай буудандын,
Ооздугун чыгарып,
Агын суудан сугарып.
Кара боюн каптатып,
Кандагай менен чаптатып.
Кечип жүрсө чок өтпөйт,
Жакындап атса ок өтпөйт.
Атка тердик салганы,
Арстан Манас баатырың.
Кандагайын шымданып,
Кара боюн чыңданып.
Кайратын бойго толтуруп,
Камданып Манас болуптур.
Атка минер болгондо,
Жооручу баатыр октолуп,
Бир паска турду токтолуп.
Ашып-шашып бүлүнүп,
Казактардан Жоорунчу,
Манаска жетип барганы.
Мааникер минип алды деп,
Коңурбайдай Калчага,
Көпкөк темир кийинип,
Бокмурун чыгып алды деп.
Манаска айта салганы,
Айтканын угуп Эр Манас,
Кайгырып чочуп калганы.
Алактабай тим турбай,
Анча эмне шашты деп.
Намызданып алган го,
Сыйласа сыйрып турганга,
Ачуусу келип калган го.
Ал сезду айтып Эр Манас,
Алып кел атты бери деп,
Аккуланы тарттырып.
Жаалы чыгып өзүнөн,
Жалыны чыгып көзүнөн.
Күркүрөшү күн болуп,
Караганы түн болуп.
Бетинен чыгып заары,
Арстаның тура калганы.
Кырк баатырдын баарысы,
Кыргыл, Бакай карысы.
Арстан Манас баатырды,
Аңдап карап калышты.
Айраң азыр болгону,
Кайнаган кытай колунан,
Чаң созулуп бөлүндү.
Адырайган чоң Калча,
Алгара менен ойнотуп.
Атырылтып-булкунтуп,
Коңурбай чыгып калганы.
Кара кан ичсем тойбойм деп,
Беттешмекке жекеге,

Чыкканың чынбы Бокмурун?
Ал сөздү айтып айкырып,
Желегин желге жапырып,
Качырып калды чоң Калча.
Мааникер менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Ак эле менин ишим деп,
Малды талап алган соң,
Ачышкан эле ичим деп.
Кыдыр алла жар болсо,
Оңолбос каапыр ишиң деп.
Жебе огундай Мааникер,
Жебеден мурун жеткени.
Как жүрөктүн башы деп,
Найзаны коюп өткөнү.
Күлүк буудан Мааникер,
Күүлөп найза алганча,
Бокмурунга салганча.
Буйдалып калып чоң Калча,
Найза сайбай калганы.
Оңдогончо чоң Калча,
Айбалка туштун бети деп,
Жана найза сайганы.
Бокмурундун найзасы,
Чарайнага чак этип,
Катуу тийди шак этип.
Эрдемсинген чоң Калча,
От көзүнөн жарк этип.
Мурунку тийген найзадан,
Шашкан экен чоң Калча.
Кызыл чоктуу кытайдан,
Кыйынсынган чоң Калча.
Ээрдин минип көтүнө,
Каары толуп бетине.
Эргип ээрге мингенче,
Эр Бокмурун жеткени.
Кийгендери темир тон,
Найза өтпөйт баарына.
Ээриме минем деп,
Көтөрүлүп калганы.
Көтөрүлгөн көт жакка,
Жана найза койгону.
Найза жарып өткөнү,
Кийген шымы бөлүнүп,
Канга толуп кеткени.
Бокмурундан найза жеп,
Адырайган чоң Калча,
Намызынан кечкени.
Алгара оозун буруптур,
Колун көздөй бет алып.
Колуна жетер болгондо,
Дагы артынан жеткени.
Чыкыйдын туура өзү деп,
Чыкыйга болжоп бир койду.
Жакасына зоottун,
Найза илинип калганы.
Алгара мойнун кучактап,
Артынан каны куюлуп,
Коңурбай качып калганы.
Эр Бокмурун балага,
Нескара кылыч салганы.
Өзүн чаппай найзасын,
Кыя чаап салганы.
Коңурбайды жутканча,
Нескара кылды кесирди.
Буларды көргөн эр Манас,
Бууданга камчы салганы.
Атаңдын көрү кырк баатыр,

Аттангыла деди акыр.
Ал сөздү айтып Арстан эр,
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Айкырып жөнөп калганы.
Кырк бөрүсү кошулуп,
Баары кирди аламан.
Чаткалактын талаада,
Чаң созулуп бурады.
Өкүмдүк кылган кытайлар,
Алапайын таба албай,
Алды-алдынан бөлүндү.
Кутурасың ит кытай,
Кыргызды адам ойлобой.
Олжого тунуп калдык деп,
Түмөндөгөн мал айдап,
Кутулуп көргүн балаадан.
Катагандын алп Кошой,
Боз жоргого камчы уруп,
Каканчындык кытайга,
Кагышканы киргени.
Жан аябай урушуп,
Салышканы киргени.
Самсып турган калың журт,
Кошо кирип калганы.
Элемандын Төштүгү,
Чалкуйрук менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Алмабаш менен бир атып,
Аралашып алыптыр.
Найза менен койгулап,
Ат мингенин сулатып,
Жөө турганын кулатып.
Олжодон кытай түңүлүп,
Үмүтүн үзүп жанынан,
Алды-алдынан бүлүнүп.
Аягы аштын чыр болуп,
Коңурбай качып калганы.
Алды-артын карабай,
Токол кылып бурутту,
Токтолуп бүлүк салалбай.
Көөдөй болгон Нескара,
Тишинен башка агы жок,
Кармашарга шайы жок.
Колго түшүп калганы,
Чатак кылам деп туруп,
Башынан качты сыймыгы.
Каапырлардын бу күндө,
Жерге түштү жылдызы.
Кытайлар качып бөлүнүп,
Ат соорусун салганда.
Найза төшкө так тийип,
Айбалта башка такылдап.
Кылыч тийип моюнга,
Башы кетип бөлүнүп,
Эбак өлүп жан чыгып.
Жуушаган койдой топ болуп,
Кырылып калган чагы бар.
Чылбырын сүйрөп ат калып,
Чөгүп кыйла жан калды.
Элемандын Төштүгү,
Качканын сайып бүлдүрүп.
Төгүлгөн жерде кан калды,
Ээр токуму жонунда,
Кошкуруп жылкы да калды.
Алакандай кыргыз журт,
Алдын тосуп айланып,
Тосуп жолдон кармады.

Атаңдын көрү ит Калча,
Көпсүнөм деп отуруп,
Балээге эми калганы.
Коңурбайдай чоң калча,
Туңшага кирип барганы.
Коюңар балдар тууган деп,
Кокус болуп турган деп,
Кошой тыйып салганы.
Койбойбуз биздин жол башка,
Кордугун көрдүк бөлүнүп,
Кайнаган кытай элинен.
Бакай баштап карысы,
Калмакка барды жабылып.
Чаталактын оюнда,
Кара-Суунун боюнда,
Калмактын каны Жолойго,
Чабуул коюп барганы.
Аңдаңар балдар аста деп,
Жериңер биздин артта деп.
Аккула менен чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Арстан Манас барганы.
Башка малын кошууга,
Уютуп элин кондуруп,
Убарага салганы.
Калкына айтып канча кеп,
Очогунун башында,
От жагышып какtанып,
Катынына мактанып.
Кара кытай манжулар,
Калкты кууруп курутту.
Сазайын берип окуттум,
Кабылан Манас бурутту.
Кетирдик бурут айласын,
Алып келдик аа түгүл,
Аккуланын байгесин.
Мен менсиген буруттун,
Кырк жигитин кыйраттым.
Кыйынсынган буруттун,
Кыз-катынын ыйлаттым.
Кылдым белем каңкорго,
Кылымдан башка бүлүктү.
Босогосун кыйратып,
Боз балдарын ыйлатып.
Аш берүүчү бурутту,
Кытай талап курутту.
Курутпаса неткени,
Кужулдаган кытайлар,
Каптап алып кеткени.
Койдон айдап мааратып,
Койчуларын байлатып.
Уйун айдап мөөрөтүп,
Уйчуларын сойлотуп.
Тирүүлөрүн жөөлөтүп,
Жылкысын жылас айдатып,
Жылдырып жолго салганы.
Такалуудан тай койбой,
Айдап келдик баарын деп.
Жолой айтып мактанып,
Очогунун башында,
Олтурган отко кактанып,
Катынына мактанып.
Алды-артын ойлобой,
Айлын минтип тундуруп.
Жолой келип калганга,
Туташ калмак чогулуп.
Жашы менен карысы,
Жайланышып калышты.

Ал Жолойдун катыны,
Айканыш дээр катыны.
Түпкө жеткен экенсиң,
Түгөнгөн Жолой акыры.
Манаска наалат айтасың,
Байкап көрсөм өзүңдү.
Бээжин кайда, жер кайда,
Белиңе таңуу кылгандай.
Кытай кайда, сен кайда,
Кыргызды душман кыласың.
Кытай сага карабас,
Кой дегенге жарабас.
Башкы атаң маңгул болсо да,
Басылбады калабаң.
Бул сөзгө келип калганда,
Атаңдын көрү катын деп,
Ажылдайсын каапыр деп.
Камчыны колго алганы,
Катынын жонго салганы.
Кайкалактап катыны,
Жыгылган бойдон калганы.
Калкын коюп токтотуп,
Кайсыны айтат Жолой деп.
Үйүнүн турган тушунда,
Кебин угуп ушунда.
Ордунан жылып козголуп,
Катыны сыртка чыкканы.
Адырайган дөө Жолой,
Артынан кошо чыкканы.
Айбалта менен бир салып,
Жолой дөөнү жыкканы.
Акылы баштан чын учуп,
Жер кучактап кан кузуп.
Арстан Манас айкырып,
Кошунуна бакырып.
Артында турган кара журт,
Асманга күлүн сапырып.
Доолду коюп карса-курс,
Мылтыктын үнү чаңырып.
Былчылдатып калмакты,
Ар кайсы жерге бөлүшүп.
Кошундун баары күңгүрөп,
Каптап кирди дүңгүрөп.
Баатыр Кошой бакырып,
Өлтүрбө деп айкырып,
Айгайын арбын салганы.
Абакеси эр Кошой,
Кошунду тыйып салганы.
Тегиз кырып салганда,
Кантип оңуп калабыз.
Баарысында жазык жок,
Дөө Жолойду көзүн ой.
Калган калмак журту бир,
Түбү бизге бир тууган.
Не кыласың өлтүрүп,
Ой эси жок урган деп.
Ак сакал Кошой аны айтып,
Ак сакалдуу кары айтып.
Жолойдун кесип башын деп,
Катагандын кан Кошой.
Казактардын Көкчөсү,
Элемандын Төштүгү.
Эштектерден Жамгырчы,
Аш башкарган төрт баатыр.
Аман-эсен кайтты акыр,
Айкөл Манас башында,
Баатырлар турат кашында.
Кол салам деп кыргызга,

Бири миңге татыган,
Заманасы куурулуп,
Түшө качкан атынан.
Кыргыз оңой журт бекен,
Башынан ата салтынан.

## ЖЕДИГЕРДИН ЭЛИ КУРАЛЫП МАНАСКА КАРШЫ ЧЫККАН ЖЕРИ

Үч каркыра оюна,
Үч булактын боюна.
Көкөтөй байдын ашына,
Кан Манас жакшы болгону.
Кабары жетип элине,
Эл бийлеген бегине.
Абасы Кошой баш болуп,
Калк жыйылып толгону.
Саа кылбасак Манас деп,
Кекенгени мындан көп.
Тил укканы тил угуп,
Тил укса да макул деп.
Кагылышып өлбөй деп,
Кек сакташып ичине,
Кейип жүргөн мындан көп.
Кээси ырдап, кээси ыйлап,
Кулак төшөп кандай кеп.
Аштан тарап ар кими,
Калкы жүрөт тыңшап кеп.
Ар качандан бир качан,
Айтылып жүргөн кептер көп.
Канакей айткан кебиңиз,
Он эки беги чогулуп,
Кошойду карап калганы.
Ошондо Кошой кеп айтат,
Койгула балдар деп айтат.
Алты айың алыс калды деп,
Айтылган сөзүң чын болсо,
Убадаң эми кана деп,
Кошойго сөздү таштады.
Койюңар мендей абаңды,
Кудайым өзү Манас кылып,
Бири-бириңерди талаштырып,
Силерди мага жанаштырып,
Кошой абаң тамаша эмес.
Тил алганыңар тим бол,
Тил албасаң жин бол.
Чабуулду коюп калгыла,
Тамашаны салгыла,
Манастын башын кесип алгыла.
Жобурап сөздү айтып деп,
Тамаша кылба Кошойду.
Кой деп койсом болушат деп,
Болушкандай көрөрсүң.
Мага айтпа мындай сөздү деп,
Кошой мойнун толгоду.
Байкабай башың малынар,
Тирешип көрчү Манаска.
Мойнуңа чылбыр чалынар,
Арачалар адам жок.
Айнектей көзүң жалдырап,
Кошой балбан муну айтып.
Кобурашып турганда,
Он үчү чыкты бөлүнүп.

Акбай, Мамбет калышты,
Агыш, Кожош кеңешип,
Коккоён, Султан келгени.
Жедигер, Чегиш кошулуп,
Жети бек калды кеңешип.
Аттанып жолго салганы,
Эр Төштүктүн жерине,
Дөөгөн кыпчак элине.
Балыктын башы Кенен-Төр,
Алайдын башын бойлошуп.
Аңырдын сазын жээктеп,
Кейтү жакка бурулуп.
Сарколдун оюн басышып,
Кыйындын баары чогулуп.
Кыйла кепти салышып,
Көкөтөйдүн ашы деп,
Тарттык далай азапты,
Көрдүк далай мазакты.
Дүнүйө берип Кошойду,
Манасы аны жайлаптыр.
Кошой бизди алдады,
Манас менен Кошойдон,
Пайда көрөр жан барбы.
Бир баштарын калкалап,
Эр Манаска ыкташып.
Биз андайга барбайбыз,
Калалык биз басылып.
Алыбыз келсе асылып,
Келтирели эсине.
Оңдурбайт го биздерди,
Келип калса кезине.
Көрүнүнп биз коелу,
Кан Манастын көзүнө.
Тең атанын уулубуз,
Теңиримдин кулубуз.
Таягын жеп тил угуп,
Тараганыбыз болбос деп,
Зили болбос мунубуз.
Бул сөздү айттык угуңуз,
Кашыбызда Музбурчак,
Кайрылган сөздү угуңуз.
Эштектерден Жамгырчы,
Казактардан Көкчө бар,
Кабычыл кыйын эр элең.
Айласын кандай табасың,
Ар кайсысы ар бөлөк.
Оюна келген сөздү айтып,
Айтканы келбей ордуна.
Камдана албай токтоду,
Кыпчактардын Үрбүсү.
Табышы чыкпай жок болду,
Казактан Көкчө, Музбурчак.
Үрбүнү көздөй октолду,
Көкөтөйдүн ашында.
Камчы ойногон башына,
Намыз кылып эл үчүн.
Араң-араң токтолдук,
Аксакал Кошой эр үчүн.
Элдин баары күүлөнүп,
Сүйлөп жаткан убакта.
Сүйлөгөн жоксуң не үчүн,
Манас менен бетме-бет.
Басташа кетсек кокустан,
Болушаар болушпасыңды,
Билдиргин деп асылды.
Акыл ойлоп тил тапса,
Ошо билсин деп калды.
Манас да бизге тууган деп,

Үрбү баатыр сен бил деп,
Баарысын сага ыйгардык.
Кыргыздын кыйла уругу,
Кыпчагың кыйла эл болот.
Атасынын аты Таз,
Шаары Үрүмчү дөөлөс дейт.
Манас менен ысышып,
Достошуп экөө калганы.
Бектердин сөзүн кайтарбай,
Мен болбойм деп айта албай.
Коркогу качып жылсын деп,
Калганы кайрат кылсын деп.
Жаманы айнып калсын деп,
Талапкери барсын деп.
Жаманы айнып калсын деп,
Тагдырда жазуу бар болсо,
Манасты талап алсын деп.
Эр Үрбү сөзгө киргени,
Кудай кимге берер деп.
Басташсаңар көрөсүң.
Башыңды Манас кескенин,
Түбүңө акыр жеткенин.
Арканардан чаң чыгар,
Аягында кармашта,
Ар адамдан жан чыгар.
Айлымда аз башым таз,
Өз тууганым өзүмө кас.
Тилге жүйрүк Үрбүнүн,
Чечендигин эми бил.
Кылган иши шар болуп,
Кошуну алты сан болуп.
Арстан Манас кан болуп,
Дубалын туюк урганы,
Айкөл Манас турганы.
Төрткүлүн төрт кат уруптур,
Терең Манас кабылан,
Күндө күчөп туруптур.
Өрттөнгөн оттой дүрүлдөп,
Күлдү кандар күүлөнүп,
Күңгүрөнүп туруптур.
Акылдашып алышып,
Жакшылардын баарысы.
Жандарынан жантайып,
Жатып албай жалпайып.
Аткарып алып каңкорду,
Алыскы жоого барсакпы.
Обуройлуу Манастын,
Айдыңында жүрсөкпү.
Күңгүрөнүп сүйлөшүп,
Күрөшкөнүн көрсөкпү.
Күрөшүп көрүп душманга,
Күнүбүз бүтсө өлсөкпү.
Бул каңкорду минтпесек,
Бек айтарга бек да жок.
Каш кайтарар кан барбы,
Баш көтөрөр жан барбы.
Сандыргалуу Манастын,
Калбастыр ичте арманы.
Салышууга Манаска,
Асылышка Манаска,
Акыры келбес дарманы.
Узактан бери кеп кылып,
Урушуп көрбөй шек кылдың.
Кандын баары чогулуп,
Как ушундан кеп кылдың.
Казаттын сөзүн эп көрдүң,
Кабылан Манас арстанды,
Эл журтунан чет кылдың.

Ал бадирек Манастын,
Айлы бизден арбынбы,
Эрдиги бизден артыкпы.
Өбөгү бизден өйдөбү,
Өткүр Манас каңкордун,
Өнөрү болсо көрөлү.
Өчөгүшпөй Манаска,
Ажал жетсе өлөлү.
Төрө болсоң жорторсуң,
Төгүн болсо коркорсуң.
Баатыр Манас колуна,
Ак дилден антты берелик,
Кол чакырып көрөлүк.
Корксо бизге келбес деп,
Кокустан Манас кол менен.
Келип калса кенебей,
Киши ордуна теңебей,
Келип калса кенебей.
Миңге бирден бөлөлү.
Карайлатып алпарып,
Канын кара кылалык.
Караан болбой туралык,
Карысын тегиз кыралык.
Ушундан көрсүн кордукту,
Так ушундай кылалык.
Мына ушинтип каңкорду,
Келтирели үшүнө.
Андан кийин эр Манас,
Келер бекен эсине.
Апсисин кудай аштырса,
Акылынан шаштырса.
Кокусунан биз жактан,
Кол берсин деп чакырса.
Кошулуп жөнөп калалык,
Конок болуп баралык.
Эсеп жеткис кол менен,
Эски кыя жол менен.
Конуш жеткис кол менен,
Кол бийлеген зор менен.
Саркелделүү кан менен,
Түмөндөп кошун бир алып.
Дүрбөп түшүп калалык,
Желекти жерге жапырып.
Коргонун колго бастырып,
Кор кылалы акыры.
Конок болуп шаштырып,
Жети кандан кол барат,
Жер майышып мол барат.
Жеке Манас түтө албас,
Жээлигип жүргөн канкорум,
Шаасы келип күтө албас.
Короодон кою союлар,
Коломтосу оюлар.
Конок менен шылтоолоп,
Корду к кылып коелук.
Өрүштөн бээсин жаралы,
Өкүмдүк кылып баралы.
Билден күчтүү каңкорду,
Билдирбей кектеп алалы.
Андай-мындай деп айтса,
Арачысын сабайлы.
Аламандап талайлы,
Күн бакчага камайлы.
Көсөмсүгөн бул төрө,
Көрүп калсын далайды.
Төрүнөн кудук казалык,
Төшүнө казан асалык.
Дөөгүрсүгөн Манастын,

Төрт түлүк малын чачалык,
Төбөсүнөн басалык.
Кармашып калса окустан,
Кашык канын төгөлүк.
Катуу кирип калганын,
Кадиксиз байкап көрөлүк.
Арстан менен бир жолу,
Казатташып көрөлүк.
Желээсин жоодай сапырып,
Кара канын төгөлүк.
Семизин кармап сойгула,
Артынан барган ээсин,
Чыгара чаап мээсин.
Чыгаралы журтунан,
Кап кайдагы кээсин.
Душманы калсын сүйүнүп,
Тууганы калсын күйүнүп.
Баатырсынган канкорго,
Бир коелу билинип.
Кырк жигитин кыйратып,
Кыз-катынын ыйлатып.
Бошогонун чыйратып,
Босогосун кыйратып.
Адырда малын жыйнатып,
Боз уланын ыйлатып,
Азапты анан салалы.
Андан кийин камынып,
Манасты анан чабалы.
Эми туруп нетебиз,
Түбүнө чалдын жетели.
Катагандын Кошойун,
Кадырласак билген жок.
Карган абам деп жүрүп,
Иштин баары зилдеди.

Арстан Манас баатырга,
Алыша турган ким деди.
Кайнаган калың журтуну,
Кирпигине илбеди,
Киши экен деп билбеди.
Ушу сөздөн жапканга,
Убадасын тапганга.
Киргеним жок дегенди,
Төбөсү ачык көк урсун.
Төшү түктүү жер урсун.
Ак келтенин огу урсун,
Көк милтенин чогу урсун.
Убадаңар чын болсо,
Ушуга кандар кол көтөр.
Бул сөздү айтып токтолуп,
Кандардын баары козголуп.
Убадаңар чын болсо,
Баарыңар жалпы отур деп.
Бул сөздү айтып буркурап,
Кан болгондун баарысы,
Катар токтоп калышты.
Батасын берип чуркурап,
Акбоз бээни чалышып.
Качкандардын баарысы,
Как ушундай болсун деп.
Ай туякка чалышты,
Карыларды баарысы.
Канга колун малышты,
Кайра кайткыс убада,
Кандар болуп убара.
Алиги келген кандарың,
Аянбастан жандарын.
Карыш келген чоң куран,
Келген кандын баарысы,

Көкүрөккө тийгизип.
Көздөн жашын чубуртуп,
Өңдөрү өчүп кумсарып.
Маңдайына тийгизип,
Катар туруп калганы.
Келген элдин баарысы,
Айраң болуп калганы.
Аларга көзүн салганы,
Байкап ишин калмакка.
Келгин десе бармакка,
Кол чакырып алмакка.
Убада кылып калганы,
Ал жерде турган адамдар,
Убадасын алганы.
Уюп турган калайык,
Уюган бойдон калганы.
Элемандын Эр Төштүк,
Кылар иши жок болуп.
Бир паска турду токтолуп,
Ал чыгарып бир жигит.
Эштектердин Жамгырчы,
Бул чыгарды бир жигит.
Казактардан Эр Көкчө,
Ал чыгарды бир жигит.
Музбурчак туруп бурулуп,
Бул чыгарды бир жигит.
Ар бирин байкап карасаң,
Өлүмдөн кайра тартпаган.
Күлгүндөй болгон жаш жигит,
Миңден чыккан күлүктөн,
Жүздөн чыккан жүйрүктөн.
Калп айтпаган чынынан,
Казатка кирер тыңынан.
Калк ичинен ыйгарып,
Каалап элчи чыгарды.
Мындан ары барсаңар,
Турган жери Талас деп,
Улугуңан Манас бар.
Талаага кетсе термелип,
Улук деп ызаат кылба деп,
Ат менен салам бериңер.
Үйдө отурса үйүнө,
Камчыны сүйрөй кириңер.
Чогоон чогол айтыңар,
Каарын төгүп жиндеңсе,
Үй-үйүңө кайтыңар.
Биз жумшадык силер бар,
Өлтүрүп ийсе силерди,
Издей турган биздер бар.
Ар бириңдин ордуңа,
Эки кылып өч алчу.
Элин чаап бүлүнтүп,
Боорун жарып от алчу,
Мында калган элиң бар.
Тайыбаса эбиңер,
Арстан Манас баатырга,
Айта турган кебиңер.
Төрө Манас болдуң де,
Дөөлөтүң көлдөй болду де.
Баатыр Манас болдуң де,
Башыңа сыймык конду де.
Кошун болуп биз барсак,
Куп болот эми келгин де.
Каапырдын калкын көргүн де,
Айткан сөзгө көнгүн де.
Күн чыгыш жакта кытай бар,
Каптал жакта каңгай бар,
Кармашчу душман далай бар.

Ушундай сөздү салгыла,
Уюбай кайтып калгыла.
Бул сөздү айткан алты кан,
Күлүктөн тандап миңгизди.
Күрөкө тондон кийгизип,
Күүлөп коюп кандарың,
Элчини жолго киргизип.
Алты жигит аттанып,
Жолго түшүп шаттанып.
Кылычты кыя байланып,
Кыйма тоо сеңирин,
Кыдырып өтүп айланып.
Кейтүүдөн кечип алыптыр,
Тобокел жолго салыптыр.
Саамуттун чөлүн сыдырып,
Кытмырдын жолун кыдырып,
Жаркенге кирип конгону.
Эртеси күн болгондо,
Кас бууданды такалап,
Арбытып жолго салыптыр.
Сейилдейин жаратып,
Көргөндүн баарын каратып.
Аягынын баарысы,
Темир менен чарытып.
Эртеси андан аттанып,
Чакмактын белин ашканы,
Чатыр-Көлдү басканы.
Жумгал жерин сыдырып,
Суусамырды кыдырып.
Жердин баарын сыдырып,
Буйтка жолго салыптыр,
Бурулуп алар калыптыр.
Элчини таштап салалы,
Кабылан Манас Айкөлдүн,
Кандай айткан сөзү бар,
Кабарын угуп алалы.

## ЭЛЧИЛЕРДИН МАНАСКА БАРЫШЫ

Капкалуу кыйын ордодо,
Казганактап сакчысы,
Катар турат болжолдо.
Камылгасы шай болгон,
Көңүлү толуп жай болгон.
Каңкор Манас кабылан,
Шай колдогон эр ошол.
Кара кыргыз калкына,
Карааны тоодой жан болгон.
Кырк чоросу кашында,
Кылымга аты угулуп,
Бакты конгон башына.
Кошуну сандап чубурган,
Кайратын көргөн адамдын,
Заманасы куурулган.
Айбатын көргөн адамдар,
Акылынан жаңылып.
Кошуну чыкса жабылып,
Көргөн пенде туралбайт,
Ойлогон ойдон жаңылып.
Бектерден жетөө турганы,
Жергесин кудай урганы.
Эр кайратын көргөндө,
Элчини кудай урганы.
Адам барчу жер эмес,
Башбаккан пенде өлчүдөй.
Кайрат менен сүрүнөн,
Муну көрүп алышып,

Маңдайда токтоп калганы.
Не кыларын биле албай,
Алиги келген элчилер,
Арстан Манас баатырдын,
Үстүнө эми кире албай.
Кара тер басып калчылдап,
Эт жүрөгү калкылдап.
Эбин таап кире албай,
Таноолору кысылып.
Батына албай киргенге,
Чай канамча токтолду.
Заңкайган коргон четинде,
Кошуунун көрүп сүрдөшүп,
Бирин бири жүр дешип.
Келгенин көрүп элчинин,
Казактардан Жоорунчу,
Кайрылып карап калганы.
Элчи экенин билгени,
Экчеңдей басып Жоорунчу,
Элчиге көзү түшкөнү.
Арстан Манас кабылан,
Аярлап басып токтолуп,
Кайрылып токтой калганы.
Жолуң болсун Жоорунчу,
Кандай жумуш деп сурап.
Андан бөлөк бул топто,
Сүйлөшкөн киши жок болду.
Жоорунчу туруп кеп айтат,
Ээ Айкөлүм деп коюп,
Кабагың асты бүркөлсө,
Кар түшкөндөй көрүнөт.
Каарданып мүйлөсөң,
Жүрөк чыгат көрүнөт.
Күлүп сүйлөп жарк этип,
Күңгүрөнүп калганда,
Күн чыккандай көрөбүз.
Тыштан көрдүм бир топ жан,
ТаанYбадым болдум таң.
Минип келген аттары,
Бука моюн буура сан.
Кебежи курсак кең соору,
Кашкар жактын тулпары.
Адамын байкап карасам,
Жалаяк ооз, жар кабак.
Омурулар эр эмес,
Мен көргөн журттун теги эмес.
Алыстан келген элчи го,
Аттары жадоо көрүнөт.
Айтканда Айкөл билгени,
Кыл муруту солк этип,
Кыраанын Манас күлгөнү.
Аны айтасың Жоорунчу,
Кербендерден кеп уктум.
Кеңеш кылып келсек деп,
Мыктынын баары чогулуп,
Кандардан келген элчидир.
Андай болсо Жоорунчу,
Сырттандыгың билгизип,
Сыяпат менен киргиз деп.
Улуктугуң билгизгин,
Урбай-сокпой киргизгин.
Көрбөгөнүн көр кылам,
Кара жер менен тең кылам.
Көңүлдөрү кир болот,
Мындан кийин бул элге,
Элчиге келген бир болот.
Арстан Манас муну айтып,
Макул экен Айкөл деп.

Баянын угуп Жоорунчу,
Айтканын угуп кайтканы.
Доолду катуу какканы,
Карс дей түшүп дүңгүрөп,
Кулак-мээни тундуруп.
Сандаган колу чамынып,
Алды алдынан камынып.
Ал жерден азыр жабылды,
Төрт миң колу кызарып.
Байкасаң жумуш узарып,
Эки миң колу көк болуп,
Кумурскадай жабылып.
Чиркейдей кайнап калганы,
Бир жарым миңи ак болуп.
Жоо шайманы чак болуп,
Жарагы бойго жарашып.
Түркүн-түркүн түмөн кол,
Дүңгүрөп чыгып калганы.
Тополоң болуп чаң болуп,
Кайнаган канча жан болуп.
Камынып туруп калганы,
Капканын сырты ачылып.
Сырттандардын баарысы,
Бараңын жонго асынып.
Албарстан кылыч байланып,
Айбатын катуу салганы.
Алыстан келген элчини,
Айланып курчап калганы.
Милтелерин чоктошуп,
Мүрүүгө кундак токтотуп.
Чаба турган баштанып,
Чакчайышып калганы.
Кээ бирөөнү караса,
Айбалта колго көтөрүп,
Көөдөндү керип калганы.
Эки жагын карабай,
Караганга жарабай.
Күн караңгы түн болуп,
Жумган көзүн ачалбай.
Өлдүк деп турду өздөрүн,
Ичинен айтып ыйманын.
Айтса салам алик жок,
Амандашса шүгүр жок.
Шыкаалашып мылтыгын,
Милтелери кызыл чок.
Токтолуп элчи турганы,
Капкадан доол урулуп,
Капканын оозу ачылды.
Ар бир аттын жылоого,
Экиден жигит асылып.
Карысы жок жаштары,
Тогуз миң ашуун кол болуп.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл бөкөл тоорулчу.
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыптуу кашка Дөрбөнү.
Бөрү жондуу Бөгөлү,
Ырамандын Ырчы уулу,
Эр Тазбаймат дагы бар.
Белде кылыч кынгырап,
Туулга башта жаркылдап.
Ар бир атты жылоолоп,
Экиден жигит талпылдап,
Буудандары алпылдап,
Он беш жайсаң келгени.
Ушул Манас экен деп,
Жана келген элчилер,
Жайсаңча салам бергени.

Саламга ооз ачпады,
Келген жерден карасаң,
Ордодон доол күп этти.
Доолдун үнүн укканда,
Жүрөк коркуп дүр этти.
Он беш миң кошуундан,
Он беш миң мылтык күп этти.
Бараңдын үнү чыкканда,
Бараңдан чыккан көк түтүн,
Жөө тумандай уюду.
Борпоң үйлөр урады,
Чочуганда элчилер,
Ат үстүнөн кулады.
Көккө атылган коргошун,
Жерди көздөй кулады.
Көргөндөр айраң таң болуп,
Асман ачык көрүнбөй,
Көз көрбөгөн чаң болуп.
Оң жагында алты миң,
Сол жагында алты миң,
Арт жагында сегиз миң,
Чоң капканын ичинен,
Айдаган бойдон жөнөдү.
Кошуунду айдап бекитти,
Аманат жандан түңүлүп,
Ичке кийрип жиберип,
Айдап кирди секиртип.
Чочулап тышта калганы,
Он сегиз миң калың кол,
Капкага кирип барганы.
Узун кеткен жол болду,
Эки жолдун боюнда,
Кылычтарын жалантып,
Маңдай-тескей туруптур.
Тап берип кылыч калганы,
Аларды көрүп элчилер,
Салам айта салганы.
Саламына алик жок,
Оң караган пенде жок.
Аттардан түшүп жабылып,
Алтооно кирди камынып.
Ой бойлосо койгон жок,
Оодарып аттан салганы.
Элчиге келген алтоону,
Он сегиз миң кол сүйрөдү.
Корконунан байкуштар,
Келмесин айтты кобурап.
Арт жагынан түрткүлөп,
Жүткүндүрүп алганы,
Жүгүртүп жолго салганы.
Жүдөгөндөн элчилер,
Жүрөгү кетип кабынан,
Билеги кетип сабынан.
Алсыратып элчини,
Арстан Манас чаркага,
Айдап кирип барганы.
Сыяпат кылып киргизип,
Бул дүйнөдөн кайттың деп,
Жаагы менен жаткырып,
Кайнатып шорун катырып.
Кандарга салам берсин деп,
Капылет жайды көрсүн деп.
Кайгый-айгай салганы,
Жаткырып койгон элчини,
Тургузуп эми алганы.
Айландырып ордону,
Тегерентип алганы.
Адам сайчу желдеттен,

Алтоо түшүп артынан,
Кандарга салам айткын деп,
Каарды катуу салганы.
Айдап жүргөн элчинин,
Мууну кетип калтырап,
Акылдан танып алсырап.
Санашты толук айталбай,
Тилдери калган балдырап.
Тиктеп канды жалдырап,
Карк антын кийген бирөө бар.
Санга тийген Заңгары,
Салам айтса балдырап.
Анык алган бир жан жок,
Ооз ачкан пенде жок,
Сүкүттөн бөлөк сөзү жок.
Кандай жүргөн адам деп,
Карап койсоң козу жок.
Кара жаны жер тартып,
Моюндары шылкыйып,
Жерге багып кылтыйып.
Оендордун баарысы,
Кырка отуруп зымпыйып.
Баатырларды көргөндө,
Эсинен кетип селейип,
Элчилер токтоп калыптыр.
Аксакалы чүчтөдөй,
Устукан сөөгү мистедей,
Эр Бакай алик алыптыр.
Бакайдан башка адамдан,
Эстен танып элчилер,
Ооз ачкан адам жок болуп,
Чай кайнамча токтолуп.
Элчиликке келгенин,
Эсин жыйып эскерип.
Тегерете көп карап,
Түбү кандай болот деп,
Кечекисин эскерип.
Байкап карап калышты,
Айлангыча болгон жок.
Алтымыш нөөкөр кашында,
Алтындай таажы башында.
Үзүлгөндү улаган,
Чачылганын жыйнаган.
Айрылганын эптеген,
Арбагы баштан кетпеген.
Намыска бекем турушкан,
Басташып душман кол салса,
Жан аябай урушкан.
Бири миңге татыган,
Көй баатырдын кыйласы,
Кой оозунан чөп албас.
Аргындын уулу Ажыбай,
Жазы жаак, жалпак тил.
Жаңылбас кара көмөкөй,
Жүйө таап сөз билгич,
Жүгүрүк чечен кеп билгич.
Ажыбай анда кеп айтат,
Кайдан келген жансыңар?
Көмүктөн ачып алгандай,
Көрдөн чыга калгандай.
Мүнөзүңөр ар кандай,
Кай тараптан болосуң?
Ачкыла азыр көзүмдү,
Баштагыла сөзүңдү.
Кур бекер келип бу жерге,
Алаңдатпай көзүңдү.
Эсиңерди жыйгыла,
Не жумушка келдиңер?

Айткыла ачык сөзүңдү,
Деп Ажыбай токтолду.
Айтылган сөздү укканда,
Уялбас ултаң бегиби.
Ушундай ишке келдик деп,
Умтулуп жооп айтууга,
Элчилердин көөнүбү.
Камоого түшүп калдык деп,
Кантип кылат намысты.
Кампаңдашып байкуштар,
Капчыкка колун салышып.
Кандардын берген кагазын,
Калдайтып сууруп алганы.
Алып келип бүжүрөп,
Алаканга салышты.
Арстандардын астына,
Таазим кылып бүгүлүп.
Азга туруп калышты,
Алган адам жок болуп.
Албаган соң токтолуп,
Айласы кетип түгөнүп,
Аш бышымча токтолуп.
Кайдан келип калдык деп,
Баатырларга көз салып,
Жалдырап карап турганы.
Бир оокумда караса,
Зерлүү таажы башында,
Сексен нөөкөр кашында.
Серпилип чыгып калганы,
Улуккандын Сыргагы.
Ордунан туруп кыйшайып,
Басып келип калыптыр.
Катты колдон алганы,
Арстан Манас астына,
Катты жайып салганы.
Ойлон баатыр Султаным,
Окуп туруп билгени.
Тийишкен экен бектерим,
Тилегин аяз кылайын.
Тирүүлөй тилин жулайын,
Тилекти берди Кудайым.
Көктөн тилеп жүргөндү,
Көрүнөө Кудай бериптир.
Алланын анык бергени,
Ал сөздү айтып салганы,
Кубанып Манас калганы.
Кубанганын көргөн соң,
Тура калып оң жактан,
Үйдөй болгон чоң доолду,
Төрт баатыр барып какканы.
Кубанып доол кактырып,
Катчысы катын жаздырып.
Туш тарапка баарысын,
Өктөм Манас баатырың,
Өз элин тойго чакырып.
Казынаны ачтырып,
Агар алтын, ак күмүш,
Алып чыгып уруктай,
Ар көчөгө чачтырып.
Элчилерди ээрчитип,
Бир сарайга жаткырып,
Ыймандууга бактырып.
Ак дөбөдөй эт болду,
Кара көлдөй чык болуп,
Ойротту жыйып эл толуп.
Сегиз күндө той тарап,
Келгендин баары кайтканы.
Ак сакалдуу карылар,

Акылмандын баары бар.
Баарылашып алышып,
Балдарга акыл айтканы.
Ой, балдар деп бакылдап,
Осолдукту койуңар,
Бир жерде болсун ойуңар.
Ого эле кыйын той болду,
Бул бадырек баатырдын,
Катыны эркек тууган жок.
Жоо атасынын ашы эмес,
Заман кандай болот деп,
Балдар баарын байка деп.
Алактабай жөнү жок,
Акылмандар жемелеп,
Антын айтып салганы.
Боз балдары болгон жок,
Моюндарын толгошуп.
Карысынбай калгыла,
Өткөрө кылбай жамандык.
Ордодо аман жатпайбы,
Айкөл Манас каныңар.
Арстан Манас барында,
Кол сала турган душманды,
Кайдан таба салдыңар.
Арстан эр аман турганда,
Урунарга тоо кайда,
Урушарга жоо кайда.
Кожурабай койгула,
Кайгыда бар не пайда.
Сегиз күндө той таркап,
Келгендин баары кеткени.
Дагы көргөн, билгенин,
Бүгүн тогуз күн болот.
Элчиге нөөмөт жеткени,
Арстан Манас кабылан,
Элчилерди жоктотуп.
Арстан Манас үстүнө,
Айдап келип топтотуп.
Келип калган элчилер,
Айагы менен тик туруп.
Арстан Манас Айкөлүң,
Элчилерге кийгизип,
Алтын жака дейилде.
Ар бирөөнү карасаң,
Алтымыш сарпай кийгизип,
Алты буудан мингизип.
Аны менен жөн койбой,
Алты аргымак ат берди.
Колдоруна кат берип,
Элчилер эми кайт деди.
Бул жерден көргөн билгенди,
Кандарыңарга айт деди.
Баса келген элчилер,
Жандары тирүү калганга,
Жаны калбай сүйүнүп.
Жаркырап кымкап алганга,
Соодагердей кампайып,
Жолго кирди дампайып.
Тубарды туура бүктөшүп,
Тулпарга жүгүн жүктөшүп.
Туйгун Манас баатырдан,
Кутулгансып сүйүнүп.
Кашканы кайрып бүктөшүп,
Качырга кошуп жүктөшүп.
Кабылан Манас канкордон,
Кайттыкпы аман шүк дешип.
Аз гана эмес мол жүрүп,
Он үч күнү жол жүрүп.

Катыны кыйын, кызы арзан,
Керме тоонун оюнда,
Кең талаанын боюнда,
Эр Төштүк анда той берген.
Элчи келди деген сөз,
Эл журтка тегиз билинди.
Тойдо жүргөн калың журт,
Жолду тозуп кеп сурайт,
Токтоңор балдар деп сурап.
Келдиңер басып Таласты,
Көрдүңөрбү Манасты?
Арбагы кыйын угулат,
Манас кандай эр экен?
Беттешип пенде барабы,
Кагышкан адам алабы?
Элчиден сурап калганы.
Анда Элчи кеп айтат,
Сиздерге калп, бизге чын.
Манасты сурап калдыңар,
Не мураска жетесиз,
Айта берсек баарынан.
Каары катуу жан экен,
Башаалыгы ашыптыр.
Ушул тапта болушу,
Алтын так экен мингени.
Колдогону бар экен,
Кырк чилтен жандан кетпеген.
Алышкан пенде соо калбайт,
Коркуп келдик дал болуп,
Кырк чоро деген шайтандан.
Мындан бөлөк нени айттык,
Аярлап калчу ниети жок.
Каарын тосуп күүлөнүп,
Кандарына сүйлөнүп.
Кара аламан кара журт,
Токтолуп бирпас турган жок.
Кандан өзү кайтар деп,
Шүктүүнүн баары жабырап,
Сөз сүйлөшүп бабырап,
Артынан жөнөп калганы.
Аш-тамакка тойгон соң,
Алакан жазып кобурап,
Бата кылып койгон соң.
Алтындан селде бир кучак,
Ак сакалы Музбурчак.
Элчилерден кеп сурап,
Не деди Манас деп сурап,
Кулак төшөй калганы.
Анда элчилер кеп айтат,
Ээ улуктар деп айтат.
Манасыңды көргөндө,
Опколжуп жүрөк козголуп,
Алкымына тыгылды.
Барган көнө камады,
Ким билиптир мунусун.
Акыл башта калбады,
Алып барып бир күнү,
Алтообузду камады.
Камоосунан чыгарбай,
Айтылган сөздү уга албай.
Алты күнү жаткырып,
Ар даамынан таттырып.
Алты күн өтүп жети күн,
Ошондо араң жол берди.
Алтын жака дейилде,
Ар кишинин башына,
Алтымыштан тон берип.
Алты бедөө ат берип,

Колубузга кат берип.
Эшикте бедөө аты деп,
Мына бул берген каты деп,
Алып молдо оку деп,
Элчилер турду муну айтып.
Эгей менен Шыгайга,
Кагазды сунду бул айтып.
Окуп молдо караса,
Кагазында кеп айтат,
Мен канкор Манас деп айтат.
Тилимди билген калайык,
Өз тилим менен келсин деп.
Тил билбеген журт болсо,
Тилмечин ала келсин деп.
Катымды көрүп келсин деп,
Кабылан Манас деп жазган.
Атымды угуп келсин деп,
Акыл айттым ойлогун.
Ары чети болжолун,
Так кырк күндө келсин деп.
Ал кырк күндөн калганын,
Талкалаймын билгин деп.
Үрпөк баштуу туу менен,
Астын-үстүн чуу менен,
Үйөрлөнгөн суу менен.
Үпчүк кийген эр келсин,
Кара кулак шер келсин.
Кайнаган шыңга кол келсин,
Азаматы мол келсин.
Бариги алтын чынармын,
Балтаң өтсө кесип жык.
Жалгызың кой да, жамың кел,
Жетөөң эмес жети кан,
Жети миниң чогулуп,
Жэңээриңдин камын кыл.
Арстан Манас кагазы,
Аягы таман болгону.
Байкап турган кандарга,
Акыр заман болгону.
Акылмандын баарысы,
Акылы кетип дал болуп.
Кандардын баары кайгырып,
Кара аламан Букара,
Кандай шумдук бу сөз деп.
Экиден -үчтөн бүкчүңдөп,
Үй артынан чүкчүңдөп.
Сөзгө кирип калганы,
Күүлөнүп турган каныңар,
Барабыз деп күүлөнбөй,
Айласы кетип бөлүндү.
Барбас жигит сүйлөбөй,
Башы айланып маң болуп.
Кыйындардын баарысы,
Өңүнүн чыгып сарысы.
Кырка отурган тизилип,
Көсөмдөрдүн баарысы.
Көк жорудай үңкүйүп,
Дасторкондо болгону.
Келген элчи токтолуп,
Сарысы чыгып бетине.
Башын булгап кайта албай,
Кетебиз деп айта албай.
Убайымы көбөйүп,
Башында сөздөн кайта албай.
Кырка отурган баатырлар,
Антип-минтип токтолуп.
Аш бышымга жеткени,
Чыдай албай токтолуп,

Кандарга кирди октолуп.
Төрө Төштүк сүйлөнүп,
Кандарды карап күүлөнүп.
Ант урган арам алты кан,
Айтарын билбей тантыган.
Тобунда жүрсөң мыкты кан,
Урар кудай баарыңды,
Музбурчак баштап карыңды.
Жайланышып жай жаткан,
Айкөлдө кандай өчүң бар.
Каныкей эми турганча,
Кан Манастан өчүңдү ал.
Алыңар келсе кармашып,
Арстандын кесип башын ал.
Тантырайсың жөнү жок,
Арстандын азыр көөнү ток.
Оолукса Манас окустан,
Оңдурбайт го баарыңды.
Куйругун басып алдыңар,
Оозун ачып оп тартса,
Арстан Манас баатырдын,
Кирбей кантип каласың.
Күн чыгышта бириңер,
Күн батышта бириңер,
Күүлөнүп жолго салдыңар.
Арстан Манас кабылан,
Аккула минип качырса.
Арстан эрди токтотуп,
Карсылдашар кимиң бар?
Алжыган кандар экенсиң,
Арстан менен тийишкен.
Төштүктү сыйлаар эр Манас,
Абакем Төштүк төрө деп.
Музбурчакты кекетээр,
Бузукту сен салдыңбы.
Эл бузаар мыкты эрсиң деп,
Санжибек сенсиң мыктыбыз.
Кара жер соруп калсачы,
Көөдөн жок жаман сенсиң деп.
Кеп ичине кеп айтар,
Көкүш, Көкчө деп айтаар.
Айласы акыр түгөнсө,
Кара жер сорсун деп айтаар.
Айткандан акыр айныба,
Төгүлбөй турган кан болбойт,
Өлбөй турган жан болбойт.
Тобокелге салалык,
Толкуган көп кошунду,
Саптыга айдап салалык.
Буйдалбастан баралык,
Эсеп жеткис кол менен,
Эртелеп жолго салалык.
Кайратын бойдон кетирип,
Аңдоосуздан чабылбай.
Кеп-кеңешин бүтүрүп,
Төштүктүн тоюн таратты.
Бир күндө барып камалап,
Айылын чаап алалы.
Түмөндөгөн кол менен,
Андан кийин Эр Төштүк,
Колду абдан мол алып.
Айкөлүң турган Таласка,
Анжиянды Ажыбек,
Жетээрлик кыйла кол менен,
Букардан чыгып кол алып.
Кеп кеңешин бүтүрүп,
Боз топурак чаң болуп.
Арстан Манас сезээр деп,

Кайнаган кол былкылдап,
Жакындап келип калганы.
Иттерге кылсам эми деп,
Түмөндөп кошуп алалы,
Дүрбөп түшүп калалы.
Илгери-кийин калба деп,
Бул сөздү айтып токтолуп.
Күн болжолу жетти деп,
Арстанга бүлүк салалы.
Баатырлардан мол жыйып,
Астында жүрдү Жамгырчы.
Сары-Аркадан кол алып,
Көкчө колду баштады.
Орчуну Кокон Маргалаң,
Таласка эми бурулду.
Буудайыктын Музбурчак,
Келе берсин калың кол.
Түмөндөгөн кол менен,
Жерге батпас жан болуп,
Көңүлдөрү шат болуп.
Асабасы жалпылдап,
Дайынын Манас билиптир,
Мыйыгынан күлгөнү.

## ЖЕДИГЕРДИН ЭЛИНЕН ЖЕТИ КАНДЫН МАНАС БААТЫРГА ЖОЛУККАНЫ

Күндөн күн өтүп,
Күңгүрөнүп арстаның,
Эки жагын каранды.
Делебеси козголуп,
Болжогон күнү бүткөнү.
Коногу келсе коноор деп,
Азыноолак ногой журт.
Арстан Манас баатырың,
Калкы үчүн камын жеп,
Чыканактап албады,
Чырм этип уйку салбады.
Түн ортосу болгондо,
Жыбырап жылдыз толгондо.
Ак күпө тонун жамынып,
Иш баштоого камынып,
Арстандай чамынып.
Алтындан доол көтөрүп,
Айбаттанып жөтөлүп,
Сыртка эми чыкканы.
Бууданын көздөй бурулуп,
Буудага көзүн салганы,
Жакындап басып барганы.
Чылбырын чечип алганы,
Маңдайын сылап кайталап.
Токтолуп турган чоң кула,
Теппей ыргып мингени.
Айылдын четин жакалап,
Чоң дөбө көздөй бет алып.
Боз дөбөнүн жонуна,
Болукшуп келип турганы.
Айлантып карап калганы,
Аккелтени колго алып,
Күпсөрдөгү дарыдан,
Үч кочуштап куйганы.
Сүмбө менен чукулап,
Дарыны шыкап болгон соң.
Кош муштумдай коргошун,
Кололуу сүмбө колунда.

Кош муштумдай коргошун,
Колдуратып урганы.
Көтөрүп алып канкоруң,
Оттук ташы жарк этип,
Милтеге чокту койгону.
Кутпа жакты бет алып,
Көтөрүп эми калганда.
Аккелте үнү чаңырып,
Жөө туман басып уюлгуп,
Жер солкулдап басылды.
Жөө туман тарап ачылып,
Айгайын уккан адамдар,
Умачтай көзү ачылып.
Акылынан жаңылып,
Айласы кеткен колдору,
Төө мылтыкка асылды.
Казат үчүн аттырган,
Казынага жаткырган.
Абзел деген төө мылтык,
Катар-катар бүктөлгөн.
Таңуулары бек болгон,
Ичи кызыл дат болуп,
Атпаганы көп болгон.
Он алты желдет киргизип,
Кыргы менен кырдырып,
Сүлгү менен сүрдүрүп.
Кызыл кум салып жышытып,
Төө мылтыгын тазалап.
Кол сумбалга салдырып,
Дарысын салып аябай,
Дарысын бекем шыкатып.
Жан казандай чоюнду,
Тоо мылтыкка шыкатып.
Даяр болду айтканга,
Он алты жигит тазалап,
Даяр кылып койдук деп.
Алды-алдынан камынып,
Алыста туруп муршаптар.
Карагай, тал, кайыңга,
Төө мылтыкты байлады.
Кулагына мылтыктын,
Найза менен от койду.
Тоо мылтык үнү чыкканда,
Жер дүңгүрөп токтолду.
Күн күркүрөп ачылды,
Туман түшүп басылды.
Дөөгүрсүгөн төрөлөр,
Төшөгүнөн чачылды.
Умачтай көзү ачылды,
Бешикте балдар ыйлады,
Желеде кулун туйлады.
Аа кудайлап бакырып,
Абышка-кемпир ыйлады.
Төө боздоду буркурап,
Иттер улуп чуркурап.
Кудай уруп салды деп,
Не калаба болуп калды деп.
Найзакердин баарына,
Бүлүк түшүп калганы.
Айылдагы мыктыга,
Мүлүк түшкөн күн болду.
Сандыргалуу чоронун,
Санатын айтып берейин.
Башында Бакай абаң бар,
Кырктын башы Кыргыл чал,
Кырк баатырдын баары бар.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,

Кыргыздын беги Кутубай.
Каратоко, Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги.
Сарыгул уулу Сатайы,
Сабай бийдин Атайы,
Үйшүндөрдөн Үмөт бар.
Аргын Каракожосу,
Бообек, Карашүкүрү.
Айбандардын Алтайы,
Дөрбөндөрдөн Төртай бар.
Төлгөчү Каратөлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү.
Агыдай менен Чагыдай,
Экөө тең далы көрүүчү,
Ашкере айтып берүүчү.
Топ башчысы Токотай,
Элдин чети Эламан,
Калк башкарган Калкаман.
Сыргак менен Сереги,
Элине тийген кереги.
Өлүмдөн кайра тартпаган,
Кошабыш баштап жол салган.
Кош башкарган Эр Ыбыш,
Алымдын уулу Алакең,
Арстаның Мажик бар экен.
Түн ичинде жол жүрсө,
Карууга салса жаңылбас.
Караңгыда жол тапкан,
Карсак изинен жаңылбас,
Кадыр, Жайнак, Шууту бар.
Калк чайкаган уусу,
Ырчы Бозуул ыктуусу.
Казат десе кайтпаган,
Кагышкан жоого чыкчусу.
Казактардын Жооручу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорунчу.
Шыңгынын уулу Кербени,
Көзгө атчу мергени.
Шыптуу кашка Дөрбөнү,
Бөрү жалдуу Бөгөлү.
Айсыз түндө жол жүрсө,
Жоону алыстан көрөрү.
Баатырлардын баарысы,
Баш болгон Бакай карысы,
Кырк баатырдын баарысы,
Абырдан шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп.
Үзөңгү теппей минишип,
Манасты көздөй бет алып,
Жалпы жөнөп калганы.
Таң сөгүлүп атканда,
Кырк баатыр жолдо жарышып,
Тизгини колдо карышып.
Үзөңгү бутта кагышып,
Кабылан Манас баатырга,
Жетип келип калганы.
Арстан Манас кабылан,
Чыгыптыр жалгыз дөбөгө.
Жакындап барса кырк баатыр,
Түшүп салам бергенче,
Ач кыйкырык салыптыр.
Ажыдаар түгүн чыгарып,
Астыңкы ээрди албайып,
Үстүңкү ээрди калбайып.
Карарганы түн болуп,
Бүркөлүшүн карасаң,
Кайра жаар күн болуп.
Каары чыгып бетинен,

Оң көзүнөн от күйүп,
Сол көзүнөн чок күйүп.
Бакырыгы баш жарып,
Сүйлөгөнү таш жарып.
Аккелтени таянып,
Эки жагын каранып.
Кара чаар Кабылан,
Оң жагынан камынып.
Алтымыш кулач ажыдаар,
Обдулуп эми сорчудай.
Камынып туруп калыптыр,
Арстанды көрүп кырк баатыр.
Аттарын алыс байлашып,
Айтып салам калыска.
Баш көтөрөр адам жок,
Башын жерге салышып.
Баянын сураар бир жан жок,
Бирин бири нукушуп.
Кырк чоронун карысы,
Кыргыл баштап баарысы,
Кырка отуруп калышты.
Кырк баатыр келип Арстанга,
Таазим кылып, бүгүлүп,
Жалпы салам беришти.
Дөбөгө чыгып жарданып,
Арстанга таңгалып.
Муну мындай таштайлы,
Алты кандын жомогун,
Баянын айтып таштайлы.
Эр Жамгырчы дөөгүрүң,
Анча-мынча кол менен,
Туулардын башы желпилдеп,
Алты миң ашуун кол алып,
Көк Асаба колго алып.
Көйгөйдү кескен ызуу-чуу,
Жер чайпалтып дүңгүрөп.
Жамгырчынын кошууну,
Тегиз жолго салган жер.
Аттарын жолго салаарда,
Доолдун үнү дүңкүлдөп.
Кулак-мээни тундуруп,
Доолду кайта урдуруп.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Бешке белги төрт болуп,
Бет алган жагы өрттөнүп.
Кыраандар жолго салыптыр,
Кырк чоронун карысы,
Кыргыл баштап калганы.
Кыйгактуу найза кылкылдап,
Кырк баатыр тосуп калганы.
Арстан Манас баатырың,
Арстандай чамынып.
Төрт сап болуп бөлүнүп,
Арстан Бакай жол баштап.
Артынан Кыргыл түшкөнү,
Азиз кандын Алмамбет,
Бер жагынан чамынып.
Улуккандын Сыргагы,
Кошууну жерге сыйбады.
Акбалтанын Чубагы,
Өз ичинен күңгүрөп.
Арстан Манас Кабылан,
Каары жүздөн көрүнүп.
Каарданып калыптыр,
Аккула минип алыптыр.
Астын тозуп Эр Манас,
Жаалданып алганы.

Кызыкты эми салбасам,
Кызыталак Жамгырчы,
Кылычтап башын албасам.
Бууданга камчы салганы,
Жакындап эми калганда.
Каарына чыдабай,
Ыргып түшүп атынан,
Найзасын жерге ыргытып.
Астын тосуп Айкөлдүн,
Таазим кылып жүгүнүп,
Кара жандан түңүлүп.
Саламын айтып салганы,
Алик алып Эр Манас.
Аттан түшпөй болкоюп,
Арстаның тура калганы.
Ич ичинен бүлүнүп,
Жамгырчы жерди карады.
Ишенгеним сен болсоң,
Ириткениң мен болсом.
Манаска бүлүк салгыдай,
Жамгырчы кандай шер экен.
Арстан Манас баатырың,
Аян кылаар кези жок.
Бура тартып Жамгырчы,
Муну айтып токтоду.
Арстан Бакай абакең,
Жамгырчынын көп колун,
Баштап жолго салганы.
Жер жайнаган калың кол,
Айгайлашып алганы,
Чубуруп жолго салганы.
Алты шаар коногун,
Бакай алып жөнөдү.
Эр Бакайдын артынан,
Атчаны бар, жөөсү бар,
Уйгурлар жөнөп калганы.
Бакай абаң тобунан,
Семиз малы көп өлүп.
Жабыгы бийик боз үйгө,
Жамгырчыны киргизип.
Ошончо колдун баарына,
Тиктирип чатыр бергени.
Арстан Бакай абакең,
Туу байталдан сойдуруп,
Жер очогун ойдуруп.
Келтирип казан асышып,
Самоор коюп чай куюп.
Жайма-жай туруп калышты,
Набат салып чай куюп.
Тамашасы тыйылбай,
Дасторкону жыйылбай.
Абакең Манас күткөнү,
Барлыгына түткөнү.
Конокту сыйлап жатканда,
Желеги, анттын туу менен,
Жер жарылган чуу менен.
Ак Асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Төштүктүн колу бөлүнүп,
Жайнап чыкты кылкылдап,
Сырнайза башы жылтылдап.
Сырттан Манас Кабылан,
Астынан тозуп барганы.
Манасты Төштүк көргөндө,
Эр Төштүк эми барганы,
Аттан туруп Эр Төштүк,
Салам айтып турганы.
Эр Манас анда кеп айтат,

Келгениң жакшы болду деп.
Сарыпчы тонду кийинген,
Алмамбет келип калганы.
Сарала атын жулкунтуп,
Байрагын булгап бакырып.
Эр Алманбет баатырың,
Эр Төштүктүн колдорун,
Немең калбай жүргүн деп.
Эр Алмамбет баатырың,
Баштап жолго салганы.
Конок күтүп жабылып,
Түндүгүнө бээ союп,
Түштүгүнө тай союп.
Отурган жерде кой союп,
Жая кесип жал коюп.
Түрлүү дүйүм нан коюп,
Кырма Сары аякка,
Кыпкызыл болгон бал коюп.
Алмамбет эми күтүптүр,
Барлыгына түтүптүр.
Аны-муну дегенче,
Ачып көздү жумганча.
Эки Кемин жайланган,
Эгиз Карат байланган.
Санжыргалуу эр Үрбү,
Айчыгы алтын туу менен,
Айгайлаган чуу менен,
Үрбү келип калганы.
Аккула менен жулкунтуп,
Атырылтып булкунтуп.
Арстан Манас Кабылан,
Астынан чыга калганы.
Жүрөгүнөн кап кетип,
Билегинен сап кетип.
Аттан түшүп Эр Үрбү,
Кол куушуруп сабылып.
Арстан Манас баатырга,
Саламын айтып салганы,
Алигин Айкөл алганы.
Чалкалай түшүп Эр Үрбү,
Оозу-кашы былкылдап,
Чечендигин билдирип,
Кеби менен күлдүрүп.
Эр Үрбү анда кеп айтат,
Арстаным Манас шашпагын,
Барса келбес жер бар дейт.
Баатырсынган кандарды,
Алып барып таштаган.
Ал сөздү айтты Эр Үрбү,
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Күңгүрөнүп сүйлөгөн,
Арстан Манас баатырың,
Күлүмсүрөп жайма-жай,
Бура тартып алганы.
Арстан Манас Кабылан,
Оңунан келди ишим деп.
Жанымда турган Эр Үрбү,
Өзүмө теңтуш кишим деп.
Эр Серек турган камынып,
Арстандай чамынып.
Эр Үрбүнүн кошуунун,
Бөлүп кетип калганы.
Ысылыкка май берип,
Суусундукка чай берип.
Эттен тандап жал берип,
Түркүн тандап жан берип.
Туу байталдан сойдуруп,

Казы-карта, жалынан,
Даярдатып койдуруп.
Барлыгына түткөнү,
Жайланышып отуруп.
Жанаша сөздү салганча,
Сары-Арканы жердеген,
Сансыз казак эл деген,
Саймалуу калпак, сары шым,
Шалдыркан кисе, ботокур.
Теке кыр үч кайкаңдан,
Тегеренип алыптыр.
Көкчөнүн колу бөлүнүп,
Чаңына кошуун көмүлүп.
Канкор Манас Кабылан,
Кырк чоронун кыраны,
Кыргыл карап турабы.
Кырк чоросу күркүрөп,
Кыраандар каршы жөнөдү.
Өзөндүү булак, кара сай,
Эр Көкчөнүн кошууну,
Өзөнгө толуп топтолуп.
Баатыр Көкчө келгени,
Аттан түшүп эңилип,
Арстанга салам бергени.
Аликти Арстан алганы,
Айкөл Манас Кабылан,
Бура тартып алганы.
Улак кандын Сыргагы,
Эр Көкчөнүн кошуунун,
Эми Сыргак алганы.
Семизинен бээ союп,
Казы-карта, жал коюп.
Дүйүм-дүймө нан коюп,
Ар даамдан бүт коюп.
Жүзүмгө чайкап сүт берип,
Эр башына жеткирип,
Үймө табак эт берип.
Аземин журттан арттырып,
Баатыр Сыргак күткөнү.
Оокаты эми жетиштүү,
Баарлыгына түткөнү.
Колдорун чайып жууганча,
Ордо шайык көк жөөкөр.
Кокон менен Маргалаң,
Чайдоосу алтын чайы арзан.
Орто дөбө Самаркан,
Анжиян элин бийлеген,
Эр Санжыбек кан экен.
Көрүп Арстан бараанын,
Аккулага бут салды.
Арстан эрдин баарысын,
Түпөктүү найза колго алып,
Арстан Манас баш болуп,
Астын тозо барганы.
Артынан түшүп Санжыбек,
Башын ийип бүгүлүп,
Саламын айтып салганы,
Айкөлүң кабы л алганы.
Эки жагын караса,
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай.
Кыямы кыргыз Кутунай,
Санжыбектин кошуунун,
Аз-көбүнө карабай.
Сап-сабы менен жол баштап,
Ээрчитип эми алыптыр.
Мал семизин сойдуруп,
Малайы-байын ылгабай.

Кол аягын чойдуруп,
Ар биринин башына,
Куш жаздыктан койдуруп.
Аземин элден арттырып,
Баштан аяк дембелеп,
Чачма күрүч тартырып.
Чайнаганы жал болуп,
Ичкени кызыл чай болуп.
Бузулган чамбыл бер жагы,
Бүлбүлдөгөгн боз талаа.
Буудайыктын Музбурчак,
Ак асаба туу болуп.
Желеги алтын туу менен,
Жер жаңырткан чуу менен.
Жөө туман басып чаң болуп,
Жер жайылган жан болуп,
Азыр келип калганы.
Акбалтанын Чубагы,
Кыргыл Бакай карысы,
Кошунун бөлүп алганы.
Кошундан байкап карасам,
Тогуз чоро калыптыр.
Кул куржунун сөктүрүп,
Дастарконго жемишти,
Көптөн салып төктүрүп.
Астын калың салдырып,
Отуна чырак жандырып.
Ушунча колдун баарына,
Жыйырма эки чоро алыптыр.
Алтоо-жетөө сороктоп,
Качан конок келет деп,
Көз чаптырып талаага,
Көзүн эми салыптыр.
Коногуң менен кошулсун,
Кошуун менен копшуп кал.
Суктук кыла салсакпы,
Сурап карап отурбай,
Бөлө чаап салсакпы.
Эсепсиз келет кошуун деп,
Эпсиз куру калсакчы.
Конок алган көй баатыр,
Көтөрүлүп кеп айтаар.
Казатка Манас кол жыйды,
Сөзгө сөлтүк болдукпу,
Түбүндө кайдан оңобуз.
Ичинен чыгып бузулуп,
Бербейм десе коногун.
Белсенишип чыгабы,
Койгулашып калууга.
Азырланып аттанды,
Коштордун баарын кыдырып,
Адамың арбын экен деп,
Эч болбосо коноктон,
Он, он бештен берсе деп.
Ат сураган немедей,
Кадырын салып сурашып.
Ал күнү кошуун жатканы,
Жерге жарык киргенде,
Арстан Манас кабылан,
Аккула минип болкойуп.
Бир тамаша салмакка,
Кандарга каршы бармакка.
Ак доолун колго алганы,
Күрс-күрс этип жаңырып.
Жүрөгү жок начарлар,
Акыл-эстен жаңылып.
Мылтыктын баары октолуп,
Милтенин баары чоктолуп,

Мүрүгө кундак токтолуп.
Аркасында алтымыш,
Алеңгир жаасын кармашып.
Көзгө атаар жыласы,
Муштумдай огун салышып,
Жебесин чоюп камынып.
Оң жагында алтымыш,
Ойротту бузган баатырлар,
Тополоңу тоз болуп,
Жердин бети чаң болуп.
Төрт кадам жер көрүнбөйт,
Басалбай жүргөн жан болуп.
Кылычтын мизин кан кылып,
Сабын бузбай бастырып.
Сол жагында алтымыш,
Жоо бөрүсү жыластан,
Айбалта колго алышы.
Айбатын салып сурданып,
Арка жагын караса,
Кыйгактуу найза, көк түпөк,
Кырка келет сундуруп,
Добушу кулак тундуруп.
Асты жагын караса,
Он эки жасоол жол баштап.
Ортосунда чоң кула,
Оңжоңдотуп жетелеп.
Он алты жайсаң бош коштоп,
Он желдети желдирип,
Жол ачкын деп бош-боштоп.
Кайнарлуу булак боюнда,
Алты миң кунан айдатып.
Тегеретип ойнотуп,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Жети жерден байлатып.
Алтымыш жерин кишендеп,
Ажыдаарын сойлотуп.
Азуулуу арстан жолборстон,
Он эки жолборс байлатып.
Дуба менен үстүнөн,
Зымырык кушту айлантып.
Доолдун үнү дүңгүрөп,
Тоо көчкөндөй күңгүрөп.
Айбатын көргөн адамдар,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Кошуунга кирди аралап,
Кечеги келген коноктун,
Жүрөгү чыгып болкулдап.
Кудай уруп салды деп,
Не кыларын биле албай,
Жаман айтып сүйлөшүп.
Уруп кеткир тургун деп,
Жакадан алып сүйрөшүп.
Элине качып тобунан,
Шашып жүргөн андан көп.
Этке тоюп элдиреп,
Майга тоюп магдырап.
Жакшы жайга келдик деп,
Жатпады беле кошунуң.
Падышалык көк доолду,
Катуулап эми урганы.
Ортодо сарай ичине,
Он эки кулач алтын так,
Эми даяр болгону.
Алтын такты айланып,
Ажыдаар сойлоду.
Алты бурчка алты арстан,
Алты жолборс байланды.
Арстандар күркүрөп,

Кызарып көзү жайнады.
Себилдүүсү сексен төрт,
Серп алган жагы кызыл өрт.
Буудандын бели ийилип,
Көк темир зоот кийинип.
Чамынган арстан түрлөнүп,
Манаска салып жондорун.
Баякы келген кошуундар,
Мылтыктарын октошуп,
Милтелерин оттошуп,
Ийинге мылтык токтотуп.
Камынышып алгансып,
Чоролорун токтотуп.
Арстан Манас баатырды,
Айланып курчап алыптыр.
Кайнап жаткан кошуундун,
Ортосунда калыптыр.
Абасы Бакай баатырды,
Жанына Манас алыптыр.
Жанаша басып буйдалбай,
Чыкты тактын үстүнө.
Арстан Манас баатырың,
Өкүмүн эми угузуп.
Кайнаган калың көзгө айтат,
Өкүмүн айтып табыштап.
Көз салган бир жан калбай,
Келген кандар кайда деп.
Кандарды тегиз айдап кел,
Келбегенин байлап кел.
Чоголдук кылып келбесе,
Башын кесип жайлап кел.
Арстанын буйрук салганы,
Мыршапка буйрук бериптир.
Мырзалар атка мингени,
Каарын төгүп бакырып,
Улуксунган кандарды,
Каарын төгүп чакырды.
Коркокторун мүргүтүп,
Кандарды айдап алганы,
Калайманды салганы.
Калың кошуун былкылдап,
Айкөл Манас баатырды,
Айланып курчап турганы.
Жарагы бойдо калың кол,
Ортосу ачык кенен жол,
Кандарды айдап киргени.
Келген кандар чочулап,
Жүрөгү кетип кабынан,
Кара жандан түңүлүп,
Жанакы кирген эшик жок,
Чыгып кетээр тешик жок.
Саадактын баары керилип,
Кежигелеп туруптур.
Кылчайып артын караса,
Жолуңар болсун кандарым,
Жоолашканды койбойсуң.
Ар качандан бир качан,
Камаганды койбойсуң.
Басташпагын деп айтсам,
Башты чайкап болбодуң.
Кандай акыл ойлойсуң,
Оюңарды айткыла.
Каардансам чамынып,
Кандарым башың алынат.
Жыйылып мынча келген соң,
Байкаймын кытай башка журт.
Бакбурчуң бекер кан эмес,
Чымачым, Кокон, Маргалаң.

Жыйылып мынча келиптир,
Жай-жайында болоорсуң.
Чыгаргыла капамды,
Чыйраксынган кандарым.
Баарыңарда эп болсо,
Арстаның айткан кеп болсо.
Капканын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин ачылбайт.
Асыл таштуу белесте,
Чек Табылгыты жайлоосу.
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Баатырлыгы билинген.
Алтымыш жайсаң колу бар,
Алоокенин Коңурбай.
Калдайдын уулу каапырга,
Кан Коңурбай баатырга,
Казатты салсак канитет.
Түмөндөгөн кол келди,
Мунажат кылсак канитет.
Бел байлап белден буусак бейм,
Кытайга барып кол менен.
Боору калың кара жер,
Калыңынан токтолуп.
Түмөндөгөн калың кол,
Дүңгүрөп жолго салганда,
Жер чайпалып токтолуп.
Кайнаган кытай элине,
Бүлүктү салсак канитет.
Барасыңарбы жокпу деп,
Жоопту бачым айткын деп.
Арстаның айтып турганы,
Корккондон кандар алактап,
Бири-бирин тиктешип.
Барбайбыз деп айта албай,
Мылтыктарын кезешип.
Кутулаарга жериң жок,
Ажал азыр жетер деп.
Кандардын баары саруулап,
Элейишип калганы.
Нени айтаарын биле албай,
Селейишип калганы.
Барбайбыз деп айта албай,
Манастын сөзүн кайтарбай.
Карап турган кандарың,
Оң колун өйдө көтөрүп,
Тобого араң келгени.
Камоого кандар калганы,
Каарын Манас салганы.
Кайда барсаң барабыз,
Кечиргин Айкөл баатыр деп,
Кечирим сурап калганы.
Арстан Манас Кабылан,
Каарын жазып бөлүнүп.
Андай болсо келгиле,
Келе мөөр бергин деп.
Катчыга катын жаздырып,
Жыйып алып кандарды,
Жыгалуу мөөрүн бастырып.
Калыстап алып токтолуп,
Эр Бакайга тапшырып.
Айкөлүң Манас кеп баштап,
Кандарым кулак салгын деп.
Кандарым аңдап көргүлө,
Айныганды койгула.
Арадан айнып бузулсаң,
Тукум курут кылам деп.
Барабыз деп окустан,
Мына бул жерде айткамын.

Бара жатып жол тартып,
Айныймын айтпагын.
Кулагыма угулса,
Күндүзү кара түн болот.
Кошуунуң менен биригип,
Өрттөнүп сөөгүң күл болот.
Арстан Манас Кабылан,
Ал сөздү айтып токтолду.
Алжыбайбыз Айкөл деп,
Кандардын баары чур этти.
Үрөйлөрүн учуруп,
Үч кайталап сурады.
Кандардын баары чуркурап,
Кыңк эткен пенде жок болуп.
Камалып турган кандардын,
Шаймандары кетишип,
Чыдай албай октолуп.
Эки -Кемин жайлаган,
Эгиз карат байлаган.
Таздын уулу Эр Үрбү,
Ордунан туруп козголуп.
Ээ Айкөлүм деп айтат,
Мен айтайын чынымды,
Адамга айтпас сырымды.
Маанайым жок пас элем,
Башым жаман таз элем.
Караан тутаар элим жок,
Тууганыма кас элем.
Жазууну пенде көрөт го,
Ажалы жеткен өлөт го.
Кагылайын Айкөлүм,
Кан болгон соң кампайып,
Карааным чыгып заңкайып,
Турган кезим ушул чак.
Кайсы колго чабамын,
Кол башкараар чорону,
Эми кайдан табамын.
Бул сөздү айтып Эр Үрбү,
Эми эле жаагы басылды.
Чын сырын айтты акыр деп,
Калың кол антип калганы.
Мындан кийин кандардан,
Кеп айтаары жок болду.
Кошуундар дымып токтолуп,
Шайманы эми кеткендей.
Кандыкка киши чыкпады,
Өкүмүнө көнсөңөр,
Өзүм айтып берейин.
Кара кыргыз журтунан,
Таалайлуу ногой нуркунан.
Касиети чоң эле,
Жалпы бектер эп болсо,
Мен айткан жөндүү кеп болсо.
Атка минсе Акжолтой,
Айыгышкан жоодо сан колдой.
Жортуулга чыкса Акжолтой,
Жоого кирсе сан колдой.
Акылдашым сырдашым,
Каалаганда муңдашым.
Төштөшкөнү Баяндос,
Жоо каптаса аянбас.
Качырса жоого шаңдуу бул,
Кармаган жерден кан чыккан.
Аксакал абам Бакайды,
Көтөрсөңөр кантет деп,
Арстаның айтты мындай кеп.
Кошуундун баары кубанып,
Коркоктун өңү кубарып.

Аксакал Бакай абасы,
Көңүлүн бир көтөрүп алганы.
Бул сөздү макул көрдүк деп,
Буйругуңа көндүк деп.
Бул кошуундун өкүлүн,
Эр Бакайга бердик деп.
Андай болсо келиңер,
Арстан Бакай абама,
Мөөрүн алып келиңер,
Колуна эми бериңер.
Катчыга катын жаздырып,
Жыйып алып кандарды,
Жыгалуу мөөрүн бастырып.
Арстаным Бакай абакем,
Астыда жүрсө сан колдой,
Бакайга кандык токтолуп.
Таруудай тарлык жок болуп,
Кан көтөрүп Бакайды,
Айкөлүң Манас кеп айтат.
Ээ калайык калың кол,
Атка минип Алла деп.
Жаратканга сыйын деп,
Алыс жол жүрүш кыйын деп.
Арбактар эми колдо деп,
Ичинен айтып келмесин,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Атка минип шаңданган,
Көргөн душман таңданган,
Жүргөн журтум барсыцбы?
Камыш көлгө жол салып,
Ашуусу бийик ак карды,
Айланып ашып кеңирден,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Суу жүрбөгөн кең сайды,
Өгүз кечүү даркандан,
Өткөрмөлүү калкандан.
Алышаар жоого бет алып,
Шашкан журтум барсыңбы?
Ары жагы Сарбулак,
Тарбагатай бел ашып,
Көргөн журтум барсыңбы?
Эгиз кара былкылдак,
Эсепсиз калың кол менен,
Жүргөн журтум барсыңбы?
Айын өлчөп жол жүрүп,
Кечкен журтум барсыңбы?
Үркүндүн улуу суусунан,
Кышын өлчөп күз менен,
Кечкен журтум барсыңбы?
Тоо түгөнүп түз болуп,
Жол түгөнүп уч болуп.
Суу түгөнүп чөл болуп,
Тоо түгөнүп бел болуп,
Пенденин башы деӊ болуп.
Томуктай болгон бел көрбөй,
Бел көрсө да соо көрбөй.
Арбын черүү түмөн кол,
Кол башкарган кандарым,
Жалпы журт аман барсыңбы?
Кара шаар Туңшага,
Каспандын кара оюнда,
Калкыңда жылкы канча бар.
Дүмөктүү Бээжин шаарына,
Кырчылдашып кагышып,
Айбалта менен салышып.
Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так.
Өмүрү өтүп казатта,

Кирген журтум барсыңбы?
Өчөшкөнүн соо койбой,
Өлөмүн деп санабай.
Өлүмдөн жанын аябай,
Киргениң аман барсыңбы?
Арстан Манас Кабылан,
Баягыдан бешбетер,
Арстаның сурап турду эле.
Бээжинге сапар жол тартып,
Катыгүн качан жетебиз.
Ашкере түштү каран түн,
Атабыз уккан жер эмес,
Энебиз уккан кеп эмес.
Ушул айткан жериңе,
Нече жылда жетебиз.
Арбак урган кандар ай,
Арманда өлгөн экенбиз.
Аңдап көрүп токтолуп,
Калың журт карап турганы.
Арыстаның Алмаң бурулуп,
Айдай бетин нур чалып.
Сексен төрт жайсаң ичинен,
Алмамбет баатыр келгени.
Келген жерден Алакең,
Арстан Манас баатырга,
Айтылган сөзүн бек таштап,
Калмактан келген кулдарды,
Калжырабай шүк тур деп,
Айтып койсок болбойбу?
Кытайдан келген кулдарга,
Кыйшаңдап тескер сөз айтсак.
Жөнүң менен иш кыл деп,
Тыйып койсок болбойбу?
Кашыңда турган кандарды,
Калк бийлеген Зардалды.
Оозу бош айтып салбаса,
Шагы сынып калбаса,
Көп кошуун айтып салбаса.
Айта турган жөнүм бар,
Арстаным Манас угуп тур.
Ант урган кытай элинде,
Байкап жүргөн артыңан,
Мен Алмамбет чороң бар.
Сүрдүктүрүп жабаңы,
Сүргөн чоро мен бармын.
Ант урган кытай көп болсо,
Айыгышкан черүү жолунан.
Кол башчысы зорунан,
Алмаңдын чыгып жолунан.
Какымын суудай агызган,
Баатыр чороң мен бармын.
Кийгенинин эби жок,
Этеги узун, жеңи жок.
Калдайы бар каны жок,
Кызыл күрмө жеңи жок.
Кытайы бар каны жок,
Атка минсе эби жок.
Чоро болгон Алманың,
Канын суудай чачканмын.
Кызыталак каапырды,
Кылбагын буга салабат.
Туюк өтүк, така жок,
Кийгенинде жака жок.
Чоң Коңурбай калчаны,
Алгарадан албайтып,
Шорун Алмаң катырган.
Жыккан чороң мен бармын,
Капкалуу шаар Бээжинден,

Качкан чороң мен бармын.
Деп ошентип Алакең,
Далай сөз айтып токтолду.
Андан бөлөк бул жерде,
Көпчүлүк карап токтолду.
Арстан Манас Кабылан,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Өз ичинен күңгүрөп.
Кана эмесе кандарым,
Бээжинди көздөй жол баштап.
Кайнаган кыйын кол менен,
Каптап жолго салабыз.
Кайнаган кошуун уккула,
Барбаймын деген жан болсо,
Бачымыраак чыккыла,
Каныңдын сөзүн уккула.
Буйрукту эми салганы,
Жаңы келген кошуунга.
Аралап азыр киргиле,
Ар кошуунга тургула.
Ар кошуундун өзүнөн,
Доолду катуу ургула.
Азыр келген кошуундун,
Азар-түмөн кошуундун,
Атым арык дегени,
Азап менен келгени.
Кайтамын деп айтсын де,
Тонум жыртык дегени,
Томуктай кайгы жегенин.
Тозок менен келгенин,
Ушу бүгүн кайтсын де.
Бүгүндөн эми калган соң,
Санатка кирип калганы,
Кайтууга жолуң жок болот.
Кайталап айткан сөзүмдү ук,
Кошуунду таштай бекитем.
Тонум жыртык дегендин,
Өзүн союп кекитем.
Аманат жаным барында,
Коргошундай уютуп,
Кошуунумду бекитем.
Ушуну баштап айткыла,
Уруксат эми кайткыла.
Ажыбай, Үрбү, Чалыбай,
Буудандарын минишип,
Бурулбай жолго киргени.
Алтын доол урушуп,
Ат үстүндө турушуп.
Кошуунга айтам көп түлүк,
Байкап уккун баарың деп.
Бизге эми тапшырды,
Арстан Манас каның деп,
Жарлыгы ушул уккун деп.
Кайтчууңар болсо кайтасың,
Кайтабыз деп айтасың.
Калган кошуун баарыңар,
Тобокелге саласың.
Аргындын уулу Ажыбай,
Кошуунга кирди аралап.
Кошуундун баары буркурап,
Койдой чуулап калганы.
Калың кошуун турасың,
Уктуңарбы баарыңар.
Арстан Манас Айкөлдөн,
Уруксаат болуп калыптыр.
Олжосун алып нетебиз,
Уруксаат болсо кетебиз.
Ээрчит биз деп нетебиз,

Элди көздөй кетебиз.
Эгин айдап, мал багып,
Эл ичине биз барып,
Күн өткөрүп жүрөрбүз.
Кошуундун көбү чуулашып,
Жолдун жайын сурашып.
Кетчү келин баштанып,
Кобурашып чуулашып.
Баргандын жолу татаал деп,
Бастанчанын кыясы,
Атка жаман таштуу деп.
Элүүдөн, жүздөн жамданып,
Көп кошуундун ичинен,
Кол бузулуп калганы.
Ар уруктан бөлүнүп,
Бирин-серин калыптыр.
Калганың келгин бери деп,
Кош бузулуп жатканда,
Кабылан Манас барганы.
Кырк чоросу жабылып,
Кыргылчалы чамынып.
Аккула минип болкоюп,
Сыр найза колдо койкоюп.
Айбалта жанда шыңгырап,
Кылычы белде кыңгырап.
Аккелте жондо жаркылдап,
Ак жабасы калкылдап,
Асабасы жалпылдап.
Аралап колго киргени,
Айбаты катуу заары күч,
Арстандын сүрү бар экен.
Бул кандай жан дешип,
Бир-биринен сурашты.
Көзүн албай Манастан,
Көп кошуунуң карап турганы.
Сол бөйрөгү солк этсе,
Солонго бүлүк салуучу,
Султанын Манас эр ошол.
Арстан Манас баатырың,
Майлаган буудай жүздөнүп,
Күүгүм туман көздөнүп.
Көзү көлдүн орундай,
Көрүнгөндү соргудай,
Арстаның Манас шер ошол.
Доол келсе солк этпес,
Чынар терек турбайбы.
Доочу келсе мал бербес,
Айбаты катуу заары күч,
Ак жал Арстан турбайбы.
Жазайыл атса ок өтпөс,
Жаралган чеп турбайбы.
Арстан Манас турганда,
Барбасак Кудай урбайбы.
Пендеден ашык акылы,
Арстан Манас баатырдын,
Аркасынан жүрөлү.
Айыгышып кытай кол салса,
Аралашып кирели,
Алды-алдынан сүрөлү.
Ак жазган болсо көрөрбүз,
Ажал жетсе өлөбүз.
Деп ошентин калың кол,
Кайраттанып бел байлап.
Кими баатыр, кими эр,
Санаасы тынып калганы.
Арстан Манас Кабылан,
Санатын байкап кубанып,
Аралашып толуптур,

Ар түмөнү жүз миңден,
Отуз беш түмөн болуптур.
Эсеп кылып санаса,
Кошуунду байкап караса,
Көңүлү тынып калганы.
Аралаш жүргөн кошуунга,
Арстан Манас кубанып,
Көп кошуун айгай салганы.
Барабыз деп бакырып,
Кошомат кылып буркурап,
Кошуундун баары чуркурап.
Кетебиз деп айта албай,
Баатырды шондо көрөрбүз,
Калабалуу салышта,
Карсылдаган кагышта.

## МАНАС БААТЫР ЖАЙЫТТАГЫ ЖЫЛКЫНЫ КӨП КОШУУНГА ТАРАТКАНЫ

**А**таңдын көрү дүнүйө,
Кайсы бирин айтайын.
Алтайды жердеп козголуп,
Жылас келген көп жылкы.
Кырк беш миңге жеткени,
Конуп-түнөп жол тартып,
Которуп айдап жүргөнү.
Мында жаткан көп кошуун,
Аламан атка мингиле.
Аралда жаткан көп жылкы,
Аралап тегиз киргиле.
Кош башына эки айгыр,
Кош тартууга койгула.
Экиден байтал жетелеп,
Энчилеп аны сойгула.
Эр башына бирден ат,
Энчилеп аны алгыла.
Бул сөздү айтып Айкөлүң,
Алгыла берген малымды,
Аябайм колдо барымды.
Ал сөздү айтып эр Манас,
Айгай салып бакырып,
Доолду эми991 кактырды.
Жайыл Манас шер эле,
Алла Таалам эп көрсө,
Балаадан болсун калес деп,
Уучуң узар Манас деп.
Ааламда жок эр экен,
Карылары камданып.
Ноктолорун байланып,
Атка минип дампайып.
Найзаны колго алышып,
Жылкыны көздөй жарышып.
Найзанын учу короктоп,
Аралдагы жылкыга,
Ат коюп кирип барышты.
Эр башына бирден ат,
Эми коштоп алышты.
Кош башына эки айгыр,
Кош тартыла коюлуп.
Коштоп келип союшуп,
Өзөндүн баары толушуп.
Өз алдынча болушуп,
Кошууну этке тоюшуп.

Кең соорусу даңкайган,
Күлүк тийди колго деп.
Күүлөнүп сөзүн айта албай,
Күлүп жүргөн мындан көп.
Күңгүрөнүп ичинен,
Күңүлдөгөн андан көп.
Доолап калса нетебиз,
Суктук кылган жарыбайт.
Өзү шаңдуу кулан бел,
Жакшы болду жолго деп,
Жоргосу колго тийди деп.
Тизгинге колу карышып,
Өйдө-төмөн чабышып,
Жарышканы мындан көп.
Жылкы бекен куланбы?
Көп жылкынын ичинен.
Куюлуп жүргөн кулан го,
Кудай уруп куланды,
Жылоодон кармап турамбы.
Бул сөздү айтып муңканып,
Тажап жүргөн мындан көп.
Таанып бергин муну деп,
Агала сакал карыдан,
Сурап жүргөн мындан көп.
Көрүп бергин муну деп,
Көрүнгөнгө жетелеп,
Коштогонун качырып,
Чуулаганы мындан көп.
Кошуундар эми дүрбөшүп,
Мына ошентип жатканда.
Арстаның эми ойлонуп,
Анча-мынча эрмекке,
Үзөңгүгө бут салды,
Айкөлүң Манас аттанып.
Он эки нөөкөр жолдошу,
Аралап жолго киргени.
Арстаның колду сыдырып,
Төштүктүн элин кыдырып.
Жамгырчы колун каралап,
Музбурчак тобун аралап.
Көкчөнүн колун көргөнү,
Үрбүнүн тобун аралап.
Алардан өтүп алганы,
Арстан Манас баатырың,
Кырк чорого барганы.
Ар биринин тиккени,
Кымкапталган көк чатыр.
Ар чатырдын ичинде,
Элүү миңден кол жатыр.
Кыдырган бойдон барганы,
Кырк чоро башы Кыргылдын,
Эшигине барганы.
Доолун Манас урганы,
Доолдун үнү күрс этип.
Эт жүрөктөр секирип,
Баштарын жерге салышып.
Арбаң-тарбаң түйүлүп,
Кыргыл чуркап келгени.
Айкөлүң анда кеп айтат,
Ээ Кыргылым деп айтат.
Кылымды бузган дыңгылым,
Турбайсыңбы туу аштап,
Жүрбөйсүңбү жол баштап.
Жатканда иш болобу,
Жатканда адам оңобу.
Эгизиң Бакай эрге айт,
Беттешкенден кайтпаган,
Белгилүү баатыр шерге айт.

Атка минсин сегиз күн,
Дүйшөнбүнүн күнүндө.
Сапарга чыксын жол баштап,
Ак асаба туу аштап.
Абакем баштап алсын деп,
Айкөлүң айтып салды деп.
Айтып коюп Кыргылың,
Жайына кайра кайтканы.

## ЖЕР ЧАЙПАЛГАН КАЛЫҢ КОЛДУН БЭЭЖИНГЕ ЖӨНӨГӨНҮ

Кырк эки сан түмөн кол,
Айта берсе арбын жол.
Таң саргарып атканда,
Арстан Бакай кол баштап.
Кошууну арбын бир далай,
Ак асаба, кызыл туу,
Асаба колдо жалтылдап.
Аста сүйлөп баркылдап,
Артынан Бакай жөнөдү.
Көп кошуун жүргөн төтө жол,
Чаң созулуп бөлүнүп,
Алды-арты көрүнүп.
Учкан чаң тарап бөлүнбөй,
Жүз элүү миң кошууну,
Атка өмөлүп кол кетти.
Анын арка жагынан,
Айгайлаган чуу болуп.
Алтын байрак туу менен,
Эштектерден Жамгырчы,
Эми жолго салганы.
Аркасынан бурулуп,
Добулбас үнү угулуп.
Элемандын Эр Төштүк,
Ал дагы жөнөп калганы.
Анын соңу Эр Үрбү,
Адамдын башы былкылдап,
Найзанын учу жылтылдап.
Накай кыргыз тукуму,
Катарлашып жүрдүңүз.
Анын арка жагынан,
Өрөөндүн чаңы буркурап,
Өлөңүн айтып чуркурап.
Атка өмөлүп өбөктөп,
Көк асаба жалтылдап.
Көкчөнүн колу салыптыр,
Көргөндүн көзүн талдырып.
Көп кошуун жөнөп калганы,
Көкчөнүн арка жагынан.
Курун ороп башына,
Селде кылып оронуп.
Куржундарын салынып,
Бир Кудайга жалынып.
Аттары менен аргытып,
Алтындуу калкан калдактап.
Алтын айчык туу кармап,
Азирет деп чуу салып.
Анжияндын Санжыбек,
Анын колун салыптыр.
Андан кийин камынып,
Алды алдынан чамынып.
Чыңыроону чыркырап,
Кернейдин үнү бапылдап.

Сурнайдын үнү такылдап,
Туу көтөрүп калкылдап.
Буудайбектин Музбурчак,
Телкүрөң менен чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Бу дагы жөнөп калганы.
Булардын арка жагынан,
Кырк чоронун кошуну.
Найзанын учу жылтылдап,
Кылычы белде кыңгырап.
Кошуундун башы былкылдап,
Жер сойулуп чаң болуп.
Кошууну көп өзгөчө,
Алар жолго салганы.
Арт жагын байкап караса,
Көз тунарып боз болот,
Делебе шондо козголот.
Алтын сарай коргондон,
Акылайдын ордодон.
Арстандай чамынып,
Жоо-жарагын бекемдеп.
Белине жарак чалынып,
Бир Кудайга жалынып.
Алланын атын бат айтып,
Аккуладай бууданга,
Эми бутту салганы.
Көп кошуундун артынан,
Жөнөп жолго калганы.
Бөксө жол бөкөй бел менен,
Бөлүнүп кеткен жеринен.
Кара тер кайкан бел менен,
Кайырмалуу белине,
Аккула атын булкунтуп,
Арстаның Манас барганы.
Ачуусу келип бүлүнүп,
Оң көзүнөн от күйүп.
Оң бөйрөгү солк этип,
Каарданып бүркөлүп.
Айсыз түндө тунарып,
Ээрди-башы  кубарып.
Ачуусу келип арбайып,
Айткан бир ооз сөзү жок.
Арстанды көрүп кырк баатыр,
Ээрчибей кайра кайталбай,
Не болду деп айта албай.
Кыргыл баштап карысы,
Кырк баатырдын баарысы.
Эмне иш болуп кетти деп,
Тер боюнан сызылып,
Көңүлдөрү бузулуп,
Кырк чоро карап турганы.
Аттанганы алыс жол,
Баштаганы түмөн жол.
Айтып бербей бүркөлүп,
Айсыз түндөй чүмкөнүп.
Арстаның минтип олтурса,
Кубанып турган кезинде,
Бүркөлгөнү бул болсо,
Бизди Кудай урду деп.
Кырк чоронун баарысы,
Айбатына таң калып.
Арстан Манас баатырың,
Аркасынан сандалып.
Аз гана кошуун түмөн кол,
Азыраак болуп калды деп.
Чечилип тышка айта албай,
Чер таратып кайта албай.
Кошууну комсоо көрүнүп,

Каканга барып кагышып,
Кара канды агызып,
Карсылдашаар күн болот.
Арстаның муну ойлонуп,
Бараар жерим чоң Бээжин.
Бакбурчунун эли деп,
Арстаның Манас баатырдын,
Кайсы жерде кеми деп,
Кырк баатыр ойлоп калганы.
Жан арытып арстаның,
Эми жолго салганы.
Арстан Манас баатырга,
Артынан келип Алмамбет,
Салам айтып токтолот.
Алигин алып Арстаның,
Жанаша бирге бастырып,
Болгон сөздү Алакең,
Баштап айтты баяндап.
Кашыңда турат кырк бөрүң,
Түмөндөгөн кол менен.
Түйшүктү анан саларбыз,
Аманат жанга карзым бар,
Айтайын дедим өзүңө.
Арстаным уккун дартымды,
Ойлонгон сөзүм бул эле.
Оңунан келген иш болчу,
Каракан кызы Каныкей,
Ордосуна баралы,
Ошондон бата алалы.
Минтип жолго салсак дейм,
Капкалуу чоң коргонго,
Арстан Манас, Алмамбет,
Жакындап кирип барганы.
Кырк бөрүсү жанында,
Арстан Манас шаттанып,
Каныкейдин ордого,
Эми кирип барганы.
Акылы терең Каныкей,
Күндүзүндө тынчы жок,
Түндөсүндө уйку жок,
Түн уйкусун коюптур.
Арстан Манас Кабылан,
Келбей кантип кетсин деп,
Айылына кабар салганы.
Ургаачыдан уз койбой,
Бойго жеткен кыз койбой.
Кыз мүнөздүү кымча бел,
Каныкейдин кырк нөөкөр,
Зыпылдаган тасма бел.
Атылас кийип шоодурап,
Айнектей көзү жоодурап.
Айкөл Манас баатырдын,
Астын тозуп буралып.
Бир-бирине кыналып,
Акылы артык Каныкей,
Ак тамагы кылайып.
Арстан Манас баатырга,
Аста басып кеп айтып.
Кошо жүргөн кырк чороң,
Кыяматтык жолдошуң,
Кызыл чаар жолборсуң.
Аттансаңыз казатка,
Аллам өзү колдосун.
Иштеген ишиң курч болсун,
Кас душманың туз болсун.
Сай кашкаң арбып жүз болсун,
Акыр заман журтуңа,
Айтылгандай иш болсун.

Аттанып чыксаң оң күнү,
Сапар кылсаң чоң күнү,
Мыйзамга сыяр чоң күнү.
Алтын айчык Кызыл туу,
Асманды көздөй аштапсыз.
Түмөндөгөн калың кол,
Каптал жол менен баштапсыз.
Жесир катын, жетим уул,
Элиңди караан таштапсыз.
Кошунуң Айкөл каякта?
Жолуңуз болсун казатта.
Катында болсок угалык,
Кай жакка жүрдү колуңуз?
Кабарын айтып коюңуз.
Балан-бастан дегенче,
Катынга жооп бергенче.
Айкөлүң анда бурулуп,
Кабыландай чамынып,
Кайыптан акыл табылып.
Эр Алмамбет кеп баштап,
Ээ жеңеке деп баштап.
Кайсы бирин айтайын,
Каспаңдын кара тоосунда,
Кара суунун коосунда.
Чок табылгы жайлаган,
Алгара атын байлаган.
Жоо дегенде камынган,
Алды-алдынан чамынып,
Алоокенин кенжеси.
Жерлиги канча болот деп,
Коңтөрөгө жеңе деп,
Жазуугa жоктур даба деп.
Учурашып кетмекке,
Каныкей жеңе сага деп.
Береби жардам бизге деп,
Кеңешке келдик сизге деп,
Алакең айтып салганы.
Айтып оозун жыйганча,
Кырк чоро кирип келгени.
Кыргыл баштап карысы,
Кыргын тийген немедей,
Кырка түшүп калганы.
Ар кайсысы жүгүрүп,
Кырк бирөөнү алганы.
Чынжыры алтын жез түркүн,
Буудандарын байлашып.
Аккула минип албайып,
Арстан Манас кабылан,
Айкөлүң түшүп калганы.
Каныкей эжең бурулуп,
Аккуладай бууданды,
Суулуктан алып түшүрүп.
Элден мурун ат байлап,
Шайдооттугу бир шумдук.
Эликтей ыргып түйүлүп,
Эшик тартты Айкөлгө.
Арстаның баштап киргени,
Артынан Кыргыл жүргөнү.
Ата-уулдан чогулуп,
Кырк баатыр чогу киргени.
Баяндосту алдырып,
Астына мамык салдырып.
Жан казандай күрсүнү,
Капталына койдуруп.
Акбоз бээ сойдуруп,
Казы чайнап, жал кесип,
Тамактанып кетсин деп.
Кошо кирген кырк баатыр,

Кымызга кошуп бал чайкап,
Кымызды койбой ичишип.
Сөөктөрү ысышып,
Тамагын ичип талыкшып.
Албан түрлүү түркүн аш,
Дасторконго жайнады.
Кымызга бою кызышып,
Чекеден терин шыпырып.
Акыры кепти ташташып,
Аңгеме сөзгө киргени.
Балан жерде мен дагы,
Баатырлык кылып салдым деп,
Ар кайсысы күүлөнүп.
Алды-алдынан дуулдап,
Узун сөзгө кириптир.
Каткырыгы баш жарып,
Ырсаңдап күлүп калышып.
Катарлашып кырк баатыр,
Жанаша туруп калыптыр.
Ал аңгыча болбоду,
Ак маралдай чоюлуп,
Каныкей келип калыптыр.
Акырын айтып бош таштап,
Нуска сөз айтып салганы.
Алмамбетти бет алып,
Аярлап сөздү салганы.
Айтканды аяш тыңда деп,
Чоронун баары олтурат,
Аяшым тыңда кеп салып.
Кырк чоронун баарысы,
Кыргыл баштап карысы,
Кыраанымa жолдоштур.
Кылымды билген даанасы,
Кырк баатырдын баарысы,
Ак сарайдан жайалсын.
Келбей жүргөн кырк баатыр,
Бүгүн келген чагы бар.
Алмамбет аяшым,
Басташып пенде албаган,
Барса келбес деп угам.
Уругу кытай улуу журт,
Көптүгүн көрсөң кара курт,
Чиркейден бетер жайнаган,
Кумурскадай кайнаган.
Кылым кытай эл деген,
Беттешип пенде жеңбеген.
Кыйын жоого аттанып,
Кыраандар чыктың жол салып.
Азиретаалы барбаган,
Искендер изин салбаган.
Амир Темир албаган,
Кайсы бирин айтайын.
Кара жан үчүн киерге,
Ал сөздү айтып Каныкей,
Алмамбетти карады.
Анда Алакең кеп айтат,
Аяшым укчу деп айтат.
Калк туткасы кан болот,
Казат улуу жол болот.
Кан кайрылып конгон соң,
Канткенде журт оң болот.
Жеңе бизди кон дебе,
Ашуусу кыйын жон жатат.
Кошуундан калсак бөлүнүп,
Калабалуу кара белгиге.
Бул сөздү айтып салганда,
Бурала басып Каныкей,
Сыртка чыгып барганы.

Даярдап койгон башында,
Кырктан ашуун балбанга.
Барган жерде Каныкей,
Илинүү турган жанчыкка.
Оң колун эми салганы,
Сапсалгалуу сан ачкыч,
Санабай бирин алганы.
Казынаны ачтырып,
Кырк балбанды шаштырып.
Алып чыгып бир куржун,
Ыраңы жашыл көк куржун,
Көтөргөнү кырк балбан,
Көргөн адам таң калган.
Алып келген балбандар,
Ортого коюп салганы.
Оо аяшым деп айтат,
Алтында бедер так болбойт.
Бул куржундун ичинде,
Нелер бар да, нелер жок.
Бээжини ысык жер деген,
Ысыгын муза бербеген.
Көргөндүн көзү жайнаган,
Кумга койсо кумганды,
Куркурап чыгып кайнаган.
Аш бышымга токтолсо,
Кашык суусу калбаган.

## КАНЫКЕЙДИН КЫРК ЧОРОГО КИЙИМ ЖАСАГАНЫ

Кыйыганда карaанга,
Күн-түн дебей иштешип.
Болоттон кылган шибеге,
Он-он бештен сындырган.
Кийгендин көөнүн тындырган,
Жоого ылайык кылдырган,
Ушундай ишке жоруган.
Арасынын баарына,
Арыптап окту сологон.
Айкөлүңдүн казына,
Арбынырaак корогон.
Ички-тышты тегиз тон,
Ичи кадек тышы бөз.
Тышы торгун аты лас,
Жакасы алтын, жеңи жез,
Калыңдыгы жарым кез.
Бул тонду кийип турсаңыз,
Айгайлаган душманга,
Аралап боюң урсаңыз,
Акыр сенин өзүңө,
Ажал жеткен кабылар.
Айбалта менен бир салсаң,
Алтымыш мылтык атылар,
Ажалга өзү жатылар.
Жоболоңдуу кырк баатыр,
Тон талашаар акыр деп,
Коргоо болор кокус деп.
Жакасынын ичинде,
Жабыштырган каты бар.
Кытайга барсаң сапарга,
Кызматым ушул айтарга.
Кырк чалбарга кырк каргы,
Кылып койгон ишим бар,
Кызматка койгон кишим бар.
Бээжини бекем жер деген,
Кытайы кылым эл деген.

Жайлап-кыштап жатышса,
Эки жылы, бир жылы,
Эрикпестен атышса.
Ок-дарысы түгөнсө,
Ойрон жандан түңүлсө.
Кастарлуу эле Каныкей,
Кантип куру койсун деп,
Куржунга колун салаар деп.
Кокус кылып мен койсом,
Колу уялып калаар деп.
Жүргөн жерде кырк баатыр,
Жүздөн огу дагы бар.
Оттук бычак милтелүү,
Чиелери дагы бар.
Кармашканга каргаша,
Калса каапыр жармаша.
Эт жүрөккө саларга,
Эки миздүү тинте бар.
Эр башына соктурган,
Элүү кулач милте бар.
Бээжини бекем жер деген,
Ысыгы муза бербеген.
Көргөндүн көзү жайнаган,
Кумга койсо кумганды,
Куркурап чыгып кайнаган.
Аш бышымга токтолсо,
Кашык суусу калбаган.
Жер ысыгы өтөөр деп,
Кокустук кылып мен койсом,
Канга ылыйык кырк баатыр,
Кайраты бойдон кетээр деп.
Кербендерден кеп угуп,
Багыландын булгаары,
Баасы кыйын деп угуп.
Алтын берип аябай,
Мал көзүнө карабай.
Багыландан алдырып,
Бапырларга салдырып.
Алымсокту баш кылып,
Жүз өтүкчү алдырып.
Апырык менен сапырык,
Шири менен чары деп,
Не болгон үйдүн баары деп.
Көзөлдөр көзүн салаар деп,
Баатырың укса бул ишти,
Көңүлүнө алаар деп.
Сыр алдырбай бүтүрүп,
Сыр ордого житирип.
Ашык айтса болбос деп,
Алымсок менен кеңешип,
Алтындатып чордотуп.
Айнегин күмүш орнотуп,
Такасынын кыюусун,
Тасмал менен куратып.
Тамандын ичин ойдуруп,
Кош аалыдан салдырып.
Көргөндүн көзүн талдырып,
Кийсе кыба кандырып.
Кырк чорого кырк өтүк,
Кылып койгон мунум бар.
Жай кийериң бир бөлөк,
Барчадан байпак жоролу.
Чоң куржундун түбүнө,
Чогусу менен салгамын.
Ысык жерде нетээр деп,
Күн аптабы өтөөр деп,
Кылбай койсом бекер деп.
Аксуу, Турпан жеринен,

Ак кедик койдон алдырып.
Таза жерге жыктырып,
Тасмалдатып кырктырып.
Токсон кемпир чогултуп,
Тырмактатып тыттырып.
Тогуз ай бүтүн кылдатып,
Оймоктуудан уз койбой,
Келинге кесе бастырып,
Кызга кыя тиктирип.
Уздан узга сындатып,
Сайса найза тешкисис,
Чапса кылыч кескисис.
Калпактын чогу алтындан,
Кергенде окшош болгону.
Баалары калпактын,
Каймал төөгө токтоду.
Ысыктуу күнгө кийсин деп,
Ышынбай жоого тийсин деп.
Жай кийерге калпагың,
Күн аптабы өтпөс деп,
Баарын камдап таштадым.
Чоң куржунга капшырып,
Аманат деп тапшырып,
Чогу салып таштадым.
Айтып болду Каныкей,
Алиги турган кырк баатыр,
Астыртан аста кеп айтат,
Айтканы бекер деп айтат.
Катын киши өзү деп,
Айтпай койсо бекер деп.
Конбой кетип жатканда,
Какшык айткан сөзү деп,
Арамзаалар аны ойлоп.
Акылмандар иш болжоп,
Каныкейге айтты рахмат.
Катар токтоп турушту,
Кабылан Манас көп ойлоп.
Бу Каныкей катындын,
Бул айтканы чын болсо.
Аттан анан дебеске,
Артылта камчы чаппаска,
Артынан күүнү албаска.
Ак милтенин чогу урсун,
Ак келтенин огу урсун!
Катындан көөнү тынганы,
Не турдуңар кырк баатыр,
Жөнөңүздөр деди азыр.
Кырк баатырдын бууданга,
Жолборс үртүк жаптырган,
Дилде жүгөн каттырган,
Куралды ээрге тарттырган.
Кырк баатыр жөнөп калганы,
Кызматы минтип артылган.
Күндүзү көрпө тарттырып,
Куш жаздыгын арттырып.
Кол канжыга башына,
Бирден доол байлатып.
Өзүнүн атын бошотуп,
Жолдошуна коштотуп.
Койгон экен баарысын,
Койондой кылып окшотуп.
Кылганын көрүп алышып,
Кырк баатыр айраң калышып,
Баатырлар жөнөп калганы.
Жети кадам салганда,
Токтой турчу баатыр деп,
Тозулган киймиң акыр деп.
Кара торпок кескилеп,

Эшендерди жандатып,
Эгесине зар айтып.
Басып үйдөн чыгарда,
Жүз думана, он кожо,
Батакөйдү чакырып,
Жүдөбөй баккан чагы бар,
Жетимиш бир кары бар.
Жети жүз жетим баланын,
Жергелеш турган чагы бар.
Жетим менен жесирди,
Жергесине келтирип,
Жеңеңдин иши ушундай.
Жетим бала башына,
Бирден жамбы муштумдай,
Берип салды унчукпай.
Жетим менен жесирди,
Жергесине келтирип.
Баштап чыгып баатырың,
Кол көтөрдү акыры.
Көпчүлүк көзүн жаштады,
Көсөмдөр сөздү баштады.
Арызданды жан үчүн,
Шейит болгон мумберен.
Сызгырылган кан үчүн,
Алла Таала өзүңдөн,
Тиленебиз ал үчүн.
Камымды аста кылба деп,
Карып-мискин тиледик,
Дубабызды сыйла деп.
Калкы кытай оңойбу,
Кан козголгон оңорбу.
Бээжин шаары оңойбу,
Бек козголгон оңорбу.
Барса келбес жер деген,
Беттеген пенде жеңбеген.
Аттанганың алыс жол,
Кырк эки сан түмөн кол,
Кырк кишиче көрүнбөс,
Жараткан өзүң жардам бер.
Бул сөздү айтып буркурап,
Адамдын бары чуркурап.
Колунда бар адамдар,
Базардан алып кой союп.
Бечаранын баарысы,
Жетиден нан коюшуп.
Байлар байтал союшуп,
Жалпы ушуну көргөн соң.
Камынып турган көп кошуун,
Ак асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Доолбастар кагылып,
Найзанын учу жылтылдап,
Адамдын башы былкылдап.
Кол башчынын алдында,
Буудандарын алкынтып,
Жөнөп жолго салганы.

## АЛМАМБЕТТИ КАН КӨТӨРГӨНҮ

Кабылан Манас Арстаным,
Айланып жолду баштадың.
Алдыда жүргөн көп кошуун,
Кырк эки түмөн кол болду,
Барарын Бээжин жол болду.
Чалыяр алы келбеген,

Чарпышса чама келбеген.
Найзаларды бооладың,
Калчанын журтун жооладың.
Кумурскадай кайнаган,
Чиркейден бетер жайнаган.
Кытайың кыйла калың журт,
Азиретаалы барбаган,
Үрүстөм колун салбаган.
Ошо турган Бээжинге,
Арстаным Манас баштадың.
Туш тарабын тең карап,
Арстан Манас кеп баштап,
Ээ калың кол деп баштап.
Астыда жүргөн эр Бакай,
Колдун артын көрө албай.
Кылчак- кылчак каранып,
Эки көзүн сүрткүлөп.
Күңгүрөнүп жол баштап,
Кылкылдап кетип баратыр.
Ажыбай менен Серек бар,
Аянбасын жаныңар,
Астыда жүрөт каныңар.
Алда неме кылат деп,
Астында барат кан Бакай,
Аярлап салам бергиле.
Азыр эр Бакайда өкүмдүк,
Айтканыма көнсүн де.
Сөзүмдү сөгүп салбаса,
Көңүлүнө албаса.
Айтканым макул иш болсо,
Жолдун жайын бүт билет.
Бээжинден келген берениm,
Эмчекти бирге эмишкен,
Бел байлай турган медерим.
Кандыгын берсе абакең,
Алмамбеттей баатырга.
Бул сөздү айтып баатырың,
Кырк чорого карады.
Чоролор калды элдейип,
Турган жерде селдейип.
Баш көтөрүп карабай,
Өткүрсүнүп муну айтсак,
Кантип тирүү калабыз.
Сабыркаган кырк баатыр,
Барып кайра келишип.
Ажыбай менен Серекти,
Атын атап айткан соң,
Аттанып жолго салганы.
Серек менен Ажыбай,
Буудандарды жулкунтуп,
Жарышып жолго салганы.
Ийри-буйру кара суу,
Аргытып чыгып алганы.
Дөбөдөгү чатырга,
Эми көзүн салыптыр.
Келе жатат эки жан,
Тааный албай аларды,
Көргөндөр айраң таң болду.
Келе жатат жарышып,
Кийгендери күрөөкө.
Айтып балдар киргени,
Айттырбай эле эр Бакай,
Булардын оюн билгени.
Абакеңиз эр Бакай,
Мыйыгынан күлгөнү.
Андай болсо жүгүрүп,
Атын ал деп тапшырып,
Ажыбай келе жаткандыр.

Айтаар сөзгө аярым,
Нарктуу атанын баласы,
Ишинде жок чаласы.
Алтын Айдар чак белбоо,
Алмамбет келип калгандыр.
Оңуна салып ишибиз,
Кошуундун келип соңунан,
Алмаң өскөн көп элдин,
Кылганын көрүп алгандыр.
Аламан экен элиң деп,
Эсер өскөн элиң деп,
Бийликти мага бергин деп.
Колуңду баштап нетейин,
Кошуундан кайра кетем деп,
Кылчайып Алмаң калганы.
Кыйыктанып Алмамбет,
Айланта карап калганы.
Арстан Манас кабылан,
Өрттөнүп ичи чок болуп,
Кыңк этип жооп айта албай,
Кылчактап карап калганы.
Бакай абаң жообун,
Ажыбайды бер деди.
Ал аңгыча болбоду,
Буудандарын булкунтуп,
Ажыбай, Серек келгени.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көзүн жумганча.
Атын алып желдеттер,
Саламын айтып бүгүлүп,
Эки баатыр бир бурчта,
Отуруп калды чукчуйуп.
Астына даам коюшуп,
Аш-тамакка тоюшуп.
Алакан жайып кол ачып,
Дуба кылып болгон соң.
Эр Бакай кары кеп сурайт,
Не жумуш менен келдиңер,
Айтууга барбы сөзүңөр?
Жашылданат көзүңөр,
Кайрат кылар кезиңер,
Коркпогула өзүңөр.
Аргындын уулу Ажыбай,
Обдулуп коюп ордунан,
Эми сөздү баштады.
Тууга найза учтады,
Кайнаган калың түмөн кол,
Кандыкка Сизди көтөрдү.
Мурда берген кандыкты,
Абакем Бакай баатырдан,
Кайрылып сурап келгин деп,
Арстан Манас жумшады.
Улугубуз өзүңсүң,
Өлтүрсөң, койсоң өзүң бил!
Өлүмгө келдик экөөбүз.
Деп ошентип Ажыбай,
Мойнун жерге шылкыйтып,
Түгөл айтып салганы.
Айтканын угуп абасы,
Каткырыгы баш жарып,
Каткырып күлүп калганы.
Атым Бакай болгону,
Арбак башка конгону.
Нечен жерге кан болдум,
Кана менин мүйүзүм?
Кеңдигинен абаңа,
Келген дөөлөт токтогон.
Ошондон бери карасам,

Бул абаңдын ичинде,
Таруудай болгон кара жок.
Жарлыгын бузуп не кылсын,
Арстаным Манас Айкөлдүн.
Жалдырабай балдарым,
Ылдамыраак жөнөгүн.
Ал Алмамбет баатырды,
Манастан артык көрөмүн.
Сурап калса кандыкты,
Миң мертебе беремин.
Сөзүн кабыл көрдүм деп,
Айкөл Манас Кабыландын.
Алмамбет деген баатырды,
Айтканына көнгүн деп,
Эми бастым мөөрүмдү.
Алда кандай болду деп,
Ойлонуп койбо боорум деп.
Кайнаган калың көп кошуун,
Айтканына көнгүн деп.
Катчыга катын жаздырып,
Касиеттүү абакең,
Калдайтып мөөрүн бастырып.
Ажыбай менен Серекке,
Жарлык катын бергени.
Эски чопкут кийгизип,
Каспайырдын кара атка,
Карк алтын доол байлатып,
Кан Бакай жолго салганы.
Ошондон кийин токтолуп,
Арстан Манас баатырың,
Абасы Бакай баатырдын,
Катын колго алганы.
Түркүгү алтын чатырга,
Жигиттер жетип барыптыр,
Чыгып карап калыптыр.
Кайсы бири шыкаалап,
Бармак баткыс тешиктен,
Ушак айың кеп кылып,
Бирөөсү айтып башка кеп.
Баягы койгон каныңар,
Кандыгын бербей койду деп,
Каймана сөздү салыптыр.
Каңкоруна бир тартуу,
Сыйын кылып салыптыр.
Ажыбайга бир тартуу,
Алмамбетке бирди айтып,
Үч ат берип салган го,
Серек куру калган го?
Чогулган чоро муну айтат,
Чолок акыл чыгарып.
Ал аңгыча болбоду,
Ажыбай, Серек барганда,
Желдеттер атын алганы.
Киргенде Арстан билгени,
Мурутунан күлгөнү.
Кандыкты Бакай берди деп,
Баарысын макул көрдү деп.
Сураган кандык өкүмүн,
Султаным үчүн берди деп.
Алмамбет алат дегенди,
Абаң артык көрдү деп,
Аттарын кошуп берди деп.
Тыштагы бедөө аты деп,
Мынакей берген каты деп.
Арстан Манас баатырга,
Ажыкең сунуп калганы.
Колуна алып эр Манас,
Коюп койду жанына.

Чакыртып киши жибертти,
Эр Алмамбет баатырга.
Ал аңгыча болбоду,
Алмамбет келип калганы.
Айкөлдүгүн билгизип,
Башына таажы кийгизди.
Ушу турган сан кошуун,
Бириң эмес баарың ук,
Кары-жаш дебей баарың ук.
Абаңдан кандык кетти деп,
Падышалык өкүмү,
Алмамбетке өттү деп,
Түшүнгүлө кепти деп.
Ыраман кандын Ырчы уулу,
Ычкыры түпөк кырк муундуу.
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар сөзү шоктуу бул.
Жаратып атты миниптир,
Кайнаган кошуун көп колго,
Жар чакырып ийиптир.
Арстан Манас оңбосун,
Абакеси Бакайды,
Албан элге кан кылып.
Андан кийин карачы,
Алмамбет сындуу баатырды,
Кан көтөрүп койгонун.
Тентиген кул сай таппай,
Калк бирдигин алыптыр.
Алмамбеттей жолборсун,
Кан көтөрүп салыптыр.
Ырайымсыз куу кытай,
Айдап жүрүп жоготор.
Басылбаган чуу болду,
Арылбаган дуу болду.
Кошууну түшүп бүлүнүп,
Эркинче болуп жатканда,
Алтымыш нөөкөр жанында,
Токсон нөөкөр соңунда,
Алакең кирди колуна.
Кайнаган кошуун тобуна,
Кайра баштан караймын,
Кошуунум жалпы санаймын.
Бул санактан калганын,
Этибарга албаймын.
Айтылган сөзгө көнбөсө,
Жалбарган менен болбосмун.
Каргантпай соём өзүңдү,
Тазалаймын көзүңдү,
Сан кошуун уккун сөзүмдү.
Эсебин тактап бергин деп,
Алмамбет айгай салганы.
Калабалуу кытай деп,
Сан кошуун айраң калганы.
Бакайда тынчтык бар эле,
Ант урган кытай айкырып,
Өнөрү канча болду экен,
Өкүмүнө көнөлү.
Ат кайтарган бар экен,
Отунга кеткен дагы бар.
Айкайлап жүргөн андан көп,
Ойбойлогон дагы көп.
Тынч алып карап турбаган,
Ушуну бери чакыр деп,
Чуулаганы сандан көп.
Он кишиге бир башчы,
Оңбогон кытай чоң кылды.
Онун санап өткөнү,
Он башы кылып кеткени.

Жүзүн санап кеткени,
Жүз башы коюп кеткени.
Баатыр Алмаң ушинтип,
Түбүбүзгө жеткени.
Ойлонуп кой ушу деп,
Жүз миңге сөзүн бек кылды.
Дүйнө элине жайылып,
Айтыла турган сөз кылды.
Отуздан ашып бек саны,
Оңтойсуз жерден кысканы.
Он миңи бир түмөн,
Бек белгиси туу болду,
Беттеген жагы чуу болду.
Он миңге керней келтирди,
Туу саны отуз төрт болду,
Бет алган жагы өрт болду.
Кернейдин баары бапылдап,
Сурнайлар үнү такылдап.
Байрактын саны токсон миң,
Эсебин алып бүткөнү.
Алмамбет эми кеп айтат,
Ээ калайык деп айтат.
Кайнап жаткан көп кошуун,
Бириң эмес баарың ук.
Өкүмү эки болот деп,
Оюңа бириң албагын.
Жарлыгы жалган болот деп,
Эртеден баштап кошуундар,
Ат чалдырып кетпейсиң.
Чыканак жерге салбайсың,
Чырм этип уйку албайсың,
Бул жүрүшкө кандайсың.
Ат керт этип чөп жебей,
Чөп жесе да көп жебей.
Күнү-түнү бел чечпей,
Эр кылт этип суу ичпей.
Аз гана эмес, мол жүрүп,
Аз дегенде арада,
Үч айдан ашык жол жүрүп.
Күн чыгыштын жолуна,
Көп кошуун түшүп калганы.
Күбөлүктүн оюна,
Күрпүлдөктүн боюна,
Аңдап туруп калаарсың.
Ат кара тил болгончо,
Бээжинден чалгын чалаарсың,
Жол эсебин алаарсың.
Үйдөгүдөй болом деп,
Үлпөт куруп оңом деп,
Эгер барсак ал жерге,
Эсебин элдин алаармын.
Ушу турган он башы,
Койнуңа толор көз жашың.
Ортодон азып токтонсо,
Үмүттү үзгүн жаныңдан.
Жүзүңдүн бири жоголсо,
Жүзүңдү жуур көз жашың.
Кашык тамган каныңдан,
Үмүттү үзгүн жаныңдан.
Сан кошуунда миң башы,
Миңиң аман болбосоң,
Билип эсеп бербесең,
Ажалыңдын жеткени.
Айтканыма көнбөсөң,
Жалган болбос жарлыгым,
Сан кошуун уккун баарлыгын.
Өкүмүм эки дегенди,
Өрнөгүм ушул өлтүрдүм.

Алмамбет кебин жат кылып,
Алмабаш мылтык аттырып.
Ар тарапка Алакең,
Токсон желдет чаптырып.
Аралап желдет барганы,
Алиги сөздү айттырып.
Желдеттин кебин уккун соң,
Түбү душман кытайды,
Бээжинге барат деген де.
Катуу каар кылмакка,
Бечара-карып кыргызды,
Жеткирбей жолдо кырат го,
Алмамбет кылган иши го?
Арстан Манас дегениң,
Кыра берсин мейли деп,
Кылчайбай турган киши го?
Кытайдан улук кылганы,
Кырылат деген ушу го?
Катынды жесир кылдык ээ,
Ат чалдырып өтпөгөн,
Адамдын кылаар ишиби?
Бул сөздү айткан куу кытай,
Оңдуруучу кишиби?
Чыкынак жерге салбаган,
Чырм этип уйку албаган,
Адамдын кылаар ишиби?
Айтканы бузук бул кытай,
Кайнаган калың кошуунду,
Камдап барып кырат го?
Түпкө жетип акыры,
Анан көөнү тынат го?
Капа болуп камсыгып,
Не мураска жетебиз?
Аяк-башын караса,
Камсыкпаган пенде жок.
Көп кошуундун баарысы,
Аяк-башы дуу болуп,
Көп менен кошо көрөм деп,
Бел байлаган мындан көп.
Жеткен ажал бар болсо,
Үйдө да жатсам өлөм деп.
Түмөндөгөн көп кошуун,
Жазуусу күчтүү Алланын,
Жазуусуна көнөм деп,
Бел байлаган мындан көп.
Чабалдын баары буркурап,
Арызын айтып чуркурап,
Жолго эми салганы.
Бирден чубап өтүүгө,
Бир канжыга жол жетпей.
Ат чалдырып кетерге,
Бир бетеге чөп жетпей.
Супу Садык чанганда,
Таң агарып калганда.
Алмабаш үнү чаңырып,
Арстан Алмаң кошуунга,
Жөнөгүлө бачым деп,
Ал түнкү таттуу уйкудан,
Көп кошуун куру калганы.
Ак асаба туу болуп,
Айгайлаган чуу болуп.
Адамдын башы былкылдап,
Тегиз жөнөп калганы.

## БЭЭЖИНДИ КӨЗДӨЙ БЕТ АЛЫП, КЫРК ЭКИ ИЛЕК КАЛЫҢ КОЛ БАРА ЖАТКАНЫ

Кырк эки илек калың кол,
Айта берсе кыйын жол.
Жер чайпалган кол менен,
Он кишиге он башы,
Жүз башы менен миң башы,
Эсебин колдун алууга,
Азизкандын Алмамбет,
Шайма-шай кылып кошуунду,
Жалпы жамдап койгону.
Кошуундан бири жоголсо,
Өлдүк дешип бүлүнүп,
Кара жандан түңүлүп.
Миң башыга байрактан,
Жүз миңден ашуун бай лады,
Кошуунун эми айдады.
Кордой менен кол салып,
Камыш көлгө жол салып.
Ар жагы Иле түзөңдө,
Ашып түшүп алганы.
Кошуундун баары чамынып,
Арбытып жолго салганы.
Чыңыроону тартылып,
Чыбыр-чыбыр кең сайдан,
Сурнайдын үнү угулуп.
Какыраган кең сайдан,
Карасаң байкап көз менен,
Көк менен жердин арасы,
Көз жетпеди тунарып.
Өткөрмөк белес даркандан,
Өгүз кечүү чалкардан,
Кайнаган кошуун былкылдап,
Жайнап өтүп калганы.
Жүгүрүктүн белине,
Жүргөн таштын жээгине,
Жүйүрмөнүн кара саз,
Жүлүндөй сары кыядан,
Өтүп эми алганы.
Андан ары өткөндө,
Аягулдун оюнда,
Мазары бар чок терек,
Андан өтүп алганда.
Ар жагы тегиз баары саз,
Агала тоодон айланып,
Өтүп эми алганы.
Укмуш жерди көрдүк деп,
Катар-катар жөнөшүп.
Калдайган калың кол менен,
Алатактуу тоо менен,
Аңгек-жазык коо менен.
Кыйла черүү жазышып,
Туш тараптын баарынан,
Атып жолго салыптыр.
Булгун деген жандыкты,
Арттырып анын эттерин,
Алдыңкы жолго салыптыр.
Аттанып жолго чыкканы,
Кырк күн болуп калыптыр.
Баратып жолдон көз салса,
Кырктын башы Кыргылга.
Кыялы чукул Бозуул,
Он башы болуп алыптыр.
Бир күн өтүп кеткенде,

Кырк бир күн болуп толгондо,
Кыргылың жүдөп калыптыр.
Жүрө албай атка бөкчөйүп,
Ак сакалы бириндеп.
Кыл муруту бөлүнүп,
Бозуул көзгө көрүнүп.
Бозуулга Кыргыл кеп айтат,
Болбоду шайым деп айтат.
Ээ кулунум Бозуул,
Санаасы жакын дос уул.
Кол баштаган кытайың,
Калабалуу доңуз кул.
Каңгай кулдун дартынан,
Күн-түнү менен жол жүрүп,
Шайманым кетип жүдөдүм.
Жете албадым артынан,
Арстан сүрлүү Манаска.
Кытайга берип өкүмдү,
Байкап көрсөм бул канкор.
Кайнаган калың кошуундун,
Канын ичип жүрбөсүн?
Жолу каткан бул кытай,
Жолдун жайын билет деп.
Тынч жатып конуш алдырбай,
Жолдо кырып жүрбөсүн?
Мындай зордук болобу,
Он күндө бир кондурбай.
Ушу бүгүн көз салсам,
Күн эсебин чубуртуп.
Эсеп кылып санасам,
Күнү кырк бир күн болуп,
Түнү кырк бир түн болду.
Эсеп кылып байкасам,
Баары сексен эки күн болду.
Караламан калың кол,
Кандай күнгө туш болду.
Мындай алыс жүргөндө,
Чаалыкан жерде кондуруп.
Шаштырбай жолго салбайбы,
Кол эсалып калбайбы.
Кайнаган калың көп кошуун,
Кырылып кетсе не болот?
Муну айтып Кыргылың,
Чымырканып кеп айтат.
Ойрон Кыргыл мен болдум,
Он башы Бозуул сен болдуң.
Азапты мынча көргөнчө,
Айдалып жүрүп өлгөнчө.
Байлоодо жүрүп өлгөнчө,
Башымды кесип алсаңчы.
Кыргылың өлүп калды деп,
Манаска алып барсаңчы.
Кыргыл баатыр өлдү деп,
Кыяматты көрдү деп,
Кытайыңа барсаңчы.
Барып кабар салсаңчы,
Эстен кетсис иш кылып,
Айтканымды алсаңчы.
Энеден туулбай калсамчы,
Айтканымды аңдагын,
Аңдап көргүн Бозуул,
Атадан сызбай калсамчы.
Атым Кыргыл болгону,
Алтымышка толгону.
Тозокту мындай көрбөдүм,
Ажалдан мурун өлбөдүм.
Өлбөгөндө не болду,
Өбөктөп шайым кеткени.

Кыйналып Кыргыл турганы,
Кыйыгына өзү алып,
Бозуулду кудай урганы,
Урбаганда не болду?
Аксакалдуу Кыргылга,
Сен Кыргыл не дейсиң?
Кошуундун камын жебейсиң.
Азыр байкап карасам,
Жаның чыгып кетчүдөй.
Алсыраган немесиң,
Оозуңа жакшы сөз кирбей.
Башымды кесип ал дейсиң,
Өзүң өлүп калган соң,
Башканын камын не дейсиң?
Айтканын кылып салсамбы,
Башыңды кесип алсамбы,
Манасыңа барсамбы?
Кызыталак неттиң деп,
Түбүнө сен жеттиң деп.
Кыйынсынып кеттиң деп,
Кыйыгына каламбы?
Кылыйган жылчык таба албай,
Кысталып турган чагымда,
Туюгуна калармын.
Өлсөң өзүң өлө кой,
Аа дүйнөнү көрө кой.
Калабаны башка үйбөйүн,
Ара жолдо сен өлсөң,
Лаялаха иллаах,
Башыңды өйдө көтөрүп,
Белиңден өзүм бүктөймүн.
Акборчуктун өзүнө,
Арта салып жүктөймүн.
Кошуунду санга салганда,
Эсебин колдун алганда,
Айдап берип колдорун,
Азыркысы тогуз деп,
Сени менен он болот.
Жолдон өлдү доңуз деп,
Эсебиндиберермин.
Манасын менен беттешип,
Каарына калбаймын,
Карап туруп калбаймын.
Бул сөздү айтып Бозуул,
Койгун баатыр Кыргыл деп,
Жөнүгүңүз акыр деп.
Мурунтан кектүү каапыр деп,
Бир балээни кылат деп,
Бозуул эми басылды.
Ачууланып Кыргылчал,
Болду Бозуул баатырым,
Ыраазымын өзүңө,
Айткан бир топ сөзүңө.
Алыскы жолдо жолдошум,
Он башы деп чыгарган,
Ойрон кытай оңбосун.
Ал сөздү айтып Кыргылың,
Алсырап жолго салганы.
Ачуусу келип оронддойт,
Башымды кесип алса да,
Арстан Манас баатырдын,
Астына эми барбасам.
Кыямат азыр болду деп,
Кырасыңбы колду деп.
Кылымга калсын айтылып,
Кыйкырып туура айтпасам,
Кыркылып калсын сакалым.
Бул сөздү айтып Кыргылың,

Нардай болгон Акборчук,
Кара сандын өзүнө,
Имерип камчы салганы.
Акборчукту моюндап,
Кыргылың жөнөп калганы.
Кыргылды көрүп Бозуулу,
Кылчактап карап калганы.
Баягы Кыргыл баатырды,
Токтотууга он башы,
Келе албады чамасы.
Ойбойлошуп бакырып,
Жеткен жок акыр чамасы.
Дүмөгү далай бар эле,
Түбүбүзгө жетер деп,
Жоголуп акыр кетер деп.
Тогузун айдап топтошуп,
Бир-бирине окшошуп.
Кубалап алып соңунан,
Кыргылчалдын айынан.
Он башчысы Бозуул,
Көрбөй калсак бекер деп.
Көк сакал болгон Кыргылды,
Жоголуп өзү кетер деп.
Биригип кошо жүрбөсөк,
Ишибиз болор бекер деп.
Тогузун кууп дүрбөтүп,
Бозуул жолго салганы,
Баатыр Кыргыл артынан.
Алыска кетип калыптыр,
Арстан Манас баатырдын,
Майышпайт экен өз башы.
Айбандан күлүк Аккула,
Маралдай төшү салынып.
Багалчагы малынып,
Куюшкандык узарып.
Куюндан бүткөн чоң Кула,
Кулжадай көзүн кызартып.
Төөдөй болгон союлгур,
Төрт аягын тең салып,
Туягын жерге мылгытып,
Тумарын көккө ыргытып.
Басыгы чыгып алчактап,
Шайбырына төндүрүп,
Жоргосуна көндүрүп.
Эрикчү Манас бул эмес,
Эми эле атка мингенсип.
Арстан Манас Кабылан,
Шайбырлантып Куланы,
Эр Манас жүрүп калыптыр.
Аркасынан Кыргылың,
Жолуккандан кеп сурап.
Арстан Манас баатырды,
Көргөн киши барбы деп.
Кезиккен колдон көп сурап,
Кедери кеткен Манасты,
Көрдүңөрбү деп сурап.
Көргөндөрү кеп айтат,
Өрттөнүп кетсин канкоруң,
Бир топ күн болду көргөнбүз,
Өтүп кеткен бизден деп,
Кантип жүрөт бул чал деп.
Ойротто жок немеге,
Он башчысы жокпу деп.
Келесоо болгон шок чалбы?
Жүргөн чал оңой чал эмес,
Адам сынаар жан эмес.
Оозунда орой кеп Жүрөт,
Сөгүп-сагып Манасты,

Жолу каткыр деп жүрөт.
Бул сөздү айтып таңыркап,
Муну айтып көп кошун.
Манасты кайдан табам деп,
Акборчугун алкынтып.
Ылдыйда Акборчук,
Аркардай аяк сайылып.
Омуроонун тушуна,
Ак сакалы жайылып,
Кыргыл жолго салганы.
Кошууну көлдөй чайпалып,
Ак асаба туу болуп.
Арстан Манас кол алды,
Аккула менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Аркардай колу сайылып,
Аккуланын куйругу,
Асаба туудай жайылып.
Анжыяндан алдырган,
Сагаса күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган.
Шалдыркандуу чакчаны,
Оң колуна алыптыр.
Сол колуна салганы,
Насыбайын бир тартып,
Андан башка эрмек жок,
Кошуунун карап көрмөк жок.
Арстан эр жөнөп баратыр,
Аксакал Кыргыл айкырып,
Байрагын булгап калганы.
Бачагар түпкө жеттиң деп,
Өнө угулду чаңырык.
Кыргылдын үнүн укканда,
Кыйкырган үнүн укканда.
Көмө-Сары бел деген,
Аркы бетин жердеген.
Нескаранын көп эли,
Түркүн ойго чөмүлүп,
Нескара колу чыкканбы?
Каптал жактап камынып,
Атышып калаба салганбы?
Шашкалактап Кыргылым,
Аркамдан жөнөп калганбы?
Арстан Манас Кабылан,
Аны ойлонуп токтолду.
Байкап карап турганда,
Ачуусу келип курушуп,
Кыргылың шашып барганы.
Салам айтса алик жок,
Амандык айтса шүгүр жок,
Кыргылдын ичи кызыл чок.
Арстан Манас баатырдан,
Апкаарып калар жери жок.
Барган жерден күүлөнүп,
Кыргылың кирди сүйлөнүп.
Арстаным Манас билбейсиң,
Манас сенин кордугуң,
Айдап келген зордугуң.
Эл-журтун таштап эңгиреп,
Элкин келген кытайга,
Эл бийлетип зор кылдың.
Эл-журтуңдун баарына,
Эрибеген шор кылдың.
Каңгып келген кытайды,
Кан көтөрүп зор кылдың.
Акыр түбү эрибес,
Калдайган калың шор кылдың.
Кайнаган калың кытайың,

Кыргын алса оюбайт.
Ким билген мунун мындайын,
Ат чалдырып өтпөстөн,
Тамактанып көчпөстөн.
Уктап уйку кандырбай,
Жумган колду ачпастан.
Узак сапар жол тартпай,
Уруштурбай кытайга,
Убара кылдың кырууга.
Кытайдан келген элкин кул,
Санаасы бузук кытайдын,
Кылар иши мына бул.
Кыйнаган кошуун колунан,
Кайраты калбай жоголду.
Конуп калса нетер деп,
Каптаган калың кол чыкса,
Кырылыша кетер деп.
Кол кырылып калган соң,
Компоюшуң бекер деп.
Кайнаган кошун кырылса,
Кимге жетет убалы.
Кырктын башы Кыргылың,
Кыйкырып барып турганы.
Айтып сөзүн тынганы,
Баатыр Кыргыл турганы.
Арстан Манас бул жерде,
Кыйналган экен Кыргыл деп.
Кыл муруту солк этип,
Шек алдырбай Кыргылга,
Мыйыгынан күлгөнү.
Аттанып жолго чыкканда,
Жол болорго жакшы дейт,
Оройлук сөздү коё сал.
Ойротту билер карысың,
Бээжинге келген белегим,
Азизкандын Алмамбет,
Оён Алмаң каныбыз.
Кайнаган колдун баарысы,
Оңуп барат дейсиңби?
Калбаптыр такыр алыбыз.
Капалык менен чоголдук,
Бу сапар коё салыңыз.
Койгун баатыр Кыргылым,
Кайратың жыйып ичиңе,
Он башың кайда болду экен?
Тобуна кирип барыңыз.
Бул сөздү айтып Арстаның,
Тоодой болгон Аккула,
Кара санга бир салып,
Арстаның жөнөп калганы.
Түңүлгөн соң Кыргылың,
Манасың менен куруп кал.
Кытай-калмак биригип,
Баарың жерге кирип кал.
Буга окшогон кордукту,
Ким көргөн экен эми деп.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Арбыган экен мээнет деп.
Эртеден бери чапкылап,
Ооп калды эсим деп.
Көрдөн чыккан немедей,
Бут денем чаңга оролду.
Муну айтып Кыргылың,
Эми токтоп калыптыр.
Он башысы Бозуул,
Тогузун айдап ылдам деп,
Шаштырып жолго салыптыр.
Жолуккан элден кеп сурап,

Жолу каткан Кыргыл жок.
Көрдүңөрбү деп сурап,
Бозуул жүрдү акмалап.
Оройлонуп Кыргылы,
Жөнөп кеткен дартынан.
Көсөмүрөөк жан беле,
Көк ала сакал чал беле,
Жанараак бизден өттү деп.
Алмамбет, Манас баатырды,
Аянбай көздөп сөктү деп.
Айтканын угуп алганы,
Айдап алып тогузун,
Аргытып жолго салганы.
Кыргыл чалдын караанын,
Алыстан көрүп тааныды.
Атаңдын көрү Кыргылым,
Салам сизге деп айтып,
Кыргыл баатыр деп айтып.
Он кишини токтотуп,
Ошондо Бозуул кеп айтат,
Кыргыл баатыр деп айтат.
Арстаныңа бардыңбы?
Датыңды айтып салдыңбы?
Алмамбет, Манас кошулуп,
Датыңды кабыл алдыбы?
Ал жерге конуп калдыңбы?
Барбагын десем болбойсуң,
Акыры Кыргыл оңбойсуң.
Байкап айтпай сөзүңдү,
Кудай уруп салган го.
Ушуну күндө мен сага,
Бала болуп турганым.
Оройлук кылсаң курутам,
Ач бөрүдөй улутам.
Оолугуп чеки сөз айтсаң,
Байлатып алып урдуртам.
Атаңдын көрү Кыргылым,
Бастырып көрчү бөлүнүп.
Баш жутмакка турамын,
Болду, болду, болду – деп.
Акборчук менен болкоюп,
Манаска барып Кыргылың,
Кара жандан түңүлгөн.
Арстан Манас баатырың,
Колундакы дүрбүнү,
Алты имерип чойгондо,
Алты күндүк жолдорду,
Аркан бою келтирген.
Арстаның Манас Кабылан,
Дөбөгө чыгып алыптыр.
Алтын ооз дүрбүсүн,
Кошуунун карап салыптыр.
Коштогон аты бош кетип,
Кош ат колдон бош кетип.
Кайнаган кошун ичинде,
Оогон жакка баш кетип.
Эки көздөн аккан жаш,
Коюнуна төгүлүп.
Баш көтөрүп бастыр деп,
Айтып жүргөн андан көп.
Шайманы кетип бөлүнүп,
Кара тер басып төгүлүп,
Кайта турган андан көп.
Дөңгөч арткан немедей,
Эки-экиден жаткырып.
Экиден атка артышып,
Кууураган отун арткансып.
Аргамжы менен тартышып,

Аңдап жүргөн андан көп.
Колго түшкөн немедей,
Ат үстүнө кокойтуп,
Байлап жүргөн мындан көп.
Он башысы оройуп,
Ооз башы чормоюп,
Өзү жалгыз сороюп.
Кошундун ичин караса,
Миң башысы бөлүнүп.
Миң башынын айтканын,
Бири дагы угалбай,
Укса дагы тил албай.
Кайда экенин биле албай,
Казып көргө кире албай,
Кайгырганы андан көп.
Карарган калың тобунан,
Айрылганы сандан көп.
Арстан Манас кабылан,
Аларды көрүп абыдан.
Ашыгып жүрүш болбос деп,
Кол кырылып кетер деп.
Ушунча кошун кырылса,
Убалы кимге жетер деп.
Аккула менен аргытып,
Басканын ылдам арбытып.
Алмамбетке жетем деп,
Арстаның жолго салыптыр.
Эңкейген бөксө талаада,
Эшилген кызыл топурак.
Энтигип туусун көтөрүп,
Астыда жүргөн Алмамбет.
Айсарала буудандын,
Бадалдай жалы былкылдап,
Макмалдай жүнү жылтылдап.
Айсарала буудандын,
Басканы сонун зыпылдап.
Канаты бар Сарала,
Учкан куш менен жарышып.
Туягы тийген кара таш,
Тең бөлүнүп жарылып.
Баатыр Алмаң баратат,
Маш адамдай зымпыйып.
Азыр атка мингендей,
Эмеле жолго киргендей.
Эриге турган эр эмес,
Пардашына караса,
Падышадан кем эмес.
Караанын көрүп Алмаңдын,
Арстан Манас бакырып.
Алмамбеттей баатырды,
Туу булгалап чакырып.
Арстандын уну чыкканда,
Бакырыгын укканда.
Эр Алмамбет ойлонуп,
Артын карап толгонуп.
Ушу тушта болчу эле,
Кушсаранын ач бели.
Ар жагында болчу эле,
Чоң Жолойдун көп эли.
Көп кошун жөнөп алганбы?
Кол аттанып калганбы?
Көп кошунду капталдап,
Качырып уруш салганбы?
Шашкалактап эр Манас,
Аркамдан келип калганбы?
Бир паска токтоп турайын,
Айткан сөзүн угайын.
Алда кандай күн болду,

Деп ошентип ойлонуп,
Алмамбет токтоп калганы.
Артынан келип Арстаның,
Саламдашып калганы.
Ашепке кылбай жарлыкты,
Урматтайбыз кандыкты.
Арстаның салам салганы,
Алмамбет кабыл алганы.
Ашыгыпсың Арстаным,
Ашыкканың кандай деп,
Алмамбет сурап калганы.
Арстаның Манас кеп айтат,
Алмамбет укчу деп айтат.
Алланын атын жат айтып,
Аттанып жолго киргени.
Сексен жети күн болуп,
Селдей болгон кошундан,
Үстүнө кара түн болуп.
Үстөк-босток жол жүрүп,
Тынымы жок көп кошун,
Шайманы элдин кетиптир.
Ары жакты бет алып,
Кетүүчүдөй болуптур.
Кыргылчал келип дат айтып,
Астыма келип калганы.
Калжырабай шүк жүр деп,
Кыргылды Манас жемелеп,
Кайтарып жолго салганы.
Арстан Алмаң не дейсиң?
Өргүтүп алсак нетет деп,
Бул сөздү айтып салганы.
Азизкандын Алмамбет,
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып.
Арстаным Айкөл не дейсиң?
Кыргылга өзүң шылтоолоп,
Кошундун камын не жейсиң?
Жалган болсо жарлыгың,
Жарабаса кандыгым,
Кандыктан азыр алыңыз.
Качып келген Алмаңды,
Калас кылып салыңыз.
Арстан Манас Кабылан,
Кылымда мындай кол болбойт,
Акыры чынын айтканда,
Кыргылың өлбөй жол болбойт.
Кыргылың мындан өлбөсө,
Кыяматты көрбөсө,
Кайнаган кошун көп элдин,
Акыры иши оң болбойт.
Андан бөлөк сөз айтпай,
Арстаның Алмаң токтобой,
Аксарала бууданга,
Камчы салып калганы.
Араандай оозун ачтырып,
Бууданы менен аргытып,
Астына түшүп алганы,
Арбытып жолго салганы.
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Арстаның Манас күйлөнүп.
Кыргылдын сөзүн угам деп,
Шагым жаман сынганы.
Кайсы бирин айтам деп,
Аккула минип болкоюп,
Акыл ойлоп салайып,
Жай бастырып калганы.
Кыраан Алмаң баатырың,
Кылчайып артын карабай,

Сарала оозун бурбады,
Аян кылып турбады.
Атаңдын көрү дүйнө деп,
Салынып келген кара кыр,
Шараптын кыры деп айтып,
Салган бойдон барганы.
Санаага бир топ иш келип,
Жер жайнаган кошуунун,
Ошондо карап калганы.
Кагазын ачып барактап,
Кошундун санын алганы.
Чыккан күнүн эсептеп,
Күнү кырк беш күн болуп,
Түнү кырк беш түн болуп.
Эсеп кылса экөөнү,
Күн-түнү менен биригип,
Экөө токсон күн болуп.
Эсептеп Алмаң алганы,
Айтылган сөз эрмекке,
Кошунун эми көрмөккө.
Алтымыш уста, кырк зергер,
Айнегин артык орноткон.
Булгаары менен каптаган,
Бурамалуу каркыттан.
Болоттон кылган сабы бар,
Бой тумар чалыш кабы бар.
Сууруп алып койнунан,
Боосун албай мойнунан.
Алмаң дүрбү салганы,
Кошуунун карап калганы.
Көпчүлүгүн караса,
Көшүүл тартып калыптыр,
Көбү жүрбөй калыптыр.
Астыңкы кошуун айдалып,
Арты келет теңселип,
Аркан-жипсиз байланып.
Бели катуу бек айбат,
Ыктуулардын баарысы,
Кайратты жыйып боюна.
Мыктылардын баарысы,
Артынан жыйып кошунду,
Айдап келе жатканы.
Шайманы жок кээ бирин,
Ат үстүнө сарпөштөп,
Байлап келе жатканы.
Имерилип көз салып,
Алы чак экен кошун деп,
Таң калып туруп калганы.
Кошунум кантээр экен деп,
Кырылып кетер бекен деп.
Убалы кимге жетет деп,
Аны ойлонуп Алакең,
Кобулдуу өтөк жайыкта,
Колду күтүп турганы.
Кошундун асты келгенде,
Конуңар мында жайланып.
Алтындан доолун имерип,
Күпүлдөтө урганы.
Кудай мындай бербестир,
Конгула деп бул жерге,
Уруксат берип салганы.
Бириндеп аттан түшүшүп,
Басалбай жерди сүзүшүп.
Кай бирин байкап карасаң,
Аттан түшөр алы жок,
Аа карашар бир жан жок.
Атынан ооп кыйшайып,
Кулап аткан андан көп.

Өлүм келип оюна,
Сулап аткан мындан көп.
Аттардын баары бош кетип,
Артылган бойдон кош кетип.
Буларды көргөн көп кошун,
Көздөн жашы мончоктоп.
Он эки талаа жаш кетип,
Калың эл жатып калганы.
Атыңарды байла деп,
Алмамбет айтып салганы.
Айтылган сөздү укпады,
Аттары кетип бөлүнүп.
Аа дүйнө кетчү немедей,
Аңтарып көздү уктады.
Аттардын баары бозгону,
Алмамбет баатыр тоскону.
Кайсы бирин караса,
Ээри кетип бооруна,
Куюшкан кетип сооруга,
Сүйрөп жүргөн андан көп.
Жүдөгөндөн жыгылып,
Сүйөнгөнү андан көп.
Ээр токуму калдырап,
Ооздугу шалдырап.
Бош кеткен аттын баарысын,
Боз Көбөн аттуу чалганы.
Ооздук чыкпай шалдырап,
Суунун жытын алган соң,
Табандынын кара суу,
Так чубады ушунда.
Алмамбет карап көз салып,
Кеткен атты карады.
Кырга чыгып алганы,
Кеткен аттын баарысын,
Көрүп Алмаң калганы.
Көлүк аттын баарысы,
Ысык суу ичип алар деп.
Жоор чыкса капталдан,
Көлүктөр болбой калар деп.
Алакең көрүп алган соң,
Аттарды тозуп утурлап.
Ак доолду колго алып,
Карс дедире салганы.
Жонундагы алмабаш,
Жонунан жулуп алганы.
Алмабаш үнү чаңырып,
Алмамбет айгай салганы.
Аттарды салып астына,
Артынан Алмаң кууганы.
Кытайча салып ураанды,
Каңгай-каңгай деп,
Аттардын баарын үркүтүп,
Адамдын баарын дүргүтүп.
Коркокторун мүргүтүп,
Кошунду койдой үркүтүп.
Кошунга кирди аралап,
Кужулдашып көп кошун,
Колго түштүк деп ойлоп.
Ыштан салды кылгандар,
Ыргып туруп ордунан,
Шымын бутка салышып,
Ыргып тура калышып.
Мүдүрүлүп луп жыгылып,
Жүрөгү оозго тыгылып.
Ычкырлары үзүлүп,
Үстөмөндөп жыгылып.
Аркы-терки сүзүшүп,
Кыйырысын ургандай.

Кырдана түшүп жыгылып,
Кыйрап жаткан андан көп.
Кытайга кудай бардыр деп,
Ыйлап жаткан мындан көп.
Дамбалына байланып,
Туйлап жаткан андан көп.
Айдап салып бермекке,
Келген экен кытай деп,
Каргап жүргөн мындан көп.
Көп кошун минтип жатканда,
Ошондо Алмаң кеп айтат.
Маңдай жагы Баткалда,
Жолдо чүлүм Чаткалда.
Бээжин кайда, жер кайда?
Кытай кайда, эл кайда?
Кыйналып турган кошунга,
Жардам кылар эр кайда?
Түнөп алып арада,
Куру дүрбөш не пайда.
Аттардын көбү жоор деп,
Байкаганда андайды,
Ичиң күйүп чок болот.
Байкап өзүң карасаң,
Андайдын иши бузук деп.
Оң кулак менен сол кулак,
Каймана сөздү укпасын.
Билесиң го көп кошун,
Жаныңдан тирүү чыкпасын.
Эми да Бээжин кыйла деп,
Атыңды таңдан ашырып,
Уйкуңду анан тыңда деп.
Бейкапар жатып кыйра деп,
Алмамбет айтып мындай кеп,
Кошун ду сыйлап калганы.
Акылмандар кеп айтып,
Алмамбеттей уулду,
Айдарым соккон желге окшоп.
Элкин жүргөн бул кытай,
Эр экен го деп айтып.
Элден ашык тың экен,
Эч жерден ноюп койбогон.
Не түркүн ойду ойлойт деп,
Кошунунун баарысын,
Түпкү жайын ойлойт деп.
Кошуунунун баарысы,
Айткан сөзү бу болду.
Мында туруп нетебиз,
Не мураска жетебиз.
Кытай да кыйла суу агат,
Дарыя Үркүн кечели.
Куу-өрдөк жаткан көлү бар,
Куу эчки турган кара таш.
Кыркмус шаанын Мурадыл,
Кызыталак кытайдын,
Четире деген жери бар.
Бастырып чалгын чалайын,
Жөн жайын байкап алайын.
Муну ойлонуп Алакең,
Айсарала буудандын,
Бучкакка камчы салганы.
Сарала менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Аппак талаа шор менен,
Күн чыгыш жакка бурулуп,
Алакең жолго салган жер.
Үркүндүн асты жагында,
Күрпүлдөктүн кашка суу.
Буудандын оозун бура албай,

Бура тартып тура албай,
Бешимде кирип барганы.
Күрпүлдөктүн кашка суу,
Мөңгүнүн башы бузулуп.
Камыштын баары калкылдап,
Ак көбүк болуп шарпылдап.
Типтик түшүп калдырттап,
Үйдөй болгон кара таш,
Аңтарылып куланып.
Адамзат пендеси,
Барар эмес жакындап.
Ошо сууну көргөндө,
Өйдө-төмөн бойлобой,
Өлөмүн деп ойлобой.
Айсарала бууданды,
Такымга тартып жиберип.
Аллам өзүң колдо деп,
Сууга кирип калганы.
Кирген жерден жоголуп,
Айсарала бууданы,
Таканчыктап оңолуп,
Ортолоп барып калганы.
Эр Алмамбет баатырың,
Аттанар жакка кыйшайып.
Ооздуктук төңөлүк,
Оң бармагын салганы.
Салаңдап алып Алакең,
Итбандак уруп калыптыр.
Азизкандын Алмамбет,
Суудан чыгып алганы.
Сарынжынын өңүрүн,
Шаркырата сыгыптыр.
Сарала аттын үстүнө,
Алмаң жаңы чыкканы.
Бул жерди байкап көрөм деп,
Мусулман үчүн бурулуп.
Арстан Манас баатырга,
Башым кирип кеткенче,
Кызмат жасап берем деп.
Куу-өрдөк жатса көлүндө,
Ок жетер жерге таянсам,
Оодарып атып алармын.
Алыстан көрүп куу-өрдөк,
Көтөрүлүп калкылдап,
Куу-өрдөк учуп жөнөдү.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Бээжинге азыр барар деп.
Берен Алмаң баатырың,
Милтеге эми чок коюп.
Алмабаш менен тик туруп,
Кароолго көзү илинип,
Мергендиги билинип.
Оң мурунун өзү деп,
Өзү эмес кара көзү деп.
Алмабаш үнү чаңырып,
Оң канаты чабылып.
Оён Алмаң баатырың,
Бир Аллага жалынып.
Сол канатын чапкылап,
Такыядай чокуга,
Таянып чыгып алмакка,
Далалат кылган кези экен.
Обдулуп кирип Алакең,
Сарала оозун бурганы,
Бучкакка камчы урганы.
Мүрүсү сынган өрдөккө,
Жакындап келип турганы.
Куу-өрдөккө жакындап,

Алакең карап турбады.
Түшө калып Алакең,
Кармай калып шапа-шуп,
Башын жулуп тынганы.
Санаасы тынып Алакең,
Үйдөй терек түбүнө,
Жетип Алмаң токтолуп.
Сараланы жайдактап,
Аса байлап маймактап.
Куранды ээрге токуткан,
Ак каңкы ээрин жазданып.
Башына коюп куш жаздык,
Кыбыланы баштанып,
Буту-колун чоюптур,
Жаздыкка башын коюптур.
Чыйрыккан дене жазылып,
Катуу уйкуну салыптыр,
Коркурап уктап калыптыр.
Көтөрүлүп солк этпей,
Кетип калган эмедей,
Башын жерден алалбай,
Сулк эле жатып калыптыр.
Далысын жерден алалбай,
Алп уйкуну салыптыр,
Катуу уктап калыптыр.
Коңуругу баш жарып,
Кошуну көрүп таң калып,
Тогуз күн жатып калыптыр.
Ушу жерден өлүп калар деп,
Көп кошуну турат жарданып.
Он алты күнү бут серппей,
Оён Алмаң баатырың,
Уктап уйку кандырып.
Денеси балкып жазылып,
Умачтай көзү ачылып.
Уйкусу канып Алакең,
Бүткөн бою жазылып.
Түркүн санаа ойлонуп,
Узак сапар жол бастым.
Астымдагы бир ашуу,
Күрпүлдөктүн кашка суу.
Көп кошун кантип өтүүр деп,
Түркүн ойлоп түйшөлтүп,
Санаага эми батканы.
Бул жерде карап турбайын,
Өтүүнүн камын кылайын.
Күрпүлдөп жаткан кашка суу,
Таштан ташка урунуп.
Үйдөй болгон кара таш,
Аңтарылып кулаган.
Астынан ташы калдырттап,
Ак көбүк болуп шалдырттап,
Катуу кирген чагы экен.
Канаттуу учуп өтпөсө,
Толкуп кеткен жээгине,
Токтолуп пенде келе албайт.
Муну ойлонуп Алакең,
Үзөнгүгө бут салды.
Аралап кошун ичинен,
Алакеңди көрдүңбү?
Манастын келди кашына.
Кырк чоросу кашында,
Кыргыл, Бакай башында.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
«Ээ калайык» – деп айтат.
Улук кандын баары бар,
Айтылган сөздү угуп бак.
Кыйла кымбат жолу бар,

Тоо көрүнбөй түз болгон.
Кыйла кийин жери бар,
Адам уулу өтпөгөн.
Аярдын баары жол салган,
Түз жери жок тоо болгон.
Түктүүнүн баары жоо болгон,
Алаткан деген ою бар.
Киши кийик, төө кийик,
Кайып болуп жоголгон.
Пендеден түркүн алпы бар,
Жабыр баян деген бар.
Адамга кол салган,
Жадоочу деген заңгар бар.
Чукул жерден кабылса,
Соруп алчу жандар бар.
Бүлүндүрүп кол салчу,
Аркадар деген кушу бар.
Адамды көрсө кокустан,
Үстүнө жаба чычуучу,
Чычкан богу ак болгон.
Күйүп-жанып чок болот,
Адамдын башы маң болот.
Ар түркүн адам жолукса,
Күйүп-жанып чок болгон.
Андайлар окус кабылса.
Ат ичмегин алыңар,
Ичмекти отко салыңар.
Ат тери менен эр тери,
Коңурсуп отко күйгөндө.
Акылы катып аярдын,
Астыңа түшөт кыйшаңдап.
Ал каапырдын чалганы,
Узундугу бир кулач,
Жакындаба жанына.
Тулку бою уу болот,
Кабылган адам кайтпаган,
Душмандын бири мына ушул.
Жараткан Алла өзүң деп,
Күндү бүгүн жайлайын.
Күрпүлдөктүн суусунан,
Күндү жайлап өтпөсөк,
Кошуундан калбайт бүлүнүп.
Деп ошентип Алакең,
Күндү жайлап салганы.
Карарып асман бүркөлүп,
Жаай түшүп чүмкөлүп.
Кар аралаш дыбырап,
Шамал болуп дыр коюп,
Мөндүр түшүп шыбырап.
Алты күн өтүп калганда,
Асмандан мөндүр төгүлүп,
Алты сай мөндүр көрүнүп.
Жаап туруп кыш болуп,
Күрпүлдөктүн кашка суу,
Көк жалтаң тартып муз болуп.
Аязына чыдабай,
Адамдын баары зыркырап.
Өлтүрөт го кытай деп,
Бирин бири тебелеп,
Жатып аткан андан көп.
Жамаат кошуун жабылып,
Кыңшылап ыйлап кыз болду.
Жаткан орун сыз болуп,
Жумадан жума өткөнү.
Жамбаштын баары сыз ооруп,
Көз ачырбай кыш болуп.
Кара жандан түңүлүп,
Жортуулга чыгып көрбөгөн,

Жол кадырын билбеген,
Шайманы кетип бүгүлүп.
Эрдемсинген кыйласы,
Эс-акылдан танышып.
Алакеңди көрдүңбү,
Он үч дуба арибин,
Ар бирисин чечкени.
Чүмкөлгөн кара булут жок,
Күркүрөп шамаал айдады.
Тумандан неме калбады,
Туш-туштан шамаал айдады.
Көндөн көзү көрүнүп,
Булут турат сөгүлүп.
Жерден чыккан кара буу,
Көтөрүлүп бөлүнүп.
Кайнаган кошуун чуркурап,
Кош-колоңун тартышып.
Кош атка жүгүн артышып,
Жабылып атка мингени.
Адамдын башы былкылдап,
Найзанын учу жылтылдап.
Алтын айчык асаба,
Көтөрүлүп жалпылдап.
Буудан аттар алкылдап,
Азизкандын Алмамбет,
Түмөндөгөн кошуундун,
Алдына түшүп кол баштап.
Кулак-мээни тундурган,
Күрпүлдөктүн кашка суу,
Шылдыраган булак жок.
Көк кашка болуп муз тоңуп,
Шылдыраган булак жок.
Жайма-жай өтүп алышып,
Сай көрүнүп бөлүнүп,
Көргөндүн көөнү бөлүнүп.
Үйдөй болгон кара таш,
Аралда жатат заңкайып.
Агындылар аркайып,
Дөңгөчтөр жатат заңкайып.
Өгүздөй кара балыктар,
Өлүп жатат тоңкоюп.
Күрпүлдөгөн кашка суу,
Какшып тоңуп калганы.
Жер жайнаган көп кошун,
Капарсыз өтүп алганы.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Чууну-чууга ургузуп,
Чууга кулак тунгузуп.
Кылычы белде кыңгырап,
Айбалта жанда шыңгырап.
Алты күн андан өткөндө,
Аралга конуп алышып.
Ар кошунга төрт бээден,
Ай туякка чалышып,
Жайылып жатып калганы.
Беш күнү жайлап жатышып,
Баатырлары зеригип.
Кайнаган кытай эл менен,
Кармашып бүлүк салсак деп,
Баатырлары жээлигип.
Алтындан тууну аштады,
Тогуз күнгө толгондо,
Кошуунду Алмаң баштады.
Адыр-адыр жер болуп,
Эриме деген белеске,
Алакең жолду баштады.
Түз талаанын баары адыр,

Буйтка тарткан жери көп.
Буйтканын жери суюлуп,
Бугусу жүрөт куюлуп.
Адырдын чөбү суюлуп,
Аркары жүрөт куюлуп.
Арыздуу пенде наалыбас,
Аркарын адам таанбас.
Атаганат дүнүйө,
Ушундай жер болобу?
Байыр алып бир түнү,
Ушу жерге конолу.
Көп кошуун чуулап калганы,
Кайнаган кошуун токтолуп.
Кош аттан жүгүн түшүрүп,
Ортого алып аркарды,
Найза менен сулатып.
Он, он бештен союшуп,
Аппак майга тоюшуп,
Оргуп жатып калганы.
Жер очогун оюшуп,
Жан казан асып салганы.
Ууртан майы куюлуп,
Бурулдата чайнашып,
Белин бекем байлашып,
Белсенип жатып калганы.
Арыздуу пенде кабылса,
Чыгуучудай арманы.
Саадакты колго алышып,
Бугудан тандап атышып.
Буулугуп турган берендер,
Бут серппей уктап жатышып.
Чырм этип уйку алышып,
Чыдамсыз күтүп берендер,
Беттешип эми барсак деп,
Кытайды самап жатышып.
Кутуруп кулан ойногон,
Кызыгын көргөн тойбогон.
Чиркейи бар чычкандай,
Чычкандарын байкасаң,
Үч айлык күчүк сымалдуу.
Дөгөчү деген дарактын,
Жалбырагы калдайып,
Төрт канат үйдүн үзүктөй.
Жекени бар сазында,
Жоондугу челектей.
Топ-тобу менен камышы,
Жоондугун карасаң,
Кере кулач челектей.
Төртүнчү күн өткөндө,
Суулуу сазга барганы.
Көлчүк-көлчүк суусу бар,
Бөлүнүп учкан куусу бар.
Канатын жазып каркылдап,
Учуп чыккан кулаалы.
Бир канаттын узуну,
Кере кулач чоюлган.
Кара суунун боюнда,
Чытырман токой жыш экен.
Алчалары аяктай,
Кымыздыгы таяктай.
Сур өгүздөй каман бар,
Адамга душман жаман бар.
Чочкосу койдой жайылган,
Түрлүү гүлдөр гүлдөгөн.
Түркүн булбул сүйлөгөн,
Кызыгы арткан дүйнөдөн.
Кералы деген чымчык бар,
Чоңдугу аны байкаса,

Үйрүндө жүргөн короздой.
Машаларын карасаң,
Суудагы суксур чүрөктөй.
Алмасы бар аяктай,
Кымыздыгы таяктай.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
Жайланып эми алыңар.
Кысылсаң кайып аткыла,
Кысылбасаң жай алып,
Эркинче ойноп жаткыла.
Ач болсоң аркар атарсың,
Ач болбосоң жатарсың.
Буулуксаң бугу аткыла,
Буулукпасаң жаткыла.
Ушу жерде кыштайбыз,
Макул деп эми жаткыла.
Баштап душман келе албайт,
Баш көтөрбөй жаткыла.
Чыйрыкканың жазылар,
Чырм этсен көзүң ачылар.
Очогор атып түздөп ал,
Оюңа келген кайыпты,
Ушул жерден издеп ал.
Буудандарды бошоткун,
Алып колго бай лабай,
Бошотуп ийгин атыңды.
Деп ошентип Алакец,
Эркиндикти бергени.
Ары-бери жөө басып,
Кыла бер кызык тамаша,
Кошуңду тиккин жанаша.
Алакең айтып ар кыл сөз,
Арстан Манас баатырың,
Ал сөздү кабыл алыптыр.
Кайнаган кошун жай алып,
Кошуну бирге аралаш.
Шабият тээп шар ойноп,
Шар ойносо баары ойноп.
Күнү-түнү тынбай жол жүрүп,
Чаалыгып келген берендер,
Чаалыкканын унутуп.
Ар түрдүү кайып атышып,
Аңгеме сөзгө батышып.
Ар кайсынын этинен,
Аңдап даамын татышып.
Ушул жердин өзүндө,
Талыкпай беш ай жатышып.
Күн узарып жылымдап,
Кар четинен оюлуп,
Кетер менен чөп чыкты.
Кара кыйгак шибер чөп,
Ат тушардан өткөнү.
Кайсаң-куйсаң чайнашып,
Буудандар толук эт алды.
Кошундун баары зеригип,
Кайда кытай кайда деп,
Теңинен көбү жээлигип.
Барсак деп Бээжин шаарына,
Кобур кирди элине.
Алмамбет баатыр ойлонуп,
Байкап муну билгени.
Арстан Манас баатырга,
Алакең эми киргени.
Арстаным Манас не дейсиң?
Кайнаган кошуун кол болду,
Кайрылып карап турбастыр.

## АЛМАМБЕТ АЛТЫ КАНГА БАРЫП КОЛ ЭСЕБИН АЛГАНЫ. УЛАККАНДЫН СЫРГАГЫН ЭЭРЧИТИП ЧАЛГЫНГА ЧЫГЫШЫ

Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Азизкандын Алмамбет,
Кайнаган кошун эл турса,
Кагылайын Сыргагым,
Батасын сурап алалы,
Чалгынга анан баралы.
Деп Алакең муну айтып,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Сыр найзаны таянып,
Эки жагын каранып.
Кайнаган кошуун астына,
Жакындап кирип барганы.
Ашуу ашып, суу кечип,
Аманат жандан түңүлүп,
Өргүткөнгө сүйүнүп.
Кайнаган кошун дүрбөшүп,
Бирин бири тур дешип,
Кырк баатыр кырка турганы.
Кыргыл менен эр Бакай,
Элемандын Төштүгү.
Эштектерден Жамгырчы,
Казактардын Көкчөсү.
Кара жаак эр Үрбү,
Анжыяндан Санжыбек.
Буудайыктын Музбурчак,
Бар улуктар жыйылып.
Кеп кеңешин салышып,
Кээ бир ишке наалышып,
Кошуундун жайын сурашып.
Мына ошондо Алакең,
Сарала оозун буруптур.
Ат үсьүнөн жайма-жай,
Салам айтып туруптур.
Отургандын баарысы,
Саламын кабы л алганы.
Буудандан түшүп Алакең,
Аралашып калганы,
Айтып сөздү салганы.
Кайнаган кошун көп эле,
Эсебин эми алалы.
Алла Таалам не кылса,
Тагдырына көнөлү.
Эл жыйылып келсин деп,
Он башы менен миң башы,
Эсебин азыр берсин деп.
Жаалданып Алмамбет,
Калың кошун ичине,
Жар чакырып ийгени.
Кошунум түгөл болсо деп,
Коомайсынган мындан көп.
Тобумдан киши жок болуп,
Өлбөйлү бекер окус деп.
Миң башы менен беги бар,
Бир-биринен сурашып.
Кошунуң аман бекен деп?
Жүдөгөнү андан көп.
Койнуна толуп көз жашы,
Мүчүп жүргөн андан көп.
Он башы менен миң башы,

Санактан колун өткөрдү.
Бектердин баары келгени,
Белсенип эсеп бергени.
Кырк эки сан түмөн кол,
Эсеби чыгып калганы,
Башкадан эсеп алганы.
Арстан Манас баатырдын,
Эсеби жок токтолуп,
Баатырдын кошуун калыптыр.
Эсебин баатыр бергени.
Жадоонун жайык боюнда,
Коро котур оюнда,
Тазбаймат эми кеп айтат.
Найзанын учу короктоп,
Тогузун айдап сороктоп.
Ко лума тийген тогузун,
Аман айдап келдим деп.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
Кабагы карыш салынып.
Кырк эки миң орчун кол,
Кошундун баары аман деп.
Тазбаймат сенден бир киши,
Жоголгону жаман деп.
Тобуңдан киши жок болсо,
Жарлыгым жаман болбос деп.
Өлтүрбөй кантип коёмун,
Алакең айтып салганы.
Тогуз желдет жабылып,
Даярданып камынып,
Канын кеч деп жалбарып.
Калың кошуун жалбарды,
Каз катар туруп чуулады.
Аргын Каракожосу,
Ат үстүнөн оолугуп.
Кандык киймин алгыла,
Кабакка сүйрөп баргыла,
Башын кесип салгыла.
Ал сөздү айтып салганы,
Бул сөздү угуп калган соң,
Серек тура калганы.
«Оо баатырлар» – деп айтат,
Кошту эсепке албасын,
Ойротту санга салбасын.
Башканыкы он экен,
Оюлуп калган Байматтын,
Бир кишиси жок экен.
Бей күнөө жумуш болбосун,
Бээжиндеги жолдо деп.
Серектин сөзү оң болуп,
Айтканын угуп алганы.
Байкабай кара бастым деп,
Баатырым Манас сен үчүн.
Кытайдан келген кулуңдан,
Көрүнө өлө жаздым деп.
Көгөрүп кирип барганы,
Анда арстан кеп айтат.
Уруп кеткен Тазбаймат,
Ушу жорук саа чала.
Серекти айтпай койдурбай,
Сени бул жерден сойдурбай,
Өлтүртүүм керек сени мен.
Анда-мында болкулдап,
Башкача күлдү солкулдап.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Күңгүрөнө сүйлөнүп,
Арстаның Манас күлүптүр.
Кырдуусунган Байматтын,

Кысталганын билиптир.
Ат көлүк менен аман деп,
Кошуунга бар деп буюрду.
Кошундун алып эсебин,
Кабагы бир аз жазылып.
Азизкандын Алмамбет,
Умачтай көзү ачылып.
Манаска барып кеп айтат,
Арстаным уккун деп айтат.
Калп айпагын чының ким,
Казатка кирчң тының ким?
Кытайың айткан сөзүн ук,
Эр кайраты жык толду,
Кошундун баары бук болду,
Ат семирип жык толду.
Арстаным Манас кабылан,
Аттана турган чак болду.
Кырааным Манас өзүң ук,
Кытайың айткан сөзүн ук.
Беттешкен жоого белдүү ким,
Беттешкенге демдүү ким?
Калп айтпаган чының ким,
Өлүмдөн коркпос жиндиң ким?
Көңүлүң бузук касың ким,
Көрө албаган жатың ким?
Бээжинге чалгын чалчуң ким,
Беттешкенин алчууң ким?
Мен барам деп чалгынга,
Аттанып жолго салчууң ким?
Каапырдан безип жалтанбай,
Кашкая кирип барчууң ким?
Улуктары чогулуп,
Улуу-кичүү турганда.
Карысы менен каны бар,
Жол салып Бээжин барганга,
Кармашкан жоосун алганга.
Мен барам деп бел байлап,
Каканга чалгын чалчууң ким?
Түркүн-түркүн сөз айтып,
Алмамбет карап калганы.
Бул сөздү уккан адамдар,
Бушайман болуп калганы.
Бararга пенде жок болуп,
Чочулап баары токтолуп.
Алмаңдын кебин угуптур,
Айтканына муюптур.
Барарга киши жок болуп,
Көп кошун чочуп токтолуп.
Чыгарга киши жок болуп,
Баатырлардын баарысы,
Башын чайкап токтолуп.
Бирин бири карашат,
Бирине бири жанашат.
Ошондо Манас кеп айтып,
Эр Алмамбет деп айтат.
Элге айтаар түркүн сөзүң бар,
Башынан жайын билесиң.
Баатырлык кылсаң өзүң бар,
Барган менен баатырлар,
Байкап жайын биле албас.
Чаңырышып сүйлөшүп,
Чантуунун жайын биле албас.
Жолдун сырын биле албас,
Жоолашып жоого тие албас.
Кыжылдаша сүйлөшүп,
Кытайдын жайын биле албас.
Бакбурчундун бадыша,
Жолун билип жүргөнсүп.

Байкап жүргөн башынан,
Зорун билип жүргөнсүп.
Топурак учуп тоз болгон,
Жерин билип жүргөнсүп.
Калың колго эп болсо,
Арстаның айткан кеп болсо.
Бээжинден келген белегим,
Найзага таккан желегим.
Колдон тандап кошчуңду ал,
Миңден качпас зардал ал.
Көп ичинен тандады,
Аттанып чалгын чалууга,
Алмамбетти кармады.
Манастын сөзүн кайтарбай,
Барбаймын деп айта албай.
Айдай бетин нур чалып,
Туш-тушту карап калганы.
Ары ойлонуп баш ийкеп,
Барам Манас, барам деп,
Арстандын көөнүн жайлады.
Азизкандын Алмамбет,
Кайнаган колго көз салып,
Отурбай туруп кеп айтат,
«Арстаным Манас» – деп айтат.
Айтайын азыр алдыңда,
Астыда жүрсө акжолтой,
Аркада жүрсө сан колдой.
Атка жеңил, жолго сак,
Сыргакты берчи аламын,
Анан чалгын чаламын.
Жекени белге курчанган,
Жети түмөн кол келсе,
Желбегей кирип кол салган.
Сундурган найза тартпаган,
Сумсайып жоодон кайтпаган.
Бир өзү миңге татыган,
Сырттан Сыргак баатырды,
Жолдош кылып аламын.
Чоң Бээжиндин өзүнө,
Чочубай кирип барамын.
Кармашып кытай кабылса,
Кыйрашты анан салармын.
Кыйрашкан калың кытайга,
Сыргакты медер кыламын.
Ажалым жетсе өлөрмүн.
Эр Алмамбет кеп айтып,
Эр Сыргакты көргөндө,
Көңүлү чөгөт бөлүнүп.
Көлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип.
Бет алып кытай элине,
Чарайна тартып белине.
Камдап алып жарагын,
Алмамбетке жакындап,
Кан Сыргак келип калганы.
Берениm Сыргак баатырга,
Кош аттан тандап бериңиз.
Андай-мындай дебестен,
Арстан Манас кеп айтат.
Калкамандын кара аты,
Кайгылчуунун канаты.
Кошунга барып айтып кел,
Кара атка көзүң артып кел.
Каалаганда бербесе,
Карсылдашып тартып кел.
Бул сөздү айтып салганы,
Бул болбос деп Алмамбет,
Ашыгып сүйлөп калганы.

Кара атты Алмаң алууга,
Пейлинде туура көрбөдү.
Арстаның Манас кеп айтат,
Катуу чыгып доошу.
Токотойдун тору аты,
Тобунан ашык санаты,
Тоорулчунун канаты.
Кошунга барып айтып кел,
Токмоктоп сал бербесе,
Сазайын берип тартып кел.
Келген желдет бирине,
Буйрукту катуу бергени.
Дайнын угуп Алакең,
Көөнүнө бир ат жакпады.
Алмаң туруп кеп айтат,
«Арстан Манас» – деп айтат.
«Көңүлүңө албасаң,
Бар жылкынын тыңы ушу.
Ажы бийдин Күрөңү,
Кааладым муну бериңиз.
Алыска сапар минсе да,
Кор кылбас эрдин бирөөнү.
Өр талаша чуркаса,
Өксүп кийин калбастыр.
Тик өйдөгө чуркаса,
Шыпырылтып салбаган.
Бөктөргөлүү бар эле,
Бөлөкчө сонун мал эле.
Аркасы бийик зери пас,
Артык тулпар Күрөң ат,
Тулпарлык жайы бар эле.
Туягы чулу келишкен,
Ташта жүрсө туягы,
Майтарылып тайбаган.
Ай караңгы түн болсо,
Бир изин жаза баспаган.
Айгай укса шашпаган,
Тулпарлык жайы дагы бар.
Алыска минсе азбаган,
Арыктап карды ачпаган.
Азар түмөн жылкы алып,
Аралатып жылкыны,
Айгай салып айдаса,
Астына түшүп баштаган.
Сураганым Күрөңдү,
Суулуктан кармап бербесең,
Кайгым ичке жык толоор,
Сураган Алмаң бук болор,
Муну айтып Алакең.
Бул сөздү угуп Арстаның,
Шашкалактап калганы.
Ырамандын Ырчы уулу,
Аттангыла тез деди.
Ажыкеме бар деди.
Алмамбет сурап калыптыр,
Күрөңүн Ажым берсин деп.
Ырчы Бозуул шаттанып,
Ажынын барды кошунга.
Таазим кылып бүгүлүп,
Астына барды эки улук.
Амандык сурап турушуп,
Экөө тең сөзгө киргени.
Келгенин көрүп Ажыкең,
Айттырбай эле билгени.
«Келиптирсиң эки улук,
Кебиңер болсо айткыла.
Тез бүткөнү жакшы деп,
Бачымыраак кайткыла.

Ошондо Бозуул кеп айтат,
Ажыке укчу деп айтат.
Биз билбеген мал экен,
Көрүнбөй жүргөн өзүңдө,
Күрөң атың бар экен.
Байкабаппыз башында,
Колубузда малды деп.
Казатка минип барууга,
Кытайга бүлүк салууга.
Күчүн сурап Күрөңдүн,
Кабылан Манас жиберди,
Карт Күрөңдү берсе деп.
Ат аяган жер карайт,
Куш аяган көк карайт.
Деп Ажыкең сез салып,
Көңүлүн бөлдү берүүгө.
Маңдай тиши кашкайып,
Кандар да бизден сурайт деп,
Каткырып күлүп калыптыр.
Берен Алмаң чалгынга,
Минем деп өзү сураса,
Берем  алсын Күрөң ат.
Колдон чыкса окустан,
Бир байталдын тезеги.
Чылбыры тутам, боосу жок,
Сыңар чака доосу жок.
Апыртма жок чынынан,
Атымды билген сынынан.
Садагаң кетип калайын,
Эр Алмамбет баатырдан,
Арам өлсүн Күрөң ат.
Аяп күчүн не кылам,
Башым десе Алмамбет,
Садага чаап кетермин.
Бул сөздү айтып Ажыкең,
Буйругун айта салганы.
Жүгөнүн алып бошотуп,
Ноктону катып коштотуп.
Артык тулпар Күрөңдү,
Ач маралга окшотуп.
Коштоп алып эки кул,
Алманбет менен Манаска,
Коштоп алып Күрөңдү,
Алмамбетке бергени.
Күрөң ат колго тийген соң,
Өйдө-төмөн жетелеп,
Алмаңдын көөнү тынганы.
Карт күрөң колго тийген соң,
Көргөндө көңүл ийилип,
Көпкөк темир кийинип.
Сырнайза колго карманып,
Кытайдын жолун чалууга,
Алмамбет, Сыргак камданып,
Жоо-жарагын шайланып.
Ордодон оюн салышып,
Оёндордун баарысын,
Чакырып жыйып алышып.
Шааны-шөкөт курганы,
Ордо салып калышып.
Кыргыл менен Абдылда,
Кырк кыраандын башчысы,
Ордо салып коюшуп.
Ажыке сайган байталды,
Алдык дешип коюшуп.
Кыргылың бир ат уттуруп,
Абдылданын жолдошу,
Мыкты экен баары деп.
Алдык дешип байталды,

Бейкапар туруп калышты.
Азыр салып ашыгын,
Ажыкең жагы атканы,
Кыргылыңдын жолдошу,
Оюн жетпей бөлүнүп,
Төртөө оолак жатыптыр.
Ажыкеңдин балдары,
Апкаарып атып жатышып.
Чийин жаккы четинде,
Көмүскө жерде кан калып.
Кадыр, Жайнак, Шувуту бар,
Кыргылыңдын жолдошу,
Көрүп турган ушулар.
Ажыбайдын жолдошу,
Оюнун атып болушту.
Аяктаса ойнуңар,
Томпойду жерге койгула.
Алагды болуп баарыңар,
Аңдабай таштап салдыңар.
Ортодо калды каныңар,
Каныңарды мен атам.
Бербедигер өзүң деп,
Бере көргүн деп атам.
Түмөн, Кадыр оолугуп,
Ордунан тура калганы.
Байкап эмне билбейсиң,
Мурунтан жүргөн жолуңду.
Баятадан Жайнагым,
Байладымбы колуцду.
Башынан бери көргөнбүз,
Кан атуучу сен болсоң,
Атып ала койгун деп.
Жалганы жок чын ушу,
Төрт байталга тойдум деп,
Колуна берди томпойду.
Ызасына чыдабай,
Эр Жайнак келип четине,
Чийинди басып тоңкойду,
Мээлеп туруп бек койду,
Бере көр Кудай деп койду.
Намыстанып жан чыгып,
Катуу тийип томпою,
Кан алыска кеткени.
Көргөндөрдүн баарысы,
Көңүлдөрү шат болду.
Кубанып күлүп калышты,
Ажыбайдын тарабы,
Аңдап Серек карады.
Кубанбай калгын чунактар,
Каныңды атып кетти го,
Деп айтып Серек калганы.
Каны кайда, кайда деп,
Калабаны Бозуул баштады.
Оюнду бузуп талашып,
Жыдымакка салганы.
Аңдап турган Кыргылың,
Кыйкырып сүйлөп калганы.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы.
Колу башы короктоп,
Обдулуп Ырчы уул турганы.
Өзүңөр чүкө чыгарсаң,
Өрөпкүп сүйлөп калдыңар.
Жалгыз канды биз алсак,
Жыдымакка салдыңар.
Кылган шертте болсоңор,
Кыжылдашпай коюңар.
Ырамандын Ырчы уул,

Ыргып туруп бүргөдөй.
Бозуул жетип барганы,
Түздөп атпай түгөнгүр,
Кыйшык аттың каныңды.
Безеленип какшабай,
Бере койгун жаныңды,
Бозуул айтып калганы.
Кыргыл туруп кеп айтат,
Кайра жаачу булуттай,
Кабагы карыш салынып.
Атканда чыкты каныңар,
Турасыңар баарыңар.
Ордо оюндун байгесин,
Баарын силер алыңар,
Кыргыл айтып токтоду.
Андан кийин козголуп,
Бозуул сөзүн козгоду,
Кой, кой десе болбойсуң,
Атпай элдин баарысын,
Акмак го деп ойлойсуң.
Урушуп жаткан Кыргылың,
Улуу киши турбайбы,
Акысы сени урбайбы.
Ырчы уул муну айтканы,
Аңылдаган каапыр кул,
Алдырып ийип оюнда,
Ашык сөз айтат буларга.
Чуулгандуу куу сөздү,
Куу сөзүң болсо сеники,
Кужурум келет меники.
Арамдык менен иши жок,
Алмамбет өңдүү киши жок.
Айткан сөзүң бузуку,
Ашыкча сөзүн айтасың.
Алмамбет баатыр келгенде,
Аңдаган сенин сөзүңдү.
Айлыңды жакшы кондурбай,
Алысыраак кет деген.
Ажырашып кетерде,
Абакем Бакай эптеген.
Баатыр Алмаң куш көрдү,
Сага окшогон наадандар,
Барган жерден муш көрдү.
Манаска Алмаң келгенде,
Байге болду канча жан.
Жортуулга барып биз жаттык,
Алмамбетке кубанып.
Кубангандан ат чаптык,
Талаага барып биз жаттык.
Таазим кылып Алмаңа,
Тамаша кылып ат чаптык.
Ошондо Серек кеп айтат,
Кырк баатырдын жаштарын,
Байге болсун деп айтат.
Серектен сонун кеп келип,
Манаска бул сөз эп келип.
Он беш жигит бөлүнүп,
Орчун топко көрүнүп.
Мына ошондон бер жакка,
Алмамбет жаңы келди деп.
Нардай болгон Сарала,
Манас жаңы берди эле.
Так ошондон бер жакка,
Айбан чалыш ит элең.
Аңдап кара бер жакка,
Журттун баары бүт билет,
Чуусу жок күнүң болбосун.
Ашыкча сөздү айтпаган,

Жамандык жакка баспаган.
Болумдуусу Бозуул,
Бул сөздү айтып салганы.
Айтпаган сөздү Ырчы уул,
Байкап угуп алганы.
Кудай өзү бир билер,
Ким жамандык издээрди.
Кундуу журтка билинди,
Күбө кылам силерди,
Бузук деди биздерди.
Байым Чубак экен деп,
Бел байлаган мен болсом.
Ордоң менен куруп кал,
Ушунчамда кетем деп.
Абирдин баары чачылып,
Ордо ойногон көй баатыр,
Ат атына асылып.
Айтар сөзү шоктуу кул,
Кошунда жаткан Чубакка,
Айкырып кирип барганы.
Нойгуттан келген сен болсоң,
Тейиттен келген мен болом.
Сени да кудай урдубу.
Кытайдан келген манжуга,
Алмамбет кулдан кемсиңби?
Кан өкүмүн бул алды,
Каңгыраган кул алды.
Он эки урук мусулман,
Бийликти колго алганы.
Кол өкүмүн дагы алып,
Жол өкүмү колунда.
Аз келгенсип анысы,
Чалгынды дагы өзү алды.
Көпкө илинбей бул Чубак,
Оорукта жатып калганың.
Ошолордун баарысын,
Жондотуп айтып мен койсом.
Бозуул деген айбандын,
Жебеген богу калбады.
Жээгинде жүрүп аралаш,
Ойлосоң боло намызды.
Бир намызга жарабай,
Ары түбү тең тууган,
Мени кудай албады.
Намызды колго албаган,
Сени кудай албады.
Бээжинден келген манжуну,
Арбак урган Бозжигит,
Айтпаганы калбады.
Акбалтанын Чубагы,
Байкап көрүп бул сөздү,
Аны да кудай урганы.
Арстандын бири бу дагы,
Ачуусу келип арбайып,
Ант ичкендей саргайып.
Жал кулактан артынган,
Тайгандай ичи тартылган.
Көркөм күлүк Көктеке,
Айбандан бөлөк как чеке.
Көмкөрө ээр, көк токум,
Көсөл Чубак токунуп.
Жоого тийчү жарагын,
Аман кантип коём деп,
Артынан жетип чуратып.
Алмамбет кулду соём деп,
Жайылып жаткан көп нойгут,
Жабылып атка мингин деп.
Баатырсынган кытайга,

Мени менен киргин деп.
Жайылда мындай ким болгон,
Артынан жетип айкырып,
Алмамбет кулду соём деп.
Доолбасын карс коюп,
Мылтыгын атып тарс коюп.
Акбалтанын Чубагы,
Оорукта жүргөн Алмаңа,
Жөнөп жолго салганы.
Эр Чубактын көп кошун,
Абырдан-шабыр ат токуп,
Ат токуса бат токуп.
Нойгут, нойгут деп,
Кошун жолго киргени.
Артынан чаңы буркурап,
Акбалта эли чуркурап.
Албарсты кайрап тонуна,
Адам тургус жолуна.
Асынып мылтык жонуна,
Сыр найза алып колуна.
Аламан жөнөп ат коюп,
Чуулган үнүн уккан кол,
Эмне болуп кетти деп,
Дөңсөгө чыгып жарданып.
Калган кошун карашып,
Каарданган Чубактын,
Караанын көрүп таң калып.
Кароолдо жүргөн эр Бакай,
Караанын көрүп алганы.
Кол бузулуп кеткен го,
Кошунга жетип байкайын.
Деп ошентип эр Бакай,
Коёнбоз оозун жайыптыр,
Кошунга чукул барыптыр.
Ак сакалы сеңселип,
Ак күпө тонун белсенип.
Арстан Манас кошунга,
Айкырып Бакай келгени.
Көп кошундан айрылып,
Арманда өлдүң дегени.
Көпчүлүктө нелер жок,
Кай биринин оозу жок.
Бузуку кулдар баргандыр,
Бузуп айтып салгандыр.
Жалчы кулдар барыптыр,
Жарып айтып салыптыр.
Каңгайдан келген бул кулду,
Кан көтөрүп салыптыр.
Алмамбет чалгын чалат деп,
Элсиз элкин кул дешип,
Не кутурат бул дешип.
Эрегиш чыгып калгандыр,
Нойгуттун оён Чубагы,
Баатырдын бири бу дагы.
Алмамбеттин артынан,
Мени кеп кеңешке албайт деп.
Каңгайдан келген бул кулдун,
Баатырлыгын көрөйүн,
Чарпышып жатып өлөйүн.
Белги кылып туу аштап,
Бээжинди көздөй кол баштап,
Жөнөп жолго салды деп,
Жөнүн тапкын Манас деп.
Абасы Бакай кеп айтып,
Кашына келип Манастын,
Баатырсынган Манасың,
Алдырап калды ушунда.
Эми арстаның Манас кеп айтат,

Акылга дыйкан өзүңсүң,
Ар качандан бер качан,
Насаатыңды угабыз.
Кошунда болгон бузукту,
Көрүп турат көзүңүз.
Аккуладай бууданды,
Суулуктан алып жетелеп.
Мына ушундай тар жерде,
Арстан Чубак баатырдын,
Астына өзүң баргыңыз.
Калабалуу тар жерде,
Ыдырап минтип жүргөн соң,
Аманат жандан тоёлу.
Айтканым кабыл болбосо,
Адаммын деп нетемин.
Ак күпө тонду чечейин,
Аттан эми кечейин.
Мына ошентип эр Манас,
Капалык батпай ичине.
Кайраты толуп боюна,
Жалаяк ооз, жар кабак.
Жаагы жазы, ээги кууш,
Эрди калың калбайып,
Эр мүнөзү көрүнүп.
Кең көкүрөк, жайык төш,
Шер мүнөзү көрүндү.
Жолборс моюн, кең далы,
Айбатын көрсө Арстандын,
Айкырыгы баш жарып,
Кыйкырса үнү таш жарып.
Абакең Бакай артынан,
Аккула атын кындыйтып.
Арстан Манас алдында,
Караанын көрүп алыстан,
Акбалтанын Чубагы.
Абасы Бакай келген соң,
Апкаарый түшүп бу дагы.
Улугу Бакай келген соң,
Апкаарып барып токтолуп.
Олуя Бакай келген соң,
Токтобой турган эркиби.
Аламан чапкан көп кошун,
Акбалта кандын Чубагы,
Абаңды көрүп токтолуп.
Ар качандан бир качан,
Баштап журдуң кошунду,
Абаке сага не болду?
Кылайып бузук кылбадым,
Кыргыз эли болгонго,
Арстаным Манас турганда.
Атабыз бирге болгон соң,
Ар ишке намыс кылбадым.
Астында өзүм жүргөн соң,
Ногойдон Манас, нойгут мен,
Ойлонгун аба муну сен.
Арстан Манас канкордой,
Айбаты артык башкача,
Адамдын мындай анткорун.
Аккула атты жетелеп,
Астымдан Манас чыкпаса,
Кетет элем бузулуп.
Осолдук бекен абаке,
Ойрон болгон Манаска,
Он бешимде кошулдум.
Чылаба кандын тушунда,
Той өткөргөн ушунда.
Манжу, кыргыз кысылып,
Кылган оюн ушунда.

Кытай турду көпсүнүп,
Башына салдык көп түлүк.
Кыргыздан кытай кылчайып,
Кылчая албай токтолуп.
Кыргыздан качып көп мыкты,
Бабабыз Ногой бел байлап,
Кытайга кыргын салганда.
Арбак урган кытайдын,
Алптарын аттан сулатып,
Жөө жүргөнүн кулатып.
Кашыңда турган Чубагың,
Менменсинген канкоруң,
Корккондон кетип калды эле.
Жалган бекен, чын бекен,
Ушу турган Чубагың,
Ушундай ишти кылды эле.
Арстан Манас баатырың,
Чубагыңдан тың беле.
Көрбөгөн Бакай сен белең,
Ногойдон нойгут кем эмес,
Чубактан Манас эр эмес.
Көрбөгөн Бакай сен эмес,
Көмүскө калар мен эмес.
Кечээ Темирдиктин оюнда,
Тейиш кандын тоюнда.
Теминишип келгенде,
Карачанын Сайкалы.
Калпты кайдан айтабыз.
Арстан Манас баатырды,
Атынан сайып кыйшайтып,
Ала турган болгондо.
Алааматты башына,
Сала турган болгондо.
Азуулуу өзү камандай,
Чала турган болгондо.
Намыздана кеттим мен,
Абаке Бакай ыраспы?
Көкчеке менен чуратып,
Арасына жеткемин.
Оодарып аттан аларда,
Кыз Сайкалдын Буурулду,
Маңдайына неткемин.
Арстан Манас баатырды,
Ажыратым кеткеним.
Ачуусу келип оолугуп,
Атпай-чаппай өлөсүң.
Аккула тартып сен өзүң,
Азыр турган абаке,
Кабылан Манас канкордон,
Кайсы жерим кем эле.
Сары өзөндүн оюнда,
Өзүңдү алды өкүмдөн.
Бакайды башчы кылбайт деп,
Баары журт жапырт өкүнгөн.
Канкор Манас арстаның,
Кол бийлигин алыптыр,
Кордукка журтту салыптыр.
Кылым кыргыз балдары,
Кылча жанын аябас.
Кырчылдашкан кол келсе,
Кыраан Манас зарпынан,
Кыйк дей албай калганы.
Уруп кеткен кытайың,
Кыйноого салып айдады.
Түмөндөгөн калың кол,
Күн-түнү менен жол жүрүп,
Кырылып кете жаздады.
Токсон күндүк жол басып,

Ашуусу бийик белди ашып.
Кытайдан келген арам кул,
Кыргыздын колун баштады.
Кырылмак эми болдук деп,
Түмөндөгөн калың кол,
Эңкейип көзүн жаштады.
Кан көтөрүп кытайды,
Бийликти берип салганы.
Нойгуттан келген эр Чубак,
Кеп-кеңештен калганы.
Тозбогун аба жолумду,
Олуянын өзүмүн.
Кармабагын колумду,
Калтырып коюп бул иштен,
Кайната көрбө шорумду.
Ажалдуу пенде өлүүчү,
Азапты пенде көрбөйбү.
Коё бергин колумду,
Эл атасы эр Бакай.
Ачып бергин жолумду,
Аркардай кула жетелеп,
Кайнаттың го шорумду.
Жолумду тозбой коё бер,
Ишим келсин оңунан.
Ал кытайдын соңунан,
Айкырып эми жөнөйүн.
Бээжинден келген кытайдан,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Нойгуттардын Чубагы,
Ардыккандан чыдабай,
Кабагы карыш түйүлүп.
Ичи өрттөнүп болкулдап,
Каарданган убагы.
«Сабыр кыл балам, токто» – деп,
Абакең Бакай турганы.
Ай, ай балам нетесиң,
Акылды укпай кетесиң.
Байкасаң сонун кушу бар,
Алла Таалам жараткан.
Канаты менен учуп жүр,
Калкылдап көктө сызып жүр.
Куйругу менен конуучу,
Манастын Манас болгону,
Экөөбүздөн болуучу.
Бузулуш бизден чыккан соң,
Бутунан кармап жыккан соң.
Пил да болсо жыгылдык,
Миң да болсо кырылдык.
Кайнаган кытай элинен,
Каапырдын шагы сынгандыр.
Ак дили менен бу кытай,
Кыргызга кызмат кылгандыр.
Коё койгун эр Чубак,
Коржоңдогон бул сөзүң,
Кыйрыңдан алыс кетпеди.
Кыйыктанба Чубагым,
Кытайга кызмат кылган жок.
Каарыңды салба кан Чубак,
Тобуңдан алыс жылган жок.
Карайлап келген Алмамбет,
Каапырга кызмат кылган жок.
Кылган кызмат өзүңкү,
Журтуңа түйшүк салганың.
Кыйшык деймин сөзүңдү,
Баардык кызмат өзүңкү.
Башкада жок кырк баатыр,
Бакырайган көзүңкү.
Баштап колду жөнөйсүң,

Бала деймин өзүңдү,
Байкарсың Чубак сөзүмдү.
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз деп,
Бөтөн элге кеп кетет.
Жарылсаң ууру алуучу,
Жай уксаң акыл нак ушу.
Кандыгым кеткен меники,
Калкыңды бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш сеники?
Өкүмдүктөн айрылсам,
Өзүм Бакай айрылдым.
Өтүп кеткен бир ишке,
Өзөлөнүп кайгырдың.
Кыйрынан азган бул бир эр,
Алмамбетти көргөндө,
Ким да болсо кытай дээр.
Айлынан азган бул бир эр,
Алмамбеттин артынан,
Ар ким көрсө кытай дээр.
Кагылайын эр Чубак,
Жол билген киши жол билет.
Кыйнады жанын биз үчүн,
Кылган кызмат сен үчүн.
Элиңе кызмат кылганга,
Кыйкырып чабыш кай күчүң?
Кызматын кылды эл үчүн,
Кырааның Манас эр үчүн.
Кошунду баштап артынан,
Аламан чабыш кай күчүң?
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Акылын айтты бир далай.
Айтканын угуп эр Чубак,
Аялдап токтоп калганы.
Мына ошентип турганда,
Айбанбоз минип болкоюп,
Арстаның Манас барыптыр.
Каалгадай кашка тиш,
Бар адамдан башка тиш.
Кайратын көрүп Чубактын,
Каткырып күлүп калыптыр.
Качып келген кытайга,
Калкымдын баары тең болбой.
Жол билген киши жол билет,
Кол билген киши жол билет.
Өз жамандыгын биле албай,
Калкына коёт чоң күнөө.
Чуу кылганың Чубагым,
Акылга сыяр иш эмес.
Өзүң байкап карачы,
Султандык кылар убагың.
Калкыңа салсан калаба,
Кыйын жумуш болбойбу!
Ортодо бузук кылганың,
Бул сөздү айтып барганы.
Буулугуп турган эр Чубак,
Манаска көзүн салганы.
Кирбедим канкор оюңа,
Анты-шертиң мойнуңда.
Кула атыңды миниңиз,
Жанбастыгым билиңиз.
Ат-тонуң берем кийиңиз,
Чынын айттым билиңиз.
Акыры сенин өзүңө,
Он бешимде кирипмин.
Алтайдын Арал көлүндө,
Чамгыр таштын төрүндө,
Кошулушкан жеринде.

Айтышып койгон сөз кана,
Айрышканда бөз кана.
Аттанганга жол кана,
Кол алышкан кол кана?
Чылк болот мизин жалаштык,
Кызматым бирге жараштык.
Кыямат жайга караштым,
Мен кыйырыңан кайда адаштым?
Кызматымды билбедиң,
Кыргызды качан талаштым.
Ак болот мизин жалаштым,
Намызыңды талаштым.
Ар душман менен салыштым,
Арстаным Манас сен үчүн,
Ал жеткис жоого алыштым.
Айкөлүм сенин айыңдан,
Бала күндөн кошулдум,
Макулбу баатыр ушунуң.
Айтышканда сөздө жок,
Көрүшкөндө көздө жок.
Жакшылыктын баарысы,
Көңүлдө турат эсте жок.
Жолу каткан кытайың,
Жол өкүмүн алганы,
Эс алдырып кондурбай,
Жоболоңго салганы.
Кандык өкүм алганда,
Кошунду каттап алганы,
Калабаны салганы.
Айкалышкан Чубагың,
Акыл-насаат кепте жок,
Кошуунда жатып калганы.
Айта берсе арман көп,
Ал мансабы азсынып,
Эми чалгын чалганы.
Ар качан кирдим оюңа,
Ант өзүңдүн мойнуңда.
Ким эле келип урунсун,
Аа дүйнө кеткен арбакка.
Теңебедин ар качан,
Качып келген кытайга.
Кыргыздан көрдүм көп пайда,
Кызмат кылдым ар кайда.
Байкап көрчү Арстаным,
Теңебедиң эр Манас,
Элинен азган кытайга.
Айбалта, кылыч эгешип,
Ар качан мүшкүл кыласың.
Алмамбет, Манас кеңешип,
Кеңештен Чубак калыптыр.
Алмамбет тизгин алганы,
Күйбөйүн кантип ишиңе,
Ар качандан бир качан,
Күйүт түшөт ичиме.
Ал сөздү айтып эр Чубак,
Кумсарып өңү бузулуп,
Буркан-шаркан түшкөнү.
Бугу чыгып кетсин деп,
Арстаның Манас турганы,
Оолугуп Чубак басылып.
Арманың болсо жүрө кой,
Азыр чалгын чалганга.
Акбалтанын Чубагы,
Атына камчы салганы.
Кан Манаска кошулуп,
Жөнөп калды бу дагы.
Абакеңиз эр Бакай,
Айбаты бар бир далай.

Сырты менен кылычтын,
Кызыталак санталак,
Атына минип анталап.
Куугунчу келген немедей,
Кыйкырып жөнөп калдыңар.
Кырылышар кытайды,
Кайдан таап алдыңар.
Ал сөздү айтып эр Бакай,
Имерип жааган жаандай,
Ителги тийген таандай.
Кошунду кууду дүргүтүп,
Бөрү тийген койго окшош,
Бөлүп, бөлүп үркүтүп,
Эл токтолуп калганы.
Ээрчитип алып Чубакты,
Эр Манас жолго салганы.
Элчилик сөзүн айтам деп,
Эр Алмамбет Чубакты,
Элдештирип кайтам деп.
Бара турсун бул экөө,
Кийгенинин баарысы,
Бадана зоот күрөөкө.
Аны таштап салалы,
Алмамбет менен Сыргактын,
Кабарын угуп алалы.
Эр Алмамбет каныңдын,
Сырттан Сыргак жолдошу,
Жыгылар жерде колдошу.
Акыреттик курдашы,
Наалышканда муңдашы.
Атышкан жоодо билинген,
Ажалдан качып турбасы.
Күнчүлүк жерге жеткени,
Түйүндүнүн кыягы.
Куу эчки жаткан жери бар,
Куу-өрдөк жаткан Кара-Көл,
Жер өлчөөсүн алыптыр.
Жетип Алмаң чалганы,
Өрдөктү таппай көлүнөн,
Эчкини таппай белинен,
Аз аялдап токтолуп.
Ооздугун алдырып,
Атын чөпкө чалдырып.
Алмамбеттин эр Сыргак,
Карт Күрөңдү коштоптур.
Жарап калган Телкызыл,
Эми жөнөп калганы.
Арстан Манас кабылан,
Ак доолду карс коюп,
Ак келтеге от коюп.
Ак келте үнү чаңырып,
Алмамбет токтой тургун деп.
Арстан Манас баатырдын,
Айкырган үнү жаңырып.
Не болуп элге кетти деп,
Эр Манас кайдан жетти деп.
Оюна Алмаң алганы,
Арт жакка көзүн салганы.
Алыс жерде көрүнбөйт,
Караанны кара каргадай.
Карга десе бутадай,
Караанын көрүп алганы.
Дүрбүнү эми салганы,
Алмамбет карап калганы.
Алты имерип чойду эле,
Кынабына койду эле.
Жарым кездей узарган,
Тийтеген жерин өлтүргөн.

Алакең чындап караса,
Алты күндүк жолдорду,
Аркан бою келтирген.
Сууруп алып кабынан,
Кармады Алмамбет сабынан.
Баатыр Чубак, Эр Манас,
Экөөнү Алмаң көргөнү.
Кыйратмакка кытайды,
Манас жортуп бөлүндү.
Кызматын актап кылсам да,
Менин кытайлыгым билинди.
Ишенбеген немедей,
Баштап Манас зардалды.
Акбалтанын Чубагы,
Артымдан жөнөп калганбы?
Күүлөнөт эле кан Манас,
Күнү каран калганбы?
Күлүгүнөн ажырап,
Айбанбоз минип алганбы?
Айтмак үчүн биздерге,
Ашыгып чыгып калганбы?
Аны ойлонуп Алмамбет,
Алда кандай болду деп?
Акбалтанын Чубагы,
Жааалданып бакырып,
Жакын келген ушул чак.
Жаалын көрүп Чубактын,
Жайын билди Алмамбет.
Эрегишип келгенин,
Эми билди Алмамбет.
Аркасында бута атым,
Арстан Манас калыптыр.
Өрү калган Айбанбоз,
Өксүп артта калганы.
Өкүм күлүк Көктеке,
Өргүй басып калыптыр.
Өткүр Чубак бастырып,
Мурда келип калганы.
Алмамбет менен Сыргакка,
Акбалтанын Чубагы,
Айтып салам салганы.
Эр Сыргак алик алганы.
Тетири карап Алмамбет,
Кайрылбай туруп калганы.
Кызыталак кытай деп,
Кыйратып салчу немедей,
Салам айтсам кебелбей,
Тескери карайт мага деп.
Табайын буга даба деп,
Ойлонуп Чубак турганы.
Кайраты толуп боюна,
Аркасын салып Алмаңа,
Капталын салып Сыргакка,
Эр Чубак багып бир жакка,
Отуруп орун алышып.
Оён Манас арстаның,
Үчөөнө келип токтолуп.
Алмамбет, Сыргак эгизиң,
Атынан түшүп булар жөө.
Саламын берип салганы,
Арстанын алик алганы.
Атын байлап эр Сыргак,
Астына орун салганы.
Арстан Манас баатырың,
Аңдап карап калганы.
Ачуу басып кетиптир,
Алмамбеттин акылын.
Аны билип арстаның,

Кара күчкө кан Манас,
Каткырыгын салганы.
Эки баатыр деп айтып,
Эми жаңы биз келдик,
Эмне болуп кетти деп,
Айткылачы акыры.
Билинип калган кепти деп,
Муну сурап калганы.
Акбалтанын Чубагы,
Андай-мындай сөзү жок,
Башын жерге салганы.
Дөбөдөгү төрт баатыр,
Жанашып бирге турганда,
Оён Алмаң султаның,
Окторулуп турганы.
Ой, ой Манас, ой Манас,
Айтпасаң да билинди.
Аңкоосунбай кой Манас,
Каңкорум уккун жайымды.
Кытай да болсо кор экен,
Кымбаттуу эрдин шору экен.
Кыйын мыкты болсоң да,
Кыйрынан азган кор экен.
Элдүүнүн баары эр экен,
Элсиз элкин мен экен.
Элсиз элкин жаратып,
Чубактын көзүн каратып.
Кадыр Алла кудурет,
Кай түрдүү пендем деди экен.
Канаты жок, мүрү жок,
Калың журттун бири жок,
Кайгылуу болгон мен экем.
Эгемдин иши болбосо,
Элиңдин четин ким көрсүн.
Алтын так сынып кан өлсүн.
Алламдын иши болбосо,
Айлыңдын четин ким көрсүн.
Ар түркүн тарттык мээнетти,
Анысына ким көнсүн.
Айбанды коштой чабасың,
Акылсыз кандай баатырсың.
Кызыталак ит Чубак,
Кесип туруп тилиңди,
Мен бузайынбы дилимди.
Акбалтанын Чубагы,
Ардыгасың ким үчүн.
Кошунга кызмат кылдырбай,
Аркамдан неге чабасың.
Эркиңе мен да койбоймун,
Эсиресиң ит Чубак.
Баатырсынган ит Чубак,
Башыңды кесип байланып,
Кайнаган кытай элине,
Кетейинби ит Чубак.
Каарданса Алмамбет,
Каныңды төгөм эл үчүн.
Ала көөдөк ит Чубак,
Жолуңду ойлоп байкап ур.
Ар качандан бир качан,
Аңдышасың турасың.
Басташканың койбойсуң,
Кан кайнады ит Чубак.
Мына бу жерге сойлотом,
Эсиңде болсун Чубагым.
Уругум нойгут эли деп,
Акимсинип кордойсуң.
Кудурет бардыр өзүңө,
Келипсиң өлөр кезиңе.

Кесилип башың кетпесин,
Нойгут эмес пир болгун.
Ачууланып сурданып,
Эшик эндүү чоң кылыч,
Оңдоп колго карманып,
Мойнуна алган Чубакка.
Айтып, айтып Алмамбет,
Түркүн сөздү кептеди.
Мойнуна алган убакта,
Ыраазы болуп Чубакка.
Кыймылдабай кыңк этпей,
Башын жерге салганы.
Кыңк деп оозун ачпастан,
Чубагың карап турганы.
Алмамбеттин күүлөнүп,
Ачуусун алып мойнуна.
Чубакты коё турайын,
Арстанга ойду бурайын.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
Арбагы бийик анткорум,
Кабылан Манас канкорум.
Анжыян менен Коконду,
Айыл кылып алгансып,
Коркутуп алым алгансып.
Узакка сапар жол жүрүп,
Кырк эки түмөн кол алып,
Көпсүнөсүң көк жалым.
Каарданса каканчы,
Капкасын ачып салбайбы.
Бээжинге мээнет салдым деп,
Беттешкендин баарысын,
Мерт кылып жолго салдым деп,
Жүрбөгөн жерим жок дейсиң.
Мына шу жерде канкорум,
Баскан жериң бар бекен?
Басташкан колду көрдүңбү?
Карсылдашып салышкан,
Канды суудай агызган,
Сүрүшкөн эрди көрдүңбү?
Бээжин кайда, эл кайда,
Дөңсөөгө чыгыш не пайда,
Билгениңди айт мындайда.
Туңшага кирер эр кайда,
Түтөгөн кытай эл кайда.
Туйганыңды айтчы мындайда.
Аны айтып Алмамбет,
Арстан Манас жанында,
Айтып сөзүн токтотту.
Бул сөздү угуп эр Манас,
Бирин бири карашып,
Баатырлар турду жанашып.
Арстан Манас баатырың,
Каткырып күлүп калганы.
Макулмун Алмаң баатыр деп,
Бадирек кытай журтунун,
Башынан айтып берчи деп.
Кадам шилтеп бул жерге,
Келгеним жок такыр деп.
Мурун бу жер көрбөдүм,
Чоң Бээжин жердин чети деп.
Чогулуп кытай толгон го?
Ошондой ойду ойлонуп,
Токтоло албай толгонуп,
Белеске чыгып карасам,
Туш-туштун баары мунарык,
Көз жетпейт алыс тунарып.
Томуктай болгон тоосу жок,
Тозоңу көктөн бөлүнбөй.

Кашкайган аппак кары жок,
Калдайган кара шаары жок.
Кай жерде болот Бээжиниң,
Кыргын болсун кытайың,
Ким билиптир мындайын.
Айтышчу эле башында,
Кароолго койгон куу эчки,
Кайыптан коюп койгон деп.
Куу эчки көрсө душманды,
Куу-өрдөккө айтчу деп.
Асмандап учуп айланып,
Кабарды өрдөк салчу деп.
Душман келген экен деп,
Камынып кытай калчу деп.
Ошол сөздү айтканда,
Ак олпогун оңдонуп,
Олурая бек карап,
Арстанга көзүн салганы.
Бакбурчундук кытайдын,
Баянын айтып салганы.
Бакбурчундук падыша,
Беттешип пенде барбаган,
Беттешкен аман калбаган.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайсы бирин айтайын,
Башынан бери кайтайын.
Сакчыга койгон атайы,
Куу өрдөк деген өрдөк бар.
Такыядай чокуда,
Куу эчки деген эчки бар.
Куу эчки көрсө өрдөккө,
Кабарын айтып калуучу.
Ала моюн куу өрдөк,
Асмандап учуп айланып,
Коңурбайдай калчага,
Жеткирип кайта кайтуучу.
Кытайлар калса туюнуп,
Кыжылдап кумдай куюлар.
Тоолору токой, ою тал,
Түмөндөгөн кытайды,
Тегиз жыйып алгандыр.
Жыкылдаган кытайды,
Жыйып алып тургандыр.
Жылас келген чоң калча,
Батман менен жайсаңын,
Жыйып алып турат го.
Алгара атын ойнотуп,
Ок жыландай сойлотуп,
Минип алып турат го.
Келериңди эшитип,
Бурут келип калар деп,
Карагай найза боолашып.
Шаарымдан кантип оолайм деп,
Казатты мыктап салармын.
Ок-дарысын белендеп,
Ойротту бузган чоң калча.
Канкор бурут келгендир,
Деп ойлонуп Коңтөрө.
Пейли катуу чоң төрө,
Беттешкенин көрөрмүн.
Бергин баатыр батаңды,
Ушул жерден жөнөйүн.
Башкарып келдим кошуңду,
Арстаным бергин жообуңду.
Кызматың кылдым тартынбай,
Калың журт кара кыргыздын.
Ишенериң Чубагың,
Жанаша жолдош болуптур.

Жан бага албас кишидей,
Жанып кайра кетейин.
Башыма тилеп амандык,
Басташып калсаң эр Чубак.
Барып чалгын чала кой,
Бар намыстан кечейин.
Ал сөздү айтып Алакең,
Үзөнгүгө бут салды.
Нойгуттардын Чубагы,
Аткарбай кармай көргүн деп,
Астыртан айтып Манаска.
Арстан Сыргак баатырың,
Атынын бербей чылбырын.
Акбалтанын Чубагы,
Астыртан айтып шыбырап.
Кара жаак булдурсун,
Алмаң колго алганы.
Кантесиң баатыр Алмаң деп,
Канкоруң айта салыптыр.
Атына басып жете албай,
Алмамбет токтой калганы.
Ичи кайнап бук болуп,
Өрттөнүп ичи кызыл чок.
Ошондо Манас кеп айтат,
Алаке байка деп айтат.
Айта берип Бээжиндин,
Нечен түрдүү калаасын.
Бээжини бекем жер экен,
Кытайың кылым эл экен.
Чалгынчы болуп чалайын,
Кызыталак кытайдын,
Мыктысын көрүп алайын.
Жете барып каканга,
Жезиттерин бөлөйүн.
Эңсеп кирип кытайга,
Ажалым жетсе өлөйүн.
Басылсын Алмаң сөзү деп,
Арстаның байкап турганы.
Арстанды кыйып кете албай,
Ачууланган боюнча,
Аттанып жүрүп кете албай,
Арстаның Алмаң токтоду.
Аа дээрге сөзү жок болуп,
Аяды арстан Манасын.
Ошондо Алмаң айтканы,
Жүрөктө турган акылын.
Башта ойлонсоң болмокчу,
Мине келсең атыңды.
Көргөзбөйт белем көзүңө,
Баруута болсо талабың.
Баштап алып өзүңдү,
Барбас белем Бээжинге.
Ар жерден кытай курчаса,
Өчөшпөйүн Чубакка,
Жай билбеген чунакка.
Жолдошум Сыргак баатырды,
Жол талашкан Чубакка,
Жолумду азыр берсемби.
Ээрчитип алып акыры,
Бакбурчундун кытайга,
Баштап бүлүк салуучу,
Акбалтанын Чубагын,
Жаныма кошо алайын.
Аяды Алмаң баатырды,
Кызып калган кыраан эр,
Алмамбет барба дегенге,
Ачуусу келип бузулуп,
Таноолору кысылып.

Оо Алаке, токто деп,
Оюна келип түрдүү кеп.
Өзүңдү жалгыз зордобо,
Өзгөнүн баарын кордобо.
Аллам ажал салабы,
Кан Коңурбай калчадан,
Кула атын айрып калабы?
Анжынын каны тажаалдан,
Алмамбет өлүп калабы?
Жазуудан ашык жан өлбөйт,
Тактыда туруп кан өлбөйт.
Ажал жетип күн бүтсө,
Мага окшогон оёндор,
Аа дүйнө көздөй кетпейби?
Бул сөздү айтып Арстаның,
Буулуккан үнү басылып.
Арстаның байкап көргөн соң,
Баатыр Алмаң бата албай,
Барбагын деп айта албай.
Кудай бардыр ит Чубак,
Атынын жайы жарашпай,
Алакең турду кайгы жеп.
Аргасыз атка минишип,
Аллам өзүң колдо деп.
Үч күнү тынбай жол жүрүп,
Ээрчишип жолдо жүрүштү.
Жалынып Алла Теңирге,
Баштап келди Алакең.
Кыйбаган Манас арстанын,
Саястын кара тоосуна.
Арстанын баштап Алакең,
Кырына эми чыкканы.
Аттан түшүп баарыңар,
Буту-колду чойгула.
Айнеги жакут чоң дүрбү,
Колуңарга алгыла.
Туңша жакты бет алып,
Айланып дүрбү салгыла.
Муну айтып Алакең,
Үндөбөй карап калганы.
Арстан Манас кабылан,
Туңшаны көздөй имерип,
Дүрбүсүн эми салганы.
Калдайып жаткан Кара шаар,
Шаарын көрүп таңданып.
Бурчтанып жаткан мунарык,
Жерин көрүп таң калып.
Чоң Бээжин деген жер эле,
Бул отурган Алмаңдын,
Белине таңуу эл эле,
Калчанын журту дээр эле.
Бер жагында бөлүнгөн,
Туңшанын жайык талаасы,
Бакбурчундан тараган,
Чоң Бээжиндин кайкысы.
Күн жүрүш жакта бөлүнгөн,
Күзгүдөй даана көрүнгөн.
Бул Бээжиндин өзүндө,
Кумурсканы карасаң.
Казандай кара таштарды,
Каңтарып сүйрөп чогулткан.
Жыландарын карасаң,
Жети кулач аркандай.
Күдөрү Кентун жер ушул,
Күдөрү деген эл ушу.
Мунарык болуп бурчтанган,
Булуңча болуп урчтанган,
Чет Бээжин деген жер ошол.

Чери түмөн эл ошол.
Чек арасын бузганда,
Ченебестен курган жан.
Ченебей элин кырганда,
Алты кан сайып желекке.
Ошо кыргын ичинде,
Шейит кеткен энекем,
Коюп келген жер ошол.
Дүмөктүү кытай эл ошол,
Каарына алганда,
Каптап кетчу сел ошол.
Кара динден ак болуп,
Качып келген мен ушул.
Дүпүйүп түздө көрүнгөн,
Атакем Азизкандын багы ошол.
Калың шалбаа, калың бак,
Алмамбет шордуу калаасы.
Өзөгүн таштан койдурган,
Үстүн кумдан куйдурган.
Атагы калган Бээжинге,
Таш көпүрө жер ошол.
Катандын кара бели бар,
Кайнаган кытай эли бар,
Капкалуу Бээжин өзү ошол.
Кумурскадай кайнаган,
Чиркейден бетер жайнаган,
Эсеп жеткис элим бар.
Баатырсынган Чубактан,
Кай жеримде кемим бар.
Элимдин чети ушу жер,
Эсеби жок калың эл.
Кытайым элден кем эмес,
Элсиз элкин жаралган,
Эли жок Алмаң мен эмес.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Кайнаган калың көп кытай,
Кытайым элден кем эмес.
Кажылдаган Чубагым,
Калксыз киши мен эмес.
Муну айтып Алмамбет,
Буулугуп араң басылды.
Арстан Манас баатырды,
Эр Алмамбет муңайтып.
Өткөнү түшүп эсине,
Эр Алмамбет баатырдын,
Жаш алып эми көзүнө.
Атаңдын көрү көр дүйнө,
Киндик каным тамган жер.
Оюмдан кетпейт өткөндөр,
Кайда жүрсөм кытай дээр.
Арманын айтып болкулдап,
Жаш балача солкулдап,
Алакең ыйлап турганы.
Көзүнүн жашын тыйбады,
Көргөндөр кошо ыйлады.
Насыбай тартып токтолуп,
Канжасын сууруп алганы.
Кайратын жыйып боюна,
Канжаны соруп түтөтүп,
Үшкүрүп Алмаң калганы.
Мында туруп нетели,
Каспаңдын кара ою деп,
Аттанып тулпар миништи,
Арстандар жолго киришти.
Ат үстүнөн Алмамбет,
Арстанына кеп айтып,
Баатырым токто деп айтып.
Кызыталак кытайдын,

Кысмагына кабылсак.
Билип туруп айтпайт деп,
Мурунтан айтсаң мындайды,
Малынбай кайра кайтпай деп.
Мындай сөз чыгар оозуңдан,
Арбак урган кытайда,
Бир кишиден кообум бар.
Сазаңшаңды жердеген,
Макел Малгун дөөсү бар.
Кайнаган кытай көп журту,
Малгунга кабар бербесе.
Калганынын баарысын,
Ала жүргөн колумдур,
Баштап жүргөн жолумдур.
Көрө жүргөн көзүмбү,
Өрттөнгөн кытай журтуна,
Өкүм айткан сөзүм бар.
Көмкөрө чаап балбанын,
Аралай жүргөн жолумдур.
Арстаным Манас сен жүрүп,
Алдырсам менин шорумдур.
Керкети деген жолу бар,
Каршы-терши бурулма,
Жүргөн элдин жолу бар.
Күн-түнү менен токтобой,
Кайнаган кытай калкынын,
Жүрөр жери шол эле.
Керик минип пил айдап,
Кербенчиден тил кармап,
Айттырып тилге канайын.
Анжы менен Туңшадан,
Каттаган ичке жолу бар.
Так ошо жерге барайын,
Жол талашкан Чубакты,
Жолдош кылып алайын.
Эр Манаска кеп айтып,
Алмамбет Чубак эки эр,
Кайрат кылган убагы.
Маңкаңдата бастырып,
Эр Чубакты шаштырып.
Сарала ат оозун жайыптыр,
Туягы тийген кара жер,
Жер очоктой оюлуп,
Эр Чубак чыкты бургутуп.
Көктеке менен чуратып,
Алмадай башын ашырып,
Ана боюн жашырып.
Алакең көзүн салганы,
Аңдап карап байкаса,
Жол байланып калыптыр.
Башка жол менен айланып,
Кербендердин жолунан,
Кесип өтүп кете албай,
Калган экен токтолуп.
Каттаган адам жок болуп,
Кайнаган кытай көп журттун,
Кандайча айткан сөзү бар,
Камданып аны угуп ал.
Аңдап көрсө Малгун дөө,
Жолго салган кези экен.

## МАКЕЛ МАЛГУН ДӨӨНҮН АЛМАМБЕТТЕН ӨЛҮШҮ

Куу эчки кабар салганы,
Куу өрдөк көрүп калганы.
Өңчөй кытай жыйылып,
Өнөр бантын турдуруп,
Бандуулуну урдуруп.
Ала моюн куу өрдөк,
Эсенканга жеткени.
Каардуу душман деп айтып,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Алпы менен дөөлөрү.
Кытайга кыргын салууга,
Каңгайды каптап алууга.
Элемандын Төштүгү,
Эштектердин Жамгырчы.
Казактардын Көкчө бар,
Кыпчактардан Үрбү бар.
Анжыяндан Санжыбек,
Аксакалы Музбурчак.
Кошуну кайнап карк толгон,
Кебимди эми тыңда деп,
Келип калды мында деп.
Батышабыз Эсенкан,
Солонуңду тыңда деп.
Манастын кошу келди деп,
Чөптөй көрдүк элди деп.
Ал сөздү айтып ийгени,
Айлык жерге кабары,
Бир жарым күндө тийгени.
Эсенкан угуп кабарды,
Башын чайкап калтырап.
Калчалардан канча жан,
Солон менен жайсаңын,
Соолтуп жыйып алганы.
Улуктун баары элеңдеп,
Көсөмдөрдүн баары бар.
Соо койбойт деп бүлүнүп,
Кара жандан түңүлүп.
Каканчындын Бээжинден,
Толуктап жыйган кол болуп,
Жерге батпай эл толуп.
Кытайдан барган Алмамбет,
Колду баштап алды деп.
Каканчыга бет алып,
Кошунун баштап келди деп.
Кайнаган кытай кантебиз,
Капаланып кайгы жеп,
Кан Эсенкан айтканы.
Чаңгели деген дуу дуусу,
Сөз баштап эми калганы.
Туңша деген бийик тоо,
Бизден кыям шашкелик.
Бир чекеси ал жердин,
Дөө периге караган.
Ушул жерден чыкканда,
Үч айчалык жол деген.
Сазаңшаңды жердеген,
Пенденин алы келбеген.
Макел-Малгун дөө деген,
Мазаңшаңдын Малгун дөө,
Угуз уулу болмоктон,
Бут мусулман келсе да,
Бизди чаап алалбас.
Андай болсо тургун деп,
Тулпарга минип камчы ур деп.

Өз колу менен Эсенкан,
Калдайтып мөөрүн бастырып,
Эсенкан ойлоп калыптыр,
Манастын кылар иши деп.
Аткарган экен Макелге,
Жети калдай кишини,
Калдайынан кабар жок.
Макел-Малгун бул дөөнүн,
Кабарын айтып берейин.
Бакырайат ачылса,
Маңдайда жалгыз көзү бар.
Оозун ачса бул Малгун,
Күркүрөгөн күн өңдүү.
Азат бойго чыккан түк,
Караган токой чер өңдүү.
Адам көрсө дидары,
Ажыдаардын түрү өңдүү.
Нечен-нечен бөлүнгөн,
Жүз миңден ашуун кошууну,
Мусаат тутат ушуну.
Көпчүлүгү жылаңач,
Баш кийимсиз жылаң баш.
Басып жүрсө жер сыйпайт,
Баштарынан чыккан чач.
Таанылбайт кары-жаштары,
Жан казандай баштары.
Алтымыш кулач карагай,
Жеңил-желпи таягы.
Бири эмес баарысы,
Бир кыйкырык үн менен,
Баары келип калышы.
Жыланды көрсө жырып жеп,
Баканы көрсө басып жеп.
Суурду көрсө сууруп жеп,
Доңузду көрсө уруп жеп.
Эчтеме таппай калганы,
Карагай кайың тал көрсө,
Омкоруп түбүн казып жеп.
Кай бирлерин карасаң,
Төрт аяктап жүгүргөн.
Байкап муну караса,
Башында бар мүйүзү.
Кайсы бирин карасаң,
Мурунунун үстүндө,
Муштумдай болгон көздөрү.
Айбан чалыйа ал бир журт,
Макел дөө жүрдү жол менен,
Нечен миң түмөн кол менен.
Анча-мынча булакка,
Суусуна ал тойбой.
Арасы аска бийик таш,
Андан учуп кырылып.
Кош барабан көтөрүп,
Ар түркүн жанды көз көрүп.
Кош барабан кагылып,
Кошуну чыкты жабылып.
Баатырлык кылып Коңттөрө,
Керген экен арышын.
Коңурбайдын калдайы,
Кийгенинин эби жок,
Этеги узун, жеңи жок,
Өтүгүндө така жок.
Түшүнбөй адам кебине,
Өлгөнүнүн этин жейт.
Буга окшогон курт жээрден,
Буруттун эли жакшы деп.
Эгер келип каптаса,
Сазаңшаңды жөөлөрү,

Эл-журтуңан какшы деп.
Мусулман келсе калдайып,
Кайнаган кытай элди алар.
Сазаңшаң келсе жабылып,
Буудайын оруп жеп алар.
Бул доңуз келсе нени алат,
Арада жантак дайра бар.
Ал аккан дайра ичинде,
Адыры бар, көлү бар.
Адам уулу өтмөккө,
Ссуга агызып сал салар.
Калдайган Кара шаарында,
Адамы жок там калар.
Тартуусун алып белендеп,
Айдап барган доңузуң,
Артып барган коңузуң.
Барган жанды жалмады,
Бири да аман калбады.
Алооке кан артынан,
Алтымыш жайсаң айдаган.
Жайсаңдар көрүп таңданып,
Байкаган жандар таң калып.
Кызыталак жайсаңдан,
Тирүү жан койбой кайсады.
Көргөн менен билгенин,
Көмүскөдө жүргөнүн.
Ант урган бул ит жээрлер,
Аңдасаң бирин койбоптур.
Аны көрүп шашканы,
Көргөн менен билгенин,
Бир баштан айтып турганы.
Эсен башын чайкады,
Айтылгандын баарысын,
Көз алдынан өткөрүп.
Сазаңшаңдык каптаса,
Кандыгың тайып бузулар,
Жин экен татчу тамагы.
Жалгыз эле биз эмес,
Дүйнөдөгү эл-журтка,
Тие турган залалы.
Дайрага салган көпүрө,
Бирин койбой ал деди.
Төрт миңден ашуун кол барып,
Асылышып жабылып,
Көпүрөнү алганы.
Алтымыш жайсаң бир барып,
Барган жандын баарысын,
Мал жанына карабай,
Бирин койбой кайсады.
Кызыталак Сазандык,
Көз көргөнү тутулуп.
Көрүнбөгөн кытайлар,
Айланып качып кутулуп.
Бул Сазаңшаң каптаса,
Кандыгың калар бузулуп.
Кары-жашың баарыңар,
Убарага салдыңар.
Кокус келсе бул жакка,
Ушу дүйнө жалган жай.
Уйпаланып каларбыз,
Көпүрөнү билбеди,
Көзүнө көлдү илбеди.
Көзүн салып көл дебей,
Көлбөктөп көлгө киргени.
Бул өңдөнгөн наадандын,
Адам чыкпас алдына.
Сан керигин мингени,
Алда канча сууларды,

Арыкта суудай сезбеди.
Кечип өтүп алганы,
Алла Таалам колдосун,
Кебимде болсо жалганы.
Кадимки тоо кечкендей,
Калдайып келип калганы.
Доошу чыкса күңгүрөп,
Тар көчөлөр урады.
Караанын көргөн адамдар,
Не шумдук деп чуулашып,
Бак-дарактар кыйрады.
Базарына сыйбады,
Казат үчүн камданып,
Калкы чочуп таңданып.
Отуруптур Коңтөрө,
Каарын төгүп калкына.
Оң жагына караса,
Алтымыш эки дуу дуусу,
Сол жагында жайсаңы.
Адырайган Коңтөрө,
Арстандай чамынып.
Алтындуу жыга бөрк кийип,
Такта отурган кези экен.
Малгун дөө кирип барганы,
Коңурбайың кайсы деп,
Колуна айгай салганы.
Малгундун үнүн угуптур,
Тактыга турган Коңурбай,
Тактыдан ыргып турганы.
Таазим кылып бүгүлүп,
Үч мертебе жүгүнүп,
Коңтөрө тура калганы.
Кабак-кашы түйүлүп,
Адам болбой ит Коңур,
Азыр менден өлөсүң.
Каңгай болбой куруп кал,
Манас деген ким эле.
Менин жайым укпаган,
Байлап алып келейин.
Туя элегин туйгузуп,
Туюкка камап тыгайын.
Каарын салып Коңурбай,
Малгунга мындай кеп айтат.
Найза сайса өтпөгөн,
Жазайыл атсаң ок өтпөйт.
Кылыч чапса кеспеген,
Кереметтүү Арстан эр.
Отко жакса чок өтпөс,
Жер жайнаган кол менен,
Кытайды чаап алам деп,
Келип калган чагы бар.
Эсине албай өлүмдү,
Дөөлөтү ашып ташыган.
Эки күн, үч күн тургун деп,
Келип калар акыр деп.
Каары жүздөн төгүлүп,
Коңтөрө айтып салганы.
Айтканын угуп Малгунуң,
Тула бойдон түк чыгып,
Калчылдап карап калганы.
Азыр өлбөй мен турсам,
Амандыкты таппайсың.
Бурутту айтып зор дейсиң,
Апыртып айттың Манас деп.
Кабылып калса Манасың,
Тирүүлөй аны жутайын.
Көргөзүп туруп көзүңө,
Чаткаякта күрсүнү,

Жолум үйдөй көрүнүп.
Эрдемсийсиң Коңтөрө,
Ачайынбы көзүңдү.
Ырай менен түрүнөн,
Коңтөрө көзүн жумганы.
Каарын салып Малгун дөө,
Оозунан жалын шыркырап.
Малгундун түрүн көргөн жан,
Бүт денеси дүркүрөп,
Жаачу күндөй күркүрөп.
Күрсүсүн күүлөп имерип,
Коңурбайдын кашында.
Таазимде турган Коңурду,
Айлантып келип урбады.
Ачуусу тарап басылбай,
Жанчып кармап имерип.
Жанчыгынын ичинен,
Канжасын алды коройтуп.
Элүү батман тамеки,
Канжага эми урганы.
Сөөмөйү менен нукулап,
Бармагы менен чукулап,
Канжасы толбой калганы.
Коңурбайдын көп колу,
Айраң азыр болгону.
Оттук ташын көтөрүп,
Жолум үйдөй күү койду.
Канжасын алып колуна,
Канжасын Малгун бир сорду.
Канжанын ичи чоктолуп,
Кашында бир жан калган жок.
Коңурбай турат кылтыйып,
Айраң таң болуп карашып.
Оозунан чыккан ьүтүнгө,
Көз көрбөй жолдон адашып.
Коңтөрө аман калбайт деп,
Тирүүлөй кармап жутат деп.
Колунун баары качканы,
Акылынан шашканы.
Калдайган Туңша шаарына,
Туман басып чүмкөлүп.
Бирин бири табалбай,
Адашып жүргөн андан көп.
Сакал менен муруттан,
Карга, чымчык, сагызган,
Учуп чыгып чуркурап.
Башы айланып түтүнгө,
Көздөрүнөн жаш агып.
Кумары канып Малгун дөө,
Салынган кабак ачылып.
Санаасы эми басылып,
Кан Коңурду карады.
Бир кишиден алдастап,
Баарыңар мында жүрөсүң.
Манасыңар кайда деп,
Көрсөткүлө Манасты,
Тирүүлөй чайнап жутайын.
Бара турган жолумдун,
Жол жайын айтып бергин деп,
Каарданып сурады.
Чочугандан Коңтөрө,
Колун жаңдап көрсөтүп,
Алмамбет жаткан бел жакка,
Малгун кете турсун деп.
Коңтөрө токтоп калганы,
Буларды таштап салалы.
Арстан Манас, Алмамбет,
Булардан кабар алалы.

Адырма артуу ашышып,
Аркардан тандап атышып.
Аркардын этин татышып,
Күч кубатын толтуруп.
Арстан Манас, Алмамбет,
Жолдун жайын айтышып.
Кайнаган кошун кол менен,
Кошунда чардап жатышып.
Эртеси Алмаң кеп айтат,
Арстаным байка деп айтат.
Адыры жок тоо болгон,
Көз кайкыган зоо болгон,
Салынып келип токтолот.
Күн чыгыш жак бетинен,
Көтөлөк деген коосу бар.
Жол айланып бөлүнгөн,
Кентундун кенен оюнда.
Баканчысы мол болгон,
Базарчынын жолу эле.
Кербенчи жүргөн жол эле,
Бай-кедейи тыйылбай,
Жүргүнчү өткөн жол эле.
Кароолчу келсе каапырдан,
Туш тарабын чалмакка,
Токтоло турган жер эле.
Кагылайын кан Манас,
Жортуулчу жолун чалайын,
Айттырып сөзгө канайын.
Белсенген баатыр Чубакты,
Жолдош кылып алайын.
Бул сөздү айтып Алакең,
Үзөңгүгө бут салып,
Баатыр Алмаң аттанып.
Эр Чубакты ээрчитип,
Эми жолго киргени.
Алмамбет, Чубак жанашып,
Көзүн салып туш-тушка,
Туш тарапты карашып.
Бадана зоот күрөөкө,
Кийген кийми жарашып.
Атырылтып булкунтуп,
Буудандарын жулкунтуп.
Араандай оозун ачтырып,
Туягы тийген кара жер,
Жер очоктой оюлуп.
Алмамбет, Чубак эки эр,
Айтылган белге барганы.
Аттарын таштап өтөккө,
Сыр найзаны таянып,
Алмамбет чыкты белине.
Алмадай башын ашырып,
Ана боюн жашырып.
Мергендерче бел менен,
Боортоктоп жылышып,
Алмамбет, Чубак барганы.
Экөө чыккан белине,
Малгунуң келип калганы.
Жан калтасын сыйпалап,
Канжасын сууруп алганы.
Алты батман тамеки,
Чоң канжага салганы.
Сөөмөй менен чукулап,
Бармак менен нукулап.
Жолум үйдөй күү коюп,
Канжасын колго алганы,
Жаңы оозуна салганы.
Эки соруп, бир соруп,
Түтүнү тышка чыкпады.

Кайталап кайра соргону,
Канжанын ичи кызарып.
Табына пенде чыдагыс,
Ичине толгон түтүнүн,
Оозунан эми чыгарып.
Туңшанын шаары көрүнбөй,
Түтүн тарап бөлүнбөй.
Көзү ачышып буркурап,
Кыйкырган канча жан болуп.
Башы айланып магдырап,
Макел дөө турду шалдырап.
Тартып эми болдум деп,
Канжаны колго алганы.
Сөөмөйү менен черткилеп,
Көчөнүн орто ченине,
Күлүн төгүп салганы.
Ал көчөнү күлү бууп,
Адам өтпөй калганы.
Андан кийин токтобой,
Оолугуп жолго салганы.
Ошо маалда Алмамбет,
Кайкаңга чыгып калганы.
Мурун түптүз талаа эле,
Томуктай болгон тоосу жок,
Тоосу пайда болуптур.
Кандай шумдук болду деп,
Алмамбет туруп таң калып.
Какандын шаарын аралап,
Канчалык ойноп күлбөдүм.
Жылас болгон Бээжинде,
Жылып жүрчү тоосу бар.
Муну ойлоп Алакең,
Жанындакы чоң дүрбү,
Жанынан сууруп алганы.
Алтымыш бура имерип,
Кынабына койду эле,
Алмамбет карап калды эле.
Сазаңшаңдык Малгунуң,
Жанында туруп калды эле.
Каапырдын түрүн байкаса,
Желкесин кырккан нар өңдүү.
Өң-даалатын байкасаң,
Өрттөгөн өзөн жар өңдүү.
Каш кирпигин карасаң,
Карагай, арча, тал өңдүү.
Маңдайда жаңгыз көзү бар,
Айдыңда турган көлгө окшош.
Түрүн көрүп Алмамбет,
Айраң азыр болгону.
Алиги келген куу каапыр,
Адамга жакын түсү жок,
Эчтеме менен иши жок.
Кош сеңирге такалып,
Өтө албай эми калганы.
Үйдөй болгон күрсүнү,
Үч айланып имерип,
Күч менен күрсү салганы.
Таштын баары быркырап,
Туман басып чаң болуп,
Көрүнбөй адам калганы.
Кантээр экен каапыр деп,
Алмамбет карап турганы.
Обдулуп келип урганда,
Оодарылды тоодой таш.
Токтоп карап туралбай,
Азизкандын Алмамбет,
Чубакты көздөй чурады.
Алмаңды көрүп эр Чубак,

Антаңдап чуркап калганы.
Ашыгыпсың Алмаң деп,
Ошондо Чубак сурады.
Анда Алмамбет жылмайып,
Жолдошсуң Чубак деп айтат.
Көрбөгөмүн, уккамын,
Буга окшогон каапырды,
Аңдап эсим чыккамын.
Сазаңшаңды жердеген,
Макел Малгун дөө деген.
Адамзат пендеси,
Дайнын билер неме эмес.
Эңкейип адам аларбы,
Ал каапыр менен алышкан,
Адам тирүү каларбы.
Бизди алам деп ал каапыр,
Камынып жолго салган го.
Аскалуу тоодон кем эмес,
Чоңдугунда ченем жок.
Туңша жактан кабарлап,
Коңурбай кабар салган го.
Каарданып каапырың,
Жолго чыгып калган го.
Жолуна туруп нетебиз,
Арстан Манас баатырга,
Кабарын айтып жетели.
Балакеттүү Малгун дөө,
Байлап кетип калабы,
Алмамбет айтып салганы.
Малгундун жайын баяндап,
Айтылып өттү далай сөз.
Анда Чубак кеп айтат,
Катүгүн Алмаң не дейсиң,
Качуунун камын не жейсиң.
Ал сөздү айтпа Алмаң деп,
Ажалы жеткен өлүүчү.
Башына түшкөн иш болсо,
Баатырлар шондо өлүүчү.
Ант ургурдан биз өлсөк,
Жакшы аттуусу саа калсын.
Качпай өлгөн баатыр деп,
Сооп четинен маа калсын.
Кагылайын Алмаң деп,
Эр Чубак айтып салганы.
Айтканын угуп Алмамбет,
Ыраазы болуп Чубакка.
Курбалдашым эр Чубак,
Бул дүйнөнүн өзүндө,
Ыраазы болдум сөзүңө.
Кагылайын өзүңдөн,
Кайрат айткан сөзүңдөн.
Эрдигиңди билдим деп,
Арстаным Чубак баатырым.
Жолдо жүргөн каарымды,
Жолборсум эми кечтим деп.
Алакең мындай кеп айтып,
Арбак урган доңузду,
Шашып Чубак көрбө деп.
Ал өңдөнгөн доңуздан,
Жүрөгүң чыгып өлбө деп.
Арстаным сага айтарым,
Алмабаш үнү чаңырса,
Ошондо шашып жөнөгүн.
Алдын тосуп жатайын,
Ал өңдөнгөн доңузду,
Көзүн болжоп атайын.
Көктеке менен чуратып,
Өлчөп найза суна көр,

Доңуздан өчтү ала көр.
Каршы-терши койгулап,
Айбалта менен сала көр.
Ал сөздү айтып Алакең,
Ойротту бузган алмабаш,
Ортосу болот, оозу албарс.
Түтүнү туман, түбү ыспан,
Алмабашын октоду.
Ак милтеге чок коюп,
Айтканын жасап эр Чубак,
Шашпастан сөзгө токтолду.
Чубактын аты Көктеке,
Тулпардын бири жеп жеке.
Ичке мойну бир кулач,
Тартылып ичи кындыйып,
Балтыры бала белиндей,
Басканы сырттын желиндей.
Жал куйругу төгүлгөн,
Туягы тийген кара жер,
Туш-тушунан бөлүнгөн.
Жарагын шайлап эр Чубак,
Жаңыдан атка мингени.
Алмабашын октошуп,
Аярлашып токтошуп.
Милтеге эми чок коюп,
Жолборсу Чубак токтолуп.
Келе жаткан Малгундун,
Астын тозуп Алмамбет,
Өңүп калды өзү жөө,
Макелдин жолун утурлап.
Ал Малгун дөө каапырың,
Күңгүрөнүп күүлөнүп.
Күңгүрөгөн добушу,
Жашылдуу күндөй дүңгүрөп.
Тозуп жаткан Алмамбет,
Жүрөгүнүн башы деп,
Айтканым бекер болор деп.
Алмабаш огу өтө албай,
Жерге түшөр бекер деп.
Оолугуп туруп Алакең,
Тоодой болгон каапырды,
Ооздон ары атсам деп.
Оюна келип мындай кеп,
Тоодой болгон каапырдын,
Эрини калың экен деп.
Кыйын болсо мылтыктан,
Бир тиши ыргып кетер деп,
Огум жерде калар деп.
Андан кийин бул доңуз,
Ойрон кылып салар деп.
Арстан Алмаң баатырың,
Акылы баштан кеткени.
Маңдайда жалгыз Көзүнү,
Мылтыктан кароол жеткени.
Ашыгып калган экенмин,
Ант урган наадан доңуздун,
Жалгыз эле көзү деп.
Жалгыз көздөн айрылса,
Өлүмгө тете болор деп.
Оюна Алмаң алыптыр,
Кароолго көзүн салыптыр.
Чечекей туштун чети деп,
Ак чел менен каранын,
Ортосун мээлеп алганы.
Качан атат кытай деп,
Акбалтанын Чубагы,
Акырайып калыптыр.
Айырбай көзүн кайкыдан,

Чечекейдин өзү деп,
Болжоп турган Алакең,
Машасын ирмеп салганы.
Алмабаш үнү чаңырып,
Үнүнөн мурун ок жетти.
Карегинин үстүнөн,
Тоо жарындай солк этти.
Ок көзүнө мылгыды,
Чечекейи челектей,
Жерди көздөй ыргыды.
Алмабаш огу жеткени,
Башын бөлүп кетпеди.
Үзөңгүдөн бут тайып,
Эсинен доңуз танганы,
Эңгиреп токтоп калганы.
Акбалтанын Чубагы,
Көктеке менен чуратып,
Жакындап кирип барганы.
Адам эле деп барган,
Айран таң болду бу дагы.
Токтолбостон эр Чубак,
Аңырайган оозуна,
Күч менен найза урганы.
Чубактан найза жеткенде,
Тоодой кулап кериктен,
Томкорулуп кеткени.
Сарала ат менен Алмамбет,
Салган бойдон жеткени.
Жерден башын алганча,
Эшик эндүү айбалта,
Жеткен жерден чыкыйга,
Айбалта тийип мылгыды.
Ал Макел доңузуң,
Жер кучактап токтолуп.
Аркасынан эр Чубак,
Айбалта менен салганы.
Жанынан эми түңүлүп,
Эки аягы бүгүлүп.
Эми жандан түңүлдү,
Алмамбет, Чубак эгизиң,
Адырайган доңузду,
Жерден жексен кылганы.
Тура калып жүрбөсүн,
Адырайган Малгунду,
Баса калгын баатыр деп,
Алмамбет айтып салганы.
Акбалтанын Чубагы,
Алмамбетти бир карап,
Баш жагынан эр Чубак,
Барып баса калганы.
Жан талашып Малгунуң,
Оң колун серпип салганы.
Оң колу тийип Чубакка,
Оодарылып кулады.
Ордунан ыргып эр Чубак,
Оолактап туруп калганы.
Коркурап доңуз жан берип,
Сулк жыгылып калганы.
Токтолуп туруп нетебиз,
Бул Малгун доңуздун,
Башын кесип кетели.
Башын алып каапырдын,
Арстан Манас баатырга,
Бачымыраак жетели.
Арстаным көрүп бизди да,
Ааламда журтка мактасын.
Айтканын макул алганы,
Айры шили кара куш,

Кесээр жери ушу деп,
Алмамбет айта салганы.
Керилип туруп эр Чубак,
Шилиге чаап калганы.
Эшик эндүү айбалта,
Уңгуга чейин бойлоду.
Кайра тартып алам деп,
Акбалтанын Чубагы,
Сууралбай эми койгону.
Ары тартып тырактап,
Бери тартып сырактап,
Сууралбай эми койгону.
Өлгөнүн көрүп Малгун дөө,
Айбалтамды ант ургур,
Кайрып бербей койду деп.
Ооз омуртка мойну деп,
Эр Чубак антип кеп айтат,
Өлбөптүр доңуз деп айтат.
Айтканын угуп Алакең,
Каткырып күлүп калганы.
Андай болбойт акыр деп,
Аңдагын Чубак баатыр деп.
Этин шылый чапкын деп,
Айбалта, кылыч алышып,
Аркы-терки койгулап,
Маңдай-тескей турушуп,
Дигерге чейин доңуздун,
Мойну менен урушуп.
Кеч курун башын кесишип,
Уурту калың жарым кез,
Ууртунан тешишип.
Алмамбет шондо кеп айтат,
Башын кестик Макелдин,
Байлангын Чубак баатыр деп,
Алакең айтып салганы.
Акбалтанын Чубагы,
Айтканын кабыл алганы.
Көктекени бет алып,
Көтөрүп алып дадаңдап,
Баатыр Чубак барганы.
Малгундун башын эр Чубак,
Күч менен араң көтөрүп,
Көктекеге байлады.
Талыбас буудан Көктеке,
Байлаган жакка майышып,
Көктеке минтип калганы.
Көзүн салып акыры,
Көсөл Чубак кеп айтат.
Көктеке бели сынбасын,
Бул доңуз мага кылбасын.
Байкачы Алмаң деп айтат.
Көөдөктүгүн билгени,
Көзүнөн жаш чыкканча,
Көк жал Алмаң күлгөнү.
Кериктин тилин билчу экен,
Кез-кезинде сонуркап,
Кериктен кармап минчү экен.
Келтирип Алмаң алганы,
Доңуздун башын алып кел,
Аргамжы кылып чачыны,
Бир жагына баш байлап,
Бир жагына кериктин,
Башка теңеп таш байлап.
Астында Чубак жетелеп,
Артынан айдап Алакең,
Арстан Манас, Сыргакка,
Алмамбет, Чубак келгени.
Алмамбет, Чубак эгизим,

Качан келер экен деп.
Кайта-кайта токтобой,
Карап турган кези экен.
Жол караган сактанып,
Жоо бөрүсү Манаска,
Кагылайын канкор деп.
Жалгап кудай салыптыр,
Соодагер чыгып астынан,
Толгон дүйнө алган го?
Алмамбет менен эр Чубак,
Баамдап көрүп ар жолун,
Баатыр бизге айтмакка,
Бастырып жолго салыптыр.
Байкап көрсөм эсепсиз,
Калың дүйнө алганбы?
Керик менен пил кармап,
Туңшадан кыйла тил кармап,
Келе жатат бөлүнүп.
Кошто жатып зерикпей,
Келгениңиз оң болду.
Коонубу, дарбызбы,
Эсеби жок чоң экен.
Коон менен дарбызын,
Эриккенче жейлик деп.
Артканын алар жесин деп,
Арбынын жеген биздерди,
Ачыккан экен десин деп.
Кеп кеңешин бүтүрүп,
Келгенде турду жүгүрүп.
Коон деп барып эр Сыргак,
Башты чечип алганы.
Көтөрө албай далп этип,
Жерге түшүп калганы.
Эрди башы шалп этип,
Эрининин калыңы,
Жарым кезден ашат деп.
Байкап карап алганы,
Эки кулач эрини,
Жолум үйдөй баш экен.
Аргамжы кылып келгени,
Өзүнүн нак чачы экен.
Өң-түсүн көрүп доңуздун,
Калган ичте акылым.
Деп ошентип эр Сыргак,
Алмамбетке жалынып.
Мээнет баскан кытайың,
Ким билиптир мындайын.
Каран калсын каканчың,
Каканчысы бул болсо,
Калгандары не болот?
Соодагери бул болсо,
Кагылышса не болот?
Чабалдары бул болсо,
Чалгынчысы ким болот?
Чарпышкан адам соо болбос,
Алдам урган кытайды,
Укпаймын да көрбөймүн.
Кыркка жашың толупсуң,
Манас баатыр болупсуң.
Туулган жериң Алтай го,
Алып келген башты көр.
Аргамжыдан кем эмес,
Капкара болгон чачты көр.
Каран калган кытайдын,
Оозуна чыккан тишти көр.
Кытайда ээн журт бар деп,
Алып келдиң кошунду.
Арстаным Манас байкагын,

Уруксат бергин кетемин.
Беттешип уруш салганча,
Береним Манас кетемин.
Укпай көрбөй бул жерге,
Бекерге келген экенбиз.
Кармашкан менен манжуга,
Канткенде ал жетет деп,
Кан Сыргак айтып салганы.
Жанына келип Алмамбет,
Каткырып күлүп калганы.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
Эр Сыргак уккун деп айтат.
Бээжин шаары бекем жер,
Кумурскадай кайнаган,
Чиркейден бетер жайнаган.
Миңи болсо Бээжинде,
Бир экен деп ойлогун.
Бири болсо Бээжинде,
Өзү ушу деп билгиниң.
Алмамбеттин айтарга,
Сөзү экен деп билгиниң.
Макел Малгун доңуздун,
Көзү ушул деп билгиниң.
Айтканын Сыргак эшитип,
Арсаң-арсаң күлгөнү,
Чогу ушундай экен деп,
Чочуп жандан түңүлүп,
Көргөндө түштү жүрөгүм.
Арстан Сыргак баатыры,
Акбалтанын Чубагы.
А деп оозун ачпады,
Акылынан шашпады.

## АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН ЧАЛГЫНГА ЧЫГЫШЫ

Аттанып чалгын чалмакка,
Алышып кумар канмакка.
Алмамбет менен эр Сыргак,
Ок өтпөс тонун кийишип,
Айбалта белге илишип.
Кылычын кынап белине,
Алмамбет менен Сыргагың,
Ойду коюп жон менен,
Кайнаган кытай журтуна,
Капыстан барчу жол менен,
Баатырлар бүгүн жүргөнү.
Аттанып чыгып камынып,
Жылма жолго салганы.
Каспанга жакын калганда,
Кайнаган колу көрүнүп,
Көргөндө көөнү бөлүнүп.
Эсине ар иш элестеп,
Эр Чубак айтып салганы.
Ал сөздү уккан эр Сыргак,
Элейип карап калганы.
Айтканын угуп эр Манас,
Болкулдап күлүп калганы.
Барып калар эми деп,
Болжолун көрүп алганы.
Бет маңдайын караса,
Карарып жаткан багы бар.
Кайрылбастан Алакең,
Аралап өтөр жолу бар.
Кайнаган кытай көп элде,
Колдун баары былкылдайт,

Найзанын учу кылкылдайт,
Жер союлуп былкылдайт.
Аны көргөн пенденин,
Жүрөктөрү болкулдайт.
Көпкөк найза көтөрүп,
Каршы-терши былкылдайт.
Асый аттай ар бир ит,
Туш тараптан арсылдайт.
Алмамбеттин артынан,
Ээрчип келген баатырлар,
Жон териси дүркүрөп.
Коонун эки жагында,
Кыйла калың кол турат.
Мылтыктары октолуу,
Милтелери чоктолуу.
Өйүз менен бүйүздө,
Кайнаган кол топтолуу,
Аларды көрүп алганы.
Секирип түшмө жолу бар,
Сарала менен аргытып.
Секирип түшүп алганы,
Алмакең жолго салганы.
Көмкөрмө жар колотко,
Баатыр Чубак барганы.
Кабылан Манас арстаның,
Алмамбеттин артынан,
Кошо жөнөп калганы.
Алмамбет байкап калыптыр,
Көрүп Алмаң акыры,
Көмүлгүр түпкө жеттиң деп,
Тарт кайра деп бакырды.
Көктекенин бир колу,
Көпүрөгө тийгенде,
Туш-туштун баары күпүлдөп,
Жазайыл мылтык атылды.
Чагалалап бакырып,
Кытайлардын бир тобу,
Жер союлтуп бакырып.
Коркуп Чубак шашканы,
Коктуга кире качканы.
Кашында жүргөн эр Сыргак,
Камаарап эми койбостон,
Кандай иш деп кеп сурайт.
Анда Алмамбет кеп айтат,
Ушу жердин өзүнө,
Билген бирөө келбесе,
Мурда сырын билбесе,
Жалгыз адам келе албайт.
Тике кирсе көпүрө,
Тирүү пенде келе албайт.
Аярлык менен чаптаган,
Өзү үчүн сактаган,
Жайнап жаткан кол болот.
Кумурскадай жайнаган,
Чиркейден бетер кайнаган,
Арстан менен жолборс бар.
Аркырап турат уланы,
Көпүрөгө туташкан,
Аярдын кылган дубасы.
Кылая багып күлбөгөн,
Күлгөндүн сырын билбеген.
Күңгүрөнүп сүйлөгөн,
Арстанын Манас баатыры.
Кайда мунун шаары деп,
Жылмайып күлүп койгону.
Кайда мунун эли деп,
Кабыла турган бели деп.
Карсылдашып каларбыз,

Тобокелге салалык.
Кандай да болсо мейли деп,
Арстаның айтып салганы.
Дегенин угуп Алмамбет,
Макул көрүп калганы.
Алмамбет токтоп кеп айтат,
Чылан дарбан чымачын,
Туңшанын ушул калаасы.
Туңша Бээжин туругу,
Коңурбай кытай улугу.
Башкы атасы маң болгон,
Басташкан душман нан болгон.
Атчанынан жөөсү көп,
Басып жүргөн дөөсү көп.
Кайнаган кытай элинде,
Кабарды түгөл угуптур.
Ала моюн куу өрдөк,
Айтып жаны тыныптыр.
Камынышып көп кытай,
Камынып калган кези экен.
Арстаным мында токто деп,
Ат жетпеген дөөсү көп,
Алпы менен жөөсү көп.
Кор болуп эми калбайлы,
Жер жайнаган кошун жок.
Бели катуу бек айбат,
Калсын Чубак жолборсум.
Кагылайын кан Манас,
Айланып келип артынан,
Кайнаган кытай дартынан.
Капкасын ачып кирейин,
Кайнап жаткан кытайдын,
Камылгасын билейин.
Бул сөздү айтып салганы,
Манас, Чубак калганы.
Арстан Сыргак баатырды,
Жанына алып Алмамбет.
Капкалуу шаар Туңшага,
Буудандын башын бурушуп.
Капканы көздөй кечинде,
Жөнөп жолго салганы.
Дайнын толук билмекке,
Алмаң кирип алыптыр.
Кытайлардын чоң Коңур,
Жанына жолдош алыптыр.
Кырмус шаанын Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара.
Калмактан бар Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткаландын Сайкалы.
Кайнап жаткан кытайдын,
Кайсы бирин айталы.
Солондон бар Алooке,
Доңуз мүнөз Жолою.
Токмукерден Бозкертик,
Арасында булардын,
Байкап билген аяр бар.
Кагылышка даяр бар,
Кытайдан чыккан кыяр бар.
Кызылдай кыргын салуучу,
Кыяры бар, алпы бар.
Көөдөнү дубал бетиндей,
Беш карыш келген төштүү бар.
Салышкан душман кабылса,
Заман акыр салган бар.
Жашты арбын жашаган,
Жашы узарып бул каапыр,
Далай алпты жайлаган.

Ордунан чыккан айтканы,
Кабарчысы шайтаны.
Ыраңкөөдөн ойлонуп,
Ырас жери бу Манас.
Бизди койбойт деп айтат,
Бет алган колу соо болбойт,
Бээжинди булар соо койбойт.
Кармашкан колдор соо болбойт,
Колуңдан бизге айла жок.
Арстан Манас дегендин,
Аз калыптыр өлөрү,
Беттешкен адам соо койбойт.
Акырет көздөй кетери,
Коңтөрөм сенин колуңдан.
Ыраңкөөдөн ойлонуп,
Эки ийинин каранып.
Дуу-дуу Какан шаарына,
Кайратын эми айтканы.
Калдайган кара шаарыңар,
Камалып эми калганы.
Үтүрөйүп сан кытай,
Үйдөн чыкпай калдыңар.
Кабарчыбыз эчки деп,
Кабары кайда жетти деп.
Ыраңкөөдөн айткан кеп,
Туура чыкпай нетти деп.
Түбүңө Манас жетти деп,
Жетпегенде нетти деп.
Туңшалыктар тунжурап,
Айласы кетип бөлүнүп.
Аярлары арбын деп,
Аярларга ишенип,
Отурасың бокту жеп.
Кеп кылбайын бүттү деп,
Атаңдын көрү көп кытай,
Бурут келип калды деп.
Качышыңар эп бекен,
Карсылдашпай коркушуң,
Кайнаган кытай кеп бекен.
Ыраңкөөдөн айткандан,
Кайнаган туңша жергеси,
Айтканымды угуңар.
Аттангыла жол берип,
Адам жетпес жерлерди,
Айланып чыгып карайын.
Издеп бирөө барбады,
Мен барайын ага деп.
Беттешпей туруп бурутка,
Тартуу бериш кандай кеп.
Ачууланып Коңтөрө,
Ордунан тура калганы.
Атаңдын көрү ит кытай,
Алжыганы арбын деп,
Сөзүн кабыл албады.
Ыраңкөөдөн сөзүнө,
Аттанып алып камынып.
Аялдабай жолуна,
Ыраңкөөдөн жөнөдү.
Көргөн-билген киши жок,
Көөдөн жолго салганы.
Арстаның Алмаң жол карап,
Туңшага жакын калыптыр.
Көз байланар кезинде,
Алмамбеттин үстүнө,
Көөдөнүң кирип барганы.
Алмамбет көрүп бүгүлүп,
Астында турду жүгүнүп.
Коомалашып кеп кылып,

Кобурашып турушту.
Чайкайнам токтоп кеп айтып,
Чабала келет деп айтып.
Алакөр балам деп айтып,
Кайра тартып кеткени.
Көөдөнгө дуу-дуу кошулуп,
Чабала чаап жетиптир.
Кулду кудай берди деп,
Куткарбасмын сени деп.
Кара суунун четинде,
Чоң камыштын бетинде,
Сырттаның Сыргак эр турат.
Алаңгир жааны колго алып,
Алмаңдын кара оюнда,
Жолуна өңүп калганы.
Улук кандын Сыргагы,
Алмамбет менен иши жок,
Өрттөнүп ичи кызыл чок,
Кеп айтышар киши жок.
Ал аңгыча болбоду,
Маңкаңдата бастырып,
Каканчынды Чабала,
Жакындап келип калганы.
Кыйгачыраак келгенде,
Кыйып өтө бергенде.
Арстаның Алмаң баатырың,
Арстандай чамынып,
Кыйгактуу найза колго алып,
Кый сүбөөгө урганы.
Сүбөөгө найза мылгыды,
Чаңдыбоз деген аты бар,
Аласалып кулады.
Саралага камчы уруп,
Чапты Алмамбет бургутуп.
Чоң камыштын бетинен,
Эр Сыргак чыкты качырып.
Чабала дуу-дуу каапырга,
Мурунку барган жолдошу,
Лаанат урган бизди деп.
Туңшаны көздөй бет алып,
Качып чыгып калганы.
Бул турган ойдун баарына,
Бурут толгон экен деп.
Кылчайып артын карабай,
Соорусун жоого салыптыр,
Шоңшоңдоп качып калыптыр.
Улаккандын эр Сыргак,
Сыр найза менен бир коюп.
Тебетей сайган немедей,
Тегеретип салганы.
Артынан жетип Алмамбет,
Башын чаап салганы.
Сарала менен аргытып,
Артынан Алмаң жетиптир,
Качкан дуу-дуу үчөөнү,
Найза менен кулатып.
Аркасынан эр Сыргак,
Башын чаап кеткени.
Дуу-дуудан бирин кетирбей,
Жуушатып эми салганы.
Алмамбет менен Сыргактын,
Көңүлү эми жай болуп.
Чытырман токой аралап,
Алмамбет, Сыргак эгизин,
Буудандан түшө калышып,
Ак каңкы ээрин алышып.
Буудандарды жайдактап,
Аса байлап маймактап.

Сыртка жылкы сайгандыр,
Кан Коңурбай баш болуп,
Каспаңдын жолун алгандыр.
Карагулдай аяры,
Ал дагы чыгып калганы.
Кагылайын Сыргагым,
Мында туруп нетебиз.
Манас менен Чубакка,
Кабарды эми салалы.
Айтып коюп жай-жуйду,
Чалабанын Чандыбоз,
Алты атты айдап алганы.
Алмамбет, Сыргак ээрчишип,
Манас менен Чубакка,
Алмамбет, Сыргак барганы.
«Соога баатыр, соога» – деп,
Эр Чубак тура калганы.
«Соогатың кабыл болсун – деп,
Чылбырга колун толсун» – деп,
Алакең айтып салганы.
«Кагылайын кан Манас,
Жараткан өзү жол берсе,
Жайлайын күндү акыр» – деп.
Манас Чубак эки эр,
Алагды болуп ашыкпай,
Жаткыла эми жайма-жай.
Деп Алакең муну айтып,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Каспаңды көздөй бет алып,
Көз чаптырып туш-тушка,
Серп салып карап алды-артын.
Кара сууну жээктеп,
Ичке жолду тээктеп.
Ийрилип аккан кара суу,
Жай таштан бешти салганы.
Касыйдадан сүрөөдөн,
Кайта-кайта бат окуп,
Калмакча дуба жат окуп.
Алмамбеттин жанында,
Баатыр Сыргак турганы.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча.
Уйгу-туйгу жел жүрүп,
Асманда булут айланып,
Күндүн жүзү байланып.
Шамал болуп күркүрөп,
Дабышын уккан пенденин,
Бүткөн бою дүркүрөп.
Бөксөдө булут бөлүнүп,
Кыбыла жак кызарып,
Кызыл мунар көрүнүп.
Жаай түшүп шыбырап,
Жамгырлады дыбырап.
Ал аңгыча болбоду,
Уйгу-туйгу жел болуп.
Булут көчүп бөлүнүп,
Асмандан мөндүр төгүлүп.
Күнү-түнү мөндүрлөп,
Алты күнгө толгондо,
Асмандан мөндүр көрүнүп.
Алты сай мөндүр төгүлүп,
Жаап туруп муз болуп,
Жайдын күнү кыш болуп.
Жааган күнү ачылбай,
Шыбыргагы басылбай.
Кара суунун боюнда,
Каспаңдын кара оюнда.
Кара буурул көп жылкы,

Жайнап жатат көрдүңбү.
Алты жүз экен жылкычы,
Жолум үйдү кармашып.
Туш-тушунан жабылып,
Камтууга келбей колдору,
Чымырап уюп калыптыр.
Жадабаган Алакең,
Жабыркатып салар деп.
Жолум үйүн бүктөтүп,
Пилге артып жүктөтүп.
Тоодон ойго айдатып,
Чөңөрлүнүн ою деп.
Чөкмө тоонун боюна,
Бир чекеси жылкынын,
Каспаңдын кара оюнда.
Жайнатып жылкы салганы,
Жайланып жатып калганы.
Жаратканга жалынып,
Жигит пири Шаймерден,
Жардам, жардам деп.
Алмамбет менен эр Сыргак,
Жалынганы Шаймерден.
Сарала менен жулкунтуп,
Салып уруп барганы.
Жай ташын суудан алганы,
Күн ачылып калганы.
Тоодон булут бөлүнүп,
Күн ачылып алганы.
Аларды таштап салыңар,
Алмамбет менен Сыргактын,
Алда неме сөзү бар,
Алардан кабар алалы.
Кысталып кетти калың журт,
Убалы кимге жетер деп.
Айткан сөзгө көнсөңөр,
Ушунда келген көп кошун,
Бирин кармап бирин жээр.
Урунарга тоо таппай,
Урушарга жоо таппай.
Убара болду көп кошун.
Айдап чыгып кошунду,
Чантууну көздөй коё бер.
Бул сөздү айтып жыйылып,
Азезилге сыйынып.
Алмамбет, Сыргак эки эр,
Анжы-манжы туңшага,
Аралашып алыптыр.
Аларды таштап салыңар,
Арстан Алмаң, эр Сыргак,
Кабарын угуп алыңар.
Катуу черүү аттанса,
Эр Алмамбет баатырдын,
Аркасынан түшпөгөн,
Бөктөрүнчө дайым бар.
Не бар болду деп ойлоп,
Ойлобогон чагы бар.
Казатты ачып Каканга,
Кан кечип жүргөн жайы бар.
Санаасын салып көп жанга,
Кеткенде кийген кийми бар.
Кытайча тиккен шалбар шым,
Аягына салганы.
Таманында така жок,
Жонуна кийип алганы.
Этеги узун жеңи жок,
Чепкенинде жака жок.
Туюк өтүк кончу кең,
Малакай кийип башына.

Баатыр Сыргак жолдошун,
Ээрчитип жүрөт кашына.
Чабаланын кийимин,
Эр Сыргакка кийгизип,
Чаркын чактап билгизип,
Кытай кылып салыптыр.
Туулга башта тултуюп,
Турган экен эр Сыргак,
Кер сары болуп тултуюп.
Түрүн көрүп Сыргактын,
Катуу күлүп калганы.
Алмаңдын көрүп күлгөнүн,
Эр Сыргак карап турганы.
Алмамбетке кеп айтып,
Шылдың кылып каласың.
Киши болбой калсам да,
Башындагы малакай,
Алып жерге таштады.
Ошондо Алмаң шашканы,
Айткан тилге киргизип.
Алдап-соолап Сыргакты,
Чабана киймин кийгизип.
Жайнап жаткан кытайдын,
Жөн-жайын айтып билгизип.
Арстаным Сыргак айтарым,
Сансыз кытай эл келсе,
Элин көрүп сүрдөсө.
Кытайдай жүргүн зыңкыйып,
Айласын өзүм табамын.
Кагылайын Сыргагым,
Экөөбүздү көргөндө,
Улук экен деп ойлоор.
Сыргагым дудук болгун деп,
Алакең айтып салганы.
Кыжылдата сүйлөсө,
Кытайдын тили өзүндө.
Кыйгачтап карап койгону,
Кытайлык сыны көзүндө.
Балдыр-булдур сүйлөсө,
Манжунун тили өзүндө.
Алмамбет менен эр Сыргак,
Туңшанын кирди жолуна.
Кайнаган кытай элине,
Аралашып калганы.
Арстан Сыргак баатырың,
Алмамбеттин соңунда.
Эрте барбай, кеч барып,
Көк жалың барган убагы.
Көз байлаган кез экен,
Ошондо Алмаң токтобой,
Кытайча доол урганы.
Кошундун башы чыксын деп,
Айтылганды уккун деп,
Кыйкырып айтып турганы.
Буруттун журту келиптир,
Келген менен канча кол,
Макел-Малгун бериптир.
Кезиккенин Макел дөө,
Кармап башын жулуптур.
Аралашып Малгун дөө,
Чакчелекей кылыптыр.
Башчысы өлгөн буруттар,
Туш-тушка сиңип кетиптир.
Кошунун арбын алсын деп,
Көп колду баштап Коңтөрө,
Ылдам келип калсын деп,
Акимдер кабар салыптыр.
Аттангыла бачым деп,

Кытайча айтып салганы.
Кыраанын Алмаң аны айтып,
Каймана жолго салганы.
Кайнаган Туңша Бээжинди,
Алдаганы бул экен.
Арстан Сыргак артында,
Кыңк этип оозун ачпаптыр,
Айткандан кыя тартпаптыр.
Андан өтүп алганы,
Кайнаган колго бет алып.
Манжу кытай колуна,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Эми кирип калганы.
Аралашып көп колго,
Арасында калганы.
Баягы сөздү дагы айтып,
Кентунду көздөй айдады.
Ал жерден өтүп Алакең,
Аңгуктун жабай журтуна,
Түн жарымы болгондо,
Аралап кирип алыптыр.
Алакең келип айкырып,
Айгайын салып бакырып,
Бурут келип ал жерге,
Кентунга уруш салыптыр.
Керик минген дөөлүрдөн,
Эсепсиз келип калыптыр.
Анжы-манжы кетти деп,
Айткан сөздү анда деп.
Буйрук угуп барбасаң,
Буруттар түпкө жетти деп.
Кабарды мындай салганы,
Угуп алып калың кол,
Удургуп жөнөп калганы.
Кошунунун баарысын,
Кетирди Кентун калаага.
Адам айраң калбайбы,
Алмамбет сындуу баатырга.
Бактысына бериптир,
Баатыр Манас багына.
Ээрчитип алып Сыргакты,
Барды капка жагына.
Сексен балбан, токсон алп,
Капкасын араң ачкандай.
Ордолуу эчен жолу бар,
Он тогуз миң колу бар.
Капканын оозун кайтарган,
Кан ичкичтин баары бар.
Көпкөк темир кийинген,
Катылган жоону соо койбос,
Канкордун баары мында экен.
Капкага Алмаң барганда,
Ачык экен капкасы.
Алмамбетти караса,
Алтындуу доол урганы.
Доолдун угуп добушун,
Ар кошундун төрөсү,
Астына келип турганы.
Алмамбетти бек карап,
Аңдай албай курганы.
Ошондо Алмаң кеп айтат,
Каарын салып бек айтат.
«Аттангыла» – деп айтып,
Алтындан тону жаркылдап.
Жыгасы башта бөлүнүп,
Маңдайында жалтылдап.
Падыша болуп кытайча,
Өкүмүн анда жүргүзгөн.

Таажысын көрүп таң калып,
Төрөлөр чочуп ушунда.
Туш тарапка бөлүнүп,
Кабарды айтып келдик деп.
Астыңарга казганак,
Азыр эле келдик деп.
Кароолдо турган баатырлар,
Камынып атка мингени.
Кентунду көздөй бармакка,
Тегиз жолго киргени.

## АЛМАМБЕТ ЖЕР-СУУНУ КӨРҮП АРМАН КЫЛГАНЫ

Атаңдын көрү дүнүйө,
Киндик кан тамган жер кана.
Айнектей болгон ак талаа,
Түпкү атам өткөн Чылаба.
Дүпүйгөн кара шаар эле,
Мына шу жерге барганы.
Жалпысын Туңша деп койгон,
Канжайлак деген ой-тоосун,
Козунун жашы төгүлүп,
Эсенкан кызы Бурулча,
Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Кылжээрде минип кылчайбай,
Сейилге чыккан жер эле.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Өткөндөр эске түшкөнү.
Жаш айланып көзүнөн,
Алакең жашып кеткени.
Өз колу менен тиккен тал,
Өрдөштө куурап болуптур.
Атаңдын көрү шум дүйнө,
Так ушундай болуптур.
Атчан туруп кучактап,
Асмандап өскөн чынарды,
Алакең турду кылчактап.
Акылымдан шашканда,
Түн жамынып токтобой,
Энемди ала качканда.
Кабарды мурун угуптур,
Коңурбай менен Нескара,
Кошунду жыйып алыптыр.
Алмамбет жолго салар деп,
Коңурбай менен Нескара,
Жолун тозот кылыптыр.
Көмүлүп калган алтын так,
Энемди ала качканда.
Качсаң Алман өлдүң деп,
Тегеректеп калганы.
Атаңдын көрү дүнүйө,
Тагдыр жетсе даба жок.
Анжы-манжы Туңшаңы,
Аралап жүргөн чак кана.
Ажал келсе даба жок,
Акырет көздөй жол тартсам,
Артымда ини болгон жок.
Кадырым билер калк кана,
Ачылган көз жумулуп.
Кайып болсо дүйнөдөн,
Каңгыган эрдин шору экен.
Кан атам өлгөн экен деп,
Артымда эркек бала жаш.
Кытай да болсо кор экен,
Кыйын мыкты болсоң да,

Кыйрынан азган кор экен.
Кызыл чектүү кытайдын,
Кымбатынын уулу элем.
Кагылайын Сыргагым,
Кылжээрде менен кыдырып,
Бойлогон жерим ушул жер.
Жылаңайлак, жылаң баш,
Ойногон жерим ушу жер.
Керээли кечке оюнга,
Тойбогон жерим ушул жер.
Башка жер бар деп кеп салса,
Таңданган жерим ушул жер.
Төр үйүм төркүн болгон го,
Көргөндө көөнүм чөккөнү.
Көз жашын Алмаң төккөнү.
Өзүм тиккен калың бак,
Өзөгү куурап соолуптур.
Кагылайын Сыргагым,
Кайсы бирин айтайын,
Дубалы кыйрап болуптур.
Темирден салган үйлөрдү,
Жер көтөрүп соруптур.
Бакчанын баары жыйылып,
Куураган талдар кыйылып.
Баш көтөрөр журтум жок,
Баарысы калган кырылып.
Дубалым кыйрап ор болуп,
Күңгүрөнүп мен калдым,
Күйүттөн жүрөк чор болуп.
Каны качкан кара журт,
Шаңыяга зар болуп.
Бейпай Туңша калаасы,
Элиме бүлүк салыптыр,
Түк койбой бөлүп алыптыр.
Калкымды караан калтырып,
Калтырбай бөлүп алыптыр.
Ажалдуусу өлүптүр,
Туш тарапка бөлүптүр.
Аздырып журтту бөлгөндү,
Азыр көзүм көрүптүр.
Калың журту бөлүнүп,
Калайманга көнүптүр.
Буларды көрүп Алакең,
Жол жээгине токтоптур.
Тозоңун казып сапырып,
Торопой доңуз оттоптур.
Боору катуу кара жер,
Калыңынан түтүптүр.
Бул сөздү айтып Алакең,
Көр дүйнө деп бакырып.
Сагаза күлүн салдырган,
Тартса кумар кандырган.
Кара мурч салып буулаган,
Калемпир салып суулаган.
Насыбайын алганы,
Чоң чакчаны алганы.
Алаканга салганы,
Алакең атып алганы.
Үшкүрүгү баш жарып,
Үйүнө келип калганы.
Кылжээренди мингени,
Арстан баатыр Алмамбет.
Калабаны салып Алмамбет,
Каканчынды кыйратып,
Качып чыккан жери бар.
Нескара, Жолой эки дөө,
Кубалап келип артынан.
Карсылдашып Алакең,

Алтын найлуу канжасы,
Колунан түшкөн жери бар.
Арстан Алмаң баатырың,
Ат чабым жерге барганда.
Найзасын кармап имерип,
Алакең алып найзасын,
Жерге сайып салганы.
Арстаным Сыргак түшкүн деп,
Алакең айтып алганы.
Жер семирип болуптур,
Шибер чайкап толуптур.
Найза сайган жерине,
Эр Сыргак колун салганы,
Сыйпалап карап калганы.
Алтын найлуу канжасы,
Жаткан экен дат басып.
Найына туяк тийиптир,
Найы түшүп кубулуп,
Алакең салды жолуна.
Алакеңдин колунда,
Алтындуу саадак жаасы бар.
Эр Сыргак алган канжанын,
Он тогуз байта л баасы бар.
Ошондо Алмаң айтып кеп,
Олжону Сыргак алгын деп.
Күлүмсүрөп болкулдап,
Күлкүсү чыгып солкулдап.
Арстан Сыргак артында,
Жылкыны качан көрөм деп.
Эки көзү төрт болуп,
Өрттөнүп ичи чок болуп.
Алмамбеттин артында,
Эр Сыргак барып токтолуп.

## АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН КАРАГУЛГА ЖОЛУККАНЫ

Кагылайын Сыргагым,
Кайсы бирин айтайын.
Кара буурул көп жылкы,
Жайнап жатат көрдүңбү?
Кара тору көп кечил,
Айдап жатат көрдүңбү?
Кызыл буурул көп жылкы,
Жайнап жатат көрдүңбү?
Кызыл топу көп кечил,
Айдап жатат көрдүңбү?
Каспаңдын кара оюнда,
Алкым жагы жаркырайт.
Анын баары сарала,
Караса көзгө илинбейт.
Кара буурул көп жылкы,
Санаты санга билинбейт.
Эми туруш иш болбойт,
Жылкыга жетпей деп айтат.
Чытырмандуу токойду,
Аралата салганы.
Бери турган кара суу,
Аргымак салса ойнобойт.
Кечүүдөн бөлөк жерине,
Тогуз найза бойлобойт.
Кагылайын Сыргагым,
Кечээ Чоң Бээжинден качканда,
Алмаң кечкен кечүү бар.
Кечүүдөн кечип алабыз,

Кара буурул жылкыга,
Жайма-жай кирип барабыз.
Деп ошентип Алаке,
Кечүүгө жакын барганы.
Алакең өзү жол баштап,
Таш кечүүдөн Алакең,
Жаңы чыгып алганда.
Каршы алдынан Карагул,
Каршы чыгып калганы.
Алмаңды көрүп алганы,
Билеги жоон таш жүрөк,
Пил мүчөлүү бадирек.
Биздин элдин түрү эмес,
Биздин элдин малы эмес,
Экөөңдүн мүчө затыңыз.
Кайдан чыккан мал деди,
Кабарың айта сал деди.
Ошондо эр Алмамбет кеп айтат,
Анын жайын менден ук,
Атасы анын зор улук.
Какандан келди тоорулуп,
Баатырлыгы бир канча.
Жолукса жоону мыктайт деп,
Жолу катсын бул жаңжуң,
Кыйкырсаң кулак укпайт деп,
Сүйлөгөн тили чыкпайт деп.
Алдыма каршы жолукса,
Акыр заман салсам деп.
Алмамбет барат жакындап,
Айтып сөзүн баркылдап.
Коё берсе Тору айгыр,
Учканы турат закымдап.
Алты карыш куржунга,
Аябай кумду салыптыр.
Аткан октой кетер деп,
Арышын керсе Тору айгыр,
Ажалым бөөдө жетер деп.
Кум салынып кутургур,
Карагул ишин карап тур.
Илгээри болду Алмаңдын,
Мылтык, кылыч жарагы.
Каталдын уулу Карагул,
Мыктылыгын карагын.
Карагулду согууга,
Кан Алмамбет баатырың,
Камдап жүрү жарагын.
Ээ жаадай Сарала ат минген,
Сандуу түмөн кол болсо,
Жазганбай жоого бир тийген.
Санжыргалуу сан жигит,
Жаалың катуу эр жигит.
Жакын даба өзүңүз,
Жалындуу турат көзүңүз,
Шо жерге токтоп туруңуз.
Дагы жайы-көйүңдү,
Жакшылардан угарбыз.
Бу сөздү айтып Карагул,
Бура тартып мына бул.
Бура тартып алганы,
Сырттан Сыргак баатырга,
Көзү түшө калганы.
Кытайбы деп ишенип,
Кыла жаздым өзүмө.
Кыйшыктыгы көрүндү,
Жолдош болгон жигити,
Жоо көрүндү көзүмө.
Атынын мойну бир кулач,
Узун сакал, такма чач.

Келиштирип ат минген,
Кең соорусу бир кулач.
Биздин элдин малы эмес,
Биздин элдин түрү эмес.
Экөөңдүн мүчө затыңыз,
Кайдан чыккан мал деди?
Кабарың айта сал деди.
Эр Алмамбет кеп айтат,
Анын жайын менден ук,
Атасы анын зор улук.
Какандан келди тоорулуп.
Баатырлыгы бир канча,
Жолукса жоону мыктайт деп.
Жолу катсын бул жанжуң,
Кыйкырса кулак укпайт деп,
Найзасын канга чыктайт деп.
Коштогонуң Күрөң ат,
Кандай жылкы деп сурайт.
Айгай укса шашпаган,
Азар түмөн жылкыны,
Астына түшүп баштаган.
Биздин элдин малы эмес,
Биздин элдин түрү эмес,
Экөөңдүн мүчө затыңыз.
Карагул минтип турганда,
Улуккандын Сыргагы,
Сыйрып алып жүгөнүн,
Жылкыга кошуп ийгени.
Жылмаңдаган союлгур,
Жылкыга кирип кеткени.
Баятадан нени айтсаң,
Сүрдүк жоону деп айтсаң,
Сүйүнчүлөп кеп айтсаң.
Сен үчүн даяр кылмакмын,
Сексен кындай кара атты,
Бата окунуп алмакмын,
Дасторкон кылып салмакмын.
Кылсам сонун ишим бар,
Туңшанын оң жак четинде,
Кырк миң үйлүү кишим бар.
Бүтүндөн бүтүн бермекмин,
Кырк миң үйлүү кишимди.
Аны дагы кур койбой,
Аттан болсун тогуз жүз.
Кириштинин элине,
Суктанбагын күдөр үй.
Чылгый бала Карагул,
Кутулуп менден кетпес деп,
Чылбырга колум жетсе деп.
Андай-мындай дегенче,
Ачып көздү жумганча,
Бучкакка камчы салганы,
Буркуратып тозоңду,
Карагул качып калганы.
Бучкакка камчы салганы,
Карагулдун артынан,
Алмаң кууп калганы.
Кан Жайлактын бетинен,
Кара тоонун бетинен.
Аты күлүк Карагул,
Жөө туман болуп созулуп,
Булутка кирип кошулуп.
Карааны көзгө көрүнбөй,
Качып жолго салганы,
Буудандын оозун бурганы.
Алаканын шак коюп,
Кагылайын Сыргагым,
Аярдын бири мына бул.

Тутанып өлгөн бадирек,
Туш-тушка кабар салар деп.
Камданса балбан баатыры,
Кайгы салар акыры.
Кан Сыргак сенден кем эмес,
Карагулдун акылы.
Эми туруп иш болбойт,
Жылкы тийбей деп айтып.
Болот учтуу найзаны,
Алмамбет кагып калганы.
Какканда найза күңгүрөп,
Түмөндөп жаткан көп жылкы,
Түп көтөрө дүңгүрөп.
Каспаңдын кара оюнда,
Кара суунун боюнда.
Кара буурул көп жылкы,
Кайнап барат кердуцбу?
Алмамбет, Сыргак эгиз эр,
Айдап барат көрдүңбү?
Алты миң экен жылкысы.
Үрккөнүнөн жылкысы,
Кайсы бири бейкапар.
Байпагын колго алышып,
Башына кие салышып.
Урушту ойлой калышып,
Укуругун алышып.
Уйгу-туйгу короңдоп,
Укурук колдо сороңдоп.
Алар антип турганда,
Алмамбет айгай салыптыр.
Арстан Сыргак бу дагы,
Арстандай чамынып.
Доолбасты карс коюп,
Алма башты тарс коюп.
Башынан ылдый жапырып,
Атына минген кытайга,
Алмамбет найза батырып.
Аркасынан эр Сыргак,
Башын кагып кетиптир.
Баштаганы карт Күрөң,
Бакырып салып чоң сүрөөн.
Каспаңдын кара оюнда,
Капкара болуп чаң болуп.
Жер көрүнбөй бөлүнүп,
Кагылайын карт Күрөң,
Азар түмөн жылкынын,
Астына түшүп алыптыр.
Астынан мылтык атылса,
Айбандай үркүп шашпаган.
Ай караңгы түн болсо,
Бир изин жаза баспаган.
Адырайган чоң калча,
Кара чаар жолборс деп,
Каяша кылбай койбос деп.
Кырк эки сан кошуунга,
Ушу болор союш деп.
Жүргөн арбын түмөн кол,
Камдап берип союшун.
Анан кийин салалы,
Кытайларга согушун.
Ойлогон экен Алакең,
Ошол түрлүү жумушун.
Мында туруп нетели,
Таш кечүүгө жетели.
Деп Алакең токтобой,
Эр Сыргакты ээрчитип,
Таш кечүүгө барганы.
Кулун-тайлар чупулдап,

Түшүп аткан мындан көп.
Алмамбет менен Эр Сыргак,
Буудандан ыргып түшүшүп.
Жонундагы ак олпок,
Жондон сыйрып салышып.
Эки жеңин түрүнүп,
Аккан кулун-тайларды,
Куйруктан алып ыргытып,
Күнү-түнү турушуп.
Он жети күнгө толгондо,
Араң чубап болгону.
Таштын баары союлуп,
Жердин баары оюлуп.
Кош кемер тартып аң болуп,
Найза бою жар болуп.
Жердин бети ачылбай,
Уюган кара чаң болуп.
Алмамбет менен эр Сыргак,
Бир айдан ашык болду деп.
Адырайган чоң калча,
Өлбөгөн жерде калам деп,
Колун курап калгандыр.
Айлантып карап көрөйүн,
Алтын ооз дүрбүнү.
Айлантып бурап танабын,
Өлчөп келип койгону.
Чоң капканын четинде,
Кайнаган калың кол жатат.
Жез казанын көмөрүп,
Желмаянын чөгөрүп.
Этеги узун жеңи жок,
Кийгенинин эби жок,
Өтүгүндө така жок.
Балдыр-булдур сүйлөшүп,
Кайнаган кытай келатыр.
Атчанынан жөөсү көп,
Басып жүргөн дөөсү көп.
Кагылайын Сыргак деп,
Алмамбет карап калганы.
Капканын оозу былкылдайт,
Кайнап кытай толуптур.
Токмок жалдуу Тору айгыр,
Коңурбайдын тушунда.
Чарадай болгон туягын,
Чапчып жерге ургулап.
Коңурбайдын тушунда,
Кетмен менен казгандай,
Күрсүлдөп дабыш угулуп.
Чочуп кетип Коңурбай,
Ордунан ыргып турганы.
Эмне балээ басты деп,
Тышка чыгып караса,
Улутунуп кошкуруп,
Айбан да болсо түгөнгүр,
Тору айгыр турат кашында.
Чамбылала чаң басып,
Турган жери казылган.
Оозун ачып кепшесе,
Көбүктөнгөн кызыл кан.
Азуу жактан сызылган,
Айгырды көрүп Коңурбай,
Каспаңда жаткан жылкыны,
Жылас бурут алган го,
Жылма кылып салган го?
Такоо кылып туралбай,
Карагул жолго салган го?
Деп ойлонуп Коңурбай,
Колун тегиз жыйыптыр.
Карагулдан дабыш жок,
Аялдап бир пас туруптур.

## КОҢУРБАЙ ЖЫЛКЫНЫ АЛЫП КЕТКЕНДИ БИЛИП КАЙНАГАН КОЛ МЕНЕН КЕЛГЕНИ

Жоо-жарагын шайланып,
Жарагын белге байланып.
Кайра жаачу булуттай,
Каар жүзүнө айланып.
Ашып-шашып ат токуп,
Кара чаар жолборстой,
Чамынганын көрүп ал.
Көктемир зоот кийинип,
Карап турсаң Коңурбай,
Оро мылтык асынып.
Окторулуп тап берип,
Колуна кирди асынып.
Бурут оңой эл эмес,
Бири миңге татыган.
Алгаранын үстүнө,
Ыргып минип алганы.
Жез казанын көмөрүп,
Желмаянын чөгөрүп,
Колун жолго салганы.
Нескара менен Жойгара,
Кошо жүрүп калганы.
Атчанынан жөөсү көп,
Басып жүргөн дөөсү көп.
Алгара менен чуратып,
Чаңды артынан буратып,
Кентине жакын келгени.
Ыргып түшүп атынан,
Шатыдан өйдө жөнөдү.
Көтөрүлүп Коңурбай,
Таз жорудай көрүнүп.
Айбалта колго алганы,
Кентин чаап уч жолу,
Кайра түшүп калганы.
Тогуз көндөк алыс жол,
Шашылбай угуп алганы.
Эмне балээ болду деп,
Эли дүрбөп калганы.
Тогуз жүз миң кол менен,
Коңурбай жөнөп калганы.
Калканы болот дөөлөрү,
Ат көтөргүс жөөлөрү,
Ант ургур шашып жөнөдү.
Муну мындай таштайлы,
Манас менен Чубактын,
Кабарын айтып таштайлы.
Базаң тоонун оюнда,
Мазарлуу суунун боюнда.
Арстан Манас, Чубагың,
Күтүп турган жолунда.
Үч күнү, үч түнү өтүптүр,
Арстаның Алмаң кеткени.
Салат эле кабарды,
Не кечигип кетти деп,
Санаасы кетип бөлүнүп.
Арстан Манас кеп айтып,
Эр Чубакты аткарып.
Туңша жакты бет алып,
Дүрбү салып көргүн деп.
Асты жагың тунарык,
Салынып келген кырчага,
Арстаным Чубак барчы деп.
Туш-тушка дүрбү салчы деп,

Алардан кабар алчы деп.
Кайнаган калың жоо болсо,
Кабарын мага берерсиң.
Көрүнсө, көрүнбөсө да,
Кайра тартып тез кел деп.
Кабарды мага берерсиң.
Күнү-түнү нечен күн,
Кирпигимди илбедим.
Кагылайын Чубагым,
Чыканак жерге салсам дейм,
Чырм этип уктап алсам бейм.
Барып алып эр Чубак,
Зарыктырып жатпа деп.
Арстан Чубак баатырды,
Аттангын деп жиберип.
Куландай сыны көрүнүп,
Айбанбозду эр Манас,
Бура тартып алганы.
Үзөнгүгө бут салып,
Эңиштеп ылдый киргени.
Дүпүйүп чынар көрүнөт,
Айбанбозду аргытып.
Чоң чынардын түбүнө,
Эр Манас жетип келгени.
Аса байлап бууданын,
Кыбыланы баштанып.
Ак олпогун жазданып,
Арстаның Манас жатканы.
Чын уйкуну салыптыр,
Эр Чубак жолго салганы.
Буларды таштап салалы,
Коңурбайдай калчадан,
Кандай түрлүү сөз болот,
Кабарын угуп алалы.
Тоодой болгон доңуздун,
Топчулугу тогуздан.
Үксөңдөгөн Коңурбай,
Бүткөн боюн топчулап.
Тоодой болгон Алгара,
Сүмбөдөй кылып жаратып.
Алгара атын аргытып,
Араандай оозун ачтырып,
Кайнаган колун шаштырып.
Өңү суук калчанын,
Ырай-түсүн карасаң,
Үшүп калган өпкөдөй.
Сакал менен муруту,
Типтик чыккан сайылып,
Сарапты тешип кетчүдөй.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзү саздын быткылдай.
Кайратын жыйып боюна,
Бурут түшүп оюна.
Качыруучу жолборстой,
Кармашкан аман болбостой.
Арстандай чамынып,
Кызыл чоктуу чоң калча.
Өлсөм өлүп калармын,
Буруткa чатак салармын.
Бурулбай жолго барбасам,
Кара буурул сан жылкы,
Кайрып жолго салбасам.
Коңурбай атым өчсүн деп,
Аз канакей бурутту,
Алды алдынан бөлөйүн.
Мурут менен сакалын,
Бирден жулуп терейин.
Талпагын сыйрып кол менен,

Терисин ташка керейин.
Эсепсиз кыйын кол келсе,
Бир кишидей көрөйүн.
Кыйкырып жолго салганы,
Кытайдын колу кылкылдап.
Найзанын учу жылтылдап,
Жер майышып солкулдап,
Аттанып жолго салганы.
Атчанынан жөөсү көп,
Жер жайнаган көп колду,
Алакең көрүп алыптыр.
Кытайлардын дөрбүнү,
Артында жүрүп Алакең,
Эр Сыргакка кеп айтат.
Мен кайнаган кытайдын,
Астын тозуп алайын.
Буктурмалуу жери бар,
Далдага туруп калайын.
Баяндуу суу, жал камыш,
Кагылайын Сыргагым,
Барып тургун далдаага.
Адырайган Калчага,
Сайышып өзүм не кылам,
Жакын келип калганда,
Шашымыш болуп качайын.
Этек-жеңим далдактап,
Алмамбет менден качты деп,
Акылынан шашты деп,
Артык экен арбагым,
Алмамбеттен ашты деп.
Көөдөнү жок чоң Калча,
Мактанып куур өзүмдү.
Байкагын Сыргак сөзүмдү,
Тушуңа туура келгенде,
Чоң Калча өтө бергенде,
Арстан элең эр Сыргак.
Капталынан качырып,
Артынан кууп жете көр.
Адырайган Калчаны,
Көмө сайып кете көр.
Коңурбай калса жыгылып,
Кол салары аз болор,
Арбын да болсо чочулар.
Ылдам жолго салгын деп,
Алакең айтып мындай кеп.
Эр Сыргакка табыштап,
Келе жаткан Калчага,
Кезенип өзү калганы.
Алмамбет айткан Сыргакка,
Найзаны жанга сүйрө деп.
Баатыр Сыргак барыптыр,
Жаш камыштын түбүнө,
Найзасын кармап оңдонуп,
Камынып турган эр Сыргак.
Муну таштап салалы,
Чоң Калчанын өзүнөн,
Кабарын угуп алалы.
Канаты бар Алгара,
Кара санга салганы.
Араандай оозун ачтырып,
Көк кутуну коюндап,
Алгара атты моюндап.
Чарадай болгон чоң туяк,
Жерге тийсе оюлуп,
Кош жылга болуп сою луп.
Коңтөрөнүн артынан,
Байкап эми караса,
Ак өтөгө көк диңсе,

Дал ортодо жаркылдап.
Коңтөрөнүн артынан,
Кырмус шаанын Мурадил,
Көк ала байрак кызыл туу,
Сыр найзаны бек кармап.
Белине күрсү байланып,
Бет алган жоодон жазганбай.
Аркасында Нескара,
Чабдарды санга бир салып,
Нескара чыкты чуратып.
Калмактардын Ушаңы,
Өмөчөктөй калышып.
Өлүмдү сезбей акыры,
Татаналап чуркурап.
Чаң созулуп буркурап,
Кайнап кытай келатат.
Күрсүлүүсү мындан көп,
Жаачу күндөй күркүрөп.
Аларды көрүп Алмамбет,
Жаратканга жалынып.
Жардамың болсо бергин деп,
Азирет Аалы шерлердин,
Арбагына сыйынып.
Алмамбеттин Сарала,
Кулжадай көзү кызарып.
Төрт аякты тең таштап,
Төөдөй болгон Сарала.
Темир таман үзөңгү,
Теппей ыргып мингени.
Алакеңди көрдүңбү,
Адырайган Калчанын,
Жолун тозуп турганы.
Күркүрөгөн чоң Калча,
Алгара менен алкынтып.
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Жакын келип калганы.
Калмактардын Ушаңы,
Коңурбайдын жанына,
Жетип келип калганы.
Жеткилең экен акылы,
Каспаңдын кара суусу бар,
Жээгинде камыш жыш болот.
Ошондой жерде Алмамбет,
Жашырынып калбасын.
Алактап барсаң Коңтөрө,
Аңтара коюп салбасын.
Аны уккан чоң Калча,
Кабагы карыш түйүлүп,
Каарданып калганы.
Жылкыны бурут бүт алса,
Кубаныч кылып күлдүңөр.
Капканы бузуп жылкы алган,
Бурут оңой эл эмес.
Алмамбет атын айтканча,
Жанымда кошо жүрбөйсүң.
Өңчөй кытай баатыры,
Өлсө мен да өлөрмүн,
Артымда калар өнөрүм.
Алмамбет менен Манасты,
Каарыма бир келсем,
Башын кесип жөнөрмүн.
Муну айтып чоң Калча,
Алгарадай бууданды,
Кара санга бир салып.
Кара суунун жээгинде,
Камыштуу суунун тээгинде.
Буктурмада эр Сыргак,

Бугуп турган кези экен.
Сыр найза колдо кылактап,
Сарала атын чуратып,
Так тушуна келгенде.
Кыйкырган үнү баш жарып,
Алмамбет чыкты качырып.
Алмамбет үнүн укканда,
Акылынан чоң Калча,
Айнып кете жаздады.
Күндүзү кара түн болуп,
Алмамбетти бет алып,
Качырып найза уралбай,
Асты токтоп туралбай.
Айласы эми түгөнүп,
Алапты көздөй бет алып,
Коңурбайга кошулуп,
Кошууну жолго салыптыр.
Сарала аттын мойнунда,
Дарысы бар көк куту.
Көк кутуну коюндап,
Коңурбайдай калчанын,
Арбагын баштан учуруп.
Желегин жерге жапырып,
Баатырсынган Калчанын,
Жонуна найза матырып.
Алгара күлүк болбосо,
Кара каны төгүлүп,
Алмамбет соймок эле деп.
Алакең найза сайганда,
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөңгүдөн бут тайып.
Алгара мойнун кучактап,
Капталынан кан агып.
Куюлуп жерге буурчактап,
Колуна жакын калганда,
Кырмус шаанын Мурадил,
Алдынан чыга калганы.
Доолун кагып Мурадил,
Алмамбетти бет алып,
Сыр найзасын сундуруп,
Кулак-мээни тундуруп.
Алмамбетти беттеди.
Башынан колго киргенде,
Беттешкен аман кетпеген.
Чоң Калчаны кетирип,
Найзаны тартып алганы.
Мурадилдин артынан,
Алакең жөнөп калганы.
Кылжээрде менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Алтын кемер чети деп,
Айбалка төштүн бети деп.
Алдагы бастыр баатыр кул,
Алмамбетти саярда,
Мурадилдин найзасын,
Алмамбет кагып ийгени.
Мурадилдин төшүнө,
Найзаны Алмаң неткени.
Баатырсынган Мурадил,
Кырданып барып жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Кылжээрде аты бош калып,
Кылжээрдени алууга,
Алмаңдын ою бөлүнүп.
Аркасында Калчанын,
Түрүлгөн миң сан колу бар.
Сырты кара Бороончу,
Айбаты катуу заары күч,

Бүркөлгөн күндөй күркүрөп.
Үнүн уккан адамдын,
Астындагы Сарала,
Омуроого жабылып.
Кара учуп көзүнөн,
Айласы эми түгөнүп.
Эми көрдү Алмамбет,
Эр Сыргактын пайдасын.
Найзаны кармап колуна,
Арстан Сыргак баатырың,
Бозучуктан тозгону.
Алмамбеттин астынан,
Качып Чубак озгону.
Бака-шака жулушуп,
Кыргынды кыйла салганы.
Жебедей учуп Көктеке,
Жаңыдан кызып калыптыр.
Ок жетип эле тийбесе,
Ойроттон буудан жеткисиз.
Куюн минип жүрсө да,
Кутулуп душман кеткисиз.
Кара бою ышыгып,
Сөөгүнүн суусу чыгыптыр.
Этине келип Көктеке,
Эми арыштап калганы.
Чубактын аты тың болуп,
Табына келген чагы экен.
Күнү бүтүп калбаса,
Алдырбас Чубак жоого деп.
Арт жагынан Бозкертик,
Эр Алмамбет баатырга,
Аркасынан качырып,
Найзаны күчтөп берген го?
Арстаның Сыргак бакырып,
Кырдан чыга калганда,
Бозкертик кайра тартканы.
Кылдаңкерди чуратып,
Качкан манжу Бозкертик.
Улуккандын Сыргагы,
Айдалынын асты деп,
Найза менен урганы.
Сайган найза мылгыды,
Манжунун дөөсү Бозкертик,
Атынан учуп жыгылып,
Топого башы тыгылып.
Жонундагы алма баш,
Жонунан жулуп алганы.
Машага колу майышып,
Басып эми калганы.
Алма баш үнү чаңырып,
Ач кыйкырык жаңырып.
Боз сеңирдин учунда,
Кууган калча токтолуп.
Акбалтанын Чубагы,
Көктеке менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Кабылан Манас баатырга,
Арстан Чубак барганы.
Баатырым өйдө тургун деп,
Бакырып Чубак турганы.
Коңуругу баш жарып,
Коркурап уктап калыптыр.
Коркуп калган эр Чубак,
Кулагына барганы.
Так кулактын тушунан,
Кыйкырыкты салыптыр.
Баш көтөрүп арстаның,
Эки көзүн ушалап,

Манас эми турганда.
Эр Чубак туруп кеп айтат,
Кытайды кудай урду деп,
Катыгун Манас не дейсиң.
Уксаң боло сөзүмдү,
Ашыгып келген бул Чубак,
Айласы эми түгөндү.
Кытайдан кордук көргөнчө,
Ушу жерден мен өзүм,
Манаска найза саяйын.
Ажалым жетсе өлөрмүн,
Капсалаңдуу ушу чак.
Найзасын колго алганы,
Качырып келип эр Чубак,
Кабылан Манас баатырды,
Сооруга найза сайганы.
Жин тийдиби Чубак деп,
Кулжуңдаган чунак деп.
Кутурган Чубак кантесиң,
Күңгүрөнүп күүлөнүп,
Эр Манас сүйлөп калганы.
Ошондо Чубак кеп айтып,
Таласыңда жаткансып,
Дардайып жатып уктайсың,
Кыйкырсам үндү укпайсың.
Кантип айтпай коёюн,
Кайнаган кытай алыста,
Камынышып жатканда.
Куу өрдөк кабар айтканда,
Алмамбет менен эр Сыргак,
Айдап жылкы алыптыр.
Ар кайсы жерден чубуруп,
Келген кытай өзүнө,
Алмамбет менен эр Сыргак,
Бүлүктү кыйла салыптыр.
Кайнаган кытай жыкылдап,
Жакындап келип калыптыр.
Алмамбет менен эр Сыргак,
Жолун тосуп өткөрбөй.
Муну көрүп Чубагың,
Буйдалып карап турбадым.
Келсем Манас жаныңа,
Коркурап жатып уктайсың.
Кыйкырсам бутту серппейсиң,
Айлам кетип бүткөндө,
Жонуңа найза сайдым деп.
Акбалтанын Чубагы,
Аны айтып салганы.
Кайнаган калың кол алып,
Келген жериң алыс жол.
Эч нерсе албай оюңа,
Кең Таластын боюнда.
Каныкейдин койнунда,
Колуңду артып мойнуна,
Канткенде жаттың кебелбей.
Ошондо Манас кеп айтат,
Ашыгып Чубак шашпагын,
Кытайга анан барарбыз.
Кагылайын Чубагым,
Урунбай жүргөн тоо барбы,
Урушпай жүргөн жоо барбы?
Эл-журт аман турганда,
Аманат жаның соо барбы?
Казганактап салышып,
Найзанын учу кагышып.
Айбалта менен салышып,
Салышып чыгып кетербиз.
Ал сөздү айтып эр Манас,

Кебелбейт да кейибейт.
Ашыгып шашуу болбоду,
Не болот эле шашканда.
Алактап буга шашканда,
Болгонун кийин көрөрбүз.
Анда Чубак кеп айтып,
Токтолуп туруп бек айтып.
Аты да Манас, заты да,
Чыныгы Манас экен деп.
Өзү да, сөзү, жолу да,
Өзгөчө Манас экен деп.
Арстан Манас кабылан,
Кызыл чаар жолборсум,
Алмамбет болсо жолдошум.
Өлүмдөн качып мен корксом,
Кудай, анан арбак урбайбы.
Эр Манастын Айбанбоз,
Чоң чынарда байлануу.
Акбалтанын Чубагы,
Шашпай чечип алганы.
Туура тартып Манаска,
Соорусун Чубак караса,
Кыпкызыл болгон кан чыгып.
Кан Манасты карасаң,
Далыдан өйдө жал чыгып.
Айбатын салса Арстаның,
Көргөн жандан жан чыгып.
Каары жүзүнөн айланып,
Жоо-жарагын байланып.
Ок өтпөгөн ак күпө,
Жонуна салып жамынып.
Ач арстандай чамынып,
Нөкөрө бутта чойкоюп,
Айбанбозун мингени.
Сыр найза колдо кылактап,
Ак асаба, кызыл туу,
Шамал жүрсө жалпылдап.
Андай-мындай дегенче,
Алмамбет менен Сыргактын,
Артынан кууп калыптыр.
Кайнаган кытай жыкылдап,
Атчанынан жөөсү көп.
Кытайды көргөн эр Манас,
Камарабай камыкпай,
Кебелип да кенебей,
Бучкагына теңебей.
Ошондо Чубак кеп айтат,
Кылымды баскан канкордун,
Эр экенин көрдүм деп.
Кужулдаган кытайдын,
Куугуну келди кумдан көп.
Камап келген кытайды,
Чиркейче көрбөйт эми деп.
Арстаным Манас бул болсо,
Жолдошум Алмаң кул болсо.
Кытайдан коркуш бекер да.
Кыраан Манас кабылан,
Түбүнө акыр жетер да.
Кумдан бетер куюлган,
Жер чайпалткан көп кытай,
Суюлуп анан кетер да.
Бөрү тилдүү сыр найза,
Булгап-булгап алганы,
Минген аты Көктеке,
Бучкакка камчы салганы.
Алмамбет менен Сыргактын,
Астын тозуп барганы.
Арстан Манас кабылан,

Айбанбоз минип жулкунтуп.
Астынан келген кытайдын,
Алдынан тозуп качырды.
Алыскы жуукту ылгабас,
Орто болот, оозу албарс,
Түтүнү туман түбү ыспан,
Аккелтени алганы.
Азирет деп эр Манас,
Кайнаган кытай калың кол,
Астын тозо бир коюп.
Аккелте үнү чаңырып,
Каптап келген көп кытай,
Кайра тартты жабылып.
Арстаның Манас айкырып,
Айбанбоз менен чуратып.
Найза менен койгулап,
Каршы-терши сулатып.
Алдына келген кытайың,
Акылынан жаңылып.
Бөрү тийген койго окшош,
Бүлүндүрүп барганы.
Алмамбет менен Сыргактын,
Жазайыл үнү күпүлдөп.
Башынан түтүн ачылбай,
Мылтыктын үнү басылбай.
Мөндүрдөй түшүп аткан ок,
Милтенин баары кызыл чок.
Тозуп жолду алганы,
Тобокелге салганы.
Токтолуп уруш салганы,
Заман акыр күн болуп,
Күндүзү кара түн болуп.
Алмамбет шашып кеп айтат,
Арстан Сыргак баатырга.
Мурунку келген жол жакка,
Чапкын эрте, жөнө деп.
Астын тозуп жатайын,
Баш бакканын атайын.
Барбаймын деп айта албай,
Алмаңдын сөзүн кайтарбай,
Эр Сыргак жолго салганы.
Өрттөй көзү кызарып,
Көзүнөн учуп көк жалын.
Манас, Чубак жолборсу,
Алмамбет менен Сыргактын,
Кытайга салган омогу.
Түгөнчүдөй көрүнбөйт,
Алмамбет, Сыргак жомогу.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба туу болуп,
Көк жаңырткан чуу болуп.
Очогор үнү басылбай,
Күн жазылып ачылбай.
Жазайыл аткан сандан көп,
Төө мылтык аткан андан көп.
Ат көтөрбөй жөө жүргөн,
Жөөлөрүн көрсөң андан көп.
Айбатын көргөн адамдар,
Акылынан шашкандай.
Алптары көп кытайда,
Казандай күрсү байланган.
Нечен түркүн алпы бар,
Күрөшүп адам албаган.
Нечен укмуш дөөлөр бар,
Туңшанын улук баатыры,
Эр Коңурбай калча бар.
Түпөктүү найза кылкылдап,

Жер чайпалып былкылдап,
Кайнаган канча колу бар.
Көптүгүнөн жол жетпей,
Канча күнү токтолот.
Шыкалып кытай толуптур,
Атын кайра таба албай,
Бир-бири менен урушуп,
Жыкылдап кытай калыптыр.
Бул жактан барган беш баатыр,
Жолун бууп салыптыр.
Куугунга келген кытайдан,
Сегиз миңи өлүптүр.
Артында калган кытайлар,
Аларды кайдан билиптир.
Туурасы жоон тултуят,
Көмкөргөн казан беттенип.
Кедердин уулу чоң Жолой,
Коңурбайдын колуна,
Жаңы келип кошулуп.
Кездешер душман акыр деп,
Адамдын баары жабылып,
Чуулганды салганда.
Кара буурул көп жылкы,
Үркүп кетип калыптыр.
Кайыптан бүткөн карт Күрөң,
Кара буурул жылкыны,
Баштап эми алыптыр.
Кагылайын карт Күрөң,
Таскактап жолго салыптыр.
Арт жагында көп жылкы,
Кайсы экени билинбей.
Чаң созулуп асманга,
Карааны көзгө илинбей,
Чубуруп жолго салыптыр.
Көксө болгон карысы,
Ыландуунун баарысы.
Манас менен эр Чубак,
Келип калган ошо убак.
Манас, Чубак баатырлар,
Жылкыны көрүп жылмайып,
Эми айгай салганы.
Алмамбет баатыр артында,
Жылкыны жолго салганы.
Айбан чалыш жакырлар,
Ат минбеген каапырлар.
Жылкы билбес жыластар,
Жылкынын сырын биле албай,
Кой деген тилин укпаптыр.
Астына салып карт Күрөң,
Баштап келип калыптыр.
Малдын сырын билбеген,
Балдыр-булдур сүйлөгөн.
Калчанын эли доңуздур,
Алдын тосуп алайын.
Кайрып алып жылкыны,
Жайытына барайын.
Ошону ойлоп чоң Жолой,
Жылкыны көздөй салыптыр.
Арстан Алмаң баатырың,
Эр Чубакка кеп айтып.
Бараткан жылкы чаңына,
Көрүнбөй кирип каларсың.
Көттө Жолой келатыр,
Жолу каткан доңузду,
Капталынан качырып,
Көмө сайып сала көр,
Бул сөздү айтты токтолуп.
Боз жалпак болгон чоң Жолой,

Алды-артын карабай.
Ач бууданды булкунтуп,
Артынан чаңды буратып,
Ашып-шашып чуратып.
Боз жалпак болгон чоң Жолой,
Шашкалактап калыптыр.
Арстан Манас кабылан,
Боз урчуктун четинде,
Саланддаган бетинде.
Аярлап токтоп арстаның,
Ошо жерде калыптыр.
Күн жүрүш жактан бөлүнүп,
Чоң Жолойдун көтүнөн,
Сансыз кол жөнөп калыптыр.
Кыябына келээр деп,
Кыйып өтө берээр деп.
Оңуп жаткан эр Чубак,
Көктекенин үстүндө,
Өмөчүктөп турганы.
Ажалы жетсе өлсүн деп,
Ал жайды барып көрсүн деп.
Акбалтанын Чубагы,
Даяр турган убагы.
Тушунан өтө бергенде,
Нойгуттардын Чубагы,
Оёндордун бири эле.
Астындагы Көктеке,
Аткан октой чуратып,
Капталынан качырып,
Сыр найза менен бир коюп.
Ачбуудандын үстүнөн,
Шашып келген чоң Жолой,
Аңтарылып кулады.
Акбалтанын Чубагы,
Оңдоп найза алганча,
Оңдонуп эми алганча.
Кытайлардын Ушаңы,
Капыстан анда качырып,
Арстан Чубак баатырды,
Көмө коюп кеткени.
Калды Чубак жыгылып,
Чаңга башы тыгылып.
Жыгылсам кандай болом деп,
Калабалуу эр Чубак,
Чылбырды белге ороптур.
Чылбыры белге оролуп,
Эр Чубактын жанында,
Тегеренип калыптыр.
Көктекеден эр Чубак,
Ала салып кеткенде.
Бир баатырын жыктым деп,
Мактаныч кылып калганда.
Алмамбет ага жеткени,
Сарала менен жулкунтуп,
Ушаңга Алмаң жеткени.
Сыр найзаны имерип,
Капталга Алмаң бир коюп.
Ушаң дөө калды жыгылып,
Аңгекке башы тыгылып.
Сандыргалуу Алакең,
Бура тартып толгонуп.
Көз чаптырып караса,
Буйдалып Чубак калганы.
Көктеке буудан сойлоктоп,
Көтөрүлүп ойноктоп.
Үзөңгү бутка салалбай,
Бууданга минип алалбай,
Апкаарып Чубак калганы.

Алмамбет жетип барганы,
Катыгүн Чубак неткенсиң.
Кайратың кайда кетти деп,
Кайнаган кытай жетти деп.
Артынан Алмаң барыптыр,
Алтын кемер курунан,
Ат үстүнөн эңкейип,
Алмаң кармай калганы.
Эр Чубакты көтөрүп,
Ат үстүнө салганы.
Арстан Манас кабылан,
Айбанбоз менен чуратып.
Кытайды көздөй каршы чаап,
Аккелте мылтык октолуп,
Милтенин баары чоктолуп.
Кайнаган кытай көп колу,
Аялдай калды токтолуп.
Мурунку келген Жолой дөө,
Ачбуудандан ажырап,
Каңкайып калган ал да жөө.
Көөдөй болгон түгөнгүр,
Тишинен башка агы жок.
Ойноп кеткен ойрондун,
Ачбуудан атын алганы.
Энтелеп келип Нескара,
Ачбууданды жетелеп,
Жолойго бере салганы.
Алооке баштап баарысы,
Ат коюп жолго салыптыр.
Адырайган чоң Коцур,
Эми келип калганы.
Кара калмак Жолойго,
Бул сөздү айтып салганы.
Арам өлгөн жылкынын,
Астынан кайра тозгун деп,
Коңурбай айтып калганы.
Айтканын угуп Жолой дөө,
Кара калмак малга бай.
Алдын тоз деп жылкынын,
Айтканың кандай Коңурбай,
Мен жылкыңды тозо албайм.
Арзан журт деп ойлойсуң,
Алакандай бурутту,
Түбүңө бурут жетер деп.
Бирөө деп барсам миң окшойт,
Бири миңге татыган.
Күчтүүлүгү пил окшойт,
Жанынан кечкен жан окшойт.
Көрбөдүм мындай куу жутту,
Жылкынын ичи жык бурут,
Барган адам соо келбейт.
Кыйратып салчу немедей,
Кырдуусунуп сүйлөйсүң.
Жеткен жерде жер кучуп,
Барарың менен өлөсүң.
Жолойдун айткан сөзү деп,
Барсаң өзүң көрөсүң,
Беттешпей туруп өлөсүң.
Кайнап келген көп кытай,
Камалып токтоп калганы.
Муну мындай таштайлы,
Ээрчитип алып сан колду,
Санаасын эми басмакка,
Сыргактан кабар алалы.
Күн-түнү менен турушуп,
Маңдай-тескей урушуп.
Мылтыктын үнү басылбай,
Көк түтүн тарап ачылбай.

Кулак менен мурунга,
Опурулуп чаң толуп.
Кулагы укпай тунжурап,
Бүткөн бою тер болуп,
Абакең Бакай турганы.
Көзүнө тозоң жык толгон,
Көрөт десе көрбөдү.
Ачуусу келип эр Бакай,
Айкырыкты салганы.
Арстан Сыргак токтобой,
Өтүп кетип калганы.
Эки жагын каранып,
Этибарга албады.
Ачуусу келип эр Бакай,
Кайраты кыйын бир далай.
Кызыталак Сыргак кул,
Бул эмне деген келиши?
Билгенин мындай деп айтпай,
Көргөнүм ушу деп айтпай.
Ашыгып жолго не салат,
Алдыргандай Манасты.
Аны ойлонуп эр Бакай,
Астындагы Боз жорго,
Аткан октой чуратып.
Түпөктүү найза колго алып,
Арстан Бакай абаңдын,
Оң-тетири айлантып.
Көпкөк болгон темирин,
Атына камчы салганы.
Улуккандын Сыргагын,
Сыр найза менен бир коюп.
Бөйрөктү көздөй жиберип,
Эми найза салганы.
Кыйкырып жатсам карабай,
Жооп айтууга жарабай.
Кантесиң кул деп бек койду,
Эр Бакай найза түрткөндө,
Сырттан Сыргак баатырың,
Өлүмгө бара жаздады.
Улуккандын Сыргагы,
Атынын жалын бек кармап,
Алдам колдо деп кармап.
Акылы баштан жоголуп,
Башы айланып оңолуп.
Бакайдын көрүп жаалын,
Улай карап эр Сыргак,
Көрөр замат тааныды.
Ашып-шашып аба дейт,
Абадан башка кеп болбой.
Жети-сегиз которуп,
Абадан башка кеп болбой.
Ошондо келип ачуусу,
Кутурган доңуз не болгон?
Түшүнтүп бир ооз сөз айтпай,
Ойлор бекен ушу деп,
Оройго чаап ийгени.
Ачылып айтар көзүң жок,
Эсиңди такыр жыйбайсың.
Эстеп айтып көрчү деп,
Жүрөгүң кимден түштү деп.
Көп журттун баары сени айтат,
Сырттан Сыргак мыкты деп.
Караңгы түндө чырагың,
Кан Алмамбет ынагың,
Аман-эсен соо барбы?
Эр Бакай сурап калганы,
Ошондо Сыргак кеп айтат.
Эгем Таала кудурет,

Эмгекти мага салганы.
Ээрчип жүрүп калмакты,
Эс-акыл менде калган жок.
Кыйрында жүрүп кытайдын,
Көсөм экен Алмамбет,
Кылбаган иши калган жок.
Кыйласын союп жайлады,
Какандын журту кара курт.
Каспаңдын кара оюнда,
Кара суунун боюнда.
Аяк башы көз жеткис,
Айта берсе сөз жеткис.
Аралда жаткан калың мал,
Калдайтып жолго салганы.
Кытайдын журту туюнуп,
Туш-туштан чыкты бөлүнүп.
Канкоруң баштап сыйынып,
Кайрат менен күчүнө.
Зиркилдөөчү кытайлар,
Калбаанын калды ичинде,
Ишенгин аба күчүнө.
Жазайыл үнү күпүлдөп,
Кайнаган кытай дүпүлдөп.
Жолун тозуп кытайдын,
Жалын менен чогуна,
Барып кабар бергин деп.
Келген кошун тобуна,
Алмамбет айтып жиберди.
Кандай болду билбеймин,
Бул жерге жаңы келдим деп,
Эр Сыргак айтып салганы.
Абаң Бакай билгени,
Кыйноого салчу баласың,
Кыйкырып колго барасың.
Тегеректеп көп кытай,
Айланып курчап калды деп.
Мындайыңды койбосоң,
Арстан Манас баатырды,
Кыстоого анан саласың.
Бакырып кирип барасың,
Баатырлардын баарысын,
Балакетке саласың.
Коркконодон келген эрендер,
Кайра жолго салбайбы?
Алар кетип калганда,
Омкоро тартып кадасын.
Катын менен баланы,
Каран түнгө салбайбы?
Талап алып кетет го,
Алакандай танасын.
Жайнаган калың бул элдин,
Жайын өзүм билемин.
Ашыкпа Сыргак баатыр деп,
Албууттанып демикпей.
Эсиңди жыйгын баатыр деп,
Кылым кытай экен деп,
Ооз ачпагын бекер деп.
Кыжылдаган кытайың,
Малдын сырын билбеген,
Ээ эмес экен малына.
Бир эле киши жетчүдөй,
Миң кытайдын өзүнө.
Эсер экен кытайың,
Аларды киши дебеймин.
Көп да болсо аны деп,
Жылкысын айдап алдык деп.
Кара буурул жылкыны,
Жылдырып жолго салдык деп.

Кимсиң деп кытай сурабайт,
Алды артын жоктобойт,
Мына шонтип айтып бар.
Кытайга каршы барбайбы,
Алла Таалам жар болсо,
Калабаны салбайбы.
Канкорду бөлүп албайбы.
Бул сөздү айтып эр Бакай,
Боз жоргосун аргытып,
Ак сакалып жаргытып.
Артынан чаңы созулуп,
Обого чыгып кошулуп.
Кыраан Сыргак баратат,
Шек алдырбай кымпыйып.
Абакеси Бакайды,
Жандап алып бастырып.
Жайынча иш өңдөнүп,
Арстаның Сыргак кымпыйып.
Каруусун байкап караса,
Сол каруудa сыр найза,
Ээрчишип экөө калганы,
Кошунга кирип барганы.
Абакеңиз эр Бакай,
Кошунга кирип барганы.
Ак жоокер мылтык атпай кал,
Ала салып жатпай кал.
Айылда жүргөн немедей,
Кой чагыр мылтык ата албай.
Аласалып жата албай,
Туруп өйдө баса албай,
Кудай берип салган го.
Кууп жылкы алыптыр,
Чаңдатып айдап кете албай,
Төрт баатыр анда калыптыр.
Соогатын бөлүп алсын деп,
Сыргактан кабар салыптыр.
Акылы артык эр Бакай,
Эбин таап кирип барыптыр.
Айтканын угуп көп кошун,
Ар кайсысы бүлүнүп,
Ат-матына жүгүрүп.
Аттангыла жүр дешип,
Бирин бири дүрбөтүп.
Түмөндөгөн көп кошун,
Найзаларын учташып.
Жоо-жарагын шайланып,
Айбалта белге байланып.
Кайнаган кошун чубуруп,
Каруу-жарак шайланып.
Белдемчини байлашып,
Боз булуттай айланып.
Каруу-жарак артынып,
Топбашы көөнү жайланып.
Адамдын башы былкылдап,
Найзанын учу жылтылдап.
Чөбү таза, суу тунук,
Чөлдө жатып эсирип.
Атынын баары тобурчак,
Агала сакал Музбурчак.
Аламандап жүрүптүр,
Кошунун тегиз сүрүптүр.
Андан мурун озунуп,
Аттанып чыгып алыптыр.
Анжыяндык Санжыбек,
Тозоңун тоодой сапырып,
Аламан коюп алганы.
Андан кийин соңунан,
Чууну-чууга ургузуп,

Чууга кулак тунгузуп.
Алтындан доол байланып,
Казактын колу дүңгүрөп.
Найзага найза кагышып,
Алышаар жоосу кайда деп?
Ар тараптан багышып.
Булардын арка жагынан,
Айчыгы алтын мунарык.
Асабалар жалпылдап,
Элемандын Төштүгү,
Айгайды арбын салганы.
Көп кошуун менен өмөлүп,
Айгай салып чуу болуп.
Көпкөк темир тон кийген,
Көк арал буйтка жол менен.
Жазайыл мылтык алышып,
Үч жүз, беш жүз топ болуп.
Кыйгачтап калпак кийгени,
Кылчайбай жолго киргени.
Колдун көтү бу болуп,
Казатка кирди жол салып.
Алардын көтү Эр Үрбү,
Койдой чуулап өмөлүп.
Аламан чабуул болот деп,
Кол-канаты жазылып,
Кабактары ачылып.
Өңчөй балбан баатырлар,
Катар жүрүп жарданып,
Көргөн пенде таң калып.
Кайнаган кошун артынан,
Салтанаты бир башка,
Санжыргасы бир канча.
Арстан Манас баатырдын,
Жөөкөрлөрү бөлүнүп.
Кырк чоронун баарысы,
Арстан Бакай карысы,
Арстандар жолго салганда.
Жүк көтөргөн көлүктөр,
Бели ийилип көлүктүн,
Көтөрүлүп алганы.
Көңүлдөрү шат болуп,
Көпкөк темир кийинип.
Алтын айчык туу аштап,
Асабасы жалпылдап,
Арстан Бакай кол баштап.
Кырк чоронун баарысы,
Жер жайнап колу мол болуп,
Жер чайпалып эл толуп.
Ал аңгыча болбоду,
Арстан Манас кабылан,
Аккуласын бош-коштоп,
Чаалыкпаган аргымак,
Жалпочтоп аны алышып.
Аллам ачкын жолду деп,
Олуя Бакай салганы.
Ушунчалык көп кошун,
Казатка жөнөп калганы.
Бара турсун сан кошун,
Айгай-чуу кулак тундуруп.
Өткөндү таштап салалы,
Арстан Манас, эр Чубак,
Алардан кабар алалы.
Аккан кумдай куюлуп,
Калчанын колу каптаптыр.
Арстан Манас, Чубакка,
Айланып курчап өмөлүп,
Айгайды кыйла салыптыр.
Адырайган чоң Калча,

Кайнаган кошун артынан,
Алгара атын жулкунтуп,
Азыр келип калганы.
Көк күпө зоот жамынып,
Көпкөк найза көтөрүп.
Көк жолборстой чамынып,
Манасты көздөй камынып.
Ат минбеген жөөлөрүн,
Өрттөй көзү кызарып.
Жоон билек жолборс төш,
Кабагы бийик каар сөз.
Туурасы жазы бою эңчер,
Коңурбай келип калганы.
Минген аты Алгара,
Айбандан башка жаныбар.
Ач маралдай шаңкайган,
Казандай соору даңкайып.
Кудуктуу жерден сугарып,
Кумдуу жерге оонаткан.
Жалы суюк, куйругу аз,
Кагылышкан жоо болсо,
Андай жерге абдан маш.
Алгара атка камчы уруп,
Түпөктүү найза сундуруп.
Коңурбай менен эр Манас,
Бет алышып калыптыр.
Арстан Манас баатырың,
Чоң Калчаны көргөндө,
Самаганым келди деп,
Санаамды кудай берди деп.
Сороңдогон чоң Калча,
Жүргөнү жандан бир башка.
Соо койбосмун Калча деп,
Кабылан Манас арстандын,
Кайраты толуп боюна.
Чоң Калча келбейт экен деп,
Капалык кетпей оюнан.
Алпы менен дөөлөрүн,
Ат минбеген жөөлөрүн,
Балача көрбөй алганы.
Чоң Калчаны көргөндө,
Томого тарткан бүркүттөй,
Жылмайып Манас калыптыр.
Арстан Манас Калчага,
Маңдайлашып калганы.
Алтын кемер чети деп,
Айбалка туштун бети деп.
Айбанбоз менен чуратып,
Найзаны колго бек кармап.
Берчи кудай деп кармап,
Сыр найза менен бек койду.
Асабасын жайыптыр,
Айкырып Манас барганы.
Арстан Манас кабылан,
Как жүрөктүн башы деп,
Найза төшкө так этип.
Алактаган чоң Калча,
Алгара аттын сооруга,
Сооруга башы шалк этип.
Арстан Манас баатырың,
Оңой-олтоң Эр эмес.
Шай колдогон шер экен,
Чоң Калча жатып калганы.
Ажырап Калча атынан,
Арстан Манас кабылан,
Колуна кылыч алганы.
Коңурбайды чабууга,
Даярданып калганы.

Ал аңгыча болбоду,
Калчанын мыкты баатыры,
Чоктуу кара Бороончу,
Кыйындардын бири ошол.
Арстан Манас баатырга,
Маңдайлаша калганы.
Алмамбет кирди бакырып,
Алтын айчык кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу.
Тууну жерге жапырып,
Жер жайнаган көп кошун,
Чаңды асманга сапырып.
Өткөрбөдү көп колду,
Кытай менен мусулман,
Аралашып калганы.
Оңду-солду кылычтап,
Жыгылганы көп болду.
Сыр найза тийип бооруна,
Кара жалдуу Бороончу,
Атынын кетип сооруна.
Арстан Манас баатырың,
Ондоп найза сайганы.
Бороончудай кытайды,
Көмө коюп жиберип,
Көк жорго башын имерип.
Кыйын болду Манаска,
Кытайлардын чатагы.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Жебенин огу ышкырып.
Кулак-мээни тундуруп,
Мөндү, мөндү, мөндү деп,
Мөндүрдөй окту жаадырып.
Жабу, жабу, жабу деп,
Жабулаган сандан көп.
Келген кошун ичинде,
Кайраты толук эр да жок.
Баатыр балбан менде жок,
Бакылдады бурут деп.
Чоң Калчаны сайсам да,
Койбойт белем акыр деп.
Айбанбоз менен болкулдап,
Сыр найза колдо сороюп.
Асты жагы ит кечпес,
Кара сууну байкасаң.
Кечүүдөн бөлөк жерине,
Найза сайса бойлобойт,
Тобурчак салса ойнобойт.
Кечүүдөн бөлөк жерине,
Тогуз найза бойлобойт.
Айбанбоз атты калкытып,
Асаба колдо жалп этип.
Кайнаган кытай чубуруп,
Аркасынан келгени.
Жамгырдай кылып жаа тартып,
Арстаныңды тажатып.
Мөндүрдөй окту жаадырып,
Жазайыл үнү күпүлдөп.
Каптаган кытай калың кол,
Кол кечүүдөн чыга албай,
Арстан эр минтип калганы.
Көзөмөл салып көтүнөн,
Алмамбет, Чубак барганы.
Арстан Алмаң баатырың,
Ак милтеге чок коюп.
Ач кыйкырык жаңырып,
Сараланын туягы,
Ташты басса талкалап.
Жанында Чубак бу дагы.

Кайнаган кытай көп колго,
Аянбай боюн урганы.
Жакынкысын найзалап,
Аралашып алыптыр.
Кол кечүүнүн оозунда,
Найза сайып кулатып,
Каршы-терши сулатып.
Аралашып койгулап,
Кылыч менен кыя чаап.
Жанчып көбүн сулатып,
Кайнаган кытай элинин,
Мылтык менен койгулап.
Башынан түтүн арылбай,
Алакеңди көрдүңбү.
Алмабаш мылтык октоду,
Ак милтеден чок жетип,
Алмабаштан ок кетип.
Жыйырма төртү окко учуп,
Оодарылып жер кучуп.
Жайнаган кытай бөлүнүп,
Жайына качып туш-тушка.
Алма башты октотуп,
Кайнап келген кытайды,
Алмамбет, Сыргак баатырлар,
Аткылашып токтотту.
Чокко байлап өз башын,
Айбанбозду калкытып.
Ак күпө тону жазылып,
Зоот-чопкут ок өтпөс.
Кытайдын аткан огунан,
Тийген октор жабышып.
Мөндүрдөй көрбөй акыры,
Туш-тушунан ок өтүп.
Жазайыл огу төгүлүп,
Астындагы Айбанбоз,
Кол кечүүдөн сүзгөнү.
Ок жыландай шыркырап,
Кош таноосу дардайып.
Кулагы чыгып сербейип,
Зоот-чопкут тонунан.
Кол кечүүдөн чыкканы,
Кенебейт Манас мыкты деп.
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Кайраты ашкан кеменгер.
Канкорду суудан өткөрүп,
Бууданга камчы салышып.
Арстан Манас көтүнөн,
Алмамбет менен Чубагы,
Ал экөө кирип калганы.
Жаанын огу ышкырып,
Жазайыл үнү басылбай.
Койчагыр менен топ атып,
Алмамбет, Чубак артынан.
Кайнаган кытай өмөлүп,
Туш-тушунан жабылып.
Кошо кирип дайрага,
Алмамбет, Чубак баатырга,
Айбалта, кылыч чабылып.
Арстан Манас кабылан,
Алмамбет менен Чубакты,
Көзү чалып калыптыр.
Көптөсө кытай кармар деп,
Көөнүнө алып калганы.
Көкжалдардан айрылып,
Кутулганың курусун.
Кайнаган кытай ичинен,
Алмамбет менен Сыргакты,
Ажыратып бөлөйүн.

Жетип калса ажалым,
Так ошо жерде өлөйүн.
Муну ойлонуп кан Манас,
Кайра сууга киргени.
Аны көрүп Алмамбет,
Айкырыкты салганы.
Эмне үчүн сууга кирди деп,
Кызылдай Манас жинди деп.
Түк калбады акылы,
Кол кечүүдө кытайга,
Көк жалың Манас киргени.
Көрүнгөндүн баарысын,
Аябай кырып ийиптир.
Кол кечүү болуп кызыл кан,
Өлүп жатат канча жан.
Арстаның сууга киргенде,
Ичи көөп бозунун,
Ылдыйлап эми акканы.
Көттөн келген чоң Калча,
Көзөмөлдөп Манасты,
Багып кетип баратыр.
Кысык жерге эр Манас,
Аккан бойдон жеткени.
Найза бою келгенде,
Бет маңдай чыгып чоң Калча,
Кан Манаска бет маңдай,
Найза менен неткени.
Арстан Манас баатырды,
Суу ичинде соёрмун,
Сойбой кантип коёюн.
Муну айтып Коңурбай,
Ошондо найза неткени.
Өлүмдү билбес эр Манас,
Өзү менен иши жок.
Эки көздүн ортосун,
Чоң Калча өлчөп алыптыр.
Эңкейип найза сайганда,
Ирмеп көздү койгон жок.
Өлчөгөн көздүн өзүнө,
Найзаны учтан кармады.
Көзүнө найза жеткирбей,
Көк найза учун бек кармап,
Түпөккө колу жеткени.
Найзаны сууруп алалбай,
Коңурбай менен Алгара,
Кургакты басып алганы.
Аккула менен кан Манас,
Суу үстүндө калыптыр.
Адырайган чоң Калча,
Найзасын жулкуп алалбай.
Түртүп ийсе ар жакка,
Тартып алса бер жакка.
Ал ошентип жүргөндө.
Айкырыгы баш жарып,
Алмамбет келип калганы.
Ачуусу келип арбайып,
Аман-эсен барбы деп.
Өрттөй көзү кызарып,
Өрдөктөй мойну узарып.
Кол кечүүдө калкылдап,
Аттын жонун жамынып.
Айбаты арстан-жолборстой,
Берен Алмаң баатырың,
Кайра чыгып алыптыр.
Көңүлү чөгөт бөлүнүп,
Чоң Калчанын көзүнө,
Жалаңкычтай көрүнүп.
Аламын деп Манасты,

Ашыгып найза салыптыр.
Найзасын сууруп алалбай,
Коңурбай качып калыптыр.
Айкырыгы баш жарып,
Калчаны кууп калганы.
Чоң Калчаны качырып,
Алмамбет, Чубак эгиз эр,
Бура тартып алганы.
Эрдик менен көгөрүп,
Эки найза өңөрүп.
Аккула менен калкылдап,
Ак күпө тондун этегин,
Суу кылып алып шалпылдап.
Кырылганбы кыргыз деп,
Маңдайга Манас чыгыптыр.
Кайнаган кошун чуркурап,
Аккуланы аргытып,
Боз жоргону чайпалтып.
Арстан Бакай абакем,
Айкырыгы баш жарып,
Бакырыгы таш жарып,
Эр Бакай келип калганы.
Анын арка жагынан,
Кан Манастын кырк баатыр.
Кайнаган кытай тобуна,
Аламан салып айкырып.
Кайнаган кошун кытайды,
Көтүн көздөй жапырып.
Кайнаган кошун түмөн кол,
Кытайга бербей намызын.
Жарымысы жаа тартып,
Мылтыктын үнү тарсылдап.
Доолдун үнү күпүлдөп,
Асабасы жалпылдап.
Кайнаган кошун кыргыздап,
Найзанын учу жылтылдап.
Адамдын башы былкылдап,
Каптап кирип калганы.
Аккула менен аргытып,
Арстаның кирип калганы.
Найзасын илип каруруга,
Бууданга камчы салганы.
Кайнаган кытай көтүнөн,
Кытайга кыргын салганы.
Кырылышып калганы,
Кылычты кындан алганы.
Кайнаган кытай кошунга,
Аралашып калыптыр.
Найза менен кулатып,
Каршы-терши сулатып.
Алтымыш кулач ажыдаар,
Кошо кирип калганы.
Капталынан камынып,
Кара кулак арстан шер.
Арстан Манас жөөкөрү,
Кошо жүрүп калыптыр.
Зымырык куш айланып,
Чеңгелин салып арбайып.
Кайып эрен, кырк чилтен,
Кабылан Манас жолдошу.
Айбатын салып бөлүнүп,
Айланчыктап көрүнүп.
Аккула менен чуратып,
Арстаның эми киргенде.
Астына келген кытайды,
Сыр найза менен сулатып.
Аралашып калганын,
Ач албарс менен майдалап.

Эки көздөн от чыгып,
Илеби чоктой жалындап.
Аккелте үнү жаңырып,
Аккелтеден ок кетип.
Астына түшүп кошундун,
Айкырыкты салганда.
Кайнаган кытай дүркүрөп,
Качып берди бөлүнүп.
Жердин баары казылып,
Асманга турпак чачылып.
Найза төшкө така-так,
Айбалта башка шака-шак.
Кайнаган кытай суюлуп,
Өлүмүш болуп кыйшайып,
Өлүктүргө кошулуп,
Жатып аткан андан көп.
Жаза-буза жыгылып,
Качып аткан сандан көп.
Ок-дарысын оордоп,
Чачып аткан мындан көп.
Тебетей сайган немедей,
Таталатып кытайды,
Тегеретип алыптыр.
Темтеңдетип кытайды,
Кыргын кылып салганы.
Кайрат кылам дегендин,
Каны жерге төгүлүп.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Уйгу-туйгу бөлүптүр.
Ителги тийген таандай,
Ийрип кирип алыптыр.
Жагалмай тийген чымчыктай,
Жайылдырып барганы.
Алмамбет, Чубак, эр Сыргак,
Найза менен сайганда,
Арбыбайт экен эми деп.
Топко кирип аралап,
Кылычы колдо кызарып,
Шилтегенде узарып.
Каршы-терши койгулап,
Ат үстүнөн топулдап,
Түшүп аткан андан көп.
Буту түшүп мултуюп,
Басалбаган андан көп.
Колу түшүп мултуюп,
Качып жүргөн сандан көп.
Сыр найза колдо кызарып,
Шилтесе найза узарып.
Арстан Манас кабылан,
Коңурбайдын артынан.
Аккула менен чуратып,
Чаңды артынан буратып.
Найзаны Манас сунганда,
Найзанын учу кызарып.
От жаркырап бөлүнүп,
Качырып эми калганы.
Коңурбайдай калчанын,
Башынан кетип акылы.
Алгара атты чуратып,
Бучкакка камчы салыптыр.
Эки көзү алактап,
Коңурбай качып алганы.
Көзүн салып кан Манас,
Көтүнөн кууп калганы.
Адырайган бул доңуз,
Кайрат кылып туралбай,
Качырып найза уралбай.
Арстандын аты Аккула,

Багалчагы ийилип.
Маралдай чуркап жүгүрүп,
Куюшкандык узарып,
Куюндай жүрүп алыптыр.
Коңурбай деген чоң Калча,
Кара жандан түңүлүп.
Куюндан бүткөн Аккула,
Аркан бою түйүлүп.
Аягы жерге тийгенде,
Ак күпө чаңы кубулуп.
Аккула менен чуратып,
Артынан чаңын буратып.
Сыр найзаны бек кармап,
«Берчи кудай»-деп кармап.
Арстаның эми жеткени,
Ай далынын бетине,
Найза коюп неткени.
Ажалың эми жетти деп,
Алдым сени деп сайды.
Найза тийип Коңурбай,
Ээрден көтү кылтайды,
Үзөңгүдөн бут тайды.
Атынын кетип мойнуна,
Жер кучактап Коңурбай,
Көз тунарып түн болуп.
Далысынан аккан кан,
Жылуу кирди койнуна.
Чарайнасы бөлүнүп,
Найза менен сайганда.
Камчы саптай кара кан,
Типтик сийип шыркырап.
Жан талашып Коңурбай,
Капкага эми жеткени.
Арам өлгөн Алгара,
Алтымыш бакса дубалдан,
Арыштап аттап кеткени.
Каран калган караны,
Тай чагында маш кылган.
Бир баксадан койдуруп,
Кайра-кайра секиртип,
Күндө аттатып көндүрүп.
Үч күн өтсө үч бакса,
Көнөт экен мал бакса.
Ошентип жүрүп караны,
Алтымыш бакса болгондо,
Болду деп анан токтоткон.
Өлчөп чурар жери бар,
Арстан Манас баатырдын,
Астындагы Аккула,
Токтой турган чени бар.
Тоодой болгон куланы,
Булдурсун менен имерип,
Кара санга салганы.
Эти ачынган Аккула,
Арышып керип аргыды.
Чаң топо менен аралаш,
Базардын орто ченине,
Ыргып түштү балп этип.
Баатырсынган чоң Калча,
Аны көрүп Коңурбай,
Алгарадан кулады,
Мал базарга сулады.
Чоң Калча минтип турган соң,
Жайнаган кытай чуулады.
Байкап көрсө чоң Калча,
Кан болбогон жер болбой.
Кайраты такыр калбаптыр,
Кан куюлуп шыркырап.

Өңгөчүн тартып коркурап,
Чаары чыгып көзүнөн,
Акылы баштан кетиптир.
Кайнаган кытай журтуна,
Эми түштү көп түлүк.
Көргөндүн баары өкүнүп,
Кантип буга барды деп.
Арстан Манас баатырды,
Аңдап эми көргөндө.
Кайнаган кытай ичинде,
Айласын тапчу табып бар.
Айттырып кабар бериптир,
Кырк беш табып чогултуп,
Кашына алып келгени.
Кыжылдаган жыйын бар,
Кытайда табып кыйындар.
Найза тийген жерлерин,
Чечинтип аны көргөнү.
Кан токтотор дарыдан,
Ичинен эми бергени.
Тышынан сүрүп дарылап,
Аябай дары беришип.
Эки күн аны тургузбай,
Күчтөп дары беришип.
Үчүнчү күн өткөндө,
Эсине келип чоң Калча.
Калчанын көзү ачылып,
Калың журтун көргөнү,
Үшкүрүгү баш жарып.
Бешинчи күнү шашкеде,
Элине Коңур кеп айтып.
Эсин жыйып эми айтат,
Кайда калдай сундугум,
Баңбаң чийтай сундугум.
Жаңжуң дөөтай тыйтайым,
Журтуна кылсын пайдасын.
Ашып-шашып жол басып,
Ашыгып келген Манастын,
Айласын табар пенде жок.
Жигит пири Шаймерден,
Жөлөп алган турбайбы.
Качырып колго киргенде,
Жолдош чилтен кырк экен.
Кошо кирип найзалап,
Жер үстүндө пенденин,
Биринин алы келбейт деп.
Калкты бекер кырдырбай,
Келген кыргыз журтуна,
Мал менен көөнүн жайласын.
Айбатын көрүп Манастын,
Журт намысын талаштым,
Акылымдан адаштым.
Көпкөк темир кийинген,
Жоо дегенде сүйүнгөн.
Бири миңге татыган,
Баатырдын баары мында экен.
Ажалы жетип барбаса,
Алышам деген душманы,
Алышса шору каткандай.
Айтайын журтум көргөндү,
Адамдын түрү башка экен.
Айбатын көрүп таң калдым,
Маңдайы жарык, башы кууш,
Бар мүчөсү келишкен.
Балбандык сыры баарында,
Кочкор тумшук, кош кирпик,
Көркү канча көзү тик.
Колуна тийсең кабылып,

Тыйпыл кылып койчудай.
Жалаяк ооз, жар кабак,
Алышкан аман калбастай.
Арстандын сүрү бар,
Алышкан аман калбастай.
Айбатын көрүп буруттун,
Дене боюм дүр этти.
Көзүмө азыр элестеп,
Санаам санга бөлүнөт.
Аңдап көрсөм бурутта,
Ажыдаардын сүрү бар.
Билгенин бербес пендеге,
Пил мүнөздүү көрүндү.
Катылган пенде соо калбас,
Кабыландын өзү экен.
Кайнаган кытай көп журтум,
Аңдадым жалпы алыңды.
Аяп койсоң малыңды,
Алек кылам баарыңды.
Аябай бергин малыңды,
Алтын, күмүш зарыңды.
Кызматына кул бергин,
Кылча көрбө малыңды.
Кытайда кыздар көп чыгар,
Тартууга бергин токсонду.
Антпесе болбойт шекилдүү,
Кызыл кымкап пулуңду.
Кайнаган кытай калың журт,
Алагды болуп бөлүнүп,
Акылым толук жетпеди.
Ал-жай кандай болорду,
Айткан менен сөз жетпейт.
Ант урган бул бурутка,
Алышкан менен ал жетпейт.
Пир колдогон шер экен,
Качырса катар кырк чилтен.
Сыр найзасын сундуруп,
Кошо кирип найзалап,
Баатырлары кайдалап.
Беттеген жерин түз кылган,
Пери колдоп алыптыр.
Оң жагынан камынып,
Алтымыш кулач ажыдаар,
Оп тартчудай камынып.
Манаска пенде чак келбейт,
Алышкан менен ал жетпейт.
Найза сайса тешпеген,
Азканакей буруттун,
Бири миңге татыган.
Качырганы арстандай,
Өлүмдү албайт оюна.
Оёндун баары мында экен,
Кырктын башы Кыргылы.
Арстан Бакай эр турат,
Алмамбет, Чубак, Сыргагы.
Кыйкырыгы чыкканда,
Кылычынын мизинен,
Кан шыркырап куюлуп.
Түмөндөгөн көп кытай,
Түрүлүп жолго салыптыр.
Өлгөнүнөн калганы,
Капканы көздөй бурулуп.
Буту сынып шалактап,
Калганы дагы сандан көп.
Найзанын учу кызарып,
Алапайын таба албай.
Кыргыз, кытай калың журт,
Кырылышып калыптыр.

Кыпчактардын эр Төштүк,
Кыйласын кырып салыптыр.
Бармак басым жара жок,
Эр Төштүк аман калыптыр.
Жебенин огу ышкырып,
Кулак-мээни тундуруп.
Аралап сайып жүргөндө,
Эр Жамгырчы баатырга.
Жебенин огу жетиптир,
Эрдин жырып кетиптир.
Маңдай-тескей турушуп,
Айбалта менен урушуп.
Айгайды эми салганда,
Эр Үрбүнүн башына,
Айбалта даана тийиптир.
Көз тумандап бөлүнүп,
Карайлап Үрбү калыптыр.
Аргындын уулу Ажыбай,
Айкырыкты салыптыр.
Эр Үрбүнү Ажыбай,
Ажыратып алыптыр.
Ак найзаны сундуруп,
Музбурчак бүлүк салыптыр.
Каршы-терши кулатып,
Аралашып жүргөндө,
Мүрүсүнө ок тийип,
Жарат алып калыптыр.
Арстан Манас баатырдын,
Кырк чоросу кыйратып,
Кырылышып калыптыр.
Жайнаган кытай элине,
Карсылдашып салышып.
Кырылышып жүргөндө,
Кумардын уулу Дебеги,
Кыйын баатыр дегени.
Кайнаган кытай кошунан,
Капкаксынын оозунан,
Камап кирип келгени.
Кытайдын Ыраң мергени,
Мээлеп кармай бергени.
Ок жаңылган Дебеги,
Качып кайра келгени.
Капкага кирген кутулуп,
Калгандары тутулуп.
Капканын оозу жабылып,
Калган кытай кошуну,
Бакырыкты салышып.
Капканын оозу ачылбай,
Сепили бийик зоо болгон.
Жан калкалар коргону,
Кытайдын элин камады.
Кытайдын чыгаан балбаны,
Акылы башта калбады.
Кайрат кылар бир жан жок,
Кайра чыгар согушка.
Бул кытайдын өзүндө,
Кыймылдаган бир жан жок.
Кылым кытай калың журт,
Кара жандан шекинип.
Кагылышта канча жан,
Канынан кабар ала албай,
Жан соогалап бүгүлүп.
Тирүү койбойт бурут деп,
Кайгыланып камсыгып.
Дүбүртүн укса буруттун,
Кытайлардан жан чыгып.
Эсенкан да бүгүлүп,
Кечирим сурап жүгүнүп.

Корктум бул буруттан,
Бири миңге татыган.
Жоо дегенде сүйүнгөн,
Көпкөк зоот кийинген.
Бурут оңой журт эмес,
Малгун дөө барган бакырып,
Кайдасың бурут келгин деп,
Барган жерде жайлаган.
Аргасын тап каным деп,
Эсенканга жалдырап.
Аргасын өзүң тапкын деп,
Найза тийген далыма.
Аз жерден калдым сабылып,
Оо дүйнөдөн калууга,
Аргасы турат табылып.
Эсенкан турду балдырап,
Акыл таппай далдырап.
Не кыларын биле албай,
Эси ооп жалдырап.
Күрсү менен салышып,
Күркүрөшүп калышып.
Айбатынан буруттун,
Чыга албады жолунан.
Күчтүү балбан баатыры,
Коңурбай эми кеп сүйлөйт.
Азыр орто жолдомун,
Найза тийип далыма.
Эки көзү алаңдап,
Апкаарып сөзүн айта албай,
Коңурбай туруп калганы.
Анте турган болгондо,
Каспаңдын эли тозгула.
Кайнаган кытай журтунун,
Капкасын эми ачкыла.
Алтын, күмүш, жакутун,
Ыраазы кылып баарын чач.
Аны көрүп алганы,
Сундуң менен калдайдын,
Сүрү качып калганы.
Канынан кайрат жок болуп,
Кытайдын эли токтолуп.
Кызыл чоктуу Нескара,
Кармус шаанын Мурадил,
Калмактардан Ушаң бар.
Жан үчүн дүйнө бермекке,
Макул болду жаамысы.
Каңгайдан келген Ороңгу,
Кытайлардан Коңтөрө,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдан Сайкал бар.
Солондордон Алооке,
Доңуз мүнөз Жолой бар.
Солобонун Соорондук,
Жандарынан түңүлүп.
Солобонун Соорондук,
Токсон беш жашка барыптыр.
Чокунушуп бутуна,
Чочулашып калышып.
Берер мүлкүн дайындап,
Он миң кара нар болду.
Нарга артып салганы,
Алтын, күмүш зер болду.
Он бир миң кызыл нар болуп,
Бар дүйнөсүн сапырды.
Нар үстүнө артылган,
Уюткан алтын коюлду.
Бардык нардын үстүнө,
Жибектен аркан тартылды.

Зумурут, каухар асы л таш,
Беш миң төөгө артылып.
Тобунан тандап кара атты,
Сегиз жарым миң болуп,
Сынчылары жаратты.
Он миң кула ат болуп,
Сегиз миң тору ат келди.
Келишимдүү зор аттан,
Тозоңду тоодой сапырды.
Баш аягы чогулуп,
Жүз сегиз миң ат болду.
Капканын ичин каратып,
Кара чачы кундуздай,
Кыздардан тандап алдырып.
Орто бойлуу он төрт жаш,
Көбүнүн көркү олоң чач.
Тогуз миң үч жүз кыз алып,
Кытайдан чыккан уз алып.
Тартуууга келди жаамысы,
Анжыяндан качырган,
Алооке баштап карысы.
Башынан эле калган сөз,
Тийсин найза, сынсын деп,
Душман да болсо жыгылса,
Кордобо, көөнү тынсын деп.
Бакай, Кыргыл ээрчишип,
Арстанына барган чак.
Даанышман Бакай кеп айтып,
Тартуусун кабыл алгын деп.
Каапыр да болсо калың журт,
Камсыкпай кабыл алгын деп.
Койгун эми арстан деп,
Акылман Бакай кеп айтып.
Кыздардан тартуу берген соң,
Кырып ийсек көө болор.
Алты канды чогултуп,
Акылдашып алалы.
Чөгөлөтпөй буларды,
Жообун берип салалы.
Бакайдын айткан бул сөзү,
Туура тапты арстаның.
Кумдан бетер куюлган,
Кайнаган кытай элинен,
Кызыкканы кыз алсын.
Каалагандын баары бар,
Жетимиш капка Бээжинди,
Жеткилең бузуп алган деп.
Кыргынды кыргыз салган деп,
Он үч ай толук болгондо,
Ойротко бүлүк салган деп.
Бир жылдан ашып калганда,
Кайра тартып алган деп.
Айтууга калар кеп болсун,
Бээжинди кыргыз алган деп.

***2000-жыл.***

## МАНАСЧЫ КАБА АТАБЕКОВДУН «МАНАС» ЭПОСУНУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ-КӨӨНӨ СӨЗДӨРДӨН ТҮЗҮЛГӨН СӨЗДҮК

С.Мусаевдин жалпы редакциясы менен түзүлгөн «Манас» эпосунун сөздүгү пайдаланылды. /Бишкек-1995.

**1. АЖАЙЫП** – (Ажайыпкана ичинде, Арстан менен жолборс бар) – (ар. эджайеб). 1. Тац каларлык, укмуштуу, адаттан тышкары, азем көрүнүш. 2. Ажайыпчы – Сыйкырчы, сынчы, балчы.

**2. АЖЫДААР** – (Ажыдаар бар көрсүн деп, Тышында турган Алооке, Абдан катуу бакырды) – (ир. әждәhа – «жылан, ажыдаар») – ирандыктардын мифологиясында үч баштуу азезил – жылан түрүндө сүрөттөлөт. «Манас» эпосунда анын атын алып жүргөнү менен, ал жөнүндөгү мифологияга анча байланышы жок, ага караганда дүйнө элдеринин көптөгөн оозеки чыгармаларындагы өтө зор жылан түрүндөгү укмуштуу жаныбардын салттуу образына типтеш. Иран мифологиясындагы жамандыктын символу Аждахтан айырмаланып, «Манастагы» ажыдаар элдик баатыр Манасты колдоочу оң касиетке ээ жылан түрүндөгү укмуштуу жандык болуп сүрөттөлөт. Ал Манас жоого киргенде сүр-айбат берип, жандап жүргөн башка жаныбарлар менен бирге, айрыкча асмандан айланып учуп колдоо көрсөткөн Алпкаракуштун параллелинде Манастын асты жагында сойлоп, ага колдоо көрсөтөт. Мындай сүрөттөө кандайдыр бир деңгээлде дүйнө элдеринин мифологиясында кеңири белгилүү, башына бүркүт конгон, түбүндө ажыдаар жаткан космикалык өмүр дарагын эске түшүрүп, Манас асмандын (байыркы элдердин бутпарас дининдеги жакшылык кылуучу башкы кудай) жана жер астынын (жердин күч-кубатынын) колдоосуна ээ болгонун символдоштурат. Ажыдаар чексиз күчтүүлүктүн символу катары түшкө кирип келечекте баатыр бала төрөлөрүнөн да кабар берет.

Монгол тилдүү элдерде жаан-чачындын, суунун ээси – ажыдаар «Лу» деген ат менен белгилүү. Бул мифологиянын кыргыз эпосуна таасири тийгенин байкоого болот. Мисалы, С. Каралаевге таандык болгон манасчылардын мектебинин өкүлдөрүнүн варианттарында Алмамбет Аверген деген көлдөгү алтымыш баштуу ажыдаардын жаан-чачындын, суунун ээсине барып окуп жайчылык ж. б. аскердик өнөр үйрөнүп кайтат (Аверген – монгол тилинде атыжаар).

**3. АЗАР ТҮМӨН** – (Азар түмөн көп ойлойм, Ат чапсамбы деп ойлойм) – (ир. хазар-миң; түрк, монгол – түмөн – он миң) – Миң-миң дегенге жакын түшүнүк.

**4. АЙБАЛТА** – (Айбалта белде шыңгырап) – Мааниси боюнча найза, кылычтан кийинки баатырлар жакынкы кармаштарда кеңири колдонгон согуштук куралдардын бири. Аталышынан билинип тургандай, темири жарым ай түспөлүндө жасалган курч балта.

**5. АЙЧЫК** – (Алтын айчык кызыл туу, Отуз бөгөл жолдошу – кыр.).

1. Айдын кичирейтилип айтылышы, б.а., кичинекей ай (жаңы туулган ай).

2. Жарым ай түрүндө тууга ж.б. коздолуп сайылган сайма же тартылган сүрөт. Ал көпчүлүк мусулман өлкөлөрүнүн мамлекеттик эмблемасы.

**6. АК КАҢКЫ** – (Ак каңкы ээрин салганы) – Ээрдин өзүнчө түрү – алдыңкы жагы жазы жана тегерек формада болуп, анын бети оюу-чийүү, күмүш ж.б. асыл заттар менен коздолот.

**7. АККЕЛТЕ** – (Аккелте үнү чаңырып, Салбырынга чыкчулар, Кошо чыкты жабылып). Манастын мылтыгынын энчилүү аты. Ирандын «калта – мил» деген сөзүнөн пайда болгон (калта – кыска, мил – мылтык; б. а., чолок мылтык, кыска мылтык, обрез). Ал эми «ак» деген эпитет – касиеттүү, ыйык деген мааниде жалпы эле түрк элинде айтылат. Манастын бардык курал- жарактары, менен буюмдарына «ак» деген эпитет туруктуу түрдө колдонулгандыгы жалпыга белгилүү.

**8. АК КҮБӨ** – (Ак күбө кийип зыңкыйып, Алгыр куштай зымпыйып) – Ар. габа – көлбөөрүгөн узун жеңдүү чапан. Кыр. ак. 1. Нерсенин түсү. 2. Өтмө мааниде: ыйык, касиеттүү – баатырлардын ок өтпөс тыш кийими.

**9. АК САРБАШЫЛ** – (Ак сарбашыл үй алып) – Курмандык чалуу расмилеринин бир көрүнүшү. Эпостук чагылтууда курмандык чалуу расминин эң алгачкы көрүнүшү, же башкаларга караганда жеңили, майдасы ак сары башыл кой чалуу.

**10. АЛАМ АН УРУШ** – (Аламан уруш салганы) – Эпостун өз маалыматына караганда негизинен найза, кылыч сыяктуу куралдар менен жарактанган көчмөн элдердеги атайын согуштук ыктардын бири – карама-каршы эки топтун бардык жоокерлери бирин бири каптап, натыйжада аралашып, баш аламан түрдө кармашуу. Согуштун мындай түрүндө, сырттан караганда баш аламан катары сезилгени менен өзүнчө атайын системасы, аскерлердин жай- гашуу, аракеттенүү ыгы бар. Бирин бири каптаган эки топ колдон келишинче бир бүтүндүк сапатын, формасын жоготпоого аракеттенет, бул үчүн топтун эки капталында тандамалуу, иргелген мыкты жоокерлер аракеттенип, алды жагында атактуу баатырлар болуп, чабалдар колдун ортосун ээлешет. Чыгаан баатырлардын милдети каршысындагы жоонун тобуна бой уруп, аралап кирип, алардын согуштук катарын бузуу, топту бытыратууга, ошонун натыйжасында анын бүтүндүк касиетин жоготууга аракеттенүү. Бул абал эпосто, адат катары.

Орто жерин эр Манас,
Оюп келип берди эле.
Тегерегин кырк бөрү,
Союп келип берди эле – деген сыяктуу негизинен туруктуу мүнөздөгү эпизоддордон болуп, аламан – уруш учурунда душман тобун жарып кирген чоң баатырлардын жоо арасында жалгыз салгылашуу учурлары, эпостогу көп кезигүүчү окуялардан. Мындай абалда баатыр жоонун «алыскысын найзалап, жакын кирип келгенин ач албарс менен кайсалап» аракеттенет. Ар бир аламан – уруш эки колдун аралашып согушуусу менен кан суудай аккан кыргынга айланат. Аламан согуш учурунда эки жактын тең жоокерлери үчүн негизги белги ар биринин өз туусу. Көрүнөө жерге жайгашкан (адатта мыкты жоокерлердин көзөмөлүндө, тандалма аскерлердин кайтаруусунда болгон). Туу өз ордунда болсо жоокерлер «туубуз качпай турат – деп кубат кылып урушат. Туунун жыгылышы, же качуусу ошол тараптып жеңилгенинин белгиси. Аламан – уруш ар бир кармаштын жогорку

чеги (кармаш көбүнчө айрым баатырлардын жекеге чыгуусу менен башталат). Аламан – уруштун акыры беттешкен жоонун бир тарабы жеңилүү жана жоокерлердин качуусу менен бүтөт. Качкан жоону кубалап, таратып талкалоо каршылыктын чечилиши. Жеңилген тарап жеңген тарапка баш ийип, тартуу тартып, эки эл элдешет.

**11. АЛААМАТ** – (Алаамат бергин бул журтка, Амандык бергин куш, куртка) – Ар. аламат – белги, жышаан. Мисалы: жер титирөө, ай, күн тутулуу ж.б. кубулуштар. 2. Өтмө мааниде: бүлгүнчүлүк, тополоң, кыйратуу ж.б. Эпосто экинчи маанисинде көбүрөөк жолугат.

**12. АЛАШ** – (Алашка даңктуу сен болгун) – Казак, кыргыз уруулар биримдигинин жалпы аталышы.

**13. АЛЕҢГИР ЖАА** – (Алеңгир жаага ок кездеп, Атайын деп калганы). 1.Жаанын жасалган формасы жактан айырмаланган өзгөчө түрү, же баатырларга ылайыктап жасалган жаа түрү. 2. Кыйратуучу, сурдуу жаа. Алеңгир-бүлүк-уруш-жаңжал, кыйынчылык, мүшкүл, шаштысын кетирүү жана башка.

**14. АЛТАЙ** – (Маңгулдар менен аралаш, Башыбыз мамыр кең Алтай) – Түрк-монг. – ал-дух, түнт, чытырман рухтуу тоо, түнт чытырман токойлуу тоо, тайга). Түштүк Сибирдин (Хакасия, Тоолуу Алтай), Монголиянын жана Кытайдын территорияларында жайгашкан Азиядагы географиялык чөлкөмдү ээлеп жаткан бул тоо системасы бир нече конкреттүү бөлүктөргө, жалпысынан Алтай деп аталып, ал Монгол Алтайы, Гоби Алтайы, Түндүк Алтай, Түштүк Алтай, Батыш Алтай делип аталат. Бирок, азыркы кездеги саясий географиялык түшүнүк менен өткөн доорлордогу «Алтай» деген тарыхый-географиялык чөлкөмдү бирдей кароого болбойт. Эпостун бардык варианттарында салт боюнча айтылып келген «Алтай» деген географиялык ат жалпы шарттуу түшүнүктө эмес, ошондой эле жалпы Алтай тоо системасы жөнүндө эмес, анын конкреттүү бир бөлүгү, б.а., Батыш Алтай (Иле-Иртыш чөлкөмү) өлкөсү жөнүндө айтылгандыгы айкын көрүнөт. Манастын төрөлүп, эр жетип, Ала-Тоого көчүп келгенге чейинки эпикалык окуялардагы эл-жер аттары Иле – Иртыш чөйрөсүндөгү реалдуу топонимдер менен этнонимдерди чагылдыргандыгын көрөбүз. Жакып Алтайга сүрүлүп, калмактар менен коңшу жашап, ар кандай карама- каршылыктарды башынан өткөргөндүгү жөнүндөгү окуялар албетте, калмактардын

13 – кылымдан берки Атамекени болгон Жунгария менен байланыштуу экендиги талашсыз. Теңири-Тоо (Тянь-Шань) тоо системасынын чыгыш бөлүгүнөн жана Иле өзөнүнөн тартып Иртышка чейинки территориядагы реалдуу топонимдер эпостун бул окуяларында өтө жыш жана так баяндалат. Бул маселе атайын изилдөөлөрдү талап кылат. Ошентип эпостогу «Алтай» деген топонимди жалпы Алтай (Тоолуу Алтай, Хакасия, Тува) чөлкөмү катары эмес, анын конкреттүү бир бөлүгү (Иле – Иртыш аймагы) катары түшүнүү керек.

**15. АЛТЫ-ШААР** – (Алты шаарды бет алып, Аярлабай жеткинин) – Топоним катары айтылат. Эпосто географиялык шаарлардын санына (Кашкар, Жаркен, Котон, Аксуу, Турпан, Куча) карата 18-кылымдарда пайда болгон тарыхый реалдуу топоним менен байланыштуу. Азыркы Шинжаңдын батыш бөлүгүн жергиликтүү жана коңшу жашаган элдер «Алты-шаар» деп аташкан. Орус саякатчысы М. В. Певцов да 19-к. аягында жергиликтүү элдер өздөрүнүн мекенин Алтышехар (Алты-Шаар) деп аташат» – деп жазат (Певцов М. В. Путешествие по Восточному Туркестану. Ч. 2, СПб.с. 378).

**16. АРБАК** – (Атым Бакай болгону, Арбак башка конгону) – Ар. арвах; «рух» деген араб сөзүнүн көптүк түрү, мааниси – «жан», «тын»). 1. Өлгөн адамдын руху, куту. 2. Ыйык адамдардын же белгилүү ата-бабалардын жогорку күчкө ээ руху (культу). 3. Өтмө мааниде: атак-даңк, бедел, сыймык. Эпосто сөздүн бардык маанилери кеңири колдонулат. Арбак сөзүнүн 3-мааниси менен тутумдаш сөз – арбактуу. Арбактуу – кырг. – «туу» сын атооч уюштуруучу мүчө. 1. Арбак колдогон же даарыган кудуреттүү, жеңишчил, ар-намыстуу адам. 2. Ыйык, касиеттүү.

**17. АРГЫМАК** – (Аргымакка жүк артып) – Жылкынын сымбаттуулугу, күлүктүгү менен айырмаланган өзүнчө түрү, таза кандуу жылкы.

**18. АСАБА** – (Көк асаба кызыл туу, Айгайлаган ызы-чуу) – Ар. – аса-таяк. Туу же желек асылып коюлуучу-тагылуучу таяк. Асма, асылма, ас+ аба – абага ас деген сөздөн чыккан дегенге негиз бар. Бара-бара жалпы эле желекти түшүндүрүп калган.

**19. АЯР** – (Аркырап турат уланы, Көпүрөгө туташкан, Аярдын кылган дубасы) – Ар. эййари. 1. Шылуун, амалкөй, куу, кыяр. 2. Сыйкырчы, дубакөй, көзү ачык.

**20. БААТЫР** – (Баатыр Алмаң куш көрдү, Көй баатырдын кыйласы, Кой оозунан чөп албас) – Уруу түзүлүшүнүн учурундагы жоокерчилик шарттагы согуштук эң жогорку наам. Алган орду, мааниси жактан кандан кийинки орунда турган адам. Адатта мындай атак – наам жоокердин жеке сапаттарына жана иштеген иштерине карата ыйгарылган. Эпос боюнча коомдогу орду, укугу жактан баатыр менен кандын көпчүлүк учурларда айырмасы жок, ал эле эмес кээде экөө маанилеш сөздөр катары колдонулган учурлар да көп. Бирок экөөнү бир деп түшүнүүгө да болбойт. Анткени, канды эл атайын жыйында шайлайт, же орунду мурастык укугу боюнча ээлейт, баатыр атагы иштелген иштердин натыйжасында көпчүлүктүн ошол иштерге берген баасы, анын эрдигин моюнга алуунун белгиси катары ыйгарылат. «Манас» эпосунун тексттеринде жолуккан эпизоддорго караганда Манас баатыр бир кездерде согуштук кан катары атайын шайлануу, анын баатырдык укугу көпчүлүк тарабынан атайын шартта жарыя кылынып кабыл алынуу салты да болуусу мүмкүн. Уруунун, элдин башында турган адамдарды кан – баатыр атоо салты кыргыздарда кийинки кездерге чейин эле (мисалы, XIX кылымдарда) орун алган – Шабдан, Ормон ж. б.

**21. БАГЫЛАН** – (Багыландан алдырып, Бапырларга салдырып) – Кыргыз, казак тилдеринде сүт ээмп, ылайдай, аябай семирип бышкан 3-4 айлык козу.

**22. БАДАНА** – (Бадана тонду кий деди, Баркын тондун бил деди). – (ир. баден – «дене», бүткөн бой) – баатырлардын ок өтпөс, коoздолуп жасалган соот тону.

**23. БАДИРЕК** – (Чыгып алып бадирек, Күн чыгышты бет алып, Көлдү көздөй салды деп). – (ир. бэд-рэг – теги жаман – тилдөө же кемсинтүү максатында айтылуучу сөз). Мааниси боюнча. 1. Кара ниет, орой, акмак, айбан, бузуку. 2.Теги жаман, оңбогур. 3. Кээде эр жүрөк, кайраттуу, жалтанбаган баатыр делген түшүнүктөрдү туюнткан учурлар да болот.

**24. БАЙРАК** – (Тууга байрак тагылып, Шоорук кан жолго салыптыр) – Жибек, же башка бышык, жука материалдан жасалуучу, көбүнчө үч бурчтук, кээде төрт чарчы түрүндөгү, түрдүү түстөгү, бир жак учун жыгач, же найзанын уч жагына бекитип тагып коё турган чүпүрөк,

желек. Негизги милдети бирөөгө таандык атайын белги болуу. Ошон үчүн ээсинин каалоосуна ылайык ала-буладан тартып, түрдүү түстөрдө болушу мүмкүн. Байракты бел- гилүү даражада ар бир баатырдын өз жеке туусу катары түшүнүүгө да болот. Байрактын белги берүүчү, же чакырууда колдонулуучу («Байрак булгап бакырды») милдеттерине караганда жана жалпы эле анын негизги маанисин эске алганда, ал тагыла турган жыгач (эгер ал жыгачка тагылса) анча узун эмес, жогору көтөрүп жүрүүгө эмес, жанга тагып, кыстарып, баштыкчага, же атайын кабына салып жүрүүгө ылайыкталган болуусу мүмкүн. Кыргыздарда желек тагылган найзаны өлгөн адамдын түндүгүнөн чыгарып, же эшиктин сол жагына үйдүн сыртына бекитип көтөрүү (үйдүн ээси өлгөндүктүн белгиси) салты да бар. Адатта ал белгилүү жана кадырлуу адам болгондуктан баланча өлгөндө туу көтөрүп, аза күткөн деген аңыз сөз айтылат. Кадырлуу адамдын карасынын, ага аза күтүүнүн белгиси катары өлгөн адамдын ашы өткүчө анын айылы көчсө көч үстүндө да желек (туу деп да айтыла берет) көтөрүп жүрүү салты да бар.

**25. БАКБУРЧУН** – (Бадышам жаткан Бакбурчун) – (ир. баг – кудай, фур – уулу, чин – кытай) – 1. Кытайдын кудайынын уулу, б. а., Кытай императору. Байыркы кытайлардын түшүнүгүндө император асмандын (башкы ку- дайдын) уулу саналган. Ошондуктан, коңшу элдер да аны оз тилдеринде «ку- дайдын уулу» аташкан. Ушундан улам байыртан Индиялыктар, Орто Азия- лыктар Кытай өлкөсүн, мамлекетин Чин деген термин менен аташкан, алардан бул термин Батыш Европага тараган. Чин байыркы кытайдын Цинь (б.э.ч. II к.) айтылышына барып такалары илимде эбак аныкталган. Адепки учурда коңшу элдерде «Цинь сулесинин адамдары» деген мааниде колдонулуп, кийин Кытай мамлекети дегенди билдирип калган. Кытай л ар өздөрүн бул термин менен аташкан эмес. Кытай этносу адеп калыптана баштаганда өздөрүн «хуа» же «хуа минь» деп аташкан. Хань сулесинен тартып (б. э. ч. III к. – б. э. III к.) ушул кезге чейин кытайлар өздөрүн Хань деп аташат. Алгач Хань сулесинин эли деген мааниде колдонулган. Башкарган сулениn же өкүмдардын аты менен элдин же мамлекеттин аталышы коп элдерде байыртан келе жаткан салт. Мисалы, түрк элдеринде Алтын Ордонун ханы Өзүбектин атынан өзүбек эли, Алтын Ордонун эмирлеринин бири Ногойдун атынан ногой эли

аталган. Ханьдардын коңшу элдерде кытай атка көчүшү кара кытайлар (кидандар) азыркы кытайдын түндүк тарабын X кылымда басып алгандан тартып башталган. Байыркы Эне-Сайлык кыргыздар ханьдарды табгач атаган. 2. Кээде эпосто Бакбурчун кытайдын императору турган борбор шаар катары да айтылат.

**26. БАҢБАҢ** – (Кайда калдай сундугум, Баңбаң чийтай сундугум) – (кыт. ван – князь), – монгол доорунда ванван хандан кийинки жогорку даражалардын бири. Кыргыздарга бул термин калмак-монголдор аркылуу кирген деп болжоого болот. Эпосто калмак-кытайлардын жогорку титулдарынын бири катары коп эскерилет.

**27. БАРАҢ** – (Чоң күрсүсү колунда, Бараң мылтык жонунда). – Чыгыш элдеринде (мусулман дүйнөсүндө) француздардын атынын франк деген кыскарган түрүн «бараң» деген формада айтышат. Манаста: «бараң мылтык», «сырбараң», «акбараң» түрүндө учурайт. Өзбектин дастандарында «фаранги милтик» деп аталат. Озбек дастандарында жаанын ордуна адатта мылтык, анын Европадан жасалгандыгын туруктуу эпитет аркылуу корсоткон «франк мылтыгы» колдонулат. Франк мылтыгы алдыңкы Азия аркылуу Орто Азия элдерине тараган деп эсептөөгө болот. Ошондой эле «Маңдай жакта барац бар» деп элдин аты катары да айрым варианттарда учурайт. «Бараң» адегенде «эл» деген катары алгач Түндүк Африкада, Арабияда пайда болуп, жалпы эле Батыш Европа элин аташкан.

**28. БАРАБАН** – (Тозоңу тоодой бөлүнүп, Барабаны дүңгүрөп). – Урма музыкалык аспап. Илгертен көп элдерде согуш учурунда колдонулуп келе жатат.

**29. БЕДӨӨ** – (Алты бедөө ат берди) – (ар. Бедуин – чөлдүктөр, чөлдүн жашоочулары). 1. Байыркы мезгилде чолдо жашаган көчмөнмалчы уруулары. 2. Күлүк, тулпар ат (бедоолор жылкынын өзгөчө тукумун өстүрүшкөн, ал жылкылар чыдамдуу, күлүктүгү менен өзгөчөлөнгөн).

**30. БЕЙИШ** – (Тозок менен бейишти) – (ар. ал -жанна – «бак»). 1. Куранда такыба адамдар өлгөндөн кийин түбөлүк жыргап жашоочу тигил дүйнөдөгү жайдын аты. Мусулмандардын элестетүүсү боюнча ал сандаган булактары, каналдары, көлдөрү бар саябандуу бак. Анын дарыяларынан бал, шарап, сүт агып, багында анар, курма ж.б.

жемиштер осот. Аны жеген, ичкен адам эч качан оорубайт жана түбөлүк жаш бойдон калып 33 жаш курактан жогорулабайт. Бейиштин ото сулуу жана түбөлүк жапжаш кыздары – хурлар (кара көздөр) менен өмүр сүрөт. Бейиштин бир канча дарбазасы жана бир канча түрлөрү бар. Анын эшигин Ридван башында турган периштелер күзөтөт.

Мусулмандар бейишти сыпаттоодо өлгөндөн кийинки тигил дүйнө жөнүн- дөгү байыркы чыгыш элдеринин түшүнүгүн улантып, өнүктүрүп пайдаланышкан. С. Орозбаков «Курандагы» жана мусулман эсхотологиясындагы бейиш жөнүндөгү баяндар менен кабардар болгонун анын варианты ачык көрсөтүп турат. Анын вариантында башка варианттарда кезикпеген төмөнкүдөй кеңири сүрөттөөлөр бар:

Турпагы жыпар, суусу бал,
Көөхар болор көз учкан,
Бейишке чыккан терек-тал.
Уксаң сонун ушу деп,
Нурдан болор кушу деп.
Лай ли жакут сарайы,
Буга кирип кете албас,
Мусулмандын далайы.

**31. БЕКЗААДА** – (Бекзаадалар келсин деп, Бейлибизди көрсүн деп) – (ир. бек-бек, заада – туулган) – 1. Бектен туулган – бек тукуму, бектин баласы. 2. Өтмө мааниде: мыктылар, билермандар, мырзалар.

**32. БОТО КУР** – (Саймалуу калпак, сары шым, Шалдыркан кисе, бото- кур) – (ир.). Синоним сөздөр болгондуктан көбүнчө кош сөз түрүндө айтылат. Түрк тилиндеги «белбөө» деген термин менен бирдей эле мааниде колдонулат.

**33. БУУЛУМ** – (Торгуй буулум тубардан) – баалуу калың кездеменин бир түрү, же ошол кездемеден тигилген кийим.

**34. БУРАК АТ** – (Токмок жалдуу чоң тору, Бурагына токушуп) – (ар. ал – Бурак – жаркылдоочу) – 1. Куран боюнча Мукамбет пайгамбардын кереметтүү унаасы. Уламыш боюнча пайгамбар күндөрдүн биринде Кабага жакын уктап жатса Жебреил периште канаттуу унаа – Буракты алып келип ага аны мингизет. Аны минген Мукамбет түн ичинде Мекеден Иерусалимге саякат жасайт. Бул жерден ал Жебреилдин жардамы менен жети кабат асманга көтөрүлүп кудайдын

астына барат. Бирок адепки учурда бирде ат, бирде ка- чырга окшогон ак түстүү, бутунда канаты бар жаныбар болуп сүрөттөлгөн. Орто кылымдардагы адабияттарда ал бети-башы адамдыкындай канаттуу тулпар болуп баяндалган. Аны минип асманда учуп жүргөн Мукамбеттин дүйнө жүзүн кезип жүрүшү ото кеңири тараган сюжеттерден болгон. 2. Өтмө маанисинде: Талбас, чарчабас күлүк ат, тулпар. 3. Элдин байыркы ишеними боюнча өлгөн адам тигил дүйнөдө да жашоосун кадимкидей улантат. Ошондуктан анын жашоосуна зарыл, тирүүсүндө пайдаланган буюм-тайымын, жарак-жабдыгын, мал-мүлкүнүн айрым бөлүгүн аны менен кошо көмүү түрк- монгол элдеринде байыркы салт болгон. Анын ислам дининин эрежелерине ылайыкташып, бүгүнкү күнгө чейин сакталып калган айрым калдыгы катары, адам олгонде анын тирүүсүндө минип жүргөн атын ээр-токуму ж. б. жарак-жабдыгы менен молдого берүү болуп саналат. Кыргыздар мындай атты бурак ат деп аташкан.

**35. БУРУТ** – (Баатырсып келген буруттун, Кыйындыгын көрөйүн – кыргыз). Бурут Орто кылымдын соңку мезгилинде ойроттордун (калмактардын), андан кийин аларды тууураган кытайлардын (алардын жазма эстеликтеринде «бу-ли-ти») кыргыздарды аташы. Кыргыздар өздөрүн бул ат менен эч убакта аташкан эмес, бирок аларды кытай-калмактар ушундай аташары аларга толук белгилүү болгон. «Манас» эпосунун бардык варианттарында душман тараптын өкүлдөрү (көбүнчө калмак, кытайлар) кыргыздарды мазактаган түрдө аларга ушул ат менен кайрылышат. Айрым окумуштуулар буруттарды б.з. IV кылымынан баштап, Котон чөйрөсүндө жашаган болу, булу, болюйлар менен окшоштурушат. XIII кылымдан тартып Саян-Алтай аймактарында бурут, буру – аттуу көчмөн эл жашаганы белгилүү. Бирок алардын «Манас» эпосундагы жана калмак, кытайлар атаган буруттар менен канчалык карым-катнашы, тиешеси бар экени илим жүзүндө ачык тактала элек. Ойроттор (калмактар) Жунгарияга ооп келгенден кийин (XIII-XIV к.) Чыгыш Теңир-Тоодо жашаган кыргыздар менен коңшу көчүп жүрүшкөн. XV-XVI кылымдарда негизинен Жети-Суу, Теңир-Тоо, Чыгыш Түркстанда жашаган моголстандыктар менен калмактардын ортосунда узакка созулган согуштар болуп, ага кыргыздар да катышкан. Бул мезгилде калмактар менен

кыргыздардын ортосунда саясий мамилелер туруктуу болгон эмес. Ошондуктан, калмактар кыргыздарды өз тилинде «буруттар» б. а., «күнөөлүүлөр», «чыккынчылар», «башка диндегилер» деген мааниде ги жасалма ат бериши ыктымал.

**36. ДООЛБАС//ДООЛ//ДОБУЛБАС** – (Доолбасы кагылып, Тууга байрак тагылып) – (ир. дэвэл). 1. Катуу мөндүр (добул); 2. Анча чоң эмес барабан.

**37. ДЕЙИЛДЕ** – (Элчилерге кийгизип, Алтын Жака дейилде) – (ир. Жибек. Түрк тилдеринде шайы дилде). Индия ж.б. чыгыш өлкөлөрүндө жибекке зым кошулуп согулган жибектин аталышы.

**38. ЖАЙСАҢ** – (Алтымыш жайсаң колу бар, Алоокенин Коңурбай) – (кытайча цзай-сян – «улуу министрлер», департаменттеги жогорку даражалардын жалпы аталышы). Чынгызхандын тукумдары Монголия менен Кытайда бийлик жүргүзгөн (1271–1368-ж.) Борбордук Азиядагы түрк-монгол элдерине «зайсан» түрүндө кеңири тараган термин. Алгач ал термин уруунун (омоктун) же элдин (улустун) башчыларынын титулу катары колдонулуп, кийин уруунун мурасчы ак сөөгү деген жалпы мааниге ээ болуп калган. Кыр- гыз тилине Ойрот хандыгынын тушунда монгол тили аркылуу кирген. «Манас» эпосунда калмак-кытайлардын уруу же аскер башчыларынын титулу кээде айрым кейипкерлердин энчилүү аты катары жолугат. Мисалы, «Салтанатын көргөндө, Жайсаң ырчы дегени, Жалаң үйдүн борумун, Жарым күнү ырдаган», – делип Манас Карабөркtү алганда Кайыпдаң ага көтөрүп берген өргөөнү ырдаган ырчысы, же Манастын кырк чоросунун бири.

**39. ЖАЗАЙЫЛ** – (Жазайыл мылтык топ атып, Топ атканда мол атып) – (ар. ал. – жезаир – арал) – Алжир мамлекетинин арабча аталышы. Орто Азия элдеринде Алжирде жасалган мылтык маанисинде түшүнүлөт: Кыргыздарда жазайыл мылтык.

**40. ЖАМБЫ** – (Жамбысы бийик зоо экен, Кырк торт танап боо экен) – (кыт. юань – уюткан, бао – асыл, кымбат баалуу) – Койдун, жылкынын ж. б. туягынын формасында уютулган, ар түрдүү өлчөмдөгү жана салмактагы күмүштүн куймалары. Феодалдык Кытайда ири өлчөмдөгү акча бирдиги катары колдонулган. Кыргыздарда XVIII кылымдындын 2-жарымынан бери коңшу жашап, соода-сатык, карымкатышы болгондуктан, акча бирдигиндеги мааниде эпосто айтылат.

өткөн мезгилде, чоң аш-тойлордо «жамбы атыш» оюну өткөрүлүп, бул баалуу буюмду бийикке байлап койгон жипти кыя аткан мерген кишилер алышкан.

Эпосто алтын жамбы да эскерилет. Кыргыздар арасында, эпосто да акчанын түрү катары эсептелет, тай туяк жамбы, кара кулак чоң жамбы ж. б. түрлөрү айтылат.

**41.ЖАН КАЗАН** – (Жан казанды алалы, Аркардын этин салалы) – Жортуулда жоокерлер жанына алып жүрүүгө ыңгайлуу болгон кичине казан.

**42. ЖАҢ-ЖУҢ** – (Жаңжуң деген үлүгү – кыт.) – (Цзянцзюнь. Цзян – команда берүү, генерал; Цзюнь – армия, аскер). Уйгурча айтылышы – жац- жуң, генерал-губернатор дегенди түшүндүрөт. Цин империясы Жунгария менен Чыгыш Түркстанды басып алгандан (1758-ж.) кийин, ал өлкөлөрдү бириктирип, Кулжа шаарын борбор кылып, башкаруу үчүн өзүнчө генерал-губернатор дайындаган. Ошол башкаруучунун аталышы. Бул жөнүндө Ч.Валиханов Цзян-Цзюнь (жаңжуң) деген вице-король, же крайдын генерал-губернатору жана ошол жерде кызмат кылган бардык аскердин башчысы (Ч.Валиханов. Соб. соч. II т. 61-б.) – деп көрсөтөт. Эпосто жаң-жуң кытайлардын жогорку мансаптуу башкаруучуларынын бири катары туюнтулат.

**43. ЖЕБЕ** – (Алеңгир жаа, сыр жебе, Жебелерин кезешип) – Жаанын огу. Жалпы эле жаа жана кээ бирде анын огун туюнтат.

**44. ИЛЕК** – (Кырк эки илек калың кол, Айта берсе кыйын жол) – (ир. ляк). 1.Жүз миң. 2. Сансыз, эсепсиз көп.

**45. КАБЫЛАН** – (Арстан Манас Кабылан, Шайбырлантып куланы, Эр Манас жүрүп калыптыр). 1.Мышык сымалдар тукумундагы ири жырткыч сүт эмүүчү. Сары же саргыч түстүү, кара темгили бар жыш жүндүү жаныбар. Кыргызстандын тоолорунда жашайт. 2. Эпосто Манас жоого киргенде сүр, айбат болуп көрүнгөн башка кереметтүү колдоочу жаныбарлар (арстан, жолборс, көк жал бөрү ж.б.) катары айтылат. Эпитет катары да, айрыкча Манаска карата кеңири колдонулат. Кабылан (барс) байыртан бери кыргыздардын тотем жаныбары болуп келген. Мисалы, VIII кылымдын башында экинчи түрк каганаты менен теңтайлаша чыккан кыргыз элинин (мамлекетинин) каганы Ынанчу Алп Билгенин, тотемдик аты Барсбек болгон.

**46. КАЗАТ** – (Казатка минчү көй күлүк, Аттын баарын жаратып) – ар. газва – кол салуу, чабуул, көптүк түрү – газават). 1. Ислам дини үчүн уруш (күрөш). Мукамбет Мединада турганда өзүнүн душмандарына (каапырларга) биринчи жолу куралдуу кол салганы (чабуул койгону) газават аталган. Кийин мусулмандардын өз дининен башкалар менен согушу жалпысынан газават аталган. 2. Чабуул, жортуул, бүлгүндүү салгылаш, кыргын. 3. Согуш.

**47. КАЛКАН** – (Калкан, соот, кыягы) – Найза менен сайышканда, ай-балта-кылыч менен чабышканда, өзүнө атылган окту тоскондо керектелүүчү калканыч курал (I–II к).

**48. КАНДАГАЙ** – (Калк ичинен маа батаар, Кандагай таап берчи деп, Чоюлса токтоп айрылбас, Бош турганда жайылбас) – (тунгус-маньчжур, мон. хандагай – «багыш»). Эпосто: 1. Тоо текенин терисинен жасалып, баатырлар жоого, балбан күрөшкө кийүүчү атайын шым. 2. Ок, кылыч, найза өтпөй турган ат жабуу (калың териден, булгаарыдан ичтелген согуштук ат жабуу). 3. Кээде жалпы эле калың тери булгаары.

**49. КАПКА** – (Кайнаган кытай журтунун, Капкасын эми ачкыла). 1. Шаарды курчаган сепилдин дарбазасы. 2. Башы туюк таштуу тар капчыгай.

**50. КАС** – (Кабырга сөөгү как кула, Каса тулпар Аккула) 1. Артыкча, өзгөчө, мыкты, чыныгы, башкача. 2. Жеке өзүмдүк, менчик.

**51. КАН** – (Жыйып алып кандарды, Жыгалуу мөөрүн бастырып) – (кыш. Хуан – башкаруучу, император) – уруунун, элдин, мамлекеттин башында турган башкаруучу адам. Эпос боюнча уруу башчылары да кан деп атала берет.

**52. КЕРИК** – (Сан керигин мингени, Алда канча сууларды, Арыкта суудай сезбеди) – (ир. карк) – 1. Тумшугунда мүйүзү бар ай туяктуу, сүт эмүүчү зор жаныбар. 2. Эпосто душмандын алптары, дөөлөрү минип жүргөн укмуштуу унаасы.

**53. КӨЙ** – (Кой баатырдын баарысы, Кой оозунан чөп албас) – (ир. гуй- мыкты, чыгаан). 1. Мыкты, чыгаан, тандалган. 2. Өңчөй, жалаң абдан.

**54. КӨЛҮК** – (Көлүк аттын барысы, Ысык суу ичип алар деп). 1. Унаа, жалпы эле мингич мал. 2. Жүк жүктөөчү унаа.

**55. КҮРӨӨКӨ** – (Ак күрөөкө соотун, Кынай кийип зыңкыйып) – (байыркы түрк – ургаачы аюу) – аюу терисинен тигилген сырт кийим.

**56. КҮРСҮ** – (Бери болсо күрсүсү, Беш жүз батман салмагы) – (ир. гурз) 1. Согуштук курал – бекем, катуу жыгачтан, кээде темирден сабы бар, бир нече урчуктуу уютулган тоголок чоюн.

**57. ОЛПОК** – (Ак олпогун бөктөрүп, Эшик эндүү айбалта). 1. Жаш баланын бешигине тошолгон кичинекей тошокчо. 2. Баатырлардын сырттан кийген жоо кийми.

**58. ОЧОГОР** – (Очогорун асынып, Көк найзасын сундуруп) – (монг. Оо цагкур – милте) – монгол тилинен өздөштүрүлүп кыргызча айтылышы – очогор. Эпосто милтелүү мылтыктын аталышы.

**59. СААДАК** – (Алакеңдин колунда, Алтындуу саадак жаасы бар) – Жебе салынуучу кутуча, баштыкча. 2. Жаа, жаанын жалпы аталышы, жаа, анын огу ж.б. керектүү бөлүктөрү.

**60. САЛБЫРЫН** – (Аккелте үнү жаңырып, Салбырынга чыкчулар, Кошо чыкты жабылып) – (монг. салбар – кыраан куш, уу – аңчылык). Көпчүлүк эл катышып аңчылык кылуу.

**61. СЫРГАК** – (Алдап – соолап Сыргакты, Чабана киймин кийгизип) – 1. Кыраан бүркүттүн түрү. 2. Жеңил, салкын жел.

**62. САРЫНЖЫ** (сарынжы тон) – (Сарынжынын өңүрүн, Шаркырата сыгыптыр) – Кымбат баалуу кездемеден тигилген сырт кийимдин бир түрү, кээде ичик маанисинде да айтыла берет.

**63. САНДЫРГАЛУУ** – (Санжыргалуу сан жигит, Жаалың катуу эр жигит) – (монг. санжлага – кооздук, жасалга). 1. Келишимдүү, келишкен, кооз, салтанаттуу, сүрдүү. 2. Өтмө мааниде: белгилүү, даңктуу, атактуу, даражалуу, кээде баатыр маанисинде да айтыла берет.

**64. САРПАЙ** – (Ар бирөөнү карасаң, Алтымыш сарпай кийгизип) – Салтанаттуу учурларда кадырлуу адамдарга тартууланучу сый кийим.

**65. САЯ** – (Саятка тиксең чатыр деп, Сайыш үчүн камданды). 1. (ир. Көлөкө, калканч). 2. Өтмө мааниде: сактоочу, коргоочу.

**66. СЕБИЛ** – (Себилдүүсү сексен төрт, Серп алган жагы кызыл өрт) – (ар. себил – өнөр, кесип). 1. Ок өтпөс сырт кийим (себил тон). 2. Курал- жарак. 3. Өтмө мааниде: алгыр, кыраан (көбүнчө жырткыч куштарга карата айтылат).

**67. СООТ** – (Сооттуусун сойлоттум, Олпоктуусун ойноттум) – Ок, найза, кылыч ж.б. согуш куралдарынан сактануучу болот чынжырлардан куралган жеңи жок жоокердик кийим.

**68. ТААЖЫ** – (Зээрлуу таажы башында, Сексен нөөкөр кашында) – (ир.) – Падышалардын, кандардын мансаптык даражасын туюндуруп туруу- чу атайын баш кийим. Формасы, эмнеден жасалышы түрдүү элдерде түрдүүчө болушу мумкун. Кээде кадимки эле баш кийимге бийик даражаны – коомдогу ордун көрсөтүүчү белги тагылып, ал таажы деп атала берет. Мисалы, жыгалуу бөрк.

**69. ТАСМА** – (Аккедик койдон алдырып, Таза жерге жыктырып, Тасмалдатып кырктырып). 1. Тасма – жүнү алынган чылгый тери (көбүнчө, эчкинин териси). 2. Урма музыкалык аспаптардын бир түрү.

**70. ТУУЛГА** – (Белде кылыч кыңгырап, Туулга башта жаркылдап) – Жоокердин ок өтпөс баш кийими.

**71. ТҮМӨН** – (Жети түмөн кол болду). 1. Он миң. Өтө көп маанидe дегенди билдирет.

**72. ТҮПӨК** – (Найзаны тагып түпөккө). 1. Жылкынын топ кылы. 2. Сайылган найзаны токтотуп кала турган эшилген жылкы кылы.

**73. ҮРТҮК** – (Кырк баатырдын бууданга, Жолборс уртук жаптырган) – Ат жабуу – кооздолгон ат жабуу, кээде минген аттын чокусуна, көкүлүнө тагылган үкүнүн жүнү, түрдүү кооздуктар.

**74. ЧАРАЙНА** – (Чарайна тошко тарттыптыр, Темир тондун тышынан). 1.Калың булгаарыдан же темирден жасалган соот кийим. 2. Майда тордон токулган соот.

**75. ЧАНТУУ** – (Чыңырышып сүйлөшүп, Чантуунун жайын биле албас) – (кыт. чань – ороо, чулгоо; тоу – баш-башы оролгон, б. а., селдечен – башын ороп алган) – кытайлардын мусулман дининдегилерди мазактап, шылдың кылуу максатында атаганы – селдечендер – мусулмандар маанисин туюнтат.

**76. ЧЕРҮҮ** – (Катуу черүү аттанса, Эр Алмамбет баатырдын, Аркасынан түшпөгөн). 1. Аскер, кол, кошуун, жоокер. 2. Жортуул, согуш.

**77. ЧОКМОР** – (Үйдөй чокмор колго алган.) – Бир учуна жумуру тегерек катуу жыгач же металл бекитилген кыска сою л. Эң жөнөкөй аңчылык, жоокерчилик куралы. Чоюн баш, Чочмор, Чокмор ж. б деп аталган согуштук курал. Таш доорунан эле колдонулуп, а дегенде

таштан, колодон, акыры темирден жасалган. Байыркы Чыгыш элдерине мүнөздүү. Аны римдиктер II кылымдада, Батыш Европада XIII кылымда, орустар XIII-XVII кылымдарда колдонгон. Кийин көп урууларда, элдерде Чокмор курал катары гана эмес, бийлик белгиси катары да белгилүү болгон.

**78. ЧОРО** – (Сүрдүктүрүп жабаны, Сүргөн чоро мен бармын) – «Манас» эпосунда чоро деген термин өзүнүн мааниси боюнча монголдун «нөкөр» («жөкөр»), арабдын «везир» («увазир») деген терминдери менен бирдей функцияны аткарат. Чоролор, уруу башчылары кыргыз уруулары өзүнчө эл болуп биригүү процессинде маанилүү роль ойногон. Тарыхый жагынан алып караганда ар бир уруу башчысы белгилүү бир борбордук уруунун башчысына биригүү жолу менен ага вассалдык принципте кошулган. Караханиддер доорунда эле Чоро ордолук титул болгон.

**79. ШЫПТЫ** – (Шынгынын уулу Кербени, Шыпты кашка Дөрбөнү) Анык, даана, чыныгы. Кээде такыр, бүткүл, баары, аягына чейин.

**80. ЭҢКЕР** – (Эңкер баштуу ак каңкы ээр) – Ээрдин алдыңкы кашы жагы жазы болуп, тегерек түрдө жасалышы.

Манасчы Каба Атабековдун «Манас» эпосунун тарыхый-көөнө сөздүгүн Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Манас, фольклор жана акындар поэзиясы бөлүмүнүн ага илимий кызматкери, филология илимдеринин кандидаты Садыров Муратбек Тентиевич түзүп чыкты.

## КАБА АТАБЕКОВДУН ВАРИАНТЫНДАГЫ «МАНАС» ЭПОСУНДА ЖОЛУККАН АДАМ АТТАРЫ

**Абдыраман** – кабарыш элинин улугу:

Кабарыштын калкысың,
Бир атадан жалкысың.
Саяттын Абдыраманы,
Астынан чыгып калыптыр.

**Абыке –** Жакыптын кичи аялынан төрөлгөн алты уулунун бири:

Бай Жакыптын Абыке,
Он жетиде жашы бар,
Көктелки деген аты бар.
Жаңы бышты кези экен,
Абыке өзү мингени.
Бай Жакыптап бакырып,
Манас, Манас, Манас деп!
Манастап ураан чакырып,
Абыке эми киргени.

**Агүлүк** – эпизоддук каарман:

Агүлүк деген башчысы,
Айбандарга жем берген.
Ачыгып турган Арстандар,
Агүлүктү талады.

**Айдар** – көпчүлүк учурда жаш Айдар кабарчы, жарчы:

Жайнактын уулу жаш Айдар,
Кабарга мыкты бул жарар.
Мааникерди миңгизип,

Чарайна тонду кийгизип.
Калмак, кытай, манжуга,
Капыр менен мусулман,
Кабарды айтып сал деди.

**Айдаркан** – казактардын ханы, Көкчөнүн атасы:

Айдаркан менен Алмамбет,
Кучакташып көрүшүп,
Алмамбет мында келгенге,
Айдаркан катуу кубанып.

**Айкожо –** эпос боюнча кожо:

Мусулмандын баары бар,
Арабынын ыйманы.
Артык молдо Айкожо,
Алдагы келген чагы бар.

**Айтак** – эпизоддук каарман:

Найман, Айтак берени.

**Ажыбай** – кырк чоронун белгилүүлөрүнүн бири, чечен, өз аты – Абдылда:

Тегерете көз салып,
Ажыбай турду октолуп.
Билинди айткан түшүңүз,
Оңолгон экен ишиңиз.
Оолуккан экен сени издеп,
Ойдогу азиз кишиңиз.
Кытайга намыз бербеген,
Кылымдын алы келбеген.

**Азизкан** – эпизоддук кейипкер, кытайдын башкы каармандарынын бири. С.Каралаевдин варианты боюнча Алмамбеттин атасы:

Берчи кудай, берчи деп,
Өлөр жери ушу деп,
Оң колума түкүрүп,
Катуу найза сайгамын.
Найза менен койгондо,
Азизкан аттан кулады.

**Акун** – Ооган каны:

Астыңдагы Мааникер,
Алып учар зыркырап.
Акун кан шаарын аралап,
Акунга анан айтарсың.
Адыр, будур жери бар,

**Акпай** – кырк чоронун бири:

Сандыргалуу эр Акбай,
Оюлган кара кашы бар,
Он жетиде жашы бар.
Жан казандай башы бар,
Жайылган кара чачы бар.

**Акбалта –** Чубактын атасы, нойгуттардын каны:

Акбоз атын моюндап,
Ак сакалын коюндап,
Акбалта барды айкырып,
Айгай салып бакырып.

**Акеркеч –** Көкчөнүн аялы:

Атилес тубар өөнү бар,
Акеркечти алууга,
Алманбеттин көөнү бар.
Жандан кечкен кытайдан,
Сактаныштын жөнү бар.

**Акылай** – Манастын аялы, Шооруктун кызы. Манас Оогандын каны Шоорукту жеңип кызы Акылайды тартуугa алат.

Акылай сулуу дегенди,
Ошондодур деп айтып,
Карабөрк эми токтолду.
Күнүлүктүн зардабын,
Күүлөнүп мага айтат деп,
Алмамбет ойлоп калганы.

**Алмамбет –** белгилүү чоң баатыр, акылман:

Сүйүнчү деп бакырып,
Кырк чоросун чакырып.

Сөз айтамын туюнчу,
Төрөлөрүм сүйүнчү.
Баабадин деп бакырып,
Кудайым чындап бериптир.
Баштап жүрсө барааным,
Калкымда жүрсө карааным.
Бетимде жүрсө медерим,
Белиме тануу кемерим.
Түшүмдө алган кылычым,
Таалайга бүткөн ырысым.
Түндүктү тирээр түркүгүм,
Жолдо жүрсө жолдошум.
Жоголоор жерде колдошум,
Жоо качырса жолборсум,
Өмүр сүрсөң жолдошум.
Алмамбет келет мен көрдүм,
Ар мүнөзүн айбатын,
Арстанга тең көрдүм.

**Алооке** – эпикалык душмандардын белгилүү кандарынын бири, Коңурбайдын атасы:

Көрөмүн деп окустан,
Айтып калса кеп кылып.
Барса келбес жолуна,
Баарын айдап ийейин.
Кабылан, шерлер жеген соң,
Алакандай кыргызды,
Аркы-терки бөлөйүн.
Каяша кылган бурутту,
Канын суудай төгөйүн.
Деп ойлонуп Алооке,
Ичинен тынып калыптыр.

**Алтай** – кырк чоронун бири

Айбандардын Алтайы,

**Алчын** – катарда саналуучу каармандардын бири:

Алчын, Үйшүн, Түнтөй бар.

**Алымсарык** – эпизоддук каарман:

Алымсарык кайрылып,
Бет маңдай эми барганы.
Атыңдан түшүп кел деди,
Жаадай болгон Жармаңдай,
Сайышка балам бер деди.

**Алымсейит** – эпизоддук каарман, Көкчөнүн жакындарынын бири катары саналат:

Алымсейит дөөкүрү.

**Аруукe** – Алмамбеттин аялы:

Оймоктуудан уз тигип,
Өңчөй уздар иштеген.
Кайыпбектин Аруукe,
Токсон кызга баш болуп,
Тогуз ай бүтүн тигишкен.

**Атай** – Кырк чоронун бири:

Сабай бийдин Атайы,
Үйшүндөрдөн Үмөт бар.
Аргын Каракожосу.

**Атала** – эпос боюнча дөбөт элинин каны:

Бир элдин каны Атала.

**Багыш** – эпизоддук каарман, Көкчөнүн жакын мыктыларынын бири катары эскерилет:

Анжияндын четинде,
Ала-Тоонун бетинде.
Мыргаптын туура бетинде,
Азирет Жет-Кайт белинде.
Түпкү атасы жедигер,
Беркі атасы Жадигер.
Уюктун улуу Багыш бар,
Уюп туруп буга айт.

**Байжигит** – белгилүү уруу аксакалдарынын бири:

Үчүнчү болуп келгени,

Байжигит аты Малтору.

**Бакай** – Манастын аталаш тууганы, эң жакын жардамчысы, акылдашы:

Аккан кашка суусу бар,
Адам турар жер экен.
Айланасы аска тоо,
Короодой болгон жер экен.
Анда Бакай кеп айтат,
Талас болсун деп айтып,
Бул Таластын ээси,
Манас болсун деп айтып.

**Бакча** – катарда саналган каармандардын бири:

Башы кытай журту экен,
Бакча бийдин бар кызыл.

**Бегиш** – эпизоддук каарман, аяр:

Бегиштин аты Суркийик,
Шыгайдын аты Акмоюн.
Бай Көкөтөй ашында,
Кылымга болду чоң оюн.

**Бедөөң** – эпостук каарман:

Чыраштардын Бедөөнү,
Дагырлардын Көдөңү,
Жалпы кытай улугу.

**Бирмыскал** – кейипкер, Бурулчанын сырдаш курбусу:

Айжаңжуң кызы Бирмыскал,
Кылжээрде минип кылчайбай,
Сейилге чыккан жер эле.

**Боobek** – эпизоддук каарман, казак мыктыларынын бири катары саналат:

Боoбек, Карашүкүрү.

**Бозкертик** – эпос боюнча калмак баатыры:

Деп ошентип Бозкертик,
Коңтөрө чыксын алышка,
Беттешип найза сайышка.

**Бокмурун** – Көкөтөйдүн уулу, баатыр:

Көкүлү көздө чок экен,
Көргөн дүйнө жүзүндө,
Айбанда андай жок экен.
Алы келген азамат,
Ала турган мал экен.
Бокмуруңдун мингени,
Мааникер деген мал экен.

**Бооке** – Алоокенин уулу, кийин кырк чоронун бири:

Башкы балаң Боокени,
Мага жолдош бериңиз.
А сөзүмө көнбөсөң,
Мага жолдош бербесең.
Аңдагын арам Алооке,
Акыр заман саламын.

**Бороончу** – эпос боюнча калмак баатыры:

Кара жалдуу Бороончу,
Бул да түштү сегиз миң.

**Бөгөл** – кырк чоронун бири:

Бөрү жондуу Бөгөлү.

**Бөкө** – эпизоддук каарман, Көкчөнүн жигити:

Кайгыл Бөкөл тоорулчу.
Кербен – кырк чоронун бири:
Шыңгынын уулу Кербени.

**Бөлөкбай, Төкөр уста** – Манастын жарак-жабдыгын жасаган чебер уста: Темирин сегиз кыр кылган,

Тогуз түр кылып сырдаган.
Бөрү тил учун чыгарган,
Төкөр уста Бөлөкбай,
Учун ууга сугарган.
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган.

**Бурулча** – кейипкер, кытай каны Эсенкандын кызы:

Эсенкан кызы Бурулча.

**Будаңчаң** – эпикалык душман баатырларынын бири:

Мунун арка жагынан,
Бууданчаңдын Салкара,
Бул дагы келип калганы.

**Дебеги** – эпизоддук каарман

Ок жаңылган Дебеги,
Качып кайра келгени.

**Дөгөшө** – эпизоддук каарман:

Дөгөшө аттуу балбаны,
Төрт миң кошун алыптыр.
Төрөнү көздөй ат коюп,
Тегиз жөнөп калыптыр.

**Дөмүл** – эпос боюнча дөбөт элинин беги:

Дөбөттүгүнүн эли бар,
Дөмүл деген беги бар.
Ашка келсин бу дагы,
Ашка келбей жөн калса,
Аманат жандан түңүлсүн.

**Дөрбөн** – Төртайдын атасы, кырк чоронун бири

Шыптуу кашка Дөрбөнү.

**Жакып** – Манастын атасы:

Атам Жакып төрүндө,
Азыр келдим айланып.
Урматы үчүн энемдин,
Кабылан Манас бууданы,
Аккуланы бермекке.

**Жамгырчы** – эпос боюнча эштектердин каны:

Эштектен бар Жамгырчы,

**Жанай** – эпизоддук кейипкер. Кыргыз уруу башчыларынын катарында аты көп эскерилет.

Жанайдын аты Көк-Кашка,
Он үч болуп келгени.

**Жолой** – эпос боюнча калмактардын каны, баатыр:

Кан Жолойдун Ачбуудан,

Тартууга эми alармын.
Андан ары жол тартып,
Мааникер оозун бурарсын.

**Жоодары** – Чегиштин атасы:

Аксур жорго теңселтип,
Жоодардын уулу Эр Чегиш,
Жазира жамал жан элең.
Барсац боло балбанга,
Отурган Жолой балбанга,
Барып күреш салганга.

**Жооке (Жөкө)** – эпизоддук кейипкер, Алыбектин уулу. Манас Манаска ылайык кыз издегенде жанына алган жолдошу.

Алыбай уулу Жоокени,
Акылбек уулу Мендини,
Атай уулу Боокени,
Кашына жолдош алганы.
Эки атка кошун арттырып,
Жаадай болгон бедөөнү,
Жибектен аркан тарттырып,
Бай Жакып жолго салганы.

**Жооналп** – дөө, пери алпы:

Кайчы кулак Жооналп,
Кулан куйрук Кутаналп.
Киндиги темир жаралган,
Китен деген алпы бар.

**Жоорунчу** – кырк чоронун бири:

Казактардан Жоорунчу.

**Жүгөрү** – катарда саналуучу уруу башчыларынын бири:

Кан Жүгөрү чегиш бар,

**Калкаман** – кырк чоронун бири. Чоролордун катарында дайыма калк башкарган билерман катары айтылат.

Калкамандын кара аты,
Жакын жерден чабылып,
Жазылбады канаты,

Он экинчи киргени.
Каманбек – эпизоддук каарман:
Кандай иш кылып жатат деп,
Каманбек дагы келгени.
Калмак экен ал өзү,
Кыжылдаган буруттай.

**Каныкей** – Манастын аялы, Темиркандын кызы, үчилтиктин негизги каарманы, акылман, иштүү.

Алтындаган жыгасы,
Оң чекеде кырданып,
Санирабига кыз экен.
Акырын сүйлөп шыңк этип,
Акылы толгон кези экен.
Он алтыда жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөсү,
Келишкен кара кашы бар.
Жөнөкөй кийим кийинип,
Тал чыбыктай ийилип.
Жазы маңдай, бото көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз.
Аркасы кайкы, аркар төш,
Кызыл жузу нурданып,
Кыпча бели буралган,
Кококту алып колуна,
Кыздарды коздей узатты.
Кококту алып Арууке,
Кыз башына бөлгөнү,
Аныктап Жакып көргөнү.
Кыздар кийген кырмызы,
Кырк бир кыздын ичинен,
Артык турат жылдызы.

**Карабөрк** – Манастын биринчи аялы, Кайып даңдын кызы. Атасы жеңилип, атасы колго түшүп калганда жаа аткыч мерген кыз Карабөрк жанындагы кырк кызды баштап согушат.

Арстан Алмаң баатырың,
Айланчыктап токтолуп.
Карабөрктөн кеп сурап,
Манас кайда деп сурап.
Кыз күнүндө бу катын,
Баатырлык кылган экен деп.
Баатырлык менен балбандык,
Ургачыга бекер деп.

**Карагул** – каарман, Коңурбайдын жылкычы башчысы:

Каталдын уулу Карагул,
Мыктылыгын карагын.
Карагулду согууга,
Кан Алмамбет баатырың,
Камдап жүрү жарагын.

**Карач** – катардагы саналган каармандардын бири:

Карачтын аты Наркызыл,
Анын арка жагынан,
Алоокенин Жаркызыл.

**Керкөкүл** – катарда саналган каармандардын бири:

Керкөкүлдүн Керкашка,
Келбети малдан бир башка.
Чаткаягы чаткалдай,
Жүгүргөндө чатына,
Жүктүү төө баткандай.

**Коң-Коңбай** – эпикалык душмандардын башкы баатыры – Коңурбай:

Алоокенин Коң төрө,
Он сегизге толуптур,
Серпишер маалы болуптур.
Туңша деген калаага,
Бийликке ээ болуптур.

Анын уулу Кур экен,
Коң бай мында барганы.
Коң дегени өз аты,
Бай дегени амалы.
Курду кошуп алганы,
Анжияндан Алооке,
Көчүп чыгып калганы.

**Кошабыш** – кырк чоронун бири: Кошабыш менен Боокени,

Кабылан Манас алыптыр.
Санаасы тынып арстаның,
Саламатты ээрчитип,
Каалаган экөөн алыптыр.
Кайра тартып бурулуп,
Шыдыр жолго салыптыр.

**Кошой** – катагандардын каны, белгилүү баатыр:

Баатыр Кошой абаңа,
Туу байлатып алган жер,
Боз байталды сойгон жер.
Манастын жаткан жери ошо,
Бото мойнок жайык төр.

**Көкмөк** – Керкөкүлдүн агасы:

Көкшөк уулу Эр Көкүл,
Алдагы келди кол менен,
Үч миңден ашуун жол менен.

**Көкөтөй** – Манаска кызматы өткөн, кыргыздарга кадыры жарашкан бай адам. Ташкен тараптагы кыргыздардын каны, кээ бир варианттарда өтө узак жашаган адам:

Көкөтөйдүн Мааникер,
Канаты бар жаныбар.
Аттардан мурун астына,
Аш бышымдан аз мурун,
Мааникер келип калыптыр.

**Көкчө** – казактардын каны, баатыр:

Ак сакалы Айдаркан,

Бакырып айгай салганы.
Бери кел деп бакырып,
Көкчөнү калды чакырып.
Айтканга Көкчө көнөсүң,
Алмамбеттей баладан,
Пайданы абдан көрөсүң.

**Коккоён –** эпосто султан делет:

Көкбөрү уулу Көккоен,
Абасы Кошой барганы.
Астында кол куушуруп,
Саламын айта салганы.

**Кутубай** – катарда саналуучу каармандардын бири, Жакыптын айылдашы:

Кыргыздын беги Кутубай.
Каратоко, Мажиги,
Камбардын уулу Чалиги.

**Кутубий (Кутунай)** – кырк чоронун бири. Бул образ ар түрдүү варианттарда ар башкача берилет.

Кутубийдин куласы,
Он беш болуп киргени.

**Күдөң** – эпизоддук каарман:

Дагырлардын Көдөңү,
Жалпы кытай улугу.
Кулуктен тандап минишип,
Күрөөкө тондон кийишип.

**Күлтүкан** – эпизоддук каарман:

Чоң казандай күрсүнү,
Күркүрөп колго алганы.
Ойрон болгон Күлчүкан,
Пилге минип сороюп,
Күрсүнү колго алганы,
Күркүрөп чыгып калганы.

**Кыргыл** – кырк чоронун башчысы:

Кырк чоронун баарысы,

Кыйындары барышты.
Кабылан Манас баатырдын,
Астына тура калышты.

**Мажит** – кырк чоронун бири:

Тогузунчу Мажиттин,
Төөсур аты алыптыр.

**Макел-Малгун** – антроморфтук, жөө жомоктук мифтик каарман:

Сазаңшаңды жердеген,
Пенденин алы келбеген.
Макел-Малгун дөө деген,
Мазаңшаңдын Малгун дөө,
Угуз уулу болмоктон,
Бут мусулман келсе да,
Бизди чаап алалбас.

**Манас** – эпостун негизги каарманы:

Адамдан да ушундай,
Чыгат экен тобо деп.
Асман менен жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Ал-кубаты, кайраты,
Найза жанчып, ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт.

**Меңдибай** – эпизоддук кейипкер, Акымбектин уулу.

Кулдукту кантип урам деп,
Жанына жолдош алганы.
Бооке менен Меңдибай,
Алыбай уулу Жоокени
Алты жүз жамбы арттырып,
Кызматкери кул менен,
Алла деп жолго салганы.

**Музбурчак –** кыргыз уруу кндарынын бири:

Ойротко тизгин бербеген,

Жарагы болот бир кучак.
Буудайык уулу Музбурчак,
Бурулуп буга кабар айт.

**Мурадил** – эпикалык душман баатырларынын бири:

Кыйла кыйын жол басып,
Кырмустун уулу Мурадил.

**Найман** – эпизоддук каарман:

Согорбай, Найман эрени,
Алмамбетти көрө албай,
Ар уруудан элүү беш,
Акылдашты жайма-жай.

**Нескара** – эпикалык душмандардын белгилүү баатырларынын бири:

Кызыл чоктуу Нескара,
Кыйгачтанып турганда.
Кырдуусунган кытайга,
Кайрат менен катуу айт.

**Оронгу** – эпос боюнча эпикалык душман ханшасы, дөө, баатыр аялы:

Каңгайдан келген Ороңгу,
Кытайлардан Коңтөрө,
Кара жалдуу Бороончу,
Каткалаңдан Сайкал бар.

**Ошпур** – Жакыптын койчусу, эпос боюнча кадырлуу адамдардын бири:

Алайда жаткан кыргызга,
Кошуну келип кол салып.
Ошпурдун айлын оңдурбай,
Каяша кылар адам жок.
Карарта чаап алыптыр.
Окчун кыргыз уругу,
Айгай салып куруду.

**Сайкал, Кыз Сайкал** – кейипкер, «Манас» эпосундагы көөнө образдардын бири:

Каткалаңдын Сайкалы,
Катарынан калбастан,
Бул да түшүп калганы.
Кошуну он беш миң болуп,
Ал күнү алар жай алып.
Тыным алып жатканда,
Эртеси таң атканда.
Бу дагы түшүп калганы.

**Суркан** – эпизоддук каарман:

Калмактын Суркан карысы,
Отурган элдин баарысы.
Калмактан түшсө сайышка,
Кылымда жакшы эмес го,
Кытайдын түшпөй калышы.

**Сукан** – жомоктук элдин дөөсү,

Калмактан Сукал баш болуп.
Ороңгу менен Жолойго,
Бозкертик баштап барганы.

**Сатай** – уруу башчыларынын бири, кийин кырк чоронун бири

Сарыгул уулу Сатайы.

**Согорбой** – эпизоддук каарман:

Согорбай, Найман эрени,
Алмамбетти көрө албай.

**Соорондук** – эпикалык душман кандарынын белгилүүлөрүнүн бири, Алманбеттин атасы:

Алмаң туруп ойлонуп,
Соорондуктун ордуна,
Эл кылып кармап алсам деп.

**Султакан** – катарда саналган каармандардын бири:

Анын арка жагынан,
Султанкандын Тазкара.

**Сыргак** – белгилүү чоң баатыр, кырк чоронун бири, өз аты – Бердибек:

Бешинчиси Сыргактын,

Көк казыгы жетиптир.

**Тагылык** – эпизоддук каарман:

Кытайдын кыйын аяры,
Жойчугул менен Тагылык.

**Тазбаймат** – кырк чоронун бири:

Эр Тазбаймат дагы бар.

**Токотой** – кырк чоронун бири:

Токотойдун торусу,
Сегизинчи барыптыр.

**Токтор** – эпизоддук каарман:

Токтор чаян жеткени,
Токтолбой айтып кептерди.
Көргөн соң Токтор чаянды,
Алмамбеттин жүрөгү,
Алып учуп дегдеди,
Асты тынчтык бербеди.

**Толтой** – Багыштын уулу, «Семетей» эпосундагы каармандардын бири:

Чыйраша менин калаам деп,
Чын эрмегим караш деп.
Толтоюмду ээрчитип,
Токтолбой ашка барам деп.
Барбасам болор жаман деп,
Көңкү жакшы жыйылар,
Көрүп калсын балам деп.

**Тоорулчу** – кырк чоронун бири. Кырк чоро саналганда, дайыма Кайгыл, Бөгөлдөр менен катар аты аталат.

Желгенине жел жетпей,
Тоорулчунун Тору аты,
Онунчу болуп киргени.

**Торум кыз –** атактуу уз кыз. С.Орозбаковдун вариантында: «Кереге уук сырдалуу, Чийи жибек чырмалуу Аземдүү жибек боо тактырган, Акманат менен жаптырган « – делсе, Каба Атабековдун вариантында Токум кыз делип:

Токум кыздын Жаркызыл,
Он төрт болуп илинди.

**Төртай** – кырк чоронун бири

Дөрбөңдөрдөн Төртай бар.

**Төштүк** (түрк, төс – рух, төштүк – рухтуу) – «Манастагы» көөнө образдардын бири, уруу башчысы, баатыр:

Элемандын Төштүк бар.

**Ушаң** – эпос боюнча калмак баатыры:

Кара калмак манжуга,
Миң сандаган колу бар.
Жолой менен Жайкара,
Карагул менен Ушаң бар.
Ошону көздөй шыдыр бар.

**Үрүстөм** – легендардык баатыр:

Таралып аккан суусу бар,
Туу чокунун кырында,
Жыты жыпар жыттанат.
Садагаң кетип калайын,
Касиеттүү жер экен.
Азиретаалы шер чыккан,
Үрүстөм Дастан эр чыккан,
Амир Темир шер чыккан,
Эс ала турган жер экен.

**Үйшүн** – катарда саналуучу каармандардын бири:

Алчын , Үйшүн, Түнтөй бар.
Шаабек – кырк чоронун бири:
Абактардын Шаабеги,

**Үмөт** – кырк чоронун бири:

Кичи жүздүн Үмөтү,
Алакең келе электе,
Алардын бирге ирээти.

**Үндүчак** – эпос боюнча дөбөт элинин каны:

Бирөөнүн каны Үндүчак.
Абалын аңдап ойлосун,

Келбей калса бул ашка,
Түпкү жайын ойлосун.

**Үрбү** – белгилүү баатырлардын бири, кыпчактардын каны:

Анын арка жагынан,
Эки-Кемин жайлаган,
Эр Үрбү келип калганы.
Эгиз кара ат байлаган,
Тилди жүйрүк сүйлөгөн,
Ашык сөз айтса сүйбөгөн.

**Чабала** – кейипкер, Какан шаарынын башчысы (Дуу-ду):

Көөдөнгө дуу-дуу кошулуп,
Чабала чаап жетиптир.
Кулду кудай берди деп,
Куткарбасмын сени деп.

**Чагырай** – сынчы, Алоокенин уулу:

Алооке кандын Чагырай,
Өзү сынчы капырай.

**Чатаңайыш** – эпос боюнча бараң элинин каны:

Шордун бурчу арал дейт,
Андан өтүп алганда,
Бадаң деген уруу бар.
Бул бадаңды бийлеген,
Чатанаш деген каны бар.

**Чегиш** – эпос боюнча уруу башчыларынын бири, каңгылардын баатыры:

Чегиштин аты Сарала,
Агыштын аты Карала,
Көчпөстүн аты Чабдары.

**Чечендер** – эпизоддук каарман:

Чечендер атуу балбанын,
Өлбөгөн жерде калгын деп.
Алакандай кыргызга,
Алааматты салгын деп.

**Чоюналп** – эпос боюнча даңгыт элинин чоңу:

Даңгыт деген эл болот,
Жайнаган кыйын эл болот,
Чоюн алп деген алпы бар.
Жан көрүнбөйт көзүнө,
Тактап айткын өзүнө.

**Чубак** – белгилүү чоң баатыр, кырк чоронун бири:

Жетинчиси Чубактын,
Көк текеси барыптыр.

**Чылаба** – Коңурбайдын түпкү аталарынын бири:

Айнектей болгон ак талаа,
Түпкү атам өткөн Чылаба.

**Чыноончук** – эпос боюнча дөбөт элинин баатыры:

Күн батыш жаккы каапырдан,
Чыноончук Дөбөт чыкканы.
Тула бою дүркүрөп,
Чыңоочуң жүрөт күркүрөп.

**Шаңдөөгөр** – эпизоддук каарман:

Шаңдөөгөр чыгып кытайдан,
Түп Бээжиндин журтунан.
Куу чабдарын сойлотуп,
Куландан кыйын ойнотуп.

**Шоорук** – белгилүү кандардын бири, Манастын кайнатасы:

Башы даңдуң тоосуна,
Шоорук кандын калчасы,
Шоодурашып канчасы,
Өзүнчө эркин туруптур.
Теңине албай Манасты,
Шоорукту кудай уруптур.

**Шыгай** – Манастын чоң атасы Ногойдун бир тууганы:

Эгей, Шыгай кой баатыр,
Көкчө жыйып алган го.
Ар иш ойлоп Алмамбет,
Аярланып сактанып.

**Ыраңкөөдөн** (Каба Атабековдун вариантында) – эпизоддук кейипкер, кытайдын аяры:

Ыраңкөөдөн ойлонуп,
Ырас жери бу Манас.
Бизди койбойт деп айтат,
Бет алган колу соо болбойт,
Бээжинди булар соо койбойт.

**Ыраңшоо** – Эпизоддук каарман:

Кытайдын Ыраң мергени,
Мээлеп кармай бергени.

**Ырчы уул** – кырк чоронун бири, өз аты Каратай:

Ырамандын Ырчы уул,
Ычкыры түпөк кырк муундуу.
Тебетейи чоктуу кул,
Айтар оозу шоктуу кул.

## МАЗМУНУ

КАБА АТАБЕКОВ ТӨКМӨ ЖАНА ЖАЗГЫЧ МАНАСЧЫ БОЛГОН.....................3

**МАНАС**

МАНАСТАН КОРУНУП АЛООКЕНИН КЫТАЙГА КАЧЫШЫ .............................8
МАНАС КЫТАЙ КАНЫ ШООРУК КАНГА КОЛ САЛЫШЫ ...............................15
САМАРКАНДДА ШООРУК КАНДЫН ДАЙНЫН УГУП,
АЛООКЕ КАНДЫН АНЖИЯНГА КАЧЫШЫ.........................................................30
АЛМАМБЕТТИН БЭЭЖИНДЕН КАЧКАНЫ .........................................................35
АЛМАМБЕТТИН КӨКЧӨГӨ ЖОЛУККАНЫ..........................................................42
КАЗАК ТУУГАНДАРДЫН КӨКЧӨГӨ КАРАТА БУЗУКУЛУГУ ..........................46
МАНАС БААТЫРДЫН ТҮШ КӨРГӨНҮ .................................................................63
АРСТАН МАНАС КӨРГӨН ТҮШҮН ЖОРУТКАНЫ.
ТОЙ БЕРГЕНИ ...........................................................................................................65
АЙКӨЛ МАНАС КЫРК ЖИГИТИН ЭЭРЧИТИП
САЛБЫРЫНГА ЧЫККАНЫ.......................................................................................69
АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН КӨКЧӨГӨ
ТААРЫНЫП ЖОЛГО ЧЫККАНЫ ..............................................................................73
МАНАС АЛМАМБЕТ КЕЛЕР ЖОЛДУ КАРАП,
АКМАЛАП КАРАП ЖҮРГӨН ЖЕРИ .........................................................................77
МАНАСТЫН АЛМАМБЕТТИН КЕЛГЕНИНЕ
ЖЕТИНЕ АЛБАЙ ТОЙ БЕРГЕНИ................................................................................96
ЖАКЫП ЖАНЫНА ЖОЛДОШ – КОШЧУ АЛЫП
КЫЙБА ШААРЫНА КЫЗ ИЗДЕП БАРГАНЫ .......................................................103
МАНАСТЫН КҮЙӨӨЛӨП КЫЙБА ШААРЫНА
АТЕМИРГЕ БАРГАНЫ ............................................................................................126
КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАСЫ БОКМУРУНГА АЙТКАН КЕРЭЭЗИ .......................156
БОКМУРУН ЭЛИНЕ КАБАР САЛГАНЫ.
АТАСЫ КӨКӨТӨЙДҮ КОЙГОНУ ...........................................................................165
КӨКӨТӨЙДҮН БАЛАСЫ БОКМУРУН АТАМА КАЙСЫЛ ЖЕРГЕ
АШ БЕРЕМ ДЕП ЭЛИНЕ КЕҢЕШ КЫЛГАН ЖЕРИ ............................................176
ЖАЙНАКТЫН УУЛУ АЙДАРДЫ ЭЛ ЧАКЫРТКАНЫ .......................................178
КӨКӨТӨЙ АШЫНА ЭЛДИН КЕЛИП ТҮШКӨНҮ ...............................................187
БЕРСЕҢ ДАГЫ БЕРЕСИҢ, БЕРБЕСЕҢ БИРДИ КӨРӨСҮҢ ДЕП,
КОҢУРБАЙ МААНИКЕРДИ БОКМУРУНДАН СУРАГАНЫ.............................200
АТТАРГА САЙЫЛГАН БАЙГЕНИ УГУЗГАНЫ,
АТТАРДЫ ЧУБАТУУГА САЛГАНЫ .....................................................................207
ЖАМБЫ АТКАНЫ ....................................................................................................216
КОШОЙ МЕНЕН ЖОЛОЙДУН КҮРӨШКӨНҮ ......................................................222

КӨКӨТӨЙДҮН АШЫНДА МАНАС МЕНЕН
КОҢУРБАЙДЫН САЙЫШЫ ........................................ 248
ЭР ЭҢИШ ........................................ 255
ЧАБЫЛГАН АТТАРДЫН КЕЛИШИ ........................................ 257
КЫТАЙ, КАЛМАК БИРИГИП БАЙГЕГЕ ЗОРДУК КЫЛЫП,
УРУШ ЧЫГАРГАНЫ ........................................ 263
ЖЕДИГЕРДИН ЭЛИ КУРАЛЫП МАНАСКА КАРШЫ ЧЫККАН ЖЕРИ .......... 274
ЭЛЧИЛЕРДИН МАНАСКА БАРЫШЫ ........................................ 280
ЖЕДИГЕРДИН ЭЛИНЕН ЖЕТИ КАНДЫН
МАНАС БААТЫРГА ЖОЛУККАНЫ ........................................ 290
МАНАС БААТЫР ЖАЙЫТТАГЫ ЖЫЛКЫНЫ
КӨП КОШУУНГА ТАРАТКАНЫ ........................................ 306
ЖЕР ЧАЙПАЛГАН КАЛЫҢ КОЛДУН
БЭЭЖИНГЕ ЖӨНӨГӨНҮ ........................................ 308
КАНЫКЕЙДИН КЫРК ЧОРОГО КИЙИМ ЖАСАГАНЫ ........................................ 313
АЛМАМБЕТТИ КАН КӨТӨРГӨНҮ ........................................ 316
БЭЭЖИНДИ КӨЗДӨЙ БЕТ АЛЫП,
КЫРК ЭКИ ИЛЕК КАЛЫҢ КОЛ БАРА ЖАТКАНЫ ........................................ 323
АЛМАМБЕТ АЛТЫ КАНГА БАРЫП КОЛ ЭСЕБИН АЛГАНЫ.
УЛАККАНДЫН СЫРГАГЫН ЭЭРЧИТИП ЧАЛГЫНГА ЧЫГЫШЫ ................. 341
МАКЕЛ МАЛГУН ДӨӨНҮН АЛМАМБЕТТЕН ӨЛҮШҮ ........................................ 365
АЛМАМБЕТ МЕНЕН СЫРГАКТЫН ЧАЛГЫНГА ЧЫГЫШЫ ........................ 377
АЛМАМБЕТ ЖЕР-СУУНУ КӨРҮП АРМАН КЫЛГАНЫ ........................................ 386
АЛМАМБЕТ БААТЫРДЫН КАРАГУЛГА ЖОЛУККАНЫ ........................................ 388
КОҢУРБАЙ ЖЫЛКЫНЫ АЛЫП КЕТКЕНДИ БИЛИП
КАЙНАГАН КОЛ МЕНЕН КЕЛГЕНИ ........................................ 393
МАНАСЧЫ КАБА АТАБЕКОВДУН «МАНАС» ЭПОСУНУН
ВАРИАНТЫ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ-КӨӨНӨ СӨЗДӨРДӨН
ТҮЗҮЛГӨН СӨЗДҮК ........................................ 421
КАБА АТАБЕКОВДУН ВАРИАНТЫНДАГЫ «МАНАС» ЭПОСУНДА
ЖОЛУККАН АДАМ АТТАРЫ ........................................ 437

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясы**

# КАБА АТАБЕКОВ
# МАНАС

Түзгөн
*Мурат САДЫРОВ*
Тех. редактору *Н. Тилекматова*
Корректору М.Садыров
*Компьютерде терген* Р.Мээрканова
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.10.2018-ж. берилди.
Басууга 10.12.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^{1}/_{16}$
Көлөмү 28,75 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

---

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51